# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) БАЯНДАМАСЫ

## 2019-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫНЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИНИН САКТАЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
АКЫЙКАТЧЫСЫ

БУК 30 жыл
БАЛДАР УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯ



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫ

# 2019-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө

# Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы

Бишкек-2020

Баяндама “Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” 2002-жыл 31-июлундагы №136 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык даярдалды.

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппараты тарабынан даярдалды. Аны даярдоого адам укуктары боюнча эксперт Дмитрий Кабак (kabak.dmitry@gmail.com) көмөк көрсөттү.

Улуу Британия
Элчилиги
Бишкек

PENAL REFORM INTERNATIONAL

Баяндаманы которуу жана эксперттик колдоо иштери Кыргызстандагы Улуу Британия Элчилигинин каржылык колдоосундагы “Кыргызстанда кыйноолор жана катаал, адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлаган мамилеге жана жазалоолорго каршы күрөшүүдө мамлекеттик жана жарандык коомдун аракетин колдоо” долбоорунун алкактарында, Эл аралык «Penal Reform International (PRI)” (Эл аралык абак реформасы) уюмунун Борбордук Азиядагы өкүлчүлүгү тарабынан ишке ашырылды.

Бул жарыялама «Penal Reform International (PRI)” уюмунун Борбордук Азиядагы аймактык өкүлчүлүгүнүн жана донордук уюмдун көз карашын чагылдырбайт.

Мазмуну үчүн авторлор жооптуу.

ООН
Миростроительство

UNDP
Полноправные люди.
Устойчивые страны.

Баяндаманын дизайны жана басып чыгаруу Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасы тарабынан колдоого алынды.

Басылмада берилген ойлор Бириккен Улуттар Уюмунун, Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасынын, алардын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрүнүн көз караштарын чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын, же алардын чек араларынын укуктук статусуна тиешелүү көз караштарды чагылдырбайт.

## МАЗМУНУ

**КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ** ........ 5

**КИРИШҮҮ** ........ 7

**1-БӨЛҮМ.** Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) жана анын аппаратынын 2019-жылдагы ишинин негизги багыттары ........ 10

1.1. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) 2019-жылы келип түшкөн арыздардын саны жана мүнөзү ........ 10

1.2. КР Акыйкатчы аппаратынын алдында аракеттенген “115 шыр байланыш” кызматына 2019-жылдын ичиндеги кайрылуулар тууралуу маалымат ........ 26

1.3. Адам укуктары жаатындагы эл аралык механизмдердин алкактарында Кыргыз Республикасынын милдеттенмелери ........ 32

1.4. Адамдын жана жарандын укуктарын коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү ........ 34

1.5. Кыргыз Респрубликасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) 2019-жылдагы Көңүл буруу актылары ........ 48

1.6. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) 2018-жыл үчүн Жылдык баяндамасынын сунуштамаларынын аткарылышы тууралуу ........ 73

**2-БӨЛҮМ.** Социалдык, экономикалык жана маданий укуктар ........ 76

2.1. Жарандардын эмгек укуктарынын сакталышы ........ 76

2.2. Жарандардын жеткиликтүү турак-жайга болгон укуктары. Коомдук жана мамлекеттик муктаждыктар үчүн турак-жайды алып коюуда жарандардын укуктарынын сакталышы ........ 82

**3-БӨЛҮМ.** Аялдардын жана балдардын укуктары ........ 90

3.1. Кыргыз Республикасында аялдарга карата зордук-зомбулук маселелери ........ 90

3.2. Кыргыз Республикасында балдарга карата зордук-зомбулук маселелери ........ 101

**4-БӨЛҮМ.** Жарандык жана саясий укуктар ........ 107

4.1. Чет өлкөлөрдөгү эмгек мигранттарынын укуктары ........ 107

4.2. Аскер кызматкерлерине кирген адамдардын укуктары ........ 124

4.3. Дин тутуу эркиндигине укук (дин жана ынаным) ........ 131

4.4. Сириянын лагерлеринде жана Ирактын түрмөлөрүндө турган Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктары ........ 135

4.5. Кыргыз Республикасында тынч чогулуштарга эркиндик укугун камсыз кылуунун абалы ........ 137

**5-БӨЛҮМ.** Адилеттүү соттук териштирүүлөргө укук ........ 144

5.1. Жарандардын акыйкат соттук териштирүүгө болгон укук бузууларга карата даттануулары ........ 146

5.2. Кыргыз Республикасынын тергөө судьясы тарабынан бөгөт коюу чараларын тандоодо сот отурумунун айкындуулугу жана ачыктыгы ... 153

5.3. Укук коргоо органдарынын кызмат адамдарынын мыйзамсыз жазыктык куугунтуктоо үчүн жоопкерчиликтери ........ 159

**6-БӨЛҮМ.** Эркинен ажыратуу жана эркиндигин чектөө жайларындагы адамдардын укуктары ........ 162
6.1. Эркинен ажыратуу жайларында медициналык жардам көрсөтүү сапатынын улуттук стандарттарынын сакталышы ........ 162
6.2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын эркектердин түзөтүү колонияларында ден соолугун коргоо укуктарын сактоо ........ 173
6.3. Кыйноолор боюнча алдын-ала баруулар ........ 181
6.4. Прокуратура жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин мыйзамсыз иш-аракеттерине байланыштуу жарандардын даттануулары ........ 187
**7-БӨЛҮМ.** Психиатриялык бейтапканаларда жаткан жарандардын укуктары ........ 193
7.1. Психиатриялык мекемелерде жаткан жарандардын укуктарынын сакталышы ........ 193
7.2. Калктын психикалык саламаттыгын коргоо боюнча мамлекеттик программа ........ 199
7.3. Бейтаптын өзүнчө жана обочо болуу укугу ........ 200
**БАЯНДАМАГА ТИРКЕМЕЛЕР** ........ 204
**1-тиркеме.** 2019-жылы адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузган жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) сунуштамалары менен эсептешпеген, өз милдетин талаптагыдай аткарбаган мамлекеттик органдардын, ишкана, мекемелердин жана уюмдардын кызмат адамдарынын тизмеси ........ 204
**2-тиркеме.** Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) наамына 2019-жылдын 31-декабрына карата келип түшкөн кайрылуулар тууралуу санариптик отчет ........ 218
**3-тиркеме.** 2019-жылы бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы боюнча отчет ........ 219
**4-тиркеме.** Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) 2018-жыл үчүн Жылдык баяндамасы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын 18-сентябрындагы № 3244-VI токтомунун аткарылышы тууралуу ........ 220
**5-тиркеме.** КР Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) КР мыйзамдарын өркүндөтүү жаатындагы ишмердиги боюнча салыштырма таблица ... 283

## КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **БУУ** | Бириккен улуттар уюму |
| **БУУӨП** | Бириккен улуттар уюмунун өнүктүрүү программасы |
| **БжК** | Бузуулар жөнүндө кодекси |
| **ДИМК** | Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия |
| **ДМЧА** | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар |
| **ДПМ** | Дарылоочу психиатриялык мекемелер |
| **ЕАЭБ** | Евразиялык  экономикалык бирлик |
| **ЖАМК** | Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы |
| **ЖжК** | Жоруктар жөнүндө кодекс |
| **ЖК** | Жазык кодекси |
| **ЖКДБ** | Жакаба күбөлөрү диний борбору |
| **ЖӨБ** | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| **ЖПК** | Жазык-процесстик кодекси |
| **ЖСУЭП** | Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты |
| **ЖУУКБ** | Жашы жетпеген укук бузуучуларды убактылуу кармоочу борборлор |
| **ИИБ** | Ички иштер башкармалыгы |
| **ИИББ** | Ички иштер башкы башкармалыгы |
| **ИИМ** | Ички иштер министрлиги |
| **КИМК** | Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети |
| **КЖБР** | Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри |
| **КР ЖК** | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши |
| **КР** | Кыргыз  Республикасы |
| **КБ** | Коомдук бирикме |
| **КМШ** | Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги |
| **КФ** | Коомдук фонд |
| **КЭУ** | Коммерциялык эмес уюм |
| **ММК** | Массалык маалымат каражаттары |
| **ММКФ** | Милдеттүү медициналык камсыздоо фонду |
| **ӨКМ** | Өзгөчө кырдаалдар министрлиги |
| **ӨЭА** | Өмүр бою эркинен ажыратылган |
| **ПСБ** | Психиатриялык саламаттык борбору |
| **РИИБ** | Райондук ички иштер башкармалыгы |

| | |
|---|---|
| **РПО** | Республикалык психиатриялык оорукана |
| **РПСБ** | Республикалык психикалык саламаттык борбору |
| **РБПО** | Республикалык балдар психиатриялык ооруканасы |
| **САКБ** | Сот аткаруучулар кызматы бөлүмү |
| **СДМ** | Социалдык дарылоо мекемеси |
| **СМБ** | Стационардык медициналык борбор |
| **ССМ** | Стационардык социалдык мекеме |
| **СУИБ** | Саясий укуктук изилдөөлөр борбору |
| **ТИЗО** | Тергөө изолятору |
| **ТИМ** | Тышкы иштер министрлиги |
| **ТК** | Түзөтүү колониясы |
| **УКЖ** | Убактылуу кармоо жайы |
| **ҮДБ** | Үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору |
| **ЭСӨМ** | Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги |
| **ЭКЧК** | Эл аралык Кызыл Чырым комитети |
| **ЭЭУ** | Эл аралык эмгек уюму |

# КИРИШҮҮ

Сиздердин назарыңыздарга Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) 2019-жылда Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө жылдык баяндамасы сунушталат.

Акыйкатчы өз ыйгарым укуктарынын алкагында мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасындагы коомдук жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат.

Кыргызстандын чегинен сырткары адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн Акыйкатчы (Омбудсмен) чет мамлекеттердин бийлик органдары менен өз ара аракеттенет. Өткөн 2019-жылы башка өлкөлөрдүн адам укуктарын коргоо боюнча улуттук институттары менен кызматташтыкта бир катар маселелер, мисалы, эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо маселелери чечилди. Андан тышкары, Кыргызстандын Акыйкатчы Институту Омбудсмендерди кесипкөйлүк өнүктүрүүчү жана көз карандысыздыгын илгерилетүүчү Азиянын, Европанын, Евразиянын, Азия-Тынч океан регионунун Омбудсмендеринин ар түрдүү региондук уюмдарынын мүчөсү болуп саналат. Акыйкатчынын аппаратынын кызматкерлери мүмкүнчүлүккө жараша чет өлкөлүк кесиптештеринин биргелешкен иш-чараларына катышышты.

Акыйкатчынын конституциялык ыйгарым укуктарын аткаруу Акыйкатчынын Бишкектеги борбордук аппаратынын кызматкерлери жана Кыргыз Республикасынын ар бир облусунда иштеген региондук өкүлчүлүктөр тарабынан жүзөгө ашырылат. Борбордук аппараттын тармактык бөлүмдөрү региондук өкүлчүлүктөрдүн ишине эксперттик, маалыматтык-техникалык коштоону камсыз кылат.

Акыйкатчынын 2019-жыл үчүн баяндамасында КР Омбудсменине арыз ээлери кайрылган маселелер, ошондой эле бөлүмдөр алардын үстүнөн иштеген же Акыйкатчы жеке өзү көтөргөн темалар чагылдырылды. Кандай гана болбосун мамлекеттик органдын натыйжалуу иштөө мүмкүнчүлүгү зарыл болгон ыйгарым укуктарынын мыйзамдарда бекемделишине жараша болот. Адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана илгерилетүү да зарыл укуктук камсыз кылууга муктаж. Ушуга байланыштуу, Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча иштерди жүргүзүүдө.

Ушул баяндаманын ар бир бөлүмү мүмкүнчүлүккө жараша келип түшкөн кайрылуулар жана алардын үстүнөн иштөөнүн натыйжалары тууралуу маалыматтар менен жабдылган. Башка компетенттүү органдар менен өз ара аракеттенүү Акыйкатчынын ишинин өзгөчөлүктөрү болуп саналат. Акыйкатчынын өзү чара көрүү ыйгарым укуктарына ээ эмес, бул башка органдардын, атап айтканда, прокуратуранын компетенциясы. Акыйкатчынын күчү – ачык-айкындуулугунда жана адам укуктарын бузууларды табуу, мамлекеттик органдардын жана кеңири коомчулуктун көңүлүн буруу жана аларды четтетүү боюнча чараларды көрүүгө көмөктөшүү боюнча системалуу иштерде турат.

Акыйкатчынын адам укуктары жаатындагы бир катар демилгелери улуттук жана эл аралык өнөктөштөр менен кызматташуунун аркасында мүмкүн болду. Кыргыз

Республикасынын БУУ органдары менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүүсү, баяндамада улуттук баяндамаларды БУУга берүү жөнүндө маалыматтар чагылдырылган. Акыйкатчы ошондой эле КР тарабынан тиешелүү баяндамаларды берүү боюнча карыздарды кыскартуу үчүн күч жумшады.

2019-жылы донорлордун колдоосунда Акыйкатчынын борбордук офисинин имаратында конференц-зал ачылды, ал адам укуктары боюнча биргелешкен иш-чаралар үчүн аянтча болуп калды. Конференц-зал – кошумча колдоону талап кылган адам укуктары боюнча Окуу Борборун ишке киргизүү идеясынын бир бөлүгү.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) расмий сайтынын (www.ombudsman.kg) контентин толуктоо боюнча иш туруктуу негизде жүргүзүлөт. Сайтта Акыйкатчы аппаратынын бардык түзүмдүк бөлүмдөрү жана облустардагы региондук өкүлчүлүктөрү тууралуу маалымат камтылган. Ыкчам (өз убагында) маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарына жана жалпы окурмандарга берүү бул ресурстун негизги милдети болуп саналат. Сайттан Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын билдирүүлөрү, чыгып сүйлөгөн сөздөрү, жолугушуулары жана башка иш-чаралар тууралуу материалдарды, фото-көрмө материалдарды табууга болот.

2019-жылдын 31-декабрына карата Акыйкатчынын (Омбудсмендин) сайтында жарыяланган материалдардын саны - 1460, алардын басымдуу бөлүгү (1000ден ашууну) эки тилде (мамлекеттик жана расмий тилдерде) жарыяланган.

Сайттагы Интернет кабылдама бөлүгү аркылуу түшүүчү арыздардын саны көбөйүүдө. Негизинен байланыштын бул түрү аркылуу жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө жүргөн эмгек мигранттары жана Акыйкатчынын чет өлкөлөрдөгү кесиптештери кайрылышат. Сайттын окурмандарынын саны күн сайын өсүүдө, 2018-жылга салыштырганда 2019-жылы сайттын окурмандарынын саны 1,5 эсеге өстү

"Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын 11-2-статьясына ылайык, "Омбудсмен (Акыйкатчы) адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө, аларды коргоонун методдору жана формалары жөнүндө маалыматтарды мезгилдүү басма сөздө жарыялоого, адам укуктары жөнүндө өзүнүн дагы башка басылмаларына ээ болууга укуктуу.".

2006-жылы эле ведомстволук "Акыйкатчы (Омбудсмен)" гезити уюшулган болучу. Бирок соңку үч жылда гезит чыгарууга каражаттын жоктугунан улам, бир да саны жарык көргөн жок. Калктын кеңири катмарына расмий маалыматты жеткирүүнүн зарылдыгын эске алуу менен КР Акыйкатчысынын басма сөз кызматы тарабынан долбоордук билдирме даярдалып, эл аралык уюмдарга жөнөтүлгөн. Ал БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын Борбордук Азия үчүн аймактык бөлүмү тарабынан колдоого ээ болду. Натыйжада, «Акыйкатчы (Омбудсмен)» гезитинин 4 саны 2 миң нускадан жарык көрдү.

Акыйкатчынын гезити калкты укуктук жактан агартууда маанилүү ролго ээ экени маалым. Чыгарылган 4 сандын ичинде өзгөчө орун газетанын № 2 санына таандык.

Анда КР Акыйкатчысынын 2018-жылга баяндамасын угуунун негизинде КР Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган 2019-жылдын 25-сентябрындагы токтому жарык көргөн. Ал эми гезиттин төртүнчү санында Адам укуктарынын жалпы декларациясынын тексттери эки тилде жарыяланган. Мындан тышкары, анын беттеринде "Өз укугуңду бил", "Акыйкатчынын почтасынан", "Акыйкатчынын региондук өкүлчүлүктөрүндө", "Акыйкатчы аракетте", "Кооптуу сигнал" ж.б. рубрикалардын алдында Акыйкатчы институтунун ишинин негизги багыттарын ачык-айкын, жеткиликтүү чагылдырган көптөгөн материалдар жарыяланган.

Басылма республиканын бардык облустарында Акыйкатчынын региондук өкүлчүлүктөрү аркылуу таратылган, ошондой эле ар кандай жолугушууларда, жабык мекемелерге иш сапарлардын учурунда да таратылып берилди.

Акыйкатчынын борбордук аппаратына Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү 120 (Чүй проспекти менен кесилишкен жерде) дарегине, www.ombudsman.kg сайты аркылуу же ombudsman@inbox.ru электрондук дареги, тел. +996 (312) 663280 (канцелярия), факс +996 (312) 663332; 663147, 663273 (басма-сөз кызматы) аркылуу ар бир адам кайрыла алаарын эске салабыз.

# 1- БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) ЖАНА АНЫН АППАРАТЫНЫН 2019-ЖЫЛДАГЫ ИШИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

## 1.1.КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНА (ОМБУДСМЕНИНЕ) 2019-ЖЫЛЫ КЕЛИП ТҮШКӨН АРЫЗДАРДЫН САНЫ ЖАНА МҮНӨЗҮ

**Ар ким мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга укуктуу, алар ага мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрдө негиздүү жооп берүүгө милдеттүү[1].**

КР Акыйкатчысынын (Омбудсмендин) ишинин негизги багыты - адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулганы тууралуусындагы жарандардын кайрылууларын карап чыгуу, фактыларды текшерүү, укуктары бузулган учурларда аларды калыбына келтирүү болуп саналат.

«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Омбудсмен (Акыйкатчы) Кыргыз Республикасынын жарандарынын, Кыргыз Республикасында жүрүшкөн чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын же болбосо алардын өкүлдөрүнүн, өкмөттүк эмес уюмдардын мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын, кызмат адамдарынын, мамлекеттик кызматчылардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимдер жана макулдашуулар менен белгиленген адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузуп жатышкан чечимдерине же аракеттерине (аракетсиздигине) тиешелүү болгон арыздарды жана даттанууларды карайт.

Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча да кодуланбоого тийиш. Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат[2]. Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жарандар жана

1 КР Конституциясынын 41-беренеси http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913


2 КР Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгү

жарандыгы жок адамдар, мыйзамда же Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимде белгиленгенден башка учурларда Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укуктардан пайдаланат жана милдеттерди аткарат.[1]

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) (мындан ары- Акыйкатчы) өз ишмердүүлүгүн ошондой эле адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушу тууралуу Жогорку Кеңешинин депутаттарынын кайрылууларынан алынган маалыматтардын негизинде же өзүнүн жеке демилгеси менен жүзөгө ашырат[2].

2019-жылы республиканын жарандарынан жана чет өлкөлүк жарандардан Акыйкатчынын наамына жазуу жүзүндө **3923** кайрылуу, алардын ичинен 2 595 (66,1%) – Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын Борбордук аппаратына келип түшкөн, бул өткөн жылдын (3237) ушул мезгилине салыштырганда 686 кайрылууга көп. Алардын ичинде 220 (5,6%) – жамааттык, 1784ү адамдар тарабынан кол коюлган кайрылуулар. Ошондой эле, 5441 адам тиешелүү оозеки түшүндүрмөлөрдү, маселени чечүү үчүн кайсы органга кайрылуу боюнча юридикалык кеп-кеңештерди, сунуштамаларды алышкан. 2019-жылы кайрылган жарандардын жалпы саны **11 148** адамды түздү.

1.1.1-ДИАГРАММА.
2015-2019-ЖЫЛДАРДА КР АКЫЙКАТЧЫСЫНА (ОМБУДСМЕНИНЕ) КАЙРЫЛУУЛАРДЫН САНЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР




1 КР Конституциясынын 19-беренесинин 1-бөлүгү

2 «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-абзацы http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1093.

## 1.1.1-ТАБЛИЦА. 2019-ЖЫЛЫ КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН БОРБОРДУК АППАРАТЫНА ЖАНА АНЫН РЕГИОНДУК ӨКҮЛЧҮЛҮКТӨРҮНӨ КАЙРЫЛУУЛАРДЫН САНЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР


| Аталышы | 2019-жылы кат жүзүндөгү кайрылуулардын жалпы саны | 2019-жылдын 31-декабрына карата аткарылган жана көзөмөлдөн алынган кайрылуулардын саны | % менен | Арыз ээсинин пайдасына чечилген | аткарылган-дардын ичинен % менен |
|---|---|---|---|---|---|
| Борбордук аппарат, Бишкек ш. | 2595 | 2214 | 85,3 | 164 | 2,6 |
| Чүй областы | 352 | 323 | 91,8 | 51 | 15,8 |
| Ысык-Көл областы | 246 | 244 | 99,2 | 71 | 29,1 |
| Ош областы | 300 | 292 | 97,3 | 66 | 22,6 |
| Жалал-Абад областы | 105 | 102 | 97,1 | 16 | 15,7 |
| Нарын областы | 152 | 146 | 96,1 | 62 | 42,5 |
| Баткен областы | 100 | 99 | 99,0 | 3 | 3,0 |
| Талас областы | 73 | 60 | 82,2 | 12 | 20,0 |
| **БААРДЫГЫ** | **3923** | **3480** | **88,7** | **445** | **12,8** |

Таблицалардан жана диаграммалардан көрүнүп тургандай, кайрылуулардын көпчүлүк саны - **2 595** (66,2%) Борбордук аппаратка келип түшкөн, региондордон кайрылуулар областтар боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү: Чүй областы - 352 (8,9%), Ош областы жана Ош ш. - 300 (7 64%), Ысык-Көл областы - 246 (6.27%), Нарын областы - 152 (3,87%), Жалал-Абад областы - 105 (2,67%), Баткен областы - 100 (2.54%) жана Талас областы - 73 (1.86%).

Келип түшкөн 3 923 кайрылуунун ичинен 3 480 (88,7%) аткарылды (көзөмөлдөн чыгарылды), алардын ичинен 445и (12,8%ы) арыз берүүчүлөрдүн пайдасына оң чечилди. 2019-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана анын региондук өкүлчүлүктөрүнүн кароосунда негизинен 2019-жылдын акыркы күндөрүндө келип түшкөн 443 жазуу жүзүндөгү кайрылуу болгон, алар 2020-жылда каралууга өттү.


Кайрылуулар жана даттануулар мамлекеттик жана расмий тилдерде келип түшөт. Мыйзамга ылайык, жооп кайрылган тилде аткарылат. Кайрылуулардын көпчүлүгү 3 790 (96,7%), өлкөнүн аймагынан жана 133ү (3,3%ы) - чет өлкөлөрдөн келген.

### 1.1.2-ДИАГРАММА. 2019-ЖЫЛЫ АКЫЙКАТЧЫНЫН БОРБОРДУК АППАРАТЫНА ЖАНА АНЫН РЕГИОНДУК ӨКҮЛЧҮЛҮКТӨРҮНӨ КАЙРЫЛУУЛАРДЫН КЕЛИП ТҮШҮҮ ДИНАМИКАСЫ




Акыйкатчыга кайрылган 3923 адамдын ичинен: – 1 677 (42,7%) – айыл жергесинин тургундары; 1 768 (45%) – шаарлардын тургундары; 262 (6,7%) – эркиндигинен ажыратылган жайлардан; 83 (2,3%) – жашаган жеринин дареги көрсөтүлбөгөндөр; 133 (3,3%) – чет өлкөлүктөр.

### 1.1.3-ДИАГРАММА. 2019-ЖЫЛЫ АРЫЗ БЕРҮҮЧҮЛӨРДҮ ГЕОГРАФИЯЛЫК БӨЛҮШТҮРҮҮ



### 1.1.2-ТАБЛИЦА. КАЙРЫЛУУ ЭЭЛЕРИНИН ЖЫНЫСКА ТИЕШЕЛҮҮЛҮГҮ БОЮНЧА МААЛЫМАТТАР

| | Регион | Аялдар | Эркектер | Баардыгы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Борбордук аппарат | 1715 | 880 | 2595 |
| 2 | Баткен областы | 44 | 56 | 100 |
| 3 | Жалал-Абад областы | 51 | 54 | 105 |
| 4 | Ысык-Көл областы | 124 | 122 | 246 |
| 5 | Нарын областы | 71 | 81 | 152 |
| 6 | Ош областы | 150 | 150 | 300 |
| 7 | Талас областы | 35 | 38 | 73 |
| 8 | Чүй областы | 199 | 153 | 352 |
| | **Жыйынтыгы** | **2389** | **1534** | **3923** |


Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына 2019-жылы жазуу жүзүндө арыздар менен кайрылгандардын саны жөнүндө маалыматтар социалдык курамы боюнча кыйла санын (жылдагыдай эле) жумушсуздар - 805 (20,5%) адам түзөөрүн көрсөтөт, андан кийин пенсионерлер - 704 адам (17,9%), эң аз кайрылгандардын санын чет элдик жарандар, ошондой эле студенттер менен мектеп окуучулары түзөт.

### 1.1.3-ТАБЛИЦА. 2019-ЖЫЛЫ СОЦИАЛДЫК ТОПТОРДУН КАЙРЫЛУУЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

| № | 2019-жылы Акыйкатчыга жазуу жүзүндө кайрылган жарандардын социалдык курамы | Кайрылуулардын саны | % |
|---|---|---|---|
| 1. | Пенсионерлер | 704 | 17,9 |
| 2. | Жумушсуздар | 805 | 20,5 |
| 3. | Бюджеттик уюмдардын кызматкерлери | 313 | 7,9 |
| 4. | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар | 116 | 2,9 |
| 5. | Камактагылар, соттолгондор, айыпталгандар | 301 | 7,6 |
| 6. | Адвокаттар | 144 | 3,7 |
| 7. | Саясий партиялардын жана ӨЭУ мүчөлөрү | 133 | 3,4 |
| 8. | Бизнесмендер, ишкерлер | 86 | 2,1 |
| 9. | Фермерлер | 55 | 1,4 |
| 10. | Студенттер жана мектеп окуучулары | 11 | 0,3 |
| 11. | КР ЖКнин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары | 17 | 0,4 |
| 13. | Аскер кызматкерлери | 28 | 0,7 |
| 14. | Чет элдик жана КМШ өлкөлөрүнүн жарандары | 11 | 0,3 |
| 15. | Башкалар | 353 | 9,0 |

| 16. | Такталбагандар (почта жана эл. почта аркылуу алынгандар) | 846 | 22,0 |
|---|---|---|---|
| | **Баардыгы** | **3923** | **100%** |

## 1.1.4-ДИАГРАММА. 2019-ЖЫЛЫ СОЦИАЛДЫК ТОПТОРДУН КАЙРЫЛУУЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР





Жаш курагы боюнча талдоо 2019-жылы Акыйкатчыга кайрылгандардын ичинен эң көпчүлүгүн 51ден 60 жашка чейинки куракттагылар түздү, бул 19,7% түзөт жана 91 жаш курактан жогору жарандар жана 18 жашка жете элек жарандар эң аз санда кайрылышкан, бул боюнча ар бир категория жалпы кайрылгандардын санынан 0,2% түздү.

## 1.1.4-ТАБЛИЦА 2019-ЖЫЛЫ КР АКЫЙКАТЧЫСЫНА АРЫЗДАР МЕНЕН КАЙРЫЛГАН ЖАРАНДАРДЫН ЖАШ КУРАГЫ


| № | Жаш курагы | Кайрылуулардын саны | % |
|---|---|---|---|
| 1 | 18 жашка чейин | 6 | 0,2 |
| 2 | 18-25 | 63 | 1,6 |
| 3 | 26-30 | 199 | 5,1 |
| 4 | 31-40 | 464 | 11,8 |
| 5 | 41-50 | 546 | 13,9 |
| 6 | 51-60 | 774 | 19,7 |
| 7 | 61-65 | 304 | 7,8 |
| 8 | 66-70 | 201 | 5,1 |
| 9 | 71-80 | 131 | 3,3 |
| 10 | 81-90 | 41 | 1,1 |
| 11 | 91 жаштан жогору | 8 | 0,2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 12 | Такталбагандар (кайрылууда жаш курагы көрсөтүлгөн эмес) | 1186 | 30,2 |
| 13 | **Баардыгы** | **3923** | **100%** |

1.1.5-ДИАГРАММА. 2019-ЖЫЛЫ КР АКЫЙКАТЧЫСЫНА АРЫЗДАР МЕНЕН КАЙРЫЛГАН ЖАРАНДАРДЫН ЖАШ КУРАГЫ




1.1.6-ДИАГРАММА. 2015-ЖЫЛДАН ТАРТЫП 2019-ЖЫЛДЫ КОШУП АЛГАНДА КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН НААМЫНА КЕЛИП ТҮШКӨН ЖАЗУУ ЖҮЗҮНДӨГҮ АРЫЗДАРДЫН САНЫНЫН ӨЗГӨРҮҮ ДИНАМИКАСЫ





КР Акыйкатчысынын дарегине жазуу жүзүндөгү кайрылуулар ар кандай ыкмалар менен келип түшөт. 2019-жылы **2 757** (70,2%) кайрылуу Борбордук аппаратка жана анын региондук өкүлчүлүктөрүнө коомдук кабылдама аркылуу жарандар жеке өзүлөрү алып келишкен; **665** (16,9%) - почта боюнча; 30 (0,76%) - факсимилдик байланыш боюнча; **346** (8,91%) - электрондук

почта боюнча жана массалык маалымат каражаттарынан алынган; **42** (1%) - «115 шыр байланышы» боюнча; **83** (2,1%) – мекемелерге келүүдө Акыйкатчы жана анын кызматкерлери тарабынан алынган.

2019-жылы өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда **686 кайрылууга көп болгон**, бул көрсөткүч акыркы 5 жылда эң жогорку көрсөткүч болду.

1.1.7-ДИАГРАММА. КАЙРЫЛУУЛАРДЫ ЖЕТКИРҮҮ ЫКМАЛАРЫ





КР Акыйкатчысынын жарандар менен байланышынын формаларынын бири жеке кабыл алуу болуп саналат. 2019-жылы Акыйкатчы Т.Б. Мамытов мамлекеттик бийлик органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан ар кандай укук бузуулар жөнүндө арыздар менен 635 адамды кабыл алды.

Ар бир кайрылууда арызданууучулар менен жеке кабыл алууда аӊгемелешүүдө кырдаал такталды, укук бузуунун жок же бар экендиги белгиленди, адамдардын бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүү боюнча Акыйкатчынын таасир көрсөтүү чаралары аныкталды.

Кыргыз Республикасы социалдык мамлекет болуп саналгандыктан, турак-жай, жер алууга, сапаттуу саламаттык сактоого, билим берүүгө жана башкаларга болгон жеткиликтүүлүктүн татаалдыгына байланыштуу КР Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнүн жоболорун реалдуу камсыз кылуу жөнүндө маселе бир катар жылдардан бери көтөрүлүп келе жатат.

2019-жылы Акыйкатчынын аппаратынын кызматкерлери арыз берүүчүлөр тарабынан белгиленген көйгөйлөрдү чечүү үчүн ар кандай маселелер боюнча 5 442 оозеки юридикалык консультацияларды бериште, бул жалпы кайрылуулардын 48,8% түзөт.

## 1.1.8-ДИАГРАММА. 2015-ЖЫЛДАН ТАРТЫП 2019-ЖЫЛДЫ КОШУП АЛГАНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН АППАРАТЫНА ЖАРАНДАРДЫН ООЗЕКИ КАЙРЫЛУУЛАРЫНЫН ЖАЛПЫ САНЫНЫН ДИНАМИКАСЫ




Оозеки жана жазуу жүзүндөгү кайрылууларды талдоо көпчүлүк учурларда КР Акыйкатчысы тарабынан кайрылууларды кароо жана укуктук маселелер жана эл аралык жана улуттук мыйзамдардын ченемдери боюнча консультацияларды берүү адамдын жана ар түрдүү чөйрөлөрдөгү жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузуулардын алдын алууга өбөлгө түзгөндүгүн көрсөттү.

## 1.1.5-ТАБЛИЦА. 2019-ЖЫЛЫ КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) НААМЫНА КЕЛИП ТҮШКӨН АРЫЗДАРДА КӨТӨРҮЛГӨН МАСЕЛЕЛЕРДИН ТЕМАТИКАСЫ

| № | Жеке адамдар жана юридикалык жактар тарабынан кайрылууларда көтөрүлгөн маселелердин тизмеги | Кайрылуулардын саны | % менен |
|---|---|---|---|
| 1 | Өкүлдү соттук отурумга жиберүү тууралуу | 1151 | 29,3 |
| 2 | Милиция кызматкерлеринин иш-аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 491 | 12,5 |
| 3 | Сот чечимдерине макул болбогондугу тууралуу | 210 | 5,4 |
| 4 | Сот органдарынын иш-аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 138 | 3,5 |
| 5 | Прокуратура органдарынын кызматкерлеринин иш-аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 125 | 3,2 |
| 6 | Жер участкаларын, турак-үйлөрдү бөлүштүрүү тууралуу | 117 | 3,0 |
| 7 | ЖАМК кызматкерлеринин аракеттерине жана аракетсиздигине даттануулар | 99 | 2,5 |
| 8 | Эмгек укуктарынын бузулушу тууралуу | 92 | 2,3 |
| 9 | Чет элдеги жарандардын укуктарын бузуу тууралуу | 90 | 2,3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10 | Социалдык камсыз кылуу маселелери | 84 | 2,1 |
| 11 | Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин иш аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 68 | 1,7 |
| 12 | Саламаттык сактоо органдарынын компетенциясына кирген маселелер | 58 | 1,5 |
| 13 | Сот органдарынын компетенциясына кирген маселелер | 52 | 1,3 |
| 14 | Билим берүү маселелери | 52 | 1,3 |
| 15 | Балдардын укуктарын бузуу тууралуу | 48 | 1,2 |
| 16 | Кызмат адамдарынын кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануусу жөнүндө | 45 | 1,1 |
| 17 | Саламаттыкты сактоо кызматкерлерине даттануулар | 44 | 1,1 |
| 18 | Кыйноолорду колдонууга даттануулар | 44 | 1,1 |
| 19 | Сот чечимдеринин аткарылбагандыгы тууралуу | 39 | 1,0 |
| 20 | КР Президентинин, КР Өкмөтүнүн, КР Жогорку Кеңешинин Аппаратынын ишинин маселелери | 37 | 0,9 |
| 21 | Паспорт берүү маселелери | 34 | 0,9 |
| 22 | КР УКМК кызматкерлеринин аракеттерине жана аракетсиздигине даттануулар | 29 | 0,7 |
| 23 | Ички иштер органдарынын компетенциясына кирген маселелер | 29 | 0,7 |
| 24 | Үй-бүлөлүк укук (алиментттер жана башка) | 19 | 0,4 |
| 25 | Үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу | 17 | 0,4 |
| 26 | Прокуратура органдарынын карамагына кирген маселелер | 15 | 0,4 |
| 27 | Дин маселелери | 12 | 0,3 |
| 28 | Экстрадициялоо жөнүндө өтүнүчтөр | 11 | 0,3 |
| 29 | ЖАМК компетенциясына кирген маселелер | 8 | 0,2 |
| 30 | Аялдардын укуктарынын бузулуулары жөнүндө | 7 | 0,2 |
| 31 | Аскер кызматкерлеринин укуктарынын бузулуулары жөнүндө | 7 | 0,1 |
| 32 | Керектөөчүлөрдүн укуктарын бузуу | 2 | 0,1 |
| 33 | Башка маселелер | 649 | 17,0 |
| | **Баардыгы** | **3923** | **100%** |

Укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин иш- аракеттерине/аракетсиздигине карата жарандардан келип түшкөн кайрылуулардан көрүнүп тургандай, мамлекет кыргызстандыктардын натыйжалуу, кынтыксыз жана дыкат иликтөө жүргүзүүгө, ошондой эле сот иштерин акыйкат териштирүүгө укуктарын эмес жетиштүү өлчөмдө камсыз кылууда.

Мыйзам КР Акыйкатчысына сот бийлигине карата кандайдыр бир атайын ыйгарым укуктарды бербейт, ошондуктан Омбудсмен соттук процесстердин мо-

ниторингин жүзөгө ашыруудан тышкары, сот адилеттүүлүгүн жүзөгө ашырууга кийлигишүүгө укуксуз. 2019-жылы 387 адам (кайрылуулардын жалпы санынын 9,8%) Акыйкатчыга сот тутумуна даттануулар менен кайрылган.

Ошону менен бирге, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлиги сот бийлигинин көз карандысыздыгын камсыз кылууга тийиш. Акыйкатчы өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында сот системасынын иштөөсүнө карата өз көз карашын билдирүүгө укуктуу. Ошентип, Акыйкатчы адам укуктарына терс таасир этүүсү же бузушу мүмкүн болгон системалык кемчиликтерди азайтууга өбөлгө түзөт.


Мисалы, 3923 жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын жарымынан көбү – 2224ү (56,6%ы) – күч, укук коргоо түзүмдөрүнүн жана сот органдарынын кызматкерлеринин иш-аракеттерине карата даттанууларды түзөт. Мындай тенденция дайыма уланып келет, бирок 2019-жылы күч жана укук коргоо түзүмдөрүнүн кызматкерлеринин иш-аракеттерине карата даттануулардын саны кыйла (4% га) азайганын, ал эми сот органдардын кызматкерлеринин иш аракеттерине карата даттануулар өскөнүн (2% га) белгилей кетүү керек. Укук коргоо органдарынын жана сот органдарынын кызматкерлерине даттанууларды камтыган жарандардын кайрылуулары боюнча маалыматтар 2015-жылдан тартып 2019-жылга чейинки мезгил үчүн төмөнкүдөй таблицада жана диаграммада берилди.

### 1.1.6-ТАБЛИЦА. УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА СОТ ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ДАТТАНУУЛАРДЫ КАМТЫГАН, 2015-2019-ЖЫЛДАРДА КЕЛИП ТҮШКӨН КАЙРЫЛУУЛАР

| № | Кайрылуулардын тематикасы | 2015 | Жалпы санга карата % | 2016 | Жалпы санга карата % | 2017 | Жалпы санга карата % | 2018 | Жалпы санга карата % | 2019 | Жалпы санга карата % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Сот органдарынын маселелери боюнча кайрылуулар:** | **1013** | **40,8** | **1925** | **50,7** | **1390** | **42,9** | **1223** | **37,8** | **1538** | **39,2** |
| | Сот органдарынын кызматкерлеринин иш аракеттерине жана аракетсиздигине | 131 | | 133 | | 129 | | 191 | | 138 | |
| | Соттун чечимдери менен макул болбоого | 68 | | 99 | | 70 | | 117 | | 210 | |
| | Сот чечимдеринин аткарылбоосуна | 35 | | 35 | | 22 | | 39 | | 39 | |
| | Сот процессине катышуу жөнүндө өтүнүч | 779 | | 1658 | | 1169 | | 876 | | 1151 | |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | **Укук коргоо органдарына карата даттануулар:** | **619** | **24,9** | **724** | **19** | **629** | **19,4** | **701** | **21,7** | **686** | **17,4** |
| | Милиция кызматкерлеринин иш аракеттерине/ аракетсиздигине даттануулар | 316 | | 416 | | 387 | | 423 | | 491 | |
| | Кыйноолорго жана башка катаал мамилелерге | 74 | | 70 | | 62 | | 60 | | 44 | |
| | Прокуратура кызматкерлеринин иш аракеттерине/ аракетсиздигине | 170 | | 162 | | 107 | | 133 | | 15 | |
| | КР УКМК кызматкерлеринин иш аракеттерине/ аракетсиздигине | 27 | | 21 | | 24 | | 27 | | 29 | |
| | ЖАМК кызматкерлеринин иш аракеттерине/ аракетсиздигине | 27 | | 46 | | 49 | | 38 | | 99 | |
| | ЖАМК компетенциясында турган маселелер | 5 | | 9 | | | | | | 8 | |
| | **Баардыгы** | **1632** | **65,7** | **2649** | **69,7** | **2019** | **62,3** | **1924** | **59,5** | **2224** | **56,6** |

1.1.9-ДИАГРАММА. УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА СОТ ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ДАТТАНУУЛАРДЫ КАМТЫГАН, 2015-2019-ЖЫЛДАРДА КЕЛИП ТҮШКӨН ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫ



Жарандардын кайрылууларында көтөрүлгөн маселелерди чечүү үчүн КР Акыйкатчысы мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле ар кандай уюмдар менен жигердүү кызматташып келет.

2019-жылы иликтенүүчү кайрылуулар боюнча **6320** корреспонденция уюмдарга жана мекемелерге жиберилген, мисалы:

- Арыз ээлеринин дарегине – 2618;
- Прокуратура органдарына - 679;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына - 94;
- Кыргыз Республикасынын ЖК - 109;
- ИИМ жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө - 396;
- Жогорку сотко жана жергиликтүү сотторго - 202;
- Саламаттык сактоо министрлигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө - 133;
- Билим берүү министрлигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө - 93;
- КР ТИМ - 125;
- КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК - 286;
- Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине - 11;
- КР УКМК - 103,
- Судьялар кеңешине - 10;
- Сот департаментине - 12;
- башка органдарга - 1449.

Ошондой эле Акыйкатчынын региондордогу өкүлчүлүктөрү тарабынан ар кандай мүнөздөгү **4396** кат жөнөтүлгөн.

**6320** документтин ичинен **273** суроо-талап Акыйкатчы сураган маалыматты алуу үчүн кайталап жөнөтүлгөн, ошондон кийин маалыматтар алынган (кайталап жөнөтүлгөн кайрылуулардын тартибинде):

- КР Башкы прокуратурасы - 63
- КР Ички иштер министрлиги - 60
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБО), региондордогу чарбалык уюмдар - 39
- КР Билим берүү жана илим министрлиги - 22
- КР Саламаттык сактоо министрлиги - 20
- КР Сот органдары - 15
- КР Өкмөтү - 12
- КР Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитети - 9
- КР Мамлекеттик техинспекциясы - 7
- КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик каттоо кызматы - 5

- КР Тышкы иштер министрлиги - 3
- Чет мамлекеттердеги адам укуктары боюнча мекемелер - 3
- КР Эсептөө палатасы - 2
- Башкы штаб, Коргоо иштери боюнча башкы штаб (КР КИМК) - 2
- КР Мамлекеттик кадр кызматы - 2
- КР Финансы полициясы - 1
- КР Финансы министрлиги - 1
- КР Айыл чарба министрлиги - 1
- КР Юстиция министрлиги - 1
- КР Мамлекеттик салык кызматы - 1
- Кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук борбор - 1
- КР Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду - 1
- КР Сот департаменти - 1
- КР Экономикалык кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматы - 1

**Жыйынтыгы: 273**

"Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2019-жылы Акыйкатчы тарабынан ар кандай мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына **37** Көңүл буруу актылары жөнөтүлгөн:


1) КР Тартип комиссиясына - 8
2) КР прокуратура органдарына - 18
3) КР ТИМ - 3
4) КР Өкмөтүнө - 2
5) КР Билим берүү жана илим министрлиги - 1
6) КРӨ караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттик - 1
7) КР Сот департаменти - 1
8) Бишкек ш. Мэриясы - 1
9) КР адвокаттар кеңеши - 1
10) КР Мамлекеттик салык кызматы - 1

**Жыйынтыгы: 37**

2019-жылдын аягына карата **14 Көңүл буруу актысы** оң чечилди, **6 Көңүл буруу актысы** кароо процессинде турат жана 2020-жылга өттү. КР Акыйкатчысынын бардык актыларына жана суроо-талаптарына республиканын мамлекеттик органдарынан жооптор алынды.

Андан тышкары, Акыйкатчынын региондук өкүлчүлүктөрү тарабынан мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү деңгээлдеги **57 Көңүл буруу актысы** жиберилген. Баардыгы **94** Көңүл буруу актысы.

### 1.1.10-ДИАГРАММА. 2015-ЖЫЛДАН ТАРТЫП 2019-ЖЫЛДЫ КОШУП АЛГАНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫ ТАРАБЫНАН ЖИБЕРИЛГЕН КӨҢҮЛ БУРУУ АКТЫЛАРЫНЫН ДИНАМИКАСЫ




Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту кызыкдар адамдардын жана уюмдардын активдүү кайрылууларында адам укуктарын коргоого жана илгерилетүүгө чоң даражада көмөк көрсөтө алат.

Акыркы жылдары онлайн кайрылууларынын саны өстү.

Алдын ала аныкталган графикке ылайык **Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы өзү жарандарды ар жуманын шаршембисинде кабыл аларын** белгилеп коюу керек. Бирок көпчүлүк учурларда жарандар КР Акыйкатчысынын кабыл алуусуна республиканын ар кыл булуң-бурчтарынан, Бишкек шаарынан же Чүй облусунан келишет. Маселе КР Акыйкатчысынын ыкчам кийлигишүүсүн талап кылган учурларда жана арыз ээлеринин алыстан келгенин эске алуу менен, КР Акыйкатчысы жарандарды башка күндөрү да графиктен тышкары кабыл алат. Алар боюнча мыйзамда каралган тийиштүү аракеттерди кылат. Ошондай эле арыз ээлеринин арыз-муңуна астейдил мамиле кылуу КР Акыйкатчысынын бүтүндөй аппаратына милдеттендирилген.

Ушул жерде белгилеп коюучу дагы бир жагдай, мамлекеттик кызматкерлердин өз ыйгарым укуктарынан чыкпай, жооптуу жана дыкат көңүл буруу менен кароо милдети укуктук айдыңдын алкактарында гана жүрөт. Бул ар кандай деңгээлдеги атка минердин күндөлүк иши, милдети. Мындай мамиле мамлекеттик органдын жетекчисинин гана эмес, ар бир мамлекеттик кызматкердин түздөн-түз милдети жана жеке жоопкерчилигине кирет. Бул далилдөөнү талап кылбаган чындык болууга тийиш.

Бирок, тилекке каршы, кийинки мезгилде арыз ээлери көпчүлүгү министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилери, облустун жетекчилери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери аларды кабыл албаганына даттанган арыздар көбөйдү. Арыз ээлеринин айтымында, бекитилген график боюнча кабыл алууга келишсе, аларды жетекчилердин орун басарлары, жардамчылары же болбосо катардагы бир кызматкер кабыл алганына даттанышат.

Ушуга байланыштуу КР Акыйкатчысы КР Премьер-министри М. Абылгазиевге кат[1] жиберген, анда "Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын "Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кайрылуулардын маани-маңызы боюнча чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу кызмат адамдары жана жетекчилери жумасына бир жолудан кем эмес жарандарды өздөрү кабыл алууну өткөрүүгө милдеттүү.

Жарандарды кабыл алуу мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайтында жарыяланган же мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын имаратынын кереге гезиттеринде жайгаштырылган жарандарды кабыл алуу графигине ылайык жүргүзүлөт" деген талаптарын тыкыр сактоого чакырган[2].

КР Өкмөтүнүн аппаратынан алынган жоопто[3], белгиленгендей, "Буга чейинки берилген тапшырмаларга (№27-907 16.03.2016., №27-1236 20.04.2016-ж.) ылайык, мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ар квартал сайын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына жарандардын кайрылууларынын каралганы жана кабыл алуулар боюнча маалыматтар берилип турат" - деп жазылган. Ал эми кийинки жоопто[4] маалымдалгандай, "...жарандардын кайрылууларын кароо ишин жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 15-январындагы №6-б буйругу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын канцелярия бөлүмүндө жарандардын кайрылууларын кароо сектору түзүлдү".

КР Акыйкатчысы Кыргыз Республикасынын бардык министрликтеринин жана ведомстволорунун жетекчилерин Кыргызстандын бардык ченемдик-укуктук актыларынын талаптарын, анын ичинде, "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын ченемдерин кыйшаюсуз аткарууга чакырат.

1 Чыг. №06-4450, 21.10.2019-ж.

2 "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" КР мыйзамынын 7-беренеси, 1, 2-п.

3 Чыг. №13-47429, 13.12.2019-ж.

4 Чыг. №13-47329, 31.01.2020-ж.

## 1.2. КР АКЫЙКАТЧЫ АППАРАТЫНЫН АЛДЫНДА АРАКЕТТЕНГЕН "115 ШЫР БАЙЛАНЫШ" КЫЗМАТЫНА 2019-ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕГИ КАЙРЫЛУУЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

"115 Шыр байланыш" кызматы (115 кыска номери) КР Акыйкатчы аппаратынын алдында 2015-жылдан тартып Эл аралык Түрмө реформасы уюмунун Борбордук Азиядагы Өкүлчүлүгү жана Улуу Британиянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин колдоосунда иш жүргүзүп келет.

Кызматтын компетенциясына адамдардын, ошондой эле эркиндиги чектелген жайлардагы (УКЖ, ТИЗО, балдар үйлөрү, психиатриялык жайлар, түзөтүү колониялары, тарбиялоо колониялары, балдар үчүн атайын мектептер жана карылар үйлөрү) адамдардын укуктарынын бузулушуна тиешелүү маселелер кирет.

"Шыр байланышка" чалуулар Кыргызстандын кандай гана болбосун аймактарынан стационардык жана уюлдук телефондордон акысыз кабыл алынат. Чалууларды кабыл алууну нөөмөттүк графикке ылайык операторлор жүргүзүшөт (2019-жылдин ичинде: дүйшөмбү жана шейшемби күндөрү 9дан 18.00гө чейин, шаршемби жума күндөрү - саат 9-00дөн 24-00гө чейин, ишемби жана жекшемби күндөрү саат 9:00дөн 21.00 чейин), ал эми башка убакыттарда билдирүүлөр үн почтасына жазылып калат.

"Шыр байланыштын" негизги иши кайрылган жарандарга жана уюмдарга аларды кызыктырган бардык маселелер боюнча кең-кесири жана толук маалыматтарды, консультацияларды берүүгө багытталган. Купуялуулукту жана жашырындуулукту камсыз кылуу максатында кабыл алынган бардык билдирүүлөр "Зарыл болгондо, маселелерди жөнгө салуу үчүн кайрылгандардын укуктарын бузган жактар менен байланышуу аркылуу келип чыккан маселелерди чечүү боюнча иш-чаралар жүргүзүшү мүмкүн.

"115 шыр байланышы" бардык көйгөйлөрдү өзү чече албай тургандыгын белгилей кетүү зарыл. Кайрылган адамдардын маалыматтары боюнча кандайдыр бир олуттуу укук бузуулар болгон деп болжолдоого жетиштүү негиздер болгон учурларда кайрылуу Акыйкатчынын Аппаратынын тийиштүү бөлүмдөрүнүн кароосуна жиберилет.

Ошондой эле, "шыр байланыштын" эксперттери тарабынан кайрылуунун мүнөзүн эске алуу менен, кайсы органга кайрылуу керектиги боюнча тийиштүү консультациялар жана сунуштамалар, алардын телефон номерлери берилет.

Кайрылгандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо менен катар эле психологиялык жардам көрсөтүлөт. "Шыр байланышка" кайрылган өзүнүн укугу бузулду деген ар бир адам түзүлгөн кырдаалда токтоосуз көрүлүүгө тийиш болгон чаралар жөнүндө кыска маалыматты ала алышат.

Иштин бардык мезгилинде "Шыр байланыштын" иши кайрылуулардын саны дайыма көбөйгөндүгүн көрсөтөт. "Шыр байланышка" кайрылгандар не-

гизинен социалдык жана ар кандай чөйрөлөрдөгү шашылыш маселелерди козгошот. 2019-жылдагы иштин жыйынтыктары боюнча консультация же жардам көрсөтүү үчүн кайрылуулардын кыйла кеңири жайылган себептери төмөнкүлөр болду деп тыянак чыгарууга болот:

- негизинен региондордо жөлөкпулдарды төлөөнү негизсиз кечиктирүү;
- ата-энелерден же окуучулардан акча каражаттарын мыйзамсыз чогултуу (класстык чогултуу, мектеп фонду);
- КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК караштуу жабык мекемелердеги адамдарга шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу жана кийинки жаза өтөөнүн мөөнөттөрү тууралуу консультацияларды берүү жана жаңы мыйзамдардын (КР ЖК, КР ЖПК) күчүнө киргендигине байланыштуу маселелер;
- үй-бүлөлүк чыр-чатактарды чечүү;
- -мугалимдердин мектеп (гимназия) окуучуларына карата кемсинтүүлөрү, жетекчилик жана мугалимдер тарабынан тиешелүү мамиле жасашпагандыгы үчүн башталгыч класстын окуучуларынын мектепке барууну каалабагандыгы;
- жабык мекемелердеги адамдарга камалгандар жана колониянын администрациясы тарабынан катаал мамиле жасагандары жана уруп-согуулар;
- жабык мекемелердеги кармоонун шарттарына жана медициналык кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон даттануулар;
- жабык мекемелердеги жазык иштеринин материалдары тууралуу маалыматтардын жеткиликсиздиги;
- сот иштерин кароонун же ТИЗОдо кармоонун узак мөөнөттөрүнүн себептери тууралуу маселелер;
- соттор тарабынан адилетсиз чечимдердин кабыл алынышы, негизинен жаза мөөнөтүн өтөө жана шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу боюнча;
- соттолгондор сот тарабынан чыгарылган чечимдерди адилетсиз жана адамгерчиликсиз деп эсептешет, камактагылар – жазасын өтөп жаткан адамдардын  шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө өтүнмөлөрүн (сунуштамаларын) канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечимди адилетсиз деп эсептешет;
- жаңы жаза мыйзамдарында башка адамдардын жабык мекемелерге  кирүүсүнө укук берүүчү ченемдердин жоктугуна байланыштуу жабык мекемелердеги никеси жок камактагылар үй-бүлө мүчөлөрү менен жолугушууга (кезигишүү өткөрүүгө) мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу;
- Кыргыз Республикасынын областтарынын айрым райондорундагы (Баткен облусунун Кадамжай районунда) медициналык мекемелер тарабынан медициналык жардам көрсөтүүнүн абалы;

- мамлекеттик жана сот органдары тарабынан мүлктүк мамилелер, анын ичинде жер талаш маселелери боюнча чечилбеген көйгөйлөр;
- диний ишенимдер боюнча (окуу жайларына жоолукчан баруу мүмкүнчүлүктөрү) орто мектептердин жана окуу мекемелеринин жетекчилери тарабынан укук бузуулар;
- ЛГБТ таандык адамдарга карата туугандары жана мусулман диний өкүлдөрү тарабынан катаал мамиле жасаган учурлар боюнча кээ бир кайрылуулар;
- укук коргоо органдары тарабынан болгон аракетсиздиктер.

Андан тышкары, "шыр байланышка" кайрылуулардын натыйжалары боюнча жарандар көп учурда компетенттүү органдар тарабынан негизсиз тоскоолдуктарга туш болушаары белгиленди. Мисалы, кайрылмандардын жарандыкты алуу маселелери боюнча (чет жерлерден Кыргызстанга көчүрүлүп келинген этникалык кыргыздар) – жөлөкпулдарды алууга жиберилген арыздарга жана даттанууларга жоопторду өз убагында алуу жөнүндө. Көпчүлүк учурларда адамдар тигил же бул жардам алуу үчүн кайда кайрылууну билишпейт.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы  институтун өнүктүрүү планынын алкагында аппараттын кызматкерлери жана «115 шыр байланышынын» эксперттери тарабынан «Шыр байланыш» кызматы жөнүндө Кыргыз Республикасынын аймагында эркиндигинен ажыратылган бардык жабык жайларда - УКЖ, ТИЗО, түзөтүү жана тарбиялоо абактарында, ошондой эле калыбына келтирүү борборлорунда, балдар үйлөрүндө, мектеп-интернаттарда, адаптациялоо борборлорунда, жалпы билим берүү мектептеринде, ж.б. маалыматтар берилип келет. Ошондой эле, «Шыр байланыш» боюнча маалымат, Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан ар түрдүү мекемелерде жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө да жүзөгө ашырылат жана  «115 шыр байланыш» тууралуу материалдар таратып берилет.

Бардык кабыл алуу блокторунда жана камактагылар турган жайларда (көрүнүп туруусун эске алуу менен) бул кызматтын маалыматтык плакаттары илинген.

Кызматтын иши тууралуу маалымат Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери "шыр байланыш" кызматынын эксперттери тарабынан, анын ичинде баннерлерди жайгаштыруу жана "Facebook" социалдык түйүнүндө алдыга жылдыруу жолу менен жүзөгө ашырылат. Кыйноону жана катаал мамилени кошуп алганда, адам укуктарынын бузулушу жөнүндө маалыматтарга өзгөчө көңүл бурулат.

## 2019-ЖЫЛЫ «115 ШЫР БАЙЛАНЫШЫНА» ЧАЛУУЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

2019-жылы "Шыр байланыш" телефону боюнча бардыгы **9054** телефон чалуулар келип түшкөн, алардын ичинен - **1722** үн байланышы почтасына. Келип түшкөн чалуулар аркылуу кырдаалга мониторинг жүргүзүү үчүн (көзөмөлдөө жана да үн билдирүүлөргө жооп берүү) – **578** чалуулар жүргүзүлгөн; кызыктырган маселелер боюнча - **2 370** түшүндүрүү иштери,

кеп-кеңештер жана сунуштар берилген, алардын көпчүлүк бөлүгү боюнча - мыйзам чегиндеги укуктарды түшүндүрүү боюнча өтүнүчтөр болгон. Ал эми, адам укуктарынын бузулгандыгы жана андан ары кароону талап кылган **42** иш КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлеринин кароосуна берилген.

“Шыр байланышка” келип түшкөн бардык кайрылуулар иликтенди, алар боюнча юридикалык кеп-кеңештер берилди, зарыл болгондо психологиялык жардам көрсөтүлдү. Мында кайрылгандардын укуктук билим деңгээли эске алынат. Өзгөчө бул жакырларга жана жарандардын корголбогон катмарларына тийиштүү.

### 1.2.1-ТАБЛИЦА. «115 ШЫР БАЙЛАНЫШЫНА» КАЙРЫЛУУЛАРДЫН ТЕМАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

| № | Маселенин мүнөзү | Саны |
|---|---|---|
| 1. | Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине даттануулар | 114 |
| 2. | Балдарга, аялдарга жана жабык мекемелердеги адамдарга карата кыйноолор жана башка катаал мамилелер тууралуу маселелер боюнча | 25 |
| 3. | Материалдык жардамдарды көрсөтүү, эмгек акыларды жана компенсацияларды төлөө жөнүндө | 17 |
| 4. | Жарандыкты алуу, ЖААК жана калкты каттоо маселеси боюнча | 14 |
| 5. | Паспортторду даярдоо жана берүү боюнча маселелер | 13 |
| 6. | Эмгек талаштары | 8 |
| 7 | Акча каражаттарын мыйзамсыз чогултуу маселелери боюнча | 8 |
| 8. | Жарандардын арыздарын, кайрылууларын, даттанууларын кароонун созулуп кеткен мөөнөтү боюнча | 8 |
| 9. | Бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракетсиздигинин маселелери боюнча | 7 |
| 10. | Жер маселелери (жер талаштар) | 7 |
| 11. | КР Акыйкатчысынын өкүлүн сот отурумуна жиберүү (мониторинг) тууралуу | 6 |
| 12. | Жабык мекемелердеги адамдарга карата мыйзамдарды бузуу маселелери боюнча | 4 |
| 13. | Акча талап кылуулар, коррупциялык фактылар маселелери боюнча | 2 |
| 14. | Башка маселелер боюнча | 117 |
| | **Баардыгы:** | **350** |

Ошону менен бирге, даттануулардын кыйла басымдуу саны юридикалык кеп-кеңештерди көрсөтүү жөнүндө өтүнүчтөрду түзөт.

“Шыр байланышта” иштөөдө эксперттердин убакыттары чектелүү экендигин, телефондо көпкө сүйлөшүүгө ар дайым эле мүмкүнчүлүк боло бербестигин белгилей кетүү зарыл. Мындай кырдаалда адамдар базалык колдоо жана жардам алуу үчүн компетенттүү мамлекеттик органдарга же башка телефондорго же кызматкерлерге кайрылууга кыска маалымат алышат.

«Шыр байланыш» кызматынын кызматкерлерине карата стресске туруктуулук, келип чыккан маселелерди чечүүгө жөндөмдүүлүк жана узак убакыт бою өзүн оптималдуу жумуш абалында кармоо сыяктуу жогорулатылган талаптар коюлат. Кесиптик жактан өсүүгө жана тренингдердерде жана семинарларда окутуу аркылуу эксперттердин дараметин жогорулатууга көп көңүл бурулат.

"Шыр байланыш" ишинин жыйынтыктары "шыр байланыш" кызматы аркылуу КР Акыйкатчысына кайрылуу менен маалыматтарды, консультацияларды алууга жарандардын кызыкчылыктарынын жогору экендигин көрсөттү.

Келип түшкөн даттануулардын көпчүлүгү тергөө иштерине, сот органдарынын чыгарган адилетсиз чечимдерине жана процесстик мыйзам бузуулар менен байланыштуу. Кайрылуулардын бир бөлүгү – бул "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жөлөкпулдарды өз убагында же такыр эле албагандыгы тууралуу ар кандай инстанцияларга арыздар жана даттануулар болуп саналат. Мындай учурларда социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндө мамлекеттик бийлик органдары тарабынан маалыматтык иштердин жетишсиздиги байкалууда.


Ошондой эле жарандар жөлөкпул төлөмдөрүн өз мөөнөтүндө төлөнбөгөндүгү жана көп сандаган документтерди чогултууга болгон наразычылыктарын билдиришет. Кээ бир учурларда аймактарда кызмат адамдары тарабынан мыйзамсыз жана негизсиз (үч же андан көп ай) жөлөкпулдарды төлөбөй жатышкандыгын белгилей кетүү керек. Мындай учурларда, «шыр байланыш» кызматынын эксперттери социалдык өнүктүрүү органдарынын жооптуу кызматкерлери менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү тууралуу көмөк көрсөтүшөт. Көбүнчөсүн, адамдар кайсы жерге кайрылууну билбегендиктен "115 шыр байланыш" кызматына жардам алуу үчүн кайрылышат.

2019-жылы камактагылардан түшкөн кайрылуулардын жана даттануулардын натыйжасында, кант диабети менен жабыркаган адамдарга №47 жабык мекемесинде медициналык кызматкерлер тарабынан зарыл медициналык жардам менен камсыз болбогондугу аныкталды. Ошону менен бирге, мындай оорулууларга майыптуулукту жол-жоболоштуруу боюнча иш жүргүзүүдөгү көйгөй КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК менен майыптыгын аныктоочу Комиссиясынын ортосунда өз ара аракеттенүүнүн жоктугунда турат.

Көптөгөн камактагылар колониялардын администрациялары тарабынан кысым көрсөтүүдөн же кандайдыр бир мыйзамсыз аракеттерди жасоодон сактанып кайрылууда купуялуулукту сактоону өтүнүшөт.

Мурдагыдай эле, камактагылардын жабык мекемелерде ачык жана кенен сүйлөшүүсү үчүн (өзүнчө бөлмөлөр, стационардык телефон байланышуулары) тийиштүү шарттардын жоктугу актуалдуу маселе бойдон калууда. Ушул кызматка №14 ТК түшкөн чалуулардан соттолгондордун чалуулары мекеменин кызматкерлеринин катышуусунда жүргүзүлөөрүн болжолдоого болот, ушуга байланыштуу кайрылгандар укуктарын бузуу мүмкүн болгон учурда маалымат билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес.

1.2.1-ДИАГРАММА. «115 ШЫР БАЙЛАНЫШЫНА» КАЙРЫЛУУЛАРДЫН ТЕМАТИКАСЫ




**<u>Аталган кызматтын телефонуна жаңылыштык менен чалуулар да болушу мүмкүн.</u>**

Ишке кесипкөй юристтерди тартуу менен, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратына караштуу "115 Шыр байланыш" кызматын өркүндөтүүнүн зарылдыгын белгилөө максатка ылайыктуу.

Жарандардан күн сайын келип туруучу кайрылуулар жана даттануулар ыкчам иштеп чыгууну, келип чыккан маселелерди өз убагында жана компетенттүү чечүү үчүн аларды таандыктыгы боюнча тиешелүү органдарга даректөөнү талап кылат.

Жабык мекемелердеги турган адамдардын кайрылуулары кызматкерлердин жабык мекемелерде өзүлөрүнүн кызматтык милдеттенмелерин аткаруу убагында алардын укукка каршы иш-аракеттерин табуу боюнча маселелерди чечүү үчүн "шыр байланыш" кызматынын КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын тиешелүү түзүмдөрү жана компетенттүү кызмат адамдары менен туруктуу байланыштарды жана контакттарды орнотуу зарылдыгына алып келет.

## СУНУШТАМАЛАР

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:**

1. Орто мектептердин окуучуларынын ата-энелеринен мыйзамсыз акча чогултууларды жокко чыгаруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүктүрүү министрлиги:**

1. Электрондук (накталай эмес) которууларды киргизүү аркылуу социалдык жөлөкпулдарды өз убагында төлөбөө учурларынын алдын алуу жана жол бербөө боюнча иштерди жүргүзсүн.

**КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы:**

1. Акыйкатчыга кайрылууларды жана арыздарды кабыл алуу максатында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлеринин жана "115 шыр байланышынын" эксперттеринин курамында эркиндигинен ажыратылган жана эркиндиги чектелген жайларда көчмө (коомдук) кабылдамаларды уюштурууга көмөк көрсөтсүн.
2. Жабык мекемелерде дайыма медициналык жардамга муктаж болгон адамдарды аныктоо үчүн тийиштүү иштерди жүргүзүү жана өнөкөт оорулар боюнча майыптыкты аныктоо үчүн иш-чараларды уюштуруу, ошондой эле саламаттык сактоо маселесине байланышкан маселелер боюнча тийиштүү органдардын кызматкерлеринин (анын ичинде КР Саламаттык сактоо министрлиги, ЖАМК, Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбор, МККК, USAID ж.б.) ортосундагы байланыштын натыйжалуулугун жогорулатсын.

## 1.3. АДАМ УКУКТАРЫ ЖААТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК МЕХАНИЗМДЕРДИН АЛКАКТАРЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

Кыргыз Республикасы 2019-жылга карата адам укуктары боюнча негизги келишимдердин аткарылышы жөнүндө БУУнун келишимдик органдарына (комитеттерине) бир катар улуттук мезгилдүү баяндамаларды берди[1].

Бул ишти өлкөнүн деңгээлинде Адам укуктары боюнча координациялык кеңеш жетектейт[2]. Ошондой эле КР улуттук баяндамаларын берилүү боюнча карыздардын кыскаруусуна КР Акыйкатчысынын да салымын белгилеп коюу зарыл.

Ошентип, адам укуктары боюнча БУУнун негизги келишимдери боюнча[3] 2019-жылы Кыргыз Республикасы БУУнун органдарына төмөнкү улуттук мезгилдүү баяндамаларды[4] берди:

- Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнө каршы Конвенцияны аткаруунун жүрүшү жөнүндө үчүн-

1 Кыргыз Республикасынын БУУнун адам укуктары боюнча негизги келишимдерине катышуусу жөнүндө (ратификация статусу), баяндамаларды берүү, атайын жол-жоболорго чакыруулар жана ыктыярдуу милдеттенмелер. Караңыз. https://www.ohchr.org/RU/countries/ENACARegion/Pages/KGIndex.aspx.

2 КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-ноябрындагы № 630 Токтому (2018-жылдын 13-апрелиндеги №207 Токтомунун редакциясында), http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/94823, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Адам укугу боюнча координациялык кеңеш жөнүндө Жобо (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №155 Токтому менен бекитилген, 2019-жылдын 19-февралындагы №57 Токтомунун редакциясында, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/96216).

3 Караңыз. https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/TreatyBodyExternal/Treaty.aspx?CountryID=93&Lang=RU.

4 Караңыз. https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/TreatyBodyExternal/countries.aspx?CountryCode=KGZ&Lang.

чү мезгилдүү Баяндама (2012-2016-жылдар мезгилине)[1] – берүүнүн акыркы мөөнөтү 2017-жылдын 23-ноябрына туура келген;

- Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенциянын аткарылышы боюнча бешинчи мезгилдүү Баяндама (2013-2018-жылдар мезгилине)[2] берүүнүн акыркы мөөнөтү 2019-жылдын 1-мартына туура келген;
- Баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын аткарылышы жөнүндө бешинчи мезгилдүү Баяндама (2014-2019-жылдар мезгилине)[3] берүүнүн акыркы мөөнөтү 2019-жылдын 6-ноябрына туура келген.

2019-жылга карата төмөнкү мезгилдүү баяндамаларды берүү боюнча карыздарлык сакталып :

- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын аткарылышы жөнүндө үчүнчү мезгилдүү Баяндама берүүнүн акыркы мөөнөтү 2018-жылдын 28-мартына туура келген;
- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга Өлүм жазасын алып салууга багытталган экинчи факультативдик протоколдун аткарылышы жөнүндө (ЖСУЭП-ФП2-ӨЖ) Баяндама – ЖСУЭП боюнча баяндама менен чогуу берилет (2018-жылдын 28-марты);

БУУнун келишимдик органдарынын сунуштамаларына жана улуттук баяндамаларды берүүнүн графигине ылайык, 2020-жылы Кыргыз Республикасы тарабынан төмөнкү механизмдер боюнча улуттук Баяндамаларды берүүгө туура келет:

- Универсалдык мезгилдүү сереп – 2020-ж. январь (ар бир төрт жылда);
- Бардык эмгекчил-мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө экинчи мезгилдүү Баяндама, акыркы мөөнөтү – 2020-жыл 24-апрель.
- Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө ал аралык пактынын аткарылышы жөнүндө төртүнчү мезгилдүү Баяндама, акыркы мөөнөтү – 2020-жылдын 30-июну.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети тарабынан Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты боюнча[4] милдеттенмелерди бузуулар жөнүндө жеке арыздарды кароо компетенциясын Кыргыз Республикасынын таануусу, алар боюнча Адам укуктары боюнча комитет адам укуктарын жана эркиндиктерин бузулуулардын болгонун тааныган жана адилеттүү компенсация төлөөнү аныктаган жана келечекте мындай бузууларга жол

1 КР Өкмөтүнүн буйругу 2019-жылдын 28-январы. № 6-б, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/216696.

2 КР Өкмөтүнүн буйругу 2019-жылдын 1-марты № 35-б, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/216900.

3 КР Өкмөтүнүн буйругу 2019-жылдын 6-ноябры. № 421-б, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/217736.

4 Бул жол-жобо Кыргыз Республикасынын Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын Биринчи факультативдик протоколуна 1994-жылдын 7-октябрында кошулуусу менен байланыштуу, https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/TreatyBodyExternal/countries.aspx?CountryCode=KGZ&Lang=RU.

бербөө боюнча чараларды көрүү жөнүндө чечимдерди тиешелүү деңгээлде камсыз кылууну талап кылат.

Алып айтканда, 2019-жылы Адам укуктары боюнча комитет аларды аткаруунун бирдей механизмин кабыл алууну талап кылган бир катар ойлорду (чечимдерди) чыгарган – чечимдерди улуттук деңгээлде кайра карооо үчүн негиздерди камсыз кылуу; БУУнун Адам укуктары боюнча комитети чыгарылган ойлорду (чечимдерди) аткаруу менен байланышкан укуктук кесепеттерди жоюу; Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты боюнча адам укуктарын жана эркиндиктерин бузулуулар болгону БУУнун Адам укуктары боюнча комитети тааныган учурлар боюнча адилеттүү компенсация төлөөнүн өлчөмү жөнүндө маселени, келечекте мындай укук бузууларга жол бербөө боюнча чыгарылган ойлорду (чечимдерди) чечүү.

Ушуга байланыштуу Кыргызстан Адам укуктары боюнча комитеттин ойлорунда (чечимдеринде) чагылдырылган бузуулар үчүн күнөөлүүлөргө бузуулардын эскирүү мөөнөтүнө жана күнөөлүүнүн учурдагы ээлеген кызматына карабастан жазалоо кадиксиз болору боюнча чараларды көрүүсү зарыл.

## 1.4. АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫН КОРГОО ЧӨЙРӨСҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ

Акыйкатчы өз ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун алкагында адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо боюнча, аларды коргоонун механизмдерин өнүктүрүү, ошондой эле мыйзамдык жана практикалык жаатта келип чыгуучу маселелерди чечүү үчүн башка компетенттүү органдарга кайрылганда, укуктардын сакталуусу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын талдоону жүргүзөт.

Акыйкатчы 2019-жылы мыйзамдарды өркүндөтүү маселелери менен алектенди, алып айтканда:

- ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык үч жумушчу топтун ишине катышты (чөйрөсү: соттук-укуктук реформалардын алкагында 2019-жылдын башында күчүнө кирген ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу; мамлекеттик жана коомдук керектөөлөр үчүн турак-жайды алып коюу жана ага адекваттуу компенсация берүүнү камсыз кылуу; экстремисттик материалдарды таратканы үчүн мыйзада белгиленген жоопкерчиликке тартуу);
- анда кездешкен карама-каршылыктарды жана кемчиликтерди жоюу жолу менен, адам укуктарына жана эркиндиктерине тиешеси бар мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган мыйзамдык сунуштарды иштеп чыгуу боюнча иштерди жүзөгө ашырды;

- Акыйкатчынын ишмердигиннин (жоопкерчилик, кепилдик, ыйгарым укуктар) натыйжалуулугун арттырууга, жарандардын укуктарын коргоого багытталган КР ченемдик-укуктук актыларына ("КР Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынан тышкары) өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча мыйзамдык сунуштарды киргизди.

Келип түшкөн мыйзам долбоорлорун жана колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларды талдоо, алардын көпчүлүгү боюнча сунуштар жана сын пикирлер мыйзам чыгаруу демилгесинин субьектилерге жөнөтүлгөн, анын ичинде:

1) Кыргыз Республикасынын "Бузуулар жөнүндө" кодекси боюнча;
2) КР Жазык кодексинин жаңы редакциясы боюнча;
3) КР Жазык-процесстик кодекси боюнча;
4) КР Жазык-аткаруу кодекси боюнча;
5) КР "Жоруктар" жөнүндө кодекси боюнча";
6) "Кыргыз Республикасынын жарандыгынан ажыратуу жөнүндө" Конституциялык Мыйзамдын долбоору боюнча;
7) КР Административдик-процесстик кодекс боюнча;
8) КР Жарандык процесстик кодекси боюнча;
9) "Мамлекеттик күзөт жөнүндө" КР Мыйзамы боюнча;
10) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" КР Мыйзамы боюнча;
11) "Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө"КР Мыйзамы боюнча;
12) «Коммерциялык сыр жөнүндө» КР Мыйзамы боюнча;
13) "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" КР Мыйзамы боюнча;
14) "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" КР Мыйзамы боюнча;
15) "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" КР Мыйзамы боюнча;
16) "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө КР Конституциялык Мыйзамы боюнча;
17) "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" КР Конституциялык Мыйзамы боюнча.

Ошентип, мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча Акыйкатчынын ишмердиги эки багытка бөлүнөт. Биринчи – жарандардын КР Конституциясында жана башка ченемдик укуктук актыларда кепилденген укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууда тоскоол болуучу карама-каршылыктар жана шайкеш келбестиктерди жоюу. Экинчиси – Акыйкатчынын жана анын Аппаратынын ыйгарым укуктарын толук кандуу жүзөгө ашырууну камсыз кылуунун зарыл-

дыгы менен байланышкан мыйзамдык сунуштарды киргизүү, анткени азыркы учурда мыйзамдар тутумунда буга тоскоолдук жараткан бир катар карама-каршылыктар жана дал келбестиктер бар.

## 1. МЫЙЗАМДАРДЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН СУНУШТАРЫ

### 1) Өмүр бою эркинен ажыратылган адамдардын укуктары

Акыйкатчыга өмүр бою эркинен ажыратылгандар 2019-жылы күчүнө кирген КР Жазык кодексинин жана КР Жазык-аткаруу кодексинин айрым ченемдери соттолгондордун кармоо режимин жана шарттарын, ошондой эле алардын жазадан бошонуу мүмкүнчүлүгүнүн тартибин, ушул укук мамилелеринин чөйрөсүн жөнгө салуучу мурдагы кодекстердин талаптарына салыштырмалуу негизсиз катуулатканына нааразылык билдирип кайрылышкан.

Көрсөтүлгөн маалыматтарды талдоодо өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолгондордун жүйөөлөрү бышыкталган.

Алып айтканда, белгилүү болгондой, мурда КР ЖАК (1999-жылдын 13-декабрындагы №142) 69-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, өмүр бою эркинен ажыратылган адам, эгерде сот тарабынан анын мындан ары ушул жазаны өтөөсү кажет эмес деп табылса жана эркиндигинен ажыратуунун отуз жылдан кем эмесин иш жүзүндө өтөгөн шартта, жазадан мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотулушу мүмкүн болгон.

Ошондой эле КР ЖАК 50-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык (1999-жылдын 13-декабрындагы №142) жатак абагына - жаза мөөнөтүнүн жыйырма беш жылдан кем эмесин өтөгөндөн кийин которулушу мүмкүн болгон.

Ал эми 2019-жылы жаңы кабыл алынган КР Жазык кодекси жана Жазык-аткаруу кодекси өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолгондорго карата ушуга окшогон "жеңилдиктерди" карабайт.

Мыйзамдарга мындай өзгөрүүлөрдү киргизүүгө таптакыр жол берилбөөсү керек, анткени КР Конституциясынын 20-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек.

Ошол эле убакта КР Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, адамдын, жарандын укуктары жана эркиндиктери улуттук **коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында** конституция жана мыйзамдар менен чектелүүсү мүмкүн. Киргизилген чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек.

Ошентип, КР Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболоруна ылайык, өмүр бою эркиндигинен ажыратылып соттолгондордун жаза мөөнөтүн өтөөнүн шарттарын, мөөнөтүн жана тартибин жөнгө салуучу "ченемдерди" катуулатууга жол берилет, бирок мындай катаал чаралар тиешелүү максаттар менен негизделүүсү тийиш. Бирок, Мыйзамга (ошону

менен жаңы Жазык кодекси жана Жазык-процесстик кодекси ишке киргизилген) маалымкат-негиздемеге жүргүзүлгөн талдоо КР жаңы Жазык кодекси жана Жазык-аткаруу кодексине өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолгондорду кармоонун тартибин жана шарттарын катуулатуунун зарылдыгына кандайдыр бир негиздемелерди тапкан жок.

Демек, жогоруда саналган катуулатуулар мыйзам чыгаруучунун КР Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн максаттарга жетүүгө негизделбегендиктен, алар конституциялык эмес жана жокко чыгарылууга тийиш.

Жогоруда саналган жагдайларды эске алуу менен, Акыйкатчы Институту тарабынан "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине)" өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзам долбоору даярдалган, ал Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин айрым ченемдерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына, атап айтканда, – өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолгондордун укуктук абалынын маселелерин жөнгө салууга багытталган.

Бул мыйзам чыгаруу демилгеси КР ЖК депутаттарына мындан ары демилгелөө жана КР Жогорку Кеңешине киргизүү үчүн жөнөтүлгөн.

### 2) Эркиндигинен ажыратуу жайларында жогорку билим алуу мүмкүнчүлүктөрү

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын дарегине эркиндигинен ажыратуу жайларында жаза мөөнөтүн өтөп жаткан жарандар, эркиндигинен ажыратуу жайларында турган учурунда дистанттык окуу усулу менен жогорку билим алууга көмөк көрсөтүүнү суранып кайрылышкан, ошол эле учурда, жогорку билим алуу максатында окуу үчүн жана башка ушуга байланышкан чыгымдарды төлөөгө даяр экендиктерин билдиришкен.

Бирок Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалгандарга орто жана атайын орто билим алуу мүмкүнчүлүгүн гана карайт (Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 113-беренеси), ал эми жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгү (анын ичинде акысын төлөө негизинде) каралган эмес.

Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө эркиндигинен ажыратуу жайларында, анын ичинде жогорку билим алууда дагы дистанттык окуу усулу ийгиликтүү ишке ашып жатканын белгилеп коюу маанилүү.

Ушуга байланыштуу КР Өкмөтүнүн дарегине кайрылып, КР Жазык-аткаруу кодексинин 113-беренесине тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү (же башка кошумча беренени киргизүү) боюнча мыйзам долбоорун демилгелөөнү, анда эркиндигинен ажыратууга соттолгондор жогорку билим алуу (дистанттык билим алуу усулу менен) мүмкүнчүлүгү тууралуу ченемди киргизүүнү сунуштайбыз, анда:

«Колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен түзөтүү мекемесинин администрациясы соттолгондорго жогорку билим алууга көмөк көрсөтүүгө милдеттүү».

Бул ченемди киргизүү «Пробация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын максаттарына жооп берет жана төмөнкүлөрдү ишке ашырууга шарт түзөт:

1) жүрүм-турумду оңдоого, мыйзамга баш ийген жашоо ыңгайын калыптандырууну;
2) пробациянын кардарларынын укук бузууларды жасоосунун алдын алат;
3) социалдык жана реабилитациялык программаларды ишке ашырууну координациялоону.

Соттолгондордун кесиптик билим деңгээлин арттыруу алардын жогорку квалификациялуу адис болуусуна көмөктөшүү менен, эмгек рыногунда керектүү адис болуусун шарттайт.

Социалдык жумушка орношуу жана эмгек рыногунда керектүү адис болуусу сөзсүз түрдө соттолгондордун оңолуу жолуна түшүүлөрү үчүн жагымдуу шарттарды түзөт.

Мында, бул мыйзамдык сунушту андан ары ишке ашыруу мамлекет тарабынан кошумча финансылык милдеттенмелерге жана республикалык бюджеттен кошумча чыгымдарга алып келбейт, анткени мындай шартта эркиндигинен ажыратуу жайларында жогорку билим алуу үчүн шарттарды түзүүгө гана жол берилет, бирок мындай окуу мүмкүнчүлүгүн каржылоо боюнча мамлекеттик бийлик органдары үчүн кандайдыр бир милдеттенмелерди карабайт.

**3) Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү (материалдарды сот тарабынан экстремисттик деп таануу жана тизмени тийиштүү түрдө жарыялоо зарылдыгы тууралуу бerененин диспозициясына тактоо киргизүү жөнүндө)**

КР Жазык кодексинин 315-беренесинде Экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу, ташуу же берип жиберүү, же болбосо жайылтуу максатында аларды сатып алуу же сактоо, ошого тете экстремисттик уюмдардын символикасын жана атрибутикасын пайдалануу, ошондой эле Интернет тарамы аркылуу пайдалануу үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралган.

Тилекке каршы, укук колдонуу тажрыйбасында, экстремисттик мүнөздөгү материалдарды таратканы үчүн (же алар табылганы үчүн) адамдарды ушул берененин негизинде жоопкерчиликке тарткан учурлар бар, алар сот тарабынан экстремисттик деп таанылган эмес жана экстремисттик материалдардын тизмесине кирген эмес. Мындай учурда аларды тараткандар же башка аракеттерди жүргүзгөндөр (укук мамилелеринин мындай чөйрөсүндө адис болбогондуктан) мүмкүн алар мындай материалдарды жайылтуу кылмыш жоопкерчилигине тартууга жатарын билишпесе да керек.

КР Жазык кодекси тарабынан, айталы, экстремисттик мүнөздөгү кылмыштар тикелей ниет менен гана жасалууга тийиш, башкача айтканда, адам өз жосунун жазыктык укукка каршылыгын түшүнсө, зыян келтирүү мүмкүндүгүн алдын ала билсе жана зыян келтирүүнү кааласа, же болбосо зыян келтирүү болбой койбостугун алдын ала көрө билет. Ошондуктан экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу, ташуу же берип жиберүү, же болбосо жайылтуу максатында аларды сатып алуу же сактоо экстремисттик деп таанылып, экстремисттик материалдардын ачык тизмесинде турушу керек, анткени жарандар кандай материалдарга тыюу салынганын жана аларды тараткан үчүн жазык жоопкерчилиги болоорун билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга тийиш.

Ушуга байланыштуу, мурда сот тарабынан экстремисттик деп таанылган жана юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан экстремисттик материалдардын тизмеси катары жарыяланган материалдарды (б.а. жосун жасалгандан мурда) даярдоо, таратуу, ташуу же берип жиберүү, же болбосо жайылтуу максатында аларды сатып алуу же сактоо үчүн жазык жоопкерчилиги  келип чыгууга тийиш деп эсептейбиз.

Ушуга байланыштуу Өкмөткө КР Жазык кодексинин 315-беренесинин 1-бөлүгүнүн диспозициясына  өзгөртүү киргизүүнү демилгелөөнү жана аны төмөнкү редакцияда баяндоону сунуштайбыз:

"1. **Сот тарабынан экстремисттик деп таанылган жана юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан экстремисттик материалдардын тизмеси катары жарыяланган материалдарды**  даярдоо, таратуу, ташуу же берип жиберүү, же болбосо жайылтуу максатында аларды сатып алуу же сактоо, ошого тете экстремисттик уюмдардын символикасын жана атрибутикасын пайдалануу, ошондой эле Интернет тарамы аркылуу пайдалануу, -".

Бул мыйзамдык сунушту ишке ашыруу укук колдонуу тажрыйбасына оң таасирин тийгизет жана адамдын жазык жоопкерчилигине негизсиз тартылганын жокко чыгарууда жактоочу тарапка  мүмкүнчүлүк берет.

### 4) Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине (бөгөт коюу чарасын тандоодо сот отурумунун ачыктыгы боюнча) өзгөртүүлөрдү киргизүү

Тажрыйбада аз эмес учурларда жазык процесстик мамилелеринин жазык сот өндүрүшүнүн сотко чейинки баскычында жана бөгөт коюу чарасын тандоодо соттук көзөмөл жүргүзүүдө  аныкталбагандыктар жана жөнгө салынбагандыктар пайда болот.

Мисалы, бөгөт коюу чарасын тандоодо жазык процесстик мыйзамдарында каралган соттук териштирүүнүн ачыктыгы принцибинин колдонулушу жөнүндө маселе келип чыгат.

КР Конституциясы соттук териштирүүлөрдүн ачык-айкындуулук принцибинин колдонулуусун кепилдөө менен, иштерди териштирүү бардык соттордо ачык жүргүзүлүүсүн белгилейт. Ишти жабык отурумда угууга мыйзамда ка-

ралган учурларда гана жол берилет[1].

КР ЖПК да соттук териштирүүнүн ачыктыгынын жалпы принцибин белгилейт, мамлекеттик жана мыйзам менен корголгон башка жашыруун сырды түзгөн маалыматтардын ачыкталышына алып келиши мүмкүн болгон учурларды кошпогондо, сот ишти ачык соттук териштирүүнү камсыз кылууга тийиш [2].

Бирок, Конституциянын жана Жазык-процесстик кодексинин ушул жоболоруна карабастан, практикада бөгөт коюу чарасын тандоодо жазык сот өндүрүшүнүн сотко чейинки баскычында ачыктык принцибинин иштеши боюнча талаш-тартыштар келип чыгат.

Бөгөт коюу чарасын тандоодо жарандардын КР Конституциясында каралган укуктары бир кыйла оорчулук менен чектелет. Дал ушул учурда жаранды кысымга алуу укук тартибинин өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлөт. Бөгөт коюу чарасын тандоодо жарандын укуктарын чектөөдө ачыктык принцибинин колдонулуусун тануу менен анын укуктарын чектөөдө негиздүүлүккө, адилеттүүлүккө жана мыйзамдуулукка болгон укугу басмырланат. Иш жүзүндө Конституция[3], адамдын, жарандын укуктары жана эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүндүгүн белгилөө менен, андай чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болуу талабын коёт.

Ошентип, КР ЖПК 257-беренесинин 1-пунктуна бөгөт коюу чарасын тандоодо соттук отурумдун ачыктыгын бекемдеген ченемди киргизүүнү зарыл деп эсептейбиз. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик кодексине төмөнкүдөй мазмундагы өзгөртүүнү киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорун демилгелөө сунуштамасы менен КР Өкмөтүнө кайрылабыз:

- КР ЖПКнын 257-беренесинин 1-бөлүгүнө “прокурордун өтүнмөсү боюнча” деген сөздөрдөн кийин “ачык” деген сөз менен толукталсын, андан ары текст боюнча. (берененин кыргызчасы менен орусчасынын ортосунда дал келбестик бар экен, ошол үчүн бул жерде беренени толугу менен орусчасына тууралланган редакцияда берүү керек).

**5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 1-июнундагы N 313 токтому менен бекитилген Бажы органдарынын кызматкерлерине жана алардын үй-бүлөлөрүнө кызмат өтөгөн жылдарын эсептөөнүн, пенсия жана пособие чектөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Жободогу (мындан ары-Жобо)кемчиликтерди жоюу**

Бажы органдарынын кызматкерлерине жана алардын үй-бүлөлөрүнө кызмат өтөгөн жылдарын эсептөөнүн, пенсия жана жөлөкпул чектөөнүн жа-

1 КР Конституциясы 99-берене.

2 КР ЖПК 281-беренесинин 5-п.

3 КР Конституциясы 20-берене.

на төлөөнүн тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды талдоо аныктагандай, Жобонун 14-пунктуна ылайык, Бажы органдарынан бошонуп жаткандардын бир жолку пособиелери, пайдаланылбаган отпуска үчүн акчалай компенсациясы «Бажы органдарында кызмат өтөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-статьясына ылайык төлөнөрү аныкталган.

Бирок, «Бажы органдарында кызмат өтөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренеси бажы органдарынан кызматтан бошоп жаткан адамдардын колдонулбаган өргүүлөрү үчүн акчалай компенсациянын өлчөмүн жөнгө салуунун тартиби тууралуу ченемди камтыбайт. Ошондой эле мындай мазмундагы ченем Мыйзамдын башка беренелеринде да жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 1-июнундагы N313 токтому менен бекитилген Бажы органдарынын кызматкерлерине жана алардын үй-бүлөлөрүнө кызмат өтөгөн жылдарын эсептөөнүн, пенсия жана жөлөкпул чектөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Жобонун 14-беренесине андагы **"пайдаланылбаган отпуска үчүн акчалай компенсациясы"** деген сөздөрдү алып салуу жолу менен, андан ары текст боюнча, өзгөртүү киргизүү сунуштамасы менен КР Өкмөтүнө кайрылабыз.

### 6) Жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө инвесторлордун лицензия алуулары менен байланышкан көйгөйлөр

Адам укуктарын коргоо боюнча ишмердикти жүргүзүүдө жер казынасын пайдалануу маселелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарда айрым карама-каршылыктардын болушу аныкталган, алар тажрыйбада колдонууда тоскоолдуктарды жаратат.

"Жер казынасы жөнүндө" КР Мыйзамынын 22-беренесинин 8-пунктунда көрсөтүлгөндөй, суулардын жана көлмөлөрдүн нуктарындагы же жээктериндеги жер казынасын пайдаланууга укук алууга өтүнмө берүүдө, *арыз ээси өзгөчө кырдаалдар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана Кыргыз* ***Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин*** макулдугун өтүнмөгө кошумча тиркейт.

Жер казынасын пайдаланууну лицензиялоо тартиби жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-ноябрындагы № 561 Токтому менен бекитилген) Жобонун 14-пунктуна ылайык, «Биринчи берилген өтүнмө» эрежеси боюнча жер казынасын пайдалануу укуктарын алууга өтүнмө мамлекеттик же расмий тилде, жер казынасын пайдалануу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен форма боюнча атайын бланкта берилет.

Өтүнмөгө башка документтер менен бир катарда ***суулардын жана башка көлмөлөрдүн нуктарында же жээктеринде*** жер казынасын пайдалануу жана иштерди жүргүзүү укугун алууга **суу ресурстары боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын** макулдугу же баш тартуусу тиркелүүгө тийиш.

Ошентип жогоруда көрсөтүлгөн эки ченемдик-укуктук акт мамлекеттик ар түрдүү органдардан макулдук алуу жолжобосун карайт. Анан калса, мындай

жактар кайрылганда ("Жер казынасы" жөнүндө мыйзамдын 22-беренесинин 8-пунктуна ылайык лицензия алуу үчүн кайрылганда) Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинен бул маселени чечүү аталган министрликтин ыйгарым укуктарына кирбейт деген шылтоо менен баш тартуу келип түшөт.

Ошондой эле мындай ыйгарым укуктар КР Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттигинде да каралган эмес. Жогоруда баяндалган учурда бир жагынан КРнын жогоруда аталган ченемдик-укуктук актыларын жүзөгө ашыруунун бирдиктүү механизминин жоктугу көрүнсө, экинчи жагынан алар иш жүзүндө булар менен алектенбеген мамлекеттик органдар менен макулдашуу тууралуу "артыкбаш" талаптар коюлуп калгандай.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйдү чечүүнү, анын ичинде жогоруда саналып өткөн ченемдик-укуктук актыларда макулдашуу жараянын караган артыкбаш ченемдерди жоюуну караган өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен чечүү сунуштамалары менен ***КР Өкмөтүнүн дарегине кайрылабыз***, анткени алардын болушу жер казынасынын байлыктарын натыйжалуу пайдаланууга жана республиканын ичиндеги бул чөйрөдөгү укуктук мамилерде инвестициялык климатка терс таасирин тийгизет.

### 7) Мамлекеттик алымдын ставкаларынын (сотко доо арыз менен кайрылууда) конституциялык кепилдиктерге жана турмуштук айкындыктарга шайкеш эместиги

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги №159 Токтому менен бекитилген Мамлекеттик алымдын ставкаларынын 14-пунктунун 1-пунктунда мүлктүк жана мүлктүк эмес талаштар боюнча аз камсыз болгон же болбосо жарды үй-бүлөдөгү жарандардын доо жана башка арыздарынан алынуучу алымдын өлчөмү – эсептик көрсөткүчтүн 1 эселенген өлчөмүн түзөт деп белгиленген.

Ошону менен бирге Өкмөттүн токтомунун жогоруда аталган ченеми КР Конституциясынын 103-беренесинин талаптарына (анда Мыйзамда каралган учурларда, ошондой эле соттук териштирүүгө катышкан жактар аны жүргүзүү үчүн жетиштүү каражатынын жок экендигин далилдеген ар кандай гана учурда сот адилеттиги акысыз жүргүзүлөт) шайкеш келбейт.

Ошондой эле, жакыр үй-бүлөлөрдүн жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн статусу "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" КР Мыйзамынын 4-беренеси менен жөнгө салынат, ага ылайык:

- аз камсыз болгон үй-бүлө – үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн ар айдагы кирешеси кепилденген эң төмөнкү кирешеден төмөн болгон үй-бүлө, КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 Токтомуна ылайык 900 сомду түзөт;
- жарды үй-бүлө – үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн ар айдагы кирешеси кедейчиликтин чегинен төмөн болгон үй-бүлө, 2674 сомдон төмөн[1].

1 Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2018-жыл 13-июндагы маалыматтарына ылайык

Аз камсыз болгон жана жакыр үй-бүлөлөрдүн мүчөлөрүнүн жогоруда саналып өткөн кирешелеринин өлчөмдөрү, анын өлчөмү жаш курагын жана башка көрсөткүчтөрүн эсепке алуу менен 4681 сомду түзгөн калктын жашоо минимумунун деңгээлине жетпейт[1].

Жашоо минимуму бул адамдын организминин нормалдуу иштешин камсыз кылуу үчүн жана анын ден соолугун сактоо үчүн, азык-түлүк продуктыларынын топтому жана инсандын социалдык керектөөсүн канааттандыруу үчүн зарыл болгон азык-түлүк эмес товарлар жана кызматтарга жетишээрлик болгон нарктык чоңдук.

Мындай контекстте, биздин көз карашыбызча, негиз катары жашоо минимумунун өлчөмүн алган туура болмок, анткени ушул көрсөткүч инсандын социалдык-экономикалык деңгээлин таасын аныктайт.

Ушуга байланыштуу, Мамлекеттик алымдардын ставкасына (КР Өкмөтү тарабынан бекитилген) калктын социалдык-аялуу катмарынын (б.а жакыр жана аз камсыз болгондорду эле эмес, ошондой эле мүчөлөрүнүн кирешеси жашоо минимумунан төмөн болгондорду), аларга карата өлчөмү бир эсе эсептик көрсөткүчтү түзгөн мамлекеттик алымды төлөө боюнча минималдык базалык ставка жайылтылуучу) камтууну кеңейтүүнү караган өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, КР Өкмөтүнө кайрылуу жолдонуп, анда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги №159 Токтому менен бекитилген Мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-пунктунун 14-пунктчасын төмөнкүдөй редакцияда баяндоо сунушталган:

> 1. Сотко берилүүчү доо арыздардан, анын ичинде келишимге чейинки талаш-тартыштарда, өзгөчө өндүрүш иштери боюнча арыздардан (даттануулардан), апелляциялык жана кассациялык даттануулардан мамлекеттик алым төмөнкү өлчөмдөрдө алынат:
>
> *«14) алардын кирешесинин өлчөмү үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө жашоо минимумунан төмөндү түзгөн жарандардын мүлк же мүлктүк эмес доо же башка арыздарынан - эсептик көрсөткүчтүн 1 эселенген өлчөмүндө».*

Андан кийин, Акыйкатчынын дарегине Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен КР Өкмөтүнүн дарегине жазылган жооптун көчүрмөсү келип түштү, чыгыш.25-1-1/15337, 12.12.19-ж., анда жашоо минимумунун өлчөмү (КР Улуттук Статистика комитети тарабынан белгиленген) узак мөөнөттүү жана туруктуу мүнөздө эместигин эске алуу менен, республиканын бардык аймагына бирдиктүү болбогондуктан, ошондой эле соттук практиканын бирдиктүү принцибине карама-каршы келгендиктен Акыйкатчынын жогоруда көрсөтүлгөн сунушун четке кагуу сунушу камтылган.

1 Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2018-жыл 13-июндагы маалыматтары боюнча.

Бирок, КР Акыйкатчы аппараты КР Финансы министрлигинин жогоруда баяндалган көз карашы менен төмөнкү жагдайлар боюнча макул эмес:

Биринчиден, аз камсыз болгон жана жакыр үй-бүлөлөр үчүн кирешелердин өлчөмү азыркы мезгилдин айкындыктарына шайкеш келбейт жана ал кандай көрсөткүчтөргө негизделгени белгисиз. Анткени бул каражаттардын көлөмүнө жеке гардеробду жаңылоо, турак-жай-коммуналдык кызматтардын керектөөлөрү үчүн милдеттүү төлөөлөр тууралуу сөз болбогондо деле талаптагыдай тамак ичүүнү камсыз кылуу да мүмкүн эмес.

Экинчиден, жашоо минимумунун убакыттагы туруктуулугунун жоктугу, керектөө себетинин баалык наркы улуттук валютанын деңгээлине, анын курамына кирген азык-түлүктөргө, ошондой эле азык-түлүк эмес товарларга жана кызматтарга рыноктук баанын өсүшүнө жана төмөндөшүнө жараша өзгөрүп турат.

Жашоо минимумунун өлчөмүнүн мындай "туруктуу эместиги" кадыресе демейдегидей көрүнүш (турмуш чындыгын күзгүдөй чагылдырып турат), анткени керектөө себети канчалык чоңойгон сайын (адамдын кирешесинин өзгөрүлбөгөн деңгээлинде), анын тийиштүү доо арыз менен сотко кайрылуусунда мамлекеттик алым төлөөнү камсыз кылуу үчүн (же тескерисинче) артыкбаш каражаты пропорционалдуу түрдө азаят.

Мындай социалдык-экономикалык процесстерди капарга албоо мамлекет тарабынан жүргүзүлүп жаткан социалдык-экономикалык саясатка кайчы келет жана сот адилеттигин жүргүзүүдө (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 103-беренесинде кепилденген) калктын социалдык-аялуу катмарынын бирдей мүмкүнчүлүк принцибин эске албайт.

Демек, бул көрсөткүчтөрдүн таасири, мезгилдин конкреттүү белгилүү аралыгына анын эмгек акысын эске алуу менен адам өзү канчалык төлөөгө жөндөмдүүлүгүн тикелей пропорционалдуу чагылдырат.

Анткени жашоо минимуму гана (керектөө себети) КР Конституциясы тарабынан кепилденген (42-берененин 3-бөлүгү) Кыргызстандын аймагында жашаган ар бир адам мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунан төмөн болбогон эмгек акы алуу укугуна ээ деген ченем негиз катары алынган.

Демек, соттук практиканын бирдейлик принциби КР Конституциясынын 42-беренесинин 3-бөлүгүндө камтылган талаптардан келип чыгууга тийиш. Жашоо минимумунун өлчөмүнүн белгилүү бир өзгөрүлүшү (тийиштүү түрдө эмгекке төлөөнүн минималдык деңгээли да) бул турмуштук зарылдык болгондуктан, укук колдонуу тажрыйбасында ченемди жүзөгө ашырууда кармоочу фактор болбоого тийиш.

Ошону менен бирге мындай өзгөрүлмөлүк көп эмес жана эреже катары, кандайдыр-бир концептуалдык өзгөрүүлөрдү киргизбейт. Мисалы, Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтарын талдоо көрсөткөндөй, акыркы 5 жылда жашоо минимумунун жалпы деңгээли, аз эле төмөндөө менен бир аз гана өзгөрдү.

Үчүнчүдөн, жашоо минимумунун деңгээли республиканын бардык аймагы үчүн бирдей эмес жана аймактар боюнча айырмалана турганы боюнча жана ал өз кезегинде соттук практиканын бирдейлик принцибине карама-каршы келе турганы тууралуу Финансы министрлигинин көз карашы боюнча төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот.

Калктын материалдык жыргалчылыгынын жана кирешесинин деңгээли аймактык олуттуу айырмачылыкка ээ. Калктын кирешелеринин аймактар боюнча алгандагы социалдык-экономикалык айырмачылыгынын мындай коньюнктурасын салык салуу чөйрөсүнөн Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынын сайтынан аймактар боюнча салык ставкаларынын өлчөмдөрү жана патенттердин нарктары боюнча байкоого болот.

Ошентип, аймактар боюнча алганда салык ставкаларынын жана патенттин наркынын белгиленген айырмачылыктары салыктык жана патенттик укук мамилелеринде соттук тажрыйбанын бирдейлиги принцибин камсыздоого эч кандай тоскоолдук жаратпайт.

Ушул контекстте, анын туруктуу эместигине байланыштуу жашоо минимумун колдонуунун максатка ылайык эместиги боюнча, аймактар боюнча өлчөмдөрдүн айырмачылыктарынын болушу, ошондой эле соттук тажрыйбанын бирдейлик принцибине шайкеш эместиги жөнүндө КР Финансы министрлигинин тыянактары алгылыктуу эмес жана жогоруда эсептелип өткөн жүйөлөр менен  төгүндөлөт.

Демек, адамдын финансы-экономикалык мүмкүнчүлүгүн баалоо жашоо минимуму менен (керектөө себети менен) салыштырууда сот адилеттигин жүргүзүүгө катышуу үчүн анын финансылык каражаттарынын жетиштүүлүгүн аныктоо үчүн тагыраак болот.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги №159 Токтому менен бекитилген "Мамлекеттик алымдардын ставкаларынын" 1-пунктунун 14-пунктчасына өзгөртүүнү төмөнкүдөй редакцияда киргизүү сунушу менен КР Өкмөтүнүн дарегине кайрылабыз:

1.Сотко берилген доо арыздардан, анын ичинде келишимге чейинки талаш-тартыштар боюнча, өзгөчө өндүрүш иштери боюнча арыздардан (даттануулардан), апелляциялык жана кассациялык даттануулардан мамлекеттик алым төмөнкү өлчөмдөрдө алынат:

*«14) алардын кирешесинин өлчөмү үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө жашоо минимумунан төмөндү түзгөн жарандардын мүлк же мүлктүк эмес  доо же башка арыздарынан - эсептик көрсөткүчтүн бир өлчөмү».*

КР Өкмөтүнө, ошондой эле аз камсыз болгон жана жакыр үй-бүлөлөрдүн айлык кирешесин белгилөөдө (эч болбогондо беш жылда бир жолу) бул чөйрөдөгү укуктук мамилелерде калыптанган социалдык-экономикалык кырдаалды так чагылдыра турган соңку мезгилде бекемделген жашоо минимумунун орточо көрсөткүчүнөн чыгуу керек.

### 8) Террористтик мүнөздөгү жана экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн соттолгондордун кармоо шарттарын өзгөртүү

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине ылайык (ЖАК):

- 79-берененин 3-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, *террорчулук мүнөздөгү жана экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн соттолгондор түзөтүү мекемелеринде өзүнчө кармоого жатат.*

*124-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык,* Жалпы режимдеги түзөтүү мекемелеринде катуу шарттарда кармоонун демейдеги жана жеңилдетилген шарттарына которуусуз төмөнкүлөр жаза өтөйт:

эркиндигинен ажыратуу жайларындагы соттолгондордун уюшулган криминалдык топторунун активдүү мүчөлөрү, террорчулук мүнөздөгү, экстремисттик багыттагы, уюшулган топтун же кылмыштуу уюмдун курамында кылмыштар үчүн соттолгондор.

126-берненин 5-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык, алгачкы мезгилде катуу шарттарда “уюшулган топтун же кылмыштуу уюмдун курамындагы террорчулук мүнөздөгү, экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн соттолгондор кармалат”,

Ошентип,

- эркиндигинен ажыратуу жайларындагы соттолгондордун террорчулук мүнөздөгү, экстремисттик багыттагы кылмышты жасагандар уюшулган криминалдык топторунун активдүү мүчөлөрү болбосо жана уюшулган топтун же кылмыштуу уюмдун курамында кылмыш жасабаган болсо, алар калган соттолгондор менен жашоого укуктуу, анткени демейдеги жана жеңилдетилген шарттарда жашоо обочолонгон участокто жашоону карабайт.
- уюшкан топтун курамында же кылмыштуу уюмдун курамында террорчулук жана экстремизм үчүн соттолгондор күчөтүлгөн режимдеги колонияда катуу шарттарда алгачкы тогуз ай аралыгында кармалышат, ал эми жалпы режимдеги колонияларда демейдеги же жеңилдетилген шарттарга которуусуз кармалышат.

Ушуларга байланыштуу. 124-берене менен 126-берененин, ошондой эле Жазык-аткаруу кодексинин 79-беренесинин ортосунда карама-каршылыктар бар.

Мында, белгилеп коюу керек, КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-октябрындагы №478 токтому менен бекитилген 2018-2023-ж.ж. карата КР Жазык-аткаруу тутумун өнүктүрүүнүн Стратегиясынын Жол картасында атайын *ченем бар*, эгер жүрүм-туруму жакшы болсо, *террорчулук мүнөздөгү жана экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн соттолгондорго демейдеги жана жеңилдетилген шарттарга которуу каралган.*

Реабилитациялоо жана ресоциалдаштыруу көз карашынан алганда соттолгондор үчүн жакшы шарттарга которулуу үчүн жакшы жүрүм-турумда болуу башкы шыктандыруучу фактор болуп саналат, ал алардын түзөлүүсүнө жа-

на аларды татыктуу кармоо үчүн укугун камсыздоого шарт түзөт. Тескерисинче, мындай мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу, соттолгондордун өзүлөрү үчүн психологиялык планда да, жалпы режимдик пландан алганда да, ошондой эле түзөтүү мекемесинде моралдык климатты алганда да тигил же бул жагымсыз кесепеттерге алып келиши мүмкүн .

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, КР ЖАК 79, 124, 126-беренелерине, *террорчулук мүнөздөгү жана экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн соттолгондорду жалпы жана катуу режимдерден которуунун бирдей ченемдерин киргизүүнү караган өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштайбыз (№5 тиркемедеги салыштырма таблицаны караңыз).*

## 2. АКЫЙКАТЧЫНЫН (ОМБУДСМЕНДИН) СТАТУСУН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАРГА ЫЛАЙЫК КАМСЫЗ КЫЛУУ

Акыйкатчы институтунун статусунун көз карандысыздыктын эл аралык принциптерине (Париж жана Белград принциптерине) ылайыктуулугун камсыз кылуу максатында 2019-жыл ичинде бир катар мыйзамдык демилгелер Жогорку Кеңеш аркылуу сунуш кылынган:

1. Акыйкатчы жана Омбудсмен аппараттын кызматкерлеринин ЖАМКнын түзөтүү мекемелерине жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн түзөтүү мекемесинин администрациясынын атайын уруксатысыз эле укма жана көрмө жазып алуу каражаттарын алып кирүү мүмкүнчүлүгүн түзүү (Жазык-аткаруу кодекси);
2. Акыйкатчы институтунун ишмердигине тоскоолдук үчүн жоопкерчиликке тартуу үчүн – Бузуулар жөнүндө кодекстеги субьектилердин тизмесин кеңейтүү, жоопкерчиликти белгилөө (БжК);
3. Акыйкатчы жана анын өкүлдөрүнүн сот процесстерине катышуусун камсыз кылуучу процесстик кепилдиктер (Жазык-процесстик кодекси, Административдик-процесстик кодекс, Жарандык-процесстик кодекс, Бузуулар жөнүндө кодекс, конституциялык сот өндүрүшү), өз милдетин аткаруусуна байланыштуу аларды күбө катары тартууга болбостугу, алар боюнча сот өндүрүшү кыскартылган же аякталган иштердин материалына жеткиликтүүлүк кепилдиги, мамлекеттик кайтаруу берүү, мыйзам менен корголуучу маалыматка жеткиликтүүлүк, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын отурумдарында болуу жана/же катышуу кепилдиктери;
4. Акыйкатчы институтунун финансылык көз карандысыздыгын камсыз кылуу;

Мыйзамдык сунуштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы тийиштүү ченемдери менен салыштырмалуу таблицада ушул Баяндамага №5 тиркеме катары берилди.

# 1.5.КЫРГЫЗ РЕСПРУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) 2019-ЖЫЛДАГЫ КӨҢҮЛ БУРУУ АКТЫЛАРЫ

**Акыйкатчы 2019-жылы мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дарегине укук бузууларды четтетүүнүн же адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушуна жол берген кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуунун зарылдыгы жөнүндө 37 көңүл буруу актыларын жөнөткөн.**

## 2019-ЖЫЛКЫ КӨҢҮЛ БУРУУ АКТЫЛАРЫНЫН СЕРЕБИ

КР Акыйкатчысынын Көңүл буруу актыларынын жарымына жакыны арыздануучулардын көйгөйлөрү менен дооматтарынын оң чечилишине алып келди жана аларда камтылган талаптар канааттандырылды (арыздануучулардын бузулган укуктары калыбына келтирилди, ал эми тигил же бул укук бузууларга жол берген мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жоопкерчиликке тартылышты). Көңүл буруу актылары төмөнкүдөй ар кыл укук мамилелерине тийиштүү болгон:

- КР мыйзамдарынын талаптарын одоно бузуу менен соттор тарабынан чыгарылган чечимдер (анын ичинде КР Жогорку соту тарабынан);
- жарандардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча ыйгарым укуктар компетенциясына кирген мамлекеттик органдар жана өз алдынча башкаруу органдарынын аракетсиздиги менен коштолгон, жарандардын турак-жай укуктарынын бузулушу;
- укук коргоо органдарынын кызмат адамдары тарабынан соттук актылардын аткарылбагандыгы;
- билим берүүнүн райондук бөлүмдөрүнүн жетекчилери, ошондой эле билим берүү мекемелеринин админстрациялары тарабынан жол берилген бузуулар;
- сот өндүрүшүн ишке ашыруунун жүрүшүндө сот органдары жана жактоочулар тарабынан жол берилген жарандардын процесстик укуктарынын бузулушу;
- жумушуна кайра калыбына келтирүү боюнча соттук чечимдердин аткарылбагандыгы;
- мамлекеттик органдар тарабынан аларга жиберилген Акыйкатчынын мурдагы кайрылууларына жооп бербөө же болбосо өз убагында эмес жооп берүү;
- соттук териштирүүлөрдүн айкындуулугу принцибинин соттор тарабынан бузулуусу;
- камакта жаткан адамдарды кармоо тартибин бузуулар;
- «Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө»[1] Мый-

1 Караңыз: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202100.

замдын талаптары жаатындагы жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана өкмөттүн өкүлчүлүктөрү тарабынан бузуулар;

- жумушчуга карата жумуш берүүчүлөрдүн өзүнүн ыйгарым укуктарынан кыянаттык менен пайдалануусу;
- КР Акыйкатчысынын ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу менен КРӨ караштуу ЖАМК жабык мекемелерине анын кызматкерлерин киргизүүдөн баш тартуусу;
- Мектептердин администрациялары тарабынан коопсуз шарттарды камсыз кылуу жана окуучу балдардын саламаттыгын коргоо боюнча талаптардын сакталбагандыгы;
- Соттолгон аялдарды ЖАМК №2 түзөтүү мекемесинде кармоо шарттарынын  жана тартибинин бузулушу;
- Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан КР Акыйкатчысы тарабынан суралган маалыматтарды берүүдөн баш тартуу менен болгон Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнө тоскоолдук.

## КР БАШКЫ ПРОКУРАТУРАСЫНЫН КОМПЕТЕНТТҮҮ КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ТАРАБЫНАН ЖОЛ БЕРИЛГЕН КР МЫЙЗАМДАРЫНЫН ТАЛАПТАРЫН БУЗУУЛАР ТУУРАЛУУ

КРӨ караштуу ЭККМК тергөө башкармалыгынын (ТБ) тергөөчүсү А. Сабировдун мыйзамсыз иш-аракеттерине, ошондой эле С. Ф-го байланыштуу кылмыш ишин кароо боюнча ЭККМК ТБнан КР ИИМ тергөө кызматына өткөрүп берүү тууралуу эки инстанциядагы соттун чечиминин алар тарабынан аткарылбай жаткандыгы жөнүндө КР Башкы прокуратурасынын айрым кызматкерлери тарабынан жол берилген мыйзамсыз фактылар боюнча Россия Федерациясынын жараны, Бишкек шаарындагы №1 ТИЗОдо жаткан С.Ф кызыкчылыгын коргогон жактоочулар А. Авазбеков, Д. Мамбеталиев, К. Шатманов, Б. Заидов Акыйкатчынын дарегине арыз менен кайрылышкан.

Ошентип, С. Ф кызыкчылыгында жактоочу Ч. Джакупбекованын 15.02.2019-жылдагы арызынын негизинде, Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 01.03.2019-жылдагы токтому менен КР Башкы прокуратурасынын иш-аракеттери (№288-16-0029 кылмыш ишин КР ички иштер органдарынын тергөөсүнө өткөрүп берүүдөн баш тартуу) мыйзамсыз деп таанылган.

Бишкек шаардык сотунун соттук коллегиясынын аныктамасы менен аталган биринчи инстанциядагы соттун чечими күчүндө калтырылган.

Мындан соң, 26.03.2019-жылы, КР Башкы прокуратурасы тарабынан кылмыш иши КР ИИМ тергөө кызматына берилген, бирок үч күндөн соң, 29.03.2019-жылы Башкы прокуратура ушул эле ишти кайрадан кайтарып алган жана кайрадан КРӨ ЭККМК тергөөчүсү А. Сабировго тапшырган.

Андан ары С.Ф. жактоочулары тарабынан КР Башкы прокуратурасынын бул иш-аракети боюнча Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотуна доо арыз берилип, 2019-жылдын 8-апрелиндеги соттун токтому менен №288-16-0029 кылмыш ишин КР ИИМ тергөө кызматынан КРӨ ЭККМК берүү тууралуу иш-аракеттер мыйзамсыз деп таанылган.

Бул жерде белгилеп коюу зарыл, КР ЖПК 255-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, тергөө судьясынын токтому **токтоосуз түрдө** мыйзамдуу күчүнө кирет жана **милдеттүү түрдө аткарууга** жатат. Бул Кодексте каралган учурларда тергөө судьясынын токтому боюнча апелляциялык тартипте доо арыз берилет жана анын аткарылышын токтотпойт.

Кийинчерээк прокуратура органдары жогоруда айтылган токтом боюнча апелляциялык тартипте доо арыз беришкен, бирок 2019-жылдын 25-апрелиндеги Бишкек шаардык сотунун соттук коллегиясынын аныктамасы менен 2019-жылдын 8-апрелиндеги Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун тергөө судьясынын токтому күчүндө калтырылган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 100-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык, мыйзамдуу күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын сотторунун чечимдери бардык мамлекеттик органдар, кызмат адамдары үчүн милдеттүү жана мамлекеттин бардык аймактарында аткарылууга жатат.

Мындай учурда, жогоруда белгиленген 2019-жылдын 8-апрелиндеги Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун токтомунун негизинде №288-16-0029 кылмыш ишинин материалдары КРӨ ЭККМК ТБнан КР ИИМ ТКна берилиши керек эле, **бирок Башкы прокуратура тарабынан** бул аткарылган эмес.

Андан ары, 2019-жылдын 8-апрелиндеги Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун токтому күчүндө турган мезгилде КРӨ ЭККМК тергөөчүсү А. Сабиров сотко чейинки өндүрүштү аягына чыгарып койгон жана тиешелүү материалдарды КР Башкы прокуратурасына өткөрүп берген. Андан соң, 2019-жылдын 16-апрелинде КР Башкы прокурорунун орун басары Н. Дарданов тарабынан жоопко тартуу актына кол коюлган жана 2019-жылдын 17-апрелинде аталган кылмыш иши Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотуна берилген.

Ошентип, КР Башкы прокурорунун биринчи орун басары Н. Дарданов тарабынан жана КР Башкы прокуратурасынын тиешелүү кызматкерлери тарабынан тергөө судьясынын токтомдорун аткарбоо (тоготпоо) тууралуу КР ЖПК 255-беренесинин 5-бөлүмү жана КР Конституциясынын 100-беренесинин 1-бөлүмүндөгү талаптардын бузулушуна жол берилген.

Ошондой эле, жогоруда келтирилген жагдайларга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын орун басары тарабынан КР Башкы прокуратурасына 2019-жылдын 8-апрелиндеги Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун тергөө судьясынын токтому КР Башкы прокуратурасы тарабынан аткарылышына байланыштуу маалымат берүү өтүнүчү менен кайрылуу жиберилген[1]. Мындан соң КР Башкы прокуратурасынын башкармалыгынын начальниги З. Бейшекеевден жооп келген[2], анда Акыйкатчы тарабынан суралган маалымат тууралуу, б.а. 2019-жылдын 8-апрелиндеги Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун тергөө судьясынын токтомунун КР Башкы прокуратурасы тарабынан аткарылышы жөнүндө таптакыр айтылбаган.

1 14-май 2019-ж. чыг. №13-1994.

2 27- май 2019-ж. чыг. № 8/3-52-18.

КР Башкы прокуратурасынын жообунда болгону С. Ф байланыштуу кылмыш иши боюнча жалпы (Акыйкатчынын аппаратында болгон жана мурдатадан белгилүү маалыматтар) маалыматтар камтылган.

Ошентип, КР Башкы прокуратурасынын башкармалыгынын начальниги З. Бейшекеев тарабынан «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Мыйзамдын 11-беренесинин талаптары бузулган, анткени КР Башкы прокуратурасынын жазуу түрүндөгү маалымат берүү тууралуу суроо-талапка берген жообу бул же тигил суроого кызыккан адамдын кайрадан кайрылуу зарылдыгын жокко чыгаруучу акыркы болушу керек.

Жогоруда келтирилген мыйзам бузууларды эске алуу менен, Башкы прокурор Ө. Жамшитовго төмөнкүлөрдү карoo зарыл делген сунуштар берилди:

1) Кыргыз Республикасынын жогоруда аталган мыйзамдарынын талаптарын бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрүү;
2) аткарууга милдеттүү делген соттук актыларды аткарбоодо күнөөлүү делген адамдарга карата тартиптик жаза өндүрүшүн козгоо.

Мындан кийин, Башкы прокурордун биринчи орун басары Н. Дардановдун колу коюлган жооп келди, анда Башкы прокуратуранын кызматкерлери тарабынан эч кандай мыйзам бузуулар болгон эместиги жана жогоруда келтирилген Акыйкатчынын сунушу четке кагылууга тийиш экендиги маалымдалган. Ошондой эле катта **«КР ЖПК 33-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-бөлүкчөсүнө ылайык, кылмыш ишин бир органдан экинчи органга берүү соттун компетенциясына кирбейт. Сот болгону КР Башкы прокуратурасынын жообун негизсиз деп тапкан»** деп айтылат.

Н. Дардановдун бул жүйөлөрү төмөнкү себептер боюнча орунсуз жана туура эмес:

**Биринчиден**, соттун компетенциясы тууралуу айтып жатып (ыйгарым укуктардын тегерегинде), соттун ыйгарым укуктарын таптакыр жөнгө салбаган жана кызматтагы адамдардын, анын ичинде прокурордун дагы кандайдыр бир иш-аракеттерин жокко чыгарууда сотко эч кандай тыюу салбаган КР ЖПК 33-беренесинин 2-бөлүмүнүн 3-бөлүмчөсүнө шилтеме жасалат.

Экинчиден, Н. Дардановдун катында сот болгону КР Башкы прокуратурасынын жообун мыйзамсыз жана негизсиз деп тапкандыгы айтылат. Демек, маанисинде, сот КР Башкы прокуратурасынын аракеттерин эмес, анын жазуу түрүндөгү жообун мыйзамсыз жана негизсиз деп таап жатат.

Көрүнүп тургандай, Башкы прокуратуранын жүйөлөрү **чындыкка шайкеш келбейт**, таптакыр ынанымсыз жана орунсуз, анткени Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 2019-жылдын 8-апрелиндеги токтомунда **жоопту эмес**, так ушул Башкы прокуратуранын №288-16-0029 кылмыш ишин тергөөгө берүү боюнча **иш-аракеттерин мыйзамсыз** жана негизсиз

деп таануу жөнүндө айтылып жатат жана жол берилген бузууларды четтетүү боюнча милдеттер тагылган.

**Үчүнчүдөн,** Н. Дарданов «Кылмыш ишин бир органдан экинчи органга берүү соттун компетенциясына кирбейт» деп билдирген. Бул «жүйө» боюнча белгилеп коюу зарыл, сот мындай чечимди чыгарган эмес (кылмыш ишин бир мамлекеттик органдан экинчисине берүү жөнүндө), а КР ЖПК 31-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына толук ылайык түрдө кылмыш ишин берүү боюнча Башкы прокуратуранын иш-аракеттерин мыйзамсыз жана негизсиз деп таап жатат.

**Төртүнчүдөн,** жогоруда айтылган жоопто «КР Башкы прокуратурасынын дарегине Бишкек шаардык сотунун 2019-жылдын 25-апрелиндеги аныктамасы түшкөн эмес» делет. Сыягы, ушундай жол менен КР Башкы прокуратурасынын кызматкерлери өздөрү тарабынан аткарыла турган соттук чечимдин талаптарынын аткарылбагандыгын, аларга аныктама берилбегендигин жана албетте, аны аткаруу зарылдыгы тууралуу алар билишпегендигин (калп эле) негиздөөгө аракет кылып жатышкандыгы көрүнүп турат.

Ошону менен бирге, бул жүйөлөр (Башкы прокуратуранын кабардар болбогондугу жөнүндө) толугу менен негизсиз болуп жатат, анткени 2019-жылдын 25-апрелиндеги Бишкек шаардык сотунун аныктамасы менен 2019-жылдын 8-апрелиндеги Бишкек шаарындагы Октябрь райондук сотунун чечими (КР Башкы прокуратурасынын жогоруда айтылып жаткан иш-аракеттерин мыйзамсыз жана негизсиз деп таануу жөнүндө) күчүндө калтырылып жатат, бул чечим КР Башкы прокуратурасынын **бөлүмүнүн прокурору К. Байдылдаевдин аталган соттук териштирүүлөрдө үзгүлтүксүз катышуусу менен чыккан.** Башкача айтканда, КР Башкы прокуратурасынын компетенттүү кызматкерлери 2019-жылдын 8-апрелиндеги Бишкек шаарындагы Октябрь райондук сотунун чечими тууралуу билишкен жана аны аткарууга милдеттүү болушкан, анткени КР ЖПК 255-беренесинин 5-бөлүмүнө ылайык тергөө судьясынын токтому **токтоосуз түрдө** мыйзамдуу күчүнө кирет жана **милдеттүү түрдө аткарууга жатат.**

Мында Башкы прокуратуранын кызыкчылыгында, Бишкек шаарынын Октябрь райондук прокуратурасынын кызматкерлери тарабынан 2019-жылдын 8-апрелиндеги Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун токтомуна апелляциялык арыз берилген, бирок Бишкек шаардык соту 2019-жылдын 25-апрелинде биринчи инстанциядагы соттун чечимин эч өзгөртүүсүз күчүндө калтырган.

Ошентип, КР Башкы прокурорунун биринчи орун басары Н. Дардановдун, ошондой эле КР Башкы прокуратурасынын башка кызматкерлеринин иш аракеттеринде соттун мыйзамдуу талаптарына баш ийбөө, жеке бийлөө жана өзүм билемдик сыяктуу мыйзамга каршы келген белгилер байкалат жана тиешелүү тартиптик жоопкерчиликке тартылышы керек.

Жогоруда келтирилген кырдаалдарды эске алуу менен, Акыйкатчы (Омбудсмен) тарабынан Башкы прокурор Ө. Жамшитовдун дарегине жогоруда айтылгандай КР мыйзамдарын бузууга жол берген кызматкерлердин жооп-

керчилигин кароо өтүнүчү менен экинчи ирет кайрылуу жолдонду[1].

Мындан кийин, КР Башкы прокурорунун биринчи орун басары Н. Дардановдун колу коюлган, жооп келген[2], анда Башкы прокуратуранын кызматкерлери тарабынан эч кандай мыйзам бузууларга жол берилбегендиги жана жогоруда келтирилген Акыйкатчынын сунушу четке кагылууга жатары айтылган.

Башкы прокурордун биринчи орун басарынан бул жооп алынгандан кийин Акыйкатчы (Омбудсмен) тарабынан Кыргыз Республикасынын Президенти С. Ш. Жээнбековдун дарегине жогоруда белгиленген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бузулушун четтетүү жана күнөөлүү адамдарды тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча чараларды көрүү өтүнүчү менен кайрылуу жиберилди[3].

**Бирок КР Президентинин Аппараты Акыйкатчынын кайрылуусун КР Башкы прокуратурасына кайра жиберүү менен гана чектелди.**

Жыйынтыгында, мурдагыдай эле КР Башкы прокурорунун биринчи орун басары Н. Дардановдун колу коюлуп[4], «Башкы прокуратуранын кызматкерлери тарабынан эч кандай мыйзам бузууларга жол берилген эмес жана жогоруда келтирилген Акыйкатчынын сунушу четке кагылууга тийиш» деген жооп келди.

Ошентип, КР Башкы прокурорунун биринчи орун басары Н. Дарданов жана КР Башкы прокуратурасынын башка кызматкерлери тарабынан жол берилген, мыйзамдардын талаптарынын ачык бузулуп жаткандыгына (мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актыларын аткаруу) карабастан, Акыйкатчынын Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна жана Кыргыз Республикасынын Президентине жолдогон тиешелүү кайрылуулары (жогорудагы бузуулар жөнүндө) натыйжасыз болду.

Анан калса, жогоруда айтылган Акыйкатчынын бардык кайрылууларына болгон жооптор мыйзам бузуулар ошол **Н. Дарданов тарабынан болгондугу кайрылууларда айтылгандыгына карабастан, Башкы прокурордун биринчи орун басары Н. Дардановдон келди.**

Бул фактылар “Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө” Мыйзамдын 12-беренесинин 2-бөлүгүнүн 10-бөлүкчөсүндө айтылган ченемдерге маанилик жактан шайкеш келбейт, мамлекеттик органдар жана кызматтык адамдар даттаныла турган иш-аракеттерге карата болгон арыздар кызматтык адамдарга жолдонгон учурларды жокко чыгарып коюуга милдеттүү.

*Жогоруда айтылгандардын негизинде КР Акыйкатчы институту КР Президентинин Аппаратына жогоруда келтирилген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузууга жол берген КР Башкы прокурорунун бирин-*

1 01.08.19-ж. чыг. 13-3200.

2 13.08.19-ж. чыг. 8/3-52-18.

3 27.08.19-ж. чыг. 13-3556.

4 03.10.19-ж. чыг. 8/3-52-18.

*чи орун басары Н. Дардановду (мүмкүн КР Башкы прокуратурасынын башка жетекчилерин) тартиптик жоопкерчиликке тартуу тууралуу маселени Кыргыз Республикасынын Президентине демилгелөө сунушу менен кайрылат.*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОТ ОРГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН ЖОЛ БЕРИЛГЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНЫН ТАЛАПТАРЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ

Акыйкатчынын дарегине жаран Л. В.дан кайрылуу келип түшкөн, ал Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн кызмат адамдары тарабынан болгон укук бузуу аракеттеринин натыйжасында 2000-жылдан бери адамдык ар-намысынын тебеленишине чыдап келаткандыгын жана бул аз келгенсип, эмгекке болгон (кызматка) укугунан ажыратылып, кийин мамлекет тарабынан кепилденген пенсиялык камсыз кылуудан кол жуугандыгын айтып арызданган.

Жаран Л. В 17-июнь 1997-жылы аскердик кызматка чакырылган жана 23-июнь 1997-жылы Балыкчы шаарындагы 37402 аскер бөлүгүнүн аскердик-техникалык жабдыктарын сактоочу жайдын начальниги кызматына дайындалган, андан кийин 10.11.1998-жылдагы №232 буйруктун негизинде КР КМ 98498 аскер бөлүгүнө которулган жана КР КК БШ Башкы оперативдүү башкармалыгынын иш жүргүзүүчү кызматына дайындалган.

Бирок, 1999-жылдын 12-апрелинен тартып, ал КР КМ 98498 аскер бөлүгүнүн аймагына киргизилген эмес (б.а. Л.В-га. өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн уруксат беришкен эмес).

Бул уруксат бербөө аталган аскер бөлүгүнүн аймагына ККП аркылуу Л. В-нын кирүүсүнө тоскоолдук кылуу менен жасалган.

Аскер бөлүгүнүн командачылыгынын мындай иш-аракеттерин мыйзамсыз деп эсептөө менен, ал Аскер прокуратурасына кайрылган, алгач оозеки түрдө, ал эми 01.06.1999-жылдан кийин жазуу жүзүндө.

Прокуратура кызматкерлеринин текшерүүсүнөн соң Л.В.-вага карата эки буйрук чыккандыгы белгилүү болгон: 1) Л.В.-ны штаттан чыгаруу; 2) штаттардын кыскаргандыгына байланыштуу (иш жүзүндө болбогон) Л. В-ны кызматтан бошотуу жөнүндө.

КР Аскер прокуратурасы тарабынан жүргүзүлгөн ушул эле текшерүүнүн жүрүшүндө эки буйрукту жокко чыгаруу тууралуу 1999-жылдын 17-сентябрында наразылык көрсөтүү берилген – 1) Штаттан чыгаруу жөнүндө, 2) штаттардын кыскаргандыгы боюнча жумуштан бошотуу жөнүндө.

Наразылык көрсөтүү 98498 АБ командачылыгы тарабынан наразылык көрсөтүүдө көрсөтүлгөн буйруктарды жокко чыгаруу тууралуу билдирүү берүү менен аткарылган, бирок иш жүзүндө (арткы дата менен) иштен бошотуу жөнүндө буйруктун бирөө жөн гана жараксыз деп таанылган, ал эми экинчиси (Л.В-ны штаттан чыгаруу жөнүндө) күчүндө калган, ал кадрларды бөлүштүрүүдө штатта турат деген сыяктуу түшүндүрүлгөн. Ушул себептен ага

кызматын аткарууга уруксат берилген эмес.

Мындан кийин арыз ээси кайрадан прокуратурага кайрылган жана ошондо гана бөлүмдүн аймагына кирүү үчүн ага уруксат беришкен жана бир айдан кийин КР КК БШ Аскердик даярдыктын башкы башкармалыгына иш жүргүзүүчү кызматына дайындашкан.

2000-жылдын 30-августунда Л.В-ны кайрадан аскер бөлүгүнүн аймагына өткөрбөй коюшкан (КР "Аскер кызматкерлеринин статусу жөнүндө" Мыйзамдын 3-беренесинде каралган, бөлүмдүн өздүк курамынын тизмесинен чыгаруу жөнүндө АБ командиринин буйругу чыкканга чейин эле).

Мындан кийин Л.В-ва бир нече жолу Аскер прокуратурасынын органдарынан өзүнүн укугун коргоого жана кызматтык милдеттерин аткарууга жол берүүнү камсыз кылууга жардам көрсөтүүнү суранган. Бирок Аскер прокуратурасы болгону анын кызматтан бошотулгандыгы боюнча фактыны гана белгилеген жана кызматтан алуунун мыйзамдуулугу жөнүндө маселе, ошондой эле Л.В-ванын кызматтан бошогондугу жөнүндө тиешелүү деңгээлде маалымдар болгондугу тууралуу түшүндүрмө берген эмес.

Андан кийин, Л.В-ва (08.06.2004-жылы) Бишкек гарнизонунун Аскердик сотуна доо арыз менен кайрылып, өзүнүн бузулган укуктарын жана мыйзам тарабынан корголгон кызыкчылыктарын калыбына келтирип берүүнү, ошондой эле мыйзамсыз катары четтетилген кызматына кайрадан иштөөгө уруксат алып берүүнү өтүнгөн. Андан тышкары, Л. В-ва өзүнө карата болгон куугунтуктоолордун кайталанышына, укуктарынын бузулушуна бөгөт коюуну жана №98498 АБ зарыл болгон кошумча материалдарды талап кылууну өтүнгөн.

Бирок, Бишкек гарнизонунун Аскердик сотунун 2004-жылдын 11-августундагы чечими менен Л. В-ванын доо талаптарын канааттандыруудан толугу менен баш тартылган. Сот Л. В-ванын арызын сотко берүү мөөнөтүнүн өтүшүн сотту сыйлабастык деп тааныган, (болгону судьянын соттук отурумунун жүрүшүндө гана буйруктардын китебин талап кылуу менен (01.09.2000-жылдагы №166 а/б командиринин Л. В-ва 03.09.2000-жылы бөлүмдүн өздүк курамынын тизмесинен жана камсыз кылуунун бардык түрүнөн (б.а. иштен бошотулган) чыгарылгандыгы тууралуу буйругу менен таанышкан).

Л.В-ва өзүнүн кызматтан бошотулгандыгы жөнүндө соттук териштирүүлөрдүн учурунда гана билгендиктен, ал өзүнүн биринчи доо талаптарын өзгөрткөн (бул факт соттун чечиминин баяндоо-жүйөлөө бөлүмүндө ырасталат), б.а. бузулган укуктарын жана мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарын калыбына келтирүү жөнүндө талаптардын (аны кызматка иштөөгө уруксат берүү жөнүндө), аргасыз жумуштан калтырылган күндөр үчүн акы төлөө менен кызматына кайрадан калыбына келтирүү талаптарына алмаштырган жана жазуу жүзүндө сотко кайрылуусунун кечиктирилүү мөөнөтүн сот тарабынан калыбына келтирүү жөнүндө өтүнмө берген.

Ошондой болсо да, сот доогердин өз талаптарын өзгөрткөндүгүн көңүлгө албастан, өзүнүн чечиминин баяндоо-жүйөлөө бөлүгүндө биринчи арызда гана айтылган талаптарды көрсөткөн.

Андан кийин, КР Аскердик сотунун Соттук коллегиясынын 21.12.2004-жылдагы аныктамасы жана КР Жогорку сотунун 17.02.2006-жылдагы токтому менен, жогоруда айтылган биринчи инстанциядагы соттун чечими өзгөртүүсүз жана күчүндө калтырылган.

Л. В-ва (сотко арыз бергенге чейин жана андан кийин дагы) бөлүмдүн өздүк курамынын тизмесинен жана камсыз кылуунун бардык түрүнөн чыгарылгандыгы (б.а. иштен бошотулгандыгы тууралуу) тууралуу кабардар болбогонун белгилеп коюу керек.

Жогоруда айтылган үч инстанциядагы бардык соттук актыларда Л. В-ванын өзүнүн кызматтан бошотулгандыгы тууралуу факт жөнүндө тиешелүү деңгээлде маалымдалгандыгы тууралуу ырасталат, бирок соттор тарабынан келтирилген жүйөлөр таптакыр негизсиз болгонун белгилеп коюу зарыл.

Алып айтканда, Бишкек гарнизонунун Аскердик сотунун 11-август 2004-жылдагы чечиминин баяндоо-жүйөлөө бөлүгүндө Л. В-ванын кызматтан бошотулушу боюнча факт тууралуу тиешелүү деңгээлде маалымдалгандыгы жөнүндө жүйө катары №98498 АБ штабынын начальниги Б. С. Ботбаевден көрсөтмө катары маалымат угулгандыгы, ал оозеки Л. В-ва жөнүндө айткандыгы (Л. В-ны кызматтан бошотуу жөнүндө буйрук чыккандан кийин) белгиленет.

Ошондой эле соттук чечимде Л.В-га анын иштен бошотулгандыгы жөнүндө Аскер прокуратурасынын жообунда айтылгандыгы белгиленген.

Ошону менен бирге, Эмгек Кодексинин (1997-жылдын 4-октябрындагы) 362-беренесинин талаптарына ылайык, жумушчуну кызматтан бошотуу жөнүндө буйруктар ***“кызматтан бошогондугу тууралуу буйруктун көчүрмөсү берилген күндөн тартып же эмгек келишимин токтотуунун негизи жөнүндө жазуусу менен эмгек китепчеси берилген күндөн тартып, же болбосо көрсөтүлгөн документтерди берүүдөн же алуудан баш тарткан күндөн тартып»*** сотко даттаныларын белгилеп коюу зарыл.

*Бирок, КР Эмгек кодексинин 362-беренесинде саналган негиздемелердин бири дагы (иштен бошотулгандыгы жөнүндө кызматкерди тиешелүү деңгээлде кабардар кылуу тууралуу күбөлөндүргөн), сот тарабынан көрсөтүлбөгөн жана арызданyy мөөнөтүнүн өтүп кеткендигин сот көрсөтүүсү үчүн так күнү дагы көрсөтүлбөгөн.*

Буйрук, тагыраагы 2000-жылдын 3-сентябрынан тартып бөлүмдүн өздүк курамынын тизмесинен, камсыз кылуунун бардык түрүнөн чыгарылгандыгы (б.а. кызматтан бошотулгандыгы жөнүндө) жөнүндө 2000-жылдын 01-сентябрындагы №166 (сап бирдиги боюнча) буйруктун архивдик көчүрмөсүн (2000-жылдын 2-майындагы №100 “Аялдардын аскердик кызмат өтөөсү жөнүндө Жобонун” 4-бөлүмүнүн жана 62-бөлүмүнүн “Б” бөлүмчөсүнүн негизинде) жана Ысык-Көл облусунун Балыкчы ШАК аскердик каттоого болгон жолдомонун көчүрмөсүн Л. В-ва 13 күн өткөндөн кийин, 11-май 2013-жылы гана алган жана көчүрмөдө анын таанышкандыгы боюнча кол тамгасы жок.

Ошентип, Л. В-ва **2013-жылдын 11-майында** гана (анын кызматтан бошо-

гондугу тууралуу факт боюнча) тиешелүү деңгээлде (б.а. Кыргыз Республикасынын эмгекке байланыштуу мыйзамдарына толук ылайык келгендей) кабардар болгон.

Ошондой эле, аталган буйруктун КР Эмгек Кодексинин ченемдерине жана аскердик кызматта кызмат өтөгөндүгү үчүн пенсияга болгон укукка ээ болбогон аскер кызматындагы аялдарды мөөнөтүнөн мурда иштен бошотууга тыюу салган 2000-жылдын 2-майындагы №100 Жобонун 62а бөлүмүнүн ченемдерине каршы чыгарылгандыгы негизги мыйзам бузуу болуп саналат.

Мындан кийин, жогоруда айтылган **№166 буйруктун архивдик көчүрмөсүн** алуу менен Л. В-ва Бишкек гарнизонунун Аскердик сотуна анын мурдагы кызмат ордун калыбына келтирүү жана аргасыз жумуштан калган мезгили үчүн акы төлөө жөнүндө тиешелүү арыз менен кайрылган. Бирок 18-июнь 2013-жылы Бишкек гарнизонунун Аскердик сотунун аныктамасы менен анын бул арызын кабыл алуудан баш тартышкан, мунун себеби ошол эле негиздер, ошол эле талаштын жана ошол эле тараптардын ортосундагы жүйө боюнча тиешелүү соттук актылар бар экендиги менен түшүндүрүлгөн.

Бул аныктама КР Аскердик сотунун соттук коллегиясына даттанылган. 2013-жылдын 23-июлундагы КР Аскердик сотунун соттук коллегиясынын аныктамасы менен жогорудагы айтылган биринчи инстанциядагы соттун аныктамасы өзгөртүүсүз калтырылган. Негиз катары анын ушундай эле арыз менен мурда дагы сотко кайрылгандыгы көрсөтүлгөн.

Ошону менен бирге эле соттор тарабынан иштин материалдары дагы, Л. В-ванын укуктары бузулган учурдагы кырдаалдар дагы иликтенген эмес, болгону буга сыйлабагандыктын себебинен сотко кайрылуу мөөнөтүн өткөрүп жиберген деген себеп боюнча доо талаптарды кароодон баш тартууга байланыштуу доо арыз боюнча 2004-жылдын 11-августундагы Бишкек гарнизонунун Аскердик сотунун чечиминин жүйөлөштүрүү бөлүгүнө гана шилтеме жасалган.

Ошондой эле, 2008-жылы 09-декабрда Л. В-ванын өтүнүч арызы боюнча КР Конституциялык сотунун чечими менен 2000-жылдын 2-майындагы №100 "Аялдардын аскер кызматын өтөөсү жөнүндө Жобонун" 4- жана 62 "Б" бөлүмдөрү конституциялык эмес, КР Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүмүнө, 74-беренесинин 4-бөлүмүнө каршы келет деп табылган жана алар күчүн жоготконун белгилеп коюу зарыл. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечими болгон күндө дагы, жаран Л. В-вага бардык үч инстанциядагы кайра ачылган жагдайлар боюнча 2004-жылдын 11-августундагы Бишкек гарнизонунун Аскердик сотунун чечимин кайра кароодон баш тартылган.

Ошентип, соттор тарабынан Кыргыз Республикасынын жаранына карата мыйзамдарга ылайык келбегендей чечимдердин кабыл алынышы менен Л.В-ванын көйгөйүнө байланыштуу зарыл болгон жана ошол эле мезгилде өз убагында көңүл буруу болбогондугунан улам Кыргыз Республикасынын Конституциясында жазылган негизги принциптер: эмгекти коргоо, кадыр-баркты басмырлаган мамилелерге кириптер кылбоо, соттук коргоого,

мамлекеттик пенсияларга, жөлөкпулдарга жана башка социалдык коргоонун кепилдиктери бузулган.

Жогоруда айтылган кырдаалды жалпылоо менен жыйынтык чыгарууга туура келет, тилекке каршы, соттук органдардын укук коргоо практикасында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын одоно түрдө бузууларга жол берилет.

Соттук чечимдерде, анын ичинде КР Жогорку сотунда дагы мыйзамдарды одоно түрдө бузуу фактыларынын болушу жөнүндө (мисалы, жасабаган кылмыш үчүн жарандарды (1998-жылдагы КР Жазык Кодексинин 126-беренесинин 1-бөлүмү боюнча) кылмыш жасады деп соттоо) КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2018-жыл үчүн жылдык баяндамасында маалымдалган[1].

Ошентип, айрым кырдаалдарда, КР Жогорку сотунун соттук коллегиялары Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан бекитилген адам укуктарынын бузулушуна алып келүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын одоно түрдө бузулуусуна жол берген соттук чечимдерди чыгарышат. Ошону менен бирге, тилекке каршы, Жогорку соттун соттук коллегиясынын чечимдери акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

Биздин көз карашыбызда, ушул сыяктуу кырдаалдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бекем жана туруктуу сактоо менен сот адилеттигин калыс жүргүзүүнү толук түрдө камсыз кылуу боюнча аларга жүктөлгөн үмүттү азыркы соттук тутум толук аткара албагандыгын көрсөтөт.

Жогоруда айтылган кырдаалдар тиешелүү сот адилеттигин камсыз кылуу доо боюнча сот бийлигинин алдына коюлган максаттарга толугу менен жетүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү институционалдык мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен сот тутумун реформалоонун зарылдыгын көрсөтөт. Жогорку соттун айрым соттук актыларында таптакыр жол берилгис олуттуу жаңылыштыктар жана бузуулар бар, ал эми муну менен адамдардын жана алардын мүлктөрүнүн тагдыры чечилет.

Ушуга байланыштуу, **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинини депутаттарына** *КР Президентинин сунуштамасы боюнча соттордун укук колдонуу тажрыйбасынын багыттары конституцияга ылайык келерине текшерүү жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарды КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасына берүүнү караган мыйзамдардын тиешелүү ченемдерин (мүмкүн, анын ичинде КР Конституциясына дагы) өзгөртүүлөрдү киргизүүнү демилгелөө тууралуу маселени кароону сунуштоону* ***максатка ылайык деп эсептейбиз.***

Мындай өзгөртүүлөрдү КР Президенти тарабынан гана киргизүү, биздин көз карашыбызда, КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын дарегине негизсиз же мааниси боюнча анчалык эмес болгон кайрылуулардын жолдонушуна мүмкүнчүлүк бербейт.

Мындай практика Беларусь Республикасынын мыйзамдарынын тутумунда бар.

1 «2018-жылда Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө» КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы, 247-бет.

## ЖАЗЫК ИШИНИН ЖОГОТУЛУУСУ ЖАНА СОТТУН АЙЫПТОО ӨКҮМҮ ЖОК ЖАЗА МӨӨНӨТҮН ӨТӨӨ ТУУРАЛУУ

КР Акыйкатчысынын дарегине КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК 2-ТК жаза мөөнөтүн өтөп жаткан Э. К. аттуу жаран арыз менен кайрылып, 01.01.2019-жылдан тартып күчүнө кирген жаңы жазык мыйзамдарына байланыштуу, анын ишин кайра кароо боюнча Токмок шаардык сотуна мурда жолдонгон арызына расмий жооп алууга көмөктөшүүнү өтүнгөн.

Аталган кайрылууну иликтөөдө 2008-жылдан тартып, азыркы мезгилге чейин укук коргоо жана сот органдарынын кызмат адамдары тарабынан бир катар мыйзам бузууларга жол берилгендиги аныкталган.

Атап айтканда, жаран Э. К. арызы КР Акыйкатчысынын аппаратына түшкөндөн тартып, Токмок шаардык сотуна Э. К. арызы түшкөндүгү тууралуу, ошондой эле аны кароонун жыйынтыктары тууралуу маалымат берүү өтүнүчү менен тиешелүү кат жиберилген.

Бирок, Акыйкатчынын аппаратына келген Токмок шаардык сотунун төрагасы Д. Астаркуловдун колу коюлган катта формалдуу жооп келген. Мындай жоопту кабыл албаган Акыйкатчынын өкүлдөрү Чүй облустук сотуна кайрылып, өзүнүн милдеттерине формалдуу мамиле кылгандыгы үчүн Токмок шаардык сотунун төрагасы Д. Астаркуловго карата чара көрүү, ошондой эле жаран Э. К. иши боюнча бардык зарыл болгон маалыматтарды (тиешелүү суроолордун толук тизмеси КР Акыйкатчысынын аппаратынын катында жазылган) көрсөтүү өтүнүчүн келтирген.

Жогоруда айтылган кат жолдонгон күндөн тартып бир айдын аралыгында (КР мыйзамдары боюнча аныкталгандай эки жуманын ордуна) Чүй облустук сотунан жооп келген жок. Акыйкатчынын аппараты өзүнүн экинчи жолу жиберген катында Чүй облустук сотунун жетекчисинен биринчи катка милдеттүү жана толук көлөмдө жооп берүүнү, ошондой эле Чүй облустук сотунун өкүлдөрүнө, анын ичинде өз учурунда жооп бербеген канцеляриянын кызматкерлерине карата тартиптик жаза берүүнү талап кылган.

2019-жылдын 5-декабрында Чүй облустук сотунун төрагасынын милдетин аткаруучу У. Садырбековдун колу менен жооп келген, анда Токмок шаардык сотуна өзүнүн ишин кайра кароо жөнүндөгү Э. К. арызы жана 2-ТК начальнигинин тиешелүү тааныштыруусу 2019-жылдын 16-январында түшкөн. Бирок, Э. К. байланыштуу соттун акыркы өкүмү жок болгондугунан улам анын ишин кароо мүмкүн эмес болгон.

Бул кырдаал боюнча У. Садырбеков маалымдап, 2008-жылдын 24-июнунда Э. К. Токмок шаардык соту тарабынан КР КЖК 125-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пункту, 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3,6,11,13-пункту боюнча айыптуу деп таанылып, 25 жылга эркиндигинен ажыратылгандыгын, жаза мөөнөтүн 2-ТК өтөө белгиленгенин билдирген. Бирок, 09.09.2008-жылдагы Чүй облустук сотунун аныктамасынын негизинде Токмок шаардык сотунун өкүмү жокко чыгарылган жана ишти кайрадан кароо үчүн ошол эле Токмок шаардык сотуна жиберилген.

Өз кезегинде Токмок шаардык соту Э. К. ишин үч жолу Токмок шаардык прокуратурасына соттолуучунун соттук отурумга келүүсүн камсыз кылуу үчүн жөнөткөн. Жаран Э. К. иши **үчүнчү ирет жиберилген соң жоголуп кеткен.** Токмок шаардык прокуратурасында жана Токмок шаардык сотунда иш ким тарабынан жана качан жоголгондугун түшүндүрө алышкан жок.

Кырдаалды тактоо максатында, Акыйкатчы аппаратынын өкүлдөрү 2-ТК барышып, соттолуучу Э. К. менен жолугушкан жана анын жеке иши менен таанышышкан. Атап айтканда, 2011-жылы түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдардын сакталышына көзөмөл жүргүзүү боюнча прокурор А. Омуралиевдин санкциясына ылайык, Э. К. карата «КР көз карандысыздыгынын 20-жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө» КР Мыйзамынын ченемдери колдонулган жана анын жаза өтөө мөөнөтү **4 жыл 2 ай жана 28 күнгө** кыскартылгандыгы белгилүү болгон. Андан соң, прокурор Р.Н. Нурбековдун санкциясына ылайык жана «Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 65 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө» Мыйзамдын жоболорун колдонуунун натыйжасында, 2014-жылы Э. К. өтөлбөгөн жаза мөөнөтү **2 жыл 10 ай жана 22 күнгө** кыскартылган. Акырында, «Аялдарга жана жашы жете электерге карата мунапыс жөнүндө» Мыйзамдын жоболорун колдонгондон кийин, 2015-жылы өтөлбөгөн жаза мөөнөтү дагы **2 жыл 6 ай жана 13 күнгө** кыскарган.

**Үч мунапысты колдонуунун жыйынтыгында жаран Э. К. жаза өтөө мөөнөтү 9 жыл 8 айга кыскарган.** Ушундан улам, Э. К. камакта 2008-жылдын 25-февралынан тартып азыркы мезгилге чейин камакта жатканын эске алуу зарыл. Анан калса, жогоруда айтылгандай, **соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирбестен,** ага карата Токмок шаардык сотунун биринчи өкүмү Чүй облустук соту тарабынан жокко чыгарылган, ал **эми иштин жоголуп кеткендиги үчүн экинчи өкүм ошол бойдон чыкпай калган.**

Учурдагы КР ЖК өзгөртүүдө (70-берене 4-бөлүм) эркинен ажыратуунун максималдуу мөөнөтүн 25 жылдан 20 жылга кыскартуу каралганын (б.а., жаран Э.К. эркинен ажыратылган мөөнөтү 25 эмес, 20 жылды түзүшү керек) белгилеп коюу зарыл. Бул колдонулган үч мунапысты эсепке алуу менен жалпы жаза өтөө мөөнөтү 10 жыл жана 2 айдан ашпашы керек.

Бирок Э. К. камакта 20 жылдан ашык жаткан, тактап айтканда: 2-ТК которулганга чейин ал бир күнү эки күн деп эсептелинген ТИЗО-1де 5 ай жаткан, б.а. мыйзам боюнча ТИЗОдо Э. К. 10 ай жаза мөөнөтүн өткөргөн, жана Токмок шаардык соту тарабынан өкүм чыккандан кийин (26-июнь 2008-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин) – 11 жылдан ашык; ушул жерде мунапыс менен кыскартылган мөөнөтүн гана эсепке албастан, дагы 5 жылды кемитүү керек (КР КЖК 70-беренси 4-бөлүмүнө ылайык); жыйынтыгында жаран Э. К. камакта 22 жылдан ашык жаткан.

Ошондой эле, Э. К. азыркы абалын мүнөздөө абдан кыйын, анкени ал **2-ТК жаза мөөнөтүн соттолгон катары өтөп жатат**, бирок ушуну менен бирге эле ага карата соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген эмес (жогоруда айтылган себептен улам), айтылгандай ал юридикалык жактан айыпталуучу болуп саналат, бирок КР мыйзамдары боюнча айыпталуучу жаран, мындай статуска ылайык болсо, ТК жатпайт (ТИЗО же УКЖ гана кармалышы керек).

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, КР Акыйкатчысы КР Башкы прокуроруна жаран Э. К. аныкталган укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушун жокко чыгаруу тууралуу тиешелүү сунушун берди.

Атап айтканда:

1) Акыйкатчы жаран Э. К. байланыштуу кылмыш ишинин жоголуп кеткен фактысын КЖБР киргизүү жана КР Башкы прокурорунун жеке көзөмөлү астында аталган мыйзам бузуу боюнча сотко чейинки өндүрүштү баштоону суранды;
2) Токмок шаардык прокуратурасынын кызматкерлери тарабынан өзүнүн кызматтык милдеттерине жоопкерчиликсиз мамиле жасоо фактылары боюнча кызматтык териштирүү жүргүзүү жана жыйынтыгында аларга укуктук баа берүү;
3) Токмок шаардык сотунун судьялары жана кызматкерлери тарабынан кызматтык милдеттерине жоопкерчиликсиз мамилеси үчүн алардын иштерине укуктук баа берүү үчүн КР Судьялар кеңешинин алдындагы тартиптик комиссияга тиешелүү сунуштарды киргизүү;
4) жаран Э. К. тиешелүү кылмыш ишин табууга көмөк көрсөтүү;
5) азыркыга чейин 2-ТК камакта жаткан Э. К. карата бөгөт коюу чарасын өзгөртүү тууралуу маселени чечүү;
6) Аталган факты боюнча айтылган мыйзам бузууларды иликтөө үчүн КР Акыйкатчысынын өкүлүнүн катышуусундагы ведомстволор аралык комиссия түзүү.

Аталган кырдаалды чечүүнүн жүрүшү жана мыйзамдуулугу КР Акыйкатчысынын көзөмөлүндө.

*Жыйынтыгында, азыркы учурда жаран Э. К. тиешелүү кылмыш иши жоголгондугу тууралуу факт «Байкабастыктан олуттуу зыян келтирүү менен шалаакылык кылуу» беренеси менен КЖБР катталды (№03-111-2019-000034) жана андан ары териштирүү үчүн КР УКМК Чүй облусу боюнча Тергөө башкармалыгына берилди.*

*Жогоруда айтылган кылмыш ишинин жоголгон фактысы боюнча 2019-жылдын 13-декабрында Токмок шаардык соту тарабынан Токмок шаардык прокуратурасына тапшырылган (соттун токтому) жаран Э. К. тиешелүү кылмыш ишин калыбына келтирүү боюнча токтом чыккан.*

*Өз кезегинде, Токмок шаарынын прокуратурасы (кылмыш ишин калыбына келтирүү үчүн зарыл болгон тергөө иштеринен кийин) 27-декабрь 2019-жылы, жогоруда айтылган кылмыш ишинин материалдарын калыбына келтирүү менен андан ары ишти кароо үчүн ошол эле сотко өткөргөн.*

*Азыркы мезгилде аталган Э. К. тиешелүү кылмыш иши Токмок шаардык сотунун судьясы А.Тойгонбаевге кароого берилген (өндүрүшкө алынган).*

## КР ЖАК 79-БЕРЕНЕСИНИН ТАЛАПТАРЫНЫН САКТАБООЛОР ЖӨНҮНДӨ

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 79-беренесине ылайык, түзөтүү мекемелеринде эркиндигинен ажыратылуу менен биринчи жолу соттолгон жарандар эркиндигинен ажыратылуу менен мурдатадан жаза мөөнөтүн өтөп жаткан жарандардан бөлөк кармалышы керек. Ошондой эле террористтик мүнөздөгү жана экстремисттик багыттагы кылмыштары үчүн соттолгондор башка соттолуучулардан бөлөк, обочо кармалышы керек.

Бирок, жогоруда айтылган мыйзамдын талаптары болгондугуна карабастан, азыркы учурда Степное айылында жайгашкан КРӨ караштуу ЖАМК №2 мекемесинде эркиндигинен ажыратылуу менен биринчи жолу соттолуп жаткан аялдар, мурда соттолгон аялдар менен чогуу жатышат.

Ошондой эле террористтик мүнөздө жана экстремисттик багыттагы кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгон аялдар башка бардык соттолгондор менен чогуу жатышат (алардын арасында биринчи соттолгондору дагы, мурда дагы соттолгондору бар).

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин жогорудагы беренесинин талаптарын бузууларга жол берилүүдө.

КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК жообунда жана ага тиркелген 20.07.2012-жылдагы № 436 ЖАМК буйругу менен бекитилген, ЖАМК №2 ТК бекитүү жөнүндө Жобонун көчүрмөсүндө №2 мекеме соттолгон аялдар үчүн түзөтүү колониясында эркиндигинен ажыратылуу менен жаза мөөнөтүн өтөө үчүн багытталган делет, ал эми төмөнкү негиздер боюнча соттолгон аялдарды кармоо тартибинин түрү көрсөтүлгөн эмес:

- Кыргыз Республикасында соттолгон аялдар үчүн жалгыз түзөтүү колониясы бар;
- соттолгон аялдарды өзүнчө кармоо үчүн №2 мекемесинде жаңы имаратты же обочо кармоо участкаларын куруу зарыл, бул чоң акча каражатын талап кылат.

Буга байланыштуу, бюджеттик каражаттарды үнөмдөө жана ашыкча чыгымдарды коротуудан оолак болуу максатында, КР Акыйкатчысы №2 мекеменин аймагына обочолоп кармоочу үч участкасын курууну сунуш кылат (түзөтүү мекемесинин ичине): алардын бирине эркиндигинен ажыратылып биринчи жолу соттолгон аялдар кармалат, экинчисине – эркиндигинен ажыратылуу менен мурдатадан жаза мөөнөтүн өтөп жаткан соттолгондор жана үчүнчүсүнө – террористтик мүнөздө жана экстремисттик багыттагы кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгондор.

Соттолгондорду мындай өзүнчө кармоо ар кандай категорияда соттолгондордун бири-бирине тескери таасир этүүсүн алдын алуу зарылчылыгы, ошондой эле эркиндигинен ажыратылуу менен жаза мөөнөтүн аткаруунун көбүрөөк натыйжалуулугун жана алардын жогорураак деңгээлде оңолуусун камсыз кылуу менен байланыштуу. .

Жогоруда айтылгандардын негизинде, Акыйкатчы тарабынан КР Өкмөтүнө жана Башкы прокуратурасына 2019-жылдын 16-декабрында жогоруда белгиленген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын (КР ЖАК 79-беренеси) бузулушун тез арада четтетүү зарылчылыгы жөнүндө сунуш киргизилген. Мындан соң, Мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча прокуратура тарабынан жооп келди, анда Акыйкатчынын жогоруда белгиленген сунушун кароонун жыйынтыгы боюнча (анын ичинде жогоруда белгиленген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын (КР ЖАК 79-беренеси) бузулушун тез арада четтетүү зарылчылыгы жөнүндө сунуш) КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын дарегине жогоруда келтирилген мыйзам бузууларды жокко чыгаруу боюнча чараларды кабыл алуунун зарылчылыгы тууралуу Прокуратуранын сунушу берилген[1].

Андан тышкары, КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынан Акыйкатчынын жогорудагы сунушуна жооп келди[2], анда 2019-жылы соттук-укуктук реформалардын алкагында акча каражаттарын алдын ала бөлүштүрүүнүн планы, анын ичинде 2020-2023-жылдарга ЖАМК мекемелеринде соттолгондорду (аялдарды) катаал, кадимки жана жеңилдетилген камакта кармоо үчүн локалдык участкаларды бөлүү жана түзүү боюнча план иштелип чыккандыгы жана бекитилгендиги маалымдалган.

Көрсөтүлгөн планда 2021-жылга карата ЖАМК №2 мекемесинде бир катар иш-чаралар каралган, анын ичинде катаал шартта кармоо үчүн 100 орундук тосмо жана корпустун курулушу, кадимки жана жеңилдетилген шартта кармоо үчүн жатаканалардын капиталдык оңдоп-түзөө иштери бар;

- Кармоо үчүн локалдык участкаларды бөлүү жана түзүү менен штаттык сандын талаптары аныкталган (офицердик курам – 6 бирдик, кичи жетекчилик курам – 45 бирдик).

Буга байланыштуу, КР Өкмөтүнүн дарегине экинчи жолу КР ЖАК 79-беренесинин талаптарынын аткарылышын камсыз кылуу боюнча алдыдагы чараларды кабыл алуу сунушу менен кайрылабыз:

- ЖАМК №2 мекеменин аймагына үч обочо кармоо участкасын куруу (түзөтүү мекемесинин ичине): алардын бирине эркиндигинен ажыратылып биринчи жолу соттолгон аялдар кармалат, экинчисине – эркиндигинен ажыратылуу менен мурдатадан жаза мөөнөтүн өтөп жаткан соттолуучулар, жана үчүнчүсүнө – террористтик мүнөздө жана экстремисттик багыттагы кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгондор.
- жогоруда белгиленген маселе чечилген учурда ЖАМК №2 колониянын кызматкерлеринин штаттык санын 51 бирдикке жогорулатуу зарылчылыгы менен байланышкан кошумча керектөөлөрдү камсыз кылууну карап чыгуу (офицердик курам – 6 бирдик, кичи жетекчилик курам – 45 бирдик).

1 Чыг. № 06-06/34-20, 14.01.2020-ж.

2 Чыг. № 100/03-55, 11.01. 2020-ж.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН (АНЫН ИЧИНДЕ СОТТУК ОРГАН ДАГЫ БАР) ЖАРАНДАРДЫН МҮЛКТҮК УКУКТАРЫНЫН БУЗУЛУШУНА АЛЫП КЕЛГЕН МЫЙЗАМ ТАЛАПТАРЫНЫН БУЗУЛУШУ ЖӨНҮНДӨ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына Кыргызстандын жараны В. Д-в мүлккө болгон укугунан адилетсиз жана мыйзамсыз ажыраганы боюнча кайрылган.

Атап айтканда, "Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жана мамлекеттен ажыратуу" КР Мыйзамына ылайык, КР Өкмөтүнүн 1994-жылдын 24-ноябрындагы №835 токтомунун, ошондой эле КР Өкмөтүнүн 1995-жылдан 20-мартындагы № 90 токтомунун негизинде, Кыргыз тоо-кен металлургиялык комбинаты "Кыргыз химия-металлургиялык заводу" мамлекеттик акционердик коому болуп өзгөртүлүп, Кыргыз Республикасынын 1995-жылдын 30-июнунан тартып Кыргыз Республикасынын мүлк фондунун №17/1-199 токтому менен жүзөгө ашырылган.

"Кыргыз тоо-кен металлургиялык комбинатынын каржылык-экономикалык ишинин кайра жаңылануу жана жакшыртуу иштери тууралуу" КР Өкмөтүнүн 1995-жылдын 20-мартындагы № 90 токтомуна ылайык, 1995-жыл жана андан кийинки жылдарга комбинаттын каржылык-экономикалык ишин жакшыртуу жана иштин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк фондуна жана Чүй облустук мамлекеттик администрациясына 1995-жылдын 1-апрелине чейин комбинаттын балансындагы социалдык инфратүзүмдөрдү №1 тиркемеге ылайык, Кемин райондук мамлекеттик администрациясына өткөрүп берүү тапшырмасы берилген. Аталган тиркеменин тизмегинде курулуп бүтө элек обьекттер болгон (мындан ары - КБО). Актыга ылайык, Кыргыз тоо-кен металлургиялык комбинатынын курулуп бүтө элек обьекттерин каттоо жана наркын баалоо тизмесинде чочкокана да бар болгон.

Ошондой эле, "Кыргыз тоо-кен металлургиялык комбинатынын социалдык тармактагы обьекттерин өткөрүп берүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 12-июлундагы № 278 токтомуна ылайык, Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын карамагындагы комбинаттын балансындагы анын бардык социалдык инфратүзүмдөрү Кыргыз тоо-кен металлургия комбинатына өткөрүлүп берилген.

Андан соң "Иштетилбеген жана пайдаланылбаган аянттарды, жайларды жана башка негизги фонддорду, ошондой эле банкрот болуу процессинде ээсиз калган мүлктү чакан жана орто ишкердиктин субъекттерине өткөрүп берүү программасы" (мындан ары - Өкмөттүк программа) КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 21-январындагы № 46 токтому менен бекитилген жана КР Мамлекеттик мүлк фондунун 2000-жылдын 10-октябрындагы № 184-б буйругу менен чочкокана обьекти (КБО) 2000-жылдын 4-кварталында пайдаланылбаган аянттардын жана имараттардын жаңыртылган тизмесине киргизилген.

Өкмөттүн аталган Программасын ишке ашыруунун алкагында, 2001-жылдын 21-январында иштетилбеген жана пайдаланылбаган аянттарды, жай-

ларды жана башка негизги фонддорду, ошондой эле керектелбеген мүлктөрдү (токтом түрүндө) көрсөтүлгөн бизнес-долбоордун негизинде «Алга» чакан-фермасына кайтарымсыз негизде пайдаланууга берүү тууралуу Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын комиссиясынын чечими менен «КХМЗ» ААК тиешелүү курулушу бүтпөгөн объекти – кошумча курулуштары бар, 600 баш чочко бата турган чочкокана үч жылдык мөөнөткө берилген. Ал эми бизнес-долбоорду ийгиликтүү аткарган шартта, жогоруда айтылган 2001-жылдын 21-январындагы Комиссиянын чечиминин экинчи бөлүгүндө айтылган мүлкү (чочко багуучу комплексти ж.б.) «Алга» чакан фермасынын менчигине кайтарымсыз негизде берүү каралган.

Иштетилбеген жана пайдаланылбаган, 600 башка ылайыкталган чочкокананын курулушу бүтпөй турган объектинин негизги каражаттарынын тизмеси кошо тиркелип, «КХМЗ» ААК мүлкүн кабыл алуу-берүү актысы (КР Маммүлк комитетинин 2001-жылдын 27-июлундагы № 46 макулдашуу актысы) менен «Алга» чакан фермасына берилген.

Бул ферма бизнес-долбоорду ийгиликтүү ишке ашырып келген (бул 2004-жылдын 2-июлундагы №160 Бизнес-планды жана келишимди аткаруу актысында тастыкталган), 3 жылдын өтүшү менен Кемин райондук комиссиясы (иштетилбеген жана пайдаланылбаган аянттарды, имараттарды жана башка негизги фонддорду, ошондой эле керектелбеген мүлктөрдү банкрот болуу учурунда чакан жана орто ишкерликтин субъекттерине берүү боюнча)[1] 2004-жылдын 2-июлундагы 600 башка эсептелген, курулушу аягына чыкпаган чочкокананы «Алга» чакан фермасынын менчигине берүү жөнүндө чечим чыгарган.

Андан кийин Кемин районунун акими И.Мурзалиев аталган Кемин райондук комиссиясынын чечимин КР Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик комитетинин төрагасы Р.Б. Жээнбековго жиберген, анда Кемин райондук мамлекеттик администрациясы бул чечимди колдой тургандыгын жана жогоруда айтылган мүлктү «Алга» чакан фермасына кайтарымсыз негизде берүү мүмкүн деп эсептээрин билдирген.

КР Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик комитетинин төрагасынын орун басары А.Макаровдун жообунда «КХМЗ» ААК айтылган мүлктүн «Алга» чакан фермасына берилиши тууралуу маселени Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын комиссиясы чече тургандыгы айтылган.

Ошондой эле, иштин материалы бар жана Кыргыз Республикасынын Экономикалык өнүгүү, өнөр жай жана соода министринин орун басары Б.Жумабековдун жообунда жогоруда айтылган чочкокана «КХМЗ» АКнын уставдык капиталына киргизилбегендиги жана аталган министрлик 2004-жылдын 2-июлундагы Кемин райадминистрациясынын комиссиясынын «КХМЗ» АТАКнын жогоруда айтылган мүлкүн «Алга» чакан фермасынын пайдала-

1 Кемин районунун комиссиясы (Иштетилбеген жана пайдаланылбаган аянттарды, жайларды жана башка негизги фонддорду, ошондой эле банкрот болуу процессинде ээсиз калган мүлктү чакан жана орто ишкердиктин субъекттерине өткөрүп берүү боюнча) Кемин районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы – акими И. Мурзалиевдин тескемеси менен түзүлгөн №85; 30.06.2014-ж. Кемин ш.

нуусуна кайтарымсыз негизде менчиктеп берүү тууралуу чечимин колдоо максаттуу деп эсептеле тургандыгы белгиленген.

Мунун натыйжасында, 2005-жылдын 19-январында Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы И.А.Мурзалиев «600 башка ылайыкталган чочкокананын пайдаланылбаган жана курулушу бүтө элек мүлкүн кайтарымсыз негизде берүү жөнүндө» №7 токтомун чыгарган жана тиешелүү келишим түзүлүп, Кемин мамлекеттик каттоо кызматында №4362 номери менен 2005-жылдын 3-февралында катталган. Жогорудагы документтерге ылайык, курулушу бүтпөгөн чочкокана «Алга» чакан фермасынын менчигине берилген.

1. Бирок, «КХМЗ» ААКнын жетекчилиги (директору Б.Мамырканов) жогорудагы токтомго макул болбостон, Чүй райондор аралык сотуна мыйзамсыз ээлик кылып алган тараптардан чочкокананы кайтарып берүүнү талап кылып, арыз менен кайрылган.

2005-жылдын 25-февралындагы Чүй райондор аралык сотунун чечими менен «КХМЗ» ААКнын доо арызы канааттандырылуусуз калган.

2005-жылдын 21-июнундагы Чүй облустук сотунун Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын аныктамасы менен Чүй райондор аралык сотунун 2005-жылдын 25-февралындагы чечими өзгөртүүсүз калтырылган жана «КХМЗ» ААК апелляциялык арызы канааттандыруусуз калтырылган.

Аталган аныктама боюнча КР Жогорку сотуна көзөмөлдүк даттануу берилген.

27.10.2005-жылдагы КР Жогорку сотунун Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын токтому менен 25.02.2005-жылдагы Чүй райондор аралык сотунун чечими жана 21.06.2005-жылдагы Чүй облустук сотунун Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын аныктамасы жокко чыгарылган жана иш кайрадан кароого Чүй райондор аралык сотуна жиберилген.

24.02.2006-жылдагы Чүй райондор аралык сотунун чечими менен «КХМЗ» ААК доо арызы толугу менен канааттандырылган.

Андан тышкары, «КХМЗ» ААК жетекчилиги Чүй райондор аралык сотуна 2005-жылдын 19-январындагы Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын «600 башка ылайыкталган чочкокананын пайдаланылбаган жана курулушу бүтө элек мүлкүн «Алга» чакан фермасына кайтарымсыз негизде берүү жөнүндө» №7 токтомун жана жокко чыгаруу тууралуу Кемин мамлекеттик каттоо кызматында №4362 номери менен 2005-жылдын 3-февралында катталган ашыкча мүлктү кайтарымсыз негизде берүү жөнүндө келишимди жокко чыгаруу тууралуу «Алга» чакан фермасына, Кемин РМА, Кемин РКК карата арыз менен кайрылган.

2005-жылдын 7-июнундагы Чүй райондор аралык сотунун чечими менен, «КХМЗ» ААК доо арызы канааттандырылган эмес.

Бул чечим боюнча «КХМЗ» ААК Чүй облустук сотуна апеляциялык түрдө арыз менен кайрылган.

2005-жылдын 10-августундагы Чүй облустук сотунун Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын аныктамасы менен 2005-жылдагы Чүй райондор аралык сотунун чечими жокко чыгарылган жана жаңы чечим кабыл алынган, 2005-жылдын 19-январындагы Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын «600 башка ылайыкталган чочкокананын пайдаланылбаган жана курулушу бүтө элек мүлкүн «Алга» чакан фермасына кайтарымсыз негизде берүү жөнүндө» №7 токтомун жана жокко чыгаруу тууралуу Кемин мамлекеттик каттоо кызматында №4362 номери менен 2005-жылдын 3-февралында катталган ашыкча мүлктү кайтарымсыз негизде берүү жөнүндө келишимди жокко чыгаруу тууралуу «Алга» чакан фермасына, Кемин РМА, Кемин РКК карата берилген «КХМЗ» ААК доо арызы канааттандырылган.

Бул аныктама «Алга» чакан фермасынын жетекчиси В.Д-в тарабынан КР Жогорку сотуна көзөмөлдүк арыз менен даттанылган.

2006-жылдын 17-январындагы КР Жогорку сотунун Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын токтому менен Чүй облустук сотунун Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2005-жылдын 10-августундагы аныктамасы күчүндө калтырылган жана көзөмөлдүк арыз канааттандыруусуз калтырылган.

Ошентип, көрсөтүлгөн соттук актылардын негизинде «Алга» чакан фермасы объектке ээ болуу укугунан ажыраган, мында соттор төмөндөгү кырдаалдарга таянышкан:

1) «Алга» чакан фермасына документтер 2005-жылдын 19-январында КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 31-январындагы №46 токтому менен бекитилген өкмөттүк программанын алкагында берилген. Бирок, өкмөттүн аталган токтому КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январындагы №15 токтомунун негизинде жокко чыгарылган, соттор бул жокко чыгарууга В.Д-в жетектеген «Алга» чакан фермасына берилген чочкоканага тиешелүү жеке менчик укугу тууралуу документтер дагы кирерин эске алышкан.

Бирок соттордун бул позициясы ката болуп саналат, бул кырдаалда айтылып жаткан мүлктүк укуктук мамилелер 2001-жылдын 21-январынан эле башталган, ошол учурда өкмөттүк программанын алкагында, Кемин райондук мамлекеттик комиссиясы (токтом түрүндө жазылган) «Алга» чакан фермасынын менчигине айтылып жаткан мүлктү (чочко бага турган комплекс ж.б.) кайтарымсыз негизде берүүнү караган чечим чыгарган.

Башкача айтканда, 2001-жылдын 21-январынан баштап, КР Жарандык кодексинин 297-беренесинин жоболоруна ылайык, КР Өкмөтүнүн 200-жылдын 31-январындагы №46 токтому менен бекитилген өкмөттүк програманы ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин үчүнчү бөлүмүндө (милдеттендирилген укуктар) каралган жана жөнгө салынган тараптардын документтештирилген түрдө бекитилген укукта-

ры жана милдеттери (мүлктү пайдалануу жана андан ары менчикке берүү боюнча) келип чыккан.

Мындай учурларда КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 31-январындагы №46 токтомун кийин жараксыз деп табуу документтерди жокко чыгарууга алып келбейт, анткени, 2001-жылдын 21-январынан тартып бул укуктук мамилелер («Алга» чакан фермасынын менчигине чочкокананы кайтарымсыз негизде берүүгө) Жарандык кодекстин талаптарына ылайык сөзсүз жөнгө салынышы керек эле. Анткени ченемдик укуктук актылардын иерархиясы боюнча[1], КР Жарандык кодексине салыштырмалуу Өкмөттүн токтому төмөнкү баскычтагы юридикалык күчкө ээ жана ченемдик укуктук актылардын ортосунда карама-каршылык болгон кезде укуктук мамилелердин субъекттери көбүрөөк юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыларды жетекчиликке алуусу тийиш.

Ал эми, КР Жарандык кодексинин талаптарына ылайык, ушул эле Кодекстин 297-беренесине ылайык келип чыккан укуктук мамилелер ара жолдо токтоп калбашы жана өзүнүн логикалуу жыйынтыгына чейин келиши керек. Башкача айтканда, жогоруда аталган Өкмөттүк программанын алкагында келип чыккан укуктук мамилелер чочкокананы «Алга» чакан фермасынын менчигине берүү боюнча тараптардын милдеттерин карап жатканы менен, анда (2001-жылдын 21-январындагы Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын комиссиясынын чечимин аткаруунун алкагында) аталган милдеттер толугу менен аткарылышы жана кийин кабыл алынган өкмөттүк актылардын бири да (анын ичинде Өкмөттүн 2005-жылдын 12-январындагы №15 токтому) жогоруда саналган милдеттерди аткарууга тоскоолдук кылбашы керек болчу, анткени аларды ишке ашыруу КР Өкмөтүнүн токтомуна салыштырмалуу көбүрөөк юридикалык күчкө ээ болгон КР Жарандык кодекси менен жөнгө салынат.

Буга байланыштуу, биздин көз карашыбызда, соттор (анын ичинде КР Жогорку соту) жогорудагы укуктук мамилелерге туура эмес укуктук баа беришкен.

Ошентип, соттор тарабынан (анын ичинен КР Жогорку соту) 2005-жылдын 12-январындагы КР Өкмөтүнүн №15 токтомунда жазылган ченемдерди туура эмес колдонуудагы айтылган мыйзамдардын талаптарынын одоно түрдө бузулушуна жол берилген, анда мындай учурларда так артыкчылыкка жана көбүрөөк юридикалык күчкө ээ Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде каралган ченемдерге алмаштырылышы керек эле.

2) Чүй облустук сотунун Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2005-жылдын 10-августундагы аныктамасынын баяндоо-жүйөлөө бөлүгүндө сот төмөнкүлөрдү белгилейт:

а) «жеке ишкер В..Д-де «Алга» чакан фермасынын юридикалык статусун тастыктаган уюштуруучулук документтер жок. Демек, мындай юридикалык жак жок жана ошондуктан пайдаланылбаган мүлктү – 600 башка ылайыкталган курулушу бүтпөгөн чочкокананы, анын ичине кирген мүлктүн

1 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылар жөнүндө» КР Мыйзамы. «Эркинтоо» гезитине 7-август 2009-жылы жарыяланган, №68-69.

саны 13, кайтарымсыз негизде берүү тууралуу 2005-жылдын 19-январындагы талаштуу келишимде кыймылсыз мүлктүн ээси катары юридикалык статусу жок жак көрсөтүлгөн»;

«Алга» чакан фермасы расмий чарбалык субъект катары юридикалык статуска ээ болбогондугу жөнүндө соттун бул бүтүмү жараксыз деп эсептелет, анткени КР Улуттук статистикалык комитети (Кемин райондук статистика комитетинен) КР Өкмөтүнүн 1994-жылдын 16-майындагы №332 токтому менен бекитилген үлгү боюнча Жеке ишкерди мамлекеттик каттоо жөнүндө сериясы «ЧГР», каттоо номери 42714 күбөлүк берилген. Аталган күбөлүк 1995-жылдын 23-июнунда «Алга» чакан фермасын түзгөн юридикалык жак катары өзүнүн ишин жүргүзгөн жеке ишкер катары В.Д-в наамына жазылган (берилген).

Ошондой эле, аталган күбөлүк Кемин райондук мамлекеттик салык кызматында 1998-жылдын 5-июнунда 10-номер менен катталган. Ошону менен катар эле 1999-жылдын 28-апрелиндеги №227101 салык төлөөчүнүн каттоо карточкасы бар.

б) Өкмөттүн «1995-жылдын 20-мартындагы №90 токтомунун №1 тиркемесинде талаштуу чочкокананын бүтө элек курулушу көрсөтүлгөн эмес, андыктан талаштуу чочкокана социалдык инфратүзүмдүн объекти болуп саналбайт».

Соттун бул бүтүмү чындыкка дал келбейт, анткени КР Өкмөтүнүн 1995-жылдын 20-мартындагы №90 токтомунун №90 тиркемесиндеги Кемин районунун балансына берилүүгө тийиш болгон объекттердин тизмесинде «Курулушу бүтө элек» деген аталыштагы объект бар. Муну менен катар эле, КР Мамлекеттик мүлктөрдү башкаруу боюнча мамлекеттик комитетине караштуу Мамлекеттик мүлк фондунун 2005-жылдын 24-майындагы чыг. №09/06-266 жообуна жана 2010-жылдын 3-ноябрындагы чыг. 09/3-4150 КР Мамлекеттик мүлк министрлигинин жообуна ылайык, жогоруда аталган КР Өкмөтүнүн 1995-жылдын 20-мартындагы №90 токтомунун №1 тиркемесинде курулушу бүтпөгөн объект бар экендиги маалымдалат. Кыргыз тоо-металлургиялык комбинатынын бүтө элек курулушту инвентаризациялоого жана нарктык баасынын актысына ылайык, тизмеге чочкокана кошулган. Ошону менен катар эле, бул каттарда аталган чочкокана социалдык инфратүзүмдөрдүн объекттерине киргизилгендиги тастыкталат.

3) Сот «талаштуу чочкокананын курулуп бүтпөй калган объекти КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 31-январындагы №46 токтомунун №4 тиркемесинде көрсөтүлгөн эместигин» белгилейт. Демек, раймам администрациянын «КХМЗ» ААК мүлкүн тескөөгө укугу жок болгон.».

Мындай соттун бүтүмү жаңылыш болуп саналат, анткени чочкокананы «КХМЗ» ААК «Алга» чакан фермасына берүүнүн жол жобосу КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 31-январындагы №46 токтомунда көрсөтүлгөн Программага болгон №4 тиркемедеги объекттердин тизмесинде чочкокана көрсөтүлүшү керек болгон үчүн эле КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 31-январындагы №46 токтомунда негизденген эмес, а бул Программа мааниси боюнча муниципалдык менчикти башкаруу институтунун түптөлүү процессиндеги жергилик-

түү өз алдынча башкаруу органдары үчүн методикалык окуу куралы болуп саналат жана аталган Программаны ишке ашыруунун алкагында КР Мамлекеттик мүлк фондунун 2000-жылдын 10-октябрындагы №184-р тескемеси менен «чочкокана» объекти (КБО) 2000-жылдын 4-кварталындагы пайдаланылбаган аянттардын жана имараттардын жаңыртылган тизмесине кирген.

4) Соттун билдирүүсүндө Кемин райондук мамадминистрациясы өзүнүн менчигине талаштуу мүлктү алган эмес, аны ээликке же тескөөгө кабыл албаган жана ошондуктан аталган талаштуу мүлктү «Алга» чакан фермасына кайтарымсыз негизде берүү болгон эмес.

Мындай учурда «КХМЗ» ААКнан Кемин райондук мамадминистрациясынын пайдасына чочкокананы алуу-берүү актысы боюнча формалдуулук сакталбаса да жана тиешелүү документтер түзүлбөсө да тараптар алгачкы абалга келүүлөрү, башкача айтканда КР Өкмөтүнүн 1995-жылдын 20-мартындагы №90 жана 1995-жылдын 12-июлундагы №278 эки токтомунун талаптарын аткарышы керектигин (жокко чыгарылбаган жана азыркы күнгө чейин жарактуу), ага ылайык «КХМЗ» ААК чочкокананы токтоосуз түрдө Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын пайдасына берүүгө милдеттүү болгондугун белгилей кетүү керек.

Бирок бул жасалган эмес жана «КХМЗ» ААК жетекчилиги КР Өкмөтүнүн 1995-жылдын 20-мартындагы №90 жана 1995-жылдын 12-июлундагы №278 токтомдорунун талаптарына каршы болуу менен кийин Кемин районунун мурдагы акими И.Мурзалиевдин пайдасына чочкокананы ээлик кылууга өткөрүп берген.

5) Соттук актыларда чочкокананын бүтпөгөн курулушу уставдык капиталдын бир бөлүгү болуп саналары көрсөтүлөт.

Соттун бул бүтүмү чындыкка дал келбейт. Атап айтканда, КР Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик комитетине караштуу Мамлекеттик мүлк фондунун директору А. Иманалиевдин каттарында (2005-жылдын 22-сентябрындагы чыг. №09/06-442, ошондой эле 24.05.2005-жылдын 24-майындагы чыг. 09/06-266;) «КХМЗ» ААК уставдык капиталына чочкокана бүтпөгөн курулушу менен кирбегендиги маалымдалат. Бул факт КР Экономикалык өнүгүү, өнөр жай жана соода министринин орун басары Б. Жумабековдун катында дагы тастыкталып, жогоруда аталган чочкокана «КХМЗ» ААК уставдык капиталына кирбегендиги белгиленет.

Ошентип, КР Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик комитетине караштуу Мамлекеттик мүлк фонду жана КР Экономикалык өнүгүү, өнөр жай жана соода министрлиги тарабынан жогоруда аталган чочкокана «КХМЗ» ААК уставдык капиталына кирбегендиги тууралуу факт тастыкталат.

Жогоруда айтылган кырдаалдарды жалпылоо менен мындай жыйынтыкка келсе болот, жогоруда аталган учурда мүлктүк обьектини - чочкокананы рейдерлик тартып алуу болгон (анын мыйзамдуу ээси – В.Д-в жетекчилик кылган «Алга» чакан фермасы), бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын (анын ичинде Конституциянын) талаптарын одоно түрдө бузуу менен

чыгарылган акыйкатсыз соттук актыларды (анын ичинде КР Жогорку сотунун) кабыл алуу менен коштолгон.

Бул кырдаал ошондой эле КР Президентинин сунушу менен соттордун укук коргоо тажрыйбасындагы конституциялык багыттарга текшерүү жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарды КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасына бөлүштүрүүнү караган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын (анын ичинде Конституциянын) тиешелүү ченемдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү менен сот системасын реформалоонун зарылдыгын көрсөтөт.

Аталган мыйзамдык сунуштамалар тууралуу толугураак түрдө ушул баяндаманын ушул эле бөлүмүндө «Кыргыз Республикасынын сот органдары тарабынан жол берилген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузуулар жөнүндө» деген темадагы кейсте баяндалат.

2. Ошондой эле, КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январындагы №15 токтомунун легитимдүүлүгү тууралуу суроо келип чыгат. Атап айтканда, КР Өкмөтүнүн бул токтому массалык маалымат каражаттарында, анын ичинде гезит булактарында жарыяланбагандыгы белгилүү болду. КР Конституциясынын 41-беренесинин тиешелүү талаптарына (ошол учурда жарактуу болгон) ылайык, адамдын жана жарандын эркиндиктерине, укуктарына жана милдеттерине тиешелүү ченемдик укуктук актыларды (анын ичинде Өкмөттүн токтомдорун) жарыялоо аны колдонуудагы милдеттүү шарт болуп саналат.

Мындай форма учурда иштеп жаткан Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы Конституциясынын жоболорунда (6-berененин 4-бөлүгү) да камтылгандыгын белгилей кетүү керек.

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын (1996-жылдагы) 39-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому Кыргыз Республикасынын ачык расмий басылмаларында жана мамлекеттик Интернет-порталында жарыяланууга (мамлекеттик жана башка мыйзам менен корголгон жашыруун маалыматтарды камтыган актылардан башкалары) жатат.

Ошону менен катар эле, ушул эле берененин 2-бөлүгүнө ылайык, адамдын жана жарандын укуктары, эркиндиктери жана милдеттерине тиешелүү болгон КР Өкмөтүнүн токтомдору, эгерде алар расмий түрдө коомчулукка жарыяланбаса, колдонулбайт.

Мындай ченем азыркы колдонуудагы «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамында камтылган.

Ошентип, жогоруда айтылган конституциялык талаптар (ЧУА юридикалык күчкө кирүүсүн камсыз кылуу үчүн аны жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо милдеттери тууралуу) азыркы күнгө чейин аракетте. Ал эми КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январындагы №15 токтому сөзсүз түрдө адамдын укуктарына жана эркиндиктерине таасир эткен, бирок ошол эле учурда азыркыга чейин жарыяланбаган, же ал терс кесепеттердин келип чыгышына алып келген кандайдыр бир укуктук мамилелерди колдонууга же түзүүгө тийиш эмес.

2) Андан тышкары, КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январындагы №15 токтому кабыл алынганга чейин эле аны иштеп чыгуу жана аны Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча министрлик жана Каржы министрлиги менен макулдашуу боюнча иштер жүрүп жатканда, КР Өкмөтүнүн токтомунун тиешелүү долбооруна макулдук берүүдөн баш тартылган.

Атап айтканда, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча министрлигинин Маммүлктү башкаруу жана түз инвестицияларды тартуу боюнча КР Мамлекеттик комитетине (КР Өкмөтүнүн токтомунун долбоорунун демилгечиси катары) жолдонгон катында (2004-жылдын 11-августундагы) *«Өкмөттүн токтомунун долбоорунун айрым пункттары бүгүнкү күндүн талаптарына чындыгында жооп бербейт жана менчиктештирүү маселелери боюнча колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршы келген пункттары бар, төмөнкүлөр зарыл деп эсептейбиз:*

- *Талдоо жүргүзүү жана КР Өкмөтүнө тиешелүү сунуштамаларды даярдоо үчүн кызыкдар болгон министрликтерди, ведомстволорду жана коомдук бирикмелердин өкүлдөрүн тартуу менен курулушу бүтпөгөн объекттерди инвентаризациялоо боюнча атайын жумушчу тобу түзүлсүн» деп маалымдалган.*

Бирок бул пикир эске алынган эмес жана талдоо жүргүзүү жана КР Өкмөтүнө тиешелүү сунуштамаларды даярдоо үчүн кызыкдар болгон министрликтерди, ведомстволорду жана коомдук бирикмелердин өкүлдөрүн тартуу менен курулушу бүтпөгөн объекттерди инвентаризациялоо боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлгөн эмес.

Буга окшогон кырдаалдар курулушу бүтпөгөн айрым объекттердин (анын ичинде «Алга» чакан фермасынын менчигине бериле турган 600 башка эсептелген чочкокананын (КБО) мурда жетишилген жана документ түрүндө бекемделген келишимдердин бар экендигине карабастан, «асылган» абалда калышына алып келген.

Жогоруда келтирилген кырдаалдардын негизинде мындай жыйынтыкка келүүгө болот, КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январындагы №15 токтомунун кабыл алынышы менен мааниси жагынан муниципалдык менчикти башкаруу институтунун түптөлүү процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн методикалык окуу куралы болуп саналган, КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 31-январындагы №46 токтому менен бекитилген, иштетилбеген жана пайдаланылбаган аянттарды, жайларды жана башка негизги фонддорду, ошондой эле керектелбеген мүлктөрдү чакан жана орто ишканалардын субьекттерине берүү программасы тиешелүү түрдө кандай ишке ашып жаткандыгы тууралуу маселе иликтенген эмес.

Ошентип, КР Өкмөтүнүн токтомунун жогоруда аталган долбоорун макулдашуу учурунда кызыктар болгон мамлекеттик органдар менен (алардын ишинин чөйрөсүнө тиешелүү маселелер боюнча) олуттуу жана маанилүү пикирлер келип чыккан, тилекке каршы, алар жөнгө салынбаган бойдон калган жана КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын

12-январындагы «чийки» жана «шашылыш» кабыл алынган №15 токтомунун ишке киришине алып келген, аны менен катар эле, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган эмес, ал эми өкмөттүн аталган токтому сөзсүз түрдө адамдын мүлктүк укуктарына таасир этет, андай болсо, Кыргыз Республикасынын жогоруда белгиленген мыйзамдарынын (анын ичинде Конституциянын) талаптарына ылайык, бул укук коргоо практикасында колдонулбашы керек эле.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө төмөнкү сунуштамалар менен кайрылабыз: **КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январында кабыл алынган №15 токтомун жокко чыгаруу керек, анткени ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын (анын ичинде Конституциянын) талаптарына ылайык колдонуудга кирген эмес.**

## 1.6. КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) 2018-ЖЫЛ ҮЧҮН ЖЫЛДЫК БАЯНДАМАСЫНЫН СУНУШТАМАЛАРЫНЫН АТКАРЫЛЫШЫ ТУУРАЛУУ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын 2018-жыл үчүн Жылдык баяндамасын угуунун жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2019-жылдын 18-сентябрында №3244-VI токтом кабыл алган, анда Акыйкатчынын сунуштамаларынын басымдуу көпчүлүгү эске алынган. КР ЖК Токтомунун аткарылышы жөнүндө маалымат Акыйкатчынын 2019-жыл үчүн Жылдык баяндамасына карата тиешелүү тиркемесинде кеңири чагылдырылган.

Алып айтканда, Акыйкатчынын 2018-жыл үчүн Жылдык баяндамасында өлкөдө адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкү багыттар боюнча сунуштамалар камтылган:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча;
- социалдык, экономикалык жана маданий укуктар боюнча;
- балдар укуктары боюнча;
- жарандык жана саясий укуктар боюнча;
- аскер кызматкерлеринин жана ички иштер органдарынын кызматкерлеринин укуктары боюнча;
- эркиндигинен ажыратуу жайларында жаза мөөнөтүн өтөп жаткан адамдардын укуктары боюнча;
- адилеттүү соттук териштирүүгө укуктар боюнча;
- психиатриялык мекемелерде жаткан адамдардын укуктары боюнча.

Айрым сунуштамалар Акыйкатчынын буга чейинки жылдык баяндамала-

рында чагылдырылган сунуштамаларга үндөш, бул адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы көптөгөн көйгөйлөр тутумдук мүнөзгө ээ экени менен түшүндүрүлөт, ошондуктан ал сунуштамалар ушул күнгө чейин актуалдуу бойдон калууда. Ушуга байланыштуу Акыйкатчынын баяндамаларында такай көтөрүлөт. Алардын айрым бөлүгү ар түрдүү себептерден улам толук эмес аткарылат.

КР Акыйкатчысынын сунуштамаларынын аткарылышын талдоодо аткарылуунун: "аткарылды", "жарым-жартылай аткарылды", "аткарылган жок" деген даражалары көрсөтүлүү менен, органдардын аталыштары боюнча берилген.

Мындан тышкары, Акыйкатчы институту менен өз ара аракеттенген органдар өз алдыларынча иштериндеги кемчиликтерди четтетүү жана өз компетенцияларынын чектеринде адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча тиешелүү иштерди алып барышууда. Ушуга байланыштуу, КР Акыйкатчысынын баяндамасы өз ичине ар кыл мамлекеттик органдардын адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин маселелери боюнча тиешелүү сыпаттамаларды камтыйт.

Сунуштамалардын көпчүлүк бөлүгү тиешелүү мамлекеттик органдардын иштеринде чагылдырылганын жана алар аткарылганын белгилеп коюуга болот. Мында, КР Акыйкатчысынын пикири боюнча, айрым бир маселелердин чечилишине институционалдык эстутумдун жоктугу, жүргүзүлүп жаткан түзүмдүк өзгөрүүлөр, ошонун натыйжасы катары кызматкерлердин тез-тез орун которуулары тоскоолдук кылып жатканын дагы белгилеп коюу керек. Мындан тышкары, айрым сунуштамалардын аткарылбай жатканы бюджеттен бөлүнгөн финансылык каражаттардын жетишсиздиги, же болбосо алардын тийиштүү мамлекеттик органдарда жоктугу менен түздөн-түз байланышкан. Ушуга байланыштуу, чечилбеген маселелер тутумдук мүнөзгө ээ болууда, ошон үчүн сунуштамалар Акыйкатчынын бир канча баяндамаларында кайра-кайра көтөрүлүшү мүмкүн.

КР Жогорку Кеңешинин "2018-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Баяндамасы жөнүндө" Токтомунун 1-пунктунун 1-пунктчасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө *ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын ишинин алкагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренесине жана "Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайыктуулугуна инвентаризациялоо жүргүзүү тапшырылган.*

Бирок, тилекке каршы, КР Өкмөтү (анын атынан КР Юстиция министрлиги) **КР Жогорку Кеңешинин жогоруда көрсөтүлгөн тапшырмасына** формалдуу мамиле жасап, жогоруда белгиленген маселе боюнча КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) мыйзамдык мүнөздөгү сунуштарын кайра кайтарып берген. Ошол эле убакта, КР Вице-премьер-министри Ж. П. Разаковдун тапшырмасы (2019-ж. 25.06. №23-2833) боюнча соттук-укуктук реформалар-

дын алкактарында кабыл алынган ЧУА (КР Жазык кодекси, Жазык-процесстик кодекси, Жазык-аткаруу кодекси, Бузуулар жөнүндө кодекси, Жоруктар жөнүндө кодекси ж.б.) өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган бардык мыйзам долбоорлору КР Премьер-министринин 2019-жылдын 25-февралындагы №99 буйругу менен түзүлгөн, туруктуу негизде иштей турган жумушчу топтун отурумунда жактырылгандан кийин гана демилгеленүүгө тийиш экенин маалымдоо менен гана чектелген. .

Бул учурда, биздин көз карашыбызча, КР Жогорку Кеңешинин жогоруда аталган тапшырмасын аткаруунун алкактарында КР Өкмөтү мыйзамдарды талаптагыдай инвентаризациялоо жүргүзүп (анын ичинде Акыйкатчынын мыйзамдык сунуштары боюнча да), коллизиялык ченемдерди аныктап, аларды четтетүү боюнча мыйзам долбоорлорун иштеп чыгып, жогоруда аталган жумушчу топко жактырууга сунуштоосу керек эле, анткени жумушчу топ түздөн-түз КР Өкмөтүнө караштуу эмеспи. **Бирок, бул иштер жасалган эмес.**

Анын үстүнө, бир катар коллизиялык ченемдер соттук-укуктук реформалардын алкактарында кабыл алынган (КР Жазык кодекси, Жазык-процесстик кодекси, Жазык-аткаруу кодекси, Бузуулар жөнүндө кодекси, Жоруктар жөнүндө кодекси ж.б) ченемдик-укуктук актыларга тиешеси болгон эмес, башкача айтканда, алар боюнча иштелип чыгылган мыйзам долбоорлорун жогоруда аталган жумушчу топ менен макулдашуунун зарылдыгы жок эле, бирок алар да КР Өкмөтүнүн көңүлүнүн сыртында калган.

Мындан тышкары, өкүнүү менен белгилеп коючу факт, сот актыларында, анын ичинде актылары биротоло акыркы жана даттанылууга жатпаган Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун соттук актыларында адам укуктарын бузууларга жол коюлганын белгилеп коюуга туура келет.

Ушул жагдай, **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын** *мыйзамдын тиешелүү ченемдерине (мүмкүн, анын ичинде КР Конституциясына да) КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасына КР Президентинин сунушу боюнча соттордун укук колдонуу практикасынын конституциялуулугун текшерүүнү жүргүзүү боюнча тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча* ***мыйзамдык сунушту*** *иштеп чыгууну демилгелөөнү кароолоруна негиз болгон.*

Бул мыйзам чыгаруу демилгеси тууралуу маалыматтар “Көңүл буруу актылары” бөлүмүндө “Кыргыз Республикасынын сот бийлиги органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузууларга жол берүүлөрү жөнүндө” бөлүмүндө бир кыйла кеңири чагылдырылган.

# 2-БӨЛҮМ. СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР

## 2.1. ЖАРАНДАРДЫН ЭМГЕК УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

Ар ким эркин эмгектенүүгө, эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга, кесибин жана иштин түрүн тандоого, коопсуздуктун жана гигиенанын талаптарына жооп берген эмгектик коргоого жана эмгек шарттарына укуктуу, ошондой эле мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунан төмөн болбогон эмгек акы алуу укугуна ээ[1].

Ар бир адам эмгектенүүгө, жумушту тандоо эркиндигине, эмгектин адилеттүү жана жагымдуу шарттарына жана жумушсуздуктан корголуу; бирдей эмгек үчүн бирдей акы алууга укуктуу; ар бир иштеп жаткан адам ага жана анын үй-бүлөсүнө татыктуу жашоону камсыздоочу адилеттүү жана канааттандыраарлык акы алууга, коопсуздук жана гигиенанын талаптарына жооп берүүчү эмгек шарттарына, жумушунан эмгек стажы жана квалификациясына жараша улам жогорку тепкичке көтөрүлүүгө бирдей мүмкүнчүлүктөргө: дем алуу, эс алуу жана жумуш убактысын акыл-эске сыярлык деңгээлде чектөө, акы төлөнүүчү мезгилдүү эмгек өргүүсү жана майрам күндөрү иштегени үчүн тиешелүү өлчөмдө акы алуу укуктары. Өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн ар бир адам кесиптик кошуундарды түзүүгө жана кесиптик кошуундарга кирүүгө укуктуу.[2]

2019-жылы КР Акыйкатчысынын аппаратына келип түшкөн **81** жазуу жүзүндөгү кайрылууда жана **68** оозеки кайрылууда (консультацияларда) эмгек маселелери көтөрүлгөн, алардын ичинен Акыйкатчынын региондук өкүлчүлүктөрүнө: Ош шаары жана Ош облусу боюнча – **8**, Нарын облусу – **8**, Ысык-Көл – **9**, Жалал-Абад облусу – **9**, Баткен облусу – **2**, Талас облусу – **2**, Чүй облусу – **4**.

Арыз ээлери төмөнкү маселелерди көтөрүшкөн: эмгек келишимдерин түзбөө; бошотуунун мыйзамсыздыгы жөнүндө талаш-тартыштар; эмгек акыны өз убагында төлөбөө; негизделбеген тартиптик чарага тартуу; эмгек өргүүсүн өз убагында бербөө; коопсуздук эрежелерин сактабоо ж.б. Бул даттануулар мамлекеттик органдар жана уюмдар сыяктуу эле жеке сектордун компанияларына да тиешелүү.

Жогоруда саналып өткөн эмгек талаш-тартыштары жана эмгек укуктарын

1 КР Конституциясынын 42-беренесинин 3-бөлүгү.

2 БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1966-жылы 16-декабрдагы 2200А резолюциясы менен кабыл алынган Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 6, 7, 8-беренелери. Кыргыз Республикасы ага КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылы 12-январда №1406-XI Токтому менен кошулган. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactecon.shtml.

калыбына келтирүү үчүн келип түшкөн кайрылуулар эмгек укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы (мындан ары – ЭТКМИ), КР Мамлекеттик кадр кызматы (КР МКК) жана Кыргызстан профсоюздар федерациясы (КПФ) менен өз ара аракеттенүүдө каралат. Эмгек укуктарын бузуулар табылганда тиешелүү чараларды көрүү үчүн жогоруда көрсөтүлгөн органдарга КР Акыйкатчысынын аппаратынын тармактык бөлүмү тарабынан каттар жиберилет.

## ЭМГЕК АКЫНЫ ТӨЛӨБӨӨ ЖЕ ТӨЛӨӨНҮ КЕЧИКТИРҮҮ

Эмгек акы адамдын жыргалчылыгынын деңгээлин жана өзүн көрсөтө алуу мүмкүнчүлүгүн аныктайт, ошондой эле иш берүүчү жумушчуларга жасаган ишинин көлөмүнө, санына, сапатына өлчөмдөш жана эмгек келишиминин шарттарына ылайык төлөнүүчү татыктуу сый акы болуп саналат. Жеке сектордо жайылтылган формалдуу эмес жумуштуулук жалданган жумушчулардын эмгек акы алусуна чагылдырылат.

Алсак, 2019-жылы келип түшкөн эмгек маселелери боюнча **81** арыздын ичинен **15и** жеке сектордо же ишкердик иштин субъекттери тарабынан ишкердик эмгекке акы төлөөгө укуктардын бузулганына (эмгек укуктарын өз убагында төлөбөө) даттанышкан. Бул кайрылуулар боюнча жерине барып текшерип, арызда көрсөтүлгөн фактылар тастыкталса, КР эмгек мыйзамдарын бузууларды четтетүү боюнча тийиштүү чараларды көрүү өтүнүчү менен КРӨ караштуу МЭТКМИге кат жөнөтүлгөн.

Бирок көрсөтүлгөн арыздардын ичинен 5 арыз боюнча тийиштүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлгөн суроо-талаптарга мындай текшерүүлөрдү жүргүзүүгө мүмкүн эместиги жөнүндө жооптор келген. Алар негизинен **"Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салуу (мораторий) жөнүндө"**[1] КР Өкмөтүнүн токтомуна, анын колдонулушу 2019-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 1-январына чейин жайылтылаарына шилтеме жасашкан.

КРӨ караштуу Мамэкотехинспекциянын маалыматтары боюнча 2019-жылы эмгек инспекциясына ишкердик субъекттери тарабынан кызматкерлердин эмгектик укуктарын бузууларга **305 даттануу** келип түшкөн. Жеке жана юридикалык жактардын арыздарынын негизинде ишкердик субъекттерине 69 текшерүү жүргүзүлгөн. Бирок эмнегедир ал текшерүүлөрдүн баарысы КР Экономика министрлиги менен макулдашуудан кийин гана жүргүзүлгөн. Мында **Өкмөттүн жогоруда көрсөтүлгөн токтомунун негизинде КР Экономика Министрлиги тарабынан ишкердик субъекттерин текшерүүлөрдү жүргүзүүгө 175 жазма буйрук четке кагылган**[2]**.**

Ушул токтом, анын преамбуласында көрсөтүлгөндөй, бизнести өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, инвестициялык климатты жакшыртуу, ишкердик субъекттеринин экономикалык ишине колдоо көрсөтүү, аларды

1 2018-ж.17-декабрь №586 .

2 КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча инспекциясынын жообу (чыг. №12/148, 16.01.2020-ж.).

укуктук коргоону камсыз кылуу, ыйгарым укуктуу органдардын ишкердик субъекттеринин ишине негизсиз жана ашыкча кийлигишүүлөрүн жоюу максатында кабыл алынган.

Акыйкатчы аппараты белгиленген маселени иликтеп көрүп, коюлган чектөөлөр эмгектик укуктук мамилелерди ишке ашырууда жумуш берүүчүлөр тарабынан жарандардын (жумушчулардын) укуктарын коргоо боюнча конституциялык кепилдиктерди сактабоого жана укуктарын бузулушуна өбөлгө түзүшү мүмкүн.

КР мыйзамдарында (Эмгек кодексиндегидей сыяктуу эле ишкердиктин субъекттеринин ишин регламенттөөчү мыйзамдарда да) эмгек мыйзамдарын сактоо жүйөсүнө текшерүү иш-чараларын жүргүзүүгө компетенттүү органдарга мүмкүнчүлүк берүүчү ченемдер кокусунан каралган эмес.

Кандай гана болбосун, ченемдик укуктук акт (анын ичинде КР Өкмөтүнүн токтому) ага караганда кыйла жогору юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыга (б.а. Кыргыз Республикасынын кодекстерине жана мыйзамдарына) карама-каршы келбөөгө тийиштигин түшүнүү жана эсте тутуу зарыл. Ошентип жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен белгиленген чектөөлөр кыйла жогору юридикалык күчкө ээ болгон Кыргыз Республикасынын мыйзамдык актыларына карама-каршы келет.

Ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлүүчү ишкердик субъекттерин текшерүүгө убактылуу тыюу салуу (мораторий) жүзөгө ашырылуучу төмөнкү **текшерүүлөрдөн башкага белгиленген:**

1) жазык жана жарандык өндүрүштүн алкагында;
2) КР мыйзамдарына ылайык ишкердик субъекттеринин арызы боюнча;
3) башка өлкөлөрдүн мамлекеттик органдарынын суроо-талабы боюнча;
4) калктын жашоосуна жана ден соолугуна, айлана-чөйрөгө коркунуч жараткан фактыларга карата жеке жана юридикалык жактардын арыздары боюнча;
5) КР монополияга каршы мыйзамдарын бузгандыгы жөнүндө иштер боюнча өндүрүштө;
6) КР стратегиялык объекттеринин тизмегине киргизилген, энергетикалык тармактын ишкердик субъекттеринин экологиялык жана техникалык коопсуздугу маселелери боюнча;
7) отун-энергетикалык комплекси чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоо, тактап айтканда, электр жана жылуулук энергиясына, жаратылыш газына тарифтерди түзүү жана колдонуу маселелери боюнча.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы соттук коргоого укукту чектөөгө

тыюу салат[1], ар ким өз укугун жана эркиндигин мыйзам менен тыюу салынбаган бардык ыкмалар менен коргоого укуктуу[2]; ар ким мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга укуктуу[3]. Жекече кайрылууларды четке кагууларды жокко чыгаруу менен, адамдын бузулган укуктары менен эркиндиктерин калыбына келтирүү боюнча мамлекеттик органдардын коргоо милдеттенмелери менен ишкердик иштин субъекттерин плансыз текшерүүнү жүргүзүүгө тыюу салуунун ортосундагы балансты катуу сактоо зарыл.

Ошону менен бирге, КР Акыйкатчы Институтунун кийлигишүүсүнөн улам, КРӨгө караштуу Мамэкотехинспекцияга жарандардын жекече кайрылуулары КР Экономика министрлиги менен макулдашуу боюнча эске алынган жана алар боюнча ишкердик иштин субъекттерин текшерүүлөр талаптагыдай жүргүзүлгөн. Алардын натыйжалары боюнча Акыйкатчы Институтуна кайрылган адамдардын эмгектик укуктары калыбына келтирилди жана эмгек мыйзамдарын бузуулар четтетилди.

*2.1.1-мисал*

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына Ф.Ш. арыз менен кайрылган, анда колдонулбаган эмгек өргүүсү үчүн «CRM Technologies» ЖЧК тарабынан компенсация төлөнбөй жатканына жана өз арызы менен бошогондон кийин эмгек китепчеси берилбей жатканын маалымдаган.

Бул кайрылуу боюнча КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча инспекциясына КР эмгек мыйзамдарын бузууларды четтетүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү өтүнүчү менен кат жиберилген.

Жоопто “Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салуу (мораторий) жөнүндө” КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-декабрындагы №586 токтомуна шилтеме берилген, ушундан улам Ф.Ш. арызын текшерүү мүмкүн эместиги жөнүндө билдирилген.

Бул иште КР Конституциясынын 16-беренесинин 3-пунктуна жана 41-беренесинин 1, 2-пункттарына жана 42-беренесинин 3-пунктуна тиешелүү жарандардын конституциялык укуктарын, ошондой эле КР Эмгек кодексинин 152 жана 157-статьяларын бузуу фактысы орун алгандыктан, жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актылар КР Өкмөтүнүн токтомуна караганда жогорку юридикалык күчкө ээ болгондуктан, КР Өкмөтүнө караштуу эмгек боюнча Мамэкотехинспекциясына кайрадан кат жиберилген.

Ф.Ш. арызы боюнча кайрадан кайрылуунун натыйжасында Мамэкотехинспекциянын Бишкек шаары боюнча региондук башкармалыгы тарабынан Ф.Ш арызы жерине чыгуу менен текшерилген. Текшерүүнүн натыйжалары боюнча КР Эмгек кодексинин 65 жана 157-статьяларынын талаптары бузулганы аныкталган.

1 КР Конституциясы 20-берене, 4-бөлүк, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913?cl=ru-ru.

2 КР Конституциясы 40-б.

3 КР Конституциясы 41-берене 1-бөлүк.

«CRM Technologies» компаниясынын жетекчилигине арыз ээсинин эмгек китепчесин жана 11217 сом өлчөмүндө эмгек акысын төлөп берүү жөнүндө жазма буйрук берилген.

*2.1.2-мисал*

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына Т.О. «Чабрец» ЖЧКнын жетекчилигине даттануу менен кайрылган, ал 2019-жылдын февралынан тартып 12-майга чейин мезгилге айлык акысын төлөп бербей жаткандыгын маалымдаган. Мамэкотехинспекцияга Акыйкатчынын кайрылуусунан кийин «Чабрец» ЖЧК арыз ээсине эмгек акысы боюнча карызын толугу менен төлөп берди.

*2.1.3-мисал*

Ушундай эле маселе менен Акыйкатчынын наамына мурда Бишкек шаарынын Раззаков көч. 32 дарегиндеги үйдүн 12-кабатында жайгашкан «Детройт» ресто-барында иштеген М.А. электрондук почта аркылуу кайрылган.

Атап айтканда, М.А. ага иштеген убактысы үчүн эмгек акысы төлөнбөгөндүгү жөнүндө билдирген.

КР Конституциясынын 16-беренесинин 3-пунктун жана 41-беренесинин 1, 2-пункттарын жана 42-беренесинин 3-пунктун, ошондой эле КР Эмгек кодексинин 152, 157-статьяларын козгогон бул кайрылуулар боюнча КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери жарандардын жекече кайрылууларына көңүл буруу өтүнүчү менен каттарды жиберген. Анын натыйжасында арыз ээлери Т.О. жана М.А. эмгек акылары толугу менен төлөнүп берилген.

*2.1.4-мисал*

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына жаран К.А. анын эмгек укуктары бузуганына даттанып (эмгекке адилеттүү акы төлөө) кайрылган. Өз арызында ал «Манон» ЖЧК ээси болуп «KG групп» курулуш корпорациясын уюштуруучусу саналаарын, арыз ээси алар менен түздөн-түз иштешкенин жазган. К.А. маалымдагандай, ал "кош" бухгалтерия жүргүзөт, кызматкерлер менен эмгек келишимдерин түзбөө жана жабдып туруучулар менен контракт түзбөө тууралуу буйрукту берип турат».

Бул арыз боюнча тиешелүү каттар арыз ээсине жумуш берүүчү тарабынан эмгек акы боюнча карызын төлөө маселесин чечип берүү өтүнүчү менен, КР Өкмөтүнө, Бишкек шаарынын прокуратурасына, КР Башкы прокуратурасына жана Бишкек шаарынын Октябрь райондук прокуратурасына каттар жиберилген.

Жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында, КР Башкы прокуратурасынан жана КРӨ караштуу Мамэкотехинспекциядан алынган жоопторлон көрүнүп тургандай, К.А. арызы мамлекеттик тиешелүү бардык мекемелер тарабынан каралган жана акыр аягында, "Манон" ЖЧК жетекчилиги тарабынан ага айлык акысы толугу менен 120 миң сом өлчөмүндө төлөнүп берилген.

Жарандардын КР Конституциясында кепилденген эмгек укуктарын коргоо максатында КР Акыйкатчы Институту тарабынан Өкмөттүн жогоруда көрсөтүлгөн токтомунун жоболорун кайра карап чыгуунун максаттуулугу тууралуу сунушу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кайрылуу жиберилди. Кайрылуунун натыйжасында КР Экономика министрлиги тарабынан "Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салуу (мораторий) жөнүндө" КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-декабрындагы №586 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Өкмөтүнүн токтомунун долбоору иштелип чыкты жана бул долбоор 2019-жылдын октябрында КР Өкмөтүнүн кароосуна киргизили[1]. **2019-жылдын аягына карата абал боюнча КР Өкмөтүнүн көрсөтүлгөн токтому кабыл алынган жок.**

КР Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актысындагы бул боштук тезирээк чечүүнү талап кылат, анткени Мамэкотехинспекциясына (эмгек инспекциясына) жана КР Омбудсмени институтуна аларды жерине барып текшерүүнү талап кылган эмгек укуктарын бузууларга байланышкан арыздар дагы эле келип түшүүдө.

Мораторийде белгиленгендерге байланыштуу жеке сектордо өзүнүн эмгек ишин жүзөгө ашыруучу жумуш берүүчүлөр тарабынан жарандардын эмгек укуктарын бузуулар боюнча КР Өкмөтүнө караштуу Мамэкотехинспекциясы тарабынан пландан тышкары текшерүүлөр жүргүзүлбөйт.

### СУНУШТАМАЛАР

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ:

1. "Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салуу (мораторий) жөнүндө" КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-декабрындагы №586 токтомуна, ыйгарым укуктуу органдарга жарандардын жекече кайрылуулары боюнча текшерүүнү жүзөгө ашырууга уруксат берүү бөлүгүндө ага өзгөртүү киргизсин.

### КР ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КООПСУЗДУК БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК ИНСПЕКЦИЯСЫ:

1. Эмгек талаш-тартыштары боюнча жеке жана юридикалык жактардын кайрылууларына көңүл бурсун жана иш жүзүндө мораторийде белгиленген себеп боюнча жарандардын кайрылууларын четке кагууну жокко чыгарсын;
2. Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарын тыкыр сактоонун зарылдыгы жөнүндө дайыма ишкердиктин субьекттери менен агартуу иштерин жүргүзсүн.

1 КР Экономика министрлигинин каты (чыг: 07-1/16689, 30.10.2019-ж.).

## 2.2. ЖАРАНДАРДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮ ТУРАК-ЖАЙГА БОЛГОН УКУКТАРЫ. КООМДУК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК МУКТАЖДЫКТАР ҮЧҮН ТУРАК-ЖАЙДЫ АЛЫП КОЮУДА ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

Курулуштардын саны көбөйгөндүгүнө байланыштуу Кыргызстанда акыркы 6-7 жыл ичинде шаарларды реконструкциялоо максатында мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн турак-жайларды алып коюу учурлары көбүрөөк болду. Турак-жайды алып коюуда жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргогон жарандык коомдун уюмдары[1] жеке менчикке укуктарды бузууларды, ошондой эле чыгымдардын ордун толтуруунун адилетсиздигин жана компенсациялардын көлөмүнүн төмөндүгүн, бул жакырчылыкка жана үй-жайсыздыкка алып келээрин белгилешет[2].

Ушуга байланыштуу КР Акыйкатчы аппараты 2019-жылы коомдук жана мамлекеттик муктаждыктар үчүн жарандардын турак-жайларын алып коюуларга тиешелүү маселелер менен фактыларды өзүнчө иликтеди. Натыйжада Кыргызстандын мыйзамдарында мындай алып коюулардын тартиби жана жол-жоболорунун, ошондой эле жарандарга төлөнгөн компенсациялардын жетиштүү көлөмдө төлөнүү тартиби жок экендиги белгилүү болду.

Турак-жайды алып коюунун улуттук механизмдерин жакшыртуу жана аны мажбурлоо менен алып коюу фактыларын эскертүү максатында, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппараты тарабынан бейөкмөт уюмдардын катышуусу менен түзүлгөн кырдаалды иликтөө боюнча жумушчу топ түзүлгөн.

Акыйкатчынын ар жылдык баяндамасынын ушул бөлүмүнө жарандардын арыздарын укуктук колдоонун жүрүшүндө жана «Интербилим» КБ Оштогу филиалынын жана «Биздин укук» КФ колдоосу менен белгилүү болгон турак-жайды алып коюу мисалдары киргизилген.

### КЫРГЫЗСТАНДА ТУРАК-ЖАЙДЫ АЛЫП КОЮУ ТАЖРЫЙБАСЫ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) алдында түзүлгөн жумушчу топ жарандар тарабынан айтылган жана даттанылган, турак-жайларды алып коюулардын төмөндөгү фактыларын карап чыкты:

1. 2008-жылы Бишкекте жеке мейманкана куруу үчүн «Бабек ЛТД» компаниясы тарабынан Пушкин жана Исанов көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан үч жер участогу алынган.
2. 2010-жылы Ош шаарында, Монуев көчөсүн реконструкциялоодо 23 жер участогу жарым-жартылай алынган;

1 Аталган бөлүмдү даярдоодо «Биздин укук» фондунун жана Ош шаарындагы «Интербилим» Эл аралык борборунун кеңсесинин биргелешкен иликтөөлөрүнүн материалдары пайдаланылды.

2 КР Мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн турак-жайларды алып коюу чөйрөсүндөгү иликтөөлөрдүн аналитикалык жазуулары.

3. 2013-жылы Ош шаарындагы Ош көчөсүн реконструкциялоо башталган. Үйлөрдү бузуу коркунучуна 31 жеке менчик жер ээлери дуушар болушкан. Бирок соттук инстанцияларга көптөгөн кайрылуулардын жана даттануулардын болгондугуна байланыштуу менчик жайларды бузуу иштери соттун чечими менен убактылуу токтотулган;
4. 2016-жылы Жалал-Абад шаарында Ленин көчөсүн реконструкциялоо башталган, натыйжада 28 үй-бүлөнүн жер участоктору жарым-жартылай алынган;
5. 2016-2017-жылдарда «Достук» бажысын куруу жөнүндөгү өкмөттөр аралык макулдашуулардын негизинде 34 үй-бүлөнүн жер участоктору жана турак-жайлары толугу менен алынып коюлган ж.б. д. у.с.

Акыйкатчы аппаратында жалпысынан 714 адамдын тагдырына өз таасирин тийгизген, алардын турак-жайын алып коюуга байланыштуу 119 факт иликтенген.

*2.2.1-мисал*

**Бишкек шаарындагы үч үйдү алып коюу.** Өзүнүн объктисин куруу үчүн «Бабек ЛТД» курулуш компаниясы шаардын ортосунан жеке менчик жерлерди акысын төлөп сатып алган. Бирок үч үй-бүлө өз турак-жайларын сатуудан баш тартышкан. Анда Бишкек шаарынын мэриясы бул турак-жайларды мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн мажбурлоо жолу менен алуу тууралуу сотко арыз берген. **Бирок, чындыгында, «коомдук муктаждык» мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн эмес, «Бабек ЛТД» жеке курулуш компаниясынын кызыкчылыгы үчүн болгон.** Бишкек шаарынын мэриясынын 2025-жылга чейинки мезгилге Башкы планына ылайык бул үйлөрдүн ордуна техникалык китепкана курулушу керек экен, бирок мэрия азыр шаарга анын кереги жок деп билдирген.

Жер участокторун сатып алуу наркын аныктоо үчүн сот мамлекеттик экспертиза дайындаган. Ал жердеги жашагандар дагы көз карандысыз экспертиза жүргүзүшкөн. Жыйынтыгында сотто бири-биринен айырмаланган эки экспертиза, мамлекеттик жана көз карандысыз экспертиза дайындалган. **Көз карандысыз экспертиза мамлекеттик экспертизага караганда эки эсе жогорку бааны берген.** Сот болсо мамлекеттик экспертизанын корутундусун гана көңүлгө алган жана мэриянын пайдасына чечим чыгарган. Бул кырдаал жарандардын тиешелүү өлчөмдөгү компенсацияларын алууга болгон укуктары жөнүндө маселенин мамлекет тарабынан иштелип чыкпагандыгын көрсөтөт.

*2.2.2-мисал*

**Ош шаарындагы Монуев көчөсүндөгү турак-жайларды (23) алып коюу жана Жалал-Абад шаарындагы Ленин көчөсүндөгү турак-жайларды (28) алып коюу.** Бул иштерде турак-жайларды алып коюулар көчөлөрдү реконструкциялоого байланыштуу болгон. Жашоочулардын бардыгы этникалык азчылыктын өкүлдөрү болуп саналат. Компенсацияларды төлөөлөр шаардын бюджетинен төлөнгөн, тыштан тартылган көз карандысыз баалоочу тарабынан жүргүзүлгөн нарктан айырмаланган суммалар базар баасынан эки-үч эсе аз болгон.

Монуев көчөсүндөгү калктын турак-жайлары жарым-жартылай, кээ-си толугу менен бузууларга дуушар болгон. Ал эми Ленин көчөсүндө жарым-жартылай алынган. Бул иштерде жарандардын укуктарынын бузулушу компенсациялардын төлөнүү жол-жоболорунун бузулушу жана ачык эле кыянатчылык кылуулардын себебинен болгон. Төлөмдөрдүн бааларын төмөндөтүп жиберген учурлар да болгон, бирок КЭУ тарабынан болгон сүйлөшүүлөрдөн кийин баалар жогорулатылган. Монуев көчөсүндө жарандык укук коргоочулар компенсацияларды эки эсе жогорулатууга жетише алыш-са, Ленин көчөсүндө жергиликтүү бийлик жашоочуларды аларды пайдасыз келишимдерге кол коюуга мажбурлашкан. Жашоочулар белгилешкендей, сатып алуу тууралуу келишимге алардын кол коюусу жергиликтүү бийликтин басымы менен болгон. Болгону 2 учур боюнча гана сотко кайрылуу болгон жана арыздар жарым-жартылай гана канааттандырылган.

Жалал-Абад шаарындагы окуя боюнча (2016-жыл), Ленин көчөсүндөгү үйлөрдү алып коюуда мэрия тарабынан адам укуктарынын одоно түрдө бузулушуна жол берилген, атап айтканда: үйлөр тиешелүү жана мыйзамдуу келишимдерге кол коюлганга чейин жана компенсациялардын көлөмү макулдашылганга чейин бузулган. Коомдук уюмдар прокуратурага Жалал-Абад шаарынын мэриясынын иш-аракеттерине даттанып, арыз жазышкан жана мэрия өз ыйгарым укуктарынан ашыкча пайдаланып жаткандыгын маалымдашкан, бирок, укук коргоо органдары тарабынан эч кандай чаралар көрүлгөн эмес.

*2.2.3-мисал*

«Достук» бажысы үчүн жер тилкелерин турак-жайы менен кошо алып коюу. Бул мисал жогорудагылардан айырмаланып турат, анткени 34 үй-бүлөнүн жер участокторун жана турак-жайларын толугу менен алып коюшкан. Бул учурда компенсациялар жергиликтүү бюджеттен эмес, а мамлекеттик бюджеттен берилген. Жер тилкелерин алууга Бажы бирлигинин чегиндеги аймактарды бошотуу негиз болгон. Сүйлөшүүлөрдүн аркасында, компенсациялар биринчи баалаганга салыштырмалуу үч эсеге жогорулатылган.

Бул жерлерди алып коюунун тажрыйбасындагы оң мисал болуп саналат. Жерди алуунун ар бир баскычында жашоочулар катышышты, келишимдер алардын ар бири менен өзүнчө макулдашуу аркылуу түзүлгөн. Мунун бардыгы жарандык уюмдардын байкоосу алдында болду.

*Коомдук уюмдар алектенген 119 учурдун ичинен 34 кайрылуу соттун кароосуна өткөн, анын 31 иши боюнча сот аткаруу тартибин убактылуу токтотуу менен жарандардын пайдасына чечим чыгарган, ал эми компенсациялардын суммасы талашка түшкөн 3 учур боюнча арыз жарым-жартылай канааттандырылган[1].*

2018-2019-жылдардагы мезгилде КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине турак-жай маселелери боюнча 73 кайрылуу келип түшкөн.

1 КР Мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн турак-жайларды алып коюу чөйрөсүндөгү иликтөөлөрдүн аналитикалык жазуулары.

«Достук» чек арага чектеш аймактарындагы үйлөрдү алуу кырдаалы боюнча «Интербилимдин» Оштогу филиалынын кызматкерлери КР Акыйкатчы институтунун катышуусу менен КР Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан компенсациялардын акыйкаттуу төлөнүүсү боюнча маселелер көзөмөлдөндү. Ошентип, бул компенсациялардын суммалары учурдагы базар наркына жакындатылып, биринчиге караганда үч эсе жогорулатылган.

Тилекке каршы, жарандар өздөрүнүн укугун коргоо үчүн укук коргоо жана сот органдарына сейрек кайрылышат. «Бабек ЛТД» ишинде, тескерисинче, жарандардын эмес, жеке курулуш компаниясынын кызыкчылыгы үчүн Бишкек шаардык мэриясы сотко арыз берген. Жалал-Абад облусундагы кырдаалды иликтөөдө укук коргоо органдарына кайрылган эки учур катталган. Сот турак-жай ээлеринин пайдасына чечим чыгарган, бирок бул чечимден пайдаланууга таптакыр мүмкүн болгон эмес, анткени үйлөрдү буга чейин эле алып коюшкан.

**Бул теманы иликтөөдө ошондой эле булар белгилүү болгон:** *иликтенген 119 учурдун ичинен 31и боюнча сот турак-жайды алууну убактылуу токтотуу жөнүндө чечим чыгарган. Иш жүзүндө мындай алуулардын 88 учуру бар, анын ичинен 34 арызлануучу компенсациялардын жыйынтыктарына макул болушкан жана сатуу жөнүндө келишимдерге өз каалоолору менен кол коюп беришкен, калган 54ү нааразы. Айрымдары азыркыга чейин өзүнүн жашоо тиричилигин бекемдей алышпай жатышат. Бардык 54 учурда тең алардын мыйзамдуу турак-жайын алып койгонго чейинки социалдык-экономикалык абалына салыштырмалуу кийин 20-30%га начарлап кеткендиги байкалган*[1].

### 5 ЖЫЛДА БИШКЕК, ОШ, ЧОЛПОН-АТА ШААРЛАРЫ БОЮНЧА ТУРАК ЖАЙДЫ, ТУРАК ЖАЙ ЭМЕС ИМАРАТТАРДЫ КООМДУК, МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЕРЕКТӨӨЛӨР ҮЧҮН СҮРДҮРҮҮ ЖАНА АЛЫП КОЮУЛАРГА СЕРЕП[2].

| Шаар | Алып коюулардын саны | Сотко даттанылганы | Компенсациянын суммасы |
|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | **48**<br>(жолду кеңейтүүгө байланыштуу) | **5**<br>Мэрия тарабынан тургундарга карата даттанган | |
| Ош ш. | **34**<br>(реконструкция улиц) | **87**<br>Мэрия тарабынан тургундарга карата даттанган | **115 млн. 197 миң 826 сом** |
| Чолпон-Ата ш. | **5**<br>(өнүктүрүү максатында) | 3 | Азырынча төлөнө элек, териштирүү процесси жүрүүдө |

1 «Жеткиликтүү турак-жайга болгон укук» БА тутумунун мүчөсүнө «Интербилим ЭБ» КБ изилдөөсү.

2 Бишкек ш. мэриясынын жообу. чыг. №08-4-51, 20.01.2020-ж.; Ош ш. мэриясынын жообу. чыг. №94/08-13,27.01.2020-ж.; Чолпон-Ата ш. мэриясынын жообу. чыг. №09/10, 13.01.2020 -ж.

## ТУРАК-ЖАЙЛАРДЫ АЛЫП КОЮУ БОЮНЧА МЫЙЗАМДАРДЫ ТАЛДОО

Акыйкатчы институтунун кызматкерлеринин жана жарандык уюмдардын өкүлдөрүнүн иштериндеги турак-жайларды коргоо жана жарандарды компенсациялар менен акыйкаттуу камсыз кылуу маселелеринде келип чыккан кыйынчылыктар Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген жеке менчик укугун коргоочу, турак-жайды алып коюуда натыйжалуу жол-жоболордун Кыргызстанда жок экендиги менен байланышкан.

*Мамлекеттик жана муниципалдык муктаждыктар үчүн жер участокторун алып коюунун (сатып алуунун) тартибин аныктоо боюнча КР Өкмөтүнө өткөрүп берүү жөнүндө КР Жер кодексинин талаптары алиге чейин аткарылбастан калууда*[1].

КР Жер Кодексинин 20-статьясынын 11-бөлүгүнө ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык муктаждыктар үчүн жер участогу алып коюунун (сатып алуунун) **тартибин аныктоо** Өкмөттүн компенсацияларынын бир түрү болуп болуп саналат;

Бирок КР Өкмөтүнүн «Мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн жерлерди алып коюунун (сатып алуунун) тартиби жөнүндө» ченемдик укуктук актысы **азыркыга чейин кабыл алынган эмес.**

КР Конституциясынын 12-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргызстанда менчиктин ар кандай түрлөрү таанылат жана жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчик түрлөрүнүн тең укуктуу корголушуна кепилдик берилет.

Конституциянын 12-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, *«Менчик кол тийгис. Эч ким өзүм билемдик менен мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн эмес. Менчик ээсинин эркинен тышкары мүлктү алып коюуга соттун чечими менен гана жол берилет. Улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоо, башка жактардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында соттун чечимисиз мажбурлоо менен мүлктү алып коюуга мыйзамда каралган учурларда жол берилет. Мындай алып коюунун мыйзамдуулугу сот тарабынан милдеттүү түрдө каралууга тийиш. Мыйзамда аныкталган коомдук муктаждыктар үчүн мүлктү алып коюу ал мүлктүн наркынын жана мүлкүнөн ажыратуунун натыйжасында келип чыккан башка чыгымдардын ордун толтуруп берүүнү адилеттүү жана алдын-ала камсыз кылуу менен соттун чечими боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн. Жарандардын жана юридикалык жактардын менчигинде турган мүлктү мамлекеттин менчигине өткөрүү (улутташтыруу) ал мүлктүн жана башка чыгымдардын наркынын ордун толтуруу менен мыйзамдын негизинде жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасы өз жарандары менен юридикалык жактарынын менчигин, ошондой эле башка мамлекеттердин аймагында жайгашкан өзүнүн менчигин коргойт»*[2].

Жерлерди алып коюу боюнча КР Конституциясынын 12-беренесин ишке ашыруу маселелери КР Жер жана Турак жай Кодекстеринде чагылдырылган.

Ошентип, Жер кодексинин 65-беренесине ылайык, алып коюулар бир гана

1 КР Мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн турак-жайларды алып коюу чөйрөсүндөгү иликтөөлөрдүн аналитикалык жазуулары.

2 КР Конституциясынын 4-беренесинин 2, 3-бөлүмдөрү.

соттун чечими менен ишке ашат жана өзгөчө чара болуп саналат. Мында, 68-беренеге ылайык, *«мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн жер тилкесин алып коюу (сатып алуу) ыйгарым укуктуу орган менен жер тилкесинин менчик ээси же жерди пайдалануучунун ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн. Ошондой эле аларга жер тилкесине болгон укуктун наркы сатып алуу баасына кошулуп эсептелүү менен башка жер тилкеси пайдаланууга берилиши мүмкүн. Жер тилкесине укукту сатып алуу баасын аныктоодо ага жер тилкесине болгон укуктун жана жер тилкесиндеги имараттардын жана курулуш жайлардын базар наркы, ошондой эле жер тилкесинин менчик ээси же жерди пайдалануучу үчүнчү жактын алдында милдеттенмесин мөөнөтүнөн мурда токтотууга байланыштуу тарткан чыгашасын кошкондо, жер тилкесине болгон укугунан ажырагандыгына байланыштуу ага келтирилип жаткан бардык чыгымдар киргизилет» [1].*

Жер участогунун менчик ээси же жерди пайдалануучу макул болбогон учурда, ыйгарым укуктуу орган баш тартуу алынган учурдан тартып эки айдан кечиктирбестен жер участогун акысыз алып коюу (сатып алуу) тууралуу доо менен сотко кайрылууга укуктуу. Жер участогун алып коюу (сатып алуу) жөнүндө соттун чечими чыкканга чейин жер участогунун менчик ээси же жерди пайдалануучу өзүнө таандык болгон жер участогун анын максаттуу багытына ылайык пайдаланууну камсыз кылуучу зарыл сарптоолорго барууга укуктуу. Жер участогунун менчик ээси же жерди пайдалануучу көрсөтүлгөн мезгилде жаңы курулуш, имараттарды жана курулмаларды кеңейтүү же реконструкциялоо менен байланышкан сарптоолорду жана чыгашаларды тартып калуу тобокелин көтөрөт[2].

КР Турак-жай Кодекси турак-жайды алып коюу менен жер участогун алып коюуну байланыштырат. Ошону менен катар эле КР Турак жай Кодексинин 30-статьясына ылайык, «Коомдук муктаждыктар үчүн жер участокторун алып коюуга байланыштуу турак-жайды бузуулар болгон учурларда мамлекеттик жана муниципалдык турак жай фондунун үйлөрүнөн турак жайлар бузулган турак жайдын турак аянтынан кем эмес өлчөмдө турак жайлардын менчик ээлеринин менчигине берилет же турак жайдын базардагы сатып алуу наркы төлөнүп берилет, ошондой эле үчүнчү жактардын алдындагы милдеттенмелеринин мөөнөтүнөн мурда токтотулушуна байланыштуу менчик ээсине келтирилген зыянды өзүнө камтыйт"[3].

Кодекстердин жогоруда көрсөтүлгөн ченемдерин ишке ашырууда **мыйзамдык актылар кабыл алынган эмес, анткени КР Өкмөтү азыркыга чейин алып коюунун тартибин жана жол-жоболорун баяндаган ЧУА кабыл алган эмес.**

Баалоочулук иш мыйзамдарда чагылдырылган, бирок сатып алуу баасын төмөндөтүүгө жол берүү менен баалоонун наркы боюнча көз карандысыз жана акыйкаттуу бүтүмдөрдү камсыз кылуу үчүн аягына чейин жөнгө салынбаган.

1 КР Мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн турак-жайларды алып коюу чөйрөсүндөгү иликтөөлөрдүн аналитикалык жазуулары.

2 КР Мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн турак-жайларды алып коюу чөйрөсүндөгү иликтөөлөрдүн аналитикалык жазуулары.

3 КР Турак-жай Кодексинин 30-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү.

## КООМДУК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК МУКТАЖДЫКТАР ҮЧҮН ЖАРАНДАРДАН ТУРАК-ЖАЙЫН АЛЫП КОЮУ БОЮНЧА МААНИЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА ТЫЯНАКТАР

- ЧУА жоболорунда мамлекеттик муктаждыктар үчүн турак-жайды алып коюунун негизги принциптери аныкталган, бирок «мамлекеттик жана муниципалдык муктаждыктар үчүн турак-жайды алып коюу кантип, кандай жол менен жүзөгө ашырылат?» деген ченемдер жок.

**КР Өкмөтү мамлекеттик жана муниципалдык муктаждыктар үчүн жер участокторун алып коюунун (сатып алуу) тартибин аныктоо боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарбайт, азыркыга чейин КР ЖК 20-беренесинин 11-бөлүгү аткарылбастан калууда.** ЧУА берилген боштук бирдиктүү укук коргоо мыйзамдарын колдонуу тажрыйбасынын камсыздалбашына шарт түзөт, анын натыйжасында бул процесстин бардык катышуучулары – жарандар, юридикалык жактар, мамлекеттик органдар, ЖӨБ органдары, соттор, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени), прокуратура жана жарандык сектор бул маселелерди чечүүдө кыйынчылыкка тушугушат.

- Так ушул компенсациялардын суммасы башка жерге көчкөн жарандардын нааразычылыгын жаратат. Бюджетинде жетишерлик каражаты жок жана турак-жайын алдырууда компенсация болуп берчү муниципалдык турак-жайлары жок ЖӨБ органдары компенсацияны төлөшү керек болгон учурларда көйгөйлөр келип чыгат.

Бирок эл аралык келишимдердин алкагында көчүрүүлөр бар. «Достукта» болгон алып коюуларда жарандар менен болгон сүйлөшүүлөр алардын компенсациялардын суммасына нааразычылыктар бар экендигин көрсөттү. Компенсациялардын суммасы эл аралык макулдашуулардын алкагында чечилгени буга өбөлгө болду жана буга каражаттар бар болчу.

Ошентип, сатып алуу баасына бир эле жоголгон пайданы эмес, ошондой эле моралдык жана психологиялык зыянды камтый турган эл аралык стандарттарга ылайык болгон сатып алуу бааларын жөнгө салуучу улуттук мыйзамдардын ченемдеринин болбошу жарандардан турак-жайын алып коюуда алардын укуктарын бузат.

Мурда КР Юстиция министрлигинин буйругу менен[1] КР Жер Кодексинин жаңы редакциясын кайра иштеп чыгуу боюнча эксперттик топ түзүлгөн, анын курамына министрликтердин, ведомстволордун жана тиешелүү мамлекеттик органдардын кызматкерлери кирген.

Бүгүнкү күнгө чейин жер саясатын ишке ашыруу маселелери жана КР Жер Кодексинин жаңы редакциясынын долбоору боюнча иштер КР Жер Кодексинин жаңы редакциясынын долбоорун даярдоо боюнча комиссиянын ишин мындан ары жүргүзүүчү КР Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин карамагына өткөрүлүп берилген.

2019-жылдын 5-декабрында КР Акыйкатчы институту турак-жайларды маж-

1 КР Мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн турак-жайларды алып коюу чөйрөсүндөгү иликтөөлөрдүн аналитикалык жазуулары.

бурлап алып коюуну алдын алуу жана турак-жайларды алып коюуда акыйкаттуу компенсациялардын тажрыйбасын жакшыртуу боюча мыйзамдарды жана анын механизмдерин бекемдөөнү талкуулоо максатында КЭУ жана турак-жайга болгон укуктар боюнча адистештирилген көз карандысыз эксперттердин катышуусунда тиешелүү консультацияларды өткөрдү. Бул консультацияларда ошондой эле Өкмөттүн, Юстиция министрлигинин, Өкмөттүн жана башка тиешелүү мамлекеттик ведомстволордун өкүлдөрү катышышты. Бардык катышуучулар коомдук муктаждыктар үчүн турак-жайды сатып алуунун тартибин жөнгө салуучу мыйзамдык актыларды кабыл алуу зарыл экендигин белгилешти.

Бул консультациялардын натыйжалары боюнча КР Омбудсменининин алдындагы жумушчу топ тийиштүү жана жетиштүү өлчөмдөгү компенсацияларды камсыз кылуучу эл аралык принциптерге негизделген «Коомдук муктаждыктар үчүн турак-жайды алып коюунун тартиби жөнүндө» документтин долбоорун кайра иштеп чыгуу иштерин баштады.

СУНУШТАМАЛАР

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБА, ТАМАК-АШ ӨНӨР ЖАЙЫ ЖАНА МЕЛИОРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ – КР ЖЕР КОДЕКСИНИН ЖАҢЫ РЕДАКЦИЯСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ БОЮНЧА ЖУМУШЧУ ТОП:

1. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) алдындагы «Мыйзамдарда мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн жарандардан турак-жайын алып коюунун тартибинин жана жол-жобосунун ченемдик укуктук тартиптеринин жоктугу менен байланыштуу кырдаалдарды иликтөө боюнча» жумушчу топ менен биргеликте «Коомдук муктаждыктар үчүн турак-жайды алып коюунун (сатып алуунун) тартиби жөнүндө» Жобонун долбоорун иштеп чыксын жана аны кабыл алуунун андан аркы чараларын кабыл алсын.
2. КР Жер Кодексинини жаңы редакциясынын долбоорунда баалоочулардын максималдуу түрдө көз карандысыздыгын жана алынып коюлуучу объекттин сатылуу баасын аныктоонун жол-жобосун камсыз кылуучу ченемди ага киргизүү менен баалоо ишин жөнгө салуучу ченемди өркүндөтсүн.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНА/ ШААРЛАРДЫН МЭРИЯЛАРЫНА:

1. Коомчулукту жана КЭУ турак-жайды алып коюу процесстерине тартуу. Эл аралык принциптердин бөлүмдөрүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары турак-жайды алып коюунун ар бир маселеси боюнча коомдук угууларды өткөрүүлөрү зарыл.
2. Өнүктүрүү маселелерине жарандык  катышууну күчөтүү, ошондой эле турак-жайлары алынып коюлуучу жарандардын жашоо шарттарына байкоо жүргүзүү зарыл. Өнүгүүнүн ар бир долбоору коомдук талкуудан өтүшү керек.

# 3-БӨЛҮМ. АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ

## 3.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК МАСЕЛЕЛЕРИ

2019-жылдын аягы Баткен жана Нарын облустарында болгон үй-бүлөлүк зордук-зомбулук коомчулукту катуу дүрбөлөңгө салды. Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук маселеси жаңыдан эле айтылып жаткан жок, бул көйгөй Акыйкатчынын 2016-жыл үчүн Жылдык баяндамасында да көтөрүлгөн, зордук-зомбулук окуялары 2008-жылдан бери карай айтылып келе жатат. Буга чейин сунуш кылынган коргоо ордерлерин аялдарга карата натыйжалуу чара катары кароо мүмкүн эмес. Ошону менен катар эле аялдар үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кризистик борборлор жок, болсо да мындай программаларды каржылануусу тышкы донорлордун каражаттарын издеп табууга көз каранды болгон коомдук уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылыат жана туруктуу болуп саналбайт. Социалдык программаларды колдоо боюнча чараларга мамлекеттик тапшырык аркылуу тутумдуу мамиле кылуу зарыл.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында аялдар жана эркектер үчүн бирдей укуктар жана эркиндиктер, аларды ишке ашыруунун тең укуктуу мүмкүнчүлүктөрү жарыяланган, ар бир адамга төрөлгөндөн тартып ажырагыс жана таандык болуп саналат. Эч ким жынысына карата басмырлоого кириптер болбошу керек.

Кыргыз Республикасы аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулукка каршы күрөшүү максатында БУУнун бир катар конвенцияларына кошулган: Балдар укуктары боюнча Конвенция (1994-жыл), Аялдарга жана кыздарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу (1996), ошондой эле Пекин иш-аракеттеринин платформасына (1995-жыл) кошулган.

Жыл сайын 25-ноябрда, Адам укуктарынын эл аралык күнүнө карата, өлкөдө Аялдарга карата зордук-зомбулукту жоюу боюнча **“зордук-зомбулукка каршы 16 күн”** акциясы башталат, ал 10-декабрга – Адам укуктары боюнча Эл аралык күнгө чейин созулат. Өнөктүктүн максаты: үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка жана гендердик зордук-зомбулукка карата коомчулуктун келишпес мамилесин арттыруу, зордук-зомбулуктун бардык түрлөрү боюнча мекендештерге түшүндүрүү жана маалымдуулугун жогорулатуу. Ал таптакыр жок болмоюнча зордук-зомбулукка каршы күрөшүү жана тиешелүү жардамды көрсөтүү күн сайынкы милдет катары кабыл алынышы зарыл.

Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиясы 2020-жылга чейин[1] гендердик теңчиликке жетишүү боюнча мамлекеттик гендердик саясаттын артыкчылыктарын аныктайт.

1 КР Өкмөтүнүн 2012-ж. 27-июндагы №443 токтому менен кабыл алынган.

Зордук-зомбулук – Адам укуктарын одоно бузуу – 16-44 жаштагы аялдардын арасында (дүйнө жүзү боюнча) өлүмдүн жана майыптыктын негизги себеби болуп саналат[1].

Аялдарга карата үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун деңгээли жогору бойдон калууда. Маданиятына, улутуна, дин тутумуна, билим деңгээлине карабастан, ар түрдүү социалдык-экономикалык топтогу аялдар үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун курмандыгы болуп келишүүдө. Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун масштабы болуп көрбөгөндөй жогору бойдон калууда, анткени, зордук-зомбулук көрсөткөн жүрүм-турум жубайлар ортосундагы кадыресе көрүнүш катары кароо уланууда. Айрым аялдар уруп-сабоо, коркутуп-үркүтүүгө чыдап жүрө беришкендиктен, аягы оор кайгы менен аяктайт.

Кыргызстанда үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукка каршы күрөшүү өзгөчө орунду ээлейт, бирок мамлекет жана бейөкмөт уюмдары тарабынан көрүлүп жаткан чараларга карабастан, акыркы жылдары аялдарга карата зордук-зомбулуктун өсүшү байкалып, жогорку деңгээлде калууда[2].

БУУнун Конвенциясын ишке ашыруу, аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу максатында, аларга карата зордук-зомбулукту төмөндөтүү жана жок кылуу үчүн "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө[3]" КР Мыйзамы кабыл алынган. Мыйзамдын негизги чөйрөсү үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту алдын-алуу жана жок кылуу, андан жабыр тарткан адамдарды социалдык-укуктук жактан коргоону камсыз кылуу болуп саналат.

КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги "Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин ишмердигин уюштуруунун айрым маселелери жөнүндө" КР Өкмөтүнүн токтом долбоорун даярдаган жана үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субьекттердин ишмердигин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп калган. Долбоор үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан сактоо жана коргоо иштерин координациялоо боюнча кызматкерлердин штаттык бирдигин 10 адамга көбөйтүүнү сунуштаган, бирок жыйынтыгында штаттык бирдикке бар болгону 5 кызматкер гана бекитилген[4].

Мындан тышкары, "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан сактоо жана коргоонун субъекттери 17 ведомство болуп саналат. Ушул мыйзамды аткаруу боюнча алардын иштеринин мониторингин жүргүзүү зарыл.

Мисалы, ички иштер органдары (мындан ары – ИИБ) үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка байланыштуу жабыр тарткан адамдын эле эмес, түшкөн бардык кайрылуу фактылары боюнча көңүл буруулары тийиш, бир жабыркоочу, бир коргоо ордери. Андан тышкары, коргоо ордерлерин берүү прак-

1 https://eca.unwomen.org/ru/where-we-are/kyrgyzstan/ending-violence-against-women.

2 http://kabar.kg/news/bor-ba-s-semeinym-nasiliem-iavliaetsia-prioritetnoi-dlia-organov-vd-ulan-rysbekov.

3 2017-ж 3 октябрдан №63, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111570.

4 КР Өкмөтүнүн токтому №5. 2020-ж 13.01. тартып.

тикасы бүгүнкү күндө жетиштүү өнүгө элек. Буга байланыштуу, ички иштер кызматкерлери коргоо ордеринин мөөнөтү аяктаганга чейин, анын күч-аракеттеринин укук бузуучу тарабынан кандай аткарылып жатканы боюнча (жерине барып) көзөмөл жүргүзүүлөрү зарыл.

Мыйзамда зордук-зомбулук боюнча күнөөлүү адамдар үчүн жүрүм-турумдарын түзөтүү боюнча программаларды киргизүү каралган. Бирок бул программалар алиге чейин ишке киргизилген эмес. Ички иштер министрлиги "Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча түзөтүү программасы жөнүндө" жана "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтом долбоорлорун даярдаган, бирок алар алиге чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитиле элек.

Жаңы кодекстердин колдонууга киргизилиши менен, үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка карата ички иштер бөлүмдөрүнүн укук колдонуу практикасы олуттуу өзгөрүлөт. Жаңы кодекстердин жоболорунда үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарды коргоо үчүн каралган ар кандай иш-чаралардын тизмеги жоюлуп, "коргоо ордери", айып пулдарды чектөө, ал эми кылмыштын кесепети оор учурда –эркиндигинен ажыратуу (үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыгы зордукчул менен бирге калууда) калтырылган.

Калыптанып калган укук колдонуу практикасына байланыштуу, Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы пайда болууда, анда үй-бүлөлүк зомбулук көрсөткөн жакты дайындуу регламенттин негизинде 48 саатка кармоо мүмкүнчүлүгү берилиши ыктымал.

Жогорудагыларды эске алып, Жазык-процесстик кодекстин 504-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү менен аны төмөнкүдөй мазмундагы 1-3 бөлүм менен толуктоо зарыл:

"Үй-бүлөлүк зомбулук жасоого шектелген адамга карата, төмөнкүдөй негиздер болгон учурда:

1) эгерде шектүү тарабынан жабырлануучунун жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн же аларга теңештирилген адамдардын жашоосуна жана ден-соолугуна айкын коркунуч келтирилсе;
2) эгерде шектүү тарабынан алкоголь ичимдигин же анын башка түрлөрүн ичкен мас абалында жабырлануучунун жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн же аларга теңештирилген адамдардын жашоосуна коркунуч келтирилсе;
3) эгерде шектүү тарабынан жабырлануучуну жана башка үй-бүлө мүчөлөрүн же аларга теңештирилген адамдарга карата басмырлоосун, мазактоосун, кордоосун, кемсинтүүсүн, уруп-сабоосун улантуугa мүмкүнчүлүк берген негиздер болсо" кармоо жүргүзүлүшү мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси жабырлануучу процесске катыша албай, өлкөдөн тышкары чыгып кеткен учурларда көрсөтмөлөрдү депонирлөөгө мүмкүнчүлүк берет. Депонирлөө зордукчул менен беттешүүдө ден-соолугуна терс таасирин тийгизген (көп учурда психикалык жактан) учур-

ларда колдонулат. Иш жүзүндө аялдар жана жабырланган балдар зордукчулду таануу жана беттешүү учурун оор кабыл алышат, алар зордукчулдардан коркуп, кошумча стресске дуушар болушат. Аялдарга жана балдарга карата зомбулук болгон учурда, көрсөтмөлөрдү депонирлөөнү ЖПК жазуу керек.

Кыргызстанда аялдарга карата зордук-зомбулук көрсөтүү көйгөйү көп жылдардан бери чечилбей келет. Кабыл алынган мыйзам ченемдери, алып айтканда, үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту алдын-алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Мыйзамы иш жүзүндө көп колдонулбайт. 9-беренеге ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан кайтаруу жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат. Буга байланыштуу, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына көзөмөл жүргүзүү планын 2020-жылдын планына киргизүү зарыл.

*3.1.1-мисал. Т.А. жана анын жаш балдарынын иши боюнча эл аралык кызматташтык*

КР Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) дарегине Кыргызстандын жарандары К. Л. жана А. А.[1], кайрылышкан, алардын 1993-жылы туулган кызы А.Т., биздин өлкөнүн жараны болуп туруп, Казакстандын жараны Б. Р. менен Кордай районунда жашайт.

Арыз ээлеринин маалыматтары боюнча, алардын кызы жана Б. Р кенже курактагы Б. А. жана Б. Д аттуу балдары бар. Алардын баары үй-бүлө башчысы Б. Р. тарабынан үй-бүлөлүк зомбулукка кабылышат, ушуга байланыштуу арыз ээлери кызын жана жээн неберелерин Кыргыз Республикасына кайтарып келүүгө көмөк көрсөтүүнү суранышкан.

Тийиштүү маалыматтар (паспорт көчүрмөсү жана туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү)[2] такталгандан кийин, ошондой эле ушул маселе боюнча буга чейинки кайрылууларга жооп алынгандан кийин[3], КР Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) аппаратынын тийиштүү бөлүмүнүн кызматкерлери КР Башкы прокуратурасына[4] кат жиберишип, А. Т. жана анын жарандык жолдошу Б. Р. арасында түзүлгөн абалды аныктоого көмөк көрсөтүүнү суранышкан. КР Башкы прокуратурасы Казакстан Республикасынын Жамбыл облусунун прокурору Ж. К. Кусайыновдун дарегине кат жиберген[5].

Мындан тышкары, арыз ээси А.А. кызы А. Т. балдары менен Кордай ооруканасында жатканын, дарыгерлер аларга алсыроо, ошондой эле колу жана буттун сыныгы[6] диагнозун коюшканын билдирген. Ушуга байланыштуу КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) КР Тышкы иштер министри Ч. А. Айдарбековдун жана Казакстан Республикасынын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Э. А. Азимованын дарегине кат менен кайрылган[7].

1 Кир. №К-940, 08.08.2019-ж.

2 А.А. 10.09.2019-жылдагы коштомо каты менен алынган.

3 Чыг. №11-373, 15.08.2019-ж.

4 Чыг. №11-3820, 13.09.2019-ж.

5 Чыг. №16-7-19(2269), 10.10.2019-ж.

6 Кир. №К-940(2), Чыг. №11-4789, 06.11.2019-ж.

7 Чыг. №11-4789, 06.11.2019-ж.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кайрылуусуна Казакстан Республикасынын прокуратурасы[1], КР жараны А.Т. Казакстан Республикасынын жараны Б.Р. менен жарандык никеде турарын жана алардын жашы жетпеген балдары (кызы А.А. жана уулу Б.Д) бар экенин бышыктаган. Кайрылууну кароонун жүрүшүндө А. Т. жана анын балдары медициналык кароодон өткөрүү жана зарыл медициналык жардам көрсөтүү максатында Кордай районунун борбордук ооруканасына жаткырылган. Ошондой эле 2019-жылдын 28-октябрында А.Т. үчүнчү баласын – кызды Б.Рден төрөгөн.

КР Тышкы иштер министрлиги КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) бул багытта аткарган иштери тууралуу маалымдап[2], арыз ээси А.А. берген жообунун көчүрмөсүн жөнөткөн[3], ошондой эле арыз ээсинин кызы 2019-жылдын 23-январында А.Т. өз колу менен жазган түшүнүк катын жиберген. КР ТИМ жообунда жазылгандай, КР ТИМ Консулдук кызматы департаменти тарабынан  КР жараны А.Т. консулдук-укуктук жардам көрсөтүү тууралуу тийиштүү тапшырма КР Алматы шаарындагы Башкы консулдугуна берилген.

КР Алматы шаарындагы Башкы консулдугу өз кезегинде белгилегендей, Кордай районунун полициясынын имаратында полиция кызматкерлерин катыштырбай туруп, А.Т. менен жолугушуу болгон, анын укуктары түшүндүрүлгөн жана түшүнүк каты алынган. Жаран А.Т. түшүндүрүүсүндө ал өзүнүн жарандык күйөөсү Б.Р. менен Кыргызстанда таанышкан, 2014-жылы аны менен жашоо үчүн Казакстан Республикасынын Жамбыл облусунун Кордай районуна көчүп кеткен. Чогуу жашаган мезгилинде үч балалуу (уулу Б.Д. жана эки кызы Б.А. жана Б.А) болушкан. Аларды талаптагыдай дарылоо жана ден соолугун андан ары чыңдоо үчүн Кордай районунун компетенттүү органдары 2019-жылдын 14-ноябрында Тараз шаарындагы Ымыркайлар үйүнө жайгаштырышкан. Балдарды ата-энесине кайтарып берүү 2020-жылдын жаз айларына пландаштырылган.

К. Л. жана А. А. кайрылуусун укуктук коштоодо белгилүү болгондой, А.Т. жана Б. Р. үй-бүлөсү узак убакытка чейин турмуштук оор абалда жашашкан, ошонун кесепетинен өз балдарын зарыл болгон дары-дармек жана тамак-аш менен камсыз кыла алышкан эмес, ошондуктан балдар ооруга чалдыгып, алсырашкан.

Азыркы учурда А. Т. жана Б. Р. турмуш-тиричилик шарттары жакшырып, фермердик чарбада эмгектенишет, алардын айлык акылары айына 150 миң теңгени түзөт. Мындан тышкары, арыз ээлеринин кызы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлерине кыргыз-казак чек араларын кесип өтүүдө эч кандай тоскоолдук жоктугун, ошондой эле өзүнүн балдары жана жарандык жолдошу менен чогуу Казакстан Республикасында жашоо ниетин билдирген.

Балдарды ымыркайлар үйүнөн кайтарып алгандан кийин үй-бүлөсү менен, Кыргызстанга А. Т. төркүнүнө конокко келишээрин билдирген. .

1 Чыг. №2-07-19-11299, 29.10.2019-ж., (кир. №57-03,12.11.2019-ж.).

2 Чыг. №090/к-471, 03.12.2019-ж. (кир. №12-100, 06.12.2019-ж.).

3 Чыг. №090-13/а-991к,  26.11.2019-ж.

Зордук-зомбулукка алардын билимине, экономикалык жана социалдык статусуна, нике таризине жана жаш-курагына карабастан, аялдар кириптер болушат. Эгерде аял өзүнүн укугун коргоону чечип, укук коргоо органдарына кайрылса, бузуулар Кодексинин 75-беренесинде, бир үй-бүлө мүчөсү башка үй-бүлө мүчөсүнө карата атайын жасалган аракетин жазалоого II категориядагы (30 миңден 60 миң сомго чейин) айып пул чегерилет. Мындай жаза чыр чыккан үй-бүлөнүн материалдык абалына терс таасирин тийгизгендиктен, жабырлануучулар арыз жазуудан баш тартышат.

Үй-бүлө куруп жаткан жаштардын укуктук маалымдуулугун жогорулатуу зарыл. Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы жубайларга карата үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукту алдын-алуу үчүн никеге каттоого кайрылган учурда үй-бүлөдөгү туура, зордукчул эмес жүрүм-турум боюнча маалыматтык мүнөздөгү чараны иштеп чыгуусу абзел.

КР Башкы прокуратурасынын маалыматтары боюнча 2019-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун **8261** учурлары каттоого алынган, республиканын ички иштер органдары тарабынан 1230 коргоо ордерлери берилген.

### 3.1.1-ТАБЛИЦА. КР САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО МИНИСТРЛИГИНИН СТАЦИОНАРДЫК ЖАРДАМДАРДЫ КӨРСӨТҮҮЧҮ САЛАМАТТЫК САКТОО МЕКЕМЕЛЕРИНЕ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУККА КАБЫЛЫП, МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ АЛУУГА КАЙРЫЛГАН АЯЛДАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТЫ[1]

| | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. |
|---|---|---|---|
| Дене бой зомбулугуна кабылган аялдардын саны | 2442 | 2157 | 2222 |
| Сексуалдык зомбулукка кабылган аялдардын саны | 19 | 11 | 11 |
| Жалпы саны | **2461** | **2168** | **2233** |

Мамлекеттик кризистик борборлордун жоктугуна байланыштуу, өлкө боюнча статистикалык маалыматтарды алуу мүмкүн эмес, бул баяндамада үй-бүлөлүк зомбулукка кириптер болгон аялдарга жардам көрсөткөн “Сезим” кризистик борборунун маалыматтары келтирилди. «Сезим» кризистик борборунун 2019-жылдагы маалыматтары көрсөткөндөй, бул маселе мурдагыдай эле курч бойдон калууда.

Ошентип, 2019-жылы 1321 телефон чалуу кабыл алынган, алардын 82% – аялдар, эркектер -18%.

Аялдар көбүнесе гендердик таасирлер, үй-бүлөлүк жана сексуалдык зомбулукка, жекече мамилелерге байланыштуу көйгөйлөр, көз карандылыкка жана маалымат алууга байланыштуу көйгөйлөр менен көп кайрылышкан.

Эркектер жеке көйгөйлөрү, көз карандылык жана маалымат алуу маселелери боюнча кайрылышкан. 319 адам маалыматтык-укуктук кызматты (145 аял

1 кир. №11-09 тартып 29.01.2020- ж.

жана 174 эркек) алган: үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктары 139 аял жана 170 бала, сексуалдык зомбулуктун курмандыктары – 2 аял жана 2 жашы жетелек өспүрүм кыз; никеге турууга мажбурлоонун курмандыгы – 1 аял; адам сатуунун курмандыгы – 1 аял; аз камсыз болгон мигранттар – 2 аял жана 2 кичинекей бала.

*3.1.2-мисал.*

**Мадина**, 32 жашта, 2 баласы бар. Күйөөсү дайыма психологиялык зомбулук көрсөтүп, ур-тепкиге алып келген. Пенсияга чыкканы күйөөсү андан бетер ачуусу ашынып, экинчи бала төрөй албаганын көп айтып айыптай берген. Үй-бүлөсүн сактап калыш үчүн, Мадина күйөөсү менен "жүрөк оорулуу", жаңы төрөлгөн ымыркайды асырап алышкан, ымыркайдын дарылануусуна жана операциясына ири суммадагы акча талап кылынган. Жубайлар Токмок ш. (Бишкектен 60 км. чакырымда) 1 бөлмөлүү батирин сатышкан. Операция ийгиликтүү болуп, Мадина убактысынын көбүн уулуна бөлгөн. Ал эми күйөөсү чырын улантып, эми батирсиз калгандарына аны күнөөлөгөн. Күйөөсүнүн кезектеги ур-токмогунан качам деген Мадинанын бутун кокустап, баш мээси чайкалган. Кошунасы тез жардам чакырып, ооруканага жеткирилип, ал жактан медициналык жардам көрсөтүлгөн.

Дарылануудан кийин Мадина эки баласы менен денесиндеги көп сандаган көгаласы менен убактылуу баш калкалоочу жайга кабыл алынган. Аял ажырашууга чечкиндүү белсенип калган. Топтогу тренингдерге катышып, реабилитациялык программадан өткөн. "Восток-Запад"долбоорунун алкагында тренингде окуган. Ага баласын бакчага орноштурууга көмөк көрсөтүлгөн.

Өзүнүн автоунаасын сатып, туугандарынын жардамы менен Мадина Бишкек ш. чет жакасынан жатакана тибиндеги 1 бөлмөлүү батир алган. Азыркы учурда ошондо эки баласы менен жашап жатат, өз кесиби боюнча – фельдшер болуп иштөөдө, кечкисин жумуштан кийин кондитердик азыктарды жасап, базарга өткөрөт. "Сезим" кризистик борборунун юристтеринин жардамы менен күйөөсү менен ажырашууга документ тапшырган.

Мадина убактылуу баш калкалоочу жайдагы реабилитациядан кийин коркунучтарын жеңип, өзүнө өзү ишенүү сезими пайда болгонун айтат.

Мындан тышкары, "Нур"(ТСҮ)[1] транзиттик социалдык үйү дагы зомбулуктун курмандыктарына реабилитациялык кызматтарды көрсөтөт. Бул мекемеде 2019-жылы 31 адам жашаган: алардын ичинде 17 аял жана 14 бала болгон. "Нурга" реабилитациялык программадан өткөн кардарлар барышат. ТСҮ – социалдык-аяр катмардагы, аз камсыз болгон аялдар, ошондой эле социалдык реинтеграция учурундагы (квалификация алуу, дайымкы жашаганга жай, иш издөө) гендердик, үй-бүлөлүк зомбулуктун жана адам сатуунун курмандыгы болгон аялдардын алардын үй-бүлө мүчөлөрүн колдоо көрсөтүүгө эсептелинген. Ал жакта жашоо мөөнөтү – 2 айдан 8 айга чейин, ал эми зарыл болгондо – 12 айга чейин.

1 Чыгыш Бавар коомунун колдоосунда.

**Айпери**, 44 жашта, 13 жаштагы уулу бар. Айпери күйөөсү менен 14 жыл жарандык никеде жашаган. Бирге жашаган аралыкта күйөөсү үзгүлтүксүз токмоктоп келген. 2011-жылы Айперинин күйөөсү Москва ш. иштегени кетип, экөө 3 ай телефон аркылуу сүйлөшүп турушкан, андан кийин күйөөсү анын чалууларына жооп бербей калган. 2015-жылы күйөөсү кайрадан пайда болуп, кечирим сурап, уулу менен Москвага келип чогуу жашоону өтүнгөн. Айпери күйөөсүнүн өзгөргөнүнө үмүт кылып, уулу экөө анын аркасынан барышкан.

Күйөөсү ижарага бөлмө алып, уулун мектепке киргизет. Өзү жумушунда жатып иштерин айтып, аялы, уулу менен бирге жашаган эмес. Айпери тигүүчү болуп жеке менчик цехке ишке кирген. Күйөөсү Бишкек ш. батир сатып алуу үчүн, Айперинин айлыгынын бир бөлүгүн ай сайын "Сбербанктагы" өзүнүн төлөм картасына которуп турууну сунуштаган.

Ал күйөөсүнө ишенип, айлык акысынын дээрлик баарын ай сайын которуп турган. 7 айдан кийин күйөөсү Балыкчы ш. жер тамдын сүрөтүн көрсөтөт, бирок аны сатып алганга каражат жетишсиз болот, ошондо жубайлар коммерциялык банктан 120 миң рубль кредит алууну чечишет.

Кредит Айпериге жол-жоболоштурулгандан кийин күйөөсү акчаны алып, дайынын чыгарбай качып кетет. Кредитти төлөш үчүн Айпери жанын аябай иштейт. Катуу стресс алганы үчүн башы оорулуу болуп калат, ошого карабастан кредитти жабыш үчүн иштей берет. 2018-жылдын март айында уулу экөөнү депортациялап ал жактан чыгарып жиберишет. Бишкектен ижарага батир алып, Айпери тигүүчү болуп кайра цехке кирип, иштей баштайт.

2018-жылы октябрь айында Айпери ооруканага түшөт, ага "боор циррозу" дарты коюлат. Ооруканадан чыккандан кийин Айпери иштей албай калат, дайыма дарыланып туруш керек болот. Ага жардам көрсөтө турган ата-энеси да, бир туугандары да жок. Айпери уулу менен "Сезим" кризистик борборнунун убактылуу баш калкалоочу жайына кабыл алынып, реабилитациялык жардам алып, "Нур" транзиттик социалдык үйүнө жиберилет. "Восток-Запад" долбоорунун алкагында өзүн-өзү өстүрүү, бизнести-пландоо боюнча тренингде окуп, кичи-грант жеңип алып, 5 катар жип сапталуучу тигүүчү машина алган.

2019-жылы июнь айында бооруна операция жасалып, ийгиликтүү бүткөн. "Элсом" электрондук капчыгы аркылуу каражат салган кайрымдуу адамдар аркылуу медициналык кароодон өткөн, дарылануусуна дагы демөөрчү табылып төлөп берген. Учурда Айпери уулу менен транзиттик үйдө жашап, оорусунан дарыланып жатат, ал жактан чыккандан кийин тикмечилик кылууну мерчемдөөдө. "Сезим" кризистик борбору түз катар тигүүчү жана жээктөөчү машина алып берди.

"Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 24-беренесинде ички иштер органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды өзүнүн макулдугу менен, токтоосуз жашоосуна жана ден-соолугуна коркунуч келбегидей жайга жайгаштырылуусу каралган. Кыргызстанда жыл сайын көптөгөн аялдар кризистик борборлорго кайрылышат.

Бүгүнкү күндө мамлекеттик кризистик борборлор жок. Мындай аялдарга көпчүлүк учурларда атайын “кризистик борборлорду” уюштурган бейөкмөт уюмдар көмөк көрсөтүшөт. Иштеп жаткан, жеке КБ көпчүлүгү гранттарга көз каранды экенин эске алганда, төмөнкүдөй кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчү мамлекеттик кризистик борборлорду (баш паанектерди, медициналык жардам көрсөтүүчү кызматкерлерди даярдоо, реабилитациялоо, анын ичинде, үй-бүлөлүк зомбулуктун ар кандай түрүнө кабылган адамдарга консультация берүү үчүн) түзүүнүн жана мамлекеттик колдоонун өктөм зарылдыгы келип чыгат:

1) юридикалык жардам,
2) медициналык кызмат көрсөтүүлөр,
3) убактылуу баш калка жайлары (шелтер)
4) психологиялык жардам.

Айыл жеринде жашаган аялдарды камтууну дагы камсыз кылуу зарыл. Бул көйгөй КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2016-жыл үчүн Жылдык баяндамасында белгиленген.

“Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги бейөкмөт уюмдар аркылуу турмуштун оор кырдаалына кабылган аялдарга кызмат көрсөтүүлөрдү берүүгө багытталган коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашырат.

Алып айтканда, 2014-жылдан 2018-жылга чейин жактырылган жана ишке ашырылган долбоорлордун ичинен 47 долбоор турмуштук оор кырдаалда калган үй-бүлөлөргө жана балдарга, анын ичинде ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга багытталган. Мамлекеттик социалдык тапшырыктын алкагында айтылган аралыкта каржылоо 4 млн. сомдон 32 млн. сомго чейин (8 эсе көп) көтөрүлгөн[1].

*3.1.4-мисал.*

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын дарегине жамааттык арыз менен “Демократиялык изилдөөлөр борбору” КФ башкармалыгынын төрайымы Л. Илибезова, “Кризистик борборлор ассоциациясынын” аткаруучу директору Т.Тюлекова жана “Шанс” кризистик борборунун директору Е.Ткачева кайрылышып, жаран А. Б. боюнча жагдайды териштирүүгө көмөк көрсөтүүнү суранышкан.

Кайрылууда А. Б. коргоо ордерин алууга көмөк көрсөтүүнү суранышкан. Мурун ал Бишкек шаарынын Свердлов РИИБ кайрылган, анын арызы КЖБР каттоого алынган, бирок коргоо ордерин берүүдөн баш тартылган, анткени РИИБ кызматкерлери жаран А.Б. карата зомбулук өзүнүн жолдошу, КР ИИМ кызматкери Б.Р.А. тарабынан жасалганын билишкен.

Бул жамааттык арызды кароодо КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан КР ИИМ министри К. А. Жунушалиевдин дарегине тийиштүү кат жиберил-

1 2014-2019-жж. аралыгында КР Балдар укуктары боюнча Конвенциянын аткарылышы боюнча мезгилдүү бешинчи баяндамада, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/217736.

ген. Министрдин жообунан белгилүү болгондой, А. Б. карата үй-бүлөлүк зордук-зомбулук фактысы боюнча 2019-жылдын 3-июлундагы арызы Бишкек шаарынын Свердлов райондук ИИБ тарабынан КР Жоруктар жөнүндө кодексинин 75-беренесинде каралган кылмыштын (үй-бүлөлүк зомбулук) белгилери боюнча КЖБР №03-003-2019-00... катталган жана учурда жоруктар боюнча аталган ИИБ тарабынан сотко чейинки текшерүү жүргүдө, анын жыйынтыгында мыйзамдуу чечим кабыл алынары маалымдалган. Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшү жана териштирилиши Бишкек шаардык ИИББ коомдук коопсуздук кызматы (ККК) тарабынан көзөмөлгө алынган.

Мындан тышкары, Бишкек шаардык ИИББ коомдук коопсуздук кызматы тарабынан кызматтык териштирүү жүргүзүлгөн, натыйжада Сверлов РИИБ №7 шаардык милиция бөлүмүнүн тергөөчүсү А. А. Сыдыковго жана ушул эле райондун ИИБ ыкчам нөөмөтчүсү, милициянын подполковниги Т. А. Зировго "Эскертүү" тартиптик чарасы көрүлгөн.

## ТЫЯНАК

Аялдарга карата зордук-зомбулук социалдык басым менен, эң башкысы – төмөнкүлөр менен: алар кабылган иш-аракеттер жөнүндө билдирүүгө жол берилбестен, айыптоо менен; укуктук кепилдиктер жана аларды камсыз кылуунун ыкмалары жөнүндө маалыматтын жоктугу менен; үй-бүлөлүк зордук-зомбулук менен күрөшүү боюнча агартуу чараларынын жетишпестиги менен ого бетер тереңдөөдө. Бул тең укуктуулукка жетүү үчүн тоскоолдук болуу менен, аялдардын жашоосуна коркуу жана коопсуздуктун жоктугу сезимин киргизет.

Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук таза "аялдар" темасы болуп калбашы керек. Коомчулук кылмыштуу зомбулук олуттуу коркунуч жаратарын түшүнүү менен, бул көйгөйдү көрүүсү керек.

## СУНУШТАМАЛАР

### КР ӨКМӨТҮНӨ:

1. Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин ишин координациялоо үчүн кошумча штаттык бирдик бөлүү;
2. Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан жабыркагандар үчүн мамлекеттик кризистик борборлорду, адегенде Бишкек жана Ош шаарларында ачуу маселесин кароо;
3. Турмуштук оор кырдаалда калган аялдарга кызмат көрсөтүүгө багытталган коомдук-пайдалуу долбоорлорду ишке ашыруу үчүн мамлекеттик социалдык тапшырыктарды каржылоону көбөйтүү маселесин кароо;
4. Үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жасаган адамдарга карата кармоо жана камакка алуу бөлүгүндө мыйзамдык өзгөртүүлөрдү демилгелөө, буга байланыштуу КР ЖПК 504-беренесине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча жумуштарды тездетүү.
5. КР ЖПКга үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка кабылган учурларда аялдарга жана балдарга карата көрсөтмөлөрдү депонирлөө боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү.

## КР ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИНЕ:

1. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» КР Мыйзамын ишке ашыруу максатында, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иштин субъекттеринин ишин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга иш планына үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоону ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүнү киргизүү;
2. Үй-бүлөлүк зомбулукка жол бербөө боюнча алдын алуу иш чараларын туруктуу негизде жүргүзүү (субьекттерге мониторинг жүргүзүү, агартуу иштерин жүргүзүү, социалдык тапшырыктардын негизинде долбоорлорду колдоого алуу, ченемдик-укуктук базаны иштеп чыгуу);
3. Башка органдар (ИИБ) менен бирдикте түзөтүүчү программаларды белгилөө жана өткөрүү механизмдерин иштеп чыгуу, документтештирүү, ошондой эле ишке тартылган органдардын жана уюмдардын ортосундагы маалымат алмашуу боюнча жол-жоболорду иштеп чыгуу.

## КР ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНЕ:

1. 1«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» КР Мыйзамын ишке ашыруу максатында, зордук-зомбулуктун күнөөкөрлөрү үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча түзөтүү программаларын киргизүү боюнча иштерди жүргүзүү;
2. Ички иштер кызматкерлери коргоо ордеринин колдонулуу мөөнөтү аяктаганга чейин укук бузуучунун ушул ордердин шарттарын аткарууларын (жеринде барып) көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруусу.
3. Жоруктар Кодексинин 75-беренесинде каралган (“Үй-бүлөдөгү зомбулук” бөлүмү) бир үй-бүлө мүчөсүнүн кандай гана болбосун аракеттери үчүн айып пул түрүндөгү жазаны жокко чыгаруу (II категориядагы 30 миңден 60 миң сомго чейин), анткени аны салуу бүтүндөй үй-бүлөнүн материалдык абалына терс таасирин тийгизет.

## КР БАШКЫ ПРОКУРАТУРАСЫНА:

1. Көзөмөлгө алуу планына үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча мыйзамдарынын  аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү 2020-жылга жана андан кийинки жылдарга киргизүү.

## КР ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО КЫЗМАТЫНА:

1. Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында, никени каттоо үчүн кайрылуу учурунда жубайлардын зордук-зомбулуксуз жүрүм-турумдары жөнүндө агартуу иштерин жүргүзүү.

## 3.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БАЛДАРГА КАРАТА ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК МАСЕЛЕЛЕРИЕ

Кыргыз Республикасы БУУнун Баланын укуктары жөнүндө Конвенциясынын катышуучусу болуп саналат, негизине ар кандай чөйрөдөгү балдардын укуктарына байланыштуу укуктук жоболорду камтуу идеясы менен улуттук деңгээлде КР Балдар жөнүндө Кодекси кабыл алынган. Мамлекеттик органдар, жарандык жана эл аралык уюмдар тарабынан жасалган бардык күч-аракеттерге карабастан, чындыгында, балдардын зордук-зомбулукка кабылуусу уланууда.

Баланын укуктары боюнча Конвенция мүчө-мамлекеттерди зордук-зомбулуктун бардык түрлөрүнөн баланы коргоо укуктарын ишке ашыруунун алкагында "...алдын алуу, аныктоо, билдирүү, кароо үчүн берүү, иликтөө, дарылоо жана балдарга аёосуз мамиле жасалган учурларга байланыштуу андан кийинки чаралардын башка түрлөрүн жүзөгө ашырууну..." камтыган чараларды көрүүгө милдеттендирет[1].

**Туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү максаттардын негизги тапшырмаларынын бири 16.2 Туруктуу өнүгүүнүн чөйрөсүндө 2030-жылга чейинки күн тартиби "Балдарга карата мамилелерде уруп-согууларга, бала эмгегин пайдалануларга, сатууга жана зордук-зомбулуктун жана кыйноолордун бардык түрлөрүнө чекит коюу" болуп саналат.**

Зордук-зомбулук ар түрдүү шарттарда: үйдө же коомдук жайларда болушу мүмкүн. Баланын укугун коргоо КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун ишинин артыкчылыктуу багыты болуп саналат, анын курамында "Балдарды, аялдарды жана үй-бүлөлөрдү коргоо боюнча бөлүм", ошондой эле иш-милдеттери Акыйкатчынын орун басарларынын бирөөнө жүктөлгөн Балдар Омбудсмени бар.

2015-жылы КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан Кыргыз Республикасында балдарга карата зордук-зомбулук менен күрөшүү жөнүндө Атайын баяндама даярдалганын эсиңиздерге салабыз, анда ар кандай мекемелерде жана үй-бүлөлөрдө балдарга карата зордук-зомбулук учурларынын кеңири таралгандыгы белгиленген. Баяндамада зордук-зомбулуктун пайда болушунун тутумдуулугу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) бир нече сунуштамаларына карабастан, мамлекет тарабынан чечилбеген бир катар маселелер орун алып келатканы белгиленген.

Эки жыл өткөндөн кийин, 2017-жылы Акыйкатчы (Омбудсмен) тарабынан балдарга карата зордук-зомбулуктун чектен чыккан учурлары чагылдырылган **«Кыргыз Республикасында балдарга карата зордук-зомбулук, сот адилеттигин ишке ашыруу: мыйзамдар жана практика**» деген темада Атайын баяндама даярдалган.

2018-жыл үчүн даярдалган Жылдык баяндамада балдарга карата зор-

1 Конвенциянын 19-беренеси, https://www.un.org/ru/dokuments/decl_conv/conventions/childcon.shtml.

дук-зомбулук маселелери **"Балдарга жана эмгек мигранттарынын балдарына карата зордук-зомбулук маселелери" бөлүмүндө чагылдырылган, анда "балдардын аялуу категориялары"** катары мигранттардын балдарына байланышкан маселелерди укуктук жөнгө салуунун өтө зарылдыгы белгиленген.

Ошентип, 2017-жылы жашы жетелектерге карата **1107** кылмыш катталган, 2018-жылы – **1368**, 2019-жылы – **2404**.

Ошондой эле Акыйкатчынын (Омбудсмендин) 2018-жыл үчүн даярдалган Жылдык баяндамасында 2018-жылы аёосуз мамилелердин белгилери менен медициналык мекемелерге жардам алуу үчүн жашы жетелек 50 бала түшкөнү белгиленген, анын ичинен 23ү эркек бала жана 28и кыздар болгон, ошол эле убакта 2017-жылы мындай 55 учур катталган, анын ичинен: 32си эркек бала жана 23ү кыздар болушкан.

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан 2009-жылдан 2018-жылга чейин жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, жашы жетелектерге карата зомбулуктар, көпчүлүк бөлүгү, аталар тарабынан – **163 учур**, энелер тарабынан – **47 учур**, өгөй аталар тарабынан – **49 учур**, өгөй энелер тарабынан – **8**, туугандары тарабынан – **55**, мугалимдер тарабынан – **8**, кошуналары тарабынан – **34**, башка адамдар тарабынан – **59**, белгисиз адамдар тарабынан – **41**, милиция кызматкерлери тарабынан – **2** жасалат [1].

Өкүнүчтүүсү, балдарга карата зордук-зомбулукка байланыштуу көйгөйлөр актуалдуу бойдон калууда. Бул жерде негизги себеп: зордук-зомбулуктун жазасыздыгы, ата-энелердин жоопкерчиликсиздиги, оор турмуштук кырдаалдар жана алдын алуу механизмдеринин жетишпестиги болуп саналат.

Көп учурларда, балдарга карата зордук-зомбулук психологиялык зомбулук менен коштолот, бул балдардын келечегине терс таасирин тийгизет. Зордук-зомбулукка кабылган балдар көп учурларда өз балдарына карата ушул сыяктуу аракеттерди кайра кайталоолорунун ыктымалдыгы жогору.

КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин маалыматы боюнча 2018-жылы үйлөрдү кыдырганда турмуштук оор кырдаалдарда жашаган **4278 бала** аныкталган. Алардын ичинен **94** бала аёосуз мамилеге жана зордук-зомбулукка кабылышкан.

КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинини 2019-жыл үчүн маалыматында турмуштук оор кырдаалдарда жашаган **5824 бала** аныкталган. Аёосуз мамилелерге жана зордук-зомбулуктарга дуушар болгон балдар жөнүндө маалыматтар категориялар боюнча берилген: 1) дене бойлук зордук-зомбулук – **152**, 2) сексуалдык зордук-зомбулук – **62**, 3) психикалык зордук-зомбулук – **26**. Баардыгы – **240 бала**.

*3.2.1-мисал.*

Ошентип, ЖМК маалыматтарында белгиленгендей, 20.06.2019-жылы Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи май райондук ҮБКБ кызматкерине Бишкек

1 КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин каты (чыг. №04-1/3-2019).

шаарындагы Биринчи май ИИБ ЖӨИИ кызматкери телефон чалып, Батыш автобекетинин аймагында жашы жетелек эки кыз улуулардын коштоосусуз Ош шаарына кетүүгө камынып жаткандыгын кабарлаган. ҮБКБ кызматкери жана Акыйкатчынын орун басары Г. Жамгырчиева менен биргеликте аталган жерге барышканда, жашы жетелек кыздардын Ош шаарына, атасына кетүүгө аракет кылган маалыматтын чындыгы ырасталган. Алар Бишкек шаарында эжесинин үйүндө жашашкан, кыздардын айтуусунда эжеси кыздарды уруп-сабаган жана ошондуктан алар үйдөн качып кетүүнү чечишкен.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын жана Бишкек шаардык мэриясына караштуу кароосуз балдарды жана жаштарды калыбына келтирүү борборунун өкүлдөрүнүн биргелешкен иш-аракеттеринин натыйжасында, бул балдардын коопсуздугун жана корголушун камсыз кылуу үчүн өз убагында тиешелүү чаралар көрүлгөн. 2019-жылдын 3-июлунда Акыйкатчынын аппаратында кыздардын эжеси жана атасы менен жолугушуу болуп, Биринчи май районунун Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы балдар иштери боюнча комиссиясынын чечими менен кыздар атасына кайтарылган.

*3.2.2-мисал*

Чүй облусунун ИИБ маалыматы боюнча Чүй облусунун Сокулук районунда жашаган киши өзүнүн балдарын сабаган деп шектелген. 2019-жылдын 22-июнунда дарыгерлер ооруканага денеси көк ала болгон 3 жана 5 жаштагы балдарды алып келишкендигин милицияга кабарлашкан[1].

Бул балдардын 26 жаштагы апасынын айтуусунда, 21-июнда, болжол менен саат 20:00дө анын кошунасы телефон аркылуу күйөөсү мас абалында балдарын сабап жаткандыгын билдирген. Энеси дароо эле жумуштан үйгө чуркап келип, 3 жаштагы баласы жаткандыгын жана 5 жаштагы баласы анын жанында отургандыгын көргөн. Андан соң аял ооруканага кайрылган.

Ал күйөөсүнө эч кандай доосу жок экендигин жана териштирүүлөрдү токтотууну суранып милицияга арыз менен кайрылган. Бирок милиция бул фактыны КР ЖК "Кыйноо" беренеси менен каттаган. Тартип коргоочулар балдардын 26 жаштагы атасын суракка алышканда, ал сабоо фактысын мойнуна алган эмес. Ал кармалып, УКЖ киргизилген.

*3.2.3-мисал*

2019-жылдын 14-ноябрында КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратына «Акцент» фондунун жетекчиси, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) коомдук башталыштагы жардамчысы Анна Макарова арыз менен кайрылып, Ак-Булуң айыл өкмөтүндөгү Фрунзе айылында чоочун адамдар баланы (8-9 жаштагы) мал кайтарууга мажбурлап жаткандыгын жана ал начар шартта жашаарын билдирген.

Чындыгын аныктоо жана баланын укуктарынын бузулушуна жол бербөө боюнча чараларды көрүү максатында Акыйкатчынын аппаратында бул фактыны карап чыгуу үчүн комиссия түзүлгөн[2].

1 https://kaktus.media/doc/393493_myjchina_izbil_svoih_malenkih_detey._mat_pretenziy_ne_imeet.html.

2 КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) 2019-жылдын 15-ноябрындагы №218 буйругу.

2019-жылдын 18-ноябрынан тартып 20-ноябрына чейин Комиссия Ысык-Көл облусуна барган. Тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жолугушуулар өткөрүлгөн. Ошондой эле Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Фрунзе айылына барышып, жашы жетелек, 2010-жылы туулган Б.И. аттуу бала жашаган үйдүн ээси Р.Шаршееванын кошуналары менен жолугушкан. Комиссиянын ишинин жыйынтыгында тиешелүү сунуштамалар даярдалып, бийликтин ар кандай органдарына жолдонгон.

## БАЛАГА СЕКСУАЛДЫК ЖАКТАН ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК КӨРСӨТҮҮ

Балдарга карата болгон сексуалдык кылмыштардын 90%га чейинкиси балдар дагы, ата-энелер дагы ишенген – алардын жакын туугандары же үй-бүлөнүн жакын достору тарабынан жасалат. Басымдуу көпчүлүк учурларда, зордук-зомбулук катардагы эле адамдар тарабынан жасалат, алар үчүн балдар жеңил-желпи жана оңой олжо болот.

Ошол эле учурда, мисалга алсак, балдарга болгон сексуалдык зомбулуктун 40% учуру балдардан үч-төрт жаш улуу өспүрүмдөр тарабынан болот[1].

Негизинен сексуалдык зордук-зомбулуктан жабыр тарткандар – кыздар. Зордуктоого көбүнчө 11-16 жаштагы балдар кабылышат, ошол эле учурда кичине балдардын көбү (4 жаштан 10 жашка чейин) сексуалдык мүнөздөгү күч колдонуу аракеттерине көп дуушар кылынат. Тууганы тарабынан болгон зордук-зомбулук көбүнчө бала жашаган үйдө, ал эми чоочун адам тарабынан болгон зордук-зомбулуктар көчөдө жасалат.

Сексуалдык зордук-зомбулуктун түрлөрү:

- зордуктоо
- сексуалдык мүнөздөгү күч-аракеттер
- сексуалдык мүнөздөгү ыплас иш-аракеттер

*3.2.4-мисал*

Өспүрүм кыздын зордукталгандыгы, анын боюнда болуп, 2019-жылдын 4-июлунда уул төрөгөндүгү тууралуу факт 2019-жылдын 29-августунда Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде (КЖБР) катталган.

Ал төрөтканага келгенде, ата-энеси паспортун жоготуп жиберишкендигин жана кыздын жашы жеткендигин айтышкан. Жабырланган кыздын үй-бүлөсү 2010-жылы Тажикстандан көчүп келишкен. Улуу кызынан башка дагы үй-бүлөдө беш баласы бар. Милициядан кабарлашкандай, 14 жаштагы кызды зордуктаган адам өзүнүн атасы болуп чыккан. Ага “Зордуктоо” беренеси боюнча айып тагылып, соттолгон.

1 http:/njvayagazeta.ru/articles/2019/10/01/82189-sobrat-zanovo.

## 3.2.1-ТАБЛИЦА. СЕКСУАЛДЫК ЗОРДУК-ЗОМБУЛУККА КАБЫЛГАН БАЛДАРДЫН САНЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ[1]

| | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. | **Баары** |
|---|---|---|---|---|
| Сексуалдык зордук-зомбулукка кабылган балдардын саны | 55 | 51 | 62 | 168 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, жыл сайын зомбулукка кабылган балдардын саны азайбайт. Өкүнүчтүүсү, биздин өлкөдө жашы жетелек балдарга карата зордук-зомбулук маселеси актуалдуу бойдон калууда жана анын негизги себептеринин бири катары жабыр тарткан балдардын сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнүн мыйзамсыздыгы жана чектелгендиги болуп саналат.

### ТЫЯНАКТАР

Балдарга карата зордук-зомбулук азыркы коомдогу глобалдуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Негизинен, КР мыйзамдары балдар укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга ылайык келет.

Зордук-зомбулукту болтурбоо үчүн ата-энелер жана алардын туугандары менен туруктуу негизде түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, балдарды зордук-зомбулуктан коргоо жана үй-бүлөлөр менен балдарга жардам көрсөтүү боюнча алдын алуу чараларын күчөтүү зарыл. Мындан тышкары, туруктуу негизде социалдык өнүгүү органдарынын, жашы жетелектер менен иштөө боюнча инспекциялардын, башка аймактык мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин, ошондой эле социалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу зарыл. Мамлекеттик органдардын ортосунда жашы жетелектердин укуктарын коргоо маселелери боюнча өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу боюнча иштерди күчөтүү зарыл.

КР Акыйкатчысы өзүнүн жылдык баяндамаларында балдарга карата зордук-зомбулукту жоюу боюнча чараларды ар дайым сунуштап келе жатат.

Зордук-зомбулуктун курмандыктары болгон балдарга жана оор турмуштук кырдаалдарга тушуккан балдарга комплекстүү жардам (медициналык, социалдык, психологиялык, юридикалык) көрсөтүү шаарлардын мэрияларына жана жергиликтүү администрацияларга караштуу Балдарга жардам берүү борборлорунда көрсөтүлөт. Бул борборлордо зордук-зомбулуктун курмандыктары болгон балдарды коргоого жекече мамиле жасалат. Өкүнүчтүүсү, жабырлануучулар адистештирилген жардам ала турган мындай борборлор бардык эле аймактарда бар эмес.

Адистерди даярдоо, мисалы, милиция кызматкерлерин, прокурорлорду, баланын юридикалык жана башка өкүлдөрүн, сотторду, пробация кызматынын кызматкерлерин, социалдык чөйрөлөрдүн кызматкерлерин жана башка олуттуу мааниге ээ адамдарды даярдоо, жана бул даярдоо тутумдашты-

1 Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин маалыматы боюнча

рылган жана үзгүлтүксүз негизде ишке ашырылышы керек. Бул адистер балдардын дене бойлук, психологиялык жана социалдык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, ошондой эле аёого муктаж балдардын өзгөчө керектөөлөрү жөнүндө билимдерге ээ болуулары зарыл.

Ошентип, КР мыйзамдарынын аткарылышын прокурордук көзөмөлгө алууну жүзөгө ашыруунун алкагында, жашы жетелектерди ички иштер органдары тарабынан профилактикалык каттоого алуу жана андан чыгаруунун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү туруктуу негизде текшерилип турат.

Өзүнүн ата-энелик милдеттерин жүзөгө ашырууда ата-энелер жана алардын ордун ээлеген адамдар өз баласына, анын акыл-эсинин өсүүсүнө терс таасирин тийгизе турган дене бойлук жана психикалык зордук-зомбулуктарды келтирбеши керек. Баланы тарбиялоо ыкмалары адамдык ар-намысты басмырлабагандай, жакшы маанайда болушу зарыл.

## СУНУШТАМАЛАР

### КР БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИНЕ:

1. Балдарга болгон аёосуз мамилелердин алдын алуу максатында (денесине залал келтирип жазалоо жана катуу тартиптик чаралар) төмөнкүлөр зарыл:

- жакшы маанайда тарбиялоо боюнча ата-энелер үчүн курстарды уюштуруу;
- мектептерде окуучулар үчүн балдар укуктары боюнча класстык сааттарды өткөрүү;
- зордук-зомбулук фактылары боюнча, ошондой эле мектепке келбеген балдар тууралуу маалыматтарды балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга токтоосуз билдирүү боюнча билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин милдеттерин бардык мектептерде жайылтуу.

### КР БАШКЫ ПРОКУРАТУРАСЫНА:

1. Балдарды коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын аткарылышы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, социалдык өнүгүү жана эмгек башкармалыктарынын, балдардын иши боюнча комиссиянын иштерин көзөмөлгө алууну күчөтүү.

### КР ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИНЕ:

- Мигранттардын балдарын жана оор турмуштук кырдаалдарда жашаган балдарды маалыматтардын базасына киргизүү боюнча көзөмөлдү күчөтүү.
- Туруктуу негизде турмуштук оор кырдаалдагы балдарды аныктоо боюнча мониторинг жүргүзүү, аларга жана алардын үй-бүлөсүнө туруктуу негизде социалдык жардам көрсөтүү.
- Үй-бүлөлөрдү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн иштерин көзөмөлдөөнү күчөтүү.

# 4-БӨЛҮМ. ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР

## 4.1. ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДӨГҮ ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН УКУКТАРЫ

КР чет өлкөлөрдөгү эмгек мигранттарынын саны 870 миң адам деңгээлинде бааланат. Эмгек мигранттарынын укуктук режими ар бир өлкөнүн өзгөчөлүгүнө жараша болот. 2019-жылы Россия өлкөлөр боюнча акча которуулардын өлчөмүнө чектөөлөрдү киргизген. Эмгек мигранттарынын келүү режими, банк тутумунун либералдуулугу, акча которууларга жана алардын өлчөмдөрүнө талаптар ЕАЭБ мүчө-өлкөлөрүнүн ичинде айырмаланат. КР жарандары иштеп келүү үчүн негизинен Россия, Казакстан, Түркия жана АКШга барышат. Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасы Бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенциянын катышуучусу болуп саналышат, аталган келишим эл аралык бирдиктүү каражат болуп калмак, ал эми Россия Федерациясы жана Казакстан Республикасы БУУнун бул келишимине катышпайт.

Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарын эки тараптуу келишимдер менен же ЕАЭБ сыяктуу региондук уюмдар аркылуу жөнгө салуу зарыл. Атап айтканда, келип чыгуучу инциденттерди натыйжалуу териштирүүлөр, эмгек шарттарынын кепилдиктери жана төлөөлөрдүн өз убагындалыгы, чет өлкөдө укуктук коргоонун натыйжалуулугун камсыз кылуу, ошондой эле жазаларды өтөө жана жарандардын Мекенине кайтып келүү маселелерин жөнгө салуу зарыл.

Ар түрдүү булактар боюнча, 2019-жылдын августуна карата Кыргыз Республикасынын чектеринен сырткары 870 миң эмгек мигранттары жүрөт (өлкөлөр боюнча бөлүштүрүлгүчү маалыматтар төмөн жакта берилген). КРнын Евразиялык Экономикалык Бирликке (ЕАЭБ) кириши товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү рыногун түзүүдө катышуучу-мамлекеттердин (Бирликтин мүчөлөрү болуп Армения, Беларусь, Казакстан Республикасы, Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы саналат)[1], жарандарынын жана уюмдарынын бирдей статусун камсыз кылуу механизми катары каралган. Иш тажрыйбада жарандардын башка мамлекеттердин аймактарында болуусу жана бизнес жүргүзүүсү белгилүү бир өзгөчөлүктөр менен коштолот.

Россиянын Борбордук Банкынын 2019-жылдын 16-апрелиндеги сунуштамасына ылайык, акча которуулардын тутумуна ай сайын которулуучу сумманын өлчөмүнө чектөө киргизилди, бирок белгиленген лимиттер ЕАЭБ катышуучу-өлкөлөрүнүн ортосунда айырмаланат.

1 Евразиялык экономикалык бирлик тууралуу келишим, 2014-жылы 29-майда кол коюлган жана 2015-жылдын 1-январынан күчүнө кирген, https://ru.sputnik.kg/economy/20191009/1045919486/russia-eehk-denezhnyj-perevod-migrant-ogranichenie.html.

2019-жылдын апрелинде россиялык төлөм тутумдары Кыргыз Республикасына ай сайын которуунун өлчөмү ЕАЭБ мүчөсү болуп саналбаган Вьетнам жана Кытай менен бир катарда 100 миң рубль лимит киргизди. Мында Казакстан үчүн чектөө 150 миң рубль өлчөмүндө белгиленген[1], Беларусияга бир жолку которуу 90 миң рубль өлчөмүнөн ашпоого тийиш[2]. Армениянын Борбордук Банкы Россиядан жана Казакстандан Арменияга акча которууларга чек коюлганын төгүндөгөн[3]. Чектөөлөр киргизилгенден кийинки 9 айда КРга которуулардын өлчөмү 200 млн. АКШ долларына чейин азайган[4].

Которуулардын чегин кайра кароо тууралуу Кыргызстандын өтүнүчү 2019-жылдын 19-декабрында гана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн премьер-министрлеринин деңгээлиндеги тийиштүү сүйлөшүүлөрдөн кийин канааттандырылган, бирок акча которуулардын чегин жогорулатуу *«Юнистрим» которуулар тутумун колдонгон шартта гана мүмкүн болду. Атап айтканда, билдирилгендей «Юнистрим» төлөө тутуму Кыргызстанга чек ара аркылуу акча которуулардын шартын өзгөрттү, ага ылайык мындай которуулардын максималдуу суммасы акчанын келип чыккан булагын тастыктабай туруп 150 миң рубль болуп өзгөрдү»*[5].

Эмгек мигранттарынын абалы эмгек келишиминин болушуна жараша болот, ал жалдоочунун ар кандай чегерүүлөрдү төлөөдөн качуу максатында дайыма эле жол-жоболоштура берилбейт. Өз кезегинде бул эмгек мигранттарын коргоонун жоктугуна алып келет. 2019-жылы КР жана РФ ортосундагы эки тараптуу келишимдин алкактарында эмгек мигранттары болгон жарандардын пенсиялык камсыз кылуу тууралуу маселеси каралган. КР жарандарынын даттанууларынын кыйла саны РФ көзөмөлдөөчү органдары тарабынан иш-аракеттерге же аракетсиздиктерге тиешелүү.

Миграция маселелери боюнча КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы тарабынан 1899 кыска номерлүү "кызуу байланыш" ишке киргизилген.

1948-жылы кабыл алынган Адам укуктарынын жалпы декларациясына ылайык, *"Ар бир адам ар бир мамлекеттин чегинде ээн-эркин жүрүүгө жана өзүнө жашай турган жер тандап алууга укуктуу"*[6], ошондой эле *"Ар бир адам эмгектенүүгө, ишти эркин тандап алууга, эмгектин адилеттүү жана ылайыктуу шарттарына ээ болууга жана жумушсуздуктан корголууга укуктуу"*[7].

Декларациянын жоболорунда жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл

1 Караңыз: https://www.vedomosti.ru/finance/articles/2019/04/28/800419-denezhnih-perevodov-limiti.

2 Караңыз: https://www.kp.ru/guide/denezhnye-perevody-v-sng.html.

3 Караңыз: http://www.armbanks.am/2019/06/05/121883/.

4 Караңыз: https://www.gezitter.org/economics/82564_ekonomist_ogranichenie_rossiyskogo_tsentrobanka_tolkaet_kyirgyizstan_v_krizis/.

5 Караңыз: https://ru.sputnik.kg/economy/20191219/1046550117/russia-kyrgyzstan-limit-denezhnye-perevody.html.

6 Караңыз: Адам укуктарынын жалпы декларациясы, 13-берене,1-пункт, https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml.

7 Караңыз: Адам укуктарынын жалпы декларациясы, 23-берене,1-пункт,, https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml.

аралык пактынын жоболору камтылган, Кыргыз Республикасы да ал боюнча өзүнө милдеттенме алган: «Ар кимге, эгер кайсы-бир мамлекеттин аймагында мыйзамдуу жүрсө, ал мамлекетке таандык болсо, ушул аймактын чегинде эркин басып жүрүүгө жана жашаган жерин тандап алууга укуктуу. Ар бир адам ар кайсы өлкөдөн анын ичинде өз өлкөсүнөн да чыгып кетүү укугуна ээ. Бул укуктарды чектөө мыйзамда каралууга тийиш жана  улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоо, башка жактардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо үчүн гана чектелиши мүмкүн жана адамдын башка укук жана эркиндиктери менен  шайкеш болууга тийиш. Эч ким өз өлкөсүнө кайтып келүү укугунан ажыратылбоого тийиш»[1].

Эл аралык келишимдин мүчөсү болгон кайсы-бир мамлекеттин  аймагында мыйзамдуу түрдө жүргөн чет өлкөлүк мыйзамга ылайык чыгарылган чечимдин негизинде гана ал жактан чыгарылышы мүмкүн, эгер мамлекеттик коопсуздуктун императивдик ченемдери башканы талап кылбаса, чет өлкөлүк өзүнүн чыгарылып салынышына каршы жүйөлөрдү келтирип, өз ишин компетенттүү бийлик же компетенттүү бийлик тарабынан атайын дайындалган адам же адамдар тарабынан кайра каратууга жана ушул максатта компетенттүү бийликтин, адамдардын алдында болууга укуктуу[2].

Кыргыз Республикасы "Бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө" Эл аралык конвенциянын катышуучусу болуп саналат3. КРнын эмгек мигранттары үчүн артыкчылыктуу багыт болуп саналган (Россия Федерациясы, Казакстан Республикасы, Түркия жана Түштүк Корея) мамлекеттердин ичинен  Түркия гана аталган келишимдин катышуучусу болуп саналат, ал келишимди мамлекеттер аралык укуктук каражат катары колдонууга болот[4].

Кыргыз Республикасынын Конституциясы "Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, мыйзамда же Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимде белгиленгенден башка учурларда Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укуктардан пайдаланат жана милдеттерди аткарат"[5], деп тааныйт.

БУУнун экономикалык жана социалдык маселелер боюнча департаментинин маалыматы боюнча дүйнө жүзүндө 258 миллиондон ашуун адам мигрант болуп саналат. 2000-жылдан тартып мигранттардын жалпы саны 49%.га көбөйгөн. Алардын 26 миллиону качкындар болуп саналышат.  Мигранттардын эң көп саны АКШда - 49,8 млн. адам. Андан ары Сауд Аравиясы, Германия жана Россия турат, ал өлкөлөрдүн  ар биринде 12 миллионго чейин жер которгондор жашашат. Глобалдуу деңгээлде алганда мигранттардын кыйла бөлүгүн Россиядан, Кытайдан, Бангладештен, Сириядан,

1 Караңыз: Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты (ЖСУЭП) 12-берене, https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml.

2 Караңыз: ЖСУЭП 13-берене

3 Караңыз: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/migrant.shtml.

4 Түркия 2004-жылдын 27-сентябрынан бери ЭМКнын катышуучусу, Караңыз: https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/TreatyBodyExternal/Treaty.aspx?CountryID=144&Lang=RU.

5 Караңыз: КР Конституциясынын 19-беренесинин 1-пункту, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913.

Пакистандан жана Украинадан чыккандар түзөт[1]. Бүгүнкү күндө дүйнөдө 3 миллиондон ашуун адам баш паанек издегендер болуп саналышат, 40 миллиондон ашуун адам ички жер которгон адамдар[2].

### 4.1.1-ТАБЛИЦА. КР ЖАРАНДАРЫ - ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН БАРГАН ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ САНЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР (2019-ЖЫЛ ҮЧҮН МААЛЫМАТТАР БОЮНЧА)[3].

| | |
|---|---|
| Россия Федерациясында **(Россия)** | – 728 миң адам |
| Казакстан Республикасында **(Казакстан)** | – 35 миң адам |
| Түркия Республикасында **(Түркия)** | – 30 миң адам |
| Америка Кошмо штаттарында **(АКШ)** | – 15 миң адам |
| Германия Федеративдүү республикасында **(ФРГ)** | – 8 миң 575 адам |
| Корея Республикасында **(Түштүк Корея)** | – 6 миң 550 адам |
| Бириккен араб Эмираттарында **(БАЭ)** | – 5 миң 500 адам |
| Италия Республикасында **(Италия)** | – 5миң 500 адам |
| Франция Республикасында **(Франция)** | – 2 миң 400 адам |
| Бельгия Королдугунда **(Бельгия)** | – 1 миң 820 адам |
| Япония мамлекетинде **(Япония)** | – 516 адам |
| Катар мамлекетинде **(Катар)** | – 512 адам |
| Австрия Республикасында **(Австрия)** | – 500 адам |
| Швейцария Конфедерациясында **(Швейцария)** | – 250 адам |
| Кувейт мамлекетинде **(Кувейт)** | – 210 адам |
| **Баардыгы** | **870 миң 333 адам** |

Россияда кыргыз эмгек мигранттары эмгектенген негизги аймактар болуп, биринчи кезекте Москва ш., (191 963 адам.) жана Москва облусу (95 556 адам.), Оренбург облусу (68 408 адам.), Санкт-Петербург (28 419 адам.). Андан ары Новосибир облусу (31 319 адам.), Краснояр крайы (11 335 адам.) жана Свердлов облусу (21 535 адам.) саналат[4].

КР жарандары болгон эмгек мигранттары өз үй-бүлө мүчөлөрүн колдоону акча которуулар аркылуу камсыз кылып турушат. 2019-жылдын 16-апрелинде РФ Борбордук Банкынын сунуштамасы боюнча акча которуулар тутумуна

1 2019-жылдын 19-декабрына маалыматтар, https://life.ru/p/1071620.

2 https://www.un.org/ru/sections/issues-depth/migration/index.html.

3 https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=1162.

4 КРӨ караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын 2018-жылдын январь-сентябрь айларына маалыматы (чыг. № 03-15/63, 10.01.2019-ж.).

Россия Федерациясынан  ай сайын акча которуулардын өлчөмдөрүнө чектөө киргизилди, белгиленген лимиттер ЕАЭБ катышуучу-өлкөлөрүнүн ортосунда айырмаланат.

Жогоруда айтылгандай 2019-жылдын апрелинде россиялык төлөм тутумдары ЕАЭБге мүчө болуп саналбаган Вьетнамга жана Кытайга которуулар менен катар эле Кыргыз Республикасына ай сайын акча которуунун өлчөмү 100 миң рубль менен чектелди. Мында Казакстан Республикасына которуулар үчүн ай сайынкы чектөө 150 миң рубль болуп белгиленген[1], Беларусь Республикасына бир жолку которуунун өлчөмү 90 миң рубльдан ашпоого тийиш[2]. Армениянын борбордук банкы Россиядан жана Казакстандан Арменияга которууларга чектөөлөрдүн болушун төгүндөдү.

Которуулардын лимитин кайра карoo тууралуу  Кыргызстандын өтүнүчү 2019-жылдын 19-декабрында гана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн премьер-министрлеринин деңгээлиндеги тийиштүү сүйлөшүүлөрдөн кийин канааттандырылган, бирок акча которуулардын лимитин жогорулатуу «Юнистрим» которуулар тутумун колдонгон шартта гана мүмкүн болду. Атап айтканда, билдирилгендей «Юнистрим» төлөө тутуму Кыргызстанга транс чек аралык акча которуулардын жөнөтүүнүн шартын өзгөрттү, ага ылайык мындай которуулардын максималдуу суммасы  акчанын келип чыккан булагын документалдык ырастоосуз 150 миң рубль болуп өзгөрдү[3].

**Россиянын Борбордук банкы көмүскө операциялар менен күрөшүү лимитин белгилөөнү түшүндүрдү. КР Улуттук банкынын баалоолору боюнча жеке жактар "Золотая корона", "Contact" жана "Wester Union"** акча которуулар тутуму аркылуу Россиядан Кыргызстанга орточо **30 миң рубль** жөнөтөт. Чектөө юридикалык жактарды түзбөстөн өз ишин жүзөгө ашырган жана акча которуулар тутуму аркылуу товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө жүргүзгөн ишкерлер менен күрөшүү үчүн киргизилген. Атап айтканда, россиялык тарап өз чечимин "рыноктордо соода-сатык жүргүзүшкөн чет өлкөлүк жарандар, жеке ишкер катары катталбастан жана юридикалык жактарды түзбөстөн товарлардын партияларына төлөө үчүн түшкөн акчаларды ушундай түрдө жөнөтүшөт" деп түшүндүрдү. Эми кыргызстандыктар чоң суммаларды россиялык банктардагы өзүлөрүнүн эсептери аркылуу гана Кыргызстанга которо алышат.

Ушул чектөөлөрдүн натыйжасында 2019-жылдын 9 айында РФтен КРга которуулардын өлчөмү 200 млн. АКШ долларына төмөндөдү жана 1 млрд. 780,4 миллион АКШ долларына жеткен. Сентябрь айында мигранттар КРга 209,9 миллион АКШ долларын которушкан. Бир айдын ичинде которуулардын көлөмү  9,5 миллион долларга төмөндөгөн, ал эми өткөн жылдын ушул мезгили менен салыштырганда 17,7 миллион долларга азайган.

Акча которуулардын 90%дан ашууну Россия Федерациясына туура келет,

1 Караңыз: https://www.vedomosti.ru/finance/articles/2019/04/28/800419-denezhnih-perevodov-limiti.

2 Караңыз: https://www.kp.ru/guide/denezhnye-perevody-v-sng.html.

3 Караңыз:https://ru.sputnik.kg/economy/20191219/1046550117/russia-kyrgyzstan-limit-denezhnye-perevody.html.

ал 1 миллиард 745,2 миллион АКШ долларын түзөт. Акча которуулардын көлөмү боюнча АКШ экинчи орунда турат, анын көлөмү - 23,4 миллион долларды түзөт[1].

Эмгек мигранттарынын чет өлкөдө туулган же өскөн балдары өзүлөрүнүн иденттүүлүгүн – тилин, салттарын жана маданиятын жоготушат. Ушуга байланыштуу айрым ата-энелер эне тил курстарын уюштурууга же өз балдарын тил, каада-салт жана үрп-адаттарды үйрөнүү үчүн жайкы лагерлерге жөнөтүүгө умтулушат, башкалары бөлөк  өлкөнүн жарандыгын алганына байланыштуу "тарыхый мекени" менен байланышы үзүлөт.

2019-жылы эмгек мигранттарынын көйгөйлөрүнө байланышкан маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) наамына 92 даттануулар жана арыздар келип түшкөн, алар  төмөнкү темаларга байланыштуу: жарандык маселелери, айлык акынын төлөнбөгөнү, соттолгон жарандарды экстрадициялоо жана кармалгандарды Кыргыз Республикасында кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн өткөрүп берүү, "Жүк-200", барган өлкөсүнүн укук коргоо органдарынын аракетине жана адилеттүү соттук териштирүү маселелери боюнча, КР Акыйкатчысынын РФдагы коомдук башталыштагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн убактылуу кармоочу жайларга баруусун суранып жана документтерди жана маалымкаттарды алуу боюнча кайрылышкан.

Россия Федерациясында жүргөн эмгек мигранттарыбызга маалыматтык, укуктук, маданий-билим берүүчүлүк жардам берүү максатында КР Акыйкатчысы кыргыз диаспорасы коомдук уюмдарынын сунуштамаларынын негизинде Акыйкатчынын коомдук башталыштагы өкүлдөрүн дайындаган. 2019-жылы кыргыз диаспораларынын биргелешкен уюму "Кыргыз конгресс" Жалпы Россиялык уюму менен (президенти К.Кожоев) жана кыргызстандыктардын жана мекендештердин "Замандаш" эл аралык ассоциациясы (директор М.А.Жапанов) жана тынчтыкты, достукту жана улуттар аралык өз ара түшүнүүчүлүктү чыңдоого көмөк көрсөтүү боюнча "Кыргыз Биримдиги" аймактар аралык коомдук уюму (төрагасы Т.С.Кубатбеков) меморандумдар түзүлгөн.  Меморандумдарга кол коюунун натыйжасында Россия Федерациясынын 27 субьектисинде  КР Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) коомдук башталыштагы  40 өкүлү Акыйкатчы тарабынан дайындалган.

Меморандум Россиянын аймагында жашап турган эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу жана коргоо боюнча биргелешкен аракеттерди жүзөгө ашырууну, бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндө өнөктөштүк алакаларды чыңдоону, чет өлкөлөрдөгү укук коргоочу жана коомдук уюмдар менен өнөктөштүк өз ара мамилени түзүүнү, өз ара маалымат алмашууну камсыз кылууну, ошондой эле мамлекеттик бийликтин органдарынын, элчиликтин, консулдуктардын жана коомдук бирикмелердин өкүлдөрүнүн катышуусунда биргелешкен иш-чараларды өткөрүүнү көздөйт. Меморандумдардын колдонулуу мөөнөтү 2019-жылдын 31-декабрына чейин белгиленген[2] жана эгер тараптардын эч

1 Караңыз: https://24.kg/ekonomika/134532.

2 Меморандумдун 3.2. пунктуна ылайык.

кимиси каралган мөөнөт өткөнгө чейин аны токтотуу тууралуу билдирбесе, анда меморандумдун мөөнөтү кезектеги жылга кайрадан узартылат.

«Кыргыз Конгресс» жалпы россиялык коомдук бирикмесинин өкүлдөрү КР Омбудсменине эмгек мигранттарын медициналык тейлөөгө, алардын балдарын Россиядагы мектептерге же башка окуу жайларына кабыл алууга байланышкан маселелердин чечилиши тууралуу жана Россия бийлигинин өкүлдөрү тарабынан колдоо бар экенин маалымдаган.  Конгресстин өкүлү Камбар Пусуров кыргызстандыктар үчүн темир жол байланыш тармагында 2 миң жумушчу орунга квота бар экенин: жолчулар, кыдырып жүрүүчүлөр (обходчиктер), шпал жана рельстерди коюучулар ж.б.лар зарылдыгын маалымдаган. Ал Кыргызстандын кесиптик-техникалык окуу жайлары темир жолчуларды даярдоону жолго коюп, «Кыргыз темир жолу» улуттук компаниясынын көмөгүндө Россия темир жолдору  менен биргелешип кадрларды даярдоо жана андан ары жумушка орноштуруу тууралуу келишим түзүүнүн зарылдыгын белгилеген.

Андан тышкары, Ош облусунун жергиликтүү органдарынын көмөгүндө кыргыз эмгек мигранттары эс алууну уюштуруу жана кыргыз тилин, Кыргызстандын тарыхын үйрөнүү боюнча курстарды, ошондой эле чыгармачыл кружоктордо жана өздүк көркөм чыгармачылык сабактарды өткөрүү үчүн жайкы эмгек лагерин түзүшкөн.

**Эмгек мигранттарынын укуктары көбүнчө жумуш берүүчүлөр тарабынан бузулат.** Эмгек акыларын мигранттар өз убагында ала алышпайт, кээде жумуш берүүчүлөр мигранттар иштеп тапкан акча каражатын төлөөдөн баш тартышат.

Мисалы, Саясий-укуктук изилдөөлөр борбору белгилегендей, турмуштук оор шарттарга эреже катары легалдуу эмес иштегендер туш болушат,  алар туш келди барышып, консулдук эсепке турушпайт, иштөө шарттары, өз укуктары жөнүндө маалыматтары жок барышат, ал эми тезинен пайда алгысы келген жумуш берүүчүлөр ушундай жагдайдан көбүнчө кыянаттык менен пайдаланышат[1].

Эмгек мигранттарынын жумушка орношуусуна, өз укуктарынын корголушунун ишенимдүү кепилдигине ээ болуусуна, адамга керектүү жыргалчылыктар жана татыктуу турмушка жетүүгө эл аралык уюмдар (Эл аралык миграция уюму-ЭМУ), мигранттарды кабыл алган өлкөлөрдүн өкмөттөрү, мигранттарды жөнөткөн өлкөлөрдүн өкмөттөрү, жумуш берүүчүлөр, укук коргоо уюмдары ж.б. жардам беришет.

Атап айтканда, азыр мигранттардын статусунун жөнгө салынбоочулук көйгөйү чечилген, ал административдик жоопкерчиликке тартууга жана жумуш берүүчлөр тарабынан алдоого алып келчү. Эгер өлкөдөгү мигранттардын жарымы мыйзамды бузуу менен жүрсө, алардын абалы кандай кыйын болоорун элестетип көрүңүз. Алар коррупциялашкан атка минерлердин, укук коргоо кызматкерлеринин, криминалитеттин, кара ниет жумуш берүүчүлөрдүн даамдуу үлүшүнө айланышмак.

1 Саясий-укуктук изилдөөлөр борбору, https://center.kg/article/82.

БУУнун Башкы Ассамблеясы 1990-жылдын 18-апрелинде Бардык эмгек-мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенцияны кабыл алган"[1]. Эл аралык эмгек мигранттары анын жараны болуп саналбаган мамлекетте эмгек-мигранты статусун же мамлекетте акы төлөнүүчү иш менен алектенген же алектенүүчү статуска ээ болушкан.

Эмгек миграциясы жаатындагы саясаттын максаты - айрымдар жаңылыш ойлогондой жөн гана чек арадан жана чек ара көзөмөлүнөн гана өтүү эмес. Максат – адамдын орун которуу эркиндигине укуктарын жүзөгө ашыруу, жумушсуздукту кыскартууга көмөк көрсөтүү, адамдардын жыргалчылыгын арттыруу, интеллектуалдуу потенциалдын чет өлкөгө чыгып кетишин болтурбоо, барган өлкөсүндө мигранттардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо болуп саналат.

Ошондой эле максат: эмгек ресурстарын сарамжалдуу колдонуу, ар кайсы аймактарда жана өлкөлөрдө калктын дисбалансын жоюу, жумушчу күчүнүн ашыкчалыгын же жетишпестигин, кирешелердин жана ар кайсы өлкөлөрдөгү мүмкүнчүлүктөрдүн теңсиздигин, дүйнөлүк экономикалык өнүгүүнүн бир кылка эместигин жоюу болуп саналат.

Иммиграциялык жумушчу күчтү тартуунун дүйнөлүк борборлору катары азыркы учурда АКШ, Канада, Австралия, Батыш Европанын айрым өлкөлөрү – өзгөчө Германия, Франция, Улуубритания, Италия, Жакынкы Чыгыштын мунай өндүрүүчү өлкөлөрү – Сауд Аравиясы, Катар, Кувейт, БАЭ, Азия Тынч океан аймагы – Япония, Түштүк Корея, Малайзия, Сингапур, Бруней, Тайвань ж.б. саналат.[2]

Кыргыз Республикасынын РФ Миграция кызматына (2018-жылы түзүлгөн) түшкөн кайрылууларды талдоо көрсөткөндөй, Кыргызстандын жарандарынын кайрылууларынын болжол менен 90%ы аларга эмгек акыларын төлөбөө менен байланышкан (731 кайрылуу). Атап айтканда, ошол эле Миграция кызматынын маалыматтары боюнча, 2017-2018-жылдары Россиянын жумуш берүүчүлөрү Кыргызстандын 2743 эмгек мигрантына 157 млн. 315 миң. 100 рубль суммасында акча каражатын карыз болушкан.

2019-жылы жүргүзүлгөн иш-чаралардын (552 жолу жерине баруулар, суроо-талаптарды жөнөтүүлөр, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүлөр) натыйжасында эмгек мигранттарына **53 млн. 75 миң 600 рубль төлөнүп берилген. Карызын ыктыярдуу төлөөдөн баш тарткан үч жумуш берүүчүгө** карата Россиянын тергөө органдары тарабынан кылмыш иштери козголгон[3].

КР Жарандарынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатында КР РФ Миграция кызматы РФ мамлекеттик органдарынын: Россэмгек (Росструд), РФ тергөө комитети, РФ ИИМ Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгы, Федералдык коопсуздук башкармалыгынын

1 №45/158 резолюциясы менен кабыл алынган. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/migrant.shtml.

2 Караңыз: https://center.kg/article/82

3 КРӨ караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматы, чыг.№03-15/469, 11.02.2019-ж.

Чек ара кызматынын өкүлдөрү менен, ошондой эле РФ Омбудсмени жана укук коргоо уюмдары менен жолугушууларды уюштуруп турат. **РФ тергөө комитети тарабынан Кыргызстандын эмгек мигранттарына алардын 3 млн. 977 миң. рубль суммасындагы эмгек акысын төлөп берүүгө көмөк көрсөтүлгөн**[1].

*4.1.1-мисал. Саха (Якутия) Республикасында эмгек акыны төлөбөй коюу*

2019-жылдын июлунда Акыйкатчынын Саха (Якутия) Республикасындагы коомдук башталыштагы ыйгарым укуктуу өкүлү Ж. Бекболиевге кыргызстандыктар «Карамель» АКБ - кафе «Панадора», ошондой эле «Сити Бургер» тез тамактануу жайы Кыргызстандын жарандарына эмгек акы төлөөдөн баш тартышкандыгы, тактап айтканда: ашпозчу болуп иштеген жана 18 миң 200 рубль эмгек акысын албаган Н.Т.; 27 700 рубль алышы керек болгон ашпозчу жана ал жумушу менен айкалыштырып тазалоочу болуп иштеген А.А.; ошондой эле 15 000 ала албай калган, тазалоочу болуп иштеген Ш. Х. арыз менен кайрылышкан.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыйгарым укуктуу өкүлү Ж.Бекболиев көрсөтүлгөн ишканалардын жетекчилери менен өз ара аракеттенүүдө айтылган бузуулардын көйгөйүн РФ мыйзамдарынын алкактарында жөнгө салууга аракеттенген, бирок иш берүүчүлөр байланышкан эмес. Андан кийин Ж. Бекболиев Саха (Якутия) Республикасынын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү С.М. Гурьевага жана Мамлекеттик эмгек инспекциясынын жетекчиси С.А Глухихке кайрылган, ошондон кийин маселе чечилип, көрсөтүлгөн Кыргызстандык эмгек мигранттарына акча каражаты төлөнүп берилген.

*4.1.2-мисал. Екатеринбург шаарында эмгек мамилелерин жөнгө салуу*

«Монетка» (Екатеринбург ш.) логистикалык борборунда Кыргызстандан 400 эмгек мигранты эмгектенет, алар 2019-жылдын 7-8-март күндөрү Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Урал Федералдык округу боюнча коомдук башталыштагы ыйгарым укуктуу өкүлү Ж.С. Белековго жана «Кыргызстан Биримдиги» диаспорасынын жетекчисинин орун басары З. Арстанбековго кайрылышкан. «Монетка» логистикалык борборунун жетекчиси К. Лопандин менен эмгек акыны жогорулатуу жана эмгек мамилелерин жөнгө салуу маселелери боюнча жолугушуудан кийин логистикалык борбордун администрациясы биздин мекендештерибиздин талаптарынын 87% аткарууга макул болушкан, талаптардын калган 13%ы жумуш процессинде чечилет. Натыйжада, 2019-жылдын 11-марттагы буйрук менен эмгек акынын коэффициенттери жогорулаган.

Ошондой эле буга чейин эмгек акынын төмөндүгүнөн кыргызстандык 30 жаран аталган ишканадан кетүү тууралуу арызын жазганын, бирок Акыйкатчынын өкүлүнүн жумуш берүүчүлөр менен эмгек талаштарын чечүүгө кийлигишүүсүнөн кийин, алар өз каалоолору менен жазган арыздарын кайтарып алышканын жана алар мурунку жумуш орундарында калтырылганын белгилей кетүү керек[2].

1 КРӨ караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматы, чыг..№03-14/4185, 09.12.2019-ж.

2 http://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=847

## КР ЖК КОМИТЕТИНИН ЧЕЧИМИНЕ ЫЛАЙЫК РФДА КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) ӨКҮЛЧҮЛҮГҮН АЧУУ МАСЕЛЕСИ

«Чет өлкөлөрдөгү мекендештерди колдоо боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери жөнүндө" КР Мыйзамынын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө" парламенттик угуулардын сунуштамалары жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетинин 2018-жылдын 26-февралындагы чечимине ылайык (3-пункттун 6-абзацы) Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлчүлүгүн Россия Федерациясынын Москва шаарында ачуу маселеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жүктөлгөн.

Ушуга байланыштуу төмөнкү маселелерди чечүү өтүнүчү менен Кыргыз Республикасынын Премьер-министри М.Абылгазиевдин наамына кат жиберилген[1]:

- Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлчүлүгүнүн кызматкерлерин Россия Федерациясынын Москва шаарында жайгаштыруу;
- Россия Федерациясынын аймагында ыйгарым укуктарын ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлчүлүгүнүн кызматкерлеринин дипломатиялык статусун аныктоо:
- өкүлчүлүктүн штаттык бирдиктерин төмөнкү курамда аныктоо: өкүлчүлүктүн жетекчиси – 1 бирдик; эксперт – 2 бирдик; жетекчинин катчысы – 1 бирдик; айдоочу – 1 бирдик; тазалоочу – 1 бирдик.
- 2020-жыл үчүн бюджетти бекитүүдө республикалык бюджеттен 2020-жылга каражаттарды кароо.

КР вице-премьер-министри А.С. Өмүрбекованын жообунда билдирилгендей[2], КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 31-декабрындагы №724 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана юридикалык жактарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын чет өлкөдө коргоо министрликтин функцияларынын бири болуп саналат. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматында Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү жарандарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо функциясы бар. Ушуга байланыштуу Россия Федерациясында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик кызматтын 9 штаттык бирдиктен турган өкүлчүлүгү иштейт.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органынын өкүлчүлүгүн чет мамлекетте түзүү үчүн, колдо болгон тажрыйбага ылайык, Россия Федерациясы менен эл аралык келишим түзүү талап кылынат. Же болбосо, Россия Федерациясынын мыйзамдарында негиздер болгон учурда, мындай өкүлчүлүктү түзүү мүмкүнчүлүгүнө Россия Федерациясынын расмий макулдугун алуу жолун кароо зарыл. Бул учурда, кыргыз тарапка аны түзүү маселесин мыйзамдык негизде жөнгө салуу талап кылынат. Кыргыз Республикасынын Акыйкат-

1 Чыг.№11-4158, 04.10.2019-ж.

2 Чыг.№20-43491, 21.11.2019-ж.

чысынын (Омбудсменинин) өкүлчүлүгүн Россия Федерациясында 6 штаттык бирдиги менен ачуу республикалык бюджетке кошумча оорчулук келтирет.

"Кыргыз Республикасынын 2019-жылга Республикалык бюджети жана 2020-2021-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана "Кыргыз Республикасынын 2020-жылга Республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга божомолу жөнүндө" мыйзам долбооруна ылайык, республикалык бюджеттин ресурстары республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн божомол көрсөткүчтөрүнө жараша министрликтер жана ведомстволор боюнча конкреттүү түрдө бөлүштүрүлгөн. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлчүлүгүн Россия Федерациясында ачууга каражат каралган эмес.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлчүлүгүн Россия Федерациясында ачуу  жогоруда аталган мамлекеттик органдардын функцияларын кайталоого алып келээрин жана учурда укуктук негиздердин жана финансылык камсыз кылуунун жоктугун эске алуу менен КР Акыйкатчысынын Россия Федерациясынын Москва шаарында өкүлчүлүгүн ачуу азырынча эртелик кылат.

## 2019-ЖЫЛЫ МИГРАНТТАРГА БАЙЛАНЫШКАН КЫЙЛА ЧЫР-ЧАТАКТУУ ОКУЯЛАР

**1) 2019-жылдын 17-мартынын түнүндө Якутскиде (Саха Республикасынын борбору Якутск шаарында  кыргызстандык бир нече жаран жергиликтүү аялды зордуктаган[1]**. Аны күч менен машинага салышып, белгисиз жакка алып кетишкен. Бир топ убакыттан кийин ал милицияга зордуктоо тууралуу кабарлаган. Уурдоого жана зордуктоого Борбордук Азиядан үч адам шектелген, алардын бири дароо кармалган. Кыргызстандын тургуну Якутск шаарында аялды уурдаганын жана зордуктаганын дароо мойнуна алган. 18-мартта ага Кылмыш-жаза кодексинин эки беренеси боюнча айып тагылган. 18-19-март күндөрү миграцияга каршы митингдер өткөн. Кыргызстандын расмий адамдары Якутияга барышкан. Якутск тургунуна карата жасалган кылмыш улуттар аралык чыр-чатакты козгоду[2]. КР Акыйкатчысы Якутиянын тургундарына ачык кайрылып, күнөөлүүлөр РФ мыйзамдарына ылайык сөзсүз жазаланышы керектигин, бирок башка эмгек мигранттарына карата терс залакалардан оолак болууга чакырды[3]. Акыйкатчы ошондой эле Саха Республикасынын (Якутия) Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү С.М. Гурьевага кайрылды жана Кыргыз Республикасынын Якутскидеги жарандарынын мыйзамдуу укуктарынын жана коопсуздугунун сакталышына көмөк көрсөтүүнү өтүндү.

2019-жылдын сентябрында Якутиянын тургунун уурдоого жана зордуктоого айыпталган акыргызстандык жаранды 14 жылга эркинен ажыратып, катаал режимдеги колонияда жаза өтөөгө өкүм болгон. Ал эми кылмыштын дагы эки катышуучусун жалпы режимдеги колонияда 4 жана 6 жыл жаза өтөө-

1 Караңыз: https://kaktus.media/doc/388454.

2 Караңыз: https://kaktus.media/doc/388514.

3 Караңыз: http://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=863.

гө өкүм чыккан. Сот аларды адам уурдоо, өлтүрөм деп коркутуп зордуктоо, адам сатуу жана карактоодо күнөөлүү деп тапкан.[1] КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Саха Республикасындагы (Якутск) коомдук башталыштагы ыйгарым укуктуу өкүлү Ж. Бекболиев 2019-жылдын 16-июнунда мекендештерибиз үчүн чыр-чатактуу жагдайда өзүлөрүн алып жүрүү эрежелери тууралуу жыйналыш өткөргөн.

**2) Хабаровск шаарында Хабаровск крайынын ИИМ ОМОНу 73 мигрантты, анын ичинде Кыргызстандын 35 жаранын катуу сабаган[2]**. 13-декабрда эртең менен Хабаровск шаарында жүргүнчүлөрдү ташыган көптөгөн автобустар каттамга чыккан эмес. 12-декабрь күнү кечкисин Хабаровск крайынын ИИМ Өзгөчө багыттагы милициянын отряды “Васильев жеке ишканасы” компаниясынын автобустук паркына келишкен жана Борбордук Азиядан барган (көпчүлүгү-Кыргызстан жана Тажикстандан баргандар) 73 мигрант айдоочуну эки автобуска салып, ИИМ бөлүмүнө “инсандыгын аныктоо үчүн” алып кетишкен. Полицияга келген учурда мигранттардын денесинде шишик, көкала, канталаган жерлери, мээ чайкалуулар болгону билдирилген. Уруп-сабоолор полицияда да уланган (жабыр тарткандар хабаровскилик омондордон алынган жаракаттарын сүрөткө тартып жөнөтүшкөн)[3].

КР Акыйкатчысынын кызматкерлери КРнын Хабаровск шаары жана Хабаровск крайындагы Ардактуу консулу менен ушул маселе боюнча байланышкан, ал өз кезегинде, РФ ИИМ жана Федералдык коопсуздук кызматынын расмий адамдарына Нота жөнөткөн.

ИИМ министринин орун басары Сергей Омельченко өзүнүн кызматкерлери үчүн кечирим сураган жана кызматтык териштирүү жүргүзүп, тиешелүү чараларды көрүүгө убада берген. Бул маселе КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) көзөмөлүндө турат.

Маалымат каражаттарындагы маалыматтар боюнча мигранттарды миграциялык мыйзамдарды бузду деп айыпташкан, бирок ал сабоо үчүн негиз боло албайт.

Хабаровск шаарындагы КР Консулдугуна 13-декабрда 15 адам кайрылган. КР Миграция кызматынын төрагасы Болотбек Ибраимжановдун маалыматы боюнча, ал Россия Федерациясынын ИИМ биринчи орун басары Александр Горовго кайрылган, ал Росгвардиянын кызматкерлерине карата кылдат териштирүү жүргүзүүгө жана кылмыш ишин козгоого убада берген. Бул маселе КР Миграция кызматынын көзөмөлүндө турат.

**3) «Россия 1» каналынын алып баруучусу Андрей Малаховдун «Түз эфир»** программасындагы шовинисттик көз карашынын көрүнүшү. 2019-жылдын 8-июль түнү Москвада (Набережный) жол кырсыгы болуп, анын натыйжасында РФ жараны А.Маругов каза болгон, анын атасы Владимир Маругов миллиардер болуп саналат. Бул иш боюнча айыпталуучу

1 Караңыз: https://kaktus.media/doc/397684_iznasilovanie_v_iakytii_sprovocirovavshee_mitingi.

2 Караңыз: https://kaktus.media/doc/402811_v_habarovske_omon_jestoko_izbil.

3 Караңыз: https://akhbor-rus.com/-p3331-103.htm.

Кыргызстандын тургуну Исламбек Акбаров эле. А.Маругов мотоциклчен келе жатып, рулунда Кыргызстандык болгон таксиге урунган. Теле алып баруучу Малахов болуп өткөн кырсык буюртма киши өлтүрүү болушу мүмкүн деген жоромолун айткан. Чыгарылыштын 20-минутасында Малахов айдоочу Исламбек Акбаров тууралуу: *"Рулда, башка өлкөдөн келген 20 жаштагы мадырабаш олтурган, ал таксиде иштегенине бир нече эле ай болгон. Ага 100 миң доллар берсең, алар бүтүндөй үй-бүлөнү, бүтүндөй айылды, туугандарын бактылуу кылат, айлык маянасы 10 долларды түзгөн ал аймакта өмүрүнүн акырына чейин мындай акчаны иштеп тапмак эмес"*- деп айткан.

Андрей Малаховдун айткандары социалдык тармактарда кыргызстандыктардын кыжырдануусун жаратты[1]. Коомдук пикирди эске алып, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) РФ Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Т.Москальковага тиешелүү кайрылуу жиберген[2]. Өзүнүн жообунда РФ Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Т.Москалькова «Россия 1» каналынын түз эфиринде «Түз эфир» теле программасынын алып баруучусу Андрей Малахов өзүнүн сөздөрү үчүн Кыргызстандын жарандарынан кечирим сураганын билдирген[3].

## ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДӨ СОТТОЛГОН ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫ

Чет мамлекеттердин пенитенциардык мекемелеринде КРнын **1 631** жараны жаза мөөнөтүн өтөп жатышат. Соттолгондордун негизги саны РФ түзөтүү мекемелеринде (**1 401** соттолгон) жана Казакстан Республикасында (**104**) кармалышат. Жакынкы убакытка чейин эле Казакстанда КРнын **210** жараны жаза мөөнөтүн өтөп турушкан.

Казакстан Республикасынын түрмө калкын кыскартуу боюнча жүргүзгөн саясатынын негизинде, ошондой эле чет өлкөлүк жарандарды алар чыккан өлкөнүн түзөтүү колонияларына которууларга байланыштуу КР соттолгон жарандарынын саны кыскарып, алардын саны **104** адамды түздү.

Бардык эле чет өлкөлөр КР чет өлкөлөрдөгү мекемелерине эркинен ажыратуу жайларында жатышкан Кыргызстандын жарандары тууралуу маалыматтарды бере беришпейт. Маалыматтарды өз ара алмашуу тууралуу макулдашуу зарыл.

### 4.1.2-ТАБЛИЦА. КР ЖАРАНДАРЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДӨ СОТТОЛГОНДОРУНУН САНЫ[4]

| Страна | Количество осужденных, человек |
|---|---|
| Россия Федерациясы | **1 миң 401** (соттолгондордун 30%ы баңги каражаттарын мыйзамсыз жүгүрткөнү үчүн жаза мөөнөтүн өтөп жатышат) |
| Казакстан Республикасы | 104 |

1 Караңыз: https://limon.kg/news:72093.

2 КР Акыйкатчысынын кайрылуусу, чыг.№06-4057, 27.10.2019-ж.

3 РФ Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жообу, чыг.№ТМ 42529-91, 25.10.2019.

4 КР ТИМ каты(чыг.№ 13-025/16360, 31.12.2019-ж.).

| | |
|---|---|
| Өзбекстан Республикасы | 33 |
| Тажикстан Республикасы | 31 |
| КЭР | 13 |
| Түркия | 8 |
| Беларусь | 8 |
| ФРГ | 8 |
| БАЭ | 8 |
| Украина | 3 |
| Грузия | 3 |
| Афганистан | 3 |
| Корея Республикасы | 1 |
| АКШ | 1 |
| Индонезия | 1 |
| Таиланд | 1 |
| Италия | 1 |
| Молдова | 1 |
| Австрия | 1 |
| Азербайжан | 1 |
| **Баардыгы** | **1 тыс. 631** |

Чет өлкөлөрдүн аймагында соттолгон КР жарандары жаза мөөнөттөрүн чек арадан мыйзамсыз өткөнү үчүн, экономикалык кылмыштар үчүн, контрабанда, баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү, киши өлтүрүү, зордуктоо, ден соолукка атайылап оор залал келтирүү, карактоо, тоноо, уурдоо ж.б. үчүн, ошондой эле эл аралык террористтик жана экстремисттик уюмдарга катышканы үчүн жаза мөөнөттөрүн өтөп жатышат.

**2019-жылы** кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн башка өлкөлөрдөн **75** кыргызстандык, ал эми жаза мөөнөтүн андан ары өтөө үчүн **144** адам келген, башка өлкөлөрдөн бардыгы болуп **219** адам келген.

Салыштыруу үчүн: **2008-жылы** КР экстрадицияланган жарандарынын жалпы саны **143** адамды түзгөн (кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн – **68**, жаза мөөнөтүн Кыргызстанда андан ары өтөө үчүн  – **75**), **2017-жылы** КР **136 адам алып келинген** (КРда кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн **89** адам, ал эми жаза мөөнөтүн  андан ары өтөө үчүн  - **47** адам).

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2018-жыл үчүн ар жылдык баяндамасын кароонун жыйынтыктары боюнча КРнын чет өлкөлөрдө соттолгон жарандарын КРда жаза мөөнөтүн өтөөсү үчүн өткөрүү маселелери боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн[1]. КР жарандарынан соттолгондорунун

1 Ведомстволор аралык жумушчу топтун курамына: КР Акыйкатчы аппаратынын, КР ТИМ Консулдук кызмат департаменти, КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын, КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын, КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын  өкүлдөрү кирген.

көпчүлүк бөлүгү РФда жаза мөөнөтүн өтөп жатканына байланыштуу белгилеп коюучу жагдай, Россия Федерациясында соттолгондорду жаза мөөнөтүнүн калган бөлүгүн өтөө үчүн өткөрүп берүү маселелери менен алектенген ыйгарым укуктуу орган РФ Юстиция министрлиги, ал эми КРда ушундай маселе менен КР Башкы прокуратурасы алектенет. Кытайда соттолгондорго карата саясаттын өзгөчөлүгү алар КЭР түзөтүү мекемелеринде жаза мөөнөтүн өтөөсү зарыл, чет өлкөлүк соттолгондорду берүүдөн баш тартышат.

Соттолгондорду этаптоо менен байланышкан чыгымдар суроо-талап жөнөткөн тарапка жүктөлөт[1]. Соттолгондорду которуу үчүн соттолгон жарандын өзүнүн же анын жакын туугандарынын мекеменин администрациясына арызы талап кылынат.

Соттолгондордун баары эле мындай мүмкүнчүлүк тууралуу маалыматтары жок, чет өлкөлөрдөгү соттолгондордун арасында маалымдоо иштерин жүргүзүү зарыл.

Өткөрүп берүү жол-жоболорун аткаруунун өзгөчөлүгү чет мамлекеттин жаза чарасын Кыргыз Республикасындагы жаза чаралары менен салыштыруу болуп саналат. Соттолгондорду өткөрүп берүү боюнча РФте калыптанган тажрыйба  соттолгондорду Омск шаарындагы транзиттик мекеме №1 ТИЗОго которууну карайт, белгилүү санда адамдар чогултулгандан кийин андан ары Казакстандын Петропавловск шаарына жөнөтүлөт, андан ары Тараз шаарына этаптайт. Кыргыз Республикасы Тараз шаарынан андан ары өз өлкөсүнө этаптоону камсыз кылат.

Соттолгондордун документтери жок болгондо, аларга Кыргыз Республикасына кайтуу күбөлүгүн (РКК) жол-жоболоштуруу маанилүү маселе болуп саналат.

Мекенине кайтуу күбөлүгүн жол-жоболоштуруу КР дипломатиялык мекемелеринин компетенциясына кирет. Ошондуктан санариптештирүүнүн алкактарында, зарыл болгон документтерди жыйноо жана иштеп чыгуу, маалыматтарды текшерүү (белгиленген талаптарга ылайык сүрөткө тартуу жана сүрөттү чыгаруу, жыйымдарды төлөө, консулдук кызмат менен мамлекеттик каттоо кызматынын иштерин интеграциялоо боюнча бирдиктүү жол-жоболорду түзүү, зарыл болгон техникалык каражаттардын жана жабдуулардын болушу) мында соттолгон жарандарыбыздын дүйнөнүн ар кайсы бурчунда болушун эске алуу зарыл.

Иш жүзүндө соттолгонду КР аймагында жаза мөөнөтүн өтөө үчүн даярдоо иштери, кат алышуулар бир жылга чейинки же андан да көп убакытты талап кылышы мүмкүн. Алыскы чет өлкөдөн соттолгондорду өткөрүп берүүнүн кыйынчылыгы көбүнесе авиучуулардын транспорттук чыгымдарын жабууга байланыштуу болот. Жумушчу топтун отурумунун жыйынтыктары боюнча, көйгөй финансылоодо (чыгымдардын беренеси соттолгондор үчүн жерде жүрүүчү транспорттук ташууларга каражат каралганы, ал эми аба транспортунда ташуу үчүн чыгымдарды жабуу каралбаганы), ошондой эле Мекени-

1 КМШнын мурдагы мамлекеттери үчүн жарандарды өз өлкөсүнө жаза өтөөсү үчүн өткөрүп берүү маселелери боюнча өз ара аракеттенүү үчүн укуктук негизди Минск жана Кишинев конвенциялары жана эгер бар болсо эки тараптуу келишимдер түзөт.

не кайтуу күбөлүгүн жол-жоболоштуруу жол-жобосунун көпкө созулганында экени белгиленди..

*4.1.3-мисал. Паспортунун колдонулуу мөөнөтү өткөн, эки жолу үйү өрттөнгөн жаран Н.Д. Нижневартовскдан КР кайтып келүүсүнө көмөк көрсөтүү*[1]

Акыйкатчынын наамына Бишкек шаарынын тургуну В.Д. кайрылган. Ал 2007-жылы Россия Федерациясынын Нижневартовск шаарына акча иштеп келүүгө кеткен апасы, 1965-жылы туулган Н. Д. Кыргызстанга кайтарууга көмөк көрсөтүүнү өтүнгөн. 5 жылдан кийин аны менен болгон байланыш үзүлгөн, бир нече убакыт өткөндөн кийин туугандарынын бири аны издеп тапкан. Бул убакытта анын жашаган үйү эки ирет өрттөнүп кеткен. Ден соолугуна байланыштуу көйгөй келип чыгып, азыркы күнгө чейин ал саламаттыгын чыңдай албай жаткан. Ошондой эле, 2007-жылдын октябрында Бишкек шаарында алынган паспортунун жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен. Кызы өзүнүн 54 жаштагы апасын 12 жылдан бери көргөн эмес.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) РФ Ханты-Мансы жана Ямало-Ненец автономиялык округу боюнча коомдук башталыштагы өкүлү К. Айдаров КРнын Свердлов облусундагы Башкы консулуна кайрылган. Бишкекке кайтып келүүсү үчүн Н.Д. Мекенине кайтууга күбөлүк керек болгон, ал күбөлүктү алуу үчүн Н.Д. өзү Башкы консулдукка барып, арыз жазуусу жана сүрөтүн тапшыруусу керек эле. Бирок ден соолугунун абалына байланыштуу Сургуттан Екатеринбургга чейинки миң чакырымдан алыс аралыкка барууга жөндөмсүз, ошондой эле финансылык каражаты да жок. КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) КР Тышкы иштер министрлигине жана КР ТИМ Консулдук кызмат департаментине каттарды жиберди.

Акыйкатчынын кайрылуусунан кийин Екатеринбург шаарындагы КР Башкы консулдук тарабынан Мекенге кайтуу күбөлүгү жазылып берилди. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) РФ Ханты-Мансы жана Ямало-Ненец автономиялык округу боюнча коомдук башталыштагы ыйгарым укуктуу өкүлү Кубанычбек Айдаров авибилетин сатып алган жана мекендешибизди Бишкекке жөнөткөн.

2019-жылдын 19-августунда апасы менен кызы (Н.Д жана В.Д.) Кыргызстанга кайтып келүүгө көрсөткөн көмөгү үчүн КР Акыйкатчысына жеке ыраазычылык билдирүү үчүн Акыйкатчынын кеңсесине келишкен.

*4.1.1. Эмгек мигранттарын пенсиялык камсыз кылуу: көйгөйлөр жана келечеги*

Евразиялык экономикалык бирликтин (ЕАЭБ) катышуучу өлкөлөрүнүн ортосунда пенсияларды экспорттоо жөнүндө сүйлөшүүлөр жүрүүдө, Пенсиялык камсыз кылуу жөнүндө мамлекеттер аралык макулдашуунун долбоору даярдалган.[2] Бул документ анда мигрант эмгектенип, пенсиялык фондго чегерген мамлекет, ал Мекенине кайтып келгенден кийин да ага пенсияны төлөп берүүнү болжолдойт.

1 Караңыз: https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=1183

2 Караңыз: https://docs.eaeunion.org/docs/ru-ru/01021105/clco_07032019_38.

Макулдашууга ылайык, пенсия пенсионердин артынан келет. ЕАЭБдин ар кайсы мүчө-мамлекеттеринин аймактарында алынган стаж суммаланат жана мамлекеттердин биринде чектелген пенсия, пенсионер ЕАЭБ өлкөлөрүнүн башкасына которулган учурда "экспорттолот".

ЕАЭБде пенсиялык камсыз кылуу жөнүндө макулдашуу 2019-жылы 29-майда Нур-Султан шаарында ЕАЭБ саммитинде кабыл алынган, ага кийинчерээк Ереванда Жогорку Евразиялык экономикалык кеңештин отурумунда кол коюлган.

*4.1.4-мисал. РФ Ыраакы Түндүк шарттарын КР бийик тоолуу шарты үчүн колдонуу*

2018-жылы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратына 1953-жылы туулган, пенсионер В.Г. КМШ өлкөлөрүнүн катышуучу-мамлекеттеринин жарандарынын укуктарынын пенсиялык камсыз кылуу кепилдиктери чөйрөсүндөгү укуктары жөнүндө арыз менен кайрылып, Кыргыз Республикасы анын катышуучусу болуп саналаган 1992-жылдын 13-мартындагы Өкмөттөр аралык макулдашуунун укуктук статусу жөнүндө чечмелөө берүүнү өтүнгөн. В. Г. РФ ыраакы түндүгүндө эмгектенген.

Россия Федерациясынын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Т.Москалькова берген жоопко ылайык, көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин 1992-жылдын 13-мартындагы "Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин катышуучу-мамлекеттеринин жарандарынын пенсиялык камсыз кылуу жаатындагы укуктарынын кепилдиктери жөнүндө" Макулдашуунун 1-беренесине ылайык, Макулдашуунун катышуучу-өлкөлөрүнүн жарандарын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн пенсиялык камсыз кылуу алар аймагында жашаган мамлекеттин мыйзамдары боюнча ишке ашырылат. В.Г. 2009-жылдын 9-сентябрынан тартып Ыраакы Түндүк райондорунда эмгектенгени үчүн жаш курагы боюнча мөөнөтүнөн мурда пенсия чектелген. Ага 60 жашка толгонуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, анын пенсияга укугу келип чыкканы тууралуу маалымкат берилген, Россиянын аймагында пенсия төлөө 2013-жылдын 21-февралына чейин белгиленген. В. Г. РФ Ыраакы Түндүк шарттары менен КР пенсия төлөө жөнүндө арыз менен кайрылган. 2012-жылы В.Г. РФ жарандыгын КР жарандыгына алмаштырган. 2016-жылдын 21-февралынан тартып ага пенсия төлөө токтотулган.

КР Акыйкатчысынын КР жана РФ ар кайсы органдарына бир нече жолку кайрылуулары бул маселе боюнча бирдиктүү позицияны иштеп чыгууга алып келбеди[1].

1 КР Акыйкатчысынын КР Социалдык фондуна жөнөткөн суроо-талабы 17.10.2018-ж. №11-2677, КР Социалдык Фондунан алынган жооп (кир. №34-08, 06.11.2018-ж.), КР Социалдык фондуна кайталап суроо-талап (чыг. №11-373, 27.12.2018-ж.), РФ Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Татьяна Москальковanын, РФтин КРдагы Толук жана ыйгарым укуктуу элчиси Андрей Крутьконун наамына жана КР Президенттик Аппаратынын жетекчиси Досалы Эсеналиевдин наамына кайрылуулар.

СУНУШТАМАЛАР

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ:

1. ЕАЭБ катышуучу-өлкөлөрдүн ортосунда акча которуулардын өлчөмүн белгилөөдө кодулабоо мамилесин камсыз кылсын, мисалы, бир жолку которуунун суммасын 90 миң рубль өлчөмүндө белгилөө (Беларусияга карата ушундай белгиленген), ошол эле учурда Кыргыз Республикасы үчүн айына 100 миң рубль катары чектелген.
2. Чет мамлекеттер менен кармалган жана жаза өтөп жаткан жарандар жөнүндө өз ара маалымат алмашуу тууралуу эки тараптуу макулдашууларды түзүү маселесин карасын.
3. Россия Федерациясынын Өкмөтү жана эмгек мигранттары көбүрөөк болгон башка мамлекеттердин өкмөттөрү менен пенсиялык фонддорго чегерүүлөрдү жүргүзгөн мигранттарга Мекенине кайткандан кийин пенсия чектөө үчүн мамлекеттер аралык макулдашууга кол коюуну тездетсин.
4. Пенсиянын өлчөмүн чектөөдө РФ Ыраакы Түндүк шарттарынын жана КР Бийик тоолуу шарттарынын катышы жөнүндө маселени карасын.
5. КР Республикалык бюджетине чет өлкөлөрдөн соттолгондорду этаптоого байланышкан транспорттук жана башка чыгымдарды (аба жолу менен этаптоо, төлөмдөрдү автоматташтыруу, маалыматтарды текшерүү жана зарыл документтерди жол-жоболоштуруу), консулдук мекемелерди тийиштүү техникалык каражаттар менен жабдууну караган өзүнчө беренени киргизүү маселесин карасын.
6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетинин 2018-жылдын 26-февралындагы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) өкүлчүлүгүн РФ Москва шаарында ачуу жөнүндө чечимин аткарсын.

## 4.2. АСКЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ КИРГЕН АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ

Кыргыз Республикасы экспансиялык, агрессиялык максаттарды жана аскердик күч менен чечилүүчү аймактык дооматтарды көздөбөйт, мамлекеттик турмушту милитаризациялоону, мамлекетти, анын ишин согуш жүргүзүү милдеттерине баш ийдирүүнү четке кагат. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрү өзүн-өзү коргоо жана жетиштүү коргоно алуу принциптерине ылайык куралат.

2018-жылы КР аскер бөлүктөрүндө аскерлердин бир катар өз жанын кыюулар жана өзүн өлтүрүүгө болгон аракеттер (электр тогуна урунуу, уставдан тышкаркы мамилелер) сыяктуу кайгылуу окуялар болду.

2019-жылы жеке кырдаалга байланыштуу офицердин өз жанын өзү кыюусу, кызмат убагында чечилбеген турак-жай шарттары үчүн өзүн өзү өрттөөгө аракет кылган пенсия курагындагы аскер кызматкери, Д. Асанов атындагы аскер лицейиндеги 50дөн ашык тарбиялануучулардын окуудан качышы, РФдагы аскер академиясына окуу үчүн сынактан өткөн адамдардын ордуна башкаларды кабыл алууга байланыштуу дооматтарды кошпогондо, кырдаал салыштырмалуу туруктуу болду.

2019-жылда ММК билдирүүлөрдө жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына келген арыздарда кызмат өтөп жаткан аскердин өз жанын кыюуга барышы, аскер бөлүгүндөгү уставдан тышкаркы мамилелер, аскер кызматкерлеринин эмгекке болгон укуктарынын бузулушу, ошондой эле пенсиялык камсыз кылуу маселелерине байланыштуу окуялар келтирилди. Мөөнөттүү аскер кызматын өтөп жаткан аскерлердин абалына өзгөчө көңүл бурулду. **2019-жылда** КР Омбудсменинин наамына аскер кызматкерлеринин укуктарына байланыштуу **25** кайрылуу келип түшкөн.

Аскер кызматкерлери ар жыл сайын милдеттүү түрдө амбулаториялык жана стационардык медициналык текшерүүдөн өтүшөт. Аскер кызматынын орду жана аскер кызматкерлеринин жашаган жери боюнча аскердик-медициналык мекемелер же аларга тиешелүү бөлүмдөр жок болгон учурларда, ошондой эле шашылыш учурларда медициналык жардамдар саламаттыкты сактоо мекемелеринде, алардын кайсы мекемеге таандык экендигинен көз карандысыз түрдө бекер көрсөтүлөт.

Акыйкатчынын кызматкерлери аскер кызматкерлеринин медициналык мекемелер тарабынан тейленүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн иликтеп чыгышты[1]. 2019-жылы ӨКМ, МКК, ЖАМК Күзөтүү жана коштоо департаменти (ККД), Аскер прокуратурасынын жана КР ИИМ ички армиясынын аскер кызматкерлеринин катарын чыңдоо үчүн Улуттук госпиталь түзүү маселеси көтөрүлдү. Акыйкатчы КР КК Улуттук госпиталын кайра өзгөртүп түзүү менен Бишкек шаарындагы аскер госпиталынын жана Ош шаарындагы аскер госпиталынын штаттык бирдигин көбөйтүү жана керебеттик орундарды кеңейтүү тууралуу КР Премьер-министрине кайрылды[2].

Вице-премьер–министр Ж.Разаковдун жообунда[3] аскер кызматкерлерин жана аларга теңдеш кызматтагы жарандарды социалдык коргоо, ошондой эле келип чыккан маселелерди системалуу иликтөө чөйрөсүндө бирдиктүү позицияларды иштеп чыгуу максатында Кыргыз Республикасынын кызыкдар болгон мамлекеттик органдарынын өкүлдөрүнүн арасынан ведомстволор аралык жумушчу топту түзүү тууралуу чечим кабыл алынгандыгы билдирилген (КР Вице-премьер-министри өткөргөн кеңешменин Протоколуна[4] жана КР КИМК төрагасы Дж.Тердикбаевдин буйругуна ылайык[5]).

1 Аскер кызматкерлерин бекитүү, кароодон өткөрүү жана дарылоо маселелери боюнча жиберилди, маалымат Өзгөчө кырдаалдар министрлиги (04.02.2019-ж.чыг.№11-456), КИМК, КР КК Башкы штабыа (24.01.2019-ж. чыг.№11-282) чогултулду

2 18.02.2019-ж. чыг.№ 11-745

3 07.05.2019-ж. чыг.№ 23-8008

4 02.05.2019-ж. №23-17

5 16.05.2019-ж. №227

КР КК Улуттук аскер госпиталын түзүү КР мамлекеттик мекемелерге жана уюмдарга «улуттук» статусту ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобого ылайык бул КР мыйзамдарында жана КР Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларында каралышы керек болгондуктан мүмкүн эмес.

КИМК караштуу **Ведомстволор аралык жумушчу тобу** КР КК аскер кызматкерлерине адистештирилген медициналык жардам көрсөтүүнүн Бирдиктүү тутумун түзүүнү сунуштады (Беш-Күнгөй айылындагы аскердик госпиталдын базасындагы КР КК Борбордук аскер госпиталы жана Ош шаарындагы аскер госпиталын күчтөндүрүү) жана КР Өкмөтүнүн Аппаратына тиешелүү материалдарды берди, алар КР КК реформалоону жана бөлүнгөн каражаттарды борборлоштурууну эске алуу менен ушул маселени кароонун зарылдыгы жөнүндө билдиришти[1].

Аскер госпиталын түзүүнүн алкагында КР КК жана башка аскердик түзүмдөрдүн (МКК, ЖАМК ККД, ӨКМ, КР УГ) аскер кызматкерлеринин стационардык дарылануусун медициналык жактан камсыз кылуу боюнча коюлган милдеттерди камсыз кылуу  үчүн 265 млн. сом каражат табуу зарылдыгы айтылды.

### Тарбиялануучулардын өздөрү тарабынан аскердик тартипти бузгандыгынын себептери боюнча Д. Асанов атындагы аскердик лицейден 50дөн ашык тарбиялануучулардын качуусу[2]

2019-жылдын 6-сентябрында, СССРдин Баатыры Д.Асанов атындагы Кыргыз Улуттук аскер лицейинен 16-17 жаштагы 56 тарбиялануучунун качкандыгы тууралуу маалыматтар ММК жарыялангандан кийин кырдаалды жана окуянын себептерин аныктоо үчүн КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкери аталган окуу жайга дароо барды. Окуу жайынын жетекчилиги, тарбиялануучулар жана алардын ата-энелери менен болгон сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө бардык 56 курсант бүтүрүүчү класста окугандыктары (11-класста), тарбиялануучулар дене тарбиялык жактан даярдануу боюнча коюлган ченемдерди аткаргылары келбегендиги белгилүү болгон, алар «стариктер» (дээрлик бүтүрүүчү) катары бир аз жеңилдетилген болсо деген талапты коюшкан. Жеңилдиктерди берүүдөн  баш тартуу окуянын чыгышына себеп болгон. Бардык тарбиялануучулар көрсөтүлгөн тартиптеги сабактар жана күн тартибине ылайык, окууларына кайра кайтып келишкен, алардын ичинен 52си өз күнөөлөрүн моюндарына алышкан жана командирлеринен жана лицейдин директорунан кечирим сурашкан, качууну уюштурган төртөө окуусун улантууну каалабагандыгы жөнүндө айтышкан жана кадимки мектептерде окуусун улантуу ниеттери бар экендиктерин билдиришкен.

## АСКЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН УКУКТАРЫН КОРГОО БОЮНЧА КР ОМБУДСМЕНИНЕ КАРАШТУУ КЕҢЕШ ТҮЗҮЛДҮ

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан «Аскер кызматкерлеринин, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, аскер кызматынан бошотулган адамдардын, КР КК жарандык кызматкерле-

1 КР Өкмөтүнүн Аппаратынын жетекчисинин биринчи орун басарынын жообу (10.12.2019-ж. чыг.№23-53406).

2 Караңыз: https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=1222.

ринин жана КР Акыйкатчы институтуна караштуу укук коргоо органдарынын укуктарын коргоо боюнча Кеңеш жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу буйрукка кол коюлду.

Кеңеш аскер кызматкерлеринин укуктарынын бузулушуна байланыштуу маселелерди чечүүдө маалымдоо жана көмөк көрсөтүү, ошондой эле укуктук жана социалдык коргоо жаатында натыйжалуу мамлекеттик саясатты түзүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу үчүн консультативдик-кеңешме орган болуп саналат. Кеңештин чечимдери сунуш берүүчү мүнөзгө ээ.

2019-жылдын 24-декабрында Кеңештин катышуусунда, эки темага: "КР Куралдуу күчтөрүндөгү өз жанын кыюулар, кокустуктар жана уставга жатпаган өз ара мамилелер: себептер, корутундулар жана сунуштар" жана "КР Куралдуу күчтөр кызматына жаштарды даярдоо"[1] темасына арналган тегерек стол өткөрүлдү. Аскер кызматкерлеринин укуктарын коргоо жана жаштарды КР КК катарында кызмат өтөөгө милдеттүү даярдоо үчүн, анын ичинде өзүнө кол салуу жана уставга жатпаган мамилелерди жоюу үчүн системалуу жана туруктуу иштерди жүргүзүүнүн зарылдыгы жөнүндө тыянактар талкуунун жыйынтыгы болуп калды.

## АСКЕР КЫЗМАТКЕРИНИН БИЛИМ АЛУУГА УКУГУ

Аскер кызматкерлери аскердик окуу жайларында жана квалификациясын жогорулатуу үчүн курстарга тапшырууга жана окууга укуктуу. Мөөнөттүү аскер кызматын өтөп бүткөн адамдар Кыргыз Республикасындагы билим берүү уюмдарына тапшырууда артыкчылыктуу укуктарга ээ. Аларга мөөнөттүү аскер кызматын өтөгөнгө чейинки берилген жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары 3 жыл ичинде жарактуу.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына М.Б.дан арыз келип түшкөн[2]. 01001 аскер бөлүмүнүн командиринин "Чет өлкөлөрдөгү жогорку аскердик-окуу жайларына окууга тапшырган офицер-талапкерлерге экзамендик тестирлөө уюштуруу жөнүндө» буйругу менен[3] 2019-жылдын 23-24-майында 73809 аскер бөлүгүнүн базасында офицер-талапкерлер менен контролдук текшерүү иши жана тестирлөө өткөрүлгөн.

Контролдук текшерүү ишинен тапшыргандан кийин КР КК Башкы штабынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кароосуна жиберүү үчүн кабыл алуу комиссиясынын отурумунун Протоколу түзүлгөн. 2019-жылдын 12-июнунда Жогорку аттестациялык комиссиясынын чечими менен Б.М. кесиптик тандоодон өткөн. Негизделбеген себептер боюнча М.Б. «Офицерлерди 2019-2020-жылдагы окуу жылында РФ жана КР коргоо министрликтеринин аскердик окуу жайларына угуучу катары жиберүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын КИМК төрагасынын убактылуу милдетин аткаруучусунун буйругуна кирбей калган[4], арызздануучунун ордуна буйрукка капитан И.М.

1 Караңыз: http://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=1428.

2 08.07.2019-ж.кир.. М-839.

3 13.05.2019-ж. №187.

4 25.06.2019-ж.чыг. №300.

кирип калган. Акыйкатчы арызденуучунун окууга өткөндөрдүн тизмесинен чыгып калуусунун себептери тууралуу маалымат сурап кат жиберген[1].

Алынган жоопто[2] белгилүү болгондой, Б.М.дин РФ жогорку аскердик окуу жайына өткөндөрдүн тизмесинен чыгып калуусунун себеби ыйгарым укуктарга ылайык кабыл алынган чечим болгон жана КР КИМК өтүнүчүнүн негизинде болгон. 2019-жылдын 12-июнундагы Жогорку аттестациялык комиссиянын отурумунун чечими берилген эмес.

Акыйкатчы кайрадан[3] зарыл болгон документтердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн сурап кайрылган (Жогорку аттестациялык комиссиянын отурумунун чечими, 2019-жылдагы КР КК Башкы штабынын Жогорку аттестациялык комиссиянын бекитүүсү, КР КК Башкы штабынын Жогорку аттестациялык комиссиянын жобосу, КР КК жана КИМК Башкы штабынын Жогорку аттестациялык комиссиянын отурумунун Протоколу[4], Б.М. байланыштуу КИМК өтүнүчү).

Акыйкатчынын ушул кайрадан жиберилген суроо-талабына КР КК Башкы штабы[5] бул маселе боюнча текшерүү жүрүп жаткандыгын билдирди. Жогорку аттестациялык комиссиясынын отурумунун чечиминин тастыкталган көчүрмөсүнүн ордуна 2019-жылдын 13-июнундагы КИМК жана КР КК Башкы штабынын аттестациялык комиссиясынын отурумунун Протоколунан алынган көчүрмө берилген. Жогоруда көрсөтүлгөн жооптор жана көрсөтүлгөн документтердин көчүрмөлөрү[6] жооптордо көрсөтүлгөн далилдер мыйзамдарга дал келерин текшерүү жана КР КК Башкы штабынын жоопторуна укуктук баа берүү өтүнүчү менен КР Аскер прокуратурасына жолдонду[7].

КР Аскер прокуратурасы[8] КР КИМК жетекчилиги тарабынан РФ БМ дарегине Санкт-Петербург шаарындагы МТК Аскер академиясында окуу үчүн кошумча орун бөлүү тууралуу өтүнүч жолдонгондугун билдирди. Ал жактан макулдук берилген жооп келгенден кийин КР КИМК төрагасынын буйругу менен[9] майор Б.М. окууга жиберилген, буга байланыштуу ал анын ишин кароону токтотуу арызы менен кайрылган. КР Аскер прокуратурасы да Б.М. 2019-жылдын 20-августундагы кайрылуусу боюнча текшерүүнү токтоткон, иштин оң чечилгендигине байланыштуу Б.М. 2019-жылдын 8-июлундагы арызды кароону токтотуу жөнүндө Акыйкатчынын аппаратына кайрылган.

1 КР КК Башкы штабынын начальнигинин атына кат (10.07.2019-ж. чыг. №11-2865) жана 2019-жылдын 12-июнундагы Жогорку аттестациялык комиссиянын отурумунун чечимин көрсөтүү өтүнүчү.

2 КР Башкы штабынын начальнигинин орун басары полковник Н.И.Кирешеевдин колу (12.07.2019-ж. чыг. №04/757).

3 23.07.2019-ж.чыг. №11-3081.

4 14 июль 2019-ж. чыг. №1.

5 КР Башкы штабынын начальнигинин орун басарынын убактылуу м.а. полковник Р.М.Мукамбетовдун колу коюлган (25.07.2019-ж. чыг. №04/812).

6 02.08.2019-ж.чыг.№11-3217.

7 16.08.2019-ж. чыг. №11/2432-19.

8 16.08.2019-ж. кир.№ 11/2432-19.

9 №417, 14.08.2019-ж.

## ЭМГЕККЕ УКУК

Жарандардын аскердик кызматта болгон мезгили алардын эмгек стажына кошулат. Контракт менен аскер кызматын өтөгөн жарандарга, аскер кызматында болгон мезгили мамлекеттик кызматкердин стажына жана, эгерде ишке ашса – адистиги боюнча эмгек стажына кирет.

КР Акыйкатчысына КР ИИМ ИА а/б аскер кызматкери М.К. бузулган укуктарын коргоо жана мурдагы кызматына калыбына келтирүү боюнча арыз менен кайрылган[1].

Атап айтканда, арыз берүүчү 2017-жылдын декабрында узакка созулган дарылануудан кийин Кургак учук менен күрөшүү борборуна каттоого алынганын жана 2018-жылдын декабрында диспансердеги каттоодон чыгарылганын жана Аскер бейтапканасына караштуу гарнизондук аскер-дарыгердик комиссиясынын чечими менен кызматка жарактуу деп таанылганын көрсөткөн.

Бирок, 2019-жылдын 18-апрелинде кызматка чыккандан кийин, анын ордуна башка кызматкердин дайындалгандыгына байланыштуу, а/б командачылыгы аны запаска которуу тууралуу чечим кабыл алат, буга байланыштуу кызматтан бошонуу үчүн моралдык-психологиялык басым көрсөтүлгөн.

Омбудсмендин Бишкек гарнизонунун Аскер прокуратурасынын дарегине кайрылуусунан[2] жана биргелешип өткөрүлгөн иштерден кийин, аскер кызматкери М.К. КР ИИМ ИА а/б командачылыгынын буйругу менен мурдагы кызмат орду калыбына келтирилген.

*4.2.1-мисал*

КР Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетинин коомдук кеңешинин төрагасы, отставкадагы полковник А. Сартаевдин аталган Комитетте "Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө" КР Мыйзамынын "Аскер кызматчыларынын эс алууга укугу" тууралуу 11-статьясынын талаптарынын бузулуп жаткандыгына байланыштуу кайрылуусунда аскердик поликлиникада аял аскер кызматкерлеринин укуктарын бузууга жол берген Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитеттин кызмат адамдарына карата чара көрүү өтүнүлгөн.

Бул кайрылуу боюнча Акыйкатчы аппаратынын тармактык бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитеттин, аскер поликлиникасына барышып, ал жердеги медик аскер кызматкерлери менен маектешүү өткөргөн. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн Башкы штабына тиешелүү кат жиберилип, А. Сартаевдин арызы боюнча тиешелүү кызматтык териштирүү жүргүзүүнүн зарылдыгы билдирилген. Акыйкатчы аппаратынын кайрылуусу Кыргыз Республикасынын коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети тарабынан каралган.

Алынган жооптон көрүнүп тургандай, аял аскер кызматкерлеринин 2019-жылдын 6 жана 13-апрелинде ишемби күндөрү жумушка чыккан фактылары боюнча кызматтык териштирүү жүргүзүлгөн. Текшерүүнүн натый-

1 23.04.2019-ж. кир.№ К-571.

2 03.05.2019-ж. чыг№ 11-1887.

жасында, 2019-жылдын 8-майында №217 буйрук чыгарылган, анда Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитеттин айрым кызматкерлерине кызмат убагынын регламентин бузууга жол берилбестиги жөнүндө катуу эскертилген, ошондой эле кызматтык зарылдык учурларынан сырткары, дем алыш жана майрам күндөрү жумушка тартууга тыюу салган тиешелүү милдеттер коюлган. Андай аскер кызматкерлерине тиешелүү узактыктагы эс алуу жуманын башка күндөрүндө берилет, же алардын каалоосу боюнча кезектеги эмгек өргүүсүнө кошулат.

*4.2.2-мисал*

Д. Абдесовдун пенсияны индексациялоо жөнүндө доо арызы боюнча 2019-жылдын 18-апрелинде саат 15:00гө Биринчи май райондук сотунда өтүүчү сот отурумуна Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын өкүлүнүн сот процессине келбей, 9-Май – Жеңиш күнүнө карата өтүүчү парадга даярдык көрүүгө байланыштуу бул процессти кароону кийинкиге жылдыруу тууралуу өтүнүч киргизген факты боюнча иш каралды.

Бул факт боюнча КР Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкери тарабынан КР Куралдуу күчтөрүнүн Башкы штабынын укуктук камсыз кылуу жана коррупцияга каршы күрөшүү башкармалыгынын кызматкери А. Сыдыков менен телефон аркылуу байланышканда белгилүү болгондой, 2019-жылы Жеңиш күнүнө карата парад өткөрүү каралбаганы, болгону Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлеринин жүрүшү гана пландалганы анык болду.

Мындан тышкары, Акыйкатчы аппараты обьективдүү жана чындыкка дал келген жооп алуу үчүн тийиштүү катты КР Чек ара кызматына жиберди. КР Чек ара кызматынан алынган жоопто Д.Абдесовдун пенсияны индексациялоо жөнүндө доо арызы боюнча 2019-жылдын 18-апрелинде саат 15:00гө Биринчи май райондук сотунда өтүүчү сот отурумуна барбай коюу боюнча териштирүү жүргүзүлгөнү, анын жыйынтыгында сот отурумуна катышпаганы үчүн ага лейтенант Ч.С. Курманбеков тартип жоопкерчилигине тартылганы билдирилген. Башкы штабдын башчысы - КР Чек ара кызматынын төрага орун басары А. Алимбаевдин буйругуна ылайык, ага лейтенант Ч.С. Курманбековго "сөгүш" жарыяланган.

СУНУШТАМАЛАР

## ӨКМӨТКӨ ЖАНА КР КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН БАШКЫ ШТАБЫНА:

1. Өкмөт Беш-Күнгөй айылындагы аскер госпиталынын базасында КР КК Борбордук аскер госпиталын түзүүгө жана Ош шаарындагы аскер госпиталын күчтөндүрүүгө 2020-жыл үчүн республикалык бюджетке акча каражатын издеп тапсын жана кошуп берсин (ведомстволордо медициналык кызматка бюджеттен бөлүнүүчү каражаттарды топтосун, ал эми жетпеген сумманы бюджетте карасын).

## 4.3. ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНЕ УКУК (ДИН ЖАНА ЫНАНЫМ)

«Ар бир адам ой-пикир, абийир жана дин эркиндигине укуктуу. Бул укук ар бир адамга динди же ынанымды өз тандоосу боюнча кабыл алуу же албоо укугун, өз динин жана ынанымын жалгыз өзү же башкалар менен бирдикте, ачык же жеке тартипте тутуу эркиндигин же диний же башка ырым-жырымдарды аткарууну жана окууларды камтыйт»[1].

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар кимге абийир жана дин тутуу эркиндигин, өз алдынча же башкалар менен бирдикте ар кандай динди тутуу же эч бирин тутпоо укугун кепилдейт. Ар ким диндик жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга укуктуу[2].

2019-жылы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына Кыргыз Республикасынын Жакаба күбөлөрү диний борборунан 6 (алты) кайрылуу келип түшкөн. Аларда борбор Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы тарабынан 1998-жылдын 30-апрелинде катталганы, КР жараны А.Б. төрагасы болуп саналаары билдирилген.

"Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" Мыйзамдын 10-беренесине 2008-жылы киргизилген өзгөртүүлөргө байланыштуу бир катар талаптар бар, алар диний уюмду каттоо үчүн шарт болуп, диний уюм жашы жеткен жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын эки жүздөн кем болбогон жаранынын демилгеси боюнча түзүлөөрү шартталган (бардык уюмдар каттоо учурунда колдонуудагы мыйзамдарга ылайык түзүлгөн). Диний уюмдун мүчөлөрүнүн (жарандардын) тизмеси ишти жүргүзгөн орду боюнча жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган болууга тийиш. Макулдашуу тууралуу жобону айрым адамдар "жактыруу" катары кабыл алышкан, андан кийин диний уюм "диний экспертизаны" дайындоо мүмкүнчүлүгү менен, каттоо жөнүндө арыз менен КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга кайрылууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 4-сентябрындагы чечими менен "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КР Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 35-беренесине карама-каршы келет деп табылганын белгилеп кетүү керек.

Бирок, Баткен облусунун айрым жергиликтүү кызмат адамдары Баткен облусунда жашаган Жакаба күбөлөрү баарынан мурда өз уюмун региондо каттабай туруп (эскертүү Кыргыз Республикасы унитардык мамлекет болуп саналат), өзүлөрүнүн диний ынанымдарын жүзөгө ашыра албайт деп эсептешет.

Жакаба күбөлөрүн куугунтуктан коргоо максатында А.Б. жана диний уюмдун Кадамжай шаарындагы жана Баткен облусундагы төрагасы Д.Э. ЖКДБ

1 Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты 18-берене.

2 КР Конституциясы 32-берене.

(РЦСИ) уюштурушкан жана диний уюмду түзүү үчүн зарыл болгон бардык юридикалык документтерди (анын ичинде уюштуруучу-мүчөлөрдүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн тизмесин) даярдашкан.

2010-жылдын 2-октябрында Д. Э. Кадамжайдагы диний уюмдун эки жүздөн ашуун мүчөсү тарабынан диний уюмду каттатуу үчүн аракеттерди көрүү үчүн ыйгарым укукка ээ болгон. 2010-жылдын 4-октябрында Д. Э. 200 мүчө-уюштуруучунун тизмесин макулдашуу максатында Кадамжай шаардык кеңешине кайрылган. Кадамжай шаардык кеңеши эки жолу (2010-жылдын 27-декабрындагы №12/7 жана 2011-жылдын 30-мартындагы №4-2/13 чечими менен ЖКДБ мүчө-уюштуруучулардын тизмесин четке каккан.

Каттоодон баш тартылганына байланыштуу ушул диний уюм БУУ Адам укуктары боюнча комитетине кайрылышкан (мындан ары - БУУ Комитети). БУУ Комитети өз чечиминде Диний уюмдун мүчөлөрүнүн укуктары, атап айтканда ага Кыргыз Республикасы 1994-жылдын январында кошулган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 26-беренеси Кыргыз Республикасы тарабынан[1], бузулганын белгилеген.

ЖК комитетинин чечимдерин аткаруу үчүн КР Өкмөтү "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү демилгеледи[2]. Бул Мыйзам долбоорунун концепциясы 2017-жылдын 29-майында КР Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети тарабынан каралды жана жактырылды, бирок КР Өкмөтүнүн токтому менен бул Мыйзам долбоору чакыртып алынган[3].

Конституциялык палатанын чечими эки жолу - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин V чакырылышынын Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана спорт боюнча комитети тарабынан жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VI чакырылышынын Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети тарабынан 2019-жылдын 24-июнунда каралган.

"Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" КР Мыйзамынын 29-беренесинин 1-бөлүгүнүн 14-пунктуна ылайык, Комитеттер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө КР Мыйзамынын долбоорун демилгелөөнү тапшырган.

КР Акыйкатчысына А.Б. жана Д.Э. кызыкчылыктарынын атынан чыккан Жакаба күбөлөрүнүн Европа ассоциациясынын төрагасы Марк Хансен мырза (Бельгия) кайрылган жана БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин 2019-жылдын 8-апрелиндеги чечиминин көчүрмөсүн берген, анда диний уюмдун каттоодон баш тартылганы боюнча Факультативдик протоколдун 5-беренесине (4) ылайык Комитет тарабынан ой-пикирлер берилген. Жа-

1 БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин 2019-жылдын 8-апрелиндеги чечими

2 2017-жыл 11- апрель № 207

3 2018-жыл 22-май № 241

рандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын 2-беренесине (3) (а) ылайык, катышуучу-мамлекет А.Б. жана Д.Э. укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө милдеттенет. Бул Пакт тарабынан каралган укуктары бузулган адамдарга, катышуучу-мамлекет тиешелүүлүгүнө жараша: а) КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия тарабынан Баткен облусунда Жакаба күбөлөрү жергиликтүү диний уюмун каттоодон баш тартуу жөнүндө чечимин кайра карООго; б) А.Б. жана Д.Э. тиешелүү өлчөмдө компенсация берүүнү камсыз кылууга милдеттүү. Катышуучу-мамлекет ошондой эле келечекте мындай укук бузууларды болтурбоо үчүн зарыл болгон бардык чараларды көрүүгө милдеттүү.

Акыйкатчы Институту тарабынан: КР Президентине, КР Жогорку Кеңешине, КР Премьер-министрине, КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясына каттар жиберилген. КР  Президентинен "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө КР Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу жана КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү процедурасын көзөмөлгө алуу суралган.

КР Жогорку Кеңешинин Төрагасынан БУУнун Адам укуктары боюнча комитети тарабынан кабыл алынган чечимге байланыштуу Жогорку Кеңештин тийиштүү комитетине "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө КР Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу жана долбоорду КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү боюнча тиешелүү комитетке көрсөтмө берүү суралган.

КР Премьер-министринен  Жакаба күбөлөрү диний уюмунун Кадамжай шаарында жана Баткен облусу боюнча каттоодон баш тартуу жөнүндө Кадамжай шаардык кеңешинин чечиминин негиздүүлүгүн текшерүү суралды[1].

КР Дин иштери боюнча комиссиясынан Кадамжай шаарында жана Баткен облусунда Жакаба күбөлөрү диний уюмун каттоо маселесин  карап көрүү суралды.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети төмөндөгүдөй чечти:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 4-сентябрындагы чечиминен келип чыккан зарыл болгон тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кыска убакыттын ичинде киргизсин жана 2019-жылдын 1-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жиберсин.
2. Ушул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетине жүктөлсүн.

1 2010-жылдын 27-декабрындагы №12/7 чечими жана 2011-жылдын 30-мартындагы №4-2/13 чечими

КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия өз жообунда Кадамжай шаарында жана Баткен облусунда Жакабанын күбөлөрү диний борборун каттоо маселеси Кыргыз Республикасынын компетенттүү органдарына макулдашуу үчүн жиберилгенин билдирди.

КР Жогорку Кеңешинин жообуна ылайык, КР Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетинин чечимине ылайык, КР Өкмөтү[1] "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жактырууга жана көрсөтүлгөн мыйзам долбоорун КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүүгө жана мыйзам долбоорун шашылыш катары, кезексиз тартипте кароо Жогорку Кеңештен суралышына токтом кылган.

Мыйзам долбооруна ылайык, КР Өкмөтү "жана жергиликтүү кеңештер менен макулдашылган" деген сөздөрдү алып салуу менен, "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацына өзгөртүү киргизет.

КР Жакаба күбөлөрү диний уюмунун КР Өкмөтүнө караштуу Адам укуктары боюнча Координациялык кеңешинин жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине 2019-жылдын 29-октябрындагы кайрылуусунун негизинде Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан кароонун натыйжалары жөнүндө маалымдоо өтүнүчү менен КР Өкмөтүнө караштуу Адам укуктары боюнча Координациялык кеңешине, ошондой эле Кадамжай шаарында жана Баткен облусунда Жакаба күбөлөрү диний борборун каттоодон баш тартуу фактысы боюнча жыйналган бардык материалдарды тиркөө менен (алар өзүлөрүнүн аракетин каттоодон баш тартуу деп эсептешпейт, ошол эле учурда уюмду катташпайт) КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын жоопторунда көрсөтүлгөн тыянактарды текшерүү өтүнүчү менен КР Башкы прокуратурасына каттар жиберилген.

Арыз ээси А.Б. маалыматы боюнча Кыргыз Республикасынын ушул маселенин каралышы жөнүндө чечими БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинде болжол менен 2019-жылдын 27-ноябрында каралууга тийиш болуучу.

СУНУШТАМАЛАР:

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИ

1. БУУ Адам укуктары боюнча комитетинин чечимин аткаруу үчүн КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-августунда №438 токтому менен жактырылган жана киргизилген "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзам долбоорун кабыл алууну камсыз кылсын, мыйзам долбоорун токтоосуз кабыл алууну карасын.

1 КР Өкмөтүнүн Токтому 2019-жыл. 29- август, №438

## 4.4. СИРИЯНЫН ЛАГЕРЛЕРИНДЕ ЖАНА ИРАКТЫН ТҮРМӨЛӨРҮНДӨ ТУРГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫНЫН УКУКТАРЫ

2019-жылдын 15-августунан 25-сентябрына чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин наамына Сириянын аймагындагы качкындар үчүн лагерлеринде турган КР жарандарынын туугандарынан 66 (алтымыш алты) кайрылуу келип түшкөн (Ирактын түрмөлөрүндө жаза мөөнөтүн өтөп жатышы мүмкүн болгон же өлүм жазасына өкүм болгон КР соттолгон жарандарынын саны тактоого жатат). КР Акыйкатчы аппаратынын жана "Кылым шамы" КБ маалыматтарын эске алганда, ал жакта жүргөн жарандарыбыздын жалпы саны - **438 адам, 18 жаштан жогорку** улуу адамдардын саны-**153** (эркектер-**36**, аялдар-**117**) жана жаш балдардын саны-**285**, эркек балдар-**146**, кыздар-**139**[1].

Сирия жана Ирактын лагерлеринде жана түрмөлөрүндө Кыргыз Республикасынын адамдарын кошуп алганда, дүйнөнүн 80ден ашуун өлкөсүнүн жарандары бар. Казакстан Республикасы Сирияда ар кандай кырдаалдарга байланыштуу террористтик активдүүлүк чөлкөмүндө калган казакстандык жарандарды алып чыгуу боюнча "Жусан" операциясын жүргүзгөн. 2019-жылдын январь, май жана июнь айларында "Жусан" операциясын жүргүзүүнүн төрт этабында Сириядан 595 адам эвакуацияланган, алардын ичинен 33 эркек, 156 аял жана 406 бала (алардын ичинен жетимдердин саны - 31).

Расмий адамдардын маалыматы боюнча Казакстандын дарегине башка мамлекеттердин өкүлдөрү жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу маалымат сурап кайрылышкан. Алардын ичинде: Кыргызстан, Тажикстан, Өзбекстан, Азербайжан, Франция, Бельгия, Косово бар.

Өз жарандарын кайтарып алуу маселелери боюнча: Өзбекстан 156 аялды жана баланы Сириянын лагерлеринен кайтарып алган, Тажикстан Ирак түрмөлөрүндө жаза өтөп жаткан аялдардын ичинен 84 баланы кайтарып алган, Кыргызстан жана Азербайжан өз жарандарын кайтарып алуу жөнүндө маселени карап жатышат.

КР Акыйкатчысынын кайрылууларынын негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Сириянын аймагындагы качкындар лагерлеринде балдары менен баш калкалап жатышкан жана Ирак түрмөлөрүндөгү жарандарыбызды Кыргызстанга кайтарып алып келүү маселелери боюнча ведомстволор аралык жумушчу тобун түзгөн. Түрк күчтөрү тарабынан Сирия аймагында операцияларды жүргүзүүнү баштаганына байланыштуу КР жарандары кармалган лагерлердин жайгашкан жерлерин, алардын санын жана учурдагы керектөөлөрүн тактоо зарыл. Региондун климаттык өзгөчөлүгү - жай мезгилиндеги куйкалаган ысык, жаан-чачындуу күз, кыш мезгилдери жана регион менен байланышкан ооруу-сыркоолор жана алардын ден соолугунун учурдагы абалы өзгөчө мааниге ээ.

---

1 КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) жана "Кылым шамы" КБ 2019-жылдын 30-сентябрына чейин жалпы кайрылгандар.

Акыйкатчы арыз ээлеринин жана изделип жаткан туугандарынын жана алардын балдарынын тизмелерин жана маалыматтарын тиркөө менен КР УКМК жана ТИМге, Эл аралык Кызыл Крест комитетине каттарды жиберген.

КР УКМК өзүнүн жообунда Сириядагы жана Ирактагы туугандарын издеген үй-бүлөлөр тууралуу маалымат эске алынганын билдирген. КР ТИМ Сирия жана Ирак аймагында изделип жаткан туугандары жана алардын балдарынын тизмеси Эл аралык Кызыл Крест комитетинин дарегине жөнөтүлгөнүн маалымдады.

Ошону менен бирге, КР ТИМ учурда КР Тышкы иштер министрлиги жана КР компетенттүү органдары тарабынан Сириянын аймагында жүргөн КР жарандары жана Ирактын пенитенциардык мекемелеринде жаткан аялдардын балдары боюнча ар тараптуу жана комплекстүү иштер улантылып жатканын маалымдаган. Ошондой эле бул маселе боюнча Тышкы иштер министрлиги чет өлкөлөрдөгү мекемелер жана КР тармактык ведомстволору менен колдо болгон байланыштардын  жана алакалардын алкактарында чет элдик өнөктөштөр жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат.

Өзүнүн жообунда Эл аралык Кызыл Крест комитети Сирия жана Ирактагы өз туугандарын издеп жатышкан үй-бүлөлөр тууралуу маалыматты бергени үчүн КР Акыйкатчысына ыраазычылык билдирип, берилген маалыматтарды Эл аралык Кызыл Крест комитетинин делегацияларындагы кесиптештерине бере турганын маалымдаган.

Ведомстволор аралык жумушчу топ иши жөнүндө маалымат КР Омбудсменинин көзөмөлүндө турат.

СУНУШТАМАЛАР:

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ:

1. Кыргыз Республикасынын жарандарын - аялдарды жана балдарды Сириянын лагерлеринен жана Ирактын түрмөлөрүнөн кайтарып алып келүү боюнча ишти тездетсин жана толук чараларды көрсүн.
2. Өз жарандарын жана балдарды кайтарып алып келүү боюнча Казакстан Республикасынын, Тажикстан Республикасынын, Өзбекстан Республикасынын жана Россия Федерациясынын тажрыйбасын эске алуу менен, толук чаралардын планын иштеп чыксын: чет өлкөдөн кайтарылып келинүүчүлөр менен чет өлкөдө жана өлкөдө иштөө үчүн кызматкерлерди зарыл даярдыктардан өткөрсүн, ар бир кайтарылып келинүүчүнүн өзгөчөлүктөрүн – кайсы жерде болгонун, жынысын жана жаш курагын, ден соолугунун абалын, Сирияда жана Иракта же башка транзиттик мамлекеттерде болуусунун  шарттарын, ага байланыштуу социалдык-психологиялык залакаларды, өзүн күбөлөндүрүүчү документтин болушун, Кыргызстандагы социалдык байланыштарын жана  башкаларды эске алсын.

## 4.5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ТЫНЧ ЧОГУЛУШТАРГА ЭРКИНДИК УКУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН АБАЛЫ

2019-жылы Акыйкатчынын борбордук аппаратынын кызматкерлери чогулуштардын эркиндигин камсыз кылууга позитивдүү таасир этүү менен Бишкек шаарында болуп өткөн 14 чогулушка мониторинг өткөрүшкөн. Соттук практиканын мониторинги соттор тарабынан чогулуштарды өткөрүүчү жерлерге тыюу салуу же чектөө жөнүндө чечимдер чыгарылган учурда "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамдын жоболору жалпысынан эмес, тандалма түрдө колдонулаарын аныктады. Чогулуштарды чектөө жөнүндө соттук чечимдер өткөрүлүүчү чогулуштарга карата гана - Мыйзамда каралган негиздер боюнча, жагдайлар болгон мезгилде гана чыгарылууга жана алар жок болгон учурда алынууга тийиш. Соттор ИИОдон жана ЖӨБОдон гипотетикалык коркунучтарды эмес, реалдуу коркунучутарды ырастоону, ЖӨБОнун жана ИИОнун чогулуштарды камсыз кылуу боюнча Мыйзам менен жүктөлгөн жоопкерчилигин эске алууга тийиш. Ар бир чогулуш соттун коргоо объектиси болууга тийиш, белгилүү бир чогулушту чектөө башка чогулуштарга жайылтылбоого тийиш. КР Конституциясында жана "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамда каралган чогулуштарды өткөрүү жөнүндө кабарлоо чогулуштарды уюштуруучулар менен бийлик органдарынын өз ара аракеттенүү механизмин түзгөн; ИИОнун жана ЖӨБОнун демилгеси боюнча тынч чогулуштарга негизсиз тыюу салуу практикасы, башаламан тынч чогулуштарга артыкчылык берүү менен бул механизмди бузган. Мында, тынч чогулуштар чыңалуунун төмөндөшүнө көмөктөшүү менен бийлик органдарына кайрылууга жана өз пикирин билдирүү эркиндигине укугун ишке ашыруунун өтө талап кылынган ыкмасы болуп кала берүүсүн улантат.

КР Конституциясы ар бир адамга – КР жаранына, чет өлкөлүк жаранга же жарандыгы жок адамга тынч чогулуштарга эркиндик укугун пайдаланууга кепилдик берет.

Чогулуштар уюштуруучулар болгондо пландаштырылып же чогулуштун анык уюштуруучулары жок болгондо башаламан өткөрүлүшү мүмкүн. Чогулуш өткөрүү жөнүндө кабарлоону берүү уюштуруучулардын укугу катары каралат. Пландалган чогулуш жөнүндө кабарлоонун жоктугу кабарлоонун формасынын мазмуну же аны берүүнүн мөөнөтү уюштуруучуларды же катышуучуларды жоопкерчиликке тартууга жол бербейт. "Тынч чогулуштар жөнүндө" КР Мыйзамы башаламан чогулуштарды өткөрүүнү карайт, катышуучуларды коргоону, параллель же каршы чогулуштарды бөлүштүрүүнү кошкондо, алардын өткөрүлүшүн камсыз кылуу ички иштер органдарына жүктөлөт.

КР Конституциясы тынч чогулуштарга (зомбулуксуз, куралсыз жана укукка каршы максаттарды көздөбөгөн) эркиндик укугун коргойт. Тынч мүнөзүн жоготкон учурда "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзам ички иштер органдарынын чогулуш өткөрүлгөн жерде коомдук тартипти жана катышуучулардын, башка адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-аракеттеринин тартибин аныктайт. Өткөрүлүүчү чогулушка карата чектөөлөрдү киргизүү үчүн Мыйзамда каралган негиздер болгондо ("Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгү) өткөрүү убактысы, жери

же багыты боюнча тиешелүү органдар (ИИО же ЖӨБО) сотко кайрылууга милдеттүү, ал 24 сааттын ичинде арызды кароого жана Мыйзамга ылайык өткөрүлүүчү чогулушка чектөөлөрдү белгилөө үчүн негиздер бар экендиги жөнүндө маселени кароого, ал эми мындай негиздер жок болгондо – аны улантуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

"Кылым Шамы"[1] адам укуктарын коргоо борбору тарабынан 2018-жылдын октябрынан тартып 2019-жылдын сентябрына чейинки мезгилде өткөрүлгөн мониторинг 250 чогулушту камтыйт, алардын көпчүлүгү (46,8%ы) Бишкек шаарына туура келет. Экинчиси региондун саны боюнча Жалал-Абад облусу эсептелет - 20,8%. Андан кийин Ош жана Баткен облустары (тиешелүүлүгүнө жараша 10,8% жана 10,4%) жана андан ары тизме боюнча Нарын облусу - 4%, Ысык-Көл - 3,2%, Чүй - 2,8%, Талас - 1,2%. Мында коомдук-саясий чогулуштар (56,8%) социалдык-экономикалык чогулуштарга салыштырмалуу (43,2%) басымдуулук кылган. Өткөрүлгөн чогулуштардын көпчүлүгүндө 50 адамга чейин (58,8%); 51 адамдан 100 адамга чейин - 26%, 101 адамдан 300 адамга чейин - 9,6% чогулган. Бийлик органдарынын имараттарынын алдындагы чогулуштар 49,1%ды, аянттарда - 35,7%ды, М. Горький паркында жана Бишкек шаарынын "Ак-Кула" шаардык ат майданында – 2%ды, көчөлөрдө (жолдордо) – 3%ды, жолдорду жабуу менен – 0%ды түздү. Ошондой эле 250 чогулуштун 89у пландалган мүнөздү (35,6%), ойлонулбаган чогулуш – 64,4%ды түзгөнүн белгилөө зарыл. Чогулуштардын көпчүлүгү статикалык формада – 72,4% (анын ичинде отуруучу формада – 4,8%), кыймыл аракетте -16,4%, аралаш формада-11,2% болгон. 4,4% катышуучулар жөө, 0,4% транспортто, 0,4% - жөө жана транспортто жүрүштү.

Өткөрүлгөн мониторингдин жыйынтыктары тууралуу айтсак, акыркы жылдары Мыйзамдын талаптарына ылайык айрым чогулуштарга гана тыюу салбастан, арыз ээлеринин (ИИОнун же ЖӨБО) жүйөлөрүнүн негиздүүлүгүн "Тынч чогулуштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык баалабастан белгилүү бир мезгилде, белгилүү бир административдик аймакта кандай болбосун чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө сот органдары тарабынан чечимдердин чыгарылышы боюнча практика күбөлөндүрөөрүн белгилөө зарыл.

2019-жылдын **6 айында (181 күн)** Биринчи май районунун ички иштер органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө жана чогулуштарды өткөрүүчү жерлерди чектөө жөнүндө 9 чечим чыгарышкан, анын ичинен 2 чечимде Ала-Тоо аянтында, "эски аянтта", КР Жогорку Кеңешинин, КР Өкмөт үйүнүн имараттарынын жанында жана Бишкек шаарынын Биринчи май районунун борбордук бөлүгүндө тынч чогулуш өткөрүүгө тыюу салынган; чогулуштар өткөрүлүүчү жерди чектөө жана М.Горький атындагы паркка жылдыруу жөнүндө - 7 чечим, Биринчи Май районунда кандай болбосун чогулуштарга тыюу салуу жөнүндө - 4 чечим чыккан.

1 Тынч чогулуштарга эркиндик укугу жана аны КРда камсыз кылуу практикасы 2018-2019-жылдарга мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары (2019-жылдын сентябрында берилген.), http://freedomindex.net/1152/.

Биринчи Май райондук ИИБнын жана райондук администрациясынын чогулуштар өткөрүлүүчү жерди чектөө жана М. Горький атындагы паркка жылдыруу жөнүндө 7 чечими соттор тарабынан толугу менен канааттандырылган. Тыюу салуу жөнүндө 2 чечим соттор тарабынан тыюу салуунун мезгили бөлүгүндө жарым-жартылай канааттандырылган. Өткөрүлүүчү жер боюнча чогулуштарды чектөө мезгили жалпы мониторинг жүргүзүүнүн жалпы мөөнөтү - 181 күндөн 70 күндү (38,7%) түздү. Бул мезгилге 2019-жылдын майы бүт кирген, тыюу салуу боюнча чечимдер эки чогулушка таасирин тийгизди – 2019 жылдын 17-январы жана 27-февралы. 2019-жылдын сентябрында чогулуштарды өткөрүү жерлерин чектөө жана аларды Щербаков көчөсүндөгү (Боталиев көч. кес.) паркка которуу жөнүндө дагы бир чечим чыгарылган, тынч чогулуштарды өткөрүү тууралуу тыюу салуу Бишкек шаарынын Биринчи май районунда 2 жума (2019-жылдын 17-сентябрынан тартып 30-сентябрына чейин) колдонулган.

2019-жылы Бишкек шаарынын Биринчи май району боюнча тынч чогулуштарды чектөө жана тыюу салуу жөнүндө чечимдер төмөнкү даталарды жана аймактарды камтыган: 17-январь - шаардын борбордук бөлүгүндө чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салуу, 22-январь-1-февраль - шаардын борбордук бөлүгүнөн М. Горький атындагы паркка которуу, 26-февраль – 8-март – шаардын борбордук бөлүгүнөн М. Горький атындагы паркка которуу, 27-28 – февраль - шаардын борбордук бөлүгүндө **бардык чогулуштарга тыюу салуу**, 25 – март – 6-апрель - борбордук бөлүктөн М. Горький атындагы паркка **которуу**.

**Ошондой эле, соттор тарабынан бардык чогулуштарды** М. Горький атындагы паркына **которуу жөнүндө 5** чечим: 26 – 30-март, 29 –апрель - 11-май, 12-31-май, 25-28-июнь, 17-сентябрь чыгарылган.

Тынч чогулуштарды чектөө бийлик органдарынын жарандардын өмүрү үчүн минималдуу залакалар менен ыкчам милдеттерди чечүүгө жөндөмсүздүгүн көрсөтөт. Алсак, чогулуштарды чектөө жөнүндө арыздарда төмөнкүлөр көрсөтүлгөн:

- 2019-жылдын 25-февралында Биринчи май райондук ИИБ 26-февралда саат 9:00дөн 14:00гө чейин чогулуш өткөрүү жөнүндө кабарлоого карата чогулуш Профсоюздар үйүнөн "Өкмөт үйүнүн имаратына жана Ала-Тоо аянтына өтүп кетиши, оор кырдаалды жаратып, коомчулукту дестабилдештириши жана коомдук транспортко тоскоол болушу мүмкүн" экендигине байланыштуу чогулуш өткөрүлүүчү жерди М. Горький атындагы паркка которуу жөнүндө чечим кабыл алган.
- Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясы Биринчи май администрациялык району боюнча "28-мартта өтүүчү ШКУнун саммитинин урматына кортеждердин жүрүү маршруту боюнча көрктөндүрүү жүргүзүү зарылдыгынан" улам, "чогулуштарды өткөрүү коомдук-саясий кырдаалды туруксуздаштырууга алып келээрин" эске алуу менен чогулуштарды өткөрүүнү чектөө жөнүндө

чечим кабыл алган[1]. ЖӨБО жана ИИО 2019-жылдын 26-мартынан 30-мартына чейин бардык чогулуштарды М. Горький атындагы паркка которуу талабы менен сотко кайрылышкан. "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен чектөө өткөрүлгөн чогулушка эмес, пландаштырылган чогулушка тийиштүү болгон. Биринчи май райондук соту "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамдын талаптарын бузууну байкаган эмес.

- Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясы Биринчи май администрациялык району боюнча шаардын борбордук бөлүгүндө чогулуштарды 2019-жылдын 27-февралынан 1-июлуна чейин (4 ай) чектөө жана мыйзамдуу жана негиздүү түрдө М. Горький паркына которуу жөнүндө Биринчи май районунун ИИО чечимин таануу жөнүндө арыз менен сотко кайрылган. Биринчи май райондук соту 2019-жылдын 27-28-февралында чогулуштар өткөрүлүүчү жерди чектөө жөнүндө арыз ээсинин жүйөөлөрүн негиздүү деп, калган мезгил боюнча сот арыз ээсинин талаптарын негизсиз деп санаган
- Ушундай эле жол менен сот органдары 2019-жылы "Тынч чогулуштар жөнүндө" КР Мыйзамынын 14-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболорун эске албастан жер-жерлердеги тынч чогулуштарды чектөө тууралуу **5** чечим чыгарган.

Башка чогулуштарга карата чыгарылган соттук чечимдер менен тынч чогулуштарга карата укугу чектелген бир катар жарандар Мыйзамда белгиленген даттанууга 24 сааттык мөөнөткө байланыштуу, аталган чечимдерге каршылык көрсөтүү укугунан ажыратылган. Ушуга байланыштуу эгерде алар башка чогулуштардын уюштуруучуларынын же катышуучуларынын укуктарын козгосо, чогулуштарды өткөрүүнүн убактысы, жери же жүрүү маршруту боюнча чектөө жөнүндө чечимдерге даттанууга жана кайра карап чыгууга укук берүү зарыл деп эсептейбиз.

Уюштуруучуларга жана бийлик органдарына көмөк көрсөтүүнүн куралы катары Мыйзамда каралган уюштуруу пландарына ылайык чогулуштарды макулдашылган түрдө даярдоонун жана өткөрүүнүн механизми чогулуштарга тыюу салуунун туура эмес практикасынан улам өзүнүн актуалдуулугун жоготту.

Соттор тарабынан чыгарылган ушул өңдүү чечимдерге байланыштуу, Кыргыз Республикасында тынч чогулуштарды өткөрүү үчүн уюштуруучуларга кабарлоо бербей коюунун максатка ылайыктуулугу боюнча практика калыптанып баратат. Мындан тышкары сот органдары "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамда каралган критерийлер боюнча талап кылынгандай белгилүү бир чогулушту өткөрүүгө гана эмес (иш жүзүндө тыюу салуу), бардык (өткөрүлбөгөн) чогулуштарга карата тыюу салышууда, бул адамдардын чектелбеген чөйрөсүнүн чогулуштардын эркиндигине болгон укугун козгойт.

КР ИИМ[2] маалыматы боюнча 2019-жылы өлкөдө баардыгы болуп 620 чо-

1 Бишкек шаарынын Биринчи май району боюнча ар кандай митингдер жана тынч чогулуштарды өткөрүүчү жер боюнча чектөө жөнүндө 25.03.2019-ж. арызынан

2 16.01.20-ж.Чыгыш номери 1/292 . Министрдин орун басары П. Асановдун колу менен.

гулуш өткөн (катта алар митингдер жана нааразылык акциялары деп аталат), анын ичинен Бишкек шаары боюнча – 294, Чүй облусу боюнча – 143, Ысык-Көл облусу боюнча – 36, Нарын облусу боюнча – 22, Талас облусу боюнча – 13, Жалал-Абад облусу боюнча – 31, Ош облусу боюнча – 19, Ош ш. боюнча – 31, Баткен облусу боюнча – 31.

Алардын ичинен саясий мүнөздөгү – 141, анын ичинде Бишкек ш. боюнча – 104, Чүй обл. – 16, Ысык-Көл обл. – 6, Нарын обл. – 2, Талас обл. – 0, Жалал-Абад обл. – 7, Ош обл. – 1, Ош – 3, Баткен обл. – 2.

Социалдык-экономикалык маселелер боюнча – 471 чогулуш, анын ичинде: Бишкек шаары боюнча – 190, Чүй облусу боюнча – 127, Ысык-Көл облусу боюнча – 30, Нарын облусу боюнча – 20, Талас облусу боюнча – 13, Жалал-Абад облусу боюнча – 24, Ош облусу боюнча – 18, Ош шаары боюнча – 28, Баткен облусу боюнча – 29.

КР ИИМ маалыматына боюнча 2019-жылы Бишкек шаарында 109 жаран чогулуштарды өткөрүү учурунда кармалып, ички иштер бөлүмдөрүнө жеткирилген. Алардын ичинен 59 адам Жоруктар жөнүндө кодекстин 82-беренеси боюнча жоопкерчиликке тартылган (ИИО кызматкерлеринин мыйзамдуу талаптарына баш ийбөө). 1 адамга карата Жоруктар жөнүндө кодекстин 91-беренеси боюнча жаза чарасы колдонулган (тынч чогулуштарды өткөрүүнүн тартибин бузуу), 90 миң сом суммасындагы айып өндүрүлгөн. 50 адам эскертүү алган. Чүй облусунун Сокулук районунда 15 адам тынч чогулуштарды өткөрүү тартибин бузгандыгы үчүн ички иштер бөлүмдөрүнө жеткирилген, алардын 11и Жоруктар жөнүндө кодекстин 82-беренеси боюнча ар бири 3 миң сомдон айып пул төлөө менен жоопкерчиликке тартылган.

2019-жылдын аягында (18-декабрда) Бишкекте шаарынын “Ала-Тоо” аянтында “РеАкция” аталыштагы коррупцияга каршы тынчтык акциялары өткөрүлгөн, алар боюнча кабарлоо берилген эмес, өткөрүү тууралуу чакырыктар социалдык тармактар аркылуу жүргүзүлгөн. Чогулуштардын ойлонулбаган мүнөзүнө карабастан (2019-жылдын 25-ноябрында жана 18-декабрында Апрель окуяларынын Баатырларынын эстелигинин жанында), ички иштер органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана “Тынч чогулуштар жөнүндө” Мыйзамга ылайык тынч чогулуштарга эркиндик укугун камсыз кылышты: чогулуштун ар бирин өткөрүүнү - катышуучуларды жана башка адамдарды кайтарууну, журналисттердин жана ЖМКлардын ишин камсыз кылышты.

18-декабрда “РеАкция” чогулушу менен катар “Кырк Чоро” кыймылынын мүчөлөрү Ала-Тоо аянтында (Манас эстелигинин жанында) параллель чогулуш өткөрүштү (аталган аймакта башка чогулуш менен бир убакта өткөрүлүүчү жана башка чогулуштун катышуучуларынын ой пикирлеринен айырмалануучу ой-пикирин билдирүү максатын көздөбөгөн чогулуш).

“РеАкция” чогулушунун катышуучулары саат 11:00до чогула баштагкан жана саат 11:40та ар кандай курактагы жана ар түрдүү этностук таандыктагы катышуучулардын саны болжол менен 700 адамга жеткен, ал эми 12:00дө адамдардын саны 1500гө жеткен. Катышуучулар КР желекчелерин, плакат-

тарды жана фотоколлаждарды көтөрүп, айрым катышуучулар медициналык беткаптар менен жүрүшкөн.

«Кырк-Чоро» кыймылынын мүчөлөрүнүн катышуусунда өткөн экинчи чогулуш Манас эстелигинин жанында өткөн, 11.55те катышуучулардын саны 30га жакын адамды түзгөн. Катышуучулар өткөрүлө турган жерге Жогорку Кеңеш тарабынан келе баштаашкан (башка жыйын булактар боюнча катышуучулар Спорт сарайында чогулушкан). Саат 12.00 эки чогулуштун катышуучуларынын ортосунда чогулуштардын максаттарын териштирүү менен кичине кагылышуу болгон. Экинчи чогулуштун катышуучулары биринчи чогулуштун катышуучуларын провокация кылышкан, ички иштер органдарынын кызматкерлери провокаторлордун иш-аракеттерине бөгөт коюшкан. Экинчи топ Манас эстелигине карай бет алышкан жана саат 12.15те алардын саны 200гө жеткен. Катышуучулардын колунда КР желектери болгон, жаш балдардын көпчүлүгү ак калпак кийип жүрүшкөн. Ошондой эле улуттук кийимчен 10 аялдын жүргөнү белгиленген. Параллель чогулуштун катышуучулары менен чогулуштун башталышында болгон кагылышуудан тышкары, бул чогулуш тынч өткөн.

Анык уюштуруучулардын жоктугу тынч чогулуштарга укукту ишке ашырууга мүмкүндүк берди жана балким, укук коргоо органдары тарабынан тынч чогулуштарды өткөрүү тартибин бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуунун алдын алды. Акыйкатчынын кызматкерлеринин чогулуштарга катышуусу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамдын талаптарын сактоого көмөк көрсөттү.

### СУНУШТАМАЛАР

### КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИ:

1. "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамдын жобосунун сакталышына парламенттик контроль жүргүзүүнү камсыз кылсын, анда мындай чектөөлөр Мыйзамга ылайык чектөөлөрдү киргизүү үчүн себеп болуучу жагдайлар болгон мезгилде гана киргизилүүгө жана мындай жагдайлар болбогон учурда кайра алынууга тийиш.

### КР ӨКМӨТҮ:

1. "Тынч чогулуш жөнүндө" Мыйзамдын жоболорунда сот органдарына Мыйзамда бекемделген өткөрүлүүчү чогулуштарга гана эмес, белгилүү бир убакытта, белгилүү бир аймактагы кандай болбосун чогулуштарга карата, чектелбеген чөйрөдөгү адамдардын тынч чогулуштарына эркиндик укугун чектөө менен чектөөлөрдү киргизүүгө мүмкүндүк берген укуктук аныкталбагандыкты четтетсин.
2. Бузуулар жөнүндө кодекске соттук чечимдерге даттануунун жол-жоболорун жана соттук коргоого жана жогору турган сот тарабынан ишти кайра кароого укукту чектөөгө жол бербеген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3, 8-пункттарына, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө каршы келген КР Бузуулар жөнүндө кодексинин 333-беренесинин 3-бөлүгүн таануу жөнүн-

дө КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2019-жылдын 11-сентябрындагы чечимине ылайык жогорку сот тарабынан кайра кароону караган жобону киргизсин.

## КР ЖОГОРКУ СОТУ ЖАНА КР ЖОГОРКУ СОТУНА КАРАШТУУ СОТ АДИЛЕТТИГИНИН ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ:

1. Мыйзамдардын колдонуудагы талаптарын тийиштүү түрдө аткаруу жана талаптагыдай эмес негиздер боюнча тынч чогулуштарга укукту чектөө боюнча ИИОнун же ЖӨБОнун негизсиз (укук ченемсиз) иш-аракеттерин болтурбоо үчүн судьяларды даярдоо окуу программасына КР Конституциясынын жана "Тынч чогулуштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболору боюнча модулду камсыз кылсын.
2. Арыз ээлеринин өткөрүлүүчү чогулуштарга карата чектөөлөрдү киргизүүгө жүйөөлөрүн алардын негиздүүлүгү жана далилдениши боюнча баалоону камсыз кылсын.
3. "Тынч чогулуштар жөнүндө" КР Мыйзамынын чогулуштун өткөрүлүүчү жери, убактысы же жүрүү маршруту боюнча чектөө үчүн негиздерди баалоо бөлүгүндөгү талаптарынын өткөрүлүүчү чогулуштарга карата гана аткарылышын камсыз кылсын, убакыт же аймак боюнча ар кандай башка чогулуштардын чектелбеген чөйрөсүнө чектөөлөрдү жайылтуу практикасын жокко чыгарсын.
4. "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамдын жоболорун аткарууну камсыз кылсын, ал боюнча чектөөлөр Мыйзамга ылайык чектөөлөрдү киргизүү үчүн себеп болуучу жагдайлар болгон мезгилде гана киргизилүүгө жана мындай жагдайлар жоголгон учурда кайра алынууга тийиш.
5. Чогулуштарды чектөө жөнүндө чечим кызыкчылыктарын козгогон башка жактардын чогулуштарды чектөө жөнүндө чечимге даттануу мүмкүнчүлүгүн мисалы өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүү аркылуу камсыз кылсын,.

## ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ:

1. Алдын ала кабарлоо бербестен, тынч чогулуштарды уюштурууга жана өткөрүүгө карата Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболорунун аткарылышын камсыз кылсын.
2. Жери, убактысы же жүрүү маршруту боюнча чогулуштарды чектөөгө арыздарда "Тынч чогулуштар жөнүндө" Мыйзамдын тиешелүү талаптарына ылайык негизделген жана ырасталган негиздерди көрсөтүүнү камсыз кылсын.

# 5-БӨЛҮМ. АДИЛЕТТҮҮ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮЛӨРГӨ УКУК

Сот органдары менен иштөөдө жана сот процесстерине мониторинг жүргүзүүдө Акыйкатчынын иши бир жагынан сот органдарынын ишти кароо маселелери боюнча көз карандысыздыгы менен чектелсе,  экинчи жагынан – Акыйкатчыга Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгүнө жана сот адилеттүүлүгүнө жетишүүгө көмөктөшүү милдеттерин жана милдеттенмелерин жүктөп турат.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын Аппаратынын сот органдары менен иштөө жана сот процесстерине мониторинг жургүзүү бөлүмүнө 2019-жылы **715** кайрылуу келип түшкөн (алардын бардыгы каралган же тийиштүү органдарга жиберилген). Сот органдарынын көз карандысыздыгын эске алуу менен, аппараттын милдети – кайрылууларда келтирилген фактыларды изилдөө, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамында аныкталган Акыйкатчынын ыйгарым укуктарына ылайыктуулугун аныктоо анын милдети болуп саналат. Кээ бир кайрылуулар компетенциясына жараша башка органдарга жөнөтүлөт. Эгерде сот чыгарган чечимдерге карата даттануулар болсо,  арызданууучуга  сот системасынын өзгөчөлүктөрү (сот өндүрүшүн тармактар жана инстанциялар боюнча бөлүштүрүү) түшүндүрүлүп берилет.

Көпчүлүк учурларда арызданууучулар соттук процесстерге мониторинг жүргүзүп берүүнү суранышат. Мындан тышкары, жогоруда аталган бөлүм кээ бир жеке укуктарды сактоого мониторинг жүргүзүүнү да демилгелейт. Бирок, мындай учурларда, чечимди КР Акыйкатчысы жана органдын ыйгарым укуктарына жана  стратегиялык милдеттерди эске алуу менен тиешелүү бөлүм кабыл алат. Мисалы, 2018-жылы жарандар үчүн сот органдарынын имаратына кирүү мүмкүнчүлүгү  маселеси каралган. Акыйкатчы бул багыттагы иштерди күчөтүү максатында, сот органдарына мониторинг жүргүзгөн уюмдар менен кызматташат. 2019-жылы адам укуктары боюнча Эдвокаси (Ош ш.) борбору менен кызматташтыкта бөгөт коюу чарасын тандап алуу боюнча сот процесстерине мониторинг жүргүзүлдү. Аппараттын башка бөлүмдөрүнүн ишинде бөлүм тармагына тиешелүү, адам укуктарын жана эркиндиктерин илгерилетүүгө көмөктөшүүчү сот процесстери жолугушу мүмкүн.


Сот органдары менен иштөө жана сот процесстерине мониторинг жургүзүү бөлүмү тарабынан 2019-жылы ар кандай маселелер боюнча башка бийлик органдарына **861** кат даярдалып, жөнөтүлгөн: алардын ичинде: 697 кат, 139 суроо-талап, ошондой эле талаптарды эскертүүчү 25 кат бар. Мамлекеттик органдарга бөлүштүрсөк: КР Жогорку Кеңешине – 11; сот органдарына – 70; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө - 8, прокуратура органдарына – 65 кат жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамында аныкталган Акыйкатчынын ыйгарым укуктарына ылайык, 2019-жылы аппараттын кыз-

маткерлери **535** сот процессине катышып, 180 кайрылууну маңызы боюнча карап чыгышкан.

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүлөрдү талдоо көрсөткөндөй: биринчи инстанциядагы сотто - 279 (52,14%) мониторинги жүргүзүлсө, экинчи инстанциядагы сотто 135 (25,23%) жана үчүнчү инстанциядагы сотто 121 (22,61%) мониторинг жүргүзүлгөн.

СОТ ИНСТАНЦИЯЛАРЫ БОЮНЧА МОНИТОРИНГДЕРДИН САНЫ




Сот органдарына болгон даттануулarda судьялар тарабынан кетирилген, Акыйкатчынын мандатына кирген тигил же бул мыйзам бузуулар боюнча фактылар табылса, КР Акыйкатчысынын атынан компетенттүү органдарга карата кайрылуулар, суроо-талаптар жана Көңүл буруу актысы даярдалат.

Сот органдарынын иштерин уюштуруу жана камсыз кылуу маселелери боюнча Акыйкатчынын аппараты тарабынан кызмат адамдарынын «кара тизмеси» даярдалат. Мисалы, 2019-жылы бул «кара тизмеге» 3 иш катталып, 14 Көңүл буруу актысы даярдалган жана сот органдарынын ишине жана сот адилеттигин жүргүзүүсүнө тоскоол болгон кызмат адамдарын жоопко тартуу үчүн кайрылуулар даярдалган. Натыйжада, 10 кайрылуу өтүнүчү оң чечилген жана 9 кызмат адамы жоопко тартылган.

Сот системасынын ишин камсыздоо жана  мыйзамдарды өркүндөтүү үчүн, Акыйкатчы өз сунуштарын киргизет. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине жана Жазык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорлору даярдалган: 1) «экстремисттик материалдар» деген туюнтманы тактоо аркылуу тиешелүү сот чечими менен тыюу салынган материалдар каралууга тийиш (КР Жазык кодексинин 315-бер.1-бөл.); 2) ачык сот отурумунда бөгөт коюу чарасын тандап алуу тууралуу сот отурумун өткөрүүнү тактоо (КР ЖПКнын 257-бер.1-бөл.). Акыйкатчынын мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча демилгелери тууралуу толук маалымат баяндаманын 1.3. бөлүгүндө чагылдырылган.

## 5.1. ЖАРАНДАРДЫН АКЫЙКАТ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮГӨ БОЛГОН УКУК БУЗУУЛАРГА КАРАТА ДАТТАНУУЛАРЫ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жана анын өкүлдөрү өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда бардык инстанциялардагы сот отурумдарына, ошондой эле соттук териштирүү бирөөнүн кызыкчылыгында жабык деп жарыяланган учурда, ал адам макулдук берсе, жабык сот отурумдарына да катышууга укуктуу.


**2019-жылы келген кайрылууларды кароонун жана сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча Акыйкатчы кызмат адамдарына карата тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө 9 сунуштама жөнөттү (тизмеси төмөндө көрсөтүлөт).**

«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ишин камсыз кылуу үчүн Акыйкатчынын  жумушчу аппараты түзүлөт. Бүгүнкү күндө 9 бөлүм ар кандай багыттар боюнча иш алып барат.

Мисалы, КР Акыйкатчысынын (Омбудсмендин)  2017-2018-жылдар үчүн Жылдык баяндамасына ылайык, сот органдары менен иштөө жана сот процесстерине мониторинг жүргүзүү бөлүмүнүн аткарган иши КР Акыйкатчысынын наамына келип түшкөн кайрылуу, даттануулардын жалпы санынын **38,39% жана 43,9%ын түзгөн.**

2019-жылы аталган бөлүмгө келип түшкөн кайрылуулардын үлүшү азайган жок жана жалпы 715ти түзгөн.

СОТ ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДИГИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ АРЫЗДАРДЫН КР АКЫЙКАТЧЫСЫНА КЕЛИП ТҮШКӨН ЖАЛПЫ АРЫЗДАРГА КАРАТА ПАЙЫЗДЫК КАТЫШЫ



Арыздардын көпчүлүгү КР Акыйкатчысынын өкүлүнүн компетенттүү жана көз карандысыз сот тарабынан жана адилеттүү коомдук териштирүүлөргө болгон укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу максатында мониторинг жүргүзүү өтүнүчү менен кайрылышат.

Сот органдары менен иштөө бөлүмүнүн кызматкерлери  тарабынан 535 жолу сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү болду, алардын ичинен: 279 (52,14%) –биринчи сотттук инстанцияда, ал эми экинчи жана үчүнчү сот инстанцияларында 135 (25,23%)/121 (22,61%).

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) өкүлү сот процессине мониторинг жүргүзүүнүн алкагында судьялардын жана сот отурумдарына катышып жаткан башка кызмат адамдарынын жарандардын конституциялык жана процесстик укуктарын сактоосуна байкоо жүргүзөт. КР Акыйкатчысынын өкүлү кандайдыр укук бузууларды байкап калган учурларда, аларды белгилеп, «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык тиешелүү бардык зарыл чараларды көрөт.

*Төмөндө сот процесстерине мониторинг жүргүзгөн КР Акыйкатчысынын өкүлү тарабынан ачыкталган укук бузулуулар тууралуу маалымат берилет.*

Көпчүлүк учурларда сот процесстерине мониторинг жүргүзүүдө, соттук териштирүүлөрдү өз белгиленген убагында баштабай, укук бузуулар менен башталаары белгилүү болду. **Дээрлик конкреттүү убакытта угууга дайындалган ар бир үчүнчү сот отуруму белгиленген убагында башталбастан, кечиктирилип башталат.**

Алсак, 23.05.2019-ж., А. М. арызы боюнча Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунда  саат 13:30га дайындалган сот процесси конвойдун жоктугуна байланыштуу саат 14:15 те башталган[1].

13.05.2019-ж., А. Абдесовдун арызы боюнча, Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунда  саат 9:30 да башталууга тийиш сот процесси үчүнчү жак катары тартылган КРнын Финансы министрлигинин жана КРнын Өкмөтүнүн Аппаратынын өкүлдөрүнүн жоктугуна байланыштуу саат 10:00дө башталган[1].

- 30.04.2019-ж., А. Т. арызы боюнча,  Бишкек. ш. Ленин райондук сотунда 15:30га белгиленген сот отуруму белгисиз себептер боюнча бир саатка кечиктирилип, саат 16:30да башталган.
- 28.01.2019-ж., Х. Д. арызы боюнча  КР Жогорку сотундагы саат 14:00гө белгиленген сот процесси белгисиз себептер менен 1 саат 25 минутага кечиктирилип, саат 15:25 те башталган[2].

Көпчүлүк учурларда биринчи инстанциядагы сот процесстеринде тергөө амалдарын жүргүзүүдө кетирилген укук бузуулар табылат, анткени бардык иш материалдары соттук териштирүүнүн ушул баскычында каралат (сурактын протоколдору, эксперттердин корутундулары, күбөлөрдүн көр-

1 Кириш №М-307 (3)  21.05.2019-ж.

2 Кириш №Д-126   25.01.2019-ж.

сөтмөлөрү жана башка далилдер). Бирок тажрыйба көрсөткөндөй, соттор тарапттардын талашып-тартышуу жана тең укуктуулук принцибин бузуп, таразанын ташын күнөөлүү тарапка оодарып салат.

ЖСУЭПтин (Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын) 14-беренесинин 3-бөл. "е" п. ылайык, ар бир адам өзүнө күнөө коюлуп жаткан кылмыш ишин кароодо, жок эле дегенде, толук теңчиликтин негизинде, төмөнкү кепилдиктерге укуктуу: "ага каршы көрсөтмө берген күбөлөрдү суракка алууга же ошол күбөлөр суракка алынышын талап кылууга укуктуу...".

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 18-беренесине ылайык, "соттук териштирүү иштеринде бардык далилдер сөзсүз тикелей изилденүүгө тийиш. *Сот айыпталуучунун, жабырлануучунун, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн карайт, эксперттердин корутундусун угат жана көрсөтмөлөрүн угат, буюм далилдерин карайт, протоколдорду жана башка документтерди угузат, далилдерди изилдөө боюнча башка сот аракеттерин жүргүзөт. Соттун өкүмү сот отурумунда каралган же далилидерди депонирлөөнүн натыйжасында алынган далилдерге гана негизделиши мүмкүн".*

**Соттук иликтөөлөрдү тикелей жүргүзүү принциби мыйзамдуу, адилеттүү жана негиздүү сот чечимдеринин кепилдиги болуп саналат.** Дал ушул принцип сот өндүрүшүнүн башка бардык принциптери менен бирдикте сот системасынын көз карандысыздыгына кепилдик берет, анткени принципке ылайык, судья бардык далилдерди өз көзү менен көрүп, кулагы менен угууга мүмкүнчүлүгү бар.

Мисалы, 15.02.2019-ж. М. уулу А-га. карата жазык иши Октябрь райондук сотундагы сот отурумуна мониторинг жүргүзүлгөн[1]. Соттолуучунун адвокаты тарабынан айыптоонун негизги жана жалгыз күбөсү Х.Сны. сотко чакыруу өтүнүчү (кайталанган) билдирилген. Бирок судья соттолуучуну коргоочу тараптын бул күбөнү чакыртуу өтүнүчүн аткаруудан Х.С. жашаган жерин которуп кетти деген шылтоо менен баш тарткан жана ушуга байланыштуу күбө сот отурумуна чакыртылбагандыгын билдирип, ал күбөнүн көрсөтмөлөрүн окуп коюу менен гана чектелген.

Күчтүү жана көз карандысыз сот системасын түзүүдө тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жазык сот өндүрүшүн жүргүзүү принциби маанилүү ролду ойнойт. Сот калыстыкты жана объективдүүлүктү сактоо менен, айыптоочу жана коргоочу тараптарга алардын процесстик укуктарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзөт жана аныкталган чечимдердин негизинде гана чечим чыгарат[2]. Айыптоо, коргоо жана ишти сот менен чечүү бири-биринен өзүнчө бөлүнгөн жана ар кандай органдар жана адамдар тарабынан жүзөгө ашырылат. Сот жактоочу тараптын өтүнүчү боюнча, ага зарыл материалдарды алууга көмөк көрсөтөт[3].

1 Чыгыш №М-264 14.02.2019-ж.

2 КР Жазык-процесстик кодекси, 18-бер.

3 КР Жазык-процесстик кодекси, 18-бер.

**Бирок, иш жүзүндө, сот күнөө коюлуп жаткан тарапка, айыптоочу тарапка салыштырмалуу, бирдей шарттарды сактабайт.** Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү жана талдоо **айыптоочу тарап билдирген укуктук табияты бирдей өтүнүчтөр күнөөлөнүп жаткан тараптардын өтүнүчтөрүнө караганда толук көлөмдө канааттандырыларын көрсөтүп турат.**

Мисалы, Э.Р.нын арызы боюнча сот отурумуна мониторинг жүргүзүүдө Биринчи май райондук соттун судьясы М. Сыдыков, арызданууучунун жүйөлөштүрүлгөн чечими жок жол бергис далилдерди жокко чыгаруу тууралуу өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартуу менен, башка тараптын пикирин эске албастан мамлекеттик айыптоочунун өтүнүчүн канааттандырып койгондугу аныкталган.

КР судьяларынын иш-аракеттериндеги ушундай эле бир тараптуу-айыптоочу багыт, соттук териштирүүлөрдүн катышуучуларынын тең укуктуулук принцибин бузуп, коргоочу тараптын С. Ш. иши боюнча Чүй областтык соту кайтадан соттук-медициналык экспертиза жүргүзүүсүн талап кылган өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартууда да байкалган.

***Азыркы учурда, Биринчи май райондук сотунун судьясы М. Сыдыковду тартип жоопкерчилигине тартуу тууралуу КР Акыйкатчысынын (Омбудсмендин) кайрылуусу КР Судьялар кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясынын өндүрүшүндө турат.***

Көпчүлүк учурларда сот системасынын натыйжалуу иштешине, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоодо Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары тарабынан мыйзамдардын так аткарылбай жаткандыгы тоскоол болууда. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 33-беренесине ылайык, прокурор сотто жазык сот өндүрүшүнүн алкагында мамлекеттик айыптоону колдойт. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын Аппаратына З.М. аттуу жаран өзү айыпталуучу катары өтүп жаткан жазык иши Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун судьясы тарабынан өз убагында каралбай, узарып кеткендигине наараазы болуп арызданган.

Бул кайрылууну изилдегенде, аталган сот процесси 2019-ж. 19-февралда башталганы белгилүү болду. Андан кийинки 2019.02.26. белгиленген сот отуруму **прокурордун жоктугуна байланыштуу** өткөн жок, андан кийинки төрт жыйын өткөрүлгөн эмес (28.02.2019, 04.03.2019, 14.03.2019, 26.03.2019), күбөлөрдүн жоктугунан кийинкиге жылдырылган, ал эми 8-апрелге белгиленген сот отуруму дагы эле **прокурордун жоктугунан** улам дагы кийинкиге жылдырылган.

2019-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн сот отурумда эки күбө суралды. Кийинки сот отуруму (ушу жылдын 15-апрели) ошондой эле **прокурордун жоктугунунан** кийинкиге жылдырылган. 18-апрелде Октябрь райондук сот отурумунда дагы эки күбөнү сурашкан. 2-майда өткөрүлө турган сот отуруму **адвокаттын жоктугунан** кийинкиге жылдырылган. Ал эми, кийинки 13-16-майда өткөн эки сот отурумунда дагы үч күбөнү сурашты.

Кийинки 27-майда жана 11-июнунда өтө турган эки сот отуруму судьянын узакка ооруп калгандыгына байланыштуу болбой калган. Андан кийинки дагы эки сот отуруму күбөлөрдүн жок болгондугунан улам (18.06.2019-ж. жана 09.08.2019-ж.) кийинкиге калтырылган, ал эми 29-августта өтө турган сот отуруму **дагы эле прокурордун** жоктугунан улам кийинкиге жылдырылган.

2019-жылдын 5-сентябрында акыры сот отуруму болуп, бир күбөнү - тергөөчү О-ваны сураган. Бирок, кийинки сот отурумдары (11.09.2019-ж. жана 09.23.2019-ж.) күбөлөрдүн жоктугунан улам өткөн эмес, ал эми, 24-сентябрдагы сот дагы эле судьянын жоктунунан болбой калган.

3-октябрда сот отуруму болуп, анда бир күбө суралды. Ал эми, андан кийинки эки сот отуруму (17-18-октябрда) Октябрь райондук сотунда адатка айланып калган схема боюнча, бул жолу прокурордун ооруп калгандыгына байланыштуу кийинкиге жылдырылган.

***Ушул себептерден, сегиз айдын ичинде 21 жолу дайындалган сот отурумунун ичинен 6 жолу гана сот отуруму болгон, ал эми Бишкек ш. Октябрь районунун прокурорунун жардамчысы А. Каримовдун жок болгондугуна байланыштуу 4 жолу кийинкиге жылдырылган.***

Ушундай эле кызматтык милдеттерине текеберчилик менен мамиледен улам, прокуратура органдарынын күнөөсүнүн айынан, А. Т. аттуу жарандын арызы боюнча Октябрь райондук сотунда 15.10.2019-ж. мониторинг жүргүзүүгө мүмкүн болгон эмес, анткени прокурордун келбей калгандыгына байланыштуу, ал күнү сот отуруму болбой калган.

***Ушул арыз боюнча мамлекеттик айыптоочу М. Акматовдун иш-аракеттерине карата КР Башкы прокуратурасына кат жолдонду.***

«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, 2019-жылы прокуратура органдарына 2 Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн. Мындай мамиле жасоого маалымат алуу мыйзамдарын одоно бузуу себеп болгон.

***Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) аппаратына, маалыматтарга жетүү жөнүндө мыйзамдарынын бузулушу тууралуу суроо-талаптарга өз убагында жооп берилген эмес (К. уулу Жнын арызы.1)., ошондой эле, Октябрь районунун прокурору У. Султанов жалган маалыматты бергендиги үчүн иштен кеткен, ал эми ошол эле райондук соттун тергөөчүсү А. Джурабаев «эскертүү» түрүндөгү тартип жазасына тартылган.***

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы тарабынан КР Президентинин наамына КР Башкы прокурору тарабынан Л. В. Ещенкону[2] Д. О. кызыкчылыгы боюнча кабыл алуусуна көмөктөшүүсүн өтүнгөн кат жөнөтүлдү. Анткени КР Президентине кайрылган учурда Башкы прокурор тарабынан аны кабыл алуу үчүн бардык жолдор жабылган болчу.

1 Чыгыш №К-177 05.02.2019-ж.

2 Чыгыш №О-692(4) 08.07.2019-ж.

Адилеттүү, акыйкат сот системасынын камсыз кылуунун негизги принциптери болуп сот системасынын ачык-айкындуулугу, кабыл алынып жаткан сот чечимдеринин мыйзамдуулугу, сот өндүрүшүнүн ачыктыгы саналат. Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдары сот адилеттигин жүзөгө ашырууда ачык-айкындуулукту камсыз кылуу боюнча бир катар кепилдиктерди жана укуктарды караган. Мунун бири болуп Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексинин 13-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык бекитилген укуктук механизм болуп саналат. КР ЖПКнын 13-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, ишке катышкан жактын же кайсы гана кызыккан адам болбосун, ачык сот отурумунда сот ишинин жүрүшүн кагазга түшүрүүгө же болбосо аудио жазууларга түшүрүүгө укуктуу.

Бирок, бардык эле судьялар жарандардын акыйкат соттук териштирүүгө болгон укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу үчүн мыйзамда бекитилген кепилдиктерди берүүнү дайыма эле каалай беришпейт. Мисалы, Ленин райондук сотунун судьясы Жылдыз Сыдыкова тарабынан ишти кароодо Акыйкатчы өкүлүнүн тиешелүү аудио жазууларды жүргүзүүсүнө тыюу салынган. Ал өз тыюусун аудиожазууларды жүргүзүү үчүн судьянын уруксаты зарылдыгын билдирген, башкача айтканда, анын жеке уруксаты керек болгон.

КР Судьялар кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясынын чечими менен судья Жылдыз Сыдыкова «эскертүү» иретиндеги тартип жоокерчилигине тартылган.

**Сот териштирүүсүндө тараптардын юридикалык жана иш жүзүндө теңчилигин** камсыз кылган маанилүү институт болуп жактоочулук-өкүлчүлүк институту саналат. Анткени атайын юридикалык билими бар жактоочу-өкүл болгондуктан жана өз кардарынын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоого кызыкдар болгондуктан, соттук териштирүүнүн атаандаштыкта жана калыс болушун кепилдөөгө милдеттүү. Кыргыз Республикасында адвокаттардын иши адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо маанилүү ролду ойнойт.

Ошентсе да, өзүнүн жогорку статусу болгондугуна карабастан, КР адвокаттары, Кыргыз Республикасынын Адвокаттарынын кесиптик этика кодексине ылайык, иштердин адилет тергелүүсүнө жана каралуусуна, адилет сот процессине, кесипти, адвокаттын ар-намысын жана кадыр-баркын коргоого көмөк көрсөтөт, жогорку баалуулук катары, өзүнө Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган жарандардын укуктары жана эркиндиктери менен эсептешпегенге жол берет.

Мисалы, иш материалдарын изилдеп чыкканда, Биринчи май райондук адвокатурасынын адвокаты Е. Черепова бир гана юридикалык кызматтарды камсыз кылуу боюнча өз милдеттенмелерин гана аткарбай койбостон, Бишкек шаардык сотунун адвокаттык кызматтарды көрсөтүү боюнча милдеттерди аткарбагандыгы үчүн андан ишеним көрсөткөн адамдын пайдасына чечилген карыз сумманы төлөп берүү тууралуу чечимин аткарууга да абийирсиздик менен мамиле жасаган.

Азыркы коом сот органдары тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышын камсыз кыла турган натыйжалуу мамлекеттик органга муктаж. Анткени адилеттүү сот чечимдерин аткаруу үчүн сот чечимдерин аткарууга атайын даярдалган кызматкерлер керек. Адилеттүү сот чечимин аткаруу баскычында гана сот чечиминин акыйкаттуулугу ачык-айрым байкалат.

Сот аткаруучуларынын иш милдеттерине берилген ушунчалык олуттуу мааниге карабастан, аталган кызмат адамдары тарабынан жарандардын укугу менен эркиндигин бузуулардан кача албайбыз. Сот аткаруучуларынын негизги мыйзам бузуусу - аткаруу өндүрүшү тууралуу, сот чечимдерин өз учурунда жана толук кандуу аткаруу тууралуу мыйзам талаптарын бузуу болуп саналат.

***Аткаруу документтери өз учурунда аткарылбай жаткандыгына байланыштуу, Чүй облусунун Сокулук районунун сот аткаруучусу А. Молдобековго жана Свердлов районунун сот аткаруучусу Э. Сыдыкбаевге карата КР Акыйкатчысынын суроо-талабы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментинин Тартип комиссиясына аларды тартип жоопкерчилигине тартуу тууралуу сунуш берилген.***

Сот-укуктук реформалардын натыйжасында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына адилет соттук териштирүүнү камсыз кылууга багытталган көптөгөн өзгөртүүлөр киргизилди. Бирок, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду жүргүзүү учурунда жарандардын айкындуулукка, тең укуктуулукка, атаандаштыкка, соттук териштирүүлөрдүн тикелей жүргүзүлүшүнө жана сот чечимдеринин милдеттүүлүгүнө болгон процесстик укуктарын бузууларды белгилейт.

## СУНУШТАМАЛАР

### КР ЖОГОРКУ СОТУ:

1. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторуна сот отурумдарын өз белгиленген мөөнөтүндө баштоо зарылчылыгы тууралуу тиешелүү тапшырма берсин;
2. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторуна жергиликтүү соттордун судьяларынын квалификацияларын жогорулатууга багытталган окууларга кеткендигине байланыштуу, сот отурумдары жылдырылгандыгы жөнүндө тараптарга алдын-ала эскертүү зарылчылыгы тууралуу тиешелүү тапшырмаларды берсин;
3. Түздөн-түз соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун пленумунун сотко чейинки өндүрүш учурунда алынган далилдерди изилдеп чыгуу зарылчылыгы жөнүндө токтомуна кошумча түшүндүрмөлөрдү судьяларга берүү жөнүндө маселени карасын.

### КР БАШКЫ ПРОКУРОРУ:

1. Мамлекеттик айыптоочу катары соттук териштирүүгө катышып жаткан КР прокурорлоруна кызматтык контролду жана тартип жоопкерчилигин күчөтүү тууралуу маселелерди карасын.

2. КР прокурорлоруна КР Акыйкатчы аппаратынан келген корреспонденцияларга контролду күчөтүүнү тапшырсын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНА КАРАШТУУ СОТ АДИЛЕТТИГИНИН ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ:

1. Судьялардын кесипкөйлүгүн жана компетенттүүлүгүн жогорулатууга багытталган окуу пландарында укук коргоо органдары тарабынан берилген маалыматтарга басым жасабастан, иштин жагдайларына ар тараптуу талдоо жүргүзүү зарылчылыгын КР судьяларынын түшүнүүсү боюнча адистик окууларды карасын.

КР ЖОГОРКУ СОТУНА КАРАШТУУ СОТ ДЕПАРТАМЕНТИ:

1. Сот аткаруучулардын ишине контролду күчөтсүн, ошондой эле, аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти күчөтүү маселесин карасын.
2. Регионалдык сот аткаруучулардын кесипкөйлүгүн жана компетенттүүлүгүн жакшыртууга багытталган атайын иш-чараларды жана курстарды уюштуруу маселесин карасын.

КР АДВОКАТТАР КЕҢЕШИ:

1. Адвокаттык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаттуулугуна системдүү контролду күчөтсүн.

## 5.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЕРГӨӨ СУДЬЯСЫ ТАРАБЫНАН БӨГӨТ КОЮУ ЧАРАЛАРЫН ТАНДООДО СОТ ОТУРУМУНУН АЙКЫНДУУЛУГУ ЖАНА АЧЫКТЫГЫ

2019-жылы сот органдары менен иштөө жана сот процесстерине мониторинг жүргүзүү бөлүмү Адам укуктары боюнча Эдвокаси борбору менен биргеликте тергөө судьялары тарабынан бөгөт коюу чараларын тандоодо сот отурумдарынын айкындуулугунун жана ачыктыгынын сакталышына мониторинг жүргүздү.

Бул бөлүмдө ушул иштин жыйынтыктары келтирилет.

Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкты алган учурдан тартып сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун натыйжалуулугун жана адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктеринин жетишерлик толук сакталышын камсыз кылууга багытталган сот системасын реформалоо процесси токтой элек. Сот системасынын ишиндеги кемчиликтер социалдык чыңалуунун себептеринин бири бойдон калууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, адамдын укугу жана эркиндиги ажыратылгыс жана ар бир адамга төрөлгөндөн тартып таандык. Адамдын укугу жана эркиндиги жогорку баалуулук болуп саналат [1] .

1 КР Конституциясы 16-б.

КР мыйзамдары, атап айтканда, КР ЖПК укуктарды сот тартибинде чектөө мүмкүнчүлүгүн камтыйт. Ушул маселени кароодо жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын процесстик укуктарын бузууга жол бербөө көйгөйү курч бойдон турат.

Сот-укуктук реформанын жана жаңы КР Жазык-процесстик кодексин кабыл алуунун жыйынтыгында **"тергөө судьясы"** жаңы институту пайда болду.

Эгерде тергөө судьясынын ролун салыштырмалуу-укуктук аспектиде карасак, анда, мисалы, Францияда анын ыйгарым укуктары кыйла кеңири. Тергөө судьясы сотко чейинки баскычта француз жазык процессинин маанилүү фигурасы болуп саналат. Ал алдын ала тергөөнү уюштурат, түзүмдүк жактан жогорку баскычтагы трибуналга кирет, ошондой эле бөгөт коюу чараларын тандайт[1].

Тергөө судьясынын ыйгарым укуктары жана милдеттери жаңы КР ЖПКнын 36-главасында каралган.

**Тергөө судьясы**[2] - шектүүнүн, айыпталуучунун укуктарын жана эркиндиктерин чектөөчү чараларды колдонуучу, процесстик иш-аракеттердин жана алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, прокурордун чечимдеринин мыйзамдуулугу үчүн соттук контролду жүзөгө ашыруучу судья.

Тергөө судьясынын статусу маселе жаратат. Жазык сот өндүрүшүнүн катышуучусунун аталышында "тергөө" деген сөз бар экендигине карабастан, тергөө судьясы соттук корпуста турат жана ушуга жараша, тиешелүү соттун судьясы болуп саналат. Жазык сот өндүрүшүнүн сотко чейинки стадиясында соттук контролду ишке ашырууда келип чыккан мамилелерге КР ЖПКнын 36 жана 37-главаларынын ченемдери колдонулат.

Ошого карабастан, тажрыйбада жазык сот өндүрүшүнүн сотко чейинки стадиясында соттук контролду жүзөгө ашырууда жана бөгөт коюу чараларын тандоодо көпчүлүк учурларда жазык-процесстик мамилелердин аныкталбаган жана жөнгө салынбаган учурлары келип чыгат. Ошондой эле, бөгөт коюу чараларын тандоодо жазык-процесстик мыйзамдарда каралган соттук териштирүүнүн ачык-айкындуулук принцибинин колдонулушу жөнүндө маселе пайда болду.

Мунун татаалдыгы, бул институттун аталышында "тергөө" деген сөздү колдонуу көпчүлүк, анын ичинде, тергөө судьялары үчүн жазык сот өндүрүшүнүн сотко чейинки баскычында соттук контролдоону жүзөгө ашырууда жана бөгөт коюу чараларын тандоодо тергөөнүн купуялуулук принцибинин иштөө мүмкүнчүлүгүнүн иллюзиясын түзөт.

КР Жазык-процесстик мыйзамы[3] тергөө судьясы тарабынан бөгөт коюу чараларын тандоодо ачык-айкындуулуктун принцибинин колдонулушу жөнүндө маселени түздөн-түз жөнгө салбай тургандыгын белгилеп кетүү зарыл.

1 Code de procédure pénale Version consolidée au 1 décembre 2019.

2 КР ЖПК, 5-берене.


3 КР Жазык процесстик кодекси 257-б.

Бул проблеманы чечүүнүн маанилүүлүгү бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө өтүнүчтөрдүн саны менен шартталат.

Алсак, Адам укуктары боюнча Эдвокаси борбору менен биргеликте жүргүзүлгөн мониторингге(2019-жылдын 15-майынан 15-октябрына чейинки мезгилди камтыйт) ылайык[1] бөгөт коюу чараларын колдонуу боюнча **458** сот отурумунда 458 өтүнүч каралган, алардын ичинен:

- эркиндигинен ажыратууга байланыштуу бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө 377,
- эркиндигинен ажыратууга байланышпаган бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө прокурорлордун 72 өтүнүчү,
- бөгөт коюу чараларын узартуу жөнүндө – 9 өтүнүч.

ЭРКИНЕН АЖЫРАТУУГА БАЙЛАНЫШПАГАН БӨГӨТ КОЮУ ЧАРАЛАРЫН КОЛДОНУУНУН ПАЙДАСЫНА ЖҮЙӨ КАТАРЫ 72 ӨТҮНҮЧТӨН АЙЫПТООЧУ ТАРАП ТӨМӨНКҮДӨЙ АРГУМЕНТТЕРДИ КӨРСӨТТҮ:




Ачык-айкындуулук принциби сот адилеттиги үчүн гана эмес, жалпысынан мамлекеттик органдардын иши үчүн негиз болуп саналат. Ал бардык укуктук тартипте негизги принцип катары таанылат жана андан сот системасы жаралат. Дал ушул принципке ылайык, коомчулуктун контролдоосу жана мыйзам бузуулар болгон учурда, мыйзамдардан тиешелүү чечтөөлөргө талаптагыдай көңүл буруу, ушул аркылуу адамдын жана жарандын укуктары менен милдеттеринин толук сакталышын камсыздоо мүмкүнчүлүктөрү бар.

КР Конституциясы соттук териштирүүдө ачык-айкындуулук принцибине кепилдик берүү менен[2], бардык соттордо териштирүү иштери ачык жүзөгө

1 КР Жогорку Сотунун жана ЕККУнун Бишкек шаарындагы Программалык кеңсесинин колдоосу менен "Мыйзамдын үстөмдүгү жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруу" долбоорунун алкагында өткөрүлдү.

2 КР Конституциясынын 99-бер.

ашырыла тургандыгын белгилейт. Ишти жабык отурумда угууга мыйзамда каралган учурларда гана жол берилет.

Соттук териштирүүнүн ачык-айкындуулук принцибинин олуттуу мааниси дүйнөлүк коомчулукта аны Адам укуктарынын жалпы декларациясы[1] сыяктуу стратегиялык маанилүү документте бекитүү аркылуу таанылат, анда *"ар бир адам өз укуктары менен милдеттерин аныктоо жана ага коюлган жазыктык күнөөсүнүн негиздүүлүгүн аныктоо үчүн толук теңчилик негизде анын иши ачык жана адилеттүүлүктүн бардык талаптарын сактоо менен, көз карандысыз жана адилет сот тарабынан каралышына укуктуу."* деп айтылат.

Ушундай эле жобо Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыда[2] камтылган, анда төмөнкүдөй эреже бекитилген:

*"ар бир адам ага коюлган ар кандай жазыктык айыптоону кароодо же кайсы бир жарандык процессте анын укуктарын жана милдеттерин аныктоодо мыйзамдын негизинде түзүлгөн компетенттүү,* ***көз карандысыз жана калыс сот тарабынан акыйкат жана ачык териштирүүгө*** *укуктуу".*

КР ЖПК ошондой эле соттук териштирүүнүн ачык-айкындуулугунун жалпы принцибин аныктайт. Атап айтканда, сот мамлекеттик же башка мыйзам менен корголуучу сырды түзгөн маалыматтарды ачыкка чыгарууга алып келиши мүмкүн болгон учурлардан, ошондой эле, бул ЖПКда[3] каралган башка учурлардан тышкары, ишти соттук ачык териштирүүнү камсыздоого тийиш.

КР Конституциясынан, ЖПКдан жана ар кандай эл аралык келишимдерден келтирилген жоболорго карабастан, практикада жазык сот өндүрүшүнүн сотко чейинки баскычында бөгөт коюу чараларын тандоодо ачык-айкындуулук принцибинин иштеши жөнүндө талаш-тартыштар келип чыгат.

Мисалы, 2019-жылы КР Акыйкатчы институтунун байкоочулары ачык сот отурумдарына аларды киргизүүдөн баш тартуу маселесине туш болушкан. Мониторинг жүргүзүүнүн баштапкы этабында ачык сот отурумдарынын жеткиликтүүлүгү дээрлик 46,7 % учурга азайган, анда ачык сот отурумдарына байкоочулардын кирүүлөрүнө тыюу салууга негиз катары тергөө судьялары КР ЖПКнын 160-б, 257-б, 109-б. 1-п, 107-б. таянышкан.

2017-2019-жылдарга жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары Бишкек шаарынын бир катар райондук сот органдарынан тышкары, сот отурумдарынын ачыктыгы жакшырганын көрсөттү.[4]

Колдогу материалдар боюнча[5], айрым учурларда бөгөт коюу чарасын тандоодо сот отурумдарынын ачыктыгына же жабыктыгына карата аныксыздык

---

1 Адам укуктарынын Жалпы декларациясы 10-берене. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 217 А (III) 1948-ж. резолюциясы тарабынан кабыл алынган.

2 Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт, 10-б. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml.

3 КР ЖПК 281-б, 5-п.

4 http://www.koom.kg/index.php?act=material&id=4942.

5 http://www.koom.kg/index.php?act=material&id=4942.

келип чыгат. Алсак, 2019-жылдын 8-октябрында Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы А.С. Касымбеков байкоочуга КР ЖПКнын өзүндө бөгөт коюу чарасын тандоодо сот отурумдары ачык же жабык болуп саналары көрсөтүлбөгөнүн айткан. Ал КР ЖПК "бөгөт коюу чарасын колдонуу, ошондой эле бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнмөнү карoo тартиби" боюнча 257-беренесинде жактардын конкреттүү чөйрөсү көрсөтүлгөн деп эсептейт. Ошондой эле, судья Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму өз түшүндүрмөсүн берип, бардык отурумдар жабык өткөрүлгөндүктөн, процесстерге байкоочуну киргизсе, анын кесепети болушу мүмкүн деп белгилеген. Шектүүнүн кармалуусунун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү тартиби боюнча отурумдарга катышууга бул судья уруксат берген, анткени ал КР ЖПКнын өзүндө так көрсөтүлгөн.[1]

Сот отурумдарынын графиктеринде соттук иштердин ушул сыяктуу категориясы белгиленген эмес жана соттук отурумдун датасы жана убагы жөнүндө маалыматтын негизги булактары төмөнкүлөр болгон:

- учурлардын 64%ында байкоочулар сотто нөөмөткө турушкан, 18,8%дына - байкоочулар тергөөчү судьялардын катчыларынан пландалган соттук отурумдар жөнүндө маалымат алышкан, 13,8%ында - соттордун канцелярияларынан маалымат алышкан;
- 80,6% соттук угуулар кечки убакта башталган (саат 17.30дан тартып);
- 54,4% соттук отурумдар тергөө судьяларынын кабинеттеринде өткөн.

**Сот отурумдарына шектүүлөрдүн туугандарынын катышуусу:**

- шектүүлөрдүн туугандары жергиликтүү сотторго катышкан 32 учурдун ичинен аларга кирүү мүмкүндүгү чектелген учурлар 46,8%ды түзөт.

**Узактыгы боюнча алганда:**


- сот отурумдарынын 3,5%ында узактык 5тен 10 мүнөткө чейин түзгөн;
- сот отурумдарынын 29,8%ында 10 мүнөттөн 20 мүнөткө чейин болгон;
- 24,2% учурда сот отурумдарынын узактыгы 20дан 30 мүнөткө чейин болгон.

**Элге жана отурумдун катышуучуларына видео/аудио жазууларды жүргүзүү жөнүндө маалымдоо:**

- сот отурумдарынын 15,5%ында судья же соттун катчысы бөлмөдө видео-фиксация жүрүп жаткандыгын билдиришкен.

1 http://www.koom.kg/index.php?act=material&id=4942.

### 2019-ЖЫЛДЫН УШУНДАЙ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮНӨ САЛЫШТЫРМАЛУУ, 2016-2017-ЖЫЛДАРДА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МОНИТОРИНГДИН ЖҮРҮШҮНДӨ СОТ ОТУРУМДАРЫНА БАЙКООЧУЛАРДЫ КИРГИЗҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮНҮН ДИНАМИКАСЫ




Адвокаттар сот отурумун жабык режимде өткөрүү жөнүндө токтом чыгарбастан, бөгөт коюу чарасын тандоо практикасынын жайылганын белгилешет. Алардын маалыматы боюнча, тергөө судьялары сот отурумун жабык режимде өткөрүү жөнүндө өз чечимдерин КР ЖПКнын[1] 257-беренесине шилтеме жасоо менен жүйөлөштүрүшкөн, анда сот отурумунун ачыктыгы түздөн-түз каралган эмес.[2]



*Сүрөттө: Омбудсмендин (Акыйкатчы) аппаратынын кызматкерлери бөгөт коюу чарасын өзгөртүү жөнүндө иш боюнча сот отурумунун башталышын күтүшүүдө, анткени ишти угуу башталуучу убакыт белгисиз.*

Бөгөт коюу чараларын тандоодо ачык-айкындуулук принциптерин тануу менен, жарандын укуктарын чектөөдө анын негиздүүлүгү, адилеттүүлүгү жана мыйзамдуулугу боюнча укуктары кемсинтилүүдө. Конституция[3] бир тарабынан, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектөөгө жол берүү менен, улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндик-

1 КР ЖПКнын 257-бер.

2 2019-жылдын 20-ноябрында адам укуктары боюнча Эдвокаси борборунун тегерек столу ЕККУнун Бишкектеги офисннин колдоосунда өткөрүлгөн.

3 Конституциясынын 20-бер.

терин коргоо максатында мыйзам менен укуктарды чектөөнүн максаттарын жана шарттарын аныктаган, ошондой эле, ал киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушун талап кылат.[1]

Тергөө судьялары тарабынан бөгөт коюу чараларын тандоодо ачыктыкты камсыздоо мүмкүн болуучу коррупциялык көрүнүштөргө жана тергөө судьяларынын ишинде жазык-процесстик мыйзамдардын бузулушуна жол бербейт.

Мындан тышкары, ушул бөлүмдө каралып жаткан бөгөт коюу чараларын тандоодо ачыктыкты камсыздоо зарылдыгы жөнүндө маселе КР Жогорку Кеңешинин Пленум токтомунун долбоорунда чагылдырылган.[2]

КР Конституциясына ылайык, укук системасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин жоболорун эске алуу менен, КР ЖПКнын[3] 257-беренесине бөгөт коюу чараларын тандоодо сот отурумунун ачыктык принцибин бекитүү менен, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарыл.

СУНУШТАМАЛАР

КР ӨКМӨТҮ:

1. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 257-беренесинин 1-пунктуна толуктоолорду киргизүү маселесин карап чыксын жана алар аркылуу бөгөт коюу чараларын тандоодо сот отурумунун ачыктыгын бекемдесин.

КР ЖОГОРКУ СОТУНА КАРАШТУУ ЖОГОРКУ СОТ АДИЛЕТТИГИ МЕКТЕБИ:

1. Тергөө судьяларынын кесипкөйлүгүн жана компетенттүлүгүн жогорулатууга багытталган программаларда бөгөт коюу чараларын тандоодо сот отурумдарынын ачыктыгын камсыздоо боюнча модулдарды камтысын.

## 5.3. УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТ АДАМДАРЫНЫН МЫЙЗАМСЫЗ ЖАЗЫКТЫК КУУГУНТУКТОО ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

Ушул бөлүмдө каралып жаткан маселелер бир катар конституциялык кепилдиктер менен камсыздалган. Эң оболу, КР Конституциясы бийлик органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын иш-аракеттерин аларга Конституциянын өзүндө, ошондой эле мыйзамдарда берилген ыйгарым укуктар менен чектейт (мыйзамдуулук принциби)[4].

1 КР Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгү.

2 Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун «Соттор тарабынан кармоонун жана бөгөт коюу чараларынын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жөнүндө жазык-процесстик мыйзамдардын колдонуу практикасы тууралуу» токтомунун долбоору (Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун сайт 03.09.2019-ж. сайты).

3 КР ЖПКнын 257-бер.

4 КР Конституциясынын 5-бер. 3-бөлүгү, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913?cl=ru-ru.

Жеке эркиндикти жана кол тийбестикти коргоо менен[1], КР Конституциясы кармоонун жол-жобосунун өзгөчөлүктөрүн деталдаштырат: *"Соттун чечимисиз жана мыйзамда белгиленген негиздер менен тартиптен тышкары эч ким камакка алынышы, кайтарууда кармалышы же эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн эмес"[2], " Эч ким соттун чечимисиз 48 сааттан ашык мөөнөткө кармалышы мүмкүн эмес. Ар бир кармалган адам кармалган учурунан тартып 48 саат өткөнгө чейин тез арада жана кандай учурда болбосун кармалышынын мыйзамдуулугу жөнүндө маселени чечүү үчүн сотко жеткирилиши керек"[3], "Кармалган ар кандай адам мыйзамда белгиленген тартипте жана мезгилдүүлүгүнө жараша кармап туруунун мыйзамдуулугун текшерүүгө укуктуу. Эгерде адамды кармоого негиздер жок болуп чыкса, ал адам дароо бошотулушу керек"[4], "Кармалган ар бир адамга, токтоосуз түрдө, кармоонун жүйөлөрү менен анын укуктары түшүндүрүлүп, медициналык жактан кароо жана врачтын жардамынан пайдалануу укугу менен кошо, анын укугу камсыз кылынышы керек. Эркиндигинен ажыратылган учурдан тартып адамдын коопсуздугу камсыз кылынып, ага өзүн-өзү коргоого жана адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдаланууга, ошондой эле жактоочу күтүүгө мүмкүндүк берилет".*[5]

Ошол эле убакта, Кыргыз Республикасынын Конституциясы күнөөсүздүк презумпциясын коргойт: *"Ар бир адам мыйзамда каралган тартипте күнөөлүү экени далилденмейинче жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргени аныкталмайынча кылмыш жасаганга күнөөлүү деп эсептелбейт. Бул принциптин бузулушу материалдык жана моралдык зыяндын орду сот аркылуу толтуруп берилүү үчүн негиз болуп эсептелет", "Эч ким өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө милдеттүү эмес. Күнөөлүү экенине карата ар кандай шектенүү айыпталуучунун пайдасына чечмеленет", "Эч ким кылмыш жасаганын өзү мойнуна алганынын негизинде гана соттолушу мүмкүн эмес", "Жазык иши боюнча күнөөнү далилдөө түйшүгү айыптоочуга жүктөлөт. Мыйзамды бузуу менен алынган далилдер күнөөнү негиздөө жана сот актысын чыгаруу үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес"[6].*

Жогоруда келтирилген кепилдиктер мамлекеттик органдарга кайрылуу укугун жана белгиленген мөөнөттө[7] негизделген жооп алуу укугун, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоонун кепилдиктерин[8], бузулган укуктары менен эркиндиктерин коргоо үчүн адам укуктары боюнча[9] эл аралык органдарга кайрылуу укугун камсыз кылат.

Бийлик органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын кызматтык милдеттерин аткаруу учурундагы мыйзамсыз иш-аракеттери менен келтирилген

1 КР Конституциясынын 24-бер. 1-бөлүгү.

2 КР Конституциясынын 24-бер. 3-бөлүгү.

3 КР Конституциясынын 24-бер. 4-бөлүгүнүн 1, 2-абз.

4 КР Конституциясынын 24-бер. 4-бөлүгүнүн 4-абз.

5 КР Конституциясынын 14-бер. 5-бөлүгүнүн 1, 2-абз.

6 КР Конституциясынын 26-бер. 1-4-бөлүгү.

7 КР Конституциясынын 41-бер. 1-бөлүгү.

8 КР Конституциясынын. 40-бер. 1-бөлүгү.

9 КР Конституциясынын 41-бер. 2-бөлүгү.

зыяндын орду толтурулууга тийиш[1]. Бийлик органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттери менен келтирилген зыяндын ордун мамлекет тарабынан толтуртуу укугу чектелүүгө тийиш эмес[2].

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2018-жыл үчүн  жылдык баяндамасынын 6.2-бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине тармактык комитетинин жыйынында Башкы прокурордун, Ички иштер министринин, ЭККМК, УКМК жана Жогорку соттун 2016, 2017, 2018-ж.ж.да бардык акталган адамдар боюнча маалыматын угуу жана бул мамлекеттик органдардын кызмат адамдары тарабынан мыйзамсыз козголгон кылмыш иштерин жана алар тарабынан адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин одоно бузууларды иликтөө боюнча Парламенттик комиссия түзүү сунушу жазылган.

КР Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын 18-сентябрындагы № 3244-VI “2018-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы тууралуу” токтомунда бул сунуш **чагылдырылган эмес**.

КР Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча, Кыргыз Республикасынын ЖКсынын 321-беренесине ылайык *(бийликтен аша чабуу)*, 2019-жылы кыйноо фактыларына теңештирилген ырайымсыз жана адамгерчиликсиз мамилеси үчүн мамлекеттик органдардын 14 кызмат адамы жоопко тартылган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын тергөө органдары тарабынан **51047 сотко чейинки өндүрүш кыскартылган**, 92 жазык иши боюнча 127 адамга карата актоочу өкүмдөр чыгарылып, алар мыйзамдуу күчүнө кирди.

Шектелип жаткандыгы тууралуу кабарламаны мыйзамсыз тапшыргандыгы үчүн жазык жоопкерчилигине тартылган кызмат адам болгон жок.

КР Жогорку сотунун маалыматтарына ылайык, 2019-жылдын 9 айында жаңы жагдайлар боюнча кайра каралган, ошондой эле, жаңы ЖК жана ЖПК күчүнө киргендигине байланыштуу иштердин саны **1944тү** түздү.

Инсандын укуктары менен эркиндиктери эң жогорку баалуулук экендигин, ал эми бардык мамлекеттик бийлик органдары жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жана коргоо максатында гана түзүлгөндүгүн жана иштеп жаткандыгын эске алуу менен, бардык мүмкүн болгон күч-аракеттерди жарандардын укуктарын сактоого жана калыбына келтирүүгө багыттоо зарыл.

СУНУШТАМА

## КР БАШКЫ ПРОКУРОРУ:

1. Алгачкы текшерүү жана тергөө органдары тарабынан көзөмөлдөө функцияларынын аткарылышын, алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сакташын жана жарандарга карата мыйзамсыз жазыктык куугунтуктоого жол берилбешин контролдоону күчөтсүн.

1 КР Конституциясынын 39-бер.

2 КР Конституциясынын 20-бер. 5-п.  7-бөлүгү.

# 6-БӨЛҮМ. ЭРКИНЕН АЖЫРАТУУ ЖАНА ЭРКИНДИГИН ЧЕКТӨӨ ЖАЙЛАРЫНДАГЫ АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ

Эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларында укук коргоо органдары тарабынан адам укуктарын камсыз кылууга байланыштуу Акыйкатчынын ишмердиги кайрылууларды кароо, жабык мекемелерге маал-маалы менен баруу (УКЖ, ТИЗО, ИИБ жана ЖАМК колониялары-компетенциялары), ошондой эле бул маселе боюнча башка органдар жана уюмдар менен кызматташуу боюнча иштерди өзүнө камтыйт. Апараттын алдына коюлган тапшырма – кайрылууларда келтирилген фактыларды иликтөө, компетенттүү органдарга кайрылуу менен аларды текшерүү, белгилүү бир жагдайларды эске албастан жана бузуулар менен чечим кабыл алынган учурларда – ишти кайра кароону же тиешелүү кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартууну суроо (башка органдардын компетенциясы).

2019-жылы бөлүмгө **580** кайрылуу келип түшкөн (компетенциялары боюнча каралып чыккан жана жиберилген). Кайрылууларды кароо жана бөлүмдүн кызматкерлеринин жабык мекемелерге баруулары боюнча **1625** суроо-талаптар даярдалган. Пикир келишпестиктер жана укуктук жактан так эместиктер жаралганда, бөлүмдүн кызматкерлери мыйзамдардагы кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштамаларды беришкен (бул ишти аппараттын Эксперттик-укуктук бөлүмү алып барат – 1.3. Мыйзамдарды жакшыртуу бөлүмүнөн караңыз).

Жоопкерчиликке тартуу боюнча маселелерди кароону талап кылган фактылар боюнча кызмат адамдарынын «кара тизмеси» түзүлөт. 2019-жылда эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларында укук коргоо органдары тарабынан адам укуктарын камсыз кылууга байланыштуу бөлүм боюнча «кара тизмеде» **18** иш болгон, **1** Көңүл буруу актысы даярдалган, УКЖ, ТИЗО жана колониялардын кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу үчүн прокуратура органдарына **10** кайрылуу жолдонгон.

Бардыгы болуп **22** адам жоопкерчиликке тартылышкан. **13** кайрылуу «оң жагына чечилген» катары кароодон алынган, **28** кайрылуу «жарым-жартылай чечилди» делип кароодон алынган.

## 6.1. ЭРКИНЕН АЖЫРАТУУ ЖАЙЛАРЫНДА МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ САПАТЫНЫН УЛУТТУК СТАНДАРТТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

Кармалган же камакка алынган адамга кармоо же камоо жайларына келгенден кийин кыска убакыттын ичинде талаптагыдай медициналык кароодон өтүшүнө мүмкүнчүлүк берилет. Мындай адамга медициналык тейлөө көрсөтүлүп, зарыл болгон учурларда дарылоо иштери жүргүзүлөт. Ушун-

дай учурда медициналык тейлөө жана дарылоо акысыз ишке ашырылат.

«Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө»[1] КР Мыйзамы шектелген же күнөөлөнгөн адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда болгондо, камакта кармоо жайларынын кызматкерлери алардын коопсуздугун камсыздоо чараларын тезинен көрүүгө милдеттүү экендигин аныктайт (18-берене).

Жабык жайларда медициналык жардам алууга болгон адам укуктарынын сакталыш маселеси укук коргоо органдары менен уюмдардын байкоо салуусу жана изилдөөсү үчүн көңүл борборундагы маселе болуп саналат. Ички иштер бөлүмдөрүнүн убактылуу кармоочу жайларында кармалган адамдарга көрсөтүлүп жаткан тейлөөнүн саламаттык сактоонун улуттук стандарттарына шайкеш келери жакынкы мезгилге чейин деталдуу талдоого алынган эмес.

Ушуга байланыштуу, 2018-жылы КРнын Акыйкатчы аппараты "Голос свободы" Коомдук уюму менен биргеликте, КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин жана ММКФ адистерин тартуу менен иликтөө иштерин жүргүзүү демилгеси көтөрүлгөн.

2019-жылы Акыйкатчы аппараты башка тармактарды камтуу жана жаңы кабыл алынган жазык-аткаруу мыйзамына ылайык практиканы талдоого алуу үчүн бул изилдөөнү уланткан.

Изилдөөнүн максаты - ички иштер бөлүмдөрүнүн убактылуу кармоочу жайларында кармалып отурган адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн абалы колдонуудагы улуттук стандарттарга ылайыктуулугун изилдөө, ошондой эле медициналык кызматкерлердин, кызматкерлердин жана ушул тармактагы мекемелерде кармалышкан адамдардын тажрыйбасы менен пикирин аныктоо болгон. Буга окшош изилдөөлөр 2018-жылы Акыйкатчынын (Омбудсмендин) Чүй, Нарын, Ысык-Көл областтарындагы жана Бишкек шаарындагы 16 убактылуу кармоочу жайларда жүргүзгөн мониторингдин уландысы болуп саналат.

Ушундай мониторингдер Баткен, Жалал-Абад жана Талас областтарында 2019- жылдын июль-август айларында өткөрүлдү.

Убактылуу кармоочу жайларда кармалып турушкан адамдарды медициналык жактан тейлөөнүн учурдагы абалына мониторинг далилдөөчү медицинанын жана далилденген натыйжалуулугу бар дарылоочу каражаттарды сарамжал пайдалануунун негизинде, бекитилген улуттук стандарттарга ылайык, төмөнкүдөй багыттарда жүргүзүлдү:

- кечиктиргис медициналык жардам көрсөтүү үчүн дарылоочу каражаттарды жана медициналык буюмдардын топтому боюнча;
- анафилактикалык ооруларда кечиктиргис жардам көрсөтүү үчүн да-

1 2002-жылдын 31-октябры № 150

рылоочу каражаттардын топтому боюнча;


- административдик чараларды, процедуралардын коопсуздугун баалоо боюнча;
- процедуралык кабинеттерди (бөлмөлөр, жабдуулар, документациялар) жабдууга карата талаптар боюнча;
- негизги жабдуулардын, медициналык максаттагы буюмдардын жана фельдшерлердин шашылыш медициналык жардам көрсөтүүсү үчүн медициналык эсептик документациянын тизмеги боюнча.
- шашылыш медициналык жардам көрсөтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн пакети боюнча;
- медициналык буюмдарды жана дары-дармек каражаттарын сактоочу жайлар боюнча маселелердин контролдук тизмеги боюнча;
- анафилактикалык нес болууда (шокто), гиповолемикалык нестикти дарылоодо, кардиогендик шокту дарылоодо, ошондой эле нес болуунун жалпы алгоритмин дарылоодо кечиктиргис жардам көрсөтүү алгоритмин билүүнү баалоо боюнча.

Мониторингдин методологиясы сандык жана сапаттык ыкмалардын айкалышуусунда курулду жана алар ички иштер бөлүмдөрүнүн убактылуу кармоочу жайларында (мындан ары - УКЖ) кармалган адамдарга сурамжылоо жүргүзүүнү, бул мекемелердин өкүлдөрүнөн жекече интервью алуу, медициналык тейлөө маселелерин жөнгө салуучу ченемдик базаны изилдөөнү, ошондой эле бул мекемелердин дары-дармектер, медициналык керектүү буюмдар менен камсыздалышына мониторинг жүргүзүүнү камтыйт. Жекече интервью өткөрүү үчүн медициналык күбөлөндүрүү жана медициналык кароо жүргүзүү боюнча, ошондой эле УКЖдагы медициналык тейлөөнүн сапаты боюнча суроолорду камтыган анкеталар иштелип чыкты. Иликтөөдө жалпысынан 95 адам сурамжыланган, анын ичинде, 88 адам – УКЖда кармалгандар, 7 адам - УКЖнын медициналык кызматкерлери.

**Сурамжылоого катышкан респонденттердин социалдык- жаш курагы боюнча маалыматтары (УКЖда кармалган адамдар):**

- сурамжылоого катышкандардын 99%ы - эркектер, 1%ы - аялдар (1 адам). Гендердик таандыктыгы боюнча талдоо жүргүзүлгөн жок, себеби УКЖда сурамжыланган аялдардын саны мындай талдоо жүргүзүү үчүн жетишсиз болгон.
- тандалып алынгандардын негизги бөлүгүн (61%) 18 жаштан 50 жашка чейинки куракпагы эмгекке жарамдуу адамдар түзгөн;
- сурамжылангандарды билими жана үй-бүлөлүк абалы боюнча талдоо 6.1.1-диаграммасында келтирилди.

### 6.1.1-ДИАГРАММА. РЕСПОНДЕНТТЕРДИН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК АБАЛЫ ЖАНА БИЛИМ ДЕҢГЭЭЛИ




Сурамжыланган респонденттердин процесстик статусу боюнча:

- 1%ы –административдик кармоодогулар;
- 10%ы шектүүлөр;
- 18%ы айыпталуучулар;
- 43%ы соттолуучулар;
- 14%ы соттолгондорду, жооп берүүдөн кыйналгандар 14%ды түздү;

- тандалып суралгандардын жарымынан көбү - булар жазык сот адилеттиги системасына биринчи жолу кириптер болгондор (60%), 21%ы адамдар соттолуп чыккандар, 19%ы жооп берүүдөн кыйналгандар болду;
- 25%ы бир же бир нече аялуу топко киришкен - турмуштук шарты начар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер, үйсүздөр, жашы жете электер, пенсионерлер, психикалык жактан каттоодо тургандар, ПИН,ТВС жана башкалар.

Медициналык кароону өткөрүүдө төмөндөгүлөргө айрыкча көңүл буруу керек:

a) медициналык-санитардык тейлөөгө муктаждарды аныктоого жана дарылоо үчүн бардык зарыл болгон керектүү чараларды кабыл алууга;

b) жаңы келип камакта отургандар жаза аткаруу мекемесине кабыл алынганга чейин дуушар болушу мүмкүн болгон орой мамилелердин бардык учурлардын аныктоого;

c) эркинен ажыратылган фактыдан улам келип чыккан ар кандай психологиялык же башка жабыркоолордун белгилерин, анын ичинде,

башкалардан тышкары, өз жанын кыюучулук же дене мүчөсүнө залал келтирүүнү, ошондой эле баңгизат, медициналык препараттарды колдонуу менен же алкоголду ичүү аркылуу болуучу симптомдук бардык белгилерди аныктоого; бардык тиешелүү жекече чараларды кабыл алууга жана тиешелүү дарылоо жүргүзүүгө;

d) камактагыларда жугуштуу оорусу бар деп шектелген учурларда карантиндин мөөнөтү бүтмөйүнчө клиникалык обочолонтууда кармоону жана тиешелүү дарылоодон өтүүнү камсыздоого;

e) зарыл болгон учурда камактагыладрдын ишке, кара жумушка жарактуулугун аныктоого жана башка иштерге катышууга.

## ИИБ УКЖЛАРЫНДА МЕДИЦИНАЛЫК КЫЗМАТТАРДЫ КӨРСӨТҮҮДӨ КР САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНИН СТАНДАРТТАРЫН КАРМОО

Ички иш тартибинин эрежелерине ылайык, УКЖларда дарылоо-профилактикалык жана санитардык-эпидемиологиялык иштер КРнын жарандарынын ден соолуктарын коргоо жөнүндө мыйзамга ылайык жүргүзүлүшү зарыл жана аны аталган жерлердин жетекчилиги аткарууга милдеттүү[1].

Мониторинг жүргүзгөн топ убактылуу кармоочу жайларда кармалган адамдарга “врачка чейинки кечиктиргис медициналык жардам көрсөтүүнүн эрежелерин аткаруусу иликтенди, башкача айтканда:

- медициналык зарыл жардам көрсөтүү үчүн дары-дармек каражаттарынын жана медициналык багыттагы буюмдардын (мындан ары ДК жана МББ) тизмелеринин ылайык келиши;
- шашылыш медициналык жардам көрсөтүү жаатында кызмат көрсөтүүнүн стандарттарынын аткарылышы;
- көп колдонулуучу медициналык процедуралардын коопсуздугу, медициналык багыттагы буюмдарды жана медициналык жабдууларды, шаймандарды дезинфекциялоо боюнча талаптардын сакталышы;
- дары-дармек каражаттарынын жана медициналык буюмдардын коопсуздугун камсыздалышы жана аларды сактоодо орун-жайларга болгон санитардык режим талаптарды кармануу максатында Техникалык регламенттин сакталышы;
- биринчи медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнү уюштуруу талаптарынын ылайык келиши.

## УКЖЛАРДА КЕЧИКТИРГИС МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ ҮЧҮН ДАРЫ-ДАРМЕКТЕРДИН ЖАНА МЕДИЦИНАЛЫК МАКСАТТАГЫ БУЮМДАРДЫН ТОПТОМУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

Бардык убактылуу жайлардагы медициналык буюмдар менен дары-дармек каражаттарынын тизмеги көпчүлүк учурларда таблетка түрүндөгү дарылар жана майлар менен чектелип, далилдөөчү базасы начар препараттардан жана далилдик медицинанын көз карашынан алганда, натыйжасыз кара-

1 Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу изоляторлорунун ички тартибинин эрежелери

жаттардан турат (мисалы: фестал, цитрамон, валериана экстракты, корвалол ж.б.).

Мониторингдин жыйынтыктары боюнча, кечиктиргис жардам көрсөтүү үчүн дары-дармек каражаттарынын жана медициналык буюмдардын үлүшү УКЖнын универсалдуу медициналык аптечкасында турган ДК жана МББнын өлчөмүнүн 11,6 %дан 18,8га чейинкисин түзөт. Аларга, негизинен, анальгетиктер (анальгин) жергиликтүү анестетиктер (лидокаин), антиангиналдык (нитроглицерин), антисептиктик каражаттар (өтө кычкыл суутек, йод, зеленка) жана медициналык максаттагы буюмдар (бинт, вата, лейкопластырь) кирет.

УКЖдагы шектүүлөр менен айыпталуучуларга шашылыш медициналык жардам Үй-бүлөлүк медицина борборунун кечиктиргис тез жардам бригадалары тарабынан гана көрсөтүлөт. Белгилей кетсек, Ички иш тартибинин эрежелеринде көрсөтүлгөн универсалдуу медициналык аптечкаларда 18 аталыштан турган дары каражаттары жана медициналык багыттагы буюмдарды камтыйт жана төмөнкү далилдөөчү базасы бар натыйжасыз дары каражатынын үлүшү 17%ды түзөт (мисалы, валидол, валокордин, корвалол, кардиовален, валериана тундурмасы).

## АНАФИЛАКТИКАЛЫК ШОКТО КӨРСӨТҮЛҮҮЧҮ КЕЧИКТИРГИС ЖАРДАМДЫН ДАРЫ КАРАЖАТТАРЫНЫН ТОПТОМУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

Бардык 17 УКЖда (100%) анафилактикалык шокто зарыл болгон биринчи жардамды көрсөтүү үчүн УКЖдагы дары каражаттары (мындан ары-ДК) жана медициналык багыттагы буюмдар (мындан ары-МББ) топтомун сактаган аптечкалар толукталган эмес. УКЖда иштеген кызматкерлер менен медициналык персоналдардын сөздөрүнө караганда, бардык шашылыш жана кечиктиргис жардам тез жардам кызматынын бригадалары жана/же медициналык мекемелерде гана көрсөтүлөт. Аптечкаларда сакталган ДК жана МББнын үлүшү ДК жана МББнын талаптагы өлчөмүнүн 21,1%дан 42%га чейинкисин түздү жана, алар, негизинен, преднизолон, ранитидин, сальбутамол, боолук (жгут), спирт, шприцтер, мээлейлер, лейкопластырь, тонометрден турат.

## АДМИНИСТРАТИВДИК ЧАРАЛАРГА, ПРОЦЕДУРА КООПСУЗДУГУНА БАА БЕРҮҮ

Медициналык процедура тартибинин коопсуздугун камсыздоо боюнча жана көп колдонулуучу медициналык процедуралардын, медициналык максаттагы буюмдарды жана медициналык жардам берүү менен байланышкан инфекциялардын алдын алууга багытталган медициналык жабдууларды, шаймандарды дезинфекциялоо жана стерилдөө жаатындагы коопсуздук талаптарын аткаруу боюнча административдик чараларга баа берүүдө УКЖларда көп колдонулуучу медициналык процедуралардын коопсуздугу боюнча талаптар сакталбай жаткандыгы аныкталды.

Инфекциялык көзөмөлдөө боюнча нускама - көп колдонулуучу медициналык процедуралардын коопсуздугу, медициналык максаттагы буюмдар-

ды жана медициналык санитардык-эпидемиологиялык талаптарды аткаруу боюнча нускама жок экендигин белгилеп коюу керек.

## МЕДИЦИНАЛЫК КЫЗМАТКЕРДИН ИШ ОРДУН БААЛОО

"Процедуралык кабинеттин медициналык айымдын (фельдшердин) иш орду жөнүндөгү жобого" ылайыктуулугун баалоо төмөнкүлөрдү ачыктады: ЭККК (МККК) тарабынан каржыланган долбоордун негизинде Ноокен районундагы УКЖда кармалып турган адамдарга медициналык жардам көрсөтүүгө арналган орун-жайлар ремонттон өткөрүлгөн. Бирок мониторинг жасаган топтун өкүлдөрү бул жайга кире алышкан жок. УКЖнын администрациясынын айтканына караганда, бул бөлмөлөргө кирүү мүмкүнчүлүгү долбоордун врачына гана берилген. Ал эми калган 16 УКЖда процедуралык кабинеттер жок болгондуктан, медициналык кызматкерлердин иштөө оруңдарын УКЖнын күзөт бөлмөлөрүндө жайгаштырууга мажбур болушкан. Медициналык кызматкерлердин иштөө орундарынын жабдылышына талдоо жүргүзүү аларда муздак суу жетиштүү, бирок ысык сууну бардык эле жерде колдоно алышпай тургандыгы белгилүү болду. КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин зарыл стандарттары боюнча керектүү жабдуулар жетишпейт, кушеткалар, процедуралык стол, медикаменттерди коё турган шкафтар, бактерициддик нурлантуу аппараты, муздаткычтар (бир гана Базар-Коргон УКЖда бар) жок, медициналык максаттагы буюмдарды зыянсыздандыруучу идиштер, ветоштор, дезинфекциялоочу каражаттар, жууп-тазалоого керектүү шаймандар, боолук, венадан дарылоочу валик, венага дары куюу үчүн штативдер, ийне кескичтер, бикстер, лоткалар, түтүктөр үчүн штативдер, пинцеттер, кысмалар, бир жолу колдонулуучу медициналык буюмдар жетишсиздиги аныкталды.

УКЖда иштеген медициналык кызматкерлердин иштөө шартында, чынында, асептиканын негиздеринин талаптарын сактоого мүмкүн эмес. Медицина кызматкерлеринин айтуусуна караганда, алар бардык зарыл болгон медициналык стандарттарды медициналык мекемелердеги өз иш орундарында гана сактай алыша тургандыгын көрсөттү.

## ФЕЛЬДШЕРЛЕРДИН ШАШЫЛЫШ МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮСҮ ҮЧҮН КЕРЕКТҮҮ НЕГИЗГИ ЖАБДУУЛАРДЫН, МЕДИЦИНАЛЫК МАКСАТТАГЫ БУЮМДАРДЫН ТИЗМЕГИ ЖАНА ЭСЕПТИК МЕДИЦИНАЛЫК ДОКУМЕНТТЕРИ

Фельдшерлердин шашылыш медициналык жардам көрсөтүүсү үчүн керектүү негизги жарак-жабдуулардын, медициналык максаттагы буюмдардын тизмеги төмөнкүлөрдөн турат: фонендоскоп, тонометр, термометр (13 аталыштагы жабдуу болушу керек), мээлейлер, таңуучу материалдар, вата, бинттер, лейкопластырь, (медициналык максаттагы 25 аталыштагы буюмдар – ММБ болууга тийиш). Мындай кырдаал медициналык кызматкерлер иштеп жаткан ал тургай УКЖларда да байкалып турат.

УКЖдагы мониторинг көрсөткөндөй, көпчүлүк медкызматкерлер медициналык кызмат УКЖнын карамагындагы бөлүк деп эсептешип, өздөрүнүн негизги милдетин шектелгендер менен айыпталган адамдардын ден соолу-

гун кароочу эмес, алардын кармоо режими камсыздоочу катары көрүшөт. УКЖда зарыл болгон медициналык жардамды көрсөтүү процедурасын жана тиешелүү документацияларды талдоо көрсөтүп тургандай, дары-дармек препараттарын же медициналык дарылоону алуу зарыл экендигин далилдөө өтө кыйын, анткени медициналык кызматкердин иш-аракеттери контролсуз калган. Мындай тобокелчиликтерди четтетүү үчүн, УКЖда кармалып турган адамдар дары-дармекти, жардамды алып жаткандаа медициналык документацияга кол коюп берүүсүн караштыруу керек.

Медициналык тейлөөнүн жалпы стандартына байкоо жүргүзүүнүн начардыгы медициналык бөлүктөрдөгү жабдуулардын төмөнкү деңгээли, ошонун ичинде, дары-дармектер менен камсыздоонун начардыгы менен байланыштуу.

## ТЫЯНАКТАР

ИИБдин Убактылуу кармоочу жайларындагы жагымсыз шарттар, тамак-аштын сапатынын начардыгы, санитардык-гигиеналык эрежелерди сактоонун эң төмөнкү деңгээли камакта жаткандардын психикалык жана дене боюнун саламаттыгына тескери таасирин тийгизип, аларда жаңы оорулардын пайда болушуна себепчи болушууда.

Убактылуу кармоочу жайлардагы кармалып турган адамдарга көрсөтүлүүчү эң биринчи медициналык-санитардык деңгээлдеги жардамдар азыркы күндөгү иштеп жаткан улуттук стандарттын базалык медициналык кызматтык-тейлөөсүнө туура келбейт. Медициналык жардам, негизинен, Убактылуу кармоочу жайларда күзөттө турган медициналык кызматкердин билимине жана бейтаптын даттануусуна жараша таблетка түрүндөгү дарылар менен гана чектелет.

Медициналык тейлөөнүн жалпы стандартын сактоонун начардыгы медициналык кызматтын жабдуу деңгээлинин төмөндүгү, анын ичинде, дары-дармектер менен камсыздоонун начардыгы менен татаалдашкан:

- медициналык адистердин жетишсиздиги жугуштуу оорулардын жайылып кетүүсүнө контроль жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бербей, бул биринчи зарыл медициналык жардамды көрсөтүүнүн абалын төмөндөтүүдө;
- зарыл медициналык жардамды көрсөтүү үчүн медициналык максаттагы буюмдар менен дары-дармектердин топтому комплектиленген эмес. Анафилактикалык шокто кечиктирилгис жардам берүүчү дары каражаттарынын топтому комплектелинген эмес.
- кечиктиргис жардам көрсөтүү үчүн дары-дармек каражаттарынын жана медициналык буюмдардын үлүшү УКЖнын универсалдуу медициналык аптечкасында турган ДК жана МББнын өлчөмүнүн 11,6 %дан 18,8га чейинкисин түзөт. Бардык 17 УКЖда (100%) анафилактикалык шокто зарыл болгон биринчи жардамды көрсөтүү үчүн УКЖдагы ДК жана МББнын топтомун сактаган аптечкалар толукталган эмес. Мындай аптечкада нак сакталган ДК жана МББнын үлүшү болгону 21,1%дан 42,1%га чейинкини гана түзөт.

- бардык убактылуу кармоочу жайлардагы медициналык буюмдар менен дары-дармек каражаттарынын тизмеги далилдөөчү базасы начар препараттардан же ал турсун, далилдик медицинанын көз карашынан алганда, таасирсиз каражаттардан турат;
- көп колдонулуучу медициналык процедуралардын коопсуздугу боюнча талаптар сакталбайт;
- дары-дармектерди сактоонун талаптары аткарылбайт, бөлмөлөрдө талап кылынган температура менен нымдуулук бирдей деңгээлде кармалбайт, алардын параметрлери текшерүүдөн өткөрүлбөйт.
- КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин стандарттары боюнча зарыл болгон жабдуулар жок (кушеткалар, процедуралык столчо, медикаменттер коюлуучу шкафтар, муздаткыч, бактерициддик нурлантуу аппараты ж. б.), муздак суу жеткиликтүү, бирок ысык сууну бардык жерде пайдалана албайсың. Убактылуу кармоочу жайларда иштеген медперсоналдардын иштөө шартында асептиканын талаптарын сактоо жагы камсыз кылынбаган.

Шашылыш медициналык жардамды жаракат алууда, күйүктөн жабыркаганда, суукка үшүтүп алууларда көрсөтүү учурунда медкызматкерлердин тажрыйба, билим деңгээлдерин баалоодо канааттандырарлык деп табылды. Медициналык кызматкерлердин көпчүлүгү шашылыш медициналык жардам көрсөтүү маселелеринде өз билимдеринин деңгээлин жарым-жартылай көрсөтө алышты.

Ички тартиптин эрежелерин камтыган ченемдик укуктук актылар УКЖга киргизилген адамды медициналык жактан кароодон өткөрүүнүн убактылуу алкактарын белгилебейт, ошону менен ага негизделген медициналык кароонун тажрыйбасы Нельсон Манделланын эрежесинде каралган шашылыш (мүмкүн болушунча тезирээк) талаптарга жооп бербейт.[1]

Ички иш тартибинин эрежесинде КРнын Жазык-процесстик кодексиндеги 45-беренесини 6- жана 47-беренесинин 5-бөлүмдөрүндөгү талаптар колдоо тапкан жок, анткени шектелип жана күнөөлөнүп жаткан адамдарды убактылуу кармоочу жайга алып келгенде, алар милдеттүү түрдө медициналык кароодон өткөрүлүп, тиешелүү документтери түзүлөт, бул милдеттүү түрдө медициналык кароодон УКЖга алгачкы ирет киргизилгенде гана эмес, улам кийинки жолу, алар изолятордон сыртка чыгып, УКЖга кайтып келген сайын да жүргүзүлүшү керектигин талап кылат. Буга окшогон дал келбестиктер кармалуучулардын денесиндеги жаракаттар каттоого алынбай калат деген коркунучту пайда кылат, анткени кармалуучуларды УКЖдан сыртка алып кетүүлөр көп катталган менен, УКЖга аларды кайрадан кийиргенде медициналык кароодон өткөрүлбөй калып жатат.

Ички иш тартибинин эрежеси камактагыларга катаал мамиле кылуунун жана кыйноонун кесепеттери менен залалдарын документтештирүүнүн тартиптерин белгилеген эмес, ал эми кароо өткөрүүнүн жоболору КРнын саламаттык сактоонун бардык деңгээлдеги медициналык адистери жа-

1 http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1515?cl=ru-ru

на башка ведомстволору үчүн "Зомбулуктарды, кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же адамдын ар-намысын тебелеген мамилелердин түрүн жана жазаларды натыйжалуу документтештирүү боюнча" Практикалык колдонмо менен макулдашылбайт. Маалыматтар менен талап кылынган документтер, буга кошо № 033-3у деген медициналык кароонун формасы, № 087-5/у каттоо журнал, болжонуп жаткан кыйноолордун жана катаал мамиле жасоонун, зомбулуктун болушун билдирүүчү каттын бланктары – мунун бардыгы жок.

Убактылуу кармоочу жайга киргизилген адамды кечиктирбестен медициналык кароодон өткөрүүнүн убактылуу алкактарынын жоктугу жана медкароонун толук эместиги кармалып жаткан адамга өз убагындагы жана талап кылынган медициналык жардамдын берилбей калуу коркунучун жаратат, ошондой эле, кечиктирилген жана толук эмес документтештирүүнүн натыйжасында ага кыйноолор менен катаал мамилени колдонуунун психикалык, физикалык кесепеттеринин жоголуп кетишине алып келет.

***Убактылуу кармоочу жайга алып келинген адамга медициналык кароо жүргүзүү процедурасы бөтөн адамдардын, анын ичинде укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин болуусуна жол берет, мындай мамиле эл аралык стандарттардын купуялуулукту камсыздоо боюнча жоболоруна ылайык келбейт.***

Мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында, убактылуу кармоочу жайларда кармалышкан адамдардын ден соолугун коргоо укуктарын сактоо тууралуу маалымат алынды, ошондой эле медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу, анын ичинде, Кыргыз Республикасынын эркинен ажыратуу жайларындагы медициналык тейлөө системасынын абалын комплекстүү изилдөөнүн методологиясын жана аны коомдук саламаттыкты сактоо системасына ырааттуу интеграциялаштыруу планын иштеп чыгуу боюнча эксперттердин сунуштары алынды.

## СУНУШТАМА

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

1. Зомбулуктарды, кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же адамдын ар-намысын тебелеген кайрылуулардын түрүн жана жазаларды медициналык жактан документтештирүүнүн эрежелерин, ошондой эле кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же адамдын ар-намысын тебелеген мамилелердин түрүн жана жазаларды натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү боюнча Стамбул протоколунун принциптерин жайылтуу боюнча иш-аракеттердин планын бекитсин.[1]

1 http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1515?cl=ru-ru

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО МИНИСТРЛИГИ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

1. Убактылуу кармоочу жайларда отурган адамдардын ден соолуктарын коргоо боюнча иштерди жөнгө салуучу укуктук актылардагы кемчиликтерин жана коллизияларды (карама-каршылыктарды) таап чыгуу үчүн ревизия жүргүзсүн, жана Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги бекиткен эл аралык стандарттарга, клиникалык колдонмолорго/протоколдорго жана далилдөөчү медицинанын принциптерине ылайык келтирүү максатында өзгөртүүлөрдү киргизсин.
2. Убактылуу кармоочу жайлардагы кармалган адамдарды медициналык жактан тейлөөгө тартылган медициналык персоналдарды кыйноолорду жана катаал мамилелерди натыйжалуу документтештирүүгө багытталган окуудан өткөрсүн.
3. КРнын Ички иштер министрлигинин 2017-жылдын 22-сентябрындагы №145 жана КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2017-жылдын 22-сентябрындагы №757 "Убактылуу кармоочу жайлардагы кармалган адамдар үчүн дары-дармек каражаттарынын жана медициналык буюмдардын тизмегин бекитүү жана аларды сатып алуу жөнүндө" биргелешкен буйругу жаңы клиникалык протоколдор кабыл алынгандыгына байланыштуу, учурда кайра карап чыгууну талап кылууда.
4. "Ден соолукту жанаша сактоо" интеграциялык процессин жалпы саламаттыкты сактоого интеграциялоо ишин илгерилетүүгө багытталган секторлор, тармактар арасындагы ишке катышууну жандантсын.
5. ИИБ УКЖга медициналык жардам көрсөтүүнүн стандарттарын, буга кошуп медициналык кызматтын жабдылышын, дарылоочу препараттар, анын ичинде кечиктиргис жардам көрсөтүү үчүн жабдуулар менен камтууну жакшыртуу боюнча кадамдарды иштеп чыксын.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

1. Убактылуу кармоочу жайларда отурушкан адамдарга медициналык жардамды өз убагында көрсөтпөгөн же кечиктирип көрсөткөн учурларды өз убагында таап, күнөөлүү адамдардын жоопкерчилиги тууралуу маселени дыкаттык менен териштирип чыксын.
2. Көз карандысыз уюмдар, Акыйкатчы Аппараты, кыйноолорго каршы улуттук борбор, коомдук байкоочу кеңештер ж.б.) менен бирдикте убактылуу кармоочу жайларда отурушкан адамдарга көрсөтүлгөн медициналык жардамдын стандарттарга ылайык келе тургандыгына ар дайым мониторинг жүргүзсүн.
3. КР ММКФ менен бирдикте административдик чаралардын талаптарына, медициналык процедуралардын коопсуздугуна, дары-дармек каражаттарынын жана медициналык багыттагы буюмдардын сакталышына ар дайым мониторинг жүргүзсүн.

4. УКЖда эркинен ажыратылган адамдарды кармоонун жана медициналык жардам көрсөтүүнүн шарттарын жакшыртуунун үстүндө иштөөнү улантсын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО МИНИСТРЛИГИ

5. "Кыргыз Республикасындагы саламаттыкты сактоо уюмдары жөнүндө" Мыйзамдын 19-беренесинин талаптарына ылайык, ИИБ УКЖда кайтарууда турган адамдарга медициналык жардамды көрсөтүү боюнча медициналык иштерди жөнгө салуу, координациялоо жана контролдоо боюнча, "ведомстволук (катарлаш) медицинаны жалпы саламаттыкты сактоо системасына толук интеграциялоого чейин барган чараларды көрсүн.
6. УКЖда кармалган адамдарды медициналык жактан тейлөөгө тартылган медициналык персоналдардын байкоо жүргүзүү жана дарылоо саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик орган сунуштаган ыкмалар жана каражаттар менен жүзөгө ашырылууга тийиштиги тууралуу талаптарды сактоосун камсыз кылсын. Ошентип, КРнын Саламаттыкты сактоо министрлиги бекиткен клиникалык колдонмолорго/протоколдорго жана далилдөөчү медицина принциптерине негизделген медициналык жардамды көрсөтүү тажрыйбасын түзүп чыксын.
1. ИИБ УКЖ үчүн Көп колдонулуучу медициналык процедуралардын коопсуздугу, медициналык максаттагы буюмдарды жана медициналык жабдууларды, шаймандарды дезинфекциялоо жана стерилдөө боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптарды аткаруу боюнча Нускаманы иштеп чыксын.

## 6.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЛДЫНДАГЫ ЖАЗАЛАРДЫ АТКАРУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫНЫН ЭРКЕКТЕРДИН ТҮЗӨТҮҮ КОЛОНИЯЛАРЫНДА ДЕН СООЛУГУН КОРГООНУН УКУКТАРЫН САКТОО

2019-жылдын башында Акыйкатчы (Омбудсмен) "КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын түзөтүү колонияларында эркектердин ден соолугун коргоонун укуктарын сактоо" деген атайын баяндамасын жалпыга тааныштырган.[1]

Акыйкатчынын (Омбудсмендин) наамына жыл сайын соттолгондордун укуктарынын бузулуп жаткандыгы тууралуу арыздар менен даттануулар келип түшөт. Кээ бир учурларда буга окшогон арыздар менен даттанууларды мүнөзү жалпысынан №47 мекемеге которууга же саламаттыкты сактоо мекемелеринин ооруканаларында дарылануудан өтүүгө байланыштуу болгон.

1 Баяндама эксперттер Е.Халитова. У.Азимов тарабынан кошо даярдалып, ЕККУнун Бишкектеги программалык офиси тарабынан чыгарылган.

Өз кезегинде Акыйкатчы институту соттолгондорго медициналык жардам көрсөтүү жана алардын ден соолуктарын сактоо боюнча кырдаалга такай көз салып турат

Эркинен ажыратылган адамдарга карата кайрылуунун, анын ичинде физикалык жана психикалык жактан эң жогорку чекке жеткен ден соолугунун деңгээли Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон эл аралык келишимдерде бекемделген жана басымдуу даражада эркинен ажыратылгандардын жаза өтөө тартиби менен шарттары улуттук мыйзамдардын негизинде жөнгө салынат.

## ЖАЗА АТКАРУУ СИСТЕМАСЫНДА САЛАМАТТЫКТЫ САКТООНУ УЮШТУРУУ

### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы аткаруу бийлигинин укук коргоо боюнча мамлекеттик кызматы болуп саналат жана жазык-аткаруу системасынын иши боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашырат.

Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасында 9 түзөтүү мекемеси бар жана аларда соттолгондор жабык лагердик принциптин шартында кармалышат, ошону менен бирге, камералык типтеги бөлмөлөрдө отурушат.

2019-жылдын 1-январына чейин колдонулуп келген Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 73-статьясына ылайык, соттолгондорду медициналык жактан тейлөө максатында профилактикалык-дарылоо мекемелери уюштурулган (ооруканалар, атайын ооруканалар, психиатриялык, кургак учук, медициналык бөлүмдөр), ал эми кургак учуктун активдүү формасы менен, өнөкөткө өтүп кеткен алкоголизм жана наркоманияга чалдыккандарды, ВИЧти жугузуп алгандарды амбулатордук шартта кармоо жана дарылоо үчүн дарылоочу түзөтүү мекемелери иштейт.

Соттолгондордун ден соолугун сактоону камсыздоо боюнча түзөтүү мекемелеринин администрациялары тиешелүү болгон санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы коюлган талаптардын аткарылышы үчүн жоопкерчиликти тартышат. Соттолгон адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн тартиби, санитардык көзөмөлдү уюштуруу жана өткөрүү, саламаттыкты сактоо органдарынын дарылоо-профилактикалык жана санитардык-профилактикалык мекемелерин пайдалануу жана бул максатта алардын медперсоналдарын тартуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.


КРнын пенитенциардык системасынын медициналык кызматы ведомстволук принциптин негизинде уюштурулган жана Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын администрациясына баш ийип, ушул системадагы бардык дарылоо-профилактикалык иш-чараларга жооп берет.

## ТҮЗӨТҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ООРУЛАРДЫН ЖАЙЫЛЫШЫ ЖАНА АНЫН ДЕҢГЭЭЛИ

Пенитенциардык мекемелерде жазасын өтөп жатышкан адамдардын ден соолугунун жана пенитенциардык системадагы саламаттыкты сактоо системасынын абалынын сапатын аныктоо үчүн айрым критерийлер колдонулат, алардын олуттуусу оорунун деңгээли (пайыздык катышы) жана өлүм деңгээли болуп саналат.

Белгилүү бир мезгилдин аралыгында пенитенциардык системадагы оорулардын деңгээлине талдоо оорунун көбөйүп баратышы жана анын динамикасы тууралуу, ошону менен бирге ооруну төмөндөтүүгө карата социалдык-гигиеналык жана дарылоо иш-чараларынын натыйжалуу комплекси тууралуу туура түшүнүк алууга мүмкүнчүлүк берет.

6.2.1-ДИАГРАММА. ТҮЗӨТҮҮ КОЛОНИЯЛАРДАГЫ ООРУГАНДАРДЫН ПАЙЫЗЫ




Мониторингдин жүргүзүлгөндүгүнүн натыйжасында байкалгандай түзөтүү колонияларында көбүрөөк жайылган оорулардын катарына заара ушатуу-табарсыктын дарты, кычкыл туздуу сийдик диатези (МКД), өнөкөт пиелонефрит, геморрой, токсикалык гепатиттер ж.б. кирет.

ЖАМКнын маалыматына ылайык, 2017-жылга салыштырмалуу, 2018-жылы инфекциялык оору менен ооруган учурлар аз катталган. Курч респиратордук вирустук инфекция 7,5%га, кургак учук 2,8%га, ал эми катталган ВИЧ ооруларынын саны 57ден 19га төмөндөгөн.

2017-жылга салыштырмалуу, өлүмдүн саны азайган эмес. 2018-жылдын 1-октябрына карата алынган маалымат боюнча, соттолгондордун ичинен өлгөндөрдүн саны 56 га жеткен, өткөн 2017-жылы да ушундай болчу.

## 6. 2. 2-ТАБЛИЦА ӨЛҮМДҮН НЕГИЗГИ СЕБЕПТЕРИИ

| Өлүмдүн себептери. | 2018-жыл |
|---|---|
| Кургак учук (жугуштуу оорулар) | 7 |
| Жугуштуу эмес оорулар | |
| алардын ичинен: | |
| Жүрөктүн иштешинин жетишсизди | 12 |
| Кан айлануу дарты | 5 |
| Нерв системасынын оорулары | 5 |
| Уйку без оорусу | 4 |
| Бөйрөк дарты | 4 |
| Дем алуу системасынын дарты | 2 |
| Боордун циррозу | 1 |
| Карындын сезгениши | 2 |
| Буттун чириши | 1 |
| Ашказан оорусу | 1 |

## ДАРЫ-ДАРМЕК МЕНЕДЖМЕНТИ

Медикаменттерди жана медициналык максаттагы ар түрдүү керектүү заттарды сатып алууга Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын бир жылдык керектөөсү 49 млн сомду түзөт. Тилекке каршы, акыркы 5 жылдан бери карай "Медициналык багыттагы буюмдарды жана медикаменттерди сатып алуу" боюнча 2217-беренеси боюнча жыл сайын 6 млн. 800миң сом бөлүнөт, бул жалпы 1 жылдык керектөөнүн 14%ын түзүп турат.

Тиешелүү деңгээлдеги каржылоонун бөлүнбөгөндүгү соттолгон адамдарды дары-дармек менен камсыздоодо жетишпегендиктин себептерин пайда кылууда.

Мисалы: №16 түзөтүү колониясында төмөндөгү өтө маанилүү делинген дары-дармектер жок:

- Ооруну басаңдатуучу препараттар (баралгин, трамадол)
- Жергиликтүү анестетиктер (лидокаин)
- Алмашуу процессин жөнгө салуучу каражаттар (пантенол)
- Транквилизаторлор (диазепан, седуксен)
- Гипотензивдик препараттар (нифедипин, кордицин, клонидин, клофелин)
- Кандын уюусуна таасир этүүчү каражаттар (гепарин, викасол)
- Антиангиналдык каражаттар (нитроглицерин, пропранолол, обзидан, верапамил)
- Гормондор (инсулин, гидрокортизон)

- Плазма алмаштыруучу эритмелер (реополиглюкин, полиглюкин)
- Перифериялык адренергиялык процесстерге таасир этүүчү каражаттар (мезатон, адреналин, норадреналин, антигистаминдик: дипразин, пипольфен, тавегил, пипольфенно)
- Спазмолитикалык (но-шпа, дротаверин, папаверин)
- Жүрөктүн гликозиддери (дигоксин)
- Антаиаритмикалык дарылар (новокаиномид, (обзидан, амиодарон, ритмонорм).

Анальгин, баральгин, сальбутамол, тавегил, пипольфен, литоксин, кордарон, ритмонорм, каптоприл сыяктуу дарылардын №47 түзөтүү колониясында да жоктугу белгилүү болду.

Ал эми №3 түзөтүү колониясында антигистаминдик дарылардан ранитидин, сальбутамоль, анальгетик, жүрөк оору дарылары, антиангиналык препараттар жетишсиз же такыр эле жок болуп жаткандыгы байкалды. Парацематолду, анальгинди, валериан экстрактын врач күзөттө турган күнү өз каражатына сатып алат. Мындай көрүнүш №27 колониясында да кайталанып, анафилактикалык шокту жоюуга жумшалган дарыны врачтар өздөрүнүн акчасына сатып алган фактылар болгондугун эскерте кетүү керек.

*Дарылоо жол-жоболорунун өркүндөтүлүп, жакшырбагандыгынан, көптөгөн дары-дармектер тендерден өткөрүлбөйт, чоң акча суммалары кымбат баадагы жана натыйжасы начар препараттарды сатып алууга жумшалат.*

№47 түзөтүү колониясында травматологиялык операцияны жасоого мүмкүнчүлүк жок, себеби сөөктүн ички пластинасы тендерден өткөрүлгөн эмес. АСТ, АЛТ деген боордун жабыркагандыгын аныктай турган маанилүү эки тест да тендерден өткөрүлгөн эмес, кээ бир убакта бул экөөнүн аткараар милдети түздөн-түз айкалыштырылып, алардын өз ара таасири менен натыйжасы чыгарылат. АСТ/АЛТ тесттеринин көрсөткүчүн изилдөө боору ооругандардын ден соолугуна байкоо жүргүзүүгө жардам берет жана мындай ыкма боордун сезгенишин аныктоого көмөк көрсөтөт. Эгерде АСТ тестинин натыйжасы жакшы болсо, анда бейтапка башка дарыны ичүү сунуш кылынышы мүмкүн.

Мониторинг жүргүзүлгөн бардык мекемелердин ичинде туруктуу түрдө дарылanууну талап кылышкан соттолгондор арбын, бирок аларда мындай мүмкүнчүлүк жок.

6. 2. 2-ТАБЛИЦА СОТТОЛГОНДОРДУ СУРАМЖЫЛООНУН ЖЫЙЫНТЫГЫ

**Суроо: "Сиз, кайсы бир дарыны туруктуу түрдө ичип турасызбы?"**

| | 1-ТК | 3-ТК | 8-ТК | 10-ТК | 16-ТК | 27-ТК | 47-ТК |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ичем** | | 22,2% | – | 36,7% | 15% | 10% | 19,5% |
| **Ичпейм** | 92% | 22,2% | 97,5% | 63,3% | 50% | 55% | 12,1% |
| **Жооп жок** | 4% | 55,6% | 2,5% | – | 35% | 35% | 68,3% |

> "ВИЧ, дары ала албайм"
>
> "Дары жоктугунан ооруп жүрөбүз"
>
> "Мурда ичип жүрчү элем, азыр жок, анткени эч ким бербейт"

Суроолорго берилген жооптордун түпкү мааниси - барып-келип эле ооруп калган адамга дарыны медициналык мекеме берет, эгерде аларда дары жок болсо же берүүдөн баш тартышса, анда дарыны туугандары сатып беришет.

6. 2 . 3-ТАБЛИЦА СОТТОЛГОНДОРДУ СУРАМЖЫЛООНУН ЖЫЙЫНТЫГЫ

**Суроо: Сиз ооруп калсаңыз дарыны ким сатып берет?**

| | 1-ТК | 3-ТК | 8-ТК | 10-ТК | 16-ТК | 27-ТК | 47-ТК |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Өзүм | 50% | – | 5% | 20% | 22,5% | 15% | – |
| Тууганым | 18% | 66,7% | 82,5% | 46,7% | 67,5% | 70% | 60,9% |
| Эч ким жок | 6% | 22,2% | 2,5% | 20% | – | 5% | 2,4% |
| Мекеме берет | 14% | – | – | – | – | 45% | – |
| Жооп жок | 12% | 11,1% | 10% | 13,4% | 10% | 10% | 36,6% |

> "Жалпысынан, мекеме берет, аларда жок болуп калса ата-энем берет"
>
> "Биринчи мекемеден сурайм, жок десе, аялым алып келип берет"
>
> "Кымбат эмесин санбөлүк берет, кымбатын сатып алам"
>
> Мекеме дары берет, бардык ооруга пеницилин гана берет
>
> соттолгондордон сурайм, же туугандарымдан
>
> Мага дарыны эч ким бербейт, анткени туугандарым алыста турушат.

МЕДИЦИНАЛЫК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ

## МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮ

**Түрмө администрациялары өтө зарыл болгон шарттарда медициналык жактан тейлөөнү дайыма жана токтоосуз камсыз кылышы керек.**

Соттолгон адамдарга медициналык жардам медициналык бөлүктөрдө жана ооруканаларда ЖАСтин медициналык кызматкерлери тарабынан же саламаттыкты сактоо органдарынын адистери аркылуу көрсөтүлөт.

Түзөтүү колониялардагы медициналык бөлүктөр:

- Карантиндик бөлмөлөрдө кайрадан келген соттолгондорго медициналык персоналдар менен биргеликте биринчи медициналык кароону өткөрөт жана изилдөө иштерин жүргүзөт, жаза аткаруу мамлекекттик кызматынын 2016-жылдын 316-буйругунун негизинде, бардык түзөтүү мекемелеринде кургак учуктун скрининги анализден өткөрүү боюнча кургак учук менен ооругандарды сурамжылоо ыкмасы аркылуу жүргүзүлөт;

- жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын 2017-жылдын 28-апрелиндеги №178 буйругунун негизинде бекитилип берилген адамдар жашаган бөлмөлөрдүн абалын, соттолгондордун ден соолуктарынын абалын мекеменин кызматкерлери, отряддын башчылары жана медициналык персоналдар менен бирге күн сайын кароодо медициналык көзөмөлдүктү жүргүзөт жана ооруп калгандардын датташуусу менен ооруну өз убагында таап, дарыланууга жиберет, алдын-ала кароону уюштурат;
- жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын 2016-жылдын 21-майындагы диспансеризациялоо жөнүндөгү буйругуна ылайык өнөкөт оорусу бар адамдарга диспансердик байкоолорду жүргүзөт;
- Ооругандарды амбулатордук дарылоодон өткөрөт.

Түзөтүү мекемелеринде соттолгондорду кабыл алуу медициналык бөлүктүн иштөө шартына ылайык, алдын-ала жазылуу менен медициналык персоналдын дайындоосу аркылуу жүргүзүлөт.

Шашылыш жардам көрсөтүү зарылдыгы пайда болуп калган учурда, графиктен тышкары, иштөө мөөнөтүнө карабастан кабыл алуу жүргүзүлөт. Соттолгон адам ооруп калган кезде, врач башка мекемеден чакыртылышы мүмкүн же саламаттыкты сактоо органдарынын адистери жардамга келиши зарыл.

Мисалы, №10 түзөтүү колониясында фельдшер бейтаптар көбөйүп кеткен шартта бир айда бир жолу билдирүү жазып, 5-10дон адамды урологдун, кардиологдун, же болбосо областтык оорукананын врачтарынын консультациясына алып барып турат, же болбосо тармактык адис колонияга чакыртылып, кароо жүргүзөт. Квалификациялуу адистердин кызмат көрсөтүүсүн узакка күтүүгө туура келет.

Түзөтүү колонияларында врачтын жоктугунан, фельдшерлерге оорулууну ооруканага жаткырууну негиздөө кыйынчылык туудуруп жаткандыгы байкалат. Борбордук ооруканада көпчүлүк бейтаптар стационардык дарылоого муктаж эмес, анткени фельдшер диагноз койгондон кыйналат.

## МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ ЖАНА АНЫН САПАТЫН ЖАКШЫРТУУ

Мониторингдин жүрүшүндө соттолгондордун дээрлик көпчүлүгү медициналык жактан жардам алуу үчүн колониянын медициналык бөлүгүнө кайрылышарын айтышты. Алардын бир тобу зарыл болуп калган учурда кайрылышарын билдиришсе, кээ бирлери бир жумада бир жолу же болбосо андан да көбүрөөк барышарын билдиришкен.

Медициналык жардамды алууга кайрылгандардын көпчүлүк бөлүгү түзөтүү мекемесинин медициналык кызматкерлеринин көрсөткөн жардамынын сапаты төмөндүгүнө наразы экендиктерин айтышкан, мисалы: №8 ТМ - 100%, № 3 ТМ – 88,9 %, №16 ТК жана №10 ТК 87,5% жана 83%ды түзгөн. Медициналык жардам көрсөтүүдөгү олуттуу маселенин бири - медициналык кызматкердин диагноз коюуда жана туура эмес дарылаган иш-аракеттери болууда.

## МЕДИЦИНАЛЫК КАРОО УЧУРУНДА АНЫКТАЛГАН БЕЙТАПТЫН АБАЛЫ

Мониторинг жүргүзүүнүн методологиясы башында соттолгондорду медициналык кароодон мониторингдин курамындагы врачтын (үй-бүлөлүк врач, соттук-медициналык эксперттин мүчөсү) өткөрүүнү көздөгөн, андан кийин алардын ден соолугун изилдеп, эгерде алар мурда медициналык жардам алуу үчүн колониянын медициналык бөлүгүнө кайрылышкан болсо, аларга диагноздун туура коюлгандыгын жана дайындалгандыгын карап жыйынтык жасайт.

№8 түзөтүү колониясынан башка бардык мекемелерде мониторингде жүргөн врачка соттолгондордун ден соолуктарын кароого мүмкүнчүлүк берилди. Мындай кароонун учурунда кээ бир соттолгондордун ден соолуктарын кароо ишине квалификациялуу врачтардын кароосу керек экендиги аныкталды.

**Медициналык жардамды уюштуруу боюнча тыянактар**

- Түзөтүү мекемелеринде эркектерге медициналык жардам көрсөтүү иштеринде медициналык персонал тарабынан медициналык жардам көрсөтүүнүн стандарттары менен далилдөө медицинасынын принциптери сакталбастан аткарылып жаткандыгы колониядагы медициналык тейлөөнүн деңгээли калкты тейлөө кызматынын шартынан төмөн экендигин көрсөттү.
- Колонияларда эркектерди медициналык жактан тейлөөчү медициналык персонал медициналык кызмат көрсөтүүнүн кээ бир негизги практикалык багыттагы маселелерин өздөштүрүү жагынан четте калышкан, ошондуктан байкоо жүргүзүү жана дарылоо методикасындагы жетишкендиктерди кеңири колдонуу мүмкүнчүлүгү жок.
- №31 ТМнен башка бардык түзөтүү колонияларынын эркектер үчүн түзүлгөн материалдык-техникалык базасы медициналык жактан тиешелүү деңгээлде жардамды көрсөтүүгө жараксыз абалда, бул медициналык кызматкердин иштөөсүнө, тейлөөнүн сапатына терс таасирин тийгизет.
- Зарыл керектүү шарттагы каржылоонун жетишсиздиги соттолгон эркектердин дары-дармектер менен камсыздалышына жана тейленүүсүнө кедергисин тийгизип келүүдө.
- Колониялардагы процедуралар өркүндөтүлбөгөндүктөн, көптөгөн дары-дармектер тендерден өткөрүлбөйт, чоң суммадагы акча каражаттары кымбат жана сапаты начар баадагы препараттарга жумшалып жатат.
- Түзөтүү мекемелеринин медициналык-санитардык бөлүмдөрүндө жана ооруканаларында кадрлардын кетип калуу агымы байкалууда, кесиптик адистиги мыкты кадрларды жалдоо иштери кыйынчылыкка учурап, анын таасири медициналык кызматтын иштөө жагдайындагы башкы көйгөй катары сакталып кала берүүдө.
- Медициналык кызматкерлерди дипломдон кийинки пландык-системалуу кесиптик даярдыктан өткөрүүнүн, персоналдардын адисти-

гин натыйжалуу жогорулатууну камсыздай турган шарттын жоктугунан улам түзөтүү колонияларында медициналык-санитардык тейлөөнүн сапаты начарлап жатат.

СУНУШТАМА

Саламаттыкты сактоонун пенитенциардык жана жалпы системасынын өз ара кызматташуу практикасы, соттолгондорду медициналык-санитардык камсыздоону укуктук жөнгө салуу жаатындагы көйгөйлөр менен мыйзам бузуулардын жалпылыгынан улам, айрым тиешелүү сунуштамаларды эркектер үчүн түзөтүү колонияларындагы соттолгондордун ден соолукка болгон укугун сактоо менен байланышкан кырдаалга карата толук колдонууга ылайыктуу жана алар кырдаалды жакшыртууга шарт түзүүгө тийиш.

СУНУШТАМАЛАР

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО МИНИСТРЛИГИ:

1. Соттолгон адамдарга адистештирилген медициналык тейлөөнү уюштуруп, кызмат көрсөтүү үчүн медициналык персоналды жалдоону, туруктуу кармоону жана кесиптик квалификациясын жогорулатууну камсыз кылсын;
2. КРнын Саламаттыкты сактоо министрлиги менен бирдикте эркектер үчүн түзөтүү колониялардын медициналык персоналын кыйноо, катаал мамиле кылуунун фактыларын каттоого алуу документтерин сапаттуу жүргүзүүгө үйрөтүү боюнча окуу курстарынан өткөрсүн.
3. Соттолгондор же алардын туугандары медициналык кызматын төлөп берүүгө даяр учурларда, алардын жеке каражаттарын тартуу менен стоматологиялык жардам көрсөтүү жана тишти оңдоо, салуу иштерин уюштурсун.

## 6.3 КЫЙНООЛОР БОЮНЧА АЛДЫН-АЛА БАРУУЛАР

БУУнун кыйноолор маселеси боюнча атайын баяндамачысы 2011-жылы Кыргызстанга өзүнүн визитинин жүрүшүндө адамды кармагандан кийинки биринчи сааттардын ичинде анын укуктары менен эркиндиктерин сактоо кепилдиктеринде олуттуу кемчиликтер болооруна тыянак чыгарган. Кыйноолордун/катаал мамилелердин 90%ы адамдын кылмыш жасоого катыштыгын белгилөө учурунда күнөөнү моюнуна алган көрсөтмөлөрдү алуу максатында колдонулат. Убактылуу кармоочу жайларга үзгүлтүксүз барып туруу кыйноолорду табуунун жана алдын алуунун кыйла натыйжалуу жана жеткиликтүү ыкмасы болуп саналат. КР Ички иштер министрлигинин расмий жообуна ылайык, 2018-жылы республиканын убактылуу кармоочу жайларында 8735 адам кармалып турган, анын ичинде: Бишкек шаарында - 3481, Ысык-Көл областында - 831, Жалал-Абад областында - 816, Нарын областында - 163, Талас областында - 211, Чүй обастында - 1213, Ош областында - 692,

Ош шаарында - 955, Баткен областында - 354, транспорт ИИБында - 15. Ошентип статистика көрсөткөндөй, Бишкек шаарынын убактылуу кармоочу жайларында жалпы кармалгандардын 40% турганы, бул ушул мекемеге өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

Кыйноолорго жана мыйзамсыз кармоолорго каршы аракеттенүү боюнча чараларды күчөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппараты менен "Голос свободы" КУ ортосунда адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндө кызматташтык жөнүндө меморандум түзүлгөн. Бул кызматташтыктын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында Бишкек шаарындагы ИИББ убактылуу кармоочу жайларда кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн фактыларын аныктоо;
2. Бишкек шаарынын бардык райондорунда РИИБ/ШМБ/УМБ кыйноолордон/катаал мамиледен жабыркаган фактылар жөнүндө "115 шыр байланышы" боюнча билдирүүлөргө өз маалында чара көрүү;
3. Кыйноолордон/катаал мамиледен жабыркаган адамдардын натыйжалуу юридикалык жардамга жана сапаттуу медициналык документтештирүүгө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга көмөк көрсөтүү;
4. Бишкек шаарында кыйноолордун/катаал мамилелердин алдын алуунун натыйжалуу механизмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү.

Андан сырткары, 2019-жылдын мартынан тартып апрелин кошуп алган мезгилде даярдоо иш-чаралары өткөрүлдү: мониторинг өткөрүүнүн методологиясы иштелип чыкты; атайын адистер менен Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлерин жаңы кабыл алынган жазык мыйзамдарынын өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү боюнча окуулар өткөрүлдү; Бишкек шаарынын ИИББ жана РИИБ бардык убактылуу кармоочу жайларына биргелешип барууларын жол-жоболору жолго коюлду.

РИИБ алгачкы визиттер КР Акыйкатчы институтунун кызматкерлери жана "Голос свободы" КУ тарабынан Прокуратура органдары менен биргеликте өткөрүлдү. Жогоруда көрсөтүлгөн мекемелердин жетекчилерине баруулардын максаттары жана милдеттери түшүндүрүлдү, байланыш орнотулду.

2019-жылдын 8 айында (май-декабрь) 45тен ашык мониторингдик баруулар (сутканын ар кайсы убагында) өткөрүлдү. Мониторинг жүргүзүлгөн обьекттерде бардыгы **593** камалгандар болгон жана алардын ар биринин жардам үчүн юристтерге жеке кайрылуу, болгондо да купуялуулуктун шарттарында кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, алардын ичинен **284ү** суралган жана **93үнө** юридикалык кеңештер берилди. Ошондой эле баруулардын жүрүшүндө адам укуктарын бузуу жөнүндө **24** билдирүү алынды.

Жүргүзүлгөн мониторингдердин жыйынтыктары боюнча кармалгандардын кыйноолорго же катаал мамилеге 16 арызы жана даттануусу КР прокуратура органдарына жиберилди. 9 арызданууу боюнча адвокаттар берилди. Кый-

ноолор боюнча БУУнун атайын баяндамачысына **16** билдирүү жиберилди. Кармалгандардын ичинен **8ин** врач-терапевт медициналык кароодон өткөрдү. **4** учурда врач Стамбул протоколунун стандарттарына ылайык жаракат бар экендигин каттады.

Ошондой эле жүргүзүлгөн мониторингдердин натыйжасында төмөнкүдөй системалуу мыйзам бузуулар аныкталды: убактылуу кармоочу жайларда кармоонун мөөнөттөрүн узартуулар; УКЖга келип түшкөндө денедеги жаракаттарды тиешелүү документтештирүүнүн жоктугу; кармалгандарды адамдын кадыр-баркын басмырлаган шарттарда кармоо; жазык процессинде аялдарды кодулоо. Андан сырткары КР Акыйкатчы аппараты "Голос свободы" КУ менен биргеликте аларды четтетүү үчүн 3 стратегиялык ишти демилгелеген.

## БИШКЕК ШААРЫ БОЮНЧА ИИББ ЖАНА РИИБ УБАКТЫЛУУ КАРМООЧУ ЖАЙЛАРЫНЫН МОНИТОРИНГИ

Бул мониторинг "Кыйноолордун/катаал мамилелердин фактыларына мониторинг жүргүзүү жана чара көрүү тартиби жөнүндө" бирдиктүү Нускамага ылайык өткөрүлөт (2019-жылдын 6-мартындагы кызматташуу жөнүндө Меморандумуна 1-тиркеме). 3 биргелешкен нөөмөтчү топ түзүлдү жана окутулду, аларга 8 адис, 1 врач-терапевт жана КР Акыйкатчы институтунун кызматкерлери тартылды.

Бардык визиттер сутканын ар кандай убактыларында жана алдын ала эскертүүсүз жүзөгө ашырылат. Эң негизги фокус кармалгандарга карата кыйноолордун жана катаал мамилелердин жасалып жаткан фактыларын табуу ишине багытталган. Юристтердин тобу кармалгандардын камераларына гана эмес, ыкчам кызматкерлердин кабинеттерине да баруу менен, мекемелерди кыдырып чыгышты. Кармалгандарга болуп жаткан бузуулар жөнүндө арыздар менен юристтерге жекече кайрылууга же өзүнчө аңгемелешүүгө мүмкүнчүлүк берилди. Ошондой эле адистер тарабынан медициналык кароону каттаган журнал, камакта жаткандардын эсебин тактоочу журналдын абалы, камакка алуу боюнча чыгарылган соттун токтомдору, тез жардамды чакыруу журналы ж.б. адам укугун бузууга, кыйноолорду жасоого себепкер боло турган фактыларды кыйыр же тикелей күбөлөндүрүүчү документтер иликтенди.

## ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ

Адамдын укугу бузулуп жаткандыгы тууралуу маалымат алынгандан кийин мониторингди жүргүзүүчү топтун мүчөлөрү анкета толтуруу менен тиешелүү сурамжылоолорду өткөрүштү, ошондой эле кармалгандарга алардын арыздарын жол-жоболоштурууга жардам беришти жана андан кийин кошумча маалыматтарды сураган координаторго алынган маалыматтарды жиберишти, андан кийин арыз түзүштү жана аны прокуратура органдарына жиберди. Айрым учурларда сотко чейинки өндүрүш убагында арыздарды алдыга жылдырууга адвокат тартылган. Эгерде бузуулар жөнүндө билдирүүлөр системалуу мүнөзгө ээ болсо, анда мындай учурларда юристтер тарабынан зарыл болгон адвокаттык иш-чаралар демилгеленээрин өзүнчө белгилөө керек.

Мониторингдик баруулардын жүрүшүндө адам укуктарынын бузулуп жаткандыгы жөнүндө 24 билдирүү алынды, алардын ичинен 16сында кыйноолорду/катаал мамилелерди колдонуу жөнүндө билдирилген. 6 учурда мыйзамсыз кармоо жана убактылуу кармоочу жайда белгиленген мөөнөттөн ашык убакытка кармап жаткандык мыйзам менен аныкталган мөөнөттөн жогору камакта кармоо жөнүндө билдирилген. Бардык бузууларга Бишкек шаарынын ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан жол берилген.

Кармалгандардын өзүлөрү түшүндүрүшкөндөй, милиция кызматкерлери тарабынан кыйноолордун/катаал мамилелердин максаты кылмыштарды жасоодо күнөөнү мойнуна алган көрсөтмөлөрдү алууга умтулуу болуп саналат – бул 90% учурда жана калган 10 пайызында - кыйноолор жазалоо максатында колдонулган. Арыздарда баяндалган кыйноолорду колдонуунун усулу – тумчуктуруу (целлофан пакеттер менен), "чөктүрүү" (суусу бар идишке), колу/буту жана суюктук толтурулган пластикалык бөтөлкөлөр менен денеге жаракат келтирүү.

Адам укуктарын бузууга көбүнчө 18-46 жаштагы, орто жана толук эмес орто билими бар эркектер дуушар болот.

## АЛАРГА КАРАТА КЫЙНООЛОР КОЛДОНГОНУ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРГЕН АДАМДАРДЫН ТАРЫХЫ

1. . 2019-жылдын 6-июнунда 1997-жылы туулган жаран Х.И. Бишкек шаарынын Октябрь райондук РИИБ ыкчам кызматкерлери тарабынан кыйноолорго/катаал мамилеге даттанган арыз менен кайрылган. Арызга ылайык Х.И. 2019-жылдын 30-июнунда, болжол менен саат 20:00дө Октябрь райондук ИИБ милициясынын ТК кызматкерлери тарабынан кармалган. Милициянын бөлүмүнө алып келишкенден кийин, моюнуна алган көрсөтмөлөрдү алуу максатында Х.И. денесинин ар кайсы бөлүктөрү боюнча колу-буту менен ургулап-тепкилеп сабоого алышкан. 2019-жылдын 8-июнунда Бишкек шаарынын ИИББ убактылуу кармоочу жайына кармалуучунун денесиндеги жаракаттарды тактап каттоого алуу үчүн Стамбул протоколуна ылайык врач-терапевт жиберилген. Жабырлануучунун арызы Бишкек шаарынын прокуратурасына жиберилген жана 143-статьянын 1-бөлүгүнүн кылмыш белгилери боюнча КЖБР №03-828-2019-00 каттоосуна алынган. Учурда УКМК органдары сотко чейинки текшерүүнү жүргүзүп жатышат. Жабырлануучуга адвокат берилген.
2. 2019-жылдын 9-июнунда Х.Д. жана З.Д. атайын багыттагы "СОБР" менен бирдикте Бишкек шаарынын ИИББ милициясынын оперативдүү кызматкерлери, ошондой эле башка райондордун ички иштер кызматкерлери тарабынан Бостери айылында кармалышкан. Келип түшкөн арызга ылайык, жабырлануучуларды Бишкек шаарына чейинки жолдо уруп-согуп келишкен. Х.Д. жана З. Д. Бишкек шаарынын ИИББ жеткирилгенден кийин ведомствонун оперативдүү кызматкерлери аларды колу-буту менен ургулап-тепкилеп, целлофан пакет менен тумчуктуруп, ошондой эле баштарына оролгон сүлгү аркылуу муздак суу куюшкан. Кыйноолорду колдонуунун мүмкүн

болуучу максаты моюнуна алган көрсөтмөлөрдү алуу болуп саналат. Х.Д. сөздөрү боюнча бул бузууларды жасаган кызматкерлердин аттары Тилек, Мики, Үмүт жана улук оперативдик кызматкер Бакыт деп аталган. Андан тышкары Кант шаарынын оперативдүү башкармалыгынын кызматкерлери болгон. З.Д. ошондой эле айрым оперативдүү кызматкерлерди сүрөттөп берген. Алсак, аларды ичинен бирөө белгисиз Адил (сары жана орто бойлуу) болгон, ал З. Д. башына пакет кийгизген. Башка кызматкердин белгиси кулактарынын сынык экени болгон. Кармалган З.Д. кыйноолордун күбөсү катары Бишкек шаарынын ИИББ убактылуу кармоочу жайынын начальнигинин кызын көрсөткөн, ал эки сутка ИИББ кызматкеринин кабинетинде болгон.

Травматология жана ортопедия Борборунун маалымкаттарына ылайык, З.Д. жана Х. Д. денелеринде көгөргөн жана кандын уюп калган белгилери бар. Кыйноолорду колдонуу жөнүндө арыз 2019-жылдын 18-июнунда Бишкек шаарынын прокуратурасына жиберилген. Бул факты боюнча КР УКМК ББ ТБ  Бишкек шаары боюнча Автоматташтырылган маалымат тутумунун КЖБР №03-828-2019-00катталып,  сотко чейинки өндүрүш иши жүргүзүлгөн. Бул арыз боюнча текшерүү жүргүзүлүп жатат, кармалганга адвокат берилген.

## СТРАТЕГИЯЛЫК ИШТЕР

Мониторингдерди өткөрүүнүн жана алынган маалыматтардын аркасында укук коргоочуларда системалуу көйгөйлөрдү табуу мүмкүнчүлүгү пайда болот, алар адам укуктарынын көбүнчө тиги же бул бузууларына алып келет. Мындай бузууларды табууда юристтер тарабынан стратегиялык иштер демилгеленет. 2019-жылдын июнь айынан тартып декабрын кошуп алган мезгилде 3 көйгөйдү чечүү боюнча чаралар көрүлдү.

## №1 КӨЙГӨЙ

### УКЖ кармоолордун мыйзамда каралган мөөнөттөн ашып кетүүсү

Убактылуу кармоочу жайларда ТИЗОдо камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасы чыгарылган адамдар отурушат. Бирок чындыгында кармалуучулар убактылуу кармоочу жайларда отурушат. Бирок кармалгандар иш жүзүндө УКЖ турат. Бул иштерде аларсыз которуу мүмкүн болбогон тиешелүү документтердин жана маалыматтардын (идентификациялык маалыматтары менен маалымкаттын, соттулугунун жоктугу же бардыгы тууралуу маалыматтын) жоктугу менен жарым-жартылай түшүндүрүлөт. Ошентип, кармалгандарга убактылуу кармоочу жайларда бир канча айлап же бир айдан ашык отурууга туура келет. Убактылуу кармоочу жайлар узак убакытка кармоого  ыңгайлаштырылган эмес жана Ички иштер министрлигинин караштуулугунда турат. Башкача айтканда эгерде кармалуучу аны кармоодо милициянын кызматкерлери тарабынан кыйноолорго/катаал мамилеге дуушар болсо, анда дагы да болсо милициянын “колунда” тургандыктан ал бул жөнүндө дайыма эле билдире албайт.

КР Акыйкатчысы табылган укук бузуулар боюнча Көңүл буруу актысы  прокуратура органдарына жиберди. Андан тышкары тиешелүү юридикалык

корутунду түзүлдү, анда болуп жаткан көйгөйлөр көтөрүлдү жана түшүндүрүлдү. 2020-жылдын орто ченинде ИИМ жана ЖАМК менен жолугушуу өткөрүү, макулдашууга жетишилгенде ведомостволор аралык жумушчу тобун түзүү жана Бишкек шаарынын ИИББ УКЖ бузуулардын себептерин четтетүү пландаштырылууда.

## №2 КӨЙГӨЙ

**Саламаттык сактоо министрлигинин системасында кармалгандарды УКЖ киргизээрдин алдында (ошондой эле ар бир чыгарууда жана киргизүүдө) аларды медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүүнүн бирдиктүү формасы (бланкы) жана жол-жобосу жок.**

Мониторингдин убагында УКЖ киргизүүгө жаткан кармалгандарга саламаттык сактоо системасынын врачтарынын бекитилбеген үлгүдөгү ар кандай маалымкаттарды толтуруу жана берүү тажрыйбасы аныкталды. Бул маалымкаттарда адам медициналык кароодон өттү жана убактылуу кармоочу жайда кармалышы мүмкүн деген маалымат камтылат, бирок медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүүнүн усулдары жана адамдын денебой абалын аныктоо үчүн кандай медициналык манупилация өткөрүлгөнү жөнүндө маалыматтар жок. Ошондой эле медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү учурунда кыйноолордун/катаал мамиленин фактысы жөнүндө арызданууучулар билдирген 16 учур табылды, бирок Стамбул протоколунун стандарттары боюнча атайын формалар врачтар тарабынан толтурулган эмес.

- Мындай сунуштамаларды алдыга жылдыруу үчүн мыйзамдуулукту талдоо жүргүзүлдү. Алсак, 2019-жылдын октябрынын орто ченинде Башкы прокуратуранын, Саламаттыкты сактоо министрлигинин, Ички иштер министрлигинин, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фондунун, Кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук Борбордун катышуусунда жарандык сектор жана эл аралык уюмдар менен расмий жолугушуу өткөрүлгөн, анда жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү чечүүнүн мүмкүн болуучу жолдору жөнүндө маселе талкууланган.
- Жолугушуунун натыйжалары боюнча курамына Акыйкатчынын, Саламаттык сактоо министрлигинин, ИИМ, Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун кызматкерлери, “Голос свободы” КУ юристтери жана врач эксперттер кирген жумушчу топ түзүлдү.
- Жумушчу топ кармалгандарды УКЖ киргизээрдин алдында медициналык кароодон өткөрүүнүн бирдиктүү формасынын долбоорун, ошондой эле УКЖ киргизээрде кармалган адамдарды медициналык жактан текшерүүнүн тартиби жана эрежелери жөнүндө нускамасынын долбоорун иштеп чыкты. Азыркы убакта Саламаттык сактоо министрлигинде жеткире иштеп чыгуу жана нускаманы жана форманы буйрук менен бекитүү боюнча иштер жүргүзүлүп жатат.

## №3 КӨЙГӨЙ

**УКЖ кармоо шарттары минималдуу стандарттарга ылайык келбейт**

ИИББ аймагында өзүнчө имаратта жайгашкан изолятор 1972-жылы курулган жана Бишкек шаарында кармалгандарды кармоо үчүн арналган. Бир адамга 2 чарчы метр аянт туура келет. Ар бир камерада жарым-жартылай тосулуп коюлган дааратканa жайгашкан. Даараткана түздөн-түз камераларда болгондуктан дайыма спецификалык жыт болуп турат. Камеранын шыбы жана дубалы начар акыбалда, кышкысын муздак болоруна даттануулар келип түшөт. Камераларда тор менен тосулган 1х0.8 бирден терезе бар. Бул терезеден кирген жарыктын нуру жетишсиз, ал эми жасалма жарыктануу начар. Кармалгандарга матрац, одеяло берилет, ал эми шейшеп баарында эле боло бербейт. Ысык тамак бир күндө бир маал берилет. Сапаттуу медициналык жардамга жеткиликтүүлүк жок. УКЖ аймагында ары-бери басып эс ала турган короо жамгырдан үстү тосулган чоң эмес участок, анда отургучтар, душ кабина, даараткана жана спорттук жабдуулар жок. Мезгил-мезгили менен кармалгандардан душка чайканып алууга аларга мүмкүнчүлүк берилбегендигине даттануулар келип түшөт.

Мониторингдин жүрүшүндө кармалгандар ошондой эле канталалардын чагаарына даттанышты. Кармалгандар негизинен эркектерден турат, бул УКЖ кармалган аялдар үчүн табигый ыңгайсыздык жаратат. Кармалгандардан кармоонун шартына даттануулар катталган. Арыздар прокуратура органдарына жиберилди.

Азыркы учурда КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан убактылуу кармоочу жайдын керектөөлөрүнүн так тизмесин түзүү боюнча иштер жүргүзүлүп жатат.

## 6.4. ПРОКУРАТУРА ЖАНА УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН МЫЙЗАМСЫЗ ИШ-АРАКЕТТЕРИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ ЖАРАНДАРДЫН ДАТТАНУУЛАРЫ

Кыргыз Республикасында 2019-жылдын 1-январынан баштап Жазык кодекси, Жоруктар кодекси, Жазык-процесстик кодекси, Жазык-аткаруу кодекси, Бузуулар жөнүндө кодекс, Пробация жөнүндө жана Мунапыс берүүнүн негиздери жөнүндө мыйзамдар күчүнө кирди. Аларда жаңы институттардын жана инновациялардын киргизилиши каралган, атап айтканда: Кылмыш жана жоруктардын бирдиктүү реестри (КЖБР); Тергөө судьясы; соттордун отурум өткөрө турган залын жана тергөө кабинеттерин санариптештирүү; байкоо жүргүзүү.

Мыйзамды бузуулар жөнүндөгү эскертүүлөр боюнча иштер менен катар, жарандардын (жарандардын) кайрылууларын кароо КР Акыйкатчысынын ишинин маанилүү иши бойдон кала берүүдө. 2019-жылда адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулуусуна байланыштуу бардык даттануулар менен

арыздар өндүрүшкө киргизилип, кабыл алынган. Мындан башка, оозеки кайрылуулардын саны да көбөйгөн.

Талдоо көрсөткөндөй, жарандардын көпчүлүк бөлүгү негизинен ички иштер органдарынын кызматкерлеринин, прокуратура тергөөчүлөрүнүн мыйзамсыз иш-аракеттерине же аракетсиздигине карата арызданышат. Аз болсо да, УКМКнын жана ЭККМКнын (ГСБЭП) кызматкерлерине карата айтылган арыз-даттануулардын да бар экендигин белгилей кетүү керек. Акыйкатчы институтунун кызматкерлеринин байкоосуна караганда, жаңы кодекстердин ишке киргизилиши менен тергөөчүлөрдүн жана алгачкы тергөөчү өкүлдөрдүн түйшүгү кыйла арбыды.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратынын тиешелүү бөлүмү жарандардын арыз-даттанууларында көрсөтүлгөн укук коргоо органдарынын иш-аракетиндеги орунсуз фактыларга карата, анын ичинде, ички иштер органдарынын, прокуратуранын, улуттук коопсуздук кызматынын өкүлдөрүнүн, жазаларды аткаруу кызматынын жана тергөө ишин жүзөгө ашыруучу органдардын иштерине карата өз пикирин билдирип келе жатат.

Арыз-даттануу менен кайрылгандардын көпчүлүгү, негизинен, укук коргоо органдарынын кызматкерлери өз милдеттерин талаптагыдай эмес аткарып, жазык-процесстик мыйзамдарынын ченемдери бузулуп жаткандыгын белгилешүүдө. Тигил же бул кылмыш ишине байланышкандыгы аныкталбаса да, мыйзамсыз кармоолор жүргүзүлүп, кылмыш жообуна тартылган фактылар жолугат.

Эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларында укук коргоо органдарынын адам укуктарын сактоосу боюнча 2019-жылы бөлүмгө келип түшкөн кайрылуулардын мазмундук бөлүгүнө жасалган талдоо бул багыттагы даттанууларга байланышкан кырдаал өткөн жылдардан анча айырмаланбай тургандыгын ырастайт. Акыйкатчыга арыз менен кайрылган ар бир үчүнчү кат күч түзүмдөрүнүн кызматкерлеринин иш-аракеттерине жана прокуратура органдарынын талаптагыдай эмес көзөмөлүнө байланыштуу.

Алсак, 2019-жылы КР Акыйкатчысынын жогоруда аталган бөлүмүнө 580 арыз келип түшкөн болсо, 2018-жылы мындай арыздардын саны 452 болчу.

### КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) АППАРАТЫНЫН ТИЕШЕЛҮҮ БӨЛҮМҮНӨ 2019-ЖЫЛЫ КЕЛИП ТҮШКӨН КАЙРЫЛУУЛАРДЫН САНЫ ЖАНА МҮНӨЗҮ

| | |
|---|---|
| ИИМ кызматкерлеринин иш-аракеттерине жана аракетсиздигине карата даттануулар | 164 |
| Адамды мыйзамсыз кармоо жана кыйноо боюнча даттануулар | 36 |
| Прокуратура кызматкерлеринин иш-аракеттерине жана аракетсиздигине карата даттануулар | 26 |
| Жаңы кодекстерди киргизүүдөгү укук бузууларга карата даттануулар | 20 |
| Процесстик ченемдердин бузулуусуна карата даттануулар (тергөө мөөнөттөрүн узартуу, кыскартуу, токтотуп коюу | 18 |

| | |
|---|---|
| КР УКМК кызматкерлеринин иш-аракеттерине/аракетсиздигине байланышкан даттануулар | 11 |
| Судьялардын иштерине карата даттануулар | 11 |
| Сот чечимдерине макул болбогондор | 6 |
| Соттук отурумдарга мониторинг жүргүзүү боюнча өтүнүчтөр | 6 |
| КРӨ алдындагы ЭККМК кызматкерлеринин иш-аракеттерине/аракетсиздигине байланыштуу даттануулар | 2 |
| Экстремизм маселесине тиешелүү иштер | 2 |
| Экстрадициялоого тиешелүү маселелер | 2 |

Шектүү делип эсептелген адамды кармоо учурундагы түзүлгөн процесс-тик документтерди талдоодон өткөрүүдө, аларды жаңы кабыл алынган КР ЖПКнын талаптарына ылайык келтирүүнүн жана өркүндөтүүнүн зарылды-гы пайда болуп жаткандыгы байкалып жатат.

Тергөөнүн жүргүзгөн иш-аракетинин жыйынтыгы жана мазмуну белгиленген кармоо боюнча чыгарган токтом формасы боюнча протокол болуп саналат.

2019-жылдын 10-январынан тартып күчүнө кирген КРнын жаңы Жа-зык-процесстик Кодексинде, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пактынын конституциялык ченемдерине жана жоболоруна ылайык (9-14-бер.), жазык-соттук өндүрүшүндө адам эркиндигин чектөөнүн шарт-тары менен негиздери, ошондой эле жеке адамдын кол тийбестикке болгон укуктарын каалагандай бузуудан коргогон процесстик кепилдиктер карал-ган. Алсак, КР ЖПКда шектүү адамды кармоонун регламенти абдан так жа-на даана регламенттештирилген, бул өз кезегинде кармалган адамды маж-бурлоонун жана укуктарын камсыздоонун мындай чараларын колдонуунун мыйзамдуулугу менен негиздүүлүгүн кепилдикке алат..

Ал ортодо, соттук жана тергөө иштеринин иш тажрыйбасында кезигип жаткан кээ бир маселелер КРнын жаңы кабыл алынган ЖПКсынын жобо-лоруна туура келе турган, конституциялык принциптин негизинде келип чыккан “адамдын жеке керт башынын кол тийбестиги” ж. б. маселелерди турмушка ашырууда КРнын Жогорку Сотунун, КРнын Башкы прокуратура-сынын жаңы мыйзамды бир беткей, бир түрдө, бирдей колдонуунун жобо-лорун түшүндүрмөлөө зарылдыгын турмуш өзү талап кылууда.

Буга окшогон тактоолорду талап кылуучу көрүнүштөр кармалган адам-дын укугун аныктоого тиешелүү; кармалган адамга өзү каалаган адвокатты тандап алууга; акысыз телефондук сүйлөшүүгө укук; медициналык кароодон өтүү укугун; тергөөчү судья кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн талаптагыдай текшерүүсүн камсыз кылуу керек.

Соттук чечимдердин адамды кармоо жана анын бөгөт коюу чарасын кабыл алуу аракетин текшерүүдө чыккан талдоонун негизинде келип чыккан жыйын-тык боюнча тергөөчүлөр мурдагыдай эле кармоо, камоо маселесин “эски-че” чечип келе жатышкандыктары көрүнүп турат. Алсак, тергөөчүлөр ЖПК-нын талаптарына туура келбеген иштерди жасоо менен адамды кармоонун

мыйзамдуулугун текшерүүдөн өткөрүшпөйт. Ошону менен бирге, токтомдун резолюциялык бөлүгүнө кармоо мыйзамдуу жана негиздүү түрдө жасалды деп белгиленип калат. ЖПКнын жобосунда атайын 256-берене бар, анда соттордун адамды кармоонун мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө тактоо жүргүзгөн отурумда ЖПКнын 45-беренесине шайкеш келген "Шектүүнүн укуктары жана милдеттери", 12-главадагы "Шектүүнү кармоо" деген талаптардын аткарылышын текшерүү жана сактоо милдеттери коюлган.

Сотко чейинки сурак иштерин жүргүзүп жатышкан укук коргоо кызматкерлери жаңы кодекстин ченемдерин өздөрү билгендей чечмелеп, кабыл алуу аркылуу кармалган адамдардын укуктарын бузуп жатышат. Жазык сот өнүдүрүшүндөгү мыйзамдуулук принцибине ылайык, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчүлөр, прокурор, тергөөчү судьялар, соттор, жазык сот өндүрүшүнө катышкан башка органдар менен адамдар Конституциянын жоболорун, ЖПКны жана КРнын башка мыйзамдарын бекем сактоого милдеттүү (ЖПКнын 7-бер., 2-бөл). Бирок, иш жүзүндө, жаңы кабыл алынган Жазык-процесстик кодексинин эрежелери толук түрдө сакталып жатат дешке болбойт.

Мыйзамдуулукту сактоодогу жана мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылуудагы прокуратура органдарынын ролун баса белгилөө зарыл.

"КРнын прокуратурасы жөнүндө" Мыйзамдын 3-беренесине ылайык, КРнын ЖПКнын (45-бер.) ченемдерин натыйжалуу көзөмөлгө алуу үчүн, мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдуулуктун биримдүүлүгүн жана чыңдалышын камсыздоо максатында жүргүзүүчү милдеттер негизинен ыкчам-издөө жана тергөө иш-чараларын аткаруучу органдарга жүктөлгөн.

Тилекке каршы, прокуратура органдары өздөрү тиешелүү деңгээлде иш алып баруунун ордуна, өздөрү адам укуктарынын бузулушуна жол беришүүдө.

*6.4.1-мисал. А. Н-в иши*

Кыргыз Республикасынан Акыйкатчы аппаратынын дарегине жаран А.Н-в кайрылып, ал арызында ишти түздөн-түз КР ИИМ органдарына өткөрүп берүү жөнүндө Бишкек шаардык сотунун 2019-жылдын 25-июнундагы аныктамасы КР Башкы прокуратурасы тарабынан аткарылбай жаткандыгы жөнүндө билдирген.

Жеке аңгемелешүү учурунда жаран А.Н-в КР Өкмөтүнө караштуу ЭККМК ТБ кызматкерлеринин жана КР Башкы прокуратурасынын сегизинчи башкармалыгынын кызматкерлеринин иш-аракеттерине бир нече жолу КР Башкы прокуратурасына кайрылганын түшүндүрдү. Анын даттануусун кароонун натыйжалары боюнча, ал Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын сегизинчи башкармалыгынын кызматкерлери тарабынан эч кандай бузууларга жол берилген эмес деген гана жооп алган. Бул эң жок дегенде таңгалууну жаратат, анткени А. Н-вдун КР Башкы прокуратурасынын сегизинчи башкармалыгынын иш-аракеттерине бардык даттануулары ушул эле башкармалык тарабынан каралган. Жыйынтыгында баш тартууларды алгандан

кийин, А.Н-в Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын сегизинчи башкармалыгынын кызматкерлеринин иш-аракеттерине сот органдарына кайрылууга аргасыз болгон.

А.Н-вдун даттануусун кароонун натыйжалары боюнча сот органдары прокуратуранын кызматкерлеринин жол берилген кемчиликтерин четтетүүгө, башкача айтканда, жазык-процесстик мыйзамдарга ылайык анын тергөөдөгү иши боюнча жазык ишин өткөрүп берүүгө милдеттендирген.

Жол берилген одоно бузуулар жөнүндө соттук актылардын бар экендигине карабастан, КР Башкы прокуратурасынын сегизинчи башкармалыгынын кызматкерлери бул соттук актыны аткаруудан караманча баш тартып жатышат.

## ТЫЯНАКТАР

Прокуратура органдарынын аракетсиздиги, даттанууларды кароодон баш тартуу, кылмыш ишин козгоодон мыйзамсыз баш тартуу, соттордун чечимдерин аткарбоо – иш жүзүндө жасалып жаткан кылмыштарга шыкакчылык болуп саналат жана мындай иш-аракеттери үчүн күнөөлүүлөр кылмыш жоопкерчилигине тартылууга тийиш.

Бул учурда прокуратура органдарынын айрым кызматкерлери өздөрүнүн функционалдык милдеттерин толук өлчөмдө гана аткарбастан, өздөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын одоно түрдө бузуп жатышат. Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузуу кылмыш мүнөзүнө ээ болгондуктан, кылмыш жасаган адамдын жазаланышы үчүн жазык иши козголууга жана чаралар көрүлүүгө тийиш.

Бирок ушул убакка чейин Акыйкатчынын тиешелүү каттарына жана кайрылууларына курулай жооптор келип жатат жана прокуратура органдарынын кызматкерлери алиге чейин жок дегенде “сөгүш” же “алардын иш-аракеттерин кеңешмеде талкуулоо” түрүндө тартиптик жоопкерчиликке тартылган жок.

Ошондой эле соттук эмес укук коргоо органдары, анын ичинде прокуратура адамдын жана жарандын укуктарын коргоо механизминде олуттуу роль ойнорун белгилөө керек.

Прокурордук текшерүүлөр жарандардын укуктарын сактоо үчүн прокурордук көзөмөлдүн негизги усулдары болуп саналат. Жазык, жарандык жана административдик иштердеги материалдар, прокурордук жана укук колдонуучулук тажрыйба, ошондой эле мыйзамды бузуулар жөнүндө жетиштүү маалыматтарды камтыган материалдар прокурордук текшерүүлөрдү өткөрүү үчүн жүйө катарында чыга алат. Прокурор тарабынан текшерүүнүн алкагында: адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери бузулган факт болгонбу; анын иш жүзүндөгү көрүнүшү; мыйзамдардын кайсы ченемдери бузулгандыгы; укук бузууларды жасоодо кайсы орган же кайсы кызмат адамы күнөөлүү экендиги белгиленет.

Укук коргоо органдарына кайрылуу укугу адамдын жарандык укуктарынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Укук коргоо органдары инсандын укуктарын камсыз кылуу механизминде өзгөчө орунду ээлейт. Ошондуктан адам-

дын укуктарын жана эркиндиктерин сыйлоо принциби иштин бирден бир негизги принциби болуп аныкталганы кокусунан эмес.

Прокуратура органдарынын иши укук тартибин кармап туруу менен камсыз кылынуучу, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин реалдуу сактоонун кепилдиги болуп саналууга тийиш.

СУНУШТАМА

КР БАШКЫ ПРОКУРОРУ:

1. "АКИФ" ЖЧК өкүлдөрүнүн[1] жана жаран А. Н-вдун кайрылуулары боюнча Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЭККМКнын кызмат адамдарынын иш-аракеттерине укуктук баа берсин.

1 С. Ф. боюнча материал ушул Баяндаманын 1.5-бөлүмүндө баяндалган.

# 7-БӨЛҮМ. ПСИХИАТРИЯЛЫК БЕЙТАПКАНАЛАРДА ЖАТКАН ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫ

## 7.1. ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕ ЖАТКАН ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

Кыргыз Республикасынын психиатриялык мекемелеринде жаткан жарандардын укуктарын коргоо КР Акыйкатчы Институтунун компетенциясына киргизилген, ошондой эле «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, психиатриялык мекемелерде жаткан бейтаптардын укуктарын коргоо кызматы түзүлгөн.

Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын сактоону камсыз кылуу максатында психиатриялык мекемеде жаткан бейтаптардын укуктарын коргоо кызматы тарабынан социалдык-стационардык мекемелерде, психикалык саламаттык борборлорунда жана өлкөнүн психиатриялык ооруканаларында мониторингдер жүргүзүлөт.

Көрсөтүлгөн мекемелерде жаткан жарандарга карата психикалык саламаттыктын жана укуктук статустун мыйзамдарда аныкталган абалына ылайык келген айрым чектөөлөр менен, ар тараптуу адам укуктары жана эркиндиктери (Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган Адам укуктарынын жалпы декларациясы, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция) таанылат. Мындан тышкары, сунуштамалык мүнөзгө ээ болгон эл аралык укуктарда «жумшак укуктар» деп аталган документтер кабыл алынган, мисалы, психикалык жактан жабыркаган адамдардын укуктарын коргоого таасир этүүгө багытталган, БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан бекитилген психикалык оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамдарды жакшыртуу принциптери.

Психикалык оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамдарды жакшыртуунун I Принцибинин[1] жоболорунун бири психиатриялык оорунун негизинде кандайдыр бир кемсинтүүгө жол бербөө болуп саналат. Аталган документке ылайык, кемсинтүү «укуктардан бирдей колдонууда жокко чыгаруу же кыйынчылыкка туш болуу болуп саналган куугунтуктоо, айырмачылыктар, четке сүрүү же артыкчылыктардын бардык түрүн» билдирет. Психикалык жактан жабыркаган адамдардын кызыкчылыктары коомдун ар кандай чөйрөлөрүндө кездешерин эске алуу менен, бул маселелер укуктун ар кандай тармактарында жөнгө салынат.

1 Психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамдарды жакшыртуунун Принциптери. 1991-жылдын 17-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 46/119 резолюциясы менен кабыл алынган. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/mental_helth_care.shtml.

КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин мекемелеринин тутумунда төмөнкү дарылоочу психиатриялык мекемелер бар (мындан ары – ДПМ):

- 3 психиатриялык саламаттык борбору: Республикалык психикалык саламаттык борбору (мындан ары – РПСБ), Оштогу жана Жалал-Абаддагы психиатриялык саламаттык борборлору (мындан ары – ПСБ),
- 2 республикалык психиатриялык оорукана (мындан ары – РПО) – Чым-Коргон айлындагы жана Кызыл-Жар айлындагы чоңдор үчүн оорукана,
- Ивановка айылындагы Республикалык балдар психиатриялык ооруканасы (мындан ары – РБПО).

2019-жылдын аягында КР психиатриялык ооруканаларында стационарда 1342 бейтап дарыланып жаткан.

Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин тутумунда (мындан ары – ЭСӨМ) 10 психоневрологиялык социалдык дарылоо мекемеси иштейт (мындан ары – СДМ): алардын 6сы чоңдор үчүн жана 4өө балдар үчүн.

2019-жылдын аягына карата аталган мекемелерде толугу менен мамлекеттик камсыз кылууда психоневрологиялык дарттар менен 1954 чоң адам жана 425 бала жашап турушкан[1].

2019-жылы психиатриялык ооруканаларда жаткан бейтаптардын укуктарын коргоо кызматынын кызматкерлери тарабынан психикалык жактан жабыркаган адамдардан түшкөн 100 арыз жана даттануулар каралган. Бирок, КР Акыйкатчысы жана аппарат кызматкерлери арыз-даттануулар менен гана иштебейт. Негизги иштер психиатриялык мекемелерге барууга жана аталган категориядагы адамдардын укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүүгө багытталган.

Психиатриялык мекемелер жана психоневрологиялык жатактар көп учурларда кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануучулар үчүн өздөрү эрежелерди белгилешет, анткени, көпчүлүк маселелерди бирдиктүү укуктук жөнгө салуу жок. Психикалык жактан жабыркаган адамдар көп учурларда тышкы дүйнө менен байланышуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашкан, юридикалык жардам же болбосо мекеменин администрациясы тарабынан алардын укуктары бузулган учурларда, укуктарын коргоо үчүн кайрылуунун айкын мүмкүнчүлүктөрү жок. Тууганадары жана жакындары көп учурларда оорулуу тууганы менен өз ара алакаларын үзүп коюшат.

2019-жылы КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен биргеликте, Чым-Коргон жана Кызыл-Жар айылдарындагы психиатриялык мекемелердин, ошондой эле Жайыл, Ак-Суудагы, Токмоктогу №1 жана №2 социалдык стационардык мекемелердеги бейтаптардын укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүздү.

1 18.11.2019ж. КР Саламаттыкты сактоо министрлигине кат № 04-1/3-14241.







Психиатриялык мекемелерге болгон мониторинг, башкалардан тышкары, ар түрдүү факторлордон, анын ичинде каржылоонун абалынан көз каранды болгон психикалык саламаттыктын жетишилген жогорку деңгээлине жана ага ылайык психиатриялык жардам алууга болгон укуктардын сакталышын көзөмөлгө алат.

Бир нече жылдардын аралыгында КР Акыйкатчысы психиатриялык мекемелердеги иштешиндеги тутумдуу кемчиликтерди белгилеп келет, алардын катарында: врач-психиатрлар, медициналык кызматкерлер, социалдык иштер боюнча адистердин жетишсиздиги, бул психиатриялык жардамдын сапатын олуттуу төмөндөтөт жана дарылоону жекече жүргүзүүгө тоскоол болот. Бул ошондой эле каардардын да, кызматкерлердин дагы коопсуздугуна терс таасирин тийгизет.

Ошентип, КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматына ылайык, республика боюнча үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлоруна врач-психиатрлар жана клиникалык психологдор үчүн 137 орун каралган. Иш жүзүндө алардын ичинен 9,25 орунду психотерапевттер жана 29 орунду клиникалык психологдор ээлейт, бул аталган адистиктердин бир кыйла олуттуу жетишпестигин көрсөтөт.

### 7.1.1-ТАБЛИЦА. ДПМДИН ДАРЫГЕРЛЕР, ОРТО ЖАНА КЕНЖЕ МЕДКЫЗМАТКЕРЛЕР МЕНЕН ЖАБДЫЛЫШЫ[1]

| ДПМ аталышы | Дарыгерлер | | | Орто.медкызматкер | | | Кенже.медкызматкер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Штаттык бирдик | Ээленген орундар | Жеке жактар | Штаттык бирдик | Ээленген орундар | Жеке жактар | Штаттык бирдик | Ээленген орундар | Жеке жактар |
| ПСРБ | 96,2 | 91,5 | 65 | 192,7 | 153,7 | 104 | 215,5 | 212,5 | 140 |

1 8.11.2019-жылга карата, КР Салматтыкты сактоо министрлигинин каты № 04-1/3-14241, 18.11.2019-ж.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад ПСБ | 28,2 | 24,0 | 16 | 41,5 | 39,5 | 30 | 40,25 | 36 | 28 |
| Ош ПСБ | 27,5 | 24,2 | 20 | 72,7 | 65,0 | 48 | 72,25 | 68,25 | 55 |
| Чым-Коргон а. РПО | 21,0 | 17,0 | 19, | 94,0 | 75,0 | 87 | 168,5 | 140 | 153 |
| Кызыл-Жар а. РПО | 26 | 18 | 14 | 97,5 | 96 | 96 | 123,5 | 123,5 | 126 |
| Ивановка а. РБПО | 2,75 | 2,75 | 1 | 14,25 | 14,25 | 15 | 14,75 | 13,75 | 13 |

Эмгектин өзгөчө шарттарына байланыштуу жумуштардын Типтүү тизмегине ылайык[1], Психикалык саламаттык кызматы эмгектин өзгөчө зыяндуу жана оор шарттарынан улам саламаттыкты сактоо мекемелериндеги иштердин тизмесине киргизилген. Бирок, психиатриялык мекемелердин кызматкерлеринин эмгек акылары иштин мүнөзүнө ылайык келбейт жана адистерди тартууда кыйынчылыктарды жаратат.

### 7.1.2-ТАБЛИЦА ДПМ КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН 2017-2019-Ж.Ж. ОРТОЧО АЙЛЫК АКЫЛАРЫ (МИҢ СОМ).[2]

| ДПМ аталышы | Дарыгерлер | | | Орто. медкызматкерлер | | | Кичи. медкызматкерлер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. (9 ай) | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. (9 ай) | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. (9 ай) |
| ПСРБ | 15034,57 | 16478,97 | 14716,27 | 13013,35 | 12804,42 | 12125,03 | 10947,03 | 10494,48 | 11733,42 |
| Жалал-Абад ПСББ | 14634 | 14435 | 13734 | 11788 | 11740 | 10905 | 10129 | 9609 | 9470 |
| Ош ПСББ | 9190,6 | 9542,24 | 10542,31 | 8257,08 | 8430,06 | 9263,6 | 5813,5 | 6456,98 | 7355,68 |
| Чым-Коргон а. РПО | 11933 | 11606 | 12989 | 11732 | 9156 | 10780 | 8261 | 7302 | 8092 |
| Кызыл-Жар а. РПО | 15359,62 | 13949,4 | 12382,54 | 11509,62 | 9452,11 | 11013,03 | 7898,04 | 7894,09 | 8144,26 |
| Ивановка а. БПО | 14175 | 14175 | 14175 | 9460 | 8385 | 8385 | 5500 | 7524 | 7524 |

Психиатриялык ооруканалардын жана психоневрологиялык социалдык дарылоо мекемелеринин кенже медициналык кызматкерлеринин *7300дөн 8142 сомго чейинки өлчөмдөгү орточо айлык акылары кадрлардын улам*

1 КР Өкмөтүнүн 18.12.2015-ж. № 258 Токтому менен бекитилген.

2 КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин 18.11.2019-ж. № 04-1/3-14241 каты.

*алмашып туруусуна жана бош орундарды толтурууга кыйынчылыктарды жаратат.*

## САНИТАРДЫК-ГИГИЕНАЛЫК ЖАНА САНИТАРДЫК-ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК ТАЛАПТАРГА ЫЛАЙЫК КЕЛГЕН ШАРТТАРДА ПСИХИАТРИЯЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮГӨ БОЛГОН УКУКТАРДЫН САКТАЛЫШЫ

Психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоонун жана психиатриялык жардамдарды жакшыртуунун 13.2 Принцибине ылайык, *«психиатриялык мекемелердеги абал жана жашоо шарттары мындай курактагы дени сак адамдардын шарттарына мүмкүн болгон максималдуу деңгээлде жакын болушу керек»*[1].

Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарынын сакталышына болгон мониторингдин жыйынтыктары узак мөөнөткө созулган тутумдук бузууларды көрсөтүп турат. Алып айтсак, Жалал-Абад облусунун Кызыл-Жар айылында жайгашкан Республикалык психиатриялык ооруканада *бир нече ирет берилген сунуштамаларга карабастан, аталган мекемелерде стационардык дарыланууда жаткан психикалык жактан жабыркаган адамдарды кармоо шарттары өзгөрүлбөгөнү* Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан аныкталган.

Республикалык психиатриялык оорукана (Кызыл-Жар а.) жол берилгис шарттарда иштеп жатат. Бул медициналык мекеме 1962-жылы негизделген. Бейтаптардын жатуу шарттары санитардык-гигиеналык ченемдерге жооп бербейт. Кепилденген сапаттагы ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу маанилүү маселе бойдон калууда. Муздак суу мекеменин аймагында жайгашкан өздүк кудуктан алынып камсыз кылынат, буга кошумча суу алынуучу булакка карата санитардык-эпидемиологиялык корутунду жок. Тамак-аш блокторунда технологиялык жабдууларынын иштөө, ашкана идиштери жана жабдыктар менен камсыз кылуу, жеке гигиенаны сактоодогу шарттар бөлүгүндө бузуулар табылган. Реабилитациялык иш чараларды, дарылоо дене тарбия көнүгүүлөрүн өткөрүү үчүн орун жайлар жок. Айрым адистиктер үчүн (терапевттер, психологдор, неврологдор, психотерапевттер ж. б.) иш бөлмөлөрү жетишпейт.

Бир эле мезгилде стационардык соттук-психиатриялык экспертизаларды жүргүзүүчү жана коомдук коркунучтуу жосундарды жасаган психикалык оорулуу адамдарга карата мажбурлап дарылоо иш-милдеттерин аткаруучу №8 психиатриялык бөлүм дагы канааттандырарлык эмес шарттарда турат.

**Токмоктогу №1 стационардык социалдык мекеме** (Чүй облусунун Чүй районундагы Искра айылы). 18 жаштан жогорку курактагы психоневрологиялык дарты менен келген эркек адамдарга стационарда социалдык кызмат көрсөтүү үчүн арналган Токмоктогу №1 стационардык социалдык мекеменин имараты оңдоп-түзөөгө муктаж жана санитардык-гигиеналык ченемдерге жооп бербейт.

1 Психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамдарды жакшыртуунун Принциптери. 1991-жылдын 17-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 46/119 резолюциясы менен кабыл алынган.

**Токмоктогу №2 стационардык социалдык мекеме** психоневрологиялык оорулар менен жабыркаган 18 жаштан жогорку курактагы адамдар үчүн кызмат көрсөтөт. Бул психоневрологиялык социалдык мекеме 1936-жылы курулган жана капиталдык оңдоп-түзөөгө муктаж, бир кабаттуу 4 корпустан турат. Бейтаптарга тамак-аш даярдоочу ашканасы жок. Тамак ичүү ар бир корпуста өзүнчө, тамактанууга ылайыкталбаган бөлмөлөрдө жүзөгө ашырылат.

**Республикалык балдар психиатриялык ооруканасы** (Чүй облусу, Ивановка айылы). Республикалык балдар психиатриялык ооруканасында дарылоо жана бейтаптардын жатуу шарттары да токтоосуз чечүүнү талап кылат. Балдар жаткан дарылоо корпусу оңдоп-түзөөгө муктаж; жерге төшөлгөн линоллеум жыртылып калган, эшик жана терезелерин алмаштыруу зарыл, дубалдарынын шыбактары сыйрылып түшкөн.

Ошентип, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан психиатриялык мекеме башка дарылоо мекемелери сыяктуу эле тиешелүү ресурстарга ээ болушу керек экени жөнүндө 14-Принцип[1] бузулууда, анын ичинде:

а) жетиштүү сандагы квалификациялуу медициналык кызматкердин жана башка тиешелүү адистердин жетишсиз саны жана ар бир бейтапты жалгыз жаткыруу үчүн жана зарыл болгон жана жигердүү дарылоо курсун камсыз кылуу үчүн ылайыктуу орун жайлардын жана шарттардын жоктугу.

Таза абада сейилдөө укугу психиатриялык стационардагы ар бир бейтаптын, анын ичинде, мажбурлоо менен ооруканага жаткырылган бейтаптардын ажыратылгыс укугу болуп саналат. Буга байланыштуу ооруканалардын администрациялары бейтаптар үчүн сейилдөөлөрдү уюштурууга, анын ичинде ооруканалар сейилдөөчү короолор менен жабдылат. Мында алар коопсуздук талаптары сыяктуу эле, сакаюу жана ооруканадан чыгаруу максаттарынын талаптарына жооп бериши керек. Ошону менен бирге, Республикалык психиатриялык оорукананын көпчүлүк бөлүмдөрүндө сейилдөөчү короолор жетишсиз аянттарга ээ, массалык түрдө реабилитациялык иш чараларды өткөрүүгө мүмкүн болбогондой эптеп-септеп эле жабдылган.

Дарылоо мекемелеринде дарылык тамактанууларды уюштуруу дарылоо процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана негизги дарылоо иш-чараларынын катарына кирет. Бейтаптардын тамактануусун уюштурууну жөнгө салуучу ченемдердин сакталышы милдеттүү болуп саналат жана тиешелүү жагдайдагы диетанын негизги түрлөрү оорулуунун суткалык тамактануу тартибинде, нак жана атайын даярдалган тамак-аш азыктарынын катыштыгы көрсөтүлгөн тиешелүү документтер менен жөнгө салынат[2].

Бир бейтаптын тамактануусуна кеткен чыгымдар 41 сомдон аз эмес жана 90 сомго чейин болушу керек. Психоневрологиялык мекемелерде социал-

1 Психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамдарды жакшыртуунун Принциптери. 1991-жылдын 17-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 46/119 резолюциясы менен кабыл алынган.

2 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.01.2012-ж. № 30 Токтому, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 19.02.2015-ж. №85 буйругу.

дык кызматтарды алуучулар үчүн бир адамдын тамактануусуна кеткен чыгым чоңдор үчүн 100 сомду жана балдар үчүн 110 сомду түзөт.

## 7.2. КАЛКТЫН ПСИХИКАЛЫК САЛАМАТТЫГЫН КОРГОО БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК ПРОГРАММА

Калктын психикалык саламаттыгын коргоо максатында жана КР Өкмөтүнүн «Жаңы доорго кырк кадам»[1] Программасынын алкагында, 2018-жылы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык, 2018-2030-жылдарга республиканын калкынын психикалык саламаттыгын коргоо боюнча Өкмөттүн программасы бекитилген. Ошондой эле, программаны ишке ашыруу боюнча беш жылдык мөөнөткө 35 иш чарадан турган алгачкы план бекитилген. Бул иш чаралардын тизмегине төмөнкүлөр кирет:

- ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү жана калктын психикалык саламаттыгын коргоо жаатында макулдашылган мамлекеттик чараларды түзүү;
- психикалык саламаттыкты коргоо жана материалдык-техникалык база чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо тутумун оптималдаштыруу;
- психикалык саламаттыкты коргоо жаатындагы кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануучулардын, ошондой эле алардын үй-бүлөлөрүнүн ролун жана дараметтерин арттыруу;
- жергиликтүү коомдоштуктардын деңгээлинде жарым стационардык шарттарда социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү;
- алгачкы медициналык-санитардык жардам деңгээлинде психикалык саламаттык чөйрөсүндө көп тараптуу, интеграцияланган кызматтарды көрсөтүү;
- медициналык психиатриялык кызматтарды көрсөтүүчү саламаттыкты сактоо уюмдарынын жана социалдык стационардык мекемелердин иштерин оптималдаштыруу;
- өзгөчө кырдаалдарда психикалык саламаттык жана психосоциалдык колдоого алуу;
- кадрдык ресурстарды өнүктүрүү; психикалык саламаттыктын медициналык-социалдык, соттук-медициналык экспертизаларын уюштурууну жана өткөрүүнү өркүндөтүү;
- психикалык саламаттыкты коргоо чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүчү мамлекеттик эмес секторлор үчүн шарттарды түзүү;
- аккредитациялоо жана лицензиялоо маселелери;
- психикалык саламаттыкты чыңдоо жана психикалык жактан жабыркоонун алдын алуу; өзүнө-өзү кол салуунун алдын алуу;
- маалыматтык тутумдарды чыңдоо жана психикалык саламаттык жаатындагы изилдөөлөр.

1 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 25-август 2017-жылдагы № 1836-VI токтому.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан Психикалык саламаттыктын мамлекеттик программасынын аткарылышына мониторинг жүргүзүлгөн.

2018-2019-жылдары ыйгарымдуу мамлекеттик органдар тарабынан бир катар белгиленген чаралар аткарылганын белгилей кетүү зарыл.

Ошентип, Психикалык саламаттыктын мамлекеттик программасын ишке ашыруунун алкагында республикада диciплиналар аралык команда тутуму боюнча иштеген 11 сынактык борборлор ачылган. Диcиплиналар аралык командалар алгачкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде өз ичине психиатр, психолог, кабинеттик жана мөөнөт менен иштеген медициналык айымдарды камтыйт.

Бирок, психикалык жардам стационардан тышкары түрлөрдүн тутумун өнүктүрүүнүн жетишсиздигин, күндүзгү стационарлардын аздыгын, психикалык жактан жабыркаган жана социалдык байланыштарды жоготкон адамдар үчүн жатаканалардын жоктугун белгилеп коюу зарыл. Медициналык көрсөткүчтөр боюнча буга зарылдык жок болгондугуна карабастан, мунун бардыгы психиатриялык жардамдар негизинен мурдагыдай эле стационарларда көрсөтүлүүсүнө алып келет.

Психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамды жакшыртуунун 3-принцибине ылайык, бул маселелердин чечилиши психикалык оорудан жабыркаган ар бир адамдын коомдо жашоо жана иштөө укугу үчүн мүмкүн болушунча жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк берет[1].

Психикалык саламаттыкты коргоо жаатындагы кызматты пайдалануучулардын, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ролун жана дараметин арттыруу максатында психиатриялык уюмдар туруктуу негизде психикалык саламаттык чөйрөсүндө мамлекеттик эмес уюмдарга консультативдик-усулдук жардам көрсөтүшөт.

Жарандардын аталган категориялары үчүн мыйзамдуу түрдө коргоо чараларынын тутуму сыяктуу эле чектөөлөрдүн түрлөрү да каралган. Демек, психикалык жактан жабыркаган адамдар үчүн өз укугун коргоо айрым бир кыйынчылыктарды жаратат, бул аларды калктын эң аялуу категориясынын бирине кошот.

## 7.3. БЕЙТАПТЫН ӨЗҮНЧӨ ЖАНА ОБОЧО БОЛУУ УКУГУ

Стационардык шарттарда психиатриялык жардам көрсөтүүчү медициналык мекемелер орун аянттарынын такыр жетишсиздигине кириптер болушууда. Орун аянттарынын белгиленген ченемдери боюнча 6 чарчы м. аянтка 1 керебет-орун болсо, айрым психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелерде жана дарылоочу психиатриялык мекемелерде кызмат көрсөтүлгөн 1 адамга жана бейтапка иш жүзүндө аянтча ченемден бир кыйла аз жана 4,0төн 5,5 чарчы м. чейин аянтты түзөт.

1 Психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамдарды жакшыртуунун Принциптери. 1991-жылдын 17-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 46/119 резолюциясы менен кабыл алынган.

## 7.3.1-ТАБЛИЦА. ДПМ ЖАНА ССМДЕРДЕГИ 1 КЕРЕБЕТ-ОРУНГА БОЛГОН АЯНТ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

| № | Психоневрологиялык мекемелердин аталышы | Кызмат алуучунун 1 керебет-орун үчүн бөлүнгөн аянт (чарчы.м.) | |
|---|---|---|---|
| | | Ченем боюнча | Иш жүзүндө |
| 1. | Токмоктогу № 2 ССМ | 6,0 чарчы.м. | 4,0 чарчы. м |
| 2. | Ак-Суу ССМ | 6,0 чарчы.м. | 4,8 чарчы.м |
| 3. | Жайыл ССМ | 6,0 чарчы.м. | 4,2 чарчы.м. |
| 4. | Кадамжай ССМ | 6,0 чарчы. м. | 4,68 чарчы.м. |
| 5. | ПСРБ | 6,0 чарчы.м. | 4,0 чарчы.м. |
| 6. | Ивановка а. РПБО | 6,0 чарчы.м. | 4,5 чарчы.м |
| 7. | Чым-Коргон а. РПО | 6,0 чарчы.м | 5,5 чарчы.м |

Мындай шарттарда бейтаптын же толук кандуу эс алуусун камсыз кылуу, же жеке буюмдарын батыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу мүмкүн эмес. Мында психикалык жактан жабыркаган бейтаптарды дарылоо – жумалап, айлап жана айрым учурларда – жылдап созуларын эсепке алуу зарыл.

Психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоонун жана психиатриялык жардамды жакшыртуунун 13-принцибинде белгиленгендей, психиатриялык мекемеде турган ар бир бейтап анын обочо болуу укугун толук сыйлоого укугу бар[1].

Ошентип, психиатриялык стационардык мекемелердин бейтаптары үчүн өзүнчө болуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу чоң көйгөй саналат.

Өзүнчө болуу шарттары, башканы айтпаганда да, дааратканаларда жана чайкануу жайларында камсыз кылынбагындыгын, айрым ооруканаларда эшиктер жок экендигин белгилеп коюу зарыл. Албетте, коопсуздукту камсыз кылуу маселеси да бар, ошону менен бирге, коопсуздук менен адамдык ар-намысты жана анын укугун сактоонун зарылдыгынын ортосундагы чекти түшүнүү да кыйын.

## 7.3.2-ТАБЛИЦА. 1 КЕРЕБЕТ-ОРУНДУ ДАРЫ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ (2019-Ж. 9 АЙЫ ҮЧҮН, СОМ МЕНЕН)

| № | Мекеменин аталышы | Норма боюнча | Иш жүзүндө |
|---|---|---|---|
| 1. | Жайыл ССМ | 12,7 | 11,28 |
| 2. | Токмоктог № 2 ССМ | 12,7 | 11,42 |
| 3. | Токмоктогу № 1 ССМ | 12,7 | 11,9 |
| 4. | Жалал-Абаддагы ССМ | 12,7 | 10,25 |

1 Психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамдарды жакшыртуунун Принциптери. 1991-жылдын 17-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 46/119 резолюциясы менен кабыл алынган.

КР Акыйкатчысынын дарегине Психикалык саламаттыктын республикалык борборунун күндүзгү стационары 50 керебет-орунга кыскарган факты боюнча психиатриялык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануучулардын кызыкчылыгында, «Ден соолугунун менталдык көйгөйлөрү бар адамдардын Ассоциациясы» КБ директору О. Курносова[1] арыз менен кайрылган. Арызда айтылганга ылайык, психиатриялык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануучуларды мурда жабык бөлүмдөрдө андан ары аягына чыгара дарылоо жана реабилитациялоо максатында күндүзгү стационарга которушкан. Күндүзгү стационарга баруу психикалык оору менен жабыркаган адамдардын өз ара көмөктөшүү топторуна биригүүлөрүнө мүмкүнчүлүк түзөт, ошондой эле алардын коомдошуусуна алып келет.

Аталган арызды кароодо, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан мамлекеттик органга түшкөн кайрылуулар катталгандан тартып 14 жумушчу күндүн ичинде карала турганын белгилеген «Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-б. 2-п. көрсөтүлгөн ченем бузулган. Мындан тышкары, аталган факт Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан кайрылууну кароонун жыйынтыктары жөнүндө тиешелүү кат жүзүндө жооп арызданууч у О. Курносованын дарегине өз убагында берилген эмес.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан КР Акыйкатчысынын орун басарынын сунуштамасы каралган жана КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин Медициналык жардамды жана дарылоо саясатын уюштуруу башкармалыгынын башкы адиси Г. Сутуевага карата тартиптик укук бузуулар жөнүндө өндүрүштүк иш козголгон жана тартипке чакырып таасир этүү чараларын кабыл алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине жиберилген.

## СУНУШТАМАЛАР

### КР ӨКМӨТҮНӨ:

1. 2017–2030-жылдары Кыргыз Республикасынын калкынын психикалык саламаттыгын коргоонун Мамлекеттик программасынын толук көлөмдө аткарылышын камсыз кылуу;
2. Дарылоо-психиатриялык жана психоневрологиялык стационардык социалдык мекемелердин кызматкерлеринин эмгек акыларынын өлчөмүн көбөйтүү маселесин кароо.

### КР САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ ЖАНА КР ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИНЕ:

1. ДПМ жана психоневрологиялык ССМ оңдоп-түзөөдөн өткөрүү үчүн каражаттарды бөлүү;
2. Стационардык психиатриялык жардам көрсөткөн уюмдарда психикалык жактан жабыркаган адамдардын дарылануусу үчүн санитардык-гигиеналык ченемдерге ылайык шарттарды түзүү үчүн токтоосуз чараларды көрүү.

---

1 О. В. Курносова (К-1087) 05.09.2019-ж.

КР САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ:

1. Алгачкы медициналык-санитардык жардам деңгээлинде диципли-налар аралык командалар менен СМБ санын көбөйтүү;
2. Кадрдык ресурстарды өнүктүрүү.

# БАЯНДАМАГА ТИРКЕМЕЛЕР

## 1-ТИРКЕМЕ. 2019-ЖЫЛЫ АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИН БУЗГАН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) СУНУШТАМАЛАРЫ МЕНЕН ЭСЕПТЕШПЕГЕН, ӨЗ МИЛДЕТИН ТАЛАПТАГЫДАЙ АТКАРБАГАН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН, ИШКАНА, МЕКЕМЕЛЕРДИН ЖАНА УЮМДАРДЫН КЫЗМАТ АДАМДАРЫНЫН ТИЗМЕСИ

| К № | Мамлекеттик органдын, ишкананын, мекеменин, уюмдун аталышы | Адам укугун бузган адамдын аты-жөнү, кызматы | Адамдын кандай укук жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишмердигинин натыйжасы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек ш. Октябрь райондук ИИБ | **Анарбеков У.** – тергөөчү | Сотко чейинки өндүрүш материалдарын баш аламан кылганы үчүн | **«Алдын ала эскертүү» жарыяланган** Октябрь РИИБ. Буйрук №20/3-19801, 23.11.2019-ж. |
| 2 | КР Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү мамлекеттик кызматы | **Сабиров А.** – тергөөчү | Сотко чейинки өндүрүш материалдарын баш аламан кылганы үчүн | Тартиптик чара. ЭККМК, буйрук № 21-07/1864, 23.05.2019-ж. |
| 3 | Чүй обл.ИИББ | **Раимбеков С.** – тергөөчү | Сотко чейинки өндүрүш материалдарын баш аламан кылганы үчүн | **«Мындан ары мындай бузууларга жол койбоого»** көрсөтмө берилди, Чыгыш. № 5/2694, 26.11.2019-ж. |
| 4 | Чүй обл. Жайыл РИИБ | **Абдынасыров У.** Алгачкы текшерүү бөлүмүнүн начальниги | Акыйкатчынын (Омбудсмендин) аппаратына өз убагында жооп бербегени үчүн | **«Ээлеген кызмат ордунан бошотулган»** Буйрук №25-8/7794 29.10.2019-ж. |
| 5 | Чүй обл. Жайыл РИИБ | **Демесинов К.** – алдын ала териштирүүчү | Акыйкатчынын (Омбудсмендин) аппаратына жоопту өз убагында бербегени үчүн | **«Алдын ала эскертүү» жарыяланган** Чыг. №25-8/7794, 29.10.2019-ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | Чүй обл. Сокулук РИИБ тергөө кызматы | **Сыдыков З.Д.** – тергөөчү | Сотко чейинки өндүрүш материалдарын баш аламан кылганы үчүн | **«Ээлеген кызмат ордуна ылайык эмес» деп таанылган** КР ИИМ буйругу №54, 28.01.2019-ж. |
| 7 | Жалал-Абад обл, Майлуу-Суу ш. ИИБ | **Добулбеков М.Г.** – башчы | Кол алдындагылардын ишин талаптагыдай көзөмөлдөбөгөнү үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган** Жалал-Абад ИИБ, Буйрук №522 30.08.2019-ж. |
| 8 | Жалал-Абад обл, Майлуу-Суу ш. ИИБ | **Давлеталиев М.О.** – Башчынын орун басары | УКЖда мыйзам бузууларга жол бергени үчүн. | **«Катуу сөгүш» жарыяланган** Буйрук №522, 30.08.2019-ж. |
| 9 | Жалал-Абад обл, Майлуу-Суу ш. прокуратурасы | **Атаканов А.** – прокурордун улук жардамчысы | УКЖда кармоонун мыйзамдуулугуна талаптагыдай көзөмөл жүргүзбөгөнү үчүн | **«Алдын ала эскертүү» жарыяланган** Буйрук №272-к 23.10.2019-ж. |
| 10 | Жалал-Абад обл. Аксы районунун прокуратурасы | **Баймуратов Д.** –прокурордун улук жардамчысы | УКЖда кармоонун мыйзамдуулугуна талаптагыдай көзөмөл жүргүзбөгөнү үчүн | **«Ээлеген кызматынан бошотулган»** Буйрук №699-к, 14.08.2019-ж. |
| 11 | Бишкек ш. Биринчимай РИИБ №5 ШМБ тергөө кызматы | **Кызартбек уулу Улан** – тергөөчү | Арыз ээсине орой мамиле жасаганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** Бишкек шаарынын Биринчи май райондук прокуратурасы тарабынан сунуштама киргизилген. 16.10.2019-ж. чыг. №712-19 |
| 12 | Бишкек ш. Свердлов райондук ИИБ тергөө кызматы | **Каныбеков А.** – тергөөчү | Сотко чейинки өндүрүш материалдарын баш аламан кылганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** Бишкек ШИИБ. чыг. №16/3-8419 23.10.2019-ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 13 | Бишкек ш. Ленин райондук ИИБ тергөө кызматы | **Кулжанов Б.А.** – ИИБ тергөө кызматынын башчысы | Сотко чейинки өндүрүш материалдары боюнча талаптагыдай көзөмөл жүргүзбөгөнү үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган** КР ИИМ буйругу №640, 30.07.2019-ж. |
| 14 | Бишкек ш. Ленин райондук ИИБ тергөө кызматы | **Шейшаналиев Д. Ш.** – тергөөчү | Сотко чейинки өндүрүш материалдары боюнча талаптагыдай көзөмөл жүргүзбөгөнү үчүн | **"Ээлеген кызмат ордуна толук эмес ылайыктыгы" жарыяланган».** КР ИИМ буйругу №381, 23.04.2019-ж. |
| 15 | Бишкек ш. Свердлов райондук ИИБ тергөө кызматы | **Сыдыков А.** – тергөөчү | Кызматтык милдеттерин аткарбаганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** ШИИБ башчысынын буйругу, кир. №16/17-7162, 05.09.2019-ж. |
| 16 | Ысык-Көл облустук ооруканасы | **Урманбетов Ч. Т-** Хирургия бөлүмүнүн башчысы;<br><br>**Уранов Ш.Т.**-врач-хирург;<br><br>**Турдумамбетов Н.**-врач-хирург | Врачтын шалаакылыгы | **"Ээлеген кызмат ордунан бошотулган"**,<br><br>**"Эскертүү" берилген**<br><br>**"Эскертүү" берилген**<br><br>Ысык-Көл облустук оорукананын директорунун буйругу №70, 29.04.2019-ж. |
| 17 | Бишкек ш. Свердлов райондук ИИБ тергөө кызматы | **Закиров Т.** – тергөөчү | Кызматтык милдеттерин аткарбаганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** ШИИБ буйругу, Кир. №16/17-7162, 05.09.2019-ж. |
| 18 | Бишкек ш. Свердлов райондук ИИБ тергөө кызматы | **Ташмаматов К.** – тергөөчү | Сотко чейинки өндүрүш материалдарын баш аламан кылганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** Бишкек ШИИБ кир. №16/3-8124 11.10.2019-ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 19 | Бишкек ш. Биринчи май райондук ИИБ тергөө кызматы | **Надыров З.Д.** – тергөөчү | Сотко чейинки өндүрүш материалдарын баш аламан кылганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** Бишкек ШИИБ буйругу, кир. №16/3-332 10.01.2020-ж. |
| 20 | Бишкек ш. Октябрь РИИБ. | **Кенешбеков Э.** – алгачкы териштирүүчү | Ишти териштирүүдө баш аламандыкка жол койгону үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** Бишкек ШИИБ буйругу, кир. №16/6-80 09.01.2020-ж. |
| 21 | Бишкек ш. Свердлов райондук ИИБ тергөө кызматы | **Жайылов М.** – тергөөчү | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратына жооп бербегени үчүн | **«Алдын ала эскертүү» жарыяланган** Бишкек ШИИБ буйругу, Кир. №16/14-1244 14.02.2019-ж. |
| 22 | Бишкек ш. Свердлов райондук ИИБ тергөө кызматы | **Бекбоо уулу Арлен** – тергөөчү | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** Бишкек ШИИБ буйругу, кир. №16/14-1244, 14.02.2019-ж. |
| 23 | Чүй обл. Аламүдүн райондук ИИБ | **Айдарова А.** – тергөөчү | Кесиптик этиканы сактабаганы үчүн *(арыз ээсине орой мамиле жасаганы үчүн)* | **«Сөгүш» жарыяланган** Чүй облустук ИИБ башкармалыгынын жообу, чыг. 25-12/Э-20, 15.11.2019-ж. |
| 24 | Бишкек ш. Ленин райондук ИИБ тергөө кызматы | **Дуйшебаев Ч.** – тергөө кызматынын башчысынын орун басары | Арыз ээсине өз убагында жооп бербегени үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган** Буйрук №369, 23.11.2019-ж. Ленин райондук прокуратурасынын жообу. Чыг.: 3560-17, 02.12.2019-ж. |
| 25 | Бишкек ш. Ленин райондук ИИБ тергөө кызматы | **Майрамбекова Н.** – инспектор | Арыз ээсине өз убагында жооп бербегени үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** Буйрук №369, 23.11.2019-ж. Ленин райондук прокуратурасынын жообу. Чыг.: 3560-17, 02.12.2019-ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 26 | Бишкек шаарынын Ленин райондук соту | **Сыдыкова Ж.** – судья | КР ЖПК 17-беренесинин талаптарын аткарбаганы үчүн | **«Алдын ала эскертүү» жарыяланган** КР Судьялар кеңешинин чечими, 27.06.2019-ж. |
| 27 | Бишкек ш. Октябрь райондук ИИБ тергөө кызматы | **Джурабаев А.** – тергөөчү | Соттун чечимин аткарбаганы үчүн | **«Алдын ала эскертүү» жарыяланган** Чыг. №8/18719, 20.07.2019-ж. |
| 28 | Бишкек шаардык прокуратурасы | **Мурзалиев Ж.** – Бөлүмдүн прокурору | "Мамлекеттик органдардын карамагындагы маалыматка жетүү жөнүндө" КР Мыйзамынын талаптарын бузган | **«Алдын ала эскертүү» жарыяланган** Чыг. №8/5-27-19, 13.01.2020-ж. |
| 29 | Талас обл. Кара-Буура райондук РИИБ УКЖ | **Осмонов У.** – УКЖ башчысы<br><br>**Мамбетова А.** – иш кагаздарын жүргүзүүчү | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн *(У.К. апелляциялык даттануусу сотко жетпей калган)* | **«Алдын ала катуу эскертүү» жарыяланган** Талас ШИИБ башчысынын буйругу №53, 20.02.2019-ж. |
| 30 | Талас обл. Кара-Буура райондук Билим берүү бөлүмү | **Садыралиева Д.** – Субанбеков атындагы орто мектептин директору | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн, окуучу менен мугалимдин чыр-чатагын жаап-жашырган | **«Ээлеген кызмат ордунан бошотулган»**, Буйрук №6, 04.02.2019-ж. |
| 31 | Талас обл. Талас шаардык Билим берүү бөлүмү | **Чалов М.** –№4 ОМ директору | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн. Кампанын айланасын жыйнап жаткан учурда техникалык коопсуздук эрежелерин сактабаганы үчүн 8-кл. окуучусунун башына шлакоблок түшүп кеткен | **«Эскертүү» жарыяланган** Билим берүү бөлүмүнүн буйругу №178, 25.11.2019-ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 32 | Талас обл. Бакай-Ата райондук Билим берүү бөлүмү | **Орункулова Ф.К.** – класстан тышкаркы иштерди уюштуруучусу | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн, (Ленин атындагы орто мектептин окуучусу Ш.Г. сабак учурунда денесинен жаракат алып ооруканага түшкөн) | **«Эскертүү» жарыяланган** Ленин атындагы орто мектептин директорунун буйругу №40, 23.12.2019-ж. |
| 33 | Талас обл. Бакай-Ата райондук Билим берүү бөлүмү | **Тагайбаева А.** – 1- «Б» классынын класс жетекчиси | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн (Ленин атындагы орто мектептин окуучусу Ш.Г. сабак учурунда денесинен жаракат алып ооруканага түшкөн) | **«Эскертүү» жарыяланган** Ленин атындагы орто мектептин директорунун буйругу, №40, 23.12.2019-ж. |
| 34 | Ош обл.Өзгөн райондук Билим берүү бөлүмү | **Касымбекова Г.** – Ч.Айтматов атындагы орто мектептин 9-классынын класс жетекчиси<br><br>**Шокирова Н.** – кыздар кеңешинин төрайымы | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн, (9-класстын окуучусу М.М. өз атасынан боюна бүтүп калган) | **«Эскертүү» жарыяланган** Ч.Айтматов атындагы орто мектептин директорунун буйругу, №38/2 22.01. 2019-ж.<br>**«Эскертүү» жарыяланган** Ч.Айтматов атындагы орто мектептин директорунун буйругу, №38/2, 22.01. 2019-ж. |
| 35 | Нарын ш.ИИБ | **Бакытбеков А.** – жоруктар боюнча иштөө тобунун ыкчам кызматкери, милициянын лейтенанты | Арызды кароодогу мыйзам бузуулар үчүн | **«Катуу сөгүш» жарыяланган** Буйрук №108, 23.05.2019-ж. |
| 36 | Нарын ш.ИИБ | **Дюшембиева Ж.** – ЖИИ инспектору, милициянын кенже лейтенанты | Арызды кароодогу мыйзам бузуулар үчүн | **Жумгал районуна которуу менен чектелишкен.** Нарын ОИББ буйругу №21, 08.05.2019-ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 37 | Нарын ш.ИИБ | **Ташиев Ч.** – экстремизмге жана легалдуу эмес миграцияга каршы аракеттенүү кызматынын ыкчам ыйгарым укуктуу өкүлү | Арызды кароодогу мыйзам бузуулар үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган,** Нарын ШИББ буйругу, №108 23.05.2019-ж. |
| 38 | Нарын обл. Нарын райондук ҮДБ | **Сырдыбаева С.** – Нарын райондук ҮДБ директору | Орто медперсонал НРҮДБ: М.А., И.Н., Д.Ж и М.Т. кызматынан мыйзамсыз четтетилген | **«Эскертүү» жарыяланган** Нарын облустук саламаттык сактоо координаторунун буйругу (ҮДБ жообу, Чыг. №01-9/85 28.02.2019-ж.) |
| 39 | Нарын обл. Ак-Талаа РИИБ | **А. Жолдош уулу** – милициянын лейтенанты,<br><br>**А. Марс уулу**-милициянын ага сержанты, бөлүк боюнча нөөмөтчүнүн жардамчысы,<br><br>**Кубанычбеков У** - милициянын прапорщиги, нөөмөт бөлүмүнүн кызматкери<br><br>**А. Жумабек уулу** -милициянын старшинасы, нөөмөт бөлүмүнүн кызматкери | Жарандарга карата жүрүм-турум ченемдерин сактабаганы үчүн | **Этика комиссиясынын чечими боюнча бардык катышуучуларга "оозеки алдын ала эскертүү" жарыяланган** (Ак-Талаа РИИБ жообу, чыг. №8/5412 03.12.2019-ж.). |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 40 | КР Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү | **Абжапарова У.** – Өзгөн раймамадминистрациясынын Социалдык өнүгүү башкармалыгынын жетектөөчү адиси | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн, (9-класстын окуучусу М.М. өз атасынан боюна бүтүп калган) | **«Ээлеген кызмат ордунан бошотулган»** (КР Өкмөтүнүн өкүлчүлүгүнүн жообу. №04/342) 23.04.2019-ж. |
| 41 | КР Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү | **Сатиев С.** – Баш-Дөбө айыл аймак башчысынын м.а. | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн, (9-класстын окуучусу М.М. өз атасынан боюна бүтүп калган) | **«Ээлеген кызмат ордунан бошотулган»** (КР Өкмөтүнүн Ош облусундагы өкүлчүлүгүнүн жообу, чыг. №04/342) 23.04.2019-ж. |
| 42 | Ош шаардык клиникалык ооруканасы | **Байгазиева К.** – Кардиология бөлүмүнүн башчысы | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн, бейтаптарга орой мамилеси үчүн | **«Алдын ала эскертүү»** жарыяланган Буйрук № 31-1, 15.03.2019-ж. |
| 43 | Ош шаардык мэриясына караштуу «Ош-Тазалык» адистештирилген муниципалдык ишканасы | **Дуйшеналы уулу Мирлан** – абоненттик бөлүмдүн башчысы, профсоюз комитетинин төрагасы | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган** №76, 15.04.2019-ж. |
| 44 | Ош шаардык мэриясына караштуу «Ош-Тазалык» адистештирилген муниципалдык ишканасы | **Жапаркул уулу Бек** – ишкана юристи | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** Буйрук №76 15.04.2019-ж. |
| 45 | Ош шаардык мэриясына караштуу «Ош-Тазалык» адистештирилген муниципалдык ишканасы | **Жолболдуева Г.** – кадрлар боюнча ага инспектор | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** Буйрук №76, 15.04.2019-ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 46 | КР ИИМ Ички териштирүү кызматы | **Мирзаев М.** – Ош ШИИБ ЖККБ ага инспектору, милициянын майору | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган** Буйрук №147 30.05.2019-ж. |
| 47 | КР ИИМ Ички териштирүү кызматы | **Раимбердиев А.** – Ош ШИИБ ЖККБ инспектору | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган** Буйрук №147, 30.05.2019-ж. |
| 48 | Ош облустук балдар ооруканасы | **Табалдиев М.С.** – нөөмөттөгү дарыгер | Тийиштүү чараларды өз убагында аткарбаганы үчүн, бейтапты журналга каттабаганы үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган** Буйрук №11 02.02. 2019-ж. |
| 49 | Ош облустук балдар ооруканасы | **Абдыгапаров Б.Ж.** – нөөмөттөгү дарыгер | Тийиштүү чараларды өз убагында аткарбаганы үчүн, бейтапты журналга каттабаганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган, «Сөгүш» жарыяланган**, Буйрук №11, 02.02. 2019-ж. |
| 50 | Ош облустук балдар ооруканасы | **Мамазаит уулу Маматали** – травмотология бөлүмүнүн башчысы | Тийиштүү чараларды өз убагында аткарбаганы үчүн, бейтапты журналга каттабаганы үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган** Буйрук №11, 02.02. 2019-ж. |
| 51 | Ош шаардык билим берүү бөлүмү | **Матазимова Г.С.** – Кыргызстандын 40 жылдыгы атындагы №16 мектеп-гимназиясынын башталгыч класстарынын мугалими | Сабак учурунда 1-«В» классынын окуучусун сабаган | **«Сөгүш» жарыяланган, Буйрук №9/03-02** 06.02.2019-ж. БжК 119-бер. боюнча **КЖБР** 03-0092-2019-000653 катталган, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 52 | Ош шаардык билим берүү бөлүмү | **Нарбаева Г.** – Кыргызстандын 40 жылдыгы атындагы №16 мектеп-гимназиясынын башталгыч класстарынын окуу бөлүмүнүн башчысы | Окуу процессине талаптагыдай эмес көзөмөл жүргүзгөнү үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган** Ош шаардык прокуратурасынын жообу: чыг.11/64-19, 06.05.2019-ж. |
| 53 | Ош шаардык билим берүү бөлүмү | **Акпаралиева В.** – Кыргызстандын 40 жылдыгы атындагы №16 мектеп-гимназиясынын соцпедагогу | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган,** чыг.11/64-19, 06.05.2019-ж. Ош шаардык прокуратурасынын жообу |
| 54 | Ош шаардык билим берүү бөлүмү | **Абдуллина Н.Г.** Кыргызстандын 40 жылдыгы атындагы №16 мектеп-гимназиясынын нөөмөтчү администратору | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган** Ош шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысынын буйругу №47/03-02, 07.06.2019-ж. |
| 55 | Ош шаардык билим берүү бөлүмү | **Абдувахапова Д.** – Директор СШ №24 им. М.В. Фрунзе | Мугалимди жумуштан мыйзамсыз бошоткону үчүн | **«Эскертүү» жарыяланган.** Буйрук №54/03-02, 07.06.2019-жыл |
| 56 | Ош шаардык билим берүү бөлүмү | **Хорева Г.В.** – Кыргызстандын 40 жылдыгы атындагы №16 мектеп-гимназиясынын директору | Окуу процессине талаптагыдай эмес көзөмөл жүргүзгөнү үчүн | **«Ээлеген кызмат ордунан бошотулган»,** Буйрук №8103-01, 07.06.2019-ж. |
| 57 | Ош облустук ИИББ | **Мамадиев Р.А.** – РИИБ кызматкери, милициянын кенже лейтенанты | Жашы жетпеген кызына карата орой мамиле жана кол көтөрүү | **«КР ИИМ катарынан бошотулган»** Ош облустук ИИБ башчысынын №548 Буйругу, 20.09. 2019-жыл |
| 58 | Ош облустук ИИББ | **Акунбеков А.** – Кара-Суу РИИБ башчысы | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | «Сөгүш» жарыяланган Ош облустук ИИБ башчысынын №548 Буйругу, 20.09. 2019-жыл |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 59 | Ош облустук ИИББ | **Исраилов А.** – Кара-Суу РИИБ башчысынын мурдагы орун басары, Ноокат РИИБ башчысынын орун басары | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн, кол алдындагылардын ишин талаптагыдай көзөмөлдөбөгөнү үчүн | **«Катуу сөгүш» жарыяланган** Ош облустук ИИБ башчысынын №548 Буйругу, 20.09. 2019-жыл |
| 60 | Ош облустук ИИББ | **Курманалиев У.** – Кара-Суу РИИБ ЖИИ башчысы | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | **"Ээлеген кызмат ордуна толук эмес ылайыктыгы жарыяланган".** Ош облустук ИИБ башчысынын №548 Буйругу, 20.09.2019-жыл |
| 61 | Ош облустук ИИББ | **Талиев Д.** – Кара-Суу районунун Мады айылдык аймактык милиция бөлүмүнүн тескөөчүсү | Иш-милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган** Ош облустук ИИБ башчысынын №548 Буйругу, 20.09 |
| 62 | №73809 Аскердик бөлүгү | **Раджапов Т.А.** – Гвардиянын майору, 2-тоо-аткычтар батальонунун командири | Өздүк курамдын талаага чыгуусун уюштурууга көзөмөл жүргүзбөгөнү үчүн | **«Кызматынан төмөндөтүлгөн»**, №01001 аскер бөлүгүнүн командири А. Карасартовдун буйругу №83, 26.02.2019-ж. |
| 63 | №73809 Аскердик бөлүгү | **Тынаев А.Е.** – Гвардиянын подполковниги, командирдин орун басары | Өздүк курамдын талаага чыгуусун уюштурууга көзөмөл жүргүзбөгөнү үчүн | **"Сөгүш" жарыяланган,** №01001 аскер бөлүгүнүн командири А. Карасартовдун буйругу №83, 26.02.2019-ж. |
| 64 | №73809 Аскердик бөлүгү | **Мырзабеков Б.М.** – Гвардиянын капитаны, 2-тоо-аткычтар батальонунун өздүк курамы менен иштөө боюнча командиринин орун басары | Кызматтык регламентти бузганы жана майрамдык иш чараларды максатсыз уюштурганы үчүн | «Ээлеген кызмат ордуна толук эмес ылайыктыгы жөнүндө эскертилди" №73809 аскер бөлүгүнүн командири У.А. Нурбаевдин буйругу №133 27.02.2019-ж.. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 65 | №73809 Аскердик бөлүгү | **Джураев Н.А.** – 2-тоо-аткычтар батальонунун курамынын штаб башчысы | Бөлүктүн күн тартибин бузганы үчүн | **"Катуу сөгүш" жарыяланды** №73809 аскер бөлүгүнүн командири У.А. Нурбаевдин буйругу №133 27.02.2019-ж.. |
| 66 | №73809 Аскердик бөлүгү | **Абдимиталов А.Б.** – Гвардиянын ага лейтенанты, 2-тоо-аткычтар батальонунун взвод командири | Бөлүктүн күн тартибин бузганы үчүн | **"Катуу сөгүш" жарыяланды** №73809 аскер бөлүгүнүн командири У.А. Нурбаевдин буйругу №133 27.02.2019-ж.. |
| 67 | №73809 Аскердик бөлүгү | **Кубатов У.К.** – Гваридия лейтенанты, 2-тоо-аткычтар батальонунун взвод командири | Бөлүктүн күн тартибин бузганы үчүн | **"Катуу сөгүш" жарыяланды** №73809 аскер бөлүгүнүн командири У.А. Нурбаевдин буйругу  №133 27.02.2019-ж.. |
| 68 | №73809 Аскердик бөлүгү | **Муканбетов Н.Р.** – Гвардиянын ага лейтенанты, рота командири | Бөлүктүн күн тартибин бузганы үчүн | **"Катуу сөгүш" жарыяланды** №73809 аскер бөлүгүнүн командири У.А. Нурбаевдин буйругу №133 27.02.2019-ж.. |
| 69 | №73809 Аскердик бөлүгү | **Майчинова С.** – 2-тоо-аткычтар батальонунун гвардия сержанты | Бөлүктүн күн тартибин бузганы үчүн | **«Сөгүш» жарыяланган,** №73809 аскер бөлүгүнүн аялдар кеңешинин 27.02.2019-жыл №8 протоколуна ылайык |
| 70 | КР Мамлекеттик чек ара кызматы | **Курманбеков Ч.С.** – ага лейтенант, укуктук камсыздоо башкармалыгы бөлүмү | Кызматтык иш-милдеттерин талаптагыдай эмес аткарганы үчүн жана сот отурумуна катышпаганы үчүн | **"Сөгүш" жарыяланган** Башкы штабдын башчысы- КР мамлекеттик чек ара кызматынын биринчи орун басары А.Алимбаевдин буйругу, №31, 30.04.2019-ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 71 | КР Билим берүү жана илим министрлиги | **Осмонов Б.**-Ж.Мукамбаев атындагы орто мектептин директору | Кызматтык иш-милдеттерин талаптагыдай эмес аткарганы үчүн | **"Сөгүш" жарыяланган** Чыг.№03-1/427, 20.01.2020. |
| 72 | КР Билим берүү жана илим министрлиги | **Айгерчинова Р.** -Ж.Мукамбаев атындагы орто мектептин окуу-тарбия иштери боюнча орун басары | Кызматтык иш-милдеттерин талаптагыдай эмес аткарганы үчүн | **"Сөгүш" жарыяланган** Чыг.№03-1/427, 20.01.2020. |
| 73 | КР Билим берүү жана илим министрлиги | **Шакембаева Н.**-Ж.Мукамбаев атындагы орто мектептин окуу-тарбия иштери боюнча орун басары | Кызматтык иш-милдеттерин талаптагыдай эмес аткарганы үчүн | **"Эскертүү" берилген** Чыг.№03-1/427, 20.01.2020. |
| 74 | КР Билим берүү жана илим министрлиги | **Абыкеева С.**-Ж.Мукамбаев атындагы орто мектептин | Кызматтык иш-милдеттерин талаптагыдай эмес аткарганы үчүн | **"Эскертүү" берилген** Чыг.№03-1/427, 20.01.2020. |
| 75 | КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги | **Кылычбаев К.**-Түп райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы | Кызматтык иш-милдеттерин талаптагыдай эмес аткарганы үчүн | **"Сөгүш" жарыяланган** Чыг.№061059, 10.02.20-ж. |
| 76 | КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги | **Рымбеков А.**-Түп райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысынын орун басары | Кызматтык иш-милдеттерин талаптагыдай эмес аткарганы үчүн | **"Катуу сөгүш" жарыяланган.** Чыг.№061059, 10.02.20-ж. |
| 77 | Түп райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгы | **Абыхаев Б.М.**-Түп райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын үй-бүлөнү коргоо секторунун башкы адиси | Кызматтык иш-милдеттерин талаптагыдай эмес аткарганы үчүн | **"Сөгүш" жарыяланган** Түп райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын буйругу №33, 19.11.2019-ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 78 | Түп райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгы | **Исмаилова Т.К.**- Сары-Булак айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкери | Кызматтык иш-милдеттерин талаптагыдай эмес аткарганы үчүн | **"Сөгүш" жарыяланган** Түп райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын буйругу №33, 19.11.2019-ж. |
| 79 | Түп райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгы | **Макеева З.Т.**- Ак-Булуң айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкери | Кызматтык иш-милдеттерин талаптагыдай эмес аткарганы үчүн | **"Сөгүш" жарыяланган** Түп райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын буйругу №33, 19.11.2019-ж. |

# 2-ТИРКЕМЕ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) НААМЫНА 2019-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНА КАРАТА КЕЛИП ТҮШКӨН КАЙРЫЛУУЛАР ТУУРАЛУУ САНАРИПТИК ОТЧЕТ

| | Жыл башынан бери келип түшкөн арыздардын жана даттануулардын саны | | | | | Аткарылды | | Кароодо турганы | | Суроо-талап жөнөтүлгөнү | Суроо-талаптар, жооптор алынганы | Көңүл буруу актылары | Даттанууларды өз жерине барып кароо | Сот отурумдарына катышканы | Арыз ээсине жооп берилгени | Оозеки консультациялар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Баардыгы | Анын ичинде: | | | | Көзөмөлдөн алында | Арыз ээсинин пайдасына | Баардыгы | Анын ичинде мөөнөтү өткөнү | | | | | | | |
| | | Аялдардан | Пенсионерлерден | Жамааттык/ адам | Сотко катышуу | | | | | | | | | | | |
| Борбордук аппарат | 2595 | 1715 | 347 | 151/1103 | 708 | 2201 | 164 | 394 | — | 1727 | 1019 | 37 | 419 | 682 | 2618 | 2590 |
| Баткен областы | 100 | 44 | 42 | 2/7 | 18 | 99 | 3 | 1 | — | 286 | 284 | — | 27 | 16 | 230 | 45 |
| Жалал-Абад областы | 105 | 51 | 16 | 7/57 | 50 | 102 | 16 | 3 | — | 150 | 145 | 16 | 51 | 50 | 102 | 250 |
| Ысык-Көл областы | 246 | 124 | 50 | 18/232 | 88 | 244 | 71 | 2 | — | 246 | 244 | 8 | 86 | 86 | 244 | 784 |
| Нарын областы | 152 | 71 | 35 | 8/54 | 35 | 146 | 62 | 6 | — | 164 | 154 | 2/23 | 137 | 50 | 146 | 351 |
| Ош областы | 300 | 150 | 101 | 12/181 | 68 | 292 | 66 | 8 | — | 152 | 140 | 16 | 111 | 94 | 292 | 761 |
| Талас областы | 73 | 36 | 10 | 4/43 | 27 | 70 | 12 | 3 | — | 75 | 62 | 7 | 25 | 68 | 73 | 333 |
| Чүй областы | 352 | 199 | 98 | 18/107 | 181 | 326 | 51 | 26 | — | 82 | 75 | 8 | 24 | 195 | 322 | 327 |
| Жазуу түрүндө кайрылган | 3923 | 2389 | 699 | 220/1784 | 1175 | 3480 | 445 | 443 | — | 2882 | 2123 | 94 | 880 | 1241 | 4027 | 5441 |
| Жамааттык кайрылууларга кол койгон адамдардын | 1784 | | | | | | | | | | | | | | | |
| Оозеки консультациялар | 5441 | | | | | | | | | | | | | | | |
| Кайрылган жарандардын жалпы | 11148 | | | | | | | | | | | | | | | |

# 3-ТИРКЕМЕ. 2019-ЖЫЛЫ БЮДЖЕТТИК КАРАЖАТТАР БОЮНЧА ЧЫГЫМДАР СМЕТАСЫНЫН АТКАРЫЛЫШЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

| | |
|---|---|
| Бюджеттик мекеменин аталышы | КР Акыйкатчы ( Омбудсмен) аппараты |
| Бюджеттик эсептин номери | 4402011101000268 |
| Бюджеттин түрү | Республикалык |
| Өлчөө бирдиги | Кыргыз сому |
| Функционалдык классификация | 70337 |
| Ведомстволук классификация | 21110 |
| Отчеттук мезгил | 01.01.2019 31.12.2019 |
| Отчеттук дата | |

| Көрсөткүчтөр | Элементтер | Смета боюнча жылга бекитилген | Отчеттук мезгилге тактлаган смета | Отчеттук мезгилге ачылган кредит | Кассалык чыгымдар | Иш жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ЧЫГЫМДАР: | | | | | | |
| Эмгек акы | 2111 | 20 256 000 | 39 109 200 | 35 737 727 | 35 737 727 | 35 735 252 |
| Социалдык фондуга төгүмдөр | 2121 | 3 028 200 | 6280400 | 5 563 323 | 5 563 323 | 5 459 502 |
| Кызматтык иш сапарларына чыгымдар | 2211 | 1 094 600 | 924 600 | 980 560 | 980 560 | 986 693 |
| Байланыш кызматтары | 2212 | 1 333 500 | 1 333 500 | 1 291 920 | 1 291 920 | 1 303 326 |
| Ижара акы | 2213 | 213 600 | 213 600 | 219 200 | 219 200 | 219 200 |
| Транспорттук кызматтар | 2214 | 1 003 500 | 1 003 500 | 909 659 | 909 659 | 776 389 |
| Башка товарлар менен кызматтарды алуу | 2215 | 600 800 | 600 800 | 527 613 | 527 613 | 475 904 |
| Мүлктү кезектеги оңдоолорго чыгымдар | 2221 | 1 200 000 | 1 400 000 | 1 355 925 | 1 355 925 | 2 358 981 |
| Чарбалык материалдарды алуу | 2222 | 491 000 | 491 000 | 432 174 | 432 174 | 476 740 |
| Коммуналдык кызматтар | 2231 | 666 400 | 666 400 | 666 400 | 666 400 | 538 822 |
| Эл аралык органдарга мүчөлүк төгүмдөр | 2621 | | 170 000 | 166 612 | 166 612 | 166 612 |
| | | | | | | |
| Калкка социалдык көмөк көрсөтүү боюнча жөлөкпул | | | | | | 10 997 |
| Учурдагы жалпы сарптоолор | | 29887600 | 52 193 000 | 47 851 112 | 47 851 112 | |
| АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР БОЮНЧА ОПЕРАЦИЯЛАР | | | | | | |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 1 716 100 | 1 516 100 | 1 322 095 | 1 322 095 | |
| Финансылык эмес жалпы активдер | | 1 716 100 | 1 516 100 | 1 322 095 | 1 322 095 | |
| Бардык чыгымдар | | 31 603 700 | 53 709 100 | 49 173 207 | 49 173 207 | |

КР Акыйкатчысынын (Омбудсенинин) орун басары — Алимбаев Е. А.

Башкы бухгалтер — Исаев А

# №4 ТИРКЕМЕ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) 2018-ЖЫЛ ҮЧҮН ЖЫЛДЫК БАЯНДАМАСЫ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН 2019-ЖЫЛДЫН 18-СЕНТЯБРЫНДАГЫ № 3244-VI ТОКТОМУНУН АТКАРЫЛЫШЫ ТУУРАЛУУ

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | **1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:**<br><br>-төмөнкүлөрдү караган мыйзам долбоорлорун демилгелесин жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (мындан ары - Жогорку Кеңеш) кароосуна киргизсин: | | |
| | • Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин жана башка мыйзам актыларын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 104-беренесинин 6-пунктунун ченемдерине ылайык келтирсин; | «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (КР Жазык-аткаруу Кодексине, КР Жазык Кодексине, КР Жазык-процесстик Кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2019-жылдын 15-майындагы №62 КР Мыйзамы менен КР Жазык-процесстик Кодексине өзгөртүүлөр киргизилген.<br><br>Атап айтканда, КР Жазык-процесстик Кодексинин 5-беренеси төмөнкү мазмундагы 3-1-п. менен толукталган:<br><br>«3-1) адамга карата жазык ишин жана (же) жорук жөнүндө ишти козгоо – кылмыш жана (же) жорук жасады деп шектелгендиги тууралуу адамга жазуу жүзүндө кабарлоо;».<br><br>Ошентип, көрсөтүлгөн Кодексте «жазык ишин жана (же) жорук жөнүндө ишти козгоо» түшүнүгүнүн мааниси такталган. | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | • Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 62-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 26-беренесинин 1-бөлүгүндө 12-пункттун, 35-беренесинин 1-бөлүгүндө 20-пункттун ченемдеринин ортосундагы айырмалуу түшүнүктөрдү жоюу; | **ИИМ**<br><br>КР ИИМ тарабынан демилгеленген, КР ЖК 62-беренсинин жана КР ЖПК 26-беренесинин 1-бөлүмүнүн 12-пункту; 35-беренесинин 1-бөлүмүнүн 20-пунктунун ченемдеринин ортосундагы айырмачылыктарды караган «КР айрым мыйзам актыларына (КР Жазык Кодексине, КР Жоруктар жөнүндө Кодексине, КР Жазык-процесстик Кодексине, КР Жазык-аткаруу Кодексине, «Пробация жөнүндө» КР Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР мыйзам долбоору азыркы учурда мамлекеттик бийлик органдары менен макулдашуу жол-жобосунан өткөн жана КР Өкмөтүнүн Аппаратына кароого жиберилген. (29.11.2019-ж. чыг. №1/9443). | Аткарылды |
| | • Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 318-беренесинин 4-бөлүгүндө көрсөтүлгөн чыгымдарды компенсациялоо анын эсебинен жүргүзүлүүгө тийиш болгон субъектти аныктоо; | **ИИМ**<br><br>Жоготуулардын компенсациясы алар тарабынан жүргүзүлүүчү субьекттерди аныктоо боюнча маселелерге байланыштуу болгон КР Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин мурда иштеп келген ченемин, тагыраагы 580-беренесин, кайтарууну сунуштайбыз, анда күбөөнүн сотко (судьяга), органга (кызмат адамына) келүүсүнө байланыштуу тарткан чыгымдары; көрсөтүлгөн адамдардын жашаган же жүргөн жеринен иш боюнча өндүрүштү жүзөгө ашыруучу жерге барып келүүгө жол киресинин наркы, ал эми бул башка жерге барууга байланыштуу болгон учурларда, жашаган жайдын жалданган наркы, ошондой эле суткалык чыгымдарынын орду толтурулат. Күбө, котормочу, күбө-калыс катары чакырылган адамдар үчүн укук бузуу жөнүндө иш болгон өндүрүштө сотко (судьяга) же органга (кызмат адамына) келүүсүнө байланыштуу жок болгон убакыт үчүн иштеген жери боюнча орточо эмгек акысы көрсөтүлгөн тартипте сакталат. | Жарым-жартылай аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | • Бузуу жөнүндө иш бузуу жасалган жер боюнча же болбосо бузуунун субъекти жашаган жери боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан карала тургандыгы жагынан көрсөтүлгөн кодекстин 325-беренесин тактоо; | **ИИМ**<br><br>КР ички иштер органдары тарабынан укук бузуулар жөнүндө иштерди кароодо тараптардын жарашуусу менен жоопкерчиликтен бошотуу чараларын киргизүү максатка ылайык келбейт деп эсептешет, анткени тараптардын бир жагы өзүнүн аймагында мамлекеттик бийликке толук ээ болгон мамлекет | Аткарылган жок, максатка ылайыксыз деп эсептелет |
| | • Бир түрдүү мамилени камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин ченемдерине окшоштугу боюнча жоопкерчиликтен бошотуу үчүн негиз менен тараптарды жараштыруу; | «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын талаптарына ылайык, ченемдик укуктук актыны же анын түзүмдүк элементтерин расмий талкуулоо (түшүндүрүү), Конституцияны колдонбогондо, ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу жолу менен ченемдерди чыгаруучу орган же бул актыны кабыл алуучу же басып чыгаруучу кызматтык адам тарабынан ишке ашырылат.<br><br>Ушуга байланыштуу, КР ички иштер органдары тарабынан болгон укук бузуулар жөнүндө иштерди кароодо тараптардын келишүүсү менен байланыштуу болгон жоопкерчиликтен бошотуу чараларын киргизүү максатка ылайык келбейт деп эсептейт, анткени тараптардын бири болуп өзүнүн аймагында толук мамлекеттик бийликке ээ мамлекет жак болгон коомдук башкаруу тартиби чыгат.<br><br>Муну менен катар эле, КР Вице-премьер-министри Ж.П.Разаковдун 2019-жылдын 25-июнундагы №23-2833 тапшырмасынын талаптарына ылайык, соттук-укуктук реформанын алкагында кабыл алынган, КР кодекстерине жана мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган КР мыйзамдарынын бардык долбоорлору КР Премьер-министринин 2019-жылдын 25-февралындагы №99 тескемеси менен түзүлгөн туруктуу иштеген жумушчу топтун жыйындарында жактырылгандан кийин гана демилгелениши зарыл. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | • 2) -Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1028-статьясында белгиленген моралдык зыяндын ордун толтуруунун өлчөмүн аныктоо механизмин кайра кароо зарылчылыгын кароо, анын ичинде моралдык зыянды компенсациялоо суммасынын чегин (мисалы, 5000 (беш миң) эсептик көрсөткүч) белгилөө маселесин иликтөө жана зарылчылык болгон учурда тиешелүү мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана Жогорку Кеңештин кароосуна киргизүү; | **Каржы министрлиги**<br><br>КР Жазык кодексинин 99-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, келтирилген зыяндын оордугуна жараша эсептик көрсөткүчтөрдүн 50 эседен 1000 эсеге чейинки өлчөмдө келтирилген моралдык зыяндын ордун толуктоонун суммасы бекитилди. | Аткарылган жок |
| | | **Юстиция министрлиги**<br><br>КР Юстиция министрлиги тарабынан КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өзү тарабынан «Жарандык кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзам долбоорун демилгелөө жөнүндө КР Өкмөтүнүн чечиминин долбоорун макулдашуу жана бекитилген тартипте КР Аппаратына киргизүү сунушталган (13.12.2019-жылдагы №04-2/18308 жооп).<br><br>Бирок КР Акыйкатчысы тарабынан КР ЮМ дарегине 22.11.19-ж. чыг. №14-5000 менен «КР Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорунун тексти, ага маалымдама-негиздеме жана салыштырмалуу таблица тиркелип, жиберилген. | Аткарылган жок |
| | • -КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) менен бирдикте:<br><br>• Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын катышуусу менен "Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максатка ылайыктуулугун иликтөө: | **КР Башкы прокуратурасы**<br><br>КР Акыйкатчысы тарабынан көрсөтүлгөн Париждик жана Белграддык принциптердин бөлүгүндө төмөнкүлөр белгиленген.<br><br>Адам укуктарын илгерилетүү жана колдоо менен алектенген улуттук мекемелердин статусуна байланыштуу принциптер (Париждик принциптер) БУУ Башкы Ассамблеясынын 20.12.1993-ж. №48/134 резолюциясына болгон тиркеме болуп саналат. Аталган принциптерде улуттук мекемелердин негизги функциялары көрсөтүлгөн жана мекеме анын тынымсыз иштеп туруусун камсыздоочу инфраструктурага, атап айтканда жетиштүү каржылоого ээ болуусу керектиги каралган. Мындай каржылоонун максаты улуттук мекеменин өзүнүн кызматкерлери жана өздөрүнүн бөлмөлөрү менен камсыз болуусу үчүн мүмкүнчүлүк берүү болуш керек, анткени бул өкмөттөн көз каранды болбошу керек жана анын көз карандысыздыгына таасир бере турган каржылык көзөмөлгө алынууга тийиш эмес. | Аткарылган жок |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | • прокуратура органдарына КР Акыйкатчы (Омбудсмени) институтуна карата мыйзамдарды бузуунун конкреттүү учуру/фактысы боюнча гана жана көрсөтүлгөн институт мыйзамдарды бузгандыгынын жол берилген конкреттүү фактысы жөнүндө маалымат камтылган жарандын прокуратура органдарына алдын-ала (ушул эле учур/факт боюнча) кайрылуусунун (же болбосо тиешелүү мамлекеттик органдын актысынын) негизинде гана тиешелүү текшерүүнү жүргүзүү укугун берүү;<br><br>• прокуратура органдары КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) институтуна карата пландуу, тутумдуу жана башка түрдөгү текшерүүлөрдү (укук бузуунун белгилүү болгон конкреттүү фактысы менен байланышпаган) жүргүзүшүн жокко чыгаруу; | Өз кезегинде, улуттук укук коргоо мекемелери менен парламенттердин өз ара аракеттери жөнүндөгү Белграддык принциптер Сербия Республикасындагы БУУ өлкөлөрүнүн тобунун колдоосу менен адам укуктарын кеңейтүү жана коргоо менен алектенген Адам укуктары боюнча БУУ Жогорку комиссарынын башкармалыгы, Улуттук мекемелердин эл аралык координациялык комитети, Улуттук Ассамблея жана Сербия Республикасынын Омбудсмени тарабынан уюштурулган улуттук укук коргоо мекемелери (УУКМ) жана парламенттердин өз ара аракеттенүү маселелери боюнча 2012-жылдагы Эл аралык семинарда кабыл алынган. Аталган принциптерде анын иштешин, каржылык көз карандысыздыгын ж.д.у.с. камсыздоодо УУКМ түзүүдөгү парламенттердин ролу жөнүндө айтылат. Белгилей кетүү керек, БУУ резолюциялары сунуштоочу мүнөзгө ээ, ал эми КР Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгүндө Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдери Кыргыз Республикасынын укук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат деп көрсөтүлгөн.  Эл аралык келишимдерди жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин колдонуу тартиби жана шарттары мыйзамдар менен аныкталат.<br><br>Айтылгандарды эске алып, «КР Конституциясы менен белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө» КР конституциялык мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн негиздер жок | |
| | • КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын финансылык көз карандысыздыгын камсыз кылуу максатында анын ар жылдагы бюджетинин долбоорун түзүү тартибин кайра карап чыгуу жагынан Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексине жана “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгын иликтөө; | **Финансы министрлиги**<br><br>КР Бюджеттик Кодексине сунушталган оңдоолор КР бюджеттик тутум бирдигинин жолжоболорун буза тургандыгын белгилейт, анткени мамлекеттик органдар үчүн алардын ишмердүүлүгүн каржылоого тиешелүү бюджеттердин долбоорлорун түзүүнүн айрым жолжоболорун Бюджеттик кодекске киргизүү боюнча кырдаалдарга алып келет. Буга ылайык, бул каржылык тартиптин бузулуусуна алып келет. КР Бюджеттик Кодекси тарабынан бюджеттик каражаттардын башкы бөлүштүрүүчүлөрү үчүн, анын ичинде бюджеттик долбоорлорду түзүү боюнча КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппараты үчүн зарыл болгон жана жетишерлик ыйгарым укукту камсыз кылуучу жолжоболор каралган. Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Юстиция министрлиги КР Бюджеттик Кодексине жогоруда айтылган өзгөртүүлөрдү кабыл алуу максатка ылайык эмес деп эсептейт. | Аткарылган жок |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | 3) төмөнкүдөй маселелерди кароо:<br><br>• КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарларын жана анын Аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлерин жазаны жана коомдон бөлүп салуу менен байланышкан жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу мекемелерге атайын уруксаты болбостон баруу укугуна ээ болгон субъекттердин чөйрөсүнө киргизүү; | **ЖАМК**<br><br>ЖАМК тарабынан КР Өкмөтүнүн Аппаратынын кароосуна (Соттук-укуктук реформанын алкагында кабыл алынган жана Премьер-министрдин буйругу менен 2019-ж. 25-февралындагы № 99 түзүлгөн КР ченемдик укуктук актыларына талдоо жүргүзүү боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун) ЖАК 43-беренесиндеги атайын уруксаты жок мекемелерге кирүү укугуна ээ субьекттердин чөйрөсүн кеңейтүү бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө сунуш жолдонгон.<br><br>Андан тышкары, КР ИИМ макулдашууга тиешелүү өзгөртүүлөр каралган «КР айрым мыйзам актыларына (ЖК,ЖПК,ЖАК, «Пробация жөнүндө» КР мыйзамы) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоору келип түшкөн. | Аткарылган жок |
| | | **ИИМ**<br><br>29.11.2019-ж. Чыг. №1/9443<br><br>«Жазык мыйзамдарынын чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» (КР ЖК, ЖжК, ЖАК, «Пробация жөнүндө» КР Мыйзамы) КР Мыйзамынын долбоору КР Өкмөтүнүн кароосуна жиберилген., анда каралган: «ЖАК 43-беренесинин 1-бөлүмүнүн 1-пунктунда «жана Акыйкатчы (Омбудсмен) сөзүн «КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жана анын орун басарлары, ошондой эле КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери» сөздөрүнө алмаштыруу. | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | • 4) Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 43-беренесинин 2-бөлүгүнө Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, Жогорку Кеңештин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), ошондой эле көрсөтүлгөн берененин 1-бөлүгүнүн 2-4-пункттарында көрсөтүлгөн адамдар түзөтүү мекемелерине кино, фото жана көрмө аппаратураны алып кириши жана аларды колдонушу атайын уруксат болбостон жүзөгө ашырылат деген ченемди киргизүү; | Аталган маселе Премьер-министрдин буйругу менен 2019-ж. 25-февралындагы № 99 түзүлгөн (КР ченемдик укуктук актыларына талдоо жүргүзүү боюнча) ведомстволор аралык жумушчу топ тарабынан каралган, бирок кароонун жыйынтыгында бул сунуш четке кагылган.<br><br>Бирок КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) институту аталган чечим менен макул эмес, анткени  КР ЖАК 43-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1 жана 2-п.п.ылайык, аларда саналган кызматтык адамдар мыйзамдардын талаптарына ылайык, бул же тигил деңгээлде КРӨ караштуу ЖАМК жабык мекемелериндеги кырдаалдарга жана мыйзамдуулуктун сакталышына көзөмөл же текшерүү жүргүзүүнү камсыз кылууга арналган. Ага ылайык, бул кызматтык адамдар, мисалы, жаза аткаруу жайларына өздөрүнүн баргандыгын белгилөө максатында, ошондой эле алар тарабынан чогултулган материалдар боюнча көрсөтмө базасын камсыз кылуу үчүн (б.а. «жалган айтуудан» качуу үчүн жана көрсөтүлгөн фактылардын чын экендигин тастыктоо үчүн), баарынан мурда, ЖАМК жабык мекемелерине өзү менен чогуу укма жана көрмөлөрдү жаздыруу каражаттарын алып кирүү укугу менен камсыз болуулары керек. | Аткарылган жок |
| | • -Ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын ишинин алкагында КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын өкүлдөрүн чакыруу менен ченемдик укуктук актылар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренесинин жана "Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине шайкеш келиши жагынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын түгөлдөөнү жүргүзүү; | **Юстиция министрлиги**<br><br>КР Юстиция министрлигинин 2019-жылдын 25-ноябрындагы чыг. №04-2/17238 сандуу КР Акыйкатчысынын  дарегине жолдонгон катында жогоруда көрсөтүлгөн тапшырманы эске алуу менен, КР мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча тиешелүү долбоорду киргизүү өтүнүнчү келтирилген (б.а. өздөрү тарабынан макулдашуу сунушталган).<br><br>Булар менен чогуу эле, белгилеп коюу зарыл, КР Акыйкатчысынын сунушу бир гана жогоруда аталган кодекстерге эле эмес, башка дагы бир катар ченемдик укуктук актыларга да тиешелүү болчу, ага КР Юстиция министрлиги эч кандай жооп берген жок. | Аткарылган жок |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | 5) -Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин анын кызыкчылыгында соттук териштирүү жабык деп жарыяланган адамдын макулдугу болгон учурда жабык соттук жыйналыштарга катышууга КР Акыйкатчсынын (Омбудсменинин) укугун караган ченем менен толуктоо жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелөө тууралуу маселени кароо; | **КР Өкмөтүнүн Аппараты**<br><br>КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) тарабынан аталган өзгөртүүлөрдү караган мыйзам долбоору иштелип чыккан жана КР Өкмөтү тарабынан демилгелениши үчүн КР Өкмөтүнүн Аппаратына киргизилген (20.12.2019-ж. чыг. №14-5484).<br><br>КР Өкмөтүнүн Аппараты тарабынан КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) жооп келген «аталган мыйзам долбоорун мамлекеттик органдар менен макулдашууну жүргүзүү жана көрсөтүлгөн тартипте КР Өкмөтүнүн кароосуна берүү» (04.02.2020-ж. чыг. № 24-56797). | Жарым-жартылай аткарылды |
| | • -Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы менен бирдикте адвокаттык ишти аткаруу укугуна лицензия алган адамдар үчүн бир жолку кирүү мүчөлүк төгүмдөрүнүн өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын съездинин чечимдерин мамлекеттик антимонополиялык жөнгө салууну белгилөө жагынан ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максатка ылайыктуулугун иликтөө; | КР Өкмөтүнүн алдындагы Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги тарабынан Адвакатурага мүчөлүккө кирген жарандар үчүн толук кандуу лицензияларды ишке ашырууда бөгөт катары саналган жана «КР Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө» КР Мыйзамында каралбаган кирүү акысын жокко чыгаруу тууралуу көрсөтмө берилген.<br><br>27-августта Бишкек шаарынын райондор аралык соту Мамагенттигинин көрсөтмөсүн жараксыз деп табуу жөнүндө КР Адвокатурасынын административдик арызын кароо менен Мамагенттик тарабынан берилген көрсөтмөнү күчүндө калтырган. 2019-жылдын 13-ноябрындагы Бишкек шаардык сотунун апелляциялык инстанциясынын аныктамасы менен 2019-жылдын 27-августундагы Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун чечими өзгөртүүсүз калтырылган, ал эми КР Адвокатурасынын апелляциялык арызын канааттандыруусуз калтырган. | Аткаруу талап кылынбайт |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | 6) -паллиативдик жардамды өнүктүрүүгө, анын ичинде катуу таасир берүүчү, ооруну сездирбей коюучу дары-дармек каражаттарынын жеткиликтүүлүгүнүн контекстинде өнүктүрүүгө багытталган тиешелүү ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын комплекстүү талдоону жүргүзүү жана сунуштарды иштеп чыгуу, ошондой эле улуттук саламаттыкты сактоо тутумунун алкагында калкты үйүндө жана стационарда паллиативдик жардам менен камтууну бара-бара кеңейтүү артыкчылыктуу багыты болуп калууга тийиш болгон паллиативдик жардамды өнүктүрүү | 04.02.2020-жылдагы КР ССМ №04-1/3-1009 жообу<br><br>КР Саламаттыкты сактоо министрлиги менен КРӨ караштуу ММКФ 18.12.2019-жылдагы №1119/389 биргелешкен буйругу менен «КР онкологиялык оорулар менен жабыркаган оорулууларды наркотикалык дарылар менен камсыз кылуу боюнча чаралардын комплекстүү планы» бекитилген.<br><br>Бүгүнкү күндө ооруну басаңдатуучу каражаттарга жеткиликтүүлүктү жогорулатуу боюнча бөлүгүндө шайкештикке келтирүү максатында ченемдик-укуктук актылар каралып чыккан, атайын рецепттер менен наркотикалык каражаттарды сатуучу дарыканаларды, дарыкана пункттарынын картасы түзүлгөн, мындай дарыканаларга суроо-талап болгон аймактар аныкталган.<br><br>Ошондой эле соода-экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташтыктын жана медициналык жабдуулар түрүндөгү жардам менен алектенген Россия Федерациясынын бейөкмөт уюмдары менен КР Вице-премьер-министри А.Өмүрбекованын кеңешмесинде жетишилген алдын ала макулдашуулардын алкагында 2019-жылдын 12-ноябрында КР Саламаттыкты сактоо министрлигине медициналык жабдуулар түрүндөгү жардамдарды өнүктүрүү боюнча алдыдагы тиешелүү келишимдерди даярдоо жөнүндөгү кат жолдонгон. | Аткарылды (сунуш кабыл алынды, иш жүрүп жатат) |
| | • ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды ишке орноштурууну жана өз алдынча иш менен камсыз болууну колдоо боюнча чараларды көмөк көрсөтүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктарына киргизүүнү камсыз кылуу; | **КР ЭСӨМ 09.12.2019-жылдагы №02-5/10052 чыгыш номериндеги жообу**<br><br>Иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктүн негизги приоритеттүү багыттары өлкөнүн негизги стратегиялык жана программалык документтеринде аныкталган (2018-2040-жылдарда Кыргыз Республикасын Улуттук стратегиялык өнүгүүсү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Биримдик.Ишеним. Жаратмандык» Программасы). Негизги стратегиялык документтердин негизинде 2020-жылга чейин калкты иш менен камсыз кылуу жана ички жана тышкы эмгек миграциясын жөнгө салуу программасы ишке ашырылат. Аталган Программанын негизги максаты – калкты өндүрүштүк иш менен камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү, жумушсуздукту жана суроо-талаптардын теңсиздигин азайтуу жана эмгек ресурстарын толугураак жана сарамжалдуу пайдалануу менен калктын иш менен камсыз болуусуна таасир этүү чараларын ишке киргизүү жолу менен эмгек рыногунда сунуштоо, чет өлкөлөрдө эмгектенип жүргөн Кыргызстандын жарандарынын укуктарын коргоо. | Жарым-жартылай аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги тарабынан  жумушсуздукту жана суроо-талаптардын теңсиздигин азайтуужана эмгек ресурстарын толугураак жана сарамжалдуу пайдалануу менен калктын, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгүү жарандардын (ДМЧА) иш менен камсыз болуусуна таасир этүү чараларын ишке киргизүү жолу менен эмгек рыногунда сунуштоо боюнча максаттуу иштер жүргүзүлүүдө. 2013-2019-жылдар аралыгында жумушсуздукту жана суроо-талаптардын теңсиздигининин деңгээлин азайтуу жана эмгек ресурстарын толугураак жана сарамжалдуу пайдалануу менен калктын иш менен камсыз болуусуна таасир этүү чараларын ишке киргизүү жолу менен эмгек рыногунда сунуштоо боюнча ырааттуу иштер аткарылды. Ошентип, жумушсуздардын саны 205,5 миң адамдан 156,3 миң адамга азайды (азаюу -24%). Жумушсуздуктун деңгээли 8,3%дан 6,2%га азайды (азаюу -2,1%).<br><br>Калкты иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгүү мамлекеттик саясаттын кабыл алынган чаралары жөнүндө маалымат берилген. Ошондой эле анда ДМЧА үчүн ишке орноштуруунун конкреттүү артыкчылыктары жок. | |
| | 7) -ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды ишке кабыл алууда иш берүүчүнү стимулдаштырууга, ошондой эле көрсөтүлгөн адамдарды мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматка квоталар боюнча ишке орноштуруу кепилдиктерин белгилөөгө багытталган мыйзам долбоорун демилгелөө жана белгиленген тартипте Жогорку Кеңештин кароосуна киргизүү; | **КР ЭСӨМ жообу, 09.12.201-жыл, чыг. №02-5/10052.**<br><br>КР Өкмөтүнүн 21.05.2019-жылдагы №143 көрсөтмөсү менен 2006-жылдын 13-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынып, 2011-жылдын 21-сентябрында Кыргыз Республикасы кол койгон, Майыптардын укуктары жөнүндө Конвенциянын жоболорун ишке ашыруу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн.<br><br>Ведомстволор аралык жумушчу топ тарабынан 2019-2022-ж.ж. Майыптардын укуктарын коргоо боюнча Конвенциянын жоболорун ишке ашыруу боюнча алгачкы чаралардын Планынын долбоору иштелип чыккан, анда төмөнкүдөй тапшырмалар каралган:<br><br>– КР Эмгек кодексине ылайык ДМЧА бардык топторун ишке орношуусуна көмөк көрсөтүү;<br><br>– ДМЧАлардын мамлекеттик жана муниципалдык башкарууларга катышуусу. | Жарым-жартылай аткарылды (бул багыт боюнча иш жүрүп жатат) |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | • Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграциялык кызматтын чет өлкөлөрдөгү (Россия Федерациясындагы жана Казакстан Республикасындагы) кызматкерлеринин штаттык санын көбөйтүү боюнча чараларды көрүү; | **ТИМ**<br><br>Казакстан Республикасында КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын өкүлчүлүгү жок.<br><br>**Каржы министрлиги**<br><br>Азыркы учурда Россия Федерациясында 11 штаттык бирдик менен КРӨ караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын өкүлчүлүгү иштейт, анын ичинен 2 штаттык бирдик техникалык жактан тейлөө кызматкерлери. Өкүлчүлүккө коюлган тапшырма – чет өлкөдөгү КР жарандарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо.<br><br>Ошондой эле 31.12.2013-ж. № 724 КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген КР Тышкы иштер министрлигинин Жобосуна ылайык, министрликтин максаттары жана тапшырмалары болуп чет өлкөлөрдөгү КР жарандарынын жана юридикалык жактарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле КР миграциялык саясатын ишке ашырууга катышуусу саналат.<br><br>Белгилеп коюу керек, мамлекеттик органдардын штаттык бирдигинин көбөйүшү республикалык бюджетке болгон кошумча оорчулукка алып келет.<br><br>«КР 2019-жылга республикалык бюджет жана 2020-2021-жылдарга болжолу жөнүндө» КР Мыйзамы бекитилген, ошондой эле 2020-жылга республикалык бюджеттин жана 2020-2021-жылдарга карата болжолдун долбоору даярдалган, анда республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн чыныгы болжолдуу көрсөткүчүнүн негизинде республикалык бюджеттин ресурстары министрликтер жана ведомстволор боюнча бөлүштүрүлгөн, ошол эле учурда КРӨ караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын чет өлкөлөрдөгү штаттык бирдигин болушунча көбөйтүүгө каражат каралган эмес. | Мамлекеттик органдарда штаттык бирдикти көбөйтүүгө мораторий киргизилгендиктен аткарууга мүмкүн эмес |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | **ММК**<br><br>КРӨ караштуу ММК чет өлкөлөрдөгү (Россия Федерациясындагы жана Казакстан Республикасындагы) кызматкерлеринин штаттык бирдигин көбөйтүү боюнча токтомунун 11-абзацынын 2-пунктуна байланыштуу, КР Өкмөтүнүн 25.07.2016-жылдагы №414 "Мамлекеттик органдардын штаттык санын көбөйтүүгө мораторий киргизүү жөнүндө" Токтомуна ылайык 2017-2019-жылдарга иштеп жаткан министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагында турган мекемелердин, уюмдардын штаттык санынын чегин көбөйтүүгө мораторий белгиленгендигин билдиребиз.<br><br>Жогоруда айтылгандарга байланыштуу, ошондой эле республикалык бюджеттин сезилерлик тартыштыгын эске алуу менен штаттык бирдикти көбөйтүү жана аймактык түзүмдөрдү түзүү мүмкүн эмес. | |
| | 8) -Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине "эмгек мигранттарынын балдары" аныктамасын киргизүү жагынан өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгын кароо; | Азыркы учурда, КР Конституциясы тарабынан жана КР Жогорку Кеңешинин 1994-ж. 12-январындагы №1402-XII токтому менен ратификацияланган, 1989-жылдагы БУУнун Башкы Ассамблеясынын 14-сессиясында кабыл алынган Баланын укуктары жөнүндө конвенция тарабынан каралган балдардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын негизги кепилдиктерин түзүү максатында, КР Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер жана регламент боюнча комитетинин чечими менен түзүлгөн жумушчу топ тарабынан «Балдар жөнүндө» КР Кодексинин долбоору иштелип чыккан. | Аткарылууда |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына балдарды кароосуз (камкордуксуз) калтыргандыгы үчүн ата-энелердин (аларды алмаштырган адамдардын) жоопкерчилигин белгилөөнү караган өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселени иликтөө; | Долбоор ата-энеси КР аймагынан тышкары чыккан учурларда багуусуз калган балдардын түшүнүктөрүн жана башка эмгек мигранттарынын балдарынын укуктары жана кызыкчылыктарына багытталган өзгөчөлүктөрдү камтыйт.<br><br>КР Балдар жөнүндө Кодексинин иштелип чыккан долбоорунда ата-энелердин чет өлкөлөргө чыгуу учурунда жана балдарын башка адамдардын кароосуна (багуусуна) калтырууда ата-энелер (алардын ордун басуучу адамдар) тарабынан милдеттүү түрдө толтурулуучу документтердин тизмесин караган беренелер киргизилген, аталган жол-жоболорду көзөмөлдөө боюнча орган, ошондой эле убактылуу багуучулардын милдеттери аныкталган.<br><br>Долбоор тарабынан ата-энелердин (алардын ордун басуучу адамдардын) балдарды кароосуз калтыруусу (багуусуз) үчүн жоопкерчилигин жогорулатууга багытталган ченем сунушталууда.<br><br>Ошондой эле Балдар жөнүндө кодекстин долбоорунун негизинде КР бир катар мыйзамдарына, анын ичинде балдарды кароосуз (багуусуз) калтыргандыгы үчүн ата-энелердин (багуучулардын) жоопкерчилиги каралган Үй-Бүлөлүк, Жарандык, Жарандык-процесстик, Жазык, Жазык-процесстик Кодекстерине, Жоруктар жана бузуулар жөнүндө Кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдардын долбоорлору иштелип чыккан. | |
| | Балдарга карата зомбулуктун алдын алуунун, ошондой эле эмгек мигранттарынын балдарын табуунун тутумдук чараларын иштеп чыгуу; | КР Өкмөтүнүн 22.06.2015-ж. №391 токтому менен оор турмуштук кырдаалдарда (ОТК) жашаган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоонун тартиби бекитилген. Бул токтомго ылайык, ОТК жашаган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин аймактык бөлүмдөрү тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлигинин аткаруу органдары менен биргеликте ишке ашат. Балдарга карата болгон зордук-зомбулукту жана аесуз мамилелерди болтурбоо максатында 2019-2020-ж.ж. карата Балдарга карата болгон зордук-зомбулукту жана аеосуз мамилелерди болтурбоо боюнча шашылыш чаралардын планы бекитилген (КР Өкмөтүнүн 29.03.2019-ж. 82-р тескемеси). План балдарга карата зордук-зомбулукту болтурбоо боюнча иш-чараларды өзүнө камтыган 26 иш-чарадан турат. | Аткарылууда |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | 2018-жылы республика боюнча балдарга карата болгон зордук-зомбулукту жана аесуз мамилелерди болтурбоо боюнча райондук штабдардын иштери жандандырылган. Эмгек мигранттарынын 106985 балдары аныкталган (ички мигранттардын балдары – 17441, тышкы мигранттардыкы – 89544).<br><br>2019-жылдын 1-ноябрына карата, ОТК жашаган 5369 балдар жана 5189 үй-бүлөлөр аныкталган, буга байланыштуу 2136 Балдарды коргоо боюнча индивидуалдуу план жана 931 Үй-бүлөлөр менен иштөөнүн индивидуалдуу планы иштелип чыккан жана бекитилген, анын ичинен ОТК 3269 бала жана 1051 үй-бүлө ОТК чыгарылган.<br><br>2015-жылдан баштап КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдында күнү-түнү иштеген «Балдар үчүн ишеним телефону - 111» Борбору» мамлекеттик мекемеси иштеп келе жатат, республиканын бардык аймактарынан болгон чалуулар акысыз.<br><br>Жалпы билим берүү мекемелеринде жана жатак түрүндөгү балдар мекемелеринде окуган балдар «Балдар үчүн ишеним телефону - 111» борбору иштей тургандыгынан маалымдар болушкан.  2019-жылы, «балдар үчүн ишеним телефону» аркылуу 130303 телефондук чалуулар болгон, анын ичинен 1679у чыныгы чалуулар – үй-бүлөлүк мамилелер жана чыр-чатактар, баланы тарбиялоо жана жүрүм туруму, мектеп рэкети ж.б.у.с. маселелерге байланыштуу кайрылуулар болгон (балдар – 238, чоңдор – 1441). Ар бир кайрылуу боюнча кеңештер жана сунуштар берилген. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Үй-бүлөлөрдө, окуу мекемелеринде, коомдук жайларда балдарга карата зордук-зомбулуктарды жана аеосуз мамилелерди алдын алуу, жана социалдык жактан коркунучтуу абалда жашаган балдарга жана өспүрүмдөргө жардам көрсөтүү максатында, 27.12.2018-жылы КР ИИМ №1138 «Жашы жетелектерге карата зордук-зомбулук жана аеосуз мамилелер болгон фактыларды болтурбоо боюнча алдын алуучу иш чараларды күчөтүү жөнүндө» тескемеси чыккан, аны аткарууда маалыматтар базасын түзүү жана ата-энесинин багуусусуз калган балдарды, анын ичинде ички жана тышкы мигранттардын балдарын коргоо боюнча чараларды кабыл алуу максатында ар бир короодогу үй-бүлөлөрдү иликтеп чыгуу боюнча иштер өткөрүлүүдө, ошондой эле ата-энелер арасында республикадан тышкары чыгып кете тургандыгы боюнча социалдык өкүлдөрдү маалымдар кылуу боюнча жана балдарды багуу боюнча документтерди толтуруу зарылдыгы тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.<br><br>Ошентип, өткөн мезгил ичинде республиканын аймагында 515 штаб түзүлдү, мүчөлөрүнүн саны 3450 адам. 265450 үйгө баруулар болду, анын натыйжасында ички жана тышкы мигранттардын 85427 балдары аныкталды, алар менен социалдык өнүгүү органдары тарабынан иштер жүргүзүлүүдө. | |
| | 9) -Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тараптардын жарашуусуна байланыштуу жаш балдарга карата атайлап жасалган кылмыштар жана жосундар боюнча өндүрүштү токтотуу (жоопкерчиликтен бошотуу) мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелөө жана белгиленген тартипте Жогорку Кеңештин кароосуна киргизүү; | **КР ИИМ**<br><br>Бул маселенин мамлекеттик бийликтин башка органдары менен өз ара аракеттешүүнү карап чыгуу КР ИИМ тарабынан сунушталууда, анткени балдарга карата болгон зордук-зомбулук менен күрөшүү үчүн аракеттердин укуктук каражаттары жетишсиз, буга байланыштуу жашы жете электерге карата, ошондой эле жашы жете электердин өздөрү тарабынан болгон укук бузуулардын болушун шарттаган себептерди жана шарттарды изилдөө боюнча комплекстүү социалдык-экономикалык жана психологиялык-педагогикалык талдоонун зарылчылыгы бар | Аткарылган жок |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | Эки тараптуу эл аралык келишимдерди түзүү аркылуу Кишинев жана Минск конвенцияларынын катышуучусу болуп саналбаган мамлекеттер менен алименттик милдеттенмелерди аткаруу механизмдерин жөнгө салуу боюнча чараларды көрүү; | **КР Сот департаменти**<br><br>Бул багытта белгилүү бир иштер аткарылгандыгын билдирет, анын жыйынтыгында 2007-жылы 23-ноябрда Гаагада кабыл алынган, «Балдарга болгон алименттерди, жана үй-бүлөнү колдоонун башка формаларын өндүрүүнүн эл аралык тартиби жөнүндө Конвенцияга кошулуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору, ошондой эле аталган мыйзам долбоорун жактыруу жөнүндө КР Өкмөтүнүн токтомунун долбоору иштелип чыккан. Бүгүнкү күндө Сот департаменти тарабынан макулдашуу жолжобосу жүргүзүлдү, жана жакынкы мезгилдерде долбоор КРӨ кароо үчүн жиберилет.<br><br>Ошондой эле КР ИИМ маалымдагандай,  алименттик милдеттерди аткаруунун механизмдерин жөнгө салуучу ченемдерди камтыган Кишинев жана Минск конвенцияларынан тышкары, Кыргызстан үчүн 2004-жылы күчүнө кирген, 1956-жылдагы БУУнун Алименттерди чет өлкөлөрдөн өндүрүү жөнүндө конвенциясы дагы бар экендигин билдирди (64 өлкө ратификациялаган; 5 өлкө кол койгон, бирок ратификациялаган эмес).<br><br>БУУнун аталган Конвенциясынын 2-статьясына ылайык, ар бир макулдашкан өлкө  бир же бир нече администрациялык же соттук мекемелерге өз аймагында берүүчү жана аралык инстанциялардын иш-милдеттерин аткарууну тапшырат. БУУнун расмий сайтындагы маалымат боюнча берүүчү жана аралык инстанциялардын иш-милдеттерин «Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Сот департаменти» аткарат.<br><br>Алименттер соттук тартипте өндүрүлөрүн көңүлгө алуу менен, министрлик чет өлкөлөрдөн алименттерди өндүрүү жөнүндө иштер боюнча тиешелүү соттук статистикага ээ эмес. Буга ылайык, КР ИИМинде кайсыл мамлекеттер менен алименттик милдеттенмелерди аткаруунун механизмдерин жөнгө салуу боюнча эки тараптуу келишимдерди түзүү зарылчылыгы бар экендиги тууралуу маалыматтар жок. | Аткарылууда |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Буга байланыштуу, алименттерди өндүрүүнүн негизи болуп соттук чечим саналат жана аны аткаруу тууралуу маселе алдыда турат, андай болсо, «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, КР Жогорку соту башында турган сот бийлигинин органдары сунуштай алышат:<br><br>1) Кыргыз Республикасынын Президентине: мамлекеттер аралык эл аралык келишимдерди түзүү жөнүндө маселени кароо;<br><br>2) Кыргыз Республикасынын Премьер-Министрине: Өкмөттүн компетенциясына кирген маселелер боюнча Өкмөт тарабынан түзүлгөн өкмөттөр аралык эл аралык келишимдерди  же мамлекеттер аралык эл аралык келишимдерди түзүү жөнүндө маселени кароо. | |
| | Алимент төлөөдөн атайлап качкан карызкорлорду табуу жана аларды жазык жоопкерчилигине тартуу максатында соттук аткаруучуларга эмгекке жарамдуу карызкорду жумушсуз катарында эсепке турууга сот аркылуу милдеттендирүү ыйгарым укуктарын берүү жөнүндө маселени талдоо | Мыйзам долбоору аркылуу баланын жашына карата күнүмдүк керектөөсүнө ылайыкташтырылып, ата-эненин айлык акысына же башка кирешесине жараша үлүштөп өндүрүлгөн алименттердин минималдуу көлөмү бекитилген.<br><br>Өздөрүнүн алименттик милдеттенмелери карызкорлор тарабынан аткарылуусу үчүн аталган долбоордо каралган негизги ченемдердин бири болуп карызкордун чыгып кетүүсүн убактылуу чектөө жөнүндө сот аткаруучунун токтомунун чыгуусу үчүн болгон мөөнөттү бекитүү саналат.<br><br>Мыйзам долбооруна кирген дагы бир жаңы өзгөрүү баланын Кыргыз Республикасынын аймагынын убактылуу чыгып кетүүсүнө (дарылануута, спорттук жана башка мелдештерге катышууга, эс алууга ж.б.), байланыштуу маселе боюнча талаш-тартыштарга, баланын кызыкчылыгын эске алуу менен, бир айдан кечиктирилбестен жана соттун чечиминин негизинде ага жалпы жарандык паспортту берүү менен соттук тартипте уруксат берүү мүмкүнчүлүгү саналат.<br><br>Мажбурлоо менен ишке орноштурууга байланыштуу Сот департаменти соттук аткаруучуларга мажбурлоо менен ишке орноштуруу боюнча милдеттерди тагуу максатка ылайык эмес деп эсептерин билдирет, анткени алар кызыкдар адамдар болбошу керектигине байланыштуу аткаруу өндүрүшү боюнча тарап катары эсептелишпейт. | Бул маселе кароодо |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | 10) -Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине эмгекке жарамдуу карызкорду жазык-укуктук таасир этүүнүн кошумча чарасы катары мажбурлаган эмгекке тартууну караган өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максатка ылайыктуулугун кароо; | **ЭСӨМ**<br><br>КР Өкмөтүнүн 18-январь 2017-жылдагы №12-р тескемеси менен бекитилген, КР Өкмөтүнүн, Кыргызстандын профсоюздар федерациясы жана иш берүүчүлөрдүн республикалык бирикмелеринин ортосундагы 2017-2019 жылдарга болгон үч тараптуу Башкы макулдашуунун алкагында КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 03.05.2019-жылдагы №37 тескемеси менен КР эмгек мыйзамдарын жакшыртуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу тобу түзүлгөн. Жакынкы мезгилдерде жумушчу топтун отурумунда КР Жоруктар жөнүндө Кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максаттуулугу тууралуу маселе каралат.<br><br>**ЖАМК**<br><br>“Карызкор/дебитор” термини жарандык укукта – белгиленген иш-аракетти жасоо милдеттерин аткаруу боюнча милдеттүү же иш-аракеттерди аткаруудан баш тартуучу жаран же юридикалык жак. Ошондой эле карыз маселеси КР жарандык мыйзамдары менен жөнгө салынат. Ошону менен бирге эле, КР Жоруктар жөнүндө Кодексинин 44-беренесине ылайык, жоруктарды жасоого күнөөлүү деп таанылган адамдарга жазалардын негизги жана кошумча түрлөрү, анын ичинде коомдук иштер, түзөтүү иштери колдонулушу мүмкүн экендигин белгилеп коелу. Буга байланыштуу жогоруда көрсөтүлгөн кодексте жазык-укуктук таасир этүүнүн кошумча чаралары катары эмгекке жарамдуу карызкорду мажбурлап иштетүү бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү максатка ылайык келбейт деп эсептейбиз. | Аткарылган жок |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрүстөндөрдүн түзүмүнө карата – ар башка диндеги жана ынанымдагы адамдардын сөөгүн коюу үчүн аларды секторлорго бөлүү жөнүндө талапты бекемдөө зарылчылыгын иликтөө, ошондой эле сөөк коюу үчүн жер участокторун берүү тартибин жөнгө салуу; | Мамкомиссия тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Жарандарды жерге берүү тартиби жөнүндө» токтомунун долбоору иштелип чыккан. Токтомдун долбоору республиканын баардык облустарында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын, диний уюмдардын өкүлдөрү жана жарандык коомдун катышуусунда коомдук талкуудан өткөрүлүп, азыркы учурда келип түшкөн сын-пикирлердин жана сунуштардын жыйынтыгы чыгарылууда жана андан кийин Министрликтерге жана ведомстволорго макулдашуу үчүн жиберилет. | Жарым-жартылай аткарылды |
| | - Төмөнкүлөргө өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган мыйзам долбоорун демилгелөө жана белгиленген тартипте Жогорку Кеңештин кароосуна киргизүү:<br><br>-Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине, зарылчылык болгон учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 103-беренесинин талаптарын толук көлөмдө ишке ашырууга багытталган башка ченемдик укуктук актыларга;<br><br>-доогер доо талаптарын кийин азайтышынын натыйжасында келип чыккан ашыкча төлөнгөн сумманы кайра кайтаруу мүмкүнчүлүгү жагынан Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексине жана Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине; | **Каржы министрлиги**<br><br>Өкмөттүн 2019-жылдын 4-декабрындагы №655 токтому менен КР Жогорку Кеңешинин депутаты К.С.Бокоев тарабынан демилгеленген "КР айрым мыйзам актыларына (Салыктык эмес кирешелер жөнүндө КР кодекси, КР Жарандык-процесстик кодекси) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзам долбооруна КР Өкмөтүнүн бүтүмү жактырылган. | Бул маселе кароодо |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | эгерде тараптардын бири мыйзам боюнча мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулса, аны экинчи тарап толугу менен төлөй тургандыгын белгилеген ченемди кайра карап чыгуу жагынан Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 140-беренесинин 2-бөлүгүнө; | **Каржы министрлиги**<br><br>КР Каржы министрлиги тарабынан Салыктык эмес кирешелер жөнүндө КР Кодексинин 140-беренесинин 2-бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү каралган "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамынын долбоору иштелип чыккан. Азыркы учурда Мыйзамдын белгиленген долбоору тиешелүү мамлекеттик органдар менен макулдашуу жол-жоболорунан өтүп жатат, макулдашуу жол-жоболору бүткөндөн соң Мыйзам долбоору белгиленген тартипте КР Өкмөтүнө киргизилет. | Бул маселе кароодо |
| | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматты зарыл адамдык ресурстар менен комплекттөөнү жана алардын кесиптик даярдыгын артыкчылыктуу тартипте камсыз кылуу; | **Каржы министрлиги**<br><br>2019-жылы КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматынын штаттык бирдиги 20 бирдикке көбөйгөн («КР Өкмөтүнүн Соттук-эксперттик ишти уюштуруу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 22-августундагы №423 токтому).<br><br>«Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолу жөнүндө» КР Мыйзамында КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматына штаттык бирдигин көбөйтүүгө 7,2 млн.сом көлөмүндө каражат каралган.<br><br>**МСЭК**<br><br>Кызматтын структуралык бөлүмдөрүнүн ишин оптималдаштыруу максатында анын структураларын реорганизациялоо жүргөн, анын натыйжасында Кызматтын 2019-жылдын 18-октябрындагы №58 буйругу менен жаңы структурасы жана штаттык иш тартиби бекитилген. | Аткарылды<br><br>Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Ошентип, атап айтканда, компьютердик-техникалык жана фоноскопикалык экспертизалардын жаңы бөлүмү түзүлгөн, түштүк башкармалыгына лингвистикалык жана динтаануу экспертизаларынын өндүрүшүн уюштуруу үчүн жана курулуш-техникалык экспертизаларды толуктоого 5 штаттык бирдик берилген.<br><br>Кызмат тарабынан жыл сайын дараметин жогорулатуу жана окутуу боюнча иш-чараларга эксперттик бөлүмдөрдүн муктаждыктары талданып турары дагы кошумча маалымдалды. Жыйынтыгында, Кызматтын кызматкерлерин окутуунун жана такшалуудан өтүүлөрүнүн планы түзүлөт, бул каржы булактарын, анын ичинде донордук булактарды издөө менен ишке ашырылып жатат. | |
| | кийин окутууну жана маалыматтык өнөктүктү уюштуруу менен эксперттердин компетенциясынын жана маселелерди экспертизага коюунун маселелери боюнча экспертизаны дайындай турган адамдар (тергөөчүлөр, адвокаттар, судьялар) үчүн нускаманы иштеп чыгуу жана бекитүү; | **ИИМ**<br><br>КР ЖПК 35-беренесинин 2-бөлүгүнүн жобосуна ылайык, тергөөнүн багыты жана тергөө амалдарынын өндүрүшү жөнүндө бардык чечимдерди тергөөчү прокурордун макулдугун же КР ЖПК белгиленген тергөө судьясынын чечимин алуу менен мыйзам тарабынан каралган учурлардан тышкары, өз алдынча кабыл алат жана алардын мыйзамдуу жана өз учурундагы өндүрүш үчүн жооптуу болот.<br><br>**МСЭК** маалыматы боюнча<br><br>2014-жылы экспертизалардын көбүрөөк тараган түрлөрүнүн ичинен бирөөсү боюнча «Соттук-автотехникалык жана транспорттук-трассологиялык экспертизаларды даярдоо жана белгилөө» методикалык нускамасы иштелип чыккан жана колдонууга берилген. Мындан тышкары, экстремизм жана терроризм менен байланышкан иштер боюнча соттук экспертизаларды дайындоо жана өндүрүү маселелери боюнча укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлери үчүн нускаманын долбоору иштелип чыккан. Азыркы учурда нускаманын долбоору аяктоо баскычында турат жана 2019-жылдын аягына чейин БУУ БКБ техникалык колдоосу менен мамлекеттик жана расмий тилдерде басылып чыгышы керек. | Аткарылган жок<br><br><br><br><br><br><br><br>Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Андан тышкары, жогоруда айтылган нускаманын негизинде<br><br>МСЭКтин 16.04.2019-ж. №33 буйругу менен түзүлгөн ченемдик укуктук базаларды жакшыртуу боюнча жумушчу топтун ишинин алкагында соттук-эксперттик ишмердүүлүктүн башка багыттары боюнча тиешелүү көрсөтмөлөр иштелип чыгат. | |
| | «Жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-статьясында аныкталган ыйгарым укуктардын алкагында мамлекеттик кепилдиктердин программаларына ылайык медициналык камсыз кылууну жүргүзүү жана эркиндигинен ажыратуу жана эркиндигин чектөө жерлеринде системалуу кодулоону токтотуу боюнча чараларды көрүү; | **ИИМ**<br><br>2002-ж. 31-октябрындагы №150 «Кылмыш жасаганга шектелгендиги жана айыпталгандыгы боюнча кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамынын «Медициналык-санитардык камсыздоо» боюнча бөлүмүнүн 23-беренесине ылайык, камакта кармоо жайларындагы дарылоо-профилактикалык жана санитардык-эпидемиологиялык иштер республиканын ИИО УКЖ аткарыла турган КР жарандарынын саламаттыгын коргоо жөнүндө мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Ошону менен бирге, КР Өкмөтүнүн 02.02.2006-жылдагы №57 «КР ички иштер органдарынын убактылуу кармоо изоляторлорунун ички тартиптери жана эрежелери» токтомундагы «Медициналык-санитардык камсыздоо» боюнча 5-бөлүгүнүн 5.3. пунктуна ылайык, УКЖ кармоо үчүн жеткирилген адамдар аларды камераларга жайгаштырганга чейин токтоосуз медициналык жардам көрсөтүүгө муктаждарды аныктоо үчүн алардын саламаттыгы жөнүндө УКЖ нөөмөттөгү кызматкери тарабынан сурамжыланат. Алардын ичинен саламаттыгы начар экендиги тууралуу даттануу болгон учурларда же оорунун белгилери ачык билингенде УКЖ нөөмөтчүсү токтоосуз түрдө тез жардам бригадасын чакырууга милдеттүү.<br><br>Шектүүлөрдү жана айыптууларды суракка алуу, бул учурда саламаттыгы боюнча даттануулар жана муктаж болгондорго медициналык жардам көрсөтүүнүн мүнөзүнүн жыйынтыктары тууралуу УКЖ нөөмөт бөлүмүндө ар дайым сакталып турган атайын журналда тиешелүү маалыматтар жазылат. | Жарым-жартылай аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Муну менен бирге эле, токтомдун шашылыш медициналык жардам тууралуу 5.4. пунктуна ылайык, шектүүлөргө жана айыпталуучуларга медициналык шашылыш жардам саламаттык сактоонун аймактык органдарынынын кечиктирилгис «тез жардам» бригадасы тарабынан көрсөтүлөт.<br><br>Ошондой эле, Токтомдун 5.9. пунктуна ылайык,  ИИО ар бир УКЖда универсалдуу медициналык аптечка болууга тийиш. Андагы медициналык препараттардын курамын медициналык кызмат аныктайт жана чыгымдалышына жараша кайрадан толукталып турат. | |
| | | **ЖАМК**<br><br>Алгачкы тергөөдөгү адамдар, ошондой эле жазасын өтөп жаткандар, бейтаптын өмүрүнө коркунуч жараткан аргасыз абал жаралганда, пенитенциардык тутумдун медициналык кызматтарында аларга медициналык жардам көрсөтүү мүмкүн болбогон учурларда КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №790 токтому менен бекитилген акысыз жана жеңилдетилген шарттарда жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча Медициналык-санитардык жардам алууга укуктуу жарандардын категорияларынын тизмесинин 29-пунктуна ылайык, акысыз жана жеңилдетилген шарттарда медициналык-санитардык жардам алууга укуктуу болушат.<br><br>Азыркы учурда, «2018-жылда КР адамдын жана жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндөгү КР Акыйкатчысынын баяндамасы жөнүндө» КР Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 18-сентябрындагы №3244-VI  токтомун ишке ашыруу боюнча ЖАМК иш-чараларынын ведомстволук планына ылайык, ЖАМК мекемелеринин тиешелүү кызматтары тарабынан ЖАМК мекемелеринде басмырлоо фактыларына  жол бербөө боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатат. | Жарым-жартылай аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө», «Жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы (мындан ары - ЖАМК) үчүн жалпы дарылоо тармагынын оорулары жана жазык-аткаруу тутумунун мекемелериндеги оорулар боюнча өз-өзүнчө статистикалык маалыматтарды киргизүү үчүн эркиндигинен ажыратуу жерлеринде кармалып турган адамдардын оорулары боюнча статистикалык эсепке алуунун бирдиктүү формасын киргизүү; | **ЖАМК**<br><br>Аталган маселе боюнча, 02.07.2010-жылы КР Саламаттыкты сактоо министрлиги, Улуттук статистикалык комитети тарабынан бекитилген формаларга ылайык, КРӨ караштуу ЖАМК медициналык кызматы тарабынан статистикалык отчеттуулукту даярдоо ишке ашырылып жаткандыгын маалымдашты.<br><br>УКЖ мекемелериндеги жарандардын ооругандыгы боюнча статистикалык маалыматтар белгиленген мөөнөттөрдө Улуттук фтизиатрия борборуна, Мамсанэпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментине, КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин республикалык наркология борборуна, ошондой эле КР Улуттук статистикалык комитетине жиберилет.<br><br>Буга байланыштуу, азыркы учурда  ЖАТ мекемелеринде кармалган адамдардын ооругандыгы боюнча кошумча статистикалык отчеттуулукту иштеп чыгуунун жана ишке киргизүүнүн зарылдыгы жок. | Аткарылган жок |
| | аткаруу бийлик органдары Акыйкатчынын (Омбудсмендин) психиатриялык мекемелерде жүргөн адамдардын укуктарын бузууну жоюуга багытталган сунуштамаларын аткарышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү; | **Саламаттыкты сактоо министрлиги**<br><br>Жашаган жери боюнча көп багыттуу кесипкөй жардам көрсөтүү менен бирге психиатриялык жардам көрсөтүүнү өнүктүрүү максатында КР ССМ 27.12.18-ж. №900 «Психикалык жактан жабыркаган адамдарга БМСЖ деңгээлинде кызмат көрсөтүү боюнча психикалык саламаттыктык кызматын оптималдаштыруу жөнүндө» буйругуна ылайык, бүтүндөй республика боюнча Дициплиналар аралык командалар (мындан ары -ДАК) түзүлүүдө.  Кызматкерлердин функционалдык милдеттери, эсепке алуу жана отчеттуулуктун формалары менен бирге ДАКтар жөнүндө жобо бекитилген. ДАК төмөнкү адистерден турат: врач психиатр, медпсихолог, кабинеттик медайым, көмөкчү медайым. | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Бекитилген бюджеттердин чегинде үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлорунун тутумуна (мындан ары -ҮДБ) курамына төмөнкү адистер кирген ДАК киргизилди: психолог, кабинеттик жана көмөкчү медициналык психиатр, психолог, кабинеттик жана көмөкчү медициналык айымдар. Саламаттыкты сактоо министрлигинин жана КР Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары-ММКФ) биргелешкен буйругу жана 6-12 ай аралыгында психикалык жактан жабыркаган бейтаптарды үзгүлтүксүз кароо жана дарылоо үчүн Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын (БМСЖ) деңгээлинде ДАК кызматкерлеринин ишин илгерилетүүнүн механизмдерин киргизүү жөнүндө жобо бекитилди.<br><br>БМСЖ деңгээлинде 11 пилоттук ҮДБ түзүлгөн ДАКтар активдүү иштеп жатат. Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Нарын, Талас, Каракол шаарларында жана Кадамжай, Кара-Суу, Сузак, Ноокат, Базар-Коргон райондорунда дициплиналар аралык командалар (ДАК) түзүлдү. Алар сыноодон өткөрүлдү.<br><br>Соматикалык профилдеги дарыгерлер менен өз ара аракеттенүү, баштапкы медициналык-санитардык жардамдын дарыгерлерин даярдоо, психикалык жактан жабыркаган оорулууларды БМСЖ деңгээлинде аныктоо жана алар менен иш алып баруу маселелери боюнча дарыгерлерди кошумча даярдоо максатында:<br><br>• КР ССМ буйругу менен психикалык жактан жабыркоолор боюнча 19 клиникалык нускамалар иштелип чыкты жана бекитилди, аларды саламаттыкты сактоонун дарыгерлеринин тажрыйбаларында колдонуу боюнча иштер башталды.<br><br>• 2019-ж. июнь айында КР ССМ 21.06.2019-ж. №495 көрсөтмөсү менен психатр дарыгерлер жана Ош, Баткен, Жалал-Абад облустарындагы БМСЖ дарыгерлери үчүн окутуулар өткөрүлгөн.<br><br>• эл аралык эксперттер тарабынан окутуу тренингдери өткөрүлдү (бардыгы – 10): 23 жергиликтүү машыктыруучулар даярдалды. МСБ,ФАП, САК, СБК 980 кызматкери психикалык саламаттык жана психиатриялык кызмат көрсөтүү боюнча жаңы методдорго байланыштуу маселелер боюнча окутулду; | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | • Адам сатуунун психологиялык таасири жана адам сатуунун курмандыктары менен туура иш алып баруу боюнча прокуратуранын кызматкерлерине окутуу тренингдери өткөрүлдү. Сексуалдык зордук-зомбулук жана сексуалдык зордук-зомбулуктун курмандыктары менен иш алып барууда материалдарды даярдоо жана соттук-психиатриялык экспертизаларды өткөрүүнү баалоо боюнча ИИМ тергөөчүлөрү үчүн методикалык сунуштамалар иштелип чыкты;<br>• Психикалык жана неврологиялык ооруларга, ошондой эле саламаттыкты сактоонун адистештирилбеген мекемелеринде психоактивдүү заттарды колдонуу менен байланышкан ооруларга байланыштуу жардам көрсөтүү боюнча БДСУ Европалык регионалдык кызматкерлери тарабынан иштелип чыккан mhGap нускамасын киргизүү иштери жүрүп жатат. Көрсөтүлгөн нускама КР шарттарына ылайыкташтырылган жана ЮНИСЕФ колдоосу менен Бишкек шаарынын жаңы конуштарында сыноодон өткөн (“Босого”, “Улан”), аталган нускаманы ишке киргизүү боюнча иштерди улантуу пландалууда;<br>• Саламаттыкты сактоо системасынын бардык баскычтарында натыйжалуу документтештирүү боюнча (Стамбул протоколу) мониторинг жүргүзүлүүдө.<br>Бардык психиатриялык мекемелерде дарылык тамак-аштар боюнча кеңештер иштейт. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | «Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө» жана «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзүнүн эмгек ишинин негизги бөлүгүн бийик тоолуу шарттарда жана жетүүгө кыйын болгон алыскы зоналарда жүзөгө ашырган жарандардын пенсияларына үстөк акыны сактоо жагынан тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган мыйзам долбоорун демилгелөө жана белгиленген тартипте Жогорку Кеңештин кароосуна киргизүү; | **Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги** тарабынан өзгөчө статуска ээ, КР айрым чек ара аймактарында жашаган жана иштеген калкка 1.20 өлчөмүндөгү кошумча коэффициентти бекитүүнү караган КР Өкмөтүнүн токтомунун долбоору иштелип чыкты. Эмгек акыга жана башка социалдык төлөмдөргө болгон кошумча коэффициентти бекитүү төмөнкүлөргө жол берет:<br><br>- стратегиялык жактан маанилүү аймактарды жана өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн сактоого;<br><br>- Өзгөчө статуска ээ, Кыргыз Республикасынын айрым чек ара аймактарындагы калктуу пункттардын жашоочуларынын жашоосунун сапатын жогорулатуу үчүн шарт түзөт;<br><br>- КР калктуу пункттарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлиндеги айырмачылыктарды кыскартуу.<br><br>Бүгүнкү күндө долбоор министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуу жол-жобосунан өтүп жатат (15.08.2019-ж. чыг. №18-6/6528). | Аткарылган жок |
| | | **ЖАМК**<br><br>КР бийик тоолуу жана алыскы барууга кыйын зоналарында жашаган жана иштеген жарандарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү системасын тартипке келтирүү максатында, «Бийик тоолуу шартта жашаган жана иштеген жарандар үчүн мамлекеттик кепилдиктер жана компенсациялар жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, КР Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 «КР бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө» токтому кабыл алынган, ага ылайык КР бийик тоолуу жана алыскы барууга кыйын болгон зоналарында жашаган жана иштеген калктын эмгек акысына жана башка социалдык төлөмдөрдүн түрүнө болгон кошумча коэффициент КР жазык-аткаруу тутумунун кызматкерлерине дагы төлөнөт. | Аткарылган жок |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Өз кезегинде, «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, аларга пенсиялык жана башка кошумча төлөмдөрдү чегерүү «Аскер кызматкерлерин пенсиялык камсыздоо жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык аныкталарын белгилей кетели.<br><br>Ошондой эле, жогоруда аталган Мыйзамдын 49-беренесинин 2-абзацына ылайык, мөөнөттүү аскер кызматкерлери жана алардын үй-бүлөлөрүндөгү пенсия курагындагыларга жумушчулар менен кызматтагылардын эмгек акысына райондук коэффициенттер каралган райондордо жашаган мезгилине жараша «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» КР Мыйзамында каралган тартипте пенсия төлөнөт. «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 23-беренесинин 8-абзацына ылайык, пенсионер эмгек акыга райондук коэффицент каралбаган же аз өлчөмдө белгиленген калктуу пунктка туруктуу жашоо үчүн кеткен учурда, анын эмгек акысына болгон райондук коэффицентин эске алуу менен аныкталган пенсиясын которуу үчүн орточо айлык акысы кайра эсептелүүгө жатпайт.<br><br>Жогоруда аталган Мыйзамдардын негизинде өзүнүн эмгектик ишмердүүлүгүнүн негизги бөлүгүн өлкөнүн бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын болгон зоналарында өткөргөн жазык-аткаруу тутумунун пенсионерлеринин пенсиясына кошулуучу кошумча төлөмдөр сакталат.<br><br>Буга байланыштуу, жогоруда аталган мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү кигизүү максатка ылайык эмес деп эсептейт. | |
| | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына мамлекет төлөгөн каражаттарды кийин ата-энелерден өндүрүп алуу менен балдарга алименттердин бекитилген минималдуу өлчөмүн мамлекет төлөшүн камсыз кылуу жагынан өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселени кароо; | **ЭСӨМ**<br><br>Азыркы учурда КР Жогорку Кеңешинин депутаттары А.Т. Мамашова, А.Т.Алтыбаева, Г.К.Асылбаева, Д.Ш.Исаева, А.Ж.Исмаилова, И.Карамушкина, А.К.Касымалиева, А.С.Кодуранова, М.Э.Мавлянова, Г.С.Молдобекова, Ж.А.Мусабекова, Н.В.Никитенко, А.Ш.Осмонова, Р.М.Туманбаева жана К.Б.Орозованын демилгеси менен «Алименттик милдеттерди жөнгө салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоору иштелип чыккан.  Аталган КР Мыйзамынын долбоору 2019-жылдын 27-ноябрында Жогорку Кеңеште биринчи окууда каралган. | Бул маселе кароодо |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | - «Мамлекеттик алымдын ставкаларын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги № 159 токтомуна мамлекеттик алымдын ставкаларында кандай болгон күндө да (башкача айтканда доонун суммасы канчалык көбөйбөсүн) 60 миң сомдон ашууга тийиш болбогон өндүрүп алынуучу алымдын суммасынын чегин белгилөөнү караган өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселени иликтесин; | **Каржы министрлиги**<br><br>КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги №159 «мамлекеттик алымдын ставкаларын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселе КР Жогорку Кеңешинин депутаты К.С.Бокоев тарабынан демилгеленген «КР айрым мыйзам актыларына (КР Салыктык кирешелер тууралуу кодексине, КР жарандык процесстик кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоору КР Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган гана учурда каралат. | Бул маселе кароодо |
| | **2) Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы:**<br><br>-мыйзамдардын так жана бирдиктүү аткарылышын көзөмөлдөөнүн алкагында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жумуш орундарын квоталоо боюнча ченемдерди аткарбоого байланыштуу көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө коомчулукка дайыма маалымдап туруу; | **КР Башкы прокуратурасы** тарабынан бул сунуштамалардын алкагында жасалган иштер тууралуу расмий маалымат берилди. Прокурордук текшерүүлөрдү ишке ашырууда ДМЧАлардын эмгек укуктарын коргоого өзгөчө көңүл бурулуп жаткандыгы белгиленген, анын ичинде ДМЧАлар үчүн жумушчу орундарды бөлүү боюнча 21.06.2019-жылы КР Башкы прокуратурасы тарабынан “ДМЧАлардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын камсыз кылуу” деген темада тегерек үстөл өткөрүлгөн. Муну менен бирге эле ДМЧА чөйрөсүндө прокуратура органдары тарабынан аткарылган иштер мезгил-мезгили менен ЖМК, ошондой эле КР Башкы прокуратурасынын интернет-сайтында чагылдырылат (www.prokuror.kg) | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | -Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги (мындан ары - Кыргыз Республикасынын ИИМ), Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы менен бирдикте соттук-укуктук реформанын алкагында кабыл алынган жаңы кодекстерде каралган дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу чөйрөсүндөгү бузуулар үчүн жоопкерчилик жөнүндө жоболорду өзгөртүү жагынан прокуратуранын, ички иштер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери үчүн методикалык сунуштамаларды даярдоо; | Прокуратура органдарынын, ИИБ жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери үчүн методикалык сунуштамалар иштелип чыгууда, соттук-укуктук реформаларды ишке ашыруунун алкагында кабыл алынган республиканын жаңы кодекстеринде каралган дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу чөйрөсүндөгү укук бузуу үчүн болгон жоопкерчиликке байланыштуу, 14.10.2019-жылы КР Башкы прокуратурасы тарабынан КР Жогорку Кеңешинин 18.09.2019-жылдагы №3244-VI "Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндөгү КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы жөнүндө" Токтомунун 2-бөлүмүнүн 2-бөлүмчөсүн аткарууда КР ИИМ жана КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясына КР Жогорку Кеңешинин токтомунун жогоруда аталган бөлүмүн аткаруу тууралуу кат жолдонгон.<br><br>КР ИИМ жана КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынан алынган маалыматка ылайык, учурда аталган багытта тиешелүү методикалык сунуштамалар иштелип чыккан жана иш жүзүндө колдонулуп жатат.<br><br>Азыркы учурда КР ИИМ ЭжМАКК соттук-укуктук реформаларды ишке ашыруунун алкагында кабыл алынган республиканын жаңы кодекстеринде каралган дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу чөйрөсүндөгү укук бузуу үчүн болгон жоопкерчиликтер тууралуу жобону өзгөртүүгө байланыштуу ИИБ үчүн методикалык сунуштамалар иштелип чыгууда.<br><br>Андан тышкары, калктын, жалпы билим берүү мекемелериндеги студенттер менен окуучулардын арасында диний-экстремисттик жана эл аралык террористтик уюмдардын катарына тартууга жол бербөө жана тоскоолдук кылуу иштерин жүргүзүү максатында, дарстар, семинарлар, тегерек үстөлдөр, жолугушуулар жана конференциялар түрүндө түшүндүрүү мүнөзүндөгү 8605 профилактикалык иш-чаралар өткөрүлдү. Ошондой эле, ЖОЖдордо окугандар жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн 78 окуулар өткөрүлдү. 3 буклет жана 1 методикалык колдонмо, 31 слайддар, семинар-тренингдерди өткөрүү үчүн 3 модул даярдалды. Интернеттеги диний экстремизимди алдын алуу максатында, социалдык тармактар жана "Вотсап", мессенжер аркылуу 69 көрмөчыгырык жана 285 материалдар көчүрүлүп алынды, ошондой эле калк арасында 2406 профилактикалык-түшүндүрүү иш-чаралары өткөрүлдү. | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | алгачкы текшерүү органдарына жана тергөө органдарына көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын аткарылышын камсыз кылуу жана жарандарга карата жазык иштерин мыйзамсыз козгоого жол бербөө боюнча ишти күчөтүү; | КР Башкы прокуратурасы сотко чейинки өндүрүштүн баскычтарында катышуучулардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышы прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүндөгү күнүмдүк артыкчылыктуу багыттардан болуп саналарын билдирет.<br><br>КР Башкы прокуратурасы сотко чейинки өндүрүштүн баскычтарында катышуучулардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышы прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүндөгү күнүмдүк артыкчылыктуу багыттардан болуп саналарын билдирет.<br><br>2019-жылдан баштап жаңы жазык жана жазык-процесстик кодекстердин киргизилиши менен, бардык арыздар жана билдирүүлөр укук коргоо органдарынын КККК КЖБР катталат жана ушул учурдан баштап кылмыш иштерин мыйзамсыз козгоо деген түшүнүк иш жүзүндө жок болот.  Ошондой эле, квартал сайын жарандарга кылмыш жасагандыгы тууралуу шектенүүлөр жөнүндө билдирүүнү мыйзамсыз берүү фактылары талкууланып турат, мындай бузуулар катталганда, тиешелүү адамдардын жоопкерчилиги тууралуу маселе токтоосуз каралат.<br><br>Андан тышкары, КР Башкы прокурору тарабынан 26.12.2018-жылы  бул багытта №93-п "Ар намысты басмырлаган мамилелердин же жазалардын түрлөрүнөн болгон конституциялык кепилдикти сактоо үчүн жарандардын укуктары менен эркиндиктерин чектеген тергөө жүргүзүү жана атайын тергелүүчү иш-аракеттер учурунда  мыйзамдуулуктун сакталышы үчүн прокурордук көзөмөлдү уюштуруу жөнүндө" жана 31.07.2019-жылдагы  44-п номериндеги "Кылмыш иштерин жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки териштирүүлөрдү ишке ашыруучу органдардын процесстик ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү уюштуруу жөнүндө " буйруктар чыккан | Аткарылган жок |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | Ысык-Көлдү коргоонун Эл аралык экологиялык фондунун мүлкүн кайра кайтаруу боюнча соттук чечимдерди аткаруу жагынан Кыргыз Республикасынын ИИМнин кызмат адамдарынын аракетсиздигине укуктук баа берүү; | Ысык-Көлдү коргоонун Эл аралык экологиялык фондунун мүлктөрүн кайтаруу боюнча соттук чечимдерди аткарууда КР ИИМ тиешелү жетекчилеринин иш-аракеттерине укуктук баа берүүгө байланыштуу төмөндөгүлөрдү билдиребиз:<br><br>Тараптардын 01.01.2019-жылдан баштап азыркы учурга чейин ижара келишими узартылган эмес.<br><br>Бүгүнкү күндө соттук аткаруучу тарабынан "Сот аткаруучулардын статусу жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" КР Мыйзамынын бузулушунда аткаруу өндүрүшү боюнча кандайдыр бир чаралар көрүлгөн эмес.  Ошондой эле, аткарбоонун себеби катары, жогоруда айтылгандай, сот аткаруучу карызкорду мажбурлоо жолу менен көчүрүү белгиленген күнү Ысык-Көлдү коргоонун Эл аралык экологиялык фондунун өкүлдөрүнүн жок болгондугун белгилеген. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча, 20.05.2019-ж. Чүй облусунун Сот департаментине каралган ченемдик укуктук актынын бузулушун жокко чыгаруу боюнча түшүндүрмө берилген жана белгиленген бузууларды жокко чыгаруу боюнча чаралар кабыл алынган (03.06.2019 ж. Сокулук райондук Сот аткаруучулар кызматтык бөлүмүнүн сот аткаруучусу Алмамбет уулу А. Тарабынан РИИБне соттун чечимин өз каалоосу менен аткаруу тууралуу сунуш берилген, кетирилген катачылык үчүн ага эскертүү берилген).<br><br>21.08.2109-жылы Чүй облустук райондор аралык сотуна Сокулук РИИБ "Ысык-Көлдү коргоонун Эл аралык экологиялык фонду"  КФна "Сонун" турмуш-тиричилик үйүнө болгон жеке менчик укугун каттоо боюнча Сокулук районунун Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө жеке менчик укугун каттоо боюнча башкармалыгынын иш-аракеттерин таануу жана аталган Коомдук фондго берилген 18.07.2008-жылдагы №174650 жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актыны жараксыз деп табуу боюнча доо арыз түшкөн. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Чүй облустук райондор аралык сотунун чечими менен (судья А. Курманов) 24.10. 2019-ж. кайра арызданууу мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу административдик доо арыз берүү үчүн мөөнөтүн кайра калыбына келтирүү жөнүндөгү РИИБ доо арызын канааттандыруудан баш тартылган. Соттун аталган чечими боюнча 01.11.2019-ж. КР ИИМ өкүлү тарабынан Чүй облустук сотуна арыз берилген, соттук отурум 19.12.2019-жылга дайындалган. КР Акыйкатчысынын жылдык баяндамасы жөнүндө КР Жогорку Кеңешинин токтому ылдыйкы тепкичтерде турган прокуратура органдарына маалымат үчүн жана кызматтык иштерде пайдалануулары үчүн жолдонгон. | |
| | **3) Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнө**<br><br>Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы штабы аскер кызматчыларынын (мөөнөттүү кызматтагы солдаттар) телефондук сүйлөшүүгө жана кат алышууга укугун ишке ашырышы үчүн шарттарды түзүү жагынан Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн аскердик бөлүктөрүнүн актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселени кароо; | КР Куралдуу күчтөрүнүн Башкы штабынын 23.07.2018-жылдагы «КР Куралдуу күчтөрүнүн аскердик башкармалыктары, байланыштары, бөлүмдөрү жана мекемелеринин аймактарында уюлдук байланыш телефондору, эсептөөчү техникалык каражаттар, электрондук маалымат алып жүрүүчү каражаттарды колдонуунун тартиби жөнүндө көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө" №116 буйругу менен аскердик объектилердин аймагында уюлдук байланыш телефондорун колдонуунун белгилүү бир тартиби белгиленген, бул мөөнөттүү аскер кызматындагы аскерлердин күн тартибине жана кызматтык убакыттын тартибине ылайык болгон бош убактысында телефон аркылуу сүйлөшүү жүргүзүүгө болгон укуктарын басмырлабайт.<br><br>Аскер бөлүктөрүнүн аймактарында, маалыматтардын чыгуусу мүмкүн болгон жолдорду болтурбоо, жашыруундуулуктун тартибин камсыз кылуу жана уюлдук байланыш телефондорун колдонуунун тартибин жөнгө салуу максатында, кеңейтилген мультимедиялык мүмкүнчүлүктөрү жок уруксат берилген уюлдук байланыш телефондоруна болгон талаптар бекитилген (MMS бар смартфондорду колдонуу, Интернетке болгон жеткиликтүүлүк, WI-FI, Bluetooth, геолокация, навигация, инфракызыл порт, фото-көрмөкамерага, тышкы эске тутуунун көлөмү, диктофон жана тиркемелерди орнотуу мүмкнчүлүктөрүнө – тыюу салынган).<br><br>Андан тышкары, "Аскер кызматкерлеринин статусу жөнүндө" КР Мыйзамынын 20-беренесине ылайык, мөөнөттүү аскер кызматындагы аскер кызматкерлери аскер бөлүгүнөн жиберилген каттарды акысыз жөнөтүү укугуна ээ. | Аткарылган жок |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Мөөнөттүү аскер кызматындагы аскер кызматкерлеринин кызмат орду боюнча даректелген каттар жана почта аркылуу жөнөтүлгөн буюмдар акысыз жөнөтүлөт.<br><br>Акысыз почта аркылуу жөнөтүүлөр аркылуу аскер кызматына чакырылган жарандардын жеке кийимдери жөнөтүлөт.<br><br>Айтылгандарды эсепке алуу менен, аскер кызматкерлеринин (мөөнөттү аскер кызматындагы аскерлердин) телефон менен сүйлөшүү жана жазышууларга болгон укуктарын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү бөлүгүндө КР ченемдик укуктук актыларына жана КР Куралдуу күчтөрүнүн ведомстволук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн зарылчылыгы жок. (26.11.2019-ж. чыг. №16/1268. Башкы штабдын начальнигинин орун басары, полковник Н. Н. Чомоев). | |
| | **4) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы сот департаменти:**<br><br>-тиешелүү органдар менен бирдикте Кыргыз Республикасынын ИИМи, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы, башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү механизмдерин иштеп чыксын, ошондой эле издөөдө жүргөн алимент боюнча карызкорлордун бирдиктүү маалымат базасын киргизүү боюнча чараларды көрүү; | 2019-жылдын 25-июлундагы №100 «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамы менен аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилген, ага ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган алименттик милдеттенмелер боюнча карызкор тууралуу маалыматтарды камтыган маалыматтардын базасын, түзөт жана иш алып барат, анын ичинде электрондук түрдө. Азыркы учурда КР Сот департаменти тарабынан аталган багытта иштер жүргүзүлүүдө жана бүгүнкү күндө Сот департаментинин расмий сайтында издөөдө жүргөн, алименттик милдеттенмелер боюнча карызкор адамдардын сүрөттөрү жана алар тууралуу маалыматтар жарыялanууда.<br>Сот департаменти менен КР ИИМ ортосунда 2018-жылдын 11-июлунда №120 алименттерди өндүрүү, багуучунун ден соолугуна залал келтирүү же өлүмүнө байланыштуу келтирилген зыянды толтуруу, кылмыш жасоо менен келтирилген чыгымдын ордун толтуруу жөнүндө аткаруу документтери боюнча карызкорду издөө, ошондой эле мажбурлоо менен аткарылуучу иш-аракеттерди аткарууда көмөк көрсөтүүдө өз ара жардамдашуу боюнча ведомстволор аралык келишим түзүлгөн. | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | -алименттерди төлөө маселелери боюнча түшүндүрүү ишин күчөтүү, анын ичинде маалыматтык материалдарды иштеп чыгуу аркылуу күчөтүү, соттук аткаруучуларды алименттерди төлөө зарылчылыгы жөнүндө, алименттик милдеттенмелер боюнча соттун чечимин аткарбай коюунун кесепеттери жөнүндө билдирмелерге эскерткичтерди тиркөөгө милдеттендирүү;<br><br>-аткаруу өндүрүшүндө медиация институтун колдонуу практикасын кеңейтүү боюнча чараларды көрүү;<br><br>-Соттук аткаруучулар кызматында алименттик милдеттенмелер маселелери жана балдардын укуктарын ишке ашыруу боюнча үй-бүлөлүк талаштар, ошондой эле алименттер боюнча өндүрүштү жүзөгө ашырып жаткан соттук аткаруучуларды кубаттоо жагынан гана иш жүргүзгөн өзүнчө түзүмдүк бөлүмдү түзүү маселесин иликтөө; | Тышкы миграцияны эсепке алуунун бирдиктүү тутумунун экинчи этабын ишке киргизүүнүн алкагында КР Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети тарабынан Тышкы миграцияны эсепке алуунун Бирдиктүү тутуму жөнүндө Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, анын ичинде Сот департаментин ТМЭБТ кошуу  пландалган.<br><br>Ошондой эле, азыркы учурда Сот департаменти менен КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын ортосунда 2018-жылдын 5-октябрында түзүлгөн №158 ведомстволор аралык маалымат алмашуу тууралуу келишим иштеп жатат.<br><br>«Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» КР Мыйзамы күчүнө киргенден кийин  Сот департаменти тарабынан алименттерди өндүрүүгө байланыштуу маселелер боюнча, карызкорлордун өз милдеттерин аткарбагандыгынын кесепеттери жөнүндө, өндүрүүчүнүн укуктары жөнүндө китепчелер иштелип чыккан. Мындан тышкары «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» КР Мыйзамына түшүндүрмөлөр (аннотация)  иштелип чыккан, мамлекеттик жана расмий тилдерде сот аткаруучулар үчүн методикалык колдонмолор даярдалып, иштөө жана калкка жеткирүү үчүн сот аткаруучуларга таркатылып берилген, ошондой эле КР сот аткаруучуларынын беделин көтөрүү максатында аткаруу өндүрүшүнүн алкагында карызкорду, анын мүлкүн жана баланы тинтүүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу дарстар окулган.<br><br>«Медиация жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-беренесине ылайык, медиациянын негизги делген принциптеринин бири медиация тараптарынын ортосунда жетишилген келишимдер ыктыярдуу аткарылган ыктыярдуулук принциби болуп саналат. «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» КР Мыйзамынын 64-беренесине ылайык, аткаруу баракчалары мажбурлоочу мүнөзгөө ээ. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Аткаруу өндүрүшүнүн 52%ын ата-энесинин бирөө соттун чечиминин же болбосо алименттик келишимдин негизинде баланы багууга алимент төлөөгө милдеттендирилген алименттик милдеттенмелер түзөрүн эске алуу менен, жогорудагылардын негизинде, аткаруу өндүрүшү тараптардын бири үчүн мажбурлоону колдоноруна байланыштуу аткаруу өндүрүшүндө медиация институтун колдонуу тажрыйбасы жайылтылган эмес.<br><br>КР Жогорку сотунун 2018-жылдын 11-октябрындагы №141 буйругунун негизинде Сот департаментинин штаттык бирдиги көбөйгөн, буга байланыштуу Сот департаментинин жаңы түзүмүндө алименттик милдеттенмелер менен иштей турган бөлүм уюшулган.<br><br>**ИИМ**<br><br>Издөө боюнча ишмердүүлүктү модернизациялоо максатында алдыңкы технологиялар жана иштеп жаткан маалыматтык тутумдун түзүмүн жана иш-милдеттерин оптималдаштыруу үчүн шарттарды түзүү алкагында, 2019-жылдын башында «Издөө» АМТ КР ИИМ КМК, Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун КМК жана ИИББ МАБ тесттик тартипте орнотулган, ошондой эле алиментти төлөөдөн качып издөө жарыяланган жарандар боюнча маалыматтар дагы бар.<br><br>КР Өкмөтүнүн 15.02.2019-ж. №20-р буюртмасы менен бекитилген, «Санарип Кыргызстан 2019-2023» санаритик трансформациянын Концепциясын ишке ашыруу боюнча Жол картасын аткаруу жөнүндө» КР Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүндөгү отурумдун 29.07.2019-ж. №23-37 Токтомунун 4-п. аткаруунун негизинде, КР Өкмөтүнүн Аппарат жетекчиси-министрдин 21.02.2019-ж. №25 буюртмасы менен түзүлгөн «Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри» жөнүндө Жобону иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун отурумдарына катышуу үчүн КР ИИМ издөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу кызматкерлери аталган ведомстволор аралык жумушчу топтун отурумдарына катышып жатышат. Интеграциялар эсепке алынуу менен жана алынбастан, жумушчу топ тарабынан КЖБР Жобосунун долбоору жана «Издөө» АМТ нускамасы иштелип чыккан. | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | **ЖАМК**<br><br>КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-октябрындагы №478 токтому менен бекитилген 2018-2023-ж.ж. карата КР Жазык-аткаруу тутумун өнүктүрүүнүн Стратегиясынын Жол картасынын 18-п. аткаруу максатында, пенитенциардык тутумда медиацияны колдонуу тажрыйбасын кеңейтүүгө багытталган, ЖАМК жана КР медиаторлорунун республикалык коомчулугунун ортосундагы кызматташтык тууралуу Меморандумдун алкагында Иш-чаралардын планы бекитилген.<br><br>Көрсөтүлгөн Пландын негизинде, ЖАМК 2019-жылдын 5-ноябрындагы №589 буйругу менен Кыргыз Республикасынын пенитенциардык тутумундагы медиация чөйрөсүндө ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн.<br><br>2019-жылдын 21-ноябрында ЖАМК административдик имаратында медиация чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгууга байланыштуу маселелерди талкуулоо боюнча жумушчу кеңешме өткөрүлгөн.<br><br>Ошондой эле, Иш-чаралардын планынын негизинде 2019-жылдын 27-ноябрында, ЖАМК Окуу борборунда ЖАМК Борбордук аппаратынын кызматкерлери үчүн «Калыбына келтирүүчү медиация» деген темада бир күндүк окуу өткөрүлгөн. 2019-жылдын 12-13-декабрына ЖАМК мекемелеринин кызматкерлери үчүн окутууларды өткөрүү пландалган. | Аткарылды |
| | **5) Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы** экстремизмди табуу жагынан дин таануу экспертизасын жүргүзүү практикасын токтотушу жана тергөө органдарынан келип түшкөн материалдарды карабай туруп кайра кайтарышы боюнча чараларды көрүүнү камсыз кылуу; | КР дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы 1-январь 2019-ж. баштап диний материалдардын экстремисттик белгилерин табуу үчүн болгон дин таануучулук экспертизаларды жүргүзүү иштерин токтотту.<br><br>Азыркы учурда динтаануучулук экспертизаларды жүргүзүү КР Өкмөтүнө караштуу соттук-эксперттик кызматка жүктөлдү. | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | 6) Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги:<br><br>-иш менен камсыз кылууга көмөктөшүүчү мамлекеттик кызматтар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адам үчүн жумуш орундарын квоталоо боюнча ченемдерди аткарышына көзөмөлдүн натыйжалары жөнүндө министрликтин расмий сайтында коомчулукка дайыма маалымдап турууну камсыз кылуу; | **КР ЭСӨМ жообу, 09.12.2019-ж. чыг. №02-5/10052.**<br><br>ДМЧА жумушка орноштурууга көмөктөшүү боюнча жасалган иштер тууралуу маалыматтар министрликтин веб-сайтына жайгаштырылат. Маалымат квартал сайын жаңыртылып турат. | Аткарылды |
| | -жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды иш менен камсыз кылууга көмөктөшүүнүн мамлекеттик кызматтарында расмий каттоого тартуу боюнча тиешелүү ишти жүргүзүүнү, ишке жана кайра окутууга жөнөтүлгөн ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар боюнча кайчы байланыштын эсебин жүргүзүүнү камсыз кылуу; | **КР ЭСӨМ жообу, 09.12.2019-ж. чыг. №02-5/10052.**<br><br>Майыптардын укуктары жөнүндө Конвенциянын жоболорун ишке ашыруунун алкагында, министрлик тарабынан, эл аралык кызматташтык боюнча Германиялык коомунун колдоосу менен (GIZ) ДМЧА «Фронтенд» веб-дизайнга окутуу боюнча долбоор ишке ашырылууда. Бул ишмердүүлүк киреше алып келүүчү болуп саналат жана бул чөйрө биздеги инфратүзүмдүк көйгөйлөрдү жеңүү менен аралыктан иштөө мүмкүнчүлүгүн берет. Бишкек, Талас, Нарын, Жалал-Абад, Каракол, Ош шаарлары сынамык шаарлар болуп эсептелет. Ошондой эле белгилеп коюу керек, 2019-жылга карата ДМЧА үчүн бекитилген квота республика боюнча 615 жумушчу орунду түзөт, алардын ичинен: Бишкек ш. – 143; Баткен облусу – 57; Чүй облусу – 27; Талас облусу – 128; Нарын облусу – 21; Ош облусу – 79; Жалал-Абад облусу – 102; Ыссык-Көл облусу – 38; Ош ш.– 20.<br><br>Өткөн жылдын 9 айында, жумушка орноштуруу кызматынын көмөгү менен 169 ДМЧА ишке орношкон, анын ичинде квоталык жумушчу орундарга – 56 ДМЧА (жылдык квотанын 9,1%ы). Эмгек рыногундагы активдүү чаралардын аркасында 202 ДМЧА камтылды (АБР – 108, кесиптик даярдоо – 94). 01.10.2019-жылга карата Министрликтин аймактык бөлүмдөрүндө каттоодо турган 669 ДМЧА бар. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | -мигранттардын балдарынын жана жашоонун оор кырдаалына кабылган балдардын маалымат базасын түзүү жана анын туруктуу негизде иштеши жөнүндө маселени кароо; | Министрлик тарабынан ОТК жашаган балдардын маалыматтарынын базасын түзүү боюнча иштер жүрүп жатат. Бул база ОТК жашаган балдар жана алардын үй-бүлөлөрү, анын ичинде мигрант ата-энелердин балдары жөнүндө маалыматтар камтылат. Аймактык мамлекеттик органдарга интернетке жеткиликтүүлүк бар болгон кайсыл жер болбосун, мисалы, айыл өкмөтүнүн деңгээлинде, аныкталган бала тууралуу маалыматты киргизүү же жүктөө мүмкүнчүлүктөрү берилип жатат.<br><br>2019-жылдын 18-апрелинде ведомстволор аралык жумушчу топтун отурумунда ОТК жашаган балдардын маалыматтык базаларынын түзүмү каралган. Маалыматтар базасынын баштапкы түзүмү сыноодон өттү. Сыноонун жыйынтыктары боюнча, «Оңой» ЖЧКсынын IT адистери тарабынан базанын түзүмдөрүндө модулдар менен толуктоо боюнча иштер аткарылды. Бүгүнкү күндө, маалыматтардын базасынын түзүмү беш райондо кайрадан сынамдык негизде иштеп жатат (Свердлов, Биринчи май, Ысык-Ата, Сокулук, Москва райондору). | Аткарылды |
| | мигранттардын балдарын табуу боюнча мониторингди дайыма жүргүзүп туруу жана белгиленген тартипте аларга жана алардын үй-бүлөлөрүнө социалдык жана укуктук жардам көрсөтүү; | КР Өкмөтүнүн ыйгарымдуу өкүлдөрүнүн маалыматы боюнча, 2019-жылдын 9 айында облустарда ата-энеси мигрант 106 985 бала аныкталган, алардын ичинен: тышкы миграцияда жүргөн жарандардын балдары 89 544, ички мигранттардын балдары 17 441.<br><br>Аныктоо учурунда 4637 бала аларга ата-энеси болуп саналбаган адамдардын үйүндө жашап жүрүшкөнү белгилүү болгон. Ар кандай себептер менен мектепке барбаган 10 бала аныкталды, алардын ичинен – 4өөсү мектепке кайтарылды, калгандары боюнча түшүндүрүү иштери жүрүп жатат.<br><br>Ошондой эле 351 баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок экени аныкталып, азыркы учурда 72 баланын документтери калыбына келтирилди.<br><br>Белгилеп коюу керек, бул ата-эне-мигранттардын балдарынын үй-бүлөлөрү менен балдарды багууну документтештирүүнүн зарылдыгы тууралуу маалыматтык-түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Бул багыттагы иштер дагы уланып жатат. | Аткарылууда |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | балдардын иштери боюнча комиссиянын ишине көзөмөлдү күчөтүү боюнча чараларды көрүү; | КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы “Балдар иштери боюнча Комиссия жөнүндө Типтүү жобону бекитүү жөнүндө” №449 Токтомуна ылайык, баланы коргоо боюнча индивидуалдуу долбоорду карап чыгуу жана анын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Комиссиянын иш-милдеттеринин бири болуп саналат.<br><br>Балдар жөнүндө Кодекстин 27-беренесине ылайык, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү баланы коргоо боюнча индивидуалдуу планды жана үй-бүлөлөр менен иштөө боюнча индивидуалдуу планды иштеп чыгат жана Балдарды коргоо боюнча Комиссиянын кароосуна жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларына бекитүү үчүн алып кирет.<br><br>Комиссиянын максаты мамлекеттик бийликтин аймактык органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын, оор турмуштук кырдаалдарда жашаган балдарга кызмат көрсөтүүчү мекемелердин өз ара макулдашылган иш-аракеттерин камсыз кылуу, ошондой эле кароосуздук, үй-жайсыздык , балдардын мыйзам бузуулары, балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарынын корголушуна байланыштуу маселелер боюнча иштерди алып баруу болуп эсептелет.<br><br>Ошондой эле, аталган Токтом менен балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга Комиссиянын иши боюнча ар квартал сайын отчет берүү тууралуу жергиликтүү мамлекеттик органдардын жетекилери жана шаарлардын мэрлери милдеттендирилген.<br><br>Балдар иштери боюнча комиссиянын негизги тапшырмаларынын бири, оор турмуштук кырдаалдарга туш болгон балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, жана үй-бүлөлөр менен балдардын ОТК туш болуусун алдын алуу жана жол бербөө боюнча иш-чараларды жүргүзүү, алардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү максатында алардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу, ошондой эле баланы коргоо боюнча индивидуалдуу пландын (БКИП) жана үй-бүлөлөр менен иштөө боюнча индивидуалдуу пландын (ҮИИП) долбоорлорун карап чыгуу болуп саналат. | Аткарылууда |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | 2018-жылы республика боюнча БИКтин 1296 отуруму болгон, анда БКИП 5363 долбоору, ҮИИП 1116 долбоору, ошондой эле ички иштер органдарынан келген 2312 материал каралган. 2019-жылдын 9 айында БИК 365 отуруму өткөн, анда БКИП 1902 долбоору жана ҮИИП 757 долбоору, ошондой эле ички иштер органдарынан келген 10 материал каралган.<br><br>Бишкек шаарынын мэриясынын 4 райондук администрацияларында балдардын укуктарынын жана кызыкчылыктарынын сакталышына байланыштуу маселелер боюнча натыйжалуу иштерди аткаруу максатында “Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө” көрсөтмө кабыл алынган. | | |
| | **7) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:**<br><br>-өлкөнүн билим берүү мекемелеринде окуп жаткан, өсүп келе жаткан муундун, окутуучулардын жана ата-энелердин арасында укуктук аң-сезимди жана укуктук маданиятты жогорулатууга багытталган иш-чараларды мамлекеттик деңгээлде жүргүзүү, анын ичинде укуктук жана этикалык-адептик тарбиялоо боюнча маалыматтык материалдарды чыгаруу, билим берүү жана адамдын укуктары жагынан көрмө материалдарды даярдоо жана көрсөтүү аркылуу жүргүзүү; | Мектеп окуучуларынын, студенттердин, башка билим берүү уюмдарынын угуучуларынын адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жөнүндө, мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымдар болуусун жогорулатууга байланыштуу маселелер боюнча, КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген КР мектептик билим берүү тутумуна жаңы муундун стандарттарын баскыч-баскыч менен киргизүү боюнча, 2016-2017-жылдарга республиканыны жалпы билим берүү мекемелериндеги 1-4, 5-9, 10-11 класстары үчүн жаңы муундун предметтик стандарттарын бекитүү министрликке тапшырылган. Окуу планын оптималдаштыруу процесси жана окуудагы жүк келүүлөрдү кыскартуу жүрүп жаткан фактылар, ошондой эле базалык окуу планына өзүнчө окуу программасын киргизүү максатка ылайык келбегендиги эске алынуу менен балдардын укуктары боюнча маселелер 5-класстан тартып “Адам жана коом” окуу китебине киргизилди (мурда бул маселелер 9-класстан тартып окутулчу). | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | -Республикадагы окутуу мекемелеринде окуган балдардын укуктарынын коргоону камсыз кылуу, укуктук жана этикалык-эстетикалык тарбиялоо боюнча маалыматтык материалдарды (брошюралар,мугалимдер, ата-энелер жана окуучулар үчүн нускамалар) басып чыгаруу, билим берүү жана адам укуктары чөйрөсүндөгү видео-клиптерди, кыска метраждуу жана анимациялык фильмдерди даярдоо жана алып чыгуу. | Азыркы учурда жалпы билим берүү мекемелеринин 5-6-класста окуган окуучулары үчүн "Адам жана коом" окуу китеби кыргыз жана орус тилдеринде иштелип чыккан жана басылып чыккан. Мурда келтирилген жогорудагы иш чараларды эске алуу менен 5-класстын окуу китебинде (11-12 жаштагы балдар) "укук", "милдет", "жоопкерчилик" түшүнүктөрү окутулат. 6-класстын окуу китебинде (12-13 жашар балдар үчүн) көрсөтүлгөн түшүнүктөр өлкөнүн мыйзамдарына таянуу менен кеңейтилет, жоопкерчилик маселелери окутулат.<br><br>2019-жылдын 14-августунда 7 министрлик коопсуз билим берүү аянтын түзүү көйгөүн таануу менен КР жалпы билим берүү мекемелериндеги зордук-зомбулуктардан окуучуларды коргоо боюнча ведомстволор аралык кызматташуулар жөнүндө буйрукту иштеп чыгышкан жана кол коюшкан. Буйрук эгер болгон факты сезимдик, псхологиялык, күч колдонуу, сексуалдык зомбулук, муктаждыгын аткаруу үчүн, окуучуну ишке пайдалануу учурларына байланыштуу болсо, ар бир маморгандын (ББМ,ИИМ,ЭСӨМ, ММТМ, ССМ, КМ, ЖАМК,ЖДСМА) көңүл буруу алгоритмин аныктайт. | |
| | балдардын эмгегине жана балдарды эксплуатациялоого жол бербөө боюнча алдын алуучу иш-чараларды жүргүзүү. | Буйрукка жашы жетелектер арасындагы укук бузуулардын алдын алуу боюнча иштердин типтүү планы бекитилген. Зордук-зомбулуктун бардык фактылары маморгандар тарабынан болгон кандайдыр бир көңүл буруу реакциясын чакырган зордук-зомубуктун деңгээлинен (1-4-баскыч) көз карандылыкта классификацияланат. Министрлик тарабынан КР жалпы билим берүү мекемелериндеги зордук-зомбулуктардан коргоо боюнча окуу процессинин катышуучуларынын, жалпы билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин, окуучуларынын, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) өз ара кызматташуусунун тартиби жөнүндө типтүү нускама иштелип чыккан жана бекитилген.<br><br>Аталган нускама билим берүү процессинин катышуучуларынын, жалпы билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин, окуучуларынын, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) жалпы билим берүү мекемелериндеги зордук-зомбулук фактылары болгон учурларда өз ара иш аракеттердин эрежелерин, механизмдерин жана тартибин аныктайт. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Балдарга жана өспүрүмдөргө карата аеосуз мамилелерди жана зордук-зомбулуктарды жок кылуу максатында КР Билим жана илим министрлиги тарабынан, 2015-жылдын 2-апрелиндеги №327/1 буйругу менен, баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын билим берүү мекемелеринде сакталышына, коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү, мектеп окуучуларынын билим жана тарбия деңгээлин жогорулатууга багытталган иш-чаралардын планы бекитилген.<br><br>Алматадагы ЮНЕСКО Кластердик бюрсунун колдоосу менен “Кыргызстандын мектептеринде балдарга карата зордук-зомбулуктарды азайтуу” Модулу иштелип чыккан.<br><br>Республиканын мектептеринде педагогикалык жамааттын, ЖЖИ инспекторлорунун, ата-энелердин жана жогорку класстын окуучуларынын катышуусунда 1859 алдын алуу боюнча Кеңештер түзүлгөн, 1650 профилактикалык бөлмөлөр иштейт.<br><br>Бардык жалпы билим берүү мекемелеринде ички иштер, саламаттыкты сактоо органдары, үй-бүлөлөрдү жана балдарды колдоо боюнча бөлүмдөрдүн кызматкерлеринин катышуусунда системалык түрдө аңгемелешүүлөр, класстык сааттар, дарстар өтөт, окуучулар менен жолугушуулар, алардын ата-энелери, жаштар жана коомчулук менен жашы жете электер арасындагы укук бузууларды жана көзөмөлсүздүктү алдын алуу боюнча аңгемелешүүлөр өткөрүлөт. Министрлик тарабынан КР жалпы билим берүү мекемелериндеги тарбиялык иштерди жакшыртуу, “Билим берүү жөнүндө” КР Мыйзамынын 31-беренесин аткаруу жана окуучулардын өмүрү менен ден-соолугу үчүн жетекчилердин жоопкерчилигин күчөтүү максатында жалпы билим берүү мекемелеринин педагогикалык кызматкерлери үчүн “КР жалпы билим берүү мекемелериндеги зордук-зомбулуктардан окуучуларды коргоо жөнүндө” нускама-методикалык кат иштелип чыккан. 17.08.2018-жылы республикалык август методикалык кеңешмесинде жашы жете электердин арасындагы укук бузуулардын алдын алуу жана жалпы билим берүү мекемелериндеги балдардын коопсуздугу боюнча маселелер каралган. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Социалдык педагогдор, класс жетекчилер, психологдор социологиялык, психологиялык диагностикалык методикаларды, тесттерди, сурамжылоолорду, анкеталарды колдонуу менен балдардын кызыкчылыктарын, алардын суроо-талаптарын, кыйынчылыктарды жана көйгөйлөрдү, чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумундагы кемчиликтер, үй-бүлөлөрдүн түрлөрүн аныкташат.<br><br>Ошондой эле билим берүү тутумунун кызматкерлери үчүн окуучулардын дарт аныктамалары жана үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан жабыркаган балдарга жардам көрсөтүү боюнча пландуу көрсөтмө менен тааныштыруу жүргүзүлөт, анын ичинде:<br><br>• оор турмуштук кырдаалда калган бала менен иштөө боюнча педагогдун иш-аракети;<br><br>• мугалим жана окуучулардын ортосундагы байланышты уюштуруунун психологиялык педагогикалык эрежелери;<br><br>• ата-энелердин жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү тууралуу мугалим эмнелерди билиши зарыл;<br><br>• ата-энелер үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка байланыштуу жаракат алган балдар жөнүндө эмнени билиши керек.<br><br>КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин демилгеси менен балдарды аеосуз мамилелерден жана зордук-зомбулуктардан коргоо үчүн 10 ведомство, ошондой эле Бишкек ш. Жана Ош ш. мэриялары өзгөчө чаралардын Планына кол коюшту. Курамына Саламаттыкты сактоо, Билим берүү, ИИМ, Социалдык өнүктүрүү, жергиликтүү башкаруу органдарынын өкүлдөрү кирген 528 штаб түзүлгөн. Штабдар тарабынан үйлөр кыдырылып, натыйжада үй-бүлөлөрдү оор турмуштук кырдаалдан алып чыгуу боюнча индивидуалдуу иштердин 3638 планы жана баланы индивидуалдуу коргоонун 967 планы түзүлгөн. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Уюштуруу-башкаруучулук чаралар окутуу мекемесинин администрациясы, педагогикалык жамаат тарабынан окуучулар, алардын ата-энелери, жогорку жана өнөктөш уюмдар менен биргеликте кабыл алынат жана алар төмөнкүлөрдү камтыйт:<br>• билим берүү мекемелеринин ичиндеги жана аймагындагы коопсуздукту;<br>• билим берүү мекемелериндеги социалдык-психологиялык маанайды талдоо жана окутуу мекемесиндеги зордук-зомбулукка байланыштуу жалпы позицияны (саясатты) иштеп чыгуу;<br>• зордук-зомбулук учурларын алдын-алуу, аныктоо жана жөнгө салуу максатында ченемдик документтерди, эрежелерди, иш-аракеттердин алгоритмин, кызматтык нускамаларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу, жооптуу адамдарды дайындоо;<br>• зордук-зомбулуктардан жабыркагандарга, айыпкерлерге жана күбөлөргө жардам көрсөтүү үчүн психологиялык колдоо көрсөтүү кызматтарын түзүү;<br>• зордук-зомбулуктан жабыркагандарга, айыпкерлерге жана күбөлөргө жардам көрсөтүү үчүн өнөктөш уюмдарды жана өз ара кызматташуу механизмдерин аныктоо;<br>• окутуу мекемесинин маанилүү иш-аракеттери, жайлуулугунун деңгээли, катышуусу жана коопсуздугу.<br>Балдардын укуктары боюнча материалдар 5-класстан тартып "Адам жана коом" окуу китебине киргизилди (мурда бул маселелер 9-класстан баштап окутулду). | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Азыркы мезгилде жалпы билим берүү мекемелеринин 5-6-класста окуган окуучулар үчүн "Адам жана коом" предмети боюнча кыргыз жана орус тилдеринде окуу китептери иштелип чыккан жана басылып чыккан. Жогоруда айтылган иш-чараларды эске алуу менен 5-класстын окуу китебинде (11-12 жаштагы балдар) "укук", "милдет", "жоопкерчилик" түшүнүктөрү окутулат. 6-класстын ( 12-13 жаштагы балдар) окуу китептеринде көрсөтүлгөн түшүнүктөр өлкөнүн мыйзамдарына таянуу менен кеңейтилген, жоопкерчилик маселелери окутулат.<br><br>Азыркы учурда 7-9-класстар үчүн "Адам жана коом" окуу китебин иштеп чыгуу боюнча кол жазмалардын конкурсун өткөрүүгө даярдыктар жүрүп жатат. Иштеп жаткан мыйзамдардын ченемдерин эске алуу менен (14 жаш курактан баштап жоопкерчиликтин келиши ж.б.) укук бузуу маселелери, кылмыштары жана жасаган иштери үчүн жоопкерчиликтин түрлөрү "Адам жана коом" окуу китебине киргизилет.<br><br>КР ББМ 08.05.2019-ж. №543/1буйругу менен жетекчилер, жетекчилердин орун басарлары, социалдык педагогдор жана мугалимдерден турган 9-11-класстардын окуучулары үчүн окутуу материалдарын жана мугалимдер үчүн методикалык нускаманы иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүлгөн. Ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн буйрук менен иштелип чыккан материалдарды сыноо үчүн 4 сынамык мектеп аныкталган:<br><br>• Экономика жана укукту тереңдетип окутуучу Бишкек ш. №33 мектеп-гимназиясы;<br>• Ош ш. Ж. Бөкөнбаев атындагы №5 мектеп-гимназиясы; Баткен облусундагы Кызыл-Кыя ш. Кыргызстандын 50 жылдыгы атындагы №2 орто мектеби;<br>• Ысык-Көл облусундагы Каракол ш. Т.Сатылганов атындагы гимназия-жатак мектеби. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | 2019-жылдын 14-16-май күндөрү Адам укуктарынын Дания институтунун өкүлдөрүнүн катышуусунда окутуу материалдарын иштеп чыгуу боюнча окутуу семинарлары өткөрүлдү. Уюштуруучулук жактан колдоо "КР укуктардын үстөмдүгү – 2-фаза" Программасынын алкагында ишке ашат.<br><br>Азыркы учурда окуу колдонмолорун иштеп чыгуу жана балдар менен иштөө боюнча маалыматтарды жана окуу материалдарын көчүрүү үчүн КР ББМ расмий сайтынын беттерин иштеп чыгуунун үстүндө иштер башталды. | |
| | **8) Кыргыз Республикасынын ИИМ** адам укуктарын сактоо маселелеринде билимдерди жогорулатуу боюнча өздүк курамдын арасында туруктуу иш жүргүзсүн; | КР ИИМ адам укуктарын сактоо маселелеринде билимди жогорулатуу боюнча жеке түзүмдөр арасында тынымсыз иштерди жүргүзүүдө. Республиканын ИИБ кызматкерлеринин адистик билимин жогорулатуу максатында, КР ИИМ Академиясынын базасында ИИБ кызматкерлерин окутуу үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарынын күн тартиби иштелип чыккан, ага ылайык бир жыл аралыгында 10 күндүзгү окуулар жүргүзүлөт, жана КЖК окугандардын ар бир кызматтык категориялары боюнча КР адамдын жана жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына байланыштуу маселелер боюнча темалар кирген атайын программа иштелип чыгууда.<br><br>Республиканын ички иштер органдарын профессионалдуу адистик кызматка даярдоо боюнча тематикалык пландарда, ошондой эле КР ИИМ Академиясында жана республикалык окуу борбору (РОБ) окуунун бардык формаларындагы программаларда адам укуктарынын сакталышына байланыштуу маселелер боюнча билимди жогорулатуу үчүн темалар киргизилген: | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | • КР адамдын жана жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы ;<br><br>• зордук-зомбулукту, кыйноолорду жана башка адамгерчиликсиз же ар-намысты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүн жоюу;<br><br>• адам сатуунун курмандыктарын алдын алуу, тоскоол болуу жана коргоо;<br><br>• жашы жетелектерди үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктардан социалдык-укуктук жактан коргоо, үй-бүлөлүк кыйынчылыктарды аныктоо, социалдык кооптуу абалдагы үй-бүлөлөр жана балдар менен иштөөнү уюштуруу, жашы жете электердин укуктарын коргоо;<br><br>• кыз ала качуу маселери боюнча айтсак, бул аялдардын укуктарынын бузулушу, ошондой эле үй-бүлөлүк зордук-зомбулук, гендердик теңчилик жана аялдардын укуктары, аялдарга жана кыздарга карата мамилелердеги чыр-чатактарды жана коркунучтарды алдын алуу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын ченемдери жөнүндө формалардын бири катары;<br><br>• адам укуктарына, анын ичинде АИВ боюнча программалардын аткарылышынын жүрүшүндө басмырлабаган мамилелер боюнча;<br><br>• коррупциянын алдын алуу жана жоюу;<br><br>• “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” КР Мыйзамы.<br><br>Ошондой эле, республиканын ИИБ УКИ кармалган жарандардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын  бузулушуна жол бербөө максатында, ар бир УКИ КР ченемдик укуктук актыларынын юридикалык, медициналык жана башка жардамдарды көрсөтүү боюнча бөлүмүнүн талаптары жөнүндө мамлекеттик жана расмий тилдерде маалыматтар жазылган такталар бар. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | **9) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:**<br><br>-ФОМС менен бирдикте Саламаттык сактоо министрлиги жана ФОМС жөнүндө жоболорго ылайык эркиндигинен ажыратуу жана эркиндигин чектөө жерлеринде кармалып турган адамдарга саламаттык сактоонун берилип жаткан кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапаты жана жеткиликтүүлүгү боюнча ЖАМКнын жана ИИМ УКЖ медициналык кызматынын ишинин мониторингин жана баалоону жүргүзүү; | **Саламаттыкты сактоо министрлиги**<br><br>Бүгүнкү күндө эркиндигинен ажыратылган жана эркиндиги чектелген жайлардагы адамдардын саламаттыгын сактоодо көрсөтүлгөн кызматтардын сапаты жана жеткиликтүүлүгү боюнча ЖАМК жана ИИМ УКЖ медициналык кызматтарынын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү жана баа берүү үчүн адистердин суроо-талабын (нозологиялар боюнча) эсепке алуу менен жумушчу топ түзүлүүдө. (Камактагыларга болгон, медициналык документтерге ж.б.жеткиликтүүлүк талкуулоонун баскычында турат).<br><br>**ИИМ**<br><br>Республиканын ИИБ УКЖ кармалган адамдардын саламаттыгын сактоо чөйрөсүндө көрсөтүлгөн кызматтардын сапаттуулугу жана жеткиликтүүлүгү, ошондой эле УКЖ кармалган адамдарды кармоо шарттарын жакшыртуу максатында, ЕККУ, ЭКЧК сыяктуу эл аралык уюмдар, жана башка БӨУ менен биргеликте белгилүү бир иш-чаралар өткөрүлдү.<br><br>Ошентип, 2014-жылдан баштап, ЭКЧК өкүлдөрү менен биргеликте, "УКЖ медициналык кызматтарды көрсөтүү" долбоору ишке ашырылган, анын жүрүшүндө республиканын 10 пилоттук ИИБ УКЖ (Бишкек ш., Жайыл, Ысык-Ата, Сокулук, Ош ш., Кара-Суу, Кызыл-Кыя ш., Жалал-Абад ш., Ноокен, Балыкчы ш. УКЖ) камалгандарга үй-бүлөлүк медициналык борборлордон келген медкызматкер медициналык жардам көрсөтө турган жайларга капиталдык оңдоп-түзөө-куруу иштери жасалды,эмгек акыны ЭКЧК төлөйт. | Аткарылууда |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Ошондой эле, ЕККУ тарабынан Токмок ш.  жана Сузак районундагы ИИБ УКЖ оңдоо иштери бүткөрүлгөн.<br><br>2018-жылы ЭКЧК каржылык колдоосу менен баткен районунун ИИБ УКЖ курулушу аяктап, ачылышы  22.05.2019-жылы болгон. Аталган УКЖ бардык эл аралык стандарттарга жана кармалган адамдарды кармоо шарттарына жооп берет.<br><br>Булар менен катар эле, ЭКЧК КРдагы Миссиясынын ишмердүүлүгү кыскаргандыгына байланыштуу, азыркы учурда ЭКЧК каржылык колдоосу менен түзүлгөн медициналык бөлмөлөрдү мындан ары пайдалануу жөнүндө ЭКЧК, ИИМ жана КР ССМ кеңешмелери өтүүдө.<br><br>Ошону менен бирге эле, республикадагы ИИБ УКЖ кармалган тергелүүчү-соттолуучуларды кабыл алууну ишке ашыруучу медициналык кызматкердин эмгек акысын республиканын саламаттыкты сактоо органдарынын эсебинен төлөө тууралуу маселе каралууда.<br><br>Булар менен катар эле, “УКЖ медициналык кызматтарды көрсөтүү” долбоорун ишке ашыруудагы алгылыктуу тажрыйбаларды сактоо, республиканын ИИБ УКЖ материалдык-техникалык базаларын жакшыртуу максатында, донордук колдоо көрсөтүү жана өз ара кызматташуу маселелерин кароо үчүн КР ИИМ менен кызматташууну ишке ашыруучу эл аралык уюмдарга КР ИИМ өзүнүн байланыштары аркылуу кайрылуу жолдоо жөнүндө КР ИИМ кат жиберилген. (20.11.2019-ж. чыг. №1/9146).<br><br>Ошондой эле республиканын ИИБ аймактык бөлүмдөрүндө медициналык бөлмөлөрдүн болушу үчүн жай табуу жана аларды оңдоп-түзөө жана ишке киргизүү боюнча каржы бөлүү иштерин жүргүзүү жөнүндө көрсөтмө жолдонгон (03.12.2019-ж. чыг. № 1/9511).<br><br>Медициналык бөлмөлөрдүн иштеп жаткандыгы тууралуу тиешелүү маалыматтар, каржылык эсептер берилгенден кийин каражат табуу үчүн КР ИИМ каржылык бөлүмүнө жиберилет. | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | -"Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-статьясында аныкталган ыйгарым укуктардын алкагында үч айлык мөөнөттө ИИМ ИВСте кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүү стандарттарын жалпы саламаттык сактоо тутумундагы базалык медициналык кызмат көрсөтүүнүн пакетинин ушундай эле стандарттарына ылайык келтирүү; | **Саламаттыкты сактоо министрлиги**<br><br>Жалпы саламаттыкты сактоо тутумундагы базалык медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтомунун стандарты Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепиликтердин программасында бар. КР Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан шашылыш медициналык жардам көрсөтүү же ал жок болгон учурда жардам медициналык жардам көрсөтүүнүн дүйнөлүк бирдиктүү стандарттары боюнча көрсөтүлөрү боюнча клиникалык көрсөтмө иштелип чыккан.<br><br>Мандела эрежелери боюнча камалгандарга же эркиндигинен ажыратылган же чектелген жайлардагы адамдарга медициналык жардам көрсөтүү жалпы саламаттыкты сактоо тутумунан айырмаланбашы керек. Ушуга байланыштуу, ИИБ УКЖ шашылыш медициналык жардам көрсөтүүнүн өзүнчө стандарттарын иштеп чыгуунун зарылчылыгы жок деп эсептейбиз. Бул үчүн ИИМ ведомствонун медициналык кызматкерлерин милдеттендирүүчү ведомстволук ченемдик-укуктук документи болушу керек, медициналык жардам көрсөтүүдө КР Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыккан клиникалык көрсөтмөлөр тарабынан жетекчиликке алынышы керек, анткени аталган ведомстволордун медициналык кызматтары КР Саламаттыкты сактоо министрлигине баш ийбейт. Ошондой эле эркиндигинен ажыратылган же чектелген жайлардагы адамдар жалпы саламаттыкты сактоо тутумунда Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепиликтердин программасында каралган базалык медициналык кызматтарга жеткиликтүү болуулары керек. | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | **ИИМ**<br><br>Республикадагы ИИБ УКЖ кармалган жарандарга шашылыш медициналык жардам көрсөтүүнүн стандарттарын киргизүү максатында, жалпы саламаттыкты сактоо тутумундагы базалык медициналык кызматтардын топтомунун стандарттары менен шайкештикте, “Кыргыз Республикасындагы жарандардын саламаттыгын коргоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 10-беренеси менен аныкталган ыйгарым укуктардын алкагында КР ИИМ тарабынан буга чейин (09.09.2019-ж. чыг. №1/7003) КР ССМ дарегине республикадагы ИИБ УКЖ кармалган адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнү жакшыртуу максатында биргелешкен иш-аракеттерди алып баруу жөнүндө кайрылуу жолдонгон. 16.10.2019-жылы, КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын демилгеси менен “ИИБ УКЖ кармалган адамдарга карата натыйжалуу медициналык кароолорду камсыз кылуу ” деген темада тегерек үстөл өткөрүлгөн, ал жерде дагы республиканынын ИИБ УКЖ кармалган адамдарга карата медициналык жардам менен камсыз кылуу бөлүгүндөгү көйгөйлөр талкууга алынган. Тегерек үстөлдүн жыйынтыгында республиканын саламаттыкты сактоо органдарынын өкүлдөрү тарабынан аталган процесси активдештирүү жөнүндө резолюция кабыл алынган. Ошондой эле, 22.11.2019-жылы жана 16.10.2019-жылы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппараты тарабынан уюштурулган “республиканын ИИБ УКЖ медициналык жардамдарды көрсөтүү сапатынын улуттук стандарттарынын сакталышы” деген темадагы тегерек үстөлгө КР ИИМ ККК кызматкерлери катышышкан, ал жерде дагы республиканынын ИИБ УКЖ кармалган адамдарга карата медициналык жардам менен камсыз кылуудагы көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору талкууга алынган. Муну менен катар эле, КР ИИМ тарабынан 22.09.2017-жылдагы КР ИИМ №145 жана КР ССМ №757 “республиканын ИИБ УКЖ кармалган адамдар үчүн дарылык каражаттардын жана медициналык буюмдардын тизмесин бекитүү жөнүндө” биргелешкен буйругунун талаптарын аткаруу, бекитилген тизменин негизинде УКЖ универсалдуу медициналык кутулар, зарыл болгон дарылык каражаттар менен жабдуу, ошондой эле аткаруу үчүн республиканыны ИИБ аймактык бөлүмдөрүнө жиберилген жерлердеги саламаттыкты сактоо органдарынын аймактык бөлүмдөрү менен өз ара кызматташууну күчөтүү боюнча ИИБ ишмердүүлүгүн активдештирүү тууралуу көрсөтмөсү чыккан. Аталган көрсөтмөнүн талаптарын аткаруу үчүн республиканын аймактык ИИБ УКЖ универсалдуу медициналык кутулар, зарыл болгон дарылык каражаттар менен жабдуу боюнча тиешелүү иштер аткарылган. | Аткарылууда |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | -Пенитенциардык мекемелерде медициналык жардам көрсөтүү боюнча окуу-методикалык комплексти иштеп чыгуу жана Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын врачтардын квалификациясын жогорулатуу боюнча программасына киргизүү;<br><br>-клиникалык-социалдык көрсөткүчтөрдү жакшыртуу, социалдык, анын ичинде үй-бүлөлүк өз ара аракеттенүү, социалдык тармакты кеңейтүү, социалдык-эмгектик жактан кайрадан калыбына келтирүү үчүн социалдык дезадаптациянын ар түрдүү варианттары, социалдык өкүм сүрүүнүн көйгөйлөрү бар оорулууларга көп багыттуу кесиптик жардам (ал психиатрларды, психологдорду, психотерапевттерди, социалдык кызматкерлерди камтыйт) көрсөтүүгө арналган ооруканадан тышкаркы реабилитациялоо сыяктуу психиатриялык жардамдын альтернативдүү формаларын жашаган жери боюнча өнүктүрүү; | **Саламаттыкты сактоо министрлиги**<br><br>Психикалык саламаттыкты камтуу менен (зордук-зомбулук, кыйноолор жана аеосуз мамилелер) саламаттыкты сактоо тутумунун адистерин даярдоо жана кайра даярдоодогу окутуу программалары кайра каралып чыкты жана жаңыртылды, окуу жылынын башынан баштап программалар И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жана Кыргыз-Орус славян университетинин окуу тутумуна киргизилген. Медициналык айымдарды дипломго чейинки жана диплом алгандан кийинки деңгээлде окутуу боюнча психикалык жактан жабыркагандык боюнча окутуу модулу иштелип чыккан. Медициналык айымдарды даярдоо тутумуна КМКДжКДИ, медициналык колледждердин деңгээлинде кирген.<br><br>Көп багыттуу кесиптик жардам көрсөтүү менен жашаган жери боюнча психиатриялык жардам көрсөтүнүн альтернативдүү формасын өнүктүрүү максатында, КР ССМ 27.12.18-ж. №900 “ПМСЖ деңгээлинде психикалык жактан жабыркаган адамдарга кызматтарды көрсөтүү боюнча психикалык саламаттык кызматтарын оптималдаштыруу жөнүндө” буйругуна ылайык, республика боюнча дисциплиналар аралык командалар (мындан ары - ДАК) түзүлүүдө. Кызматкерлердин функционалдык милдеттери, эсеп-кысап жана отчеттуулугу менен ДАК жөнүндө жобо бекитилген. ДАК төмөнкү адистерден турат: психиатр врач, мед психолог, кабинеттик медайым, патронаждык медайым<br><br>Үй-бүлөлүк медициналык борборлордун (мындан ары - ҮМБ) түзүмүнө бекитилген бюджеттин чегинде ДАК киргизилди, алардын курамында: психолог, кабинеттик жана патронаждык меициналык психиатр, психолог, кабинеттик жана  патронаждык медициналык айымдар бар.  Саламаттыкты сактоо министрлиги менен (мындан ары -ССМ) КР Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары - ММКФ) биргелешкен буйругу жана 6 жана 12 айлар аралыгында психикалык жактан жабыркаган бейтаптарды үзгүлтүксүз көзөмөлдөө жана дарылоо үчүн Биринчи медициналык-санитардык жардамдын (мындан ары - БМСЖ) деңгээлинде ДАК кызматкерлерге стимул берүүнүн механизмдери жөнүндө жобо бекитилген. | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | -психиатриялык мекемелерде иштөө үчүн адистерди алгачкы даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу тутумун өркүндөтүү, ошондой эле алгачкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде соматикалык профилдеги врачтар менен өз ара аракеттенүү, алгачкы медициналык тармак мекемелеринде психикасы бузулуудан жабыркаган адамдарды табуу жана кароо маселелери боюнча алгачкы медициналык жардам врачтарын даярдоо маселелери боюнча психиатр врачтарды кошумча даярдоо аркылуу өркүндөтүү;<br><br>-психиатриялык мекемелерде пациенттерди дарылык тамак-аш менен камсыз кылуу үчүн дарылоочу тамактануу боюнча кеңештердин иштеши жөнүндө маселени кароо; | БМСЖ деңгээлинде пилоттук 11 ҮДБда түзүлгөн ДАК активдүү иш алып барышууда. Ош, жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Нарын, Талас, Каракол шаарларында жана Кадамжай, Кара-Суу, Сузак, Ноокат, Базар-Коргон райондорунда дициплиналар аралык командалар (ДАК) түзүлгөн.<br><br>Психиатр врачтарды кошумча даярдоо максатында, соматикалык профилдеги дарыгерлер менен кызматташуу, биринчи медициналык-санитардык жардамдын дарыгерлерин даярдоо, БМСЖ деңгээлинде психикалык жактан жабыркаган оорулууларды аныктоо жана алар менен иш алып баруу маселелери боюнча:<br><br>– КР ССМ буйругу менен психикалык оорулар боюнча клиникалык нускама иштелип чыкты жана бекитилди, аларды саламаттыкты сактоодогу дарыгерлердин практикасына киргизүү боюнча иштер башталды;<br><br>– КР ССМ буйругу менен психикалык оорулар боюнча клиникалык нускама иштелип чыкты жана бекитилди, аларды саламаттыкты сактоодогу дарыгерлердин практикасына киргизүү боюнча иштер башталды;<br><br>• 2019-жылдын июнь айында, КР ССМ 21.06.2019-ж. №495 көрсөтмөсү менен Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарында дарыгер-психиатр жана дарыгерлер үчүн тренингдер өткөрүлгөн;<br><br>• эл аралык эксперттер тарабынан окутуу тренингдери өткөрүлдө (бардыгы – 10): 23 локалдык машыктыруучу даярдалды. МСБ,ФАП, САК, СБК 980 кызматкери психикалык саламаттык жана психиатриялык кызмат көрсөтүү боюнча жаңы усулдарга байланыштуу маселелер боюнча окутулду;<br><br>• Адам сатуунун психологиялык таасири жана адам сатуунун курмандыктары менен туура иш алып баруу боюнча прокуратуранын кызматкерлерине окутуу тренингдери өткөрүлдү. Сексуалдык зордук-зомбулук жана сексуалдык зордук-зомбулуктун курмандыктары менен иш алып барууда материалдарды даярдоо жана соттук-психиатриялык экспертизаларды өткөрүүнү баалоо боюнча ИИМ тергөөчүлөрү үчүн методикалык сунуштамалар иштелип чыкты; | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | • Психикалык жана неврологиялык ооруларга, ошондой эле саламаттыкты сактоонун адистештирилбеген мекемелеринде психоактивдүү заттарды колдонуу менен байланышкан ооруларга байланыштуу жардам көрсөтүү боюнча Европалык регионалдык СБДУ кызматкерлери тарабынан иштелип чыккан mhGap нускамасын киргизүү иштери жүрүп жатат. Көрсөтүлгөн нускама КР шарттарына ылайыкташтырылган жана Бишкек шаарынын жаңы конуштарында сыноодон өткөн (“Босого”, “Улан”), ЮНИСЕФ колдоосу менен аталган нускаманы ишке киргизүү боюнча иштерди улантуу пландалууда;<br>• Саламаттыкты сактоо тутумунун бардык баскычтарында натыйжалуу документтештирүү боюнча (Стамбул протоколу) мониторинг жүргүзүлүүдө.<br>Бардык психиатриялык мекемелерде дарылык тамак-аштар боюнча кеңештер иштейт. | |
| | **10) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы:**-ЖАМКнын мекемелеринде психологдордун, социалдык кызматкерлердин жана психоневрологиялык бөлүмдүн адистеринин штаттык бирдиктеринин санын көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн кароо; | ЖАМК тарабынан аталган пунктун аткарылышы үчүн КР Президентине жана Премьер-министрине 06.07.2019-ж. №100/01 -2485 жана 06.07.2019-ж. 100/01-2485 пенитенциардык сыноолорду ишке ашырууга катышуучу тарбиялоочу кызматтардын штаттарын бекемдөө үчүн кошумча 30 штаттык бирдик бөлүү жөнүндө кайрылуу жолдонгон.<br>Бирок КР Каржы министрлиги 31.07.2019 –жылдагы №17-3-1/9504 каты менен жооп берип, азыркы учурда КР өкмөтүнүн 25.07.2016-жылдагы №414 «Мамлекеттик органдарда штаттык бирдиктерди көбөйтүүгө мораторий киргизүү жөнүндө» токтомуна ылайык, ЖАМК штаттык бирдигинин санын көбөйтүү мүмкүн эместигин маалымдаган.<br>ЖАМК тарабынан кошумча дагы КР Премьер-министринин дарегине түзөө жана эркинен ажыратуудан коомго кайтаруу, ошондой эле аларды бошотууга даярдоо боюнча иштерди күчөтүү үчүн 20 штаттык бирдикти (психологдор менен социалдык кызматкерлер) бөлүүгө жардам көрсөтүү жөнүндө кайрылуу жолдонгон (03.09.2019-ж. №100/01-2390).<br>Азыркы учурда ЖАМКда ЖАМК Борбордук аппаратынын түзүмүн оптималдаштыруу жолу менен жогоруда көрсөтүлгөн пунктту ишке ашыруу үчүн кошумча штаттык бирдиктерди табуу боюнча иштер аткарылууда. | Аткарылган жок |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | ЖАМК мекемелериндеги психоневрологиялык бөлүмдүн адистеринин штаттык бирдигинин санын көбөйтүү маселеси боюнча №47 мекеменин борбордук ооруканасында 45 керебетке эсептелген врач-психиатрлардын эки штаттык бирдиги менен психоневрологиялык бөлүм (ПНБ) иштеп жатат.<br><br>Азыркы учурда психикалык жактан жабыркаган 138 соттолуучу диспансердик каттоодо турат. Психикалык оорулары күчөгөн учурларда бейтаптар маал-маалы менен Борбордук ооруканалардын ПНБ шарттарында стационардык дарылануудан өтүшөт.<br><br>Зарыл болгон учурда врач-психиатр мекемелер боюнча кароолорду жүргүзүү үчүн кыдыруу иштерин аткарат, ал эми ТМ мекемелериндеги массалык профилактикалык кароолордо дагы врач-психиатр катышат.<br><br>Психикалык жактан жабыркоонун оор учурлары менен ооруган оорулуу аныкталганда, соттолгондор КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин Психикалык саламаттыктын республикалык борборунун адистеринин кароосунан өтүшөт.<br><br>Жогоруда айтылгандарды эске алып, учурда ЖАМК психоневрологиялык бөлүмдүн адистеринин штаттык бирдиктеринин санын көбөйтүү зарылчылыгы жок. | |
| | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башка булактардан (тууган-туушкандар, кайрымдуулук жана коомдук уюмдар ж.б.) келип түшкөн дары-дармек препараттарын кабыл алуу жана ТИЗОдо кармалып турган адамдарга берүү жолжобосун кароо; | 2-гл. КР Өкмөтүнүн 30.08.2006-жылдагы №631 токтому менен бекитилген жазык-аткаруу түзүмүнүн тергөө изоляторлорунун ички тартибинин 10 эрежелерине ылайык, айыпталуучу жана соттолуучуларга аларды камсыздоо болбой калган учурларда дарыгердин бүтүмү менен дары каражаттарын кабыл алууга уруксат берилет. Дарылык каражаттар медициналык бөлүмдөрдө сакталышы керек жана айыпталуучулар менен соттолуучулардын колу коюлуп, көрсөтүлгөн ченемде берилет. | Аткарылууда |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | Саламаттык сактоо министрлигинин Зомбулукту жана кыйноону документке түшүрүү боюнча практикалык колдонмосуна ылайык зомбулукту жана кыйноону документке түшүрүү тартибин (Стамбул протоколунун принциптери) киргизсин; | Зордук-зомбулук, кыйноолор жана башка катаал, адамгерчиликсиз жана ар-намысты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнө байланыштуу фактыларды натыйжалуу документтештирүү боюнча Практикалык колдонмону жазык аткаруу түзүмүнүн мекемелеринде колдонуу КР ССМ 2015-жылдын 7-декабрындагы №680 буйругунун талаптарына ылайык, туруктуу негизде ишке ашырылат.<br><br>Кызыл жарым ай эл аралык комитетинин колдоосу менен саламаттыкты сактоо министрлигинин кызматкерлери тарабынан ЖАМК мекемелериндеги медициналык кызматкерлер үчүн окутуулар өткөрүлдү, анын жүрүшүндө денесине жаракат келтирүүлөрдү, пенитенциардык түзүмдүн иштеринин өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү укуктук маселелер, зордук-зомбулуктар, кыйноолор жана аесуз мамилелер боюнча кайрылууларда медициналык кароолордун формаларын колдонуу боюнча маселелерди документтештирүү боюнча маселелер камтылган. Бардыгы болуп 60 медициналык кызматкер окутулган. Тергөө изоляторлорунда камакта жаткандар сөзсүз түрдө денесинде жаракат же оорунун оор түрү жоктугун аныктоо үчүн алгачкы кароодон өтүшөт. Денесинде жаракат болгон жарандарга көрсөтүлгөн формада документтештирүү жүргүзүлөт.<br><br>КР Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан Стамбул протоколунун принцибинде КР Өкмөтүнүн "Зордук-зомбулук, кыйноолор жана башка аёосуз, адамгерчиликсиз жана ар-намысты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнө байланыштуу фактыларды натыйжалуу документтештирүү боюнча Практикалык колдонмону бекитүү жөнүндө" токтомунун долбоору иштелип чыккан, азыркы учурда долбоор КР Өкмөтүнүн Аппаратынын кароосунда турат. | Аткарылууда |
| | эгерде төмөнкүдөй жардамды ЖАМКнын дарылоо мекемелеринде алуу мүмкүн болбосо, госпиталдаштырууга муктаж болгон пациенттерге квалификациялуу медициналык жардамдын аймагы боюнча көрсөтүү үчүн Саламаттыкты сактоо министрлигинин дарылоо мекемелери менен макулдашуу түзүү; | КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин дарылоо мекемелеринин макулдугу менен (Улуттук кардиология жана терапия борбору, Улуттук госпиталь, Улуттук онкология жана гематология борбору, Улуттук хирургиялык борбор, Бишкек шаардык травматология жана ортопедия илимий-изилдөө борбору) пландык жана шашылыш тартипте стационардык медициналык жардамга муктаж болгон бейтаптарга адистештирилген медициналык жардам көрсөтүлөт.<br><br>Андан тышкары, ЖАМК тарабынан КР Саламаттыкты сактоо министрлигине КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин аймактык дарылоо мекемелери менен келишим түзүү боюнча 01.02.2019-жылы №20 кат жолдонгон. | Аткарылууда |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | -эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жерлеринде жүргөн оорулуулар үчүн Саламаттыкты сактоо министрлигинин дарылоо мекемелеринде медициналык кызмат көрсөтүүнү камсыз кылуу максатында көрсөтүлгөн министрлик менен бирдикте ойдогудай кайтаруусу жана коопсуздук тутуму бар палаталарды уюштуруу; | Камакта жаткан оорулууларды КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин дарылоо мекемелерине жаткырган учурларда, дарылоо мекемелери тарабынан өзүнчө бөлүнгөн бөлмөлөр берилет. 19.04.2019-жылы №10/8-134 чыгыш номери менен КР Саламаттыкты сактоо министрлигине эркиндигинен ажыратылган жайларда кармалган оорулуулар үчүн тиешелүү кайтаруу жана коопсуздук тутумдары бар бөлмөлөрдү бөлүп берүү жөнүндө кошумча кайрылуу жолдонгон. | Аткарылууда |
| | -Саламаттыкты сактоо министрлиги жана ФОМС менен бирдикте Бирдиктүү төлөөчү тутумун пайдалануу менен соттолгондорго минималдуу медициналык кызмат көрсөтүү жөнүндө биргелешкен келишимди түзүү маселесин кароо; | **Азыркы учурда** ЖАМК Бирдиктүү төлөөчү тутумун колдонуу менен соттолгондорго минималдуу түрдө медициналык кызмат көрсөтүү тууралуу биргелешкен келишимди түзүүнүн максаттуулугу жөнүндө маселени карап жатат. Кароонун жыйынтыгы боюнча маалыматтар кошумча түрдө дагы маалымдалат. | Аткарылган жок |
| | ФОМС менен бирдикте эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жерлеринде минималдуу медициналык кызмат көрсөтүү үчүн көрсөтүлгөн Фонддун бюджетин жана штаттык санын көбөйтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоорун демилгелөө маселесин кароо; | Алгачкы тергөөдөгү жарандар, ошондой эле жазасын аткарып жаткан адамдар, бейтаптын өмүрүнө коркунуч жаралган шашылыш учурлар болгондо, пенитенциардык тутумдун медициналык кызматы тарабынан аларга медициналык жардам көрсөтүү мүмкүн болгон учурларда, медициналык-санитардык жардамды КР Өкмөтүнүн 20-ноябрь 2015-жылдагы №790 токтомунда бекитилген, Акысыз жана жеңилдетилген шарттарга болгон мамлекеттик кепилдиктердин программасы боюнча Медициналык-санитардык жардам алууга укуктуу жарандардын категорияларынын тизмесинин 29-бөлүмүнө ылайык, акысыз жана жеңилдетилген шарттарда медициналык-санитардык жардам алууга укуктуу болот. Буга байланыштуу, ММКФ бюджетин жана штаттык бирдигин көбөйтүү максатка ылайык келбейт. | Аткарылган жок |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | **11) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы** эмгек акы боюнча карызды төлөө маселесинде чет өлкөлөрдө, атап айтканда, Россия Федерациясында Кыргыз Республикасынын жарандарына көмөк көрсөтүү боюнча чараларды күчөтсүн; | Эмгек акы боюнча карыздарды төлөө маселесинде Кыргыз Республикасынын РФдагы жарандарына көмөктөшүү боюнча чараларды күчөтүү тууралуу планга ылайык, аталган маселе боюнча КРӨ караштуу ММКнын РФдагы өкүлчүлүгү тарабынан туруктуу негизде иштер жүрүп жатат. Биздин дарекке КРӨ караштуу ММКнын РФдагы өкүлчүлүгү тарабынан 2019-жылдын 9 айында аткарылган иштер тууралуу отчет жиберилген (08.01.2019-ж. 27.09.2019-ж. чейин) (чыг. №03-14/4185; 09.12.2019-ж.).<br><br>КР Өкүлчүлүгүнө отчеттук мезгил ичинде КР 2743 жаранына 157 млн. 315 миң. 100 руб. суммадагы эмгек акылардын төлөнбөгөнү тууралуу 731 кайрылуу келип түшкөн. Өкүлчүлүктүн кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында (баруулар жана сүйлөшүүлөр, кат аркылуу жазышуулар) жогоруда аталган жарандарга 53 млн. 075 миң. 600 рубль төлөнүп берилген.<br><br>Анын ичинде РФ тергөө комитети тарабынан 3 млн. 977 миң рубль суммасында эмгек акылардын төлөнүүсүнө көмөк көрсөтүлгөн.<br><br>Маалымдама: Төлөнбөгөн эмгек акы боюнча карыздардын жалпы суммасы КР кайрылууларда көрсөтүлгөн суммадан алып эсептелди. Тажрыйба көрсөткөндөй, жумуш берүүчүлөр менен карыздарды тактоодо иш жүзүндөгү карыздардын суммасы алар арызда көрсөткөн суммадан бир канча төмөн. Жумуш берүүчүлөр арызданууучунун эмгек акысынан эмгек тартибин бузгандыгы үчүн айыппул кармап калган учурлар дагы бар (жумушка чыкпай коюу, кечигүү, материалдык чыгым ж.б.у.с.).<br><br>Айтылгандарга байланыштуу, КР Өкүлчүлүгүнүн отчетторунда жарандардын кайрылууларында көрсөтүлгөн төлөнбөгөн эмгек акыларга байланыштуу карыздардын суммасы көрсөтүлгөндүгүн билдиребиз.<br><br>КР жарандарына эмгек акыларын төлөбөө боюнча маселелерди тынч жол менен жөнгө салуу максатында, Өкүлчүлүктүн кызматкерлери тарабынан ишканаларга, уюмдарга жана мекемелерге 254 баруулар уюштурулган.<br><br>Эмгек акыларды төлөбөгөн жумуш берүүчүлөргө байланыштуу РФ Тергөө комитетине, Эмгек жана жумушка орнотуу боюнча федералдык кызматына (Россэмгек) жана РФ ИИМ Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгына тиешелүү чараларды кабыл алуу үчүн 539 кат жиберилген.<br><br>Ошондой эле, Өкүлчүлүктүн кызматкерлери тарабынан жарандардын эмгек акыларын төлөбөө боюнча кайрылууларына байланыштуу РФ Тергөө комитетинин райондук бөлүмдөрүнө 27 баруулар болгон. | Аткарылууда |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | **12) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция:**<br><br>-ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жумуш орундарын квоталоо, анын ичинде көрсөтүлгөн адамдарды ишке орноштуруу жана өз алдынча иш менен камсыз болуу боюнча ченемдерди ишке ашыруу механизминин туруктуу мониторингин жүргүзүү; | Туруктуу негизде контролдоо-көзөмөлдөөчү иштерди жүргүзүүдө эмгек инспекторлору тарабынан ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жумуш орундарын түзүү жана аларды ишке орноштуруу боюнча ченемдерди ишке ашыруунун механизмине мониторинг жүргүзүлөт. Пландуу текшерүүлөрдүн жүрүшүндө ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата эмгек мыйзамдарын бузуу катталган жок.<br><br>2019-жылдын 10 айы үчүн Мамэкотехинспекция тарабынан ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын алардын эмгектик укугунун бузулушу жөнүндө арыздары катталган эмес.<br><br>Ишканаларга жана уюмдарга жеткиликтүү болуу шарттарын түзүү максатында ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болуу үчүн атайын жабдууларды жана курулмаларды орнотуу жөнүндө 11 жетекчиге көрсөтмө берилген.<br><br>Мониторингдин жүрүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жетекчилери тарабынан ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн жумушчу ордун түзүү боюнча ченемдер бекитилип жаткандыгы аныкталган.<br><br>КР Эмгек Кодексинин 314 жана 315- беренелерине ылайык, иш менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кызматынын органдары майыптардын коомдук уюмдарынын катышуусунда иштеп чыгышат, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар ДМЧА үчүн жумуш орундарынын 50%дан аз өлчөмүндө (эгерде иштегендердин саны 20 адамдан ашпаса) жумуш орундарын түзүү боюнча ченемдерди бекитишет. Ошону менен бирге эле, аталган ченемдин эсебине толук эмес жумуш убактысынын шартында иш берүүгө жол берилет. | Аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | Мисалга, Ош облусунун Ноокат районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан 2019-жылга 34 жумуш ордуна квота каралган, алардын 11ине ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар ишке орношкон.<br><br>Мындан тышкары, КР Эмгек Кодексинин 314-беренесин аткарууда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан социалдык коргоого муктаж жана жумуш издөөдө кыйынчылыктарга туш болгон ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды ишке орноштуруу үчүн  2020-жылга иш оруңдары каралган.<br><br>Мисалы, Чүй облусунун Москва районунун мамлекеттик администрациясы жана Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарынын мэриясы тарабынан ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн 2020-жылга 16 жумушчу орун түзүлгөн.<br><br>Түзүлгөн жумушчу оруңдарына ишке орноштурууга болгон талдоолор уюмдар жана мекемелер тарабынан каралган оруңдардын бардыгына эле ДМЧА ишке алынбай тургандыгын көрсөттү. Мындай кырдаалдардын бир канча себептери бар:<br><br>-иш менен камсыз кылууга көмөктөшүүчү аймактык башкармалыктарга (ИККАБ) кайрылган ДМЧА саны анча басымдуу эмес;<br><br>- ИККАБ кайрылуунун негизги зарылчылыктары болуп өзүнүн балдарына аз камсыз болгондугу тууралуу, андан ары жөлөкпул алуу үчүн зарыл болгон жумушсуз адам катары каттоодон өтүү жөнүндө маалымкат алуу зарылдыгы саналат;<br><br>- ИККАБ кайрылган ДМЧА негизинен жогорку же орто атайын билимге ээ, ал эми аларга туура келген квоталар ишканаларда жок; | |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | | -ишканалар тарабынан каралган квоталарга негизинен аз өлчөмдөгү эмгек акылуу кесиптер туура келет, бул сунушталган орундардан ДМЧА баш тартышат (негизги көндүмдү жана кунт коюуну талап кылган ишканадагы иштердин өзгөчөлүктөрүнүн себебинен иш берүүчүлөр ДМЧА үчүн жогорку эмгек акы төлөнө турган квоталарды бөлүүдөн баш тартышат).<br><br>Көпчүлүк ДМЧА ИККАБ кайрылбастан эле ишке орношуп алышат, б.а. алардын ишке орношуусу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар аркылуу ишке ашат.<br><br>Аталган багытта жүргүзүлгөн иштердин алкагында, эмгек инспекторлору тарабынан бардык жерлерде ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн иш орундарын түзүү боюнча иштеп жаткан мыйзамдардын ченемдери жөнүндө түшүндүрүү иштери жүрүүдө. | |
| | **13) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:**<br><br>-ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жумуш орундарын квоталоо боюнча ченемдерди бекитүү жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин аткарууга контролдук кылуу боюнча чараларды көрүү; | Аталган сунуштамалар боюнча Нарын шаарынын мэриясынан, КР Өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарымдуу өкүлчүлүгүнөн, КР Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарымдуу өкүлчүлүгүнөн, КР Өкмөтүнүн Жалал-Абад облусундагы ыйгарымдуу өкүлчүлүгүнөн расмий маалыматтар алынган. Жооптордо ДМЧА үчүн жумушчу орундарын түзүү боюнча аткарылган иштер тууралуу белгиленет. Бирок республиканын башка жергиликтүү органдарынан жооп келген жок. | Жарым-жартылай аткарылды |

| № | Сунуштаманын мазмуну | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | -жашаган жери боюнча психиатриялык, социалдык-психологиялык жардамды өнүктүрүү боюнча чараларды тиешелүү программаларга киргизүү жөнүндө маселени кароо; | Психикалык жактан жабыркаган адамдарды маалымдар кылуу, алардын жана үй-бүлөлөрүнүн укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо, психикалык жактан жабыркаган адамдардын мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга болгон жеткиликтүүлүгү тууралуу маселелер, кызмат көрсөтүү, аймактардагы психикалык жактан жабыркаган адамдарга камкордук жасоо жана көзөмөл жүргүзүү үчүн борборлорду түзүү. | |
| | алгачкы медициналык-санитардык жардамдын саламаттык сактоо мекемелери, өкмөттүк эмес уюмдар менен бирдикте өз алдынча жардам топторун түзүүгө көмөктөшүү. | Психикалык саламаттык кызматынын адистери өз ара жардамдашуу топторун түзүүдө көмөк көрсөтүшөт. Психикалык саламаттык, психикалык кызмат көрсөтүү боюнча жаңы методдорго байланыштуу маселелер боюнча ЖӨБ, ФАП, АСК (айылдык саламаттык комитеттери), СЧБ (саламаттыкты чыңдоо бөлмөлөрү) 960 кызматкери окутулган. | |

## 5-ТИРКЕМЕ. КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) КР МЫЙЗАМДАРЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖААТЫНДАГЫ ИШМЕРДИГИ БОЮНЧА САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦА

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| | |
| Кыргыз Республикасынын "Бузуулар жөнүндө" Кодекси 2017-жыл 13-апрель №58 | |
| **2-глава. Бузуулар жөнүндө мыйзамдардын колдонулушу**<br><br>*5-берене. Ушул Кодекстин адамдардын чөйрөсү боюнча колдонулушу*<br><br>1. Бузууну жасагандыгы үчүн жеке жана юридикалык жактар жоопкерчиликке тартылууга тийиш.<br><br>2. Кыргыз Республикасынын аймагында чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлдөрү жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык иммунитетке ээ болгон башка адамдар тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында бузуулар жасалган учурда, алардын жоопкерчилиги жөнүндө маселе эл аралык укуктун ченемдерине ылайык чечилет. | **2-глава. Бузуулар жөнүндө мыйзамдардын колдонулушу**<br><br>*5-берене. Ушул Кодекстин адамдардын чөйрөсү боюнча колдонулушу*<br><br>1. Бузууну жасагандыгы үчүн жеке жана юридикалык жактар, **мамлекеттик органдардын кызматкерлери, укук коргоо органдарынын кызматкерлери, аскер кызматкерлери жана жергиликтүү өз алдыенча башкаруу органдарынын кызматкерлерин кошо алганда,** жоопкерчиликке тартылууга тийиш.<br><br>2. Кыргыз Республикасынын аймагында чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлдөрү жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык иммунитетке ээ болгон башка адамдар тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында бузуулар жасалган учурда, алардын жоопкерчилиги жөнүндө маселе эл аралык укуктун ченемдерине ылайык чечилет. |
| **3-глава. Бузуулар үчүн жоопкерчилик принциптери**<br><br>*8-берене. Мыйзам алдындагы теңдик принциби*<br><br>1. Бузуу жасаган жеке адамдар мыйзам алдында тең жана жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этностук таандыктыгына, динге ишенүүсүнө, саясий же башка ынанымдарына, билимине, тегине, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларына карабастан, жоопкерчиликке тартылууга тийиш.<br><br>2. Бузуу жасаган юридикалык жактар мыйзам алдында тең жана менчигинин формасына, турган жерине, уюштуруучулук-укуктук түрүнө, баш ийүүсүнө жана башка мүнөздөмөлөрүнө карабастан, жоопкерчиликке тартылууга тийиш.<br><br>3. Жеке жана юридикалык жактар үчүн жаза чаралардын ар кандай түрлөрү жана өлчөмдөрү белгиленген ушул Кодекстин жоболорунда мыйзам алдында теңдик принциби бузулбайт. | **3-глава. Бузуулар үчүн жоопкерчилик принциптери**<br><br>*8-берене. Мыйзам алдындагы теңдик принциби*<br><br>1. Бузуу жасаган жеке адамдар мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери мыйзам алдында тең жана жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этностук таандыктыгына, динге ишенүүсүнө, саясий же башка ынанымдарына, билимине, тегине, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларына карабастан, жоопкерчиликке тартылууга тийиш.<br><br>2. Бузуу жасаган юридикалык жактар мыйзам алдында тең жана менчигинин формасына, турган жерине, уюштуруучулук-укуктук түрүнө, баш ийүүсүнө жана башка мүнөздөмөлөрүнө карабастан, жоопкерчиликке тартылууга тийиш.<br><br>3. Жеке жана юридикалык жактар, **мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери** үчүн жаза чаралардын ар кандай түрлөрү жана өлчөмдөрү белгиленген ушул Кодекстин жоболорунда мыйзам алдында теңдик принциби бузулбайт. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| **4-глава. Бузуу түшүнүгү. Бузуу субъектиси жана анын күнөөсү** | **4-глава. Бузуу түшүнүгү. Бузуу субъектиси жана анын күнөөсү** |
| *14-берене. Бузуу түшүнүгү жана анын субъектиси* | *14-берене. Бузуу түшүнүгү жана анын субъектиси* |
| 1. Ушул Кодексте жоопкерчилик каралган коомдук башкаруу тартибине каршы жеке же юридикалык, жактар тарабынан жасалган укукка каршы, күнөөлүү жосун (аракет же аракетсиздик) бузуу деп таанылат. | 1. Ушул Кодексте жоопкерчилик каралган коомдук башкаруу тартибине каршы жеке же юридикалык, жактар, **мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери** тарабынан жасалган укукка каршы, күнөөлүү жосун (аракет же аракетсиздик) бузуу деп таанылат. |
| 2. Эгерде бул жосундар Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке алып келбесе, ушул Кодексте каралган бузуулар үчүн жоопкерчилик келип чыгат. | 2. Эгерде бул жосундар Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке алып келбесе, ушул Кодексте каралган бузуулар үчүн жоопкерчилик келип чыгат. |
| 3. Жеке жана юридикалык жактар бузуу субъекттери болуп саналат, | 3. Жеке, юридикалык жактар **жана мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери** бузуу субъекттери болуп саналат. |
| | *18-1-берене. Бузуулар үчүн жоопкерчилик каралган мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматкерлери* |
| | Бузууларды жасаганы үчүн жоопкерчиликке кесиптик кызматтык ишин мамлекеттик органда же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында мамлекеттик жарандык кызматты, аскердик кызматты, укук коргоо кызматын жана дипломатиялык кызматты кошо алганда, ошондой эле саясий мамлекеттик кызмат ордун, саясий муниципалдык кызмат ордун жана атайын мамлекеттик кызмат ордун ээлеген адамдар тартылат. |
| | *18-2-берене. Мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматкерлеринин күнөөсү* |
| | Мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматкери эгерде ал жосунун (аракетинин же аракетсиздигинин) укукка каршы экендигин аңдап-сезсе же аңдап-сезе алса жана аңдап-сезүүгө тийиш болсо, күнөөлүү деп таанылат. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| **5-глава. Адамдын күнөөлүүлүгүн жана бузуунун укукка каршы экендигин жокко чыгаруучу жагдайлар** | **5-глава. Адамдын күнөөлүүлүгүн жана бузуунун укукка каршы экендигин жокко чыгаруучу жагдайлар** |
| *19-берене. Жактын күнөөлүүлүгүн жокко чыгаруучу жагдайлар* | *19-берене. Жактын күнөөлүүлүгүн жокко чыгаруучу жагдайлар* |
| 1. Өнөкөт психикалык оорунун, убактылуу акылынан адашуунун, акыл-эсинин кемдигинин же психикасынын башка оорулуу абалынын айынан өз кыймыл-аракетин (аракетсиздигин) аңдап-сезе жана башкара албаган адамдын укукка каршы жосун жасашы жеке адамдын күнөөлүүлүгүн жокко чыгаруучу жагдайлар катары таанылат. Мындай адамга карата психиатриялык жардам жөнүндө мыйзамда аныкталган тартипте медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулат. | 1. Өнөкөт психикалык оорунун, убактылуу акылынан адашуунун, акыл-эсинин кемдигинин же психикасынын башка оорулуу абалынын айынан өз кыймыл-аракетин (аракетсиздигин) аңдап-сезе жана башкара албаган адамдын укукка каршы жосун жасашы жеке адамдын, **мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматкеринин** күнөөлүүлүгүн жокко чыгаруучу жагдайлар катары таанылат. Мындай адамга карата психиатриялык жардам жөнүндө мыйзамда аныкталган тартипте медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулат. |
| 2. Аны менен эмгек мамилелери болгон жеке адамдын же келишим боюнча юридикалык жактын кызыкчылыктарында белгилүү бир аракеттерди аткарган жеке адамдын эркинен жана ан-сезиминен көз каранды болбогон себептердин айынан укукка каршы жосун жасоо юридикалык жактын күнөөлүүлүгүн жокко чыгаруучу жагдайлар деп таанылат. | 2. Аны менен эмгек мамилелери болгон жеке адамдын же келишим боюнча юридикалык жактын кызыкчылыктарында белгилүү бир аракеттерди аткарган жеке адамдын эркинен жана ан-сезиминен көз каранды болбогон себептердин айынан укукка каршы жосун жасоо юридикалык жактын күнөөлүүлүгүн жокко чыгаруучу жагдайлар деп таанылат. |
| **40-глава. Элдик кызматтардын иши чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуу** | **40-глава. Элдик кызматтардын иши чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуу** |
| **Эскертүү.** Ушул Кодекстин 293-295-беренелеринде каралган бузуулар жөнүндөгү иштер ушул Кодексте белгиленген, чечимдери. аныктамалары, тескемелери жана талаптары талаптагыдай аткарылбаган же алардын инспекциялык ыйгарым укуктарын аткарууда тоскоолдуктар түзүлгөн тийиштүү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан каралат. | **Эскертүү**. Ушул Кодекстин 293-295-беренелеринде каралган бузуулар жөнүндөгү иштер ушул Кодексте белгиленген, чечимдери. аныктамалары, тескемелери жана талаптары талаптагыдай аткарылбаган же алардын инспекциялык ыйгарым укуктарын аткарууда тоскоолдуктар түзүлгөн тийиштүү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан каралат.<br><br>Ушул Кодекстин 295-1-беренелеринде каралган бузуулар жөнүндөгү иштер мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан каралат.<br><br>*295-1-берене. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишине тоскоолдук көрсөтүү*<br><br>**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин), анын орун басарларынын, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлеринин алардын адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына көзөмөл жүргүзүү боюнча ишмердигине мыйзамсыз кийлигишүү же тоскоолдук көрсөтүү-2-категориядагы айып пул салууга алып келет.** |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| **44-глава. Бузуулар жөнүндө өндүрүштүн катышуучулары жана алардын укуктары** | **44-глава. Бузуулар жөнүндө өндүрүштүн катышуучулары жана алардын укуктары** |
| *313-берене. Бузуулар жөнүндө өндүрүштүн катышуучулары* | *313-берене. Бузуулар жөнүндө өндүрүштүн катышуучулары* |
| 1. Төмөнкүлөр бузуулар жөнүндө иш боюнча өндүрүштүн катышуучулары болуп саналат: | 1. Төмөнкүлөр бузуулар жөнүндө иш боюнча өндүрүштүн катышуучулары болуп саналат: |
| 1) бузууларды жасагандыгы үчүн тартылып жаткан адам; | 1) бузууларды жасагандыгы үчүн тартылып жаткан адам; |
| 2) ыйгарым укуктуу орган; | 2) ыйгарым укуктуу орган; |
| 3) жабырлануучу - бузуулар тарабынан зыян келтирилген адам. Юридикалык жактын өкүлү же коомдун тийиштүү бөлүгүнүн өкүлү катары бузуулар тарабынан моралдык зыян келтирилген адам жабырлануучу боло албайт; | 3) жабырлануучу - бузуулар тарабынан зыян келтирилген адам. Юридикалык жактын өкүлү же коомдун тийиштүү бөлүгүнүн өкүлү катары бузуулар тарабынан моралдык зыян келтирилген адам жабырлануучу боло албайт; |
| 4) күбө; | 4) күбө; |
| 5) эксперт; | 5) эксперт; |
| 6) адис; | 6) адис; |
| 7) котормочу. | 7) котормочу. |
| | **1-1. Кабыл алынган арызды текшерүүдө же өз демилгеси менен бузуулар жөнүндө иштер боюнча отурумдарда КР Акыйкатчысы (Омбудсмени), анын орун басарлары, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери же алар ыйгарым берген адамдар катыша алышат.** |
| 2. Бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылып жаткан адам бузуулар жөнүндө ишти кароого өзү жана/же өкүлү аркылуу катыша алат. | 2. Бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылып жаткан адам бузуулар жөнүндө ишти кароого өзү жана/же өкүлү аркылуу катыша алат. |
| 3. Төмөнкүлөр ыйгарым укуктуу органдар болуп саналат: | 3. Төмөнкүлөр ыйгарым укуктуу органдар болуп саналат: |
| 1) өздөрүнүн компетенциясына ылайык министрликтердин, ведомстволордун жана башка мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктуу бөлүмдөрү; | 1) өздөрүнүн компетенциясына ылайык министрликтердин, ведомстволордун жана башка мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктуу бөлүмдөрү; |
| 2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын комиссиялары. | 2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын комиссиялары. |
| Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн чечимдери менен бузуулар жөнүндө протоколду түзүүгө, ушул Кодексте каралган учурларда жаза чарасын көрүүгө ыйгарым укук берилген кызмат адамдарынын тизмегин аныктайт жана бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укук берилген комиссияларды түзөт. | Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн чечимдери менен бузуулар жөнүндө протоколду түзүүгө, ушул Кодексте каралган учурларда жаза чарасын көрүүгө ыйгарым укук берилген кызмат адамдарынын тизмегин аныктайт жана бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укук берилген комиссияларды түзөт. |
| *Караңыз:* | *Караңыз:* |
| *Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 7-мартындагы N 53-б «Бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялардын курамы тууралуу» буйругу* | *Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 7-мартындагы N 53-б «Бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялардын курамы тууралуу» буйругу* |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| Комиссия жөнүндө жобо, анын сандык жана жекече курамы - ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилет. | *Комиссия жөнүндө жобо, анын сандык жана жекече курамы - ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилет.* |
| *Караңыз:* | *Караңыз:* |
| *Бишкек шаардык кеңешинин 2019-жылдын 12-февралындагы N 85 «Бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялар тууралуу жобону бекитүү жөнүндө» токтому* | *Бишкек шаардык кеңешинин 2019-жылдын 12-февралындагы N 85 «Бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялар тууралуу жобону бекитүү жөнүндө» токтому* |
| *4. Ыйгарым укуктуу орган айрым бузуу фактылары боюнча жаза салуу укугу жок бузуулар жөнүндө протоколду түзүү укугун коомдук уюмдардын өкүлдөрүнө (егерлерге, коомдук балык инспекторлоруна ж.б.) өткөрүп* бере алат. | 4. Ыйгарым укуктуу орган айрым бузуу фактылары боюнча жаза салуу укугу жок бузуулар жөнүндө протоколду түзүү укугун коомдук уюмдардын өкүлдөрүнө (егерлерге, коомдук балык инспекторлоруна ж.б.) өткөрүп бере алат. |
| *318-берене. Күбө* | *318-берене. Күбө* |
| 1. Бузуулар жөнүндө иш боюнча күбө катары ошол факты боюнча аныктоого тиешеси бар кайсы бир жагдайлар белгилүү болушу мүмкүн болгон ар кандай адамдар чакырылышы мүмкүн. | 1. Бузуулар жөнүндө иш боюнча күбө катары ошол факты боюнча аныктоого тиешеси бар кайсы бир жагдайлар белгилүү болушу мүмкүн болгон ар кандай адамдар чакырылышы мүмкүн. |
| 2. Жашы жетпеген күбөнү суракка алууда педагог же психолог милдеттүү түрдө катышууга тийиш. Зарылчылык болгон учурда суракка алуу ошондой күбөнүн мыйзамдуу өкүлүнүн катышуусунда жүргүзүлөт. | 2. Жашы жетпеген күбөнү суракка алууда педагог же психолог милдеттүү түрдө катышууга тийиш. Зарылчылык болгон учурда суракка алуу ошондой күбөнүн мыйзамдуу өкүлүнүн катышуусунда жүргүзүлөт. |
| 3. Ыйгарым укуктуу органдын чакыруусу боюнча күбө белгиленген убакта келүүгө, түшүнүк берүүгө, иш боюнча ага белгилүү болгондордун баарын билдирүүгө жана берилген суроолорго жооп берүүгө милдеттүү. Эгерде ыйгарым укуктуу орган ал жашаган же турган шаардын же райондун чегинде жайгашса, отурумда күбөнүн катышуусу милдеттүү болуп саналат. | 3. Ыйгарым укуктуу органдын чакыруусу боюнча күбө белгиленген убакта келүүгө, түшүнүк берүүгө, иш боюнча ага белгилүү болгондордун баарын билдирүүгө жана берилген суроолорго жооп берүүгө милдеттүү. Эгерде ыйгарым укуктуу орган ал жашаган же турган шаардын же райондун чегинде жайгашса, отурумда күбөнүн катышуусу милдеттүү болуп саналат. |
| Зарылчылык болгон учурда өтүнмө боюнча күбө анын жашаган жери же убактылуу турган жери боюнча өзүнүн түшүндүрмөсүн берүүгө укуктуу. | Зарылчылык болгон учурда өтүнмө боюнча күбө анын жашаган жери же убактылуу турган жери боюнча өзүнүн түшүндүрмөсүн берүүгө укуктуу. |
| 4. Күбө эне тилинде же өзү билген тилде түшүндүрмө берүүгө, жазуу түрүндөгү жазылмаларын пайдаланууга, ошондой эле бузуулар жөнүндө өндүрүшкө катышкандыгына байланыштуу чыгымдарды компенсациялап алууга укуктуу. | 4. Күбө эне тилинде же өзү билген тилде түшүндүрмө берүүгө, жазуу түрүндөгү жазылмаларын пайдаланууга, ошондой эле бузуулар жөнүндө өндүрүшкө катышкандыгына байланыштуу чыгымдарды компенсациялап алууга укуктуу. |
| 5. Күбө өзүнө, жубайына жана чөйрөсү мыйзамда аныкталган жакын туугандарына каршы түшүндүрмө берүүгө милдеттүү эмес. | 5. Күбө өзүнө, жубайына жана чөйрөсү мыйзамда аныкталган жакын туугандарына каршы түшүндүрмө берүүгө милдеттүү эмес. |
| 6. Күбө түшүндүрмө берер алдында ыйгарым укуктуу орган анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт. | 6. Күбө түшүндүрмө берер алдында ыйгарым укуктуу орган анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт. |
| 7. Төмөнкүлөр күбө боло албайт: | 7. Төмөнкүлөр күбө боло албайт: |
| 1) эмгекке жөндөмсүз жеке жактар; | 1) эмгекке жөндөмсүз жеке жактар; |
| 2) бузуулар жөнүндө өндүрүшкө катышуучуларынын өкүлдөрү. | 2) бузуулар жөнүндө өндүрүшкө катышуучуларынын өкүлдөрү. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| | **3) КР Акыйкатчысы (Омбудсмени), анын орун басарлары жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери – алардын өз милдеттерин аткарууга байланыштуу белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө, эгер бул абалды, ошондой эле жарандын жана адамдын укуктарын жана эркиндиктерин оордотпосо.** |
| Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси | |
| **7-глава. Жазык сот өндүрүшүнө катышуучу башка адамдар** | **7-глава. Жазык сот өндүрүшүнө катышуучу башка адамдар** |
| *58-берене Күбө* | *58-берене Күбө* |
| 1. Жазык иши же терс жорук жөнүндө иш боюнча өзүнө белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө көрсөтмөлөрдү берүү үчүн чакырылган адам күбө катары таанылат. | 1. Жазык иши же терс жорук жөнүндө иш боюнча өзүнө белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө көрсөтмөлөрдү берүү үчүн чакырылган адам күбө катары таанылат. |
| 2. Күбө ишке айыптоочу, жактоочу, жабырлануучунун кызыкчылыктарынын өкүлү, материалдык залалдын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтурууга жооптуу адам катары катыша албайт. | 2. Күбө ишке айыптоочу, жактоочу, жабырлануучунун кызыкчылыктарынын өкүлү, материалдык залалдын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтурууга жооптуу адам катары катыша албайт. |
| 3. Ишке жабырлануучунун, айыпкердин мыйзамдуу өкүлдөрүнүн катышуусу ал адамдарды күбө катары суракка алуунун мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт. | 3. Ишке жабырлануучунун, айыпкердин мыйзамдуу өкүлдөрүнүн катышуусу ал адамдарды күбө катары суракка алуунун мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт. |
| 4. Төмөнкүлөр күбө катары суракка алынууга жатпайт: | 4. Төмөнкүлөр күбө катары суракка алынууга жатпайт: |
| 1) судья - иш боюнча өндүрүшкө катышууга байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган иштин жагдайлары жөнүндө; | 1) судья - иш боюнча өндүрүшкө катышууга байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган иштин жагдайлары жөнүндө; |
| 2) сот арачысы - ал жазык иши боюнча өндүрүшкө катышууга байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган жазык ишинин жагдайлары жөнүндө; | 2) сот арачысы - ал жазык иши боюнча өндүрүшкө катышууга байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган жазык ишинин жагдайлары жөнүндө; |
| 3) жактоочу, ошого тете жабырлануучунун өкүлү - иш боюнча өз милдеттерин аткарып жаткандыгына байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган жагдайлар жөнүндө; | 3) жактоочу, ошого тете жабырлануучунун өкүлү - иш боюнча өз милдеттерин аткарып жаткандыгына байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган жагдайлар жөнүндө; |
| 4) адвокат, адвокаттын жардамчысы - юридикалык жардамга кайрылуу же аны көрсөтүү менен байланыштуу өздөрүнө белгилүү болуп калган жагдайлар жөнүндө; | 4) адвокат, адвокаттын жардамчысы - юридикалык жардамга кайрылуу же аны көрсөтүү менен байланыштуу өздөрүнө белгилүү болуп калган жагдайлар жөнүндө; |
| 5) психологиялык же дене бой кемчилдиктеринин айынан иш үчүн мааниси бар жагдайларды туура кабылдоого жана алар жөнүндө көрсөтмө берүүгө жөндөмсүз адам; | 5) психологиялык же дене бой кемчилдиктеринин айынан иш үчүн мааниси бар жагдайларды туура кабылдоого жана алар жөнүндө көрсөтмө берүүгө жөндөмсүз адам; |
| 6) шектүүнүн, айыпкердин жакын туугандары, жубайы; | 6) шектүүнүн, айыпкердин жакын туугандары, жубайы; |
| 7) медиатор-медиация жүргүзүүгө байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган жагдайлар жөнүндө. | 7) медиатор-медиация жүргүзүүгө байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган жагдайлар жөнүндө. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| | **8) КР Акыйкатчысы (Омбудсмени), анын орун басарлары жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери – алардын өз милдеттерин аткарууга байланыштуу белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө, эгер бул абалды, ошондой эле жарандын жана адамдын укуктарын жана эркиндиктерин оордотсо.** |
| 5. Эгерде ушул берененин 4-бөлүгүнүн 6-пунктунда аталган адамдар көрсөтмө берүүнү кааласа, анда алар ушул Кодекстин эрежелери боюнча суракка алынат. | 5. Эгерде ушул берененин 4-бөлүгүнүн 6 **жана 8-пунктарында** аталган адамдар көрсөтмө берүүнү кааласа, анда алар ушул Кодекстин эрежелери боюнча суракка алынат. |
| 6. Күбө төмөнкүлөргө укуктуу: | 6. Күбө төмөнкүлөргө укуктуу: |
| 1) көрсөтмөнү эне тилинде же билген башка тилде берүүгө, квалификациялуу котормочунун кызматтарынан пайдаланууга; | 1) көрсөтмөнү эне тилинде же билген башка тилде берүүгө, квалификациялуу котормочунун кызматтарынан пайдаланууга; |
| 2) аны суракка алууга катышкан котормочуну четтетүү жөнүндө билдирүүгө; | 2) аны суракка алууга катышкан котормочуну четтетүү жөнүндө билдирүүгө; |
| 3) көрсөтмөлөрүн өз колу менен баяндоого; | 3) көрсөтмөлөрүн өз колу менен баяндоого; |
| 4) сурактын протоколу менен таанышууга, ага толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө; | 4) сурактын протоколу менен таанышууга, ага толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө; |
| 5) көрсөтмөлөрдү берүүдө белгилеп жазылгандарды жана документтерди пайдаланууга; | 5) көрсөтмөлөрдү берүүдө белгилеп жазылгандарды жана документтерди пайдаланууга; |
| 6) соттун, прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракеттерине даттанууга; | 6) соттун, прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракеттерине даттанууга; |
| 7) иш боюнча өндүрүштө тарткан чыгымдарынын ордун толтуртууга; | 7) иш боюнча өндүрүштө тарткан чыгымдарынын ордун толтуртууга; |
| 8) жазык процессин жүргүзүп жаткан орган тарабынан буюм далили катары же башка негиздер боюнча алынган мүлкүн, өзүнө тиешелүү расмий документтердин нускаларын алууга; | 8) жазык процессин жүргүзүп жаткан орган тарабынан буюм далили катары же башка негиздер боюнча алынган мүлкүн, өзүнө тиешелүү расмий документтердин нускаларын алууга; |
| 9) сурак жүргүзүүдө коргоочусу болууга. | 9) сурак жүргүзүүдө коргоочусу болууга. |
| 7. Күбө төмөнкүлөргө милдеттүү; | 7. Күбө төмөнкүлөргө милдеттүү; |
| 1) соттун, прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын чакыруусу боюнча келүүгө; | 1) соттун, прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын чакыруусу боюнча келүүгө; |
| 2) иш боюнча бардык белгилүү болгондорду туура билдирүүгө жана коюлган суроолорго жооп берүүгө; | 2) иш боюнча бардык белгилүү болгондорду туура билдирүүгө жана коюлган суроолорго жооп берүүгө; |
| 3) иш боюнча өзүнө белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө маалыматтарды сурак жүргүзүүчүнүн уруксаты жок ачыкка чыгарбоого. | 3) иш боюнча өзүнө белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө маалыматтарды сурак жүргүзүүчүнүн уруксаты жок ачыкка чыгарбоого. |
| 8. Күбө жүйөлүү себептерсиз келбей койгондо, ал мажбурлап алдырып келиниши мүмкүн. | 8. Күбө жүйөлүү себептерсиз келбей койгондо, ал мажбурлап алдырып келиниши мүмкүн. |
| 9. Билип туруп жалган көрсөтмө бергендиги, көрсөтмөлөрдү берүүдөн баш тарткандыгы же качкандыгы үчүн күбө Жазык кодексинин 345, 346-беренелери боюнча жоопкерчилик тартат. | 9. Билип туруп жалган көрсөтмө бергендиги, көрсөтмөлөрдү берүүдөн баш тарткандыгы же качкандыгы үчүн күбө Жазык кодексинин 345, 346-беренелери боюнча жоопкерчилик тартат. |
| 10. Күбө өзүнө каршы же өзүнүн жакын туугандарына, жубайына каршы күбө болууга милдеттүү эмес. | 10. Күбө өзүнө каршы же өзүнүн жакын туугандарына, жубайына каршы күбө болууга милдеттүү эмес. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| | *64-1-берене Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) процесске катышуусу*<br><br>**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери же алар ыйгарым берген адамдар кабыл алынган арызга текшерүү жүргүзүүдө, же өз демилгеси менен бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарында, анын ичинде жабык соттук отурумдарда да катышууга, ошондой эле соттук органдарда алар боюнча чечимдер (соттук актылар) мыйзамдуу күчүнө кирген алардын өндүрүшүндө болгон жазык иштери, кыскартылган (токтото турулган) жазык иштеринин жана башка материалдар менен таанышууга жана алардын көчүрмөлөрүн чыгарып алууга укуктуу.** |
| *281-берене. Соттук териштирүүнүн айкындуулугу жана жабык соттук териштирүүдө сот отурумунун залында болуу тартиби*<br><br>1. Мамлекеттик жана мыйзам менен корголгон башка жашыруун сырды түзгөн маалыматтардын жайылтылышына алып келиши мүмкүн болгон учурларды кошпогондо, ошондой эле ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган башка учурларда, сот ишти ачык соттук териштирүүнү камсыз кылууга тийиш.<br><br>2. Жабык соттук териштирүүгө судьянын жүйөлөнгөнгөн токтому, соттун аныктамасы боюнча төмөнкүдөй учурларда жол берилет:<br><br>1) ишке катышуучу адамдардын жашоосунун купуя жактары жөнүндө маалыматтарды же ар-намысты жана беделди кемсинткен маалыматтарды жайылтпоо максаттарында, инсандын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар жана башка кылмыштар жөнүндө иштер боюнча;<br><br>2) 16 жашка жетпеген куракгагы адамдар тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө жазык иштери каралган учурларда;<br><br>3) процесстин катышуучуларынын, алардын жакын туугандарынын, жубайларынын коопсуздугун камсыздоо кызыкчылыктары муну талап кылган учурларда.<br><br>3. Жабык сот отурумунда ишти териштирүү сот өндүрүшүнүн бардык эрежелерин сактоо менен жүзөгө ашырылат. Судьянын токтому, соттун жабык отурумдагы ишти териштирүү жөнүндө аныктамасы бардык териштирүүлөргө же анын тиешелүү бөлүгүнө карата чыгарылышы мүмкүн. | *281-берене. Соттук териштирүүнүн айкындуулугу жана жабык соттук териштирүүдө сот отурумунун залында болуу тартиби*<br><br>1. Мамлекеттик жана мыйзам менен корголгон башка жашыруун сырды түзгөн маалыматтардын жайылтылышына алып келиши мүмкүн болгон учурларды кошпогондо, ошондой эле ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган башка учурларда, сот ишти ачык соттук териштирүүнү камсыз кылууга тийиш.<br><br>2. Жабык соттук териштирүүгө судьянын жүйөлөнгөнгөн токтому, соттун аныктамасы боюнча төмөнкүдөй учурларда жол берилет:<br><br>1) ишке катышуучу адамдардын жашоосунун купуя жактары жөнүндө маалыматтарды же ар-намысты жана беделди кемсинткен маалыматтарды жайылтпоо максаттарында, инсандын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар жана башка кылмыштар жөнүндө иштер боюнча;<br><br>2) 16 жашка жетпеген куракгагы адамдар тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө жазык иштери каралган учурларда;<br><br>3) процесстин катышуучуларынын, алардын жакын туугандарынын, жубайларынын коопсуздугун камсыздоо кызыкчылыктары муну талап кылган учурларда.<br><br>3. Жабык сот отурумунда ишти териштирүү сот өндүрүшүнүн бардык эрежелерин сактоо менен жүзөгө ашырылат. Судьянын токтому, соттун жабык отурумдагы ишти териштирүү жөнүндө аныктамасы бардык териштирүүлөргө же анын тиешелүү бөлүгүнө карата чыгарылышы мүмкүн. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| 4. Кат алышуунун жана билдирүүнүн сырларын коргоо максатында, жарандардын жеке мүнөздөгү маалыматтарды камтыган жеке кат алышуусу, телефондон сүйлөшүүлөрү, почталык, телеграфтык, электрондук жана башка билдирүүлөрү ачык сот отурумунда ушул кат алышууга жана билдирүү берүүгө катышкан адамдардын макулдугу менен гана жарыяланат. Тескерисинче болгондо, мындай кат алышуу жана билдирүү берүү жабык сот отурумунда жарыяланат жана иликтенет. Аталган эрежелер жеке мүнөздөгү фотосүрөттөрдү, аудио жана (же) видео жазууларды иликтөөдө да колдонулат. | 4. Кат алышуунун жана билдирүүнүн сырларын коргоо максатында, жарандардын жеке мүнөздөгү маалыматтарды камтыган жеке кат алышуусу, телефондон сүйлөшүүлөрү, почталык, телеграфтык, электрондук жана башка билдирүүлөрү ачык сот отурумунда ушул кат алышууга жана билдирүү берүүгө катышкан адамдардын макулдугу менен гана жарыяланат. Тескерисинче болгондо, мындай кат алышуу жана билдирүү берүү жабык сот отурумунда жарыяланат жана иликтенет. Аталган эрежелер жеке мүнөздөгү фотосүрөттөрдү, аудио жана (же) видео жазууларды иликтөөдө да колдонулат. |
| 5. Ачык сот отурумуна катышкан адамдар аудио жазууну жана жазууну жүргүзүүгө укуктуу. Фотосүрөткө тартууга, видео жазууга сот отурумуна төрагалык кылуучунун уруксаты менен жол берилет.. | 5. Ачык сот отурумуна катышкан адамдар аудио жазууну жана жазууну жүргүзүүгө укуктуу. Фотосүрөткө тартууга, видео жазууга сот отурумуна төрагалык кылуучунун уруксаты менен жол берилет. |
| 6. 16 жашка чейинки курактагы адам эгерде ал жазыктык сот өндүрүшүнүн катышуучусу болбосо, төрагалык кылуучунун уруксаты менен сот отурумунун залына киргизилет. | 6. 16 жашка чейинки курактагы адам эгерде ал жазыктык сот өндүрүшүнүн катышуучусу болбосо, төрагалык кылуучунун уруксаты менен сот отурумунун залына киргизилет. |
| 7. Жабык сот отурумунда ишти териштирүүдө сот отурумунун залына тараптар гана, ал эми зарыл учурларда котормочу киргизилет. | 7. Жабык сот отурумунда ишти териштирүүдө сот отурумунун залына тараптар гана, ал эми зарыл учурларда котормочу киргизилет. |
| | **Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери же алар ыйгарым берген адамдар кабыл алынган арызга текшерүү жүргүзүүдө, же өз демилгеси менен бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарында, анын ичинде соттук териштирүү кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган сот отурумдарына адамдар макул болгон шартта катышууга укуктуу.** |
| 8. Ишти териштирүүнү жабык сот отурумун жүргүзүү жөнүндө судьянын токтому, соттун аныктамасы чыгарылгандан жана жарыялангандан кийин сот отурумунун залынан сот отурумунда катышып отурган жана процесстин катышуучулары болуп саналбаган адамдар чыгарылат, бул жөнүндө сот отурумунун протоколунда көрсөтүлөт. | 8. Ишти териштирүүнү жабык сот отурумун жүргүзүү жөнүндө судьянын токтому, соттун аныктамасы чыгарылгандан жана жарыялангандан кийин сот отурумунун залынан сот отурумунда катышып отурган жана процесстин катышуучулары болуп саналбаган адамдар чыгарылат, бул жөнүндө сот отурумунун протоколунда көрсөтүлөт. |
| 9. Эгерде сот ишти териштирүүнүн бир бөлүгүн жабык сот отурумунда жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алса, процесстин катышуучулары болуп саналбаган адамдар соттук териштирүүнүн ушул бөлүгүнө киргизилбейт. | 9. Эгерде сот ишти териштирүүнүн бир бөлүгүн жабык сот отурумунда жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алса, процесстин катышуучулары болуп саналбаган адамдар соттук териштирүүнүн ушул бөлүгүнө киргизилбейт. |
| 10. Соттун өкүмү бардык учурларда ачык жарыяланат. | 10. Соттун өкүмү бардык учурларда ачык жарыяланат. |
| 11. Судьянын токтомунун, соттун аныктамасынын негизинде жабык сот отурумунда жазык ишин кароо учурунда өкүмдүн кириш жана корутунду бөлүгү гана жарыяланат. | 11. Судьянын токтомунун, соттун аныктамасынын негизинде жабык сот отурумунда жазык ишин кароо учурунда өкүмдүн кириш жана корутунду бөлүгү гана жарыяланат. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДЫК ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИ | |
| *13-берене. Соттук териштирүүнүн айкындыгы*<br><br>1. Ишти териштирүү бардык соттордо ачык болот. Эгерде алар ишке катышуучу жактар же күбөлөр болуп саналбаса, он алты жашка чыга элек жарандарга соттун жыйналышына кирүүгө жол берилбейт.<br><br>2. Ишке катышуучу жактар же соттун ачык жыйналышына катышып жаткан кайсы болбосун кызыкдар жак соттук териштирүүнүн жүрүшүн жазуу жүзүндө же аудио жазуу каражаттарынын жардамы менен каттап турууга укуктуу. Соттун жыйналышын киного жана фотосүрөткө, видеого, аудиого жазып алууга, радио жана теле берүү аркылуу тикелей алып берүүгө соттун уруксаты менен жол берилет.<br><br>Жабык сот жыйналышын киного жана фотосүрөткө, видеого, аудиого жазып алуу соттун уруксаты менен жүргүзүлөт. Жабык сот жыйналышын радио- жана телеберүү аркылуу тикелей алып берүүгө жол берилбейт.<br><br>3. Жабык сот жыйналышында иштерди кароо жана чечимдерди жарыялоо мамлекеттик сырды түзүүчү маалыматтарды камтыган иштер боюнча, ошондой эле мыйзамда белгиленген учурда башка иштер боюнча жүзөгө ашырылат. Ишке катышуучу жактын коммерциялык же мыйзам менен корголуучу башка сырды сактоонун, жарандардын жеке турмушу жөнүндөгү маалыматтарды ачыкка чыгарбоонун зарылдыгына жана ачык талкууланышы иштин туура каралышына жолтоо болуучу башка жагдайларга шилтеме кылган өтүнмөсү канааттандырылганда жабык соттук териштирүүгө жол берилет.<br><br>4. Жабык сот жыйналышында ишти кароо жана чечимди жарыялоо жөнүндө сот жүйөлөнгөн аныктама чыгарат, анда жабык сот жыйналышына катышуучу жактарга ишти кароодо белгилүү болгон маалыматтарды ачыкка чыгаруу үчүн алардын жоопкерчилиги жөнүндө сот тарабынан эскертилгендиги тууралуу көрсөтүлөт.<br><br>5. Ишти жабык сот жыйналышында териштирүүгө иштин катышуучулары, алардын өкүлдөрү, ал эми зарыл учурларда - ошондой эле күбөлөр, эксперттер, адистер, котормочулар катышат. | *13-берене. Соттук териштирүүнүн айкындыгы*<br><br>1. Ишти териштирүү бардык соттордо ачык болот. Эгерде алар ишке катышуучу жактар же күбөлөр болуп саналбаса, он алты жашка чыга элек жарандарга соттун жыйналышына кирүүгө жол берилбейт.<br><br>2. Ишке катышуучу жактар же соттун ачык жыйналышына катышып жаткан кайсы болбосун кызыкдар жак соттук териштирүүнүн жүрүшүн жазуу жүзүндө же аудио жазуу каражаттарынын жардамы менен каттап турууга укуктуу. Соттун жыйналышын киного жана фотосүрөткө, видеого, аудиого жазып алууга, радио жана теле берүү аркылуу тикелей алып берүүгө соттун уруксаты менен жол берилет.<br><br>Жабык сот жыйналышын киного жана фотосүрөткө, видеого, аудиого жазып алуу соттун уруксаты менен жүргүзүлөт. Жабык сот жыйналышын радио- жана телеберүү аркылуу тикелей алып берүүгө жол берилбейт.<br><br>3. Жабык сот жыйналышында иштерди кароо жана чечимдерди жарыялоо мамлекеттик сырды түзүүчү маалыматтарды камтыган иштер боюнча, ошондой эле мыйзамда белгиленген учурда башка иштер боюнча жүзөгө ашырылат. Ишке катышуучу жактын коммерциялык же мыйзам менен корголуучу башка сырды сактоонун, жарандардын жеке турмушу жөнүндөгү маалыматтарды ачыкка чыгарбоонун зарылдыгына жана ачык талкууланышы иштин туура каралышына жолтоо болуучу башка жагдайларга шилтеме кылган өтүнмөсү канааттандырылганда жабык соттук териштирүүгө жол берилет.<br><br>4. Жабык сот жыйналышында ишти кароо жана чечимди жарыялоо жөнүндө сот жүйөлөнгөн аныктама чыгарат, анда жабык сот жыйналышына катышуучу жактарга ишти кароодо белгилүү болгон маалыматтарды ачыкка чыгаруу үчүн алардын жоопкерчилиги жөнүндө сот тарабынан эскертилгендиги тууралуу көрсөтүлөт.<br><br>5. Ишти жабык сот жыйналышында териштирүүгө иштин катышуучулары, алардын өкүлдөрү, ал эми зарыл учурларда - ошондой эле күбөлөр, эксперттер, адистер, котормочулар катышат. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| | **Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери же алар ыйгарым берген адамдар кабыл алынган арызга текшерүү жүргүзүүдө, же өз демилгеси менен бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарында, анын ичинде соттук териштирүү анын кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган сот отурумдарына адам макул болгон шартта катышууга укуктуу.** |
| 6. Жабык сот жыйналышында иш жарандык сот өндүрүшүнүн бардык эрежелерин сактоо менен каралат жана чечилет. | 6. Жабык сот жыйналышында иш жарандык сот өндүрүшүнүн бардык эрежелерин сактоо менен каралат жана чечилет. |
| 7. Соттун чечими бардык учурларда ачык жарыяланат, ал эми жабык жыйналышта каралган иштер боюнча соттун чечиминин резолюциялык бөлүгү тараптардын макулдугу менен ачык жарыяланат. | 7. Соттун чечими бардык учурларда ачык жарыяланат, ал эми жабык жыйналышта каралган иштер боюнча соттун чечиминин резолюциялык бөлүгү тараптардын макулдугу менен ачык жарыяланат. |
| **5-глава. Ишке катышуучу жактар** | **5-глава. Ишке катышуучу жактар**<br><br>*50-1-берене. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) процессте катышуусу*<br><br>**1. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери же алар ыйгарым берген адамдар кабыл алынган арызга текшерүү жүргүзүүдө, же өз демилгеси менен бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарында, анын ичинде соттук териштирүү анын кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган сот отурумдарына адам макул болгон шартта катышууга укуктуу.**<br><br>**2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар алар боюнча чечимдер (соттук актылар) мыйзамдуу күчүнө кирген жарандык жана экономикалык иштер менен таанышууга жана алардын көчүрмөлөрүн чыгарып алууга укуктуу.** |
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИ | |
| **2-глава. Административдик сот өндүрүшүнүн принциптери** | **2-глава. Административдик сот өндүрүшүнүн принциптери** |
| *13-берене. Административдик сот өндүрүшүнүн айкындык жана ачыктык принциби* | *13-берене. Административдик сот өндүрүшүнүн айкындык жана ачыктык принциби* |
| 1. Иштерди териштирүү бардык соттордо ачык жүрөт. | 1. Иштерди териштирүү бардык соттордо ачык жүрөт. |
| 2. Соттук ачык жыйналышта ишти кароонун натыйжалары боюнча чыгарылган соттун чечими ачык жарыяланат. | 2. Соттук ачык жыйналышта ишти кароонун натыйжалары боюнча чыгарылган соттун чечими ачык жарыяланат. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| 3. Соттук ачык жыйналышта катышкан ишке катышып отурган адамдар соттук териштирүүнүн жүрүшүн жазуу жүзүндө же үн жазуу каражаттарынын жардамы менен белгилеп алууга укугу бар. Соттук жыйналышты кино- жана фото сүрөткө тартууга, видео жазууга, түз радио- жана телеберүүгө соттун уруксаты менен жол берилет. | 3. Соттук ачык жыйналышта катышкан ишке катышып отурган адамдар соттук териштирүүнүн жүрүшүн жазуу жүзүндө же үн жазуу каражаттарынын жардамы менен белгилеп алууга укугу бар. Соттук жыйналышты кино- жана фото сүрөткө тартууга, видео жазууга, түз радио- жана телеберүүгө соттун уруксаты менен жол берилет. |
| 4. Соттун жабык жыйналыштарында иштерди кароо жана чечимдерди жарыялоо мамлекеттик жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды камтыган иштер боюнча, ошондой эле бул мыйзамда каралган учурларда башка иштер боюнча жүзөгө ашырылат. Ошондой эле ишке катышкан адамдын коммерциялык же мыйзам менен корголгон башка сырды сактоого, жарандардын жеке жашоо-турмушу жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгарбоонун зарылдыгына жана ачык талкуулоо иштин туура каралышына жолтоо кылууга жөндөмдүү башка жагдайларга таянган өтүнмөсүн канааттандырууда жабык соттук териштирүүгө жол берилет. | 4. Соттун жабык жыйналыштарында иштерди кароо жана чечимдерди жарыялоо мамлекеттик жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды камтыган иштер боюнча, ошондой эле бул мыйзамда каралган учурларда башка иштер боюнча жүзөгө ашырылат. Ошондой эле ишке катышкан адамдын коммерциялык же мыйзам менен корголгон башка сырды сактоого, жарандардын жеке жашоо-турмушу жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгарбоонун зарылдыгына жана ачык талкуулоо иштин туура каралышына жолтоо кылууга жөндөмдүү башка жагдайларга таянган өтүнмөсүн канааттандырууда жабык соттук териштирүүгө жол берилет. |
| Жабык соттук териштирүүнүн жүрүшүн жазуу жүзүндө же үн жазуучу каражаттардын жардамы менен жаздырып каттоого, жабык соттук отурумду кино- жана фото сүрөткө тартууга, көрмө жазууга, түз радио- жана телеберүүгө жол берилбейт. | Жабык соттук териштирүүнүн жүрүшүн жазуу жүзүндө же үн жазуучу каражаттардын жардамы менен жаздырып каттоого, жабык соттук отурумду кино- жана фото сүрөткө тартууга, көрмө жазууга, түз радио- жана телеберүүгө жол берилбейт. |
| 5. Сот ишти жабык соттук жыйналышта кароо жөнүндө жүйөлөнгөн аныктама кабыл алат, анда соттун жабык жыйналышына катышкан адамдардын ишти кароодо белгилүү болуп калган маалыматтарды ачыкка чыгаргандыгы үчүн жоопкерчиликтери тууралуу сот тарабынан эскертилгендиги көрсөтүлөт. | 5. Сот ишти жабык соттук жыйналышта кароо жөнүндө жүйөлөнгөн аныктама кабыл алат, анда соттун жабык жыйналышына катышкан адамдардын ишти кароодо белгилүү болуп калган маалыматтарды ачыкка чыгаргандыгы үчүн жоопкерчиликтери тууралуу сот тарабынан эскертилгендиги көрсөтүлөт. |
| 6. Ишти жабык соттук жыйналышта териштирүүдө ишке катышкан адамдар, алардын өкүлдөрү, ал эми зарыл болгон учурларда, ошондой эле күбөлөр, эксперттер, адистер, котормочулар катышат. | 6. Ишти жабык соттук жыйналышта териштирүүдө ишке катышкан адамдар, алардын өкүлдөрү, ал эми зарыл болгон учурларда, ошондой эле күбөлөр, эксперттер, адистер, котормочулар катышат. |
| | **Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери же алар ыйгарым берген адамдар кабыл алынган арызга текшерүү жүргүзүүдө, же өз демилгеси менен бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарында, анын ичинде соттук териштирүү анын кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган сот отурумдарына адам макул болгон шартта катышууга укуктуу.** |
| 7. Жабык соттук жыйналышта иш ушул Кодексте белгиленген бардык эрежелерди сактоо менен каралат жана чечилет. | 7. Жабык соттук жыйналышта иш ушул Кодексте белгиленген бардык эрежелерди сактоо менен каралат жана чечилет. |
| 8. Ишти жабык соттук жыйналышта кароонун натыйжалары боюнча чечимдин резолюциялык бөлүгү ачык жарыяланат. | 8. Ишти жабык соттук жыйналышта кароонун натыйжалары боюнча чечимдин резолюциялык бөлүгү ачык жарыяланат. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| **5-глава. Административдик процесстин катышуучулары**<br><br>*26-берене. Административдик процесстин катышуучулары*<br><br>1. Тараптар, үчүнчү жактар, прокурор, ошондой эле ушул Кодекстин 43-беренесинде көрсөтүлгөн субъекттер административдик процесстин катышуучулары (мындан ары - процесстин катышуучулары) болуп саналат.<br><br>2. Сторонами в административном процессе являются административный истец и административный ответчик. | **5-глава. Административдик процесстин катышуучулары**<br><br>*26-берене. Административдик процесстин катышуучулары*<br><br>1. Тараптар, үчүнчү жактар, прокурор, ошондой эле ушул Кодекстин 43-беренесинде көрсөтүлгөн субъекттер административдик процесстин катышуучулары (мындан ары - процесстин катышуучулары) болуп саналат.<br><br>2. Административдик доогер жана административдик жоопкер административдик процессте тараптар болуп саналат.<br><br>**3.Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери же алар ыйгарым берген адамдар кабыл алынган арызга текшерүү жүргүзүүдө, же өз демилгеси менен бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарында, анын ичинде соттук териштирүү анын кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган сот отурумдарына адам макул болгон шартта катышууга укуктуу.**<br><br>**Көрсөтүлгөн адамдар алар боюнча чечимдер (соттук актылар) мыйзамдуу күчүнө кирген административдик иштер менен таанышууга жана алардын көчүрмөлөрүн чыгарып алууга укуктуу.** |
| "Мамлекеттик күзөт жөнүндө"<br>Кыргыз Республикасынын мыйзамы | |
| **II Глава**<br>**Мамлекеттик күзөт объекттери** | **II Глава**<br>**Мамлекеттик күзөт объекттери**<br><br>*8-2-берене. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) мамлекеттик күзөт берүү*<br><br>**Өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туулган учурда, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) жүйөлөштүрүлгөн кайрылуусунун негизинде мамлекеттик күзөткө алынышы мүмкүн.** |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы | |
| *130-берене. Банктын сырды түзгөн маалыматты берүү* | *130-берене. Банктын сырды түзгөн маалыматты берүү* |
| 1. Ушул беренеде башкасы каралбаса, банк банктык сырды түзгөн маалыматты кардардын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен каалаган жактарга берүүгө укуктуу. | 1. Ушул беренеде башкасы каралбаса, банк банктык сырды түзгөн маалыматты кардардын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен каалаган жактарга берүүгө укуктуу. |
| 2. Банк Улуттук банкка банктык сырды түзгөн ар кандай маалыматты берүүгө милдеттүү. Улуттук банк банктык сырды түзгөн маалыматты мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоо үчүн, ошондой эле банктык көзөмөлдөө максатында ушул Мыйзамда каралган тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, башка мамлекеттердин борбордук банктарына/көзөмөлдөө органдарына жана башка жактарга берүүгө укуктуу. | 2. Банк Улуттук банкка банктык сырды түзгөн ар кандай маалыматты берүүгө милдеттүү. Улуттук банк банктык сырды түзгөн маалыматты мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоо үчүн, ошондой эле банктык көзөмөлдөө максатында ушул Мыйзамда каралган тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, башка мамлекеттердин борбордук банктарына/көзөмөлдөө органдарына жана башка жактарга берүүгө укуктуу. |
| 3. Банктык сырды түзгөн маалыматтар банк тарабынан төмөнкүлөргө берилет: | 3. Банктык сырды түзгөн маалыматтар банк тарабынан төмөнкүлөргө берилет: |
| 1) Кыргыз Республикасынын сотуна - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык; | 1) Кыргыз Республикасынын сотуна - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык; |
| 2) финансылык чалгындоо органына - террористтик ишти финансылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык; | 2) финансылык чалгындоо органына - террористтик ишти финансылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык; |
| 3) ыйгарым укуктуу мамлекеттик салык органына - Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салык алуу максаттары үчүн; | 3) ыйгарым укуктуу мамлекеттик салык органына - Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салык алуу максаттары үчүн; |
| 4) насыялык бюролорго - насыялык маалымат алмашуу чөйрөсүндөгү мыйзамга ылайык; | 4) насыялык бюролорго - насыялык маалымат алмашуу чөйрөсүндөгү мыйзамга ылайык; |
| 5) кардардын мураскерлерине (укугун мурастоочуларга) же алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мураскерлик укугун (укугун мурастоо) тастыктоочу документтерин көрсөткөндө, ошондой эле мураскерлик иштери боюнча алардын өндүрүшүндө турган мамлекеттик нотариалдык кеңселерге каза болгон аманатчылардын аманаттары жөнүндө - маалымат берүү жөнүндө нотариалдык кеңсенин расмий талабынын негизинде. | 5) кардардын мураскерлерине (укугун мурастоочуларга) же алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мураскерлик укугун (укугун мурастоо) тастыктоочу документтерин көрсөткөндө, ошондой эле мураскерлик иштери боюнча алардын өндүрүшүндө турган мамлекеттик нотариалдык кеңселерге каза болгон аманатчылардын аманаттары жөнүндө - маалымат берүү жөнүндө нотариалдык кеңсенин расмий талабынын негизинде. |
| | **6) Кабыл алынган арызды текшерүүдө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарларына.** |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| 4. Банктык сырды түзгөн маалымат ушул берененин 2 жана 3-бөлүктөрүндө көрсөтүлбөгөн ар кандай башка жактарга соттук актынын негизинде гана берилиши мүмкүн.<br><br>5. Банктык сырды түзгөн маалыматты берүүдө ушул берененин 2, 3 жана 4-бөлүктөрүнө ылайык банктын кардарларынын макулдугу талап кылынбайт.<br><br>*(КР 2018-жылдын 6-августундагы N 88 Мыйзамынын редакциясына ылайык)* | 4. Банктык сырды түзгөн маалымат ушул берененин 2 жана 3-бөлүктөрүндө көрсөтүлбөгөн ар кандай башка жактарга соттук актынын негизинде гана берилиши мүмкүн.<br><br>5. Банктык сырды түзгөн маалыматты берүүдө ушул берененин 2, 3 жана 4-бөлүктөрүнө ылайык банктын кардарларынын макулдугу талап кылынбайт.<br><br>*(КР 2018-жылдын 6-августундагы N 88 Мыйзамынын редакциясына ылайык)* |
| "Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы | |
| **3-глава Укуктарды мамлекеттик каттоонун тартиби жана укуктарды мамлекеттик каттоонун бирдиктүү тутумунун негизги документтери**<br><br>*24-статья. Кыймылсыз мүлккө каттоону жүргүзүү жана түйшүккө салуулар (чектөөлөр) жөнүндө маалымат*<br><br>1. Мамлекеттик же коммерциялык сырды камтыган маалыматтарды кошпогондо, кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен болгон бүтүмдөрдү каттоону жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган инсандыкты ырастаган документин (юридикалык жактарга карата - алардын каттоодон өткөнүн жана алардын өкүлүнүн ыйгарым укуктарын тастыктоочу документтерди) көрсөткөн кимге гана болбосун жазуу жүзүндөгү арызы боюнча кыймылсыз мүлк бирдигине катталган укуктар жана түйшүккө салуулар (чектөөлөр) жөнүндө маалыматты берүүгө милдеттүү.<br><br>Катталган укуктар жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте кыймылсыз мүлк боюнча бирдиктүү маалыматтар тутумунан (КБМС) Интернет тармагы аркылуу берилиши мүмкүн.<br><br>2. Кыймылсыз мүлккө карата катталган укуктар жөнүндө маалымат кыймылсыз мүлккө укуктардын Бирдиктүү мамлекеттик реестринен көчүрмө түрүндө берилет, анда төмөнкүлөр камтылат:<br><br>- кыймылсыз мүлк объектисинин сыпаттамасы;<br><br>- укук ээсинин аты-жөнү (юридикалык жактын аталышы);<br><br>- маалымат берилип жаткан учурга карата чыныгы укуктар жана түйшүккө салуулар (чектөөлөр) жөнүндө маалыматтар;<br><br>- чектөөлөр (түйшүккө салуулар) коюлган мөөнөт. | **3-глава Укуктарды мамлекеттик каттоонун тартиби жана укуктарды мамлекеттик каттоонун бирдиктүү тутумунун негизги документтери**<br><br>*24-статья. Кыймылсыз мүлккө каттоону жүргүзүү жана түйшүккө салуулар (чектөөлөр) жөнүндө маалымат*<br><br>1. Мамлекеттик же коммерциялык сырды камтыган маалыматтарды кошпогондо, кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен болгон бүтүмдөрдү каттоону жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган инсандыкты ырастаган документин (юридикалык жактарга карата - алардын каттоодон өткөнүн жана алардын өкүлүнүн ыйгарым укуктарын тастыктоочу документтерди) көрсөткөн кимге гана болбосун жазуу жүзүндөгү арызы боюнча кыймылсыз мүлк бирдигине катталган укуктар жана түйшүккө салуулар (чектөөлөр) жөнүндө маалыматты берүүгө милдеттүү.<br><br>Катталган укуктар жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте кыймылсыз мүлк боюнча бирдиктүү маалыматтар тутумунан (КБМС) Интернет тармагы аркылуу берилиши мүмкүн.<br><br>2. Кыймылсыз мүлккө карата катталган укуктар жөнүндө маалымат кыймылсыз мүлккө укуктардын Бирдиктүү мамлекеттик реестринен көчүрмө түрүндө берилет, анда төмөнкүлөр камтылат:<br><br>- кыймылсыз мүлк объектисинин сыпаттамасы;<br><br>- укук ээсинин аты-жөнү (юридикалык жактын аталышы);<br><br>- маалымат берилип жаткан учурга карата чыныгы укуктар жана түйшүккө салуулар (чектөөлөр) жөнүндө маалыматтар;<br><br>- чектөөлөр (түйшүккө салуулар) коюлган мөөнөт. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| Арыз берүүчүнүн өтүнүчү боюнча төмөнкүдөй кошумча маалымат бсрилет: | Арыз берүүчүнүн өтүнүчү боюнча төмөнкүдөй кошумча маалымат бсрилет: |
| - кыймылсыз мүлккө карата мурда катталган укуктар жөнүндө; | - кыймылсыз мүлккө карата мурда катталган укуктар жөнүндө; |
| - салык салуу максатында кыймылсыз мүлктүн нарктык баасы жөнүндө; | - салык салуу максатында кыймылсыз мүлктүн нарктык баасы жөнүндө; |
| - кыймылсыз мүлк бирдигинин кадастрлык планынын көчүрмөсү. | - кыймылсыз мүлк бирдигинин кадастрлык планынын көчүрмөсү. |
| Жергиликтүү каттоочу орган арыз ээсинин каалоосу боюнча өзүнчө акы алуу менен кыймылсыз мүлк бирдигинин каттоо баракчасын берет. | Жергиликтүү каттоочу орган арыз ээсинин каалоосу боюнча өзүнчө акы алуу менен кыймылсыз мүлк бирдигинин каттоо баракчасын берет. |
| 3. Айрым жактын өзүнө таандык кыймылсыз мүлк объекттери жөнүндө жалпыланган маалыматтар, ошондой эле кыймылсыз мүлктүн каттоо китепчесиндеги документтердин көчүрмөлөрү төмөнкүлөргө гана берилет: | 3. Айрым жактын өзүнө таандык кыймылсыз мүлк объекттери жөнүндө жалпыланган маалыматтар, ошондой эле кыймылсыз мүлктүн каттоо китепчесиндеги документтердин көчүрмөлөрү төмөнкүлөргө гана берилет: |
| - укук ээсинин өздөрүнө; | - укук ээсинин өздөрүнө; |
| - укук ээсинен ишеним кат алган жеке жана юридикалык жактарга; | - укук ээсинен ишеним кат алган жеке жана юридикалык жактарга; |
| - өндүрүшүндө айрым кыймылсыз мүлк объекттерине жана (же) алардын укук ээлерине байланыштуу иштер турган сотторго жана укук коргоо органдарына; | - өндүрүшүндө айрым кыймылсыз мүлк объекттерине жана (же) алардын укук ээлерине байланыштуу иштер турган сотторго жана укук коргоо органдарына; |
| - салык органдарына; | - салык органдарына; |
| - кыймылсыз мүлккө укук универсал укук мураскорлугу иретинде өткөн жактарга. | - кыймылсыз мүлккө укук универсал укук мураскорлугу иретинде өткөн жактарга. |
| | **– Кабыл алынган арызды текшерүүдө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарларына.** |
| 4. Кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоочу орган кыймылсыз мүлктүн укук ээсинин суроо-талабы боюнча анын укугу бар кыймылсыз мүлк объектиси жөнүндө маалыматтарды алышкан жактар жөнүндө маалыматтарды берүүгө милдеттүү. | 4. Кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоочу орган кыймылсыз мүлктүн укук ээсинин суроо-талабы боюнча анын укугу бар кыймылсыз мүлк объектиси жөнүндө маалыматтарды алышкан жактар жөнүндө маалыматтарды берүүгө милдеттүү. |
| 5. Кыймылсыз мүлккө катталган укуктар жана түйшүккө салуулар (чектөөлөр) жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилөөчү тартипте тийиштүү акы төлөө менен берилет. | 5. Кыймылсыз мүлккө катталган укуктар жана түйшүккө салуулар (чектөөлөр) жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилөөчү тартипте тийиштүү акы төлөө менен берилет. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| 6. Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоону жүзөгө ашыруучу орган террористтик ишти финансылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык финансылык чалгындоо органына кыймылсыз мүлк менен болгон бүтүмдөр жөнүндө маалыматты берүүгө милдеттүү. | 6. Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоону жүзөгө ашыруучу орган террористтик ишти финансылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык финансылык чалгындоо органына кыймылсыз мүлк менен болгон бүтүмдөр жөнүндө маалыматты берүүгө милдеттүү. |
| 7. Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоону жүзөгө ашыруучу орган кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө катталган укуктар жөнүндө маалыматтарды жерлерди пайдаланууну жана коргоону көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу органга берүүгө милдеттүү. | 7. Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоону жүзөгө ашыруучу орган кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө катталган укуктар жөнүндө маалыматтарды жерлерди пайдаланууну жана коргоону көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу органга берүүгө милдеттүү. |
| 8. Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоону жүзөгө ашырган орган турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандардын эсебин жүргүзгөн ыйгарым укуктуу органдарга жарандар тарабынан турак жайына менчик укугун же Кыргыз Республикасынын турак жай мыйзамдарына ылайык жекече турак жай үйүн куруу үчүн жер участогун алгандыгы жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү. | 8. Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоону жүзөгө ашырган орган турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандардын эсебин жүргүзгөн ыйгарым укуктуу органдарга жарандар тарабынан турак жайына менчик укугун же Кыргыз Республикасынын турак жай мыйзамдарына ылайык жекече турак жай үйүн куруу үчүн жер участогун алгандыгы жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү. |
| *(КР 2006-жылдын 16-февралындагы N 58, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 228, 2012-жылдын 8-августундагы N 155, 2012-жылдын 16-ноябрындагы N 183, 2013-жылдын 9-июлундагы N 124, 2018-жылдын 6-августундагы N 88 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)* | *(КР 2006-жылдын 16-февралындагы N 58, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 228, 2012-жылдын 8-августундагы N 155, 2012-жылдын 16-ноябрындагы N 183, 2013-жылдын 9-июлундагы N 124, 2018-жылдын 6-августундагы N 88 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)* |
| “Коммерциялык сыр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы | |
| **III глава** | **III глава** |
| *11-статья. Коммерциялык сырды алууга мүмкүнчүлүк* | *11-статья. Коммерциялык сырды алууга мүмкүнчүлүк* |
| 1. Ишкердик жүргүзүүчү субъекти тарабынан аныкталган кызматкерлердин чөйрөсү коммерциялык сырга мүмкүнчүлүк алышат. | 1. Ишкердик жүргүзүүчү субъекти тарабынан аныкталган кызматкерлердин чөйрөсү коммерциялык сырга мүмкүнчүлүк алышат. |
| 2. Мамлекеттик контролдоочу жана укук коргоо органдары аларга мыйзамдар тарабынан берилген контролдук жүргүзүү жана көзөмөлдүк кылуу боюнча ыйгарым укуктарга ылайык өз компетенцияларынын чектеринде кат жүзүндөгү сунуш талаптын негизинде коммерциялык сыр болуп эсептелген маалыматтар менен таанышууга укуктуу. | 2. Мамлекеттик контролдоочу жана укук коргоо органдары аларга мыйзамдар тарабынан берилген контролдук жүргүзүү жана көзөмөлдүк кылуу боюнча ыйгарым укуктарга ылайык, **ошондой эле Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары-кабыл алынган кайрылууну текшерүү учурунда**, өз компетенцияларынын чектеринде кат жүзүндөгү сунуш талаптын негизинде коммерциялык сыр болуп эсептелген маалыматтар менен таанышууга укуктуу. |
| Финансылык чалгындоо органына коммерциялык сырга жеткиликтүүлүк террористтик ишти финансылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилет. | Финансылык чалгындоо органына коммерциялык сырга жеткиликтүүлүк террористтик ишти финансылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилет. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| 3. Коммерциялык сыр болуп эсептелеген маалыматтарды камтыган документтерди алуу прокурордун же анын орун басарынын санкциясы менен гана жана тиешелүү мекеменин жетекчиси менен макулдашылган тартипте жүргүзүлөт. Документтерди алуу тергөөчүнүн жүйөлүү токтому боюнча жүргүзүлөт. | 3. Коммерциялык сыр болуп эсептелеген маалыматтарды камтыган документтерди алуу прокурордун же анын орун басарынын санкциясы менен гана жана тиешелүү мекеменин жетекчиси менен макулдашылган тартипте жүргүзүлөт. Документтерди алуу тергөөчүнүн жүйөлүү токтому боюнча жүргүзүлөт. |
| 4. Ушул органдардын кызмат адамдары чарба жүргүзүүчү субъектинин коммерциялык сырын түзгөн маалыматтарды билдирип койгондугу үчүн мыйзамдарда каралган жоопкерчиликке тартылышат. | 4. Ушул органдардын кызмат адамдары чарба жүргүзүүчү субъектинин коммерциялык сырын түзгөн маалыматтарды билдирип койгондугу үчүн мыйзамдарда каралган жоопкерчиликке тартылышат. |
| *(КР 2009-жылдын 26-июнундагы N 192, 2018-жылдын 6-августундагы N 88 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)* | *(КР 2009-жылдын 26-июнундагы N 192, 2018-жылдын 6-августундагы N 88 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)* |
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-АТКАРУУ КОДЕКСИ | |
| **4-глава. Жазаны жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу органдар жана мекемелер. Алардын ишин контролдоо жана көзөмөлдөө** | **4-глава. Жазаны жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу органдар жана мекемелер. Алардын ишин контролдоо жана көзөмөлдөө** |
| *43-берене. Коомдон бөлөк кармоо менен байланышкан жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу мекемелерге баруу* | *43-берене. Коомдон бөлөк кармоо менен байланышкан жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу мекемелерге баруу* |
| 1. Коомдон бөлөк кармоо менен байланышкан жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу мекемелерге атайын уруксаты жок кирүүгө төмөнкүлөрдүн укугу бар: | 1. Коомдон бөлөк кармоо менен байланышкан жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу мекемелерге атайын уруксаты жок кирүүгө төмөнкүлөрдүн укугу бар: |
| 1) Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, Жогорку Кеңештин депутаттары жана Акыйкатчы (Омбудсмен), жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчылары тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктердин чектеринде; | 1) Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, Жогорку Кеңештин депутаттары жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчылары тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктердин чектеринде; |
| 2) Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору (мындан ары - Башкы прокурор) жана түзөтүү мекемелеринде жазалардын аткарылышына көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу прокурорлор; | 2) Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору (мындан ары - Башкы прокурор) жана түзөтүү мекемелеринде жазалардын аткарылышына көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу прокурорлор**;** |
| | **2-1) КР Акыйкатчысы (Омбудсмени), КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери алар тарабынан мыйзамда каралган ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруулары менен байланыштуу;** |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| 3) Бириккен Улуттар Уюмунун Кыйноого жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадырын кемсинтүүчү мамилелердин түрлөрүнө жана жазалоолорго каршы комитетинин ыйгарым укуктуу мүчөлөрү жана алардын өкүлдөрү; | 3) Бириккен Улуттар Уюмунун Кыйноого жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадырын кемсинтүүчү мамилелердин түрлөрүнө жана жазалоолорго каршы комитетинин ыйгарым укуктуу мүчөлөрү жана алардын өкүлдөрү; |
| 4) Координациялык кеңештин мүчөлөрү жана мыйзамдарда каралган ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кыйноонун жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадырын кемсинтүүчү мамилелердин түрлөрүнүн жана жазалоолордун алдын алуу боюнча улуттук борборунун кызматкерлери; | 4) Координациялык кеңештин мүчөлөрү жана мыйзамдарда каралган ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кыйноонун жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадырын кемсинтүүчү мамилелердин түрлөрүнүн жана жазалоолордун алдын алуу боюнча улуттук борборунун кызматкерлери; |
| 5) тиешелүү административдик-аймактык бирдиктердин чегинде сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруучу соттордун судьялары; | 5) тиешелүү административдик-аймактык бирдиктердин чегинде сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруучу соттордун судьялары; |
| 6) коомдон бөлөк кармоо менен байланышкан мекемелердин жогору турган башкаруу органдарынын кызматкерлери. | 6) коомдон бөлөк кармоо менен байланышкан мекемелердин жогору турган башкаруу органдарынын кызматкерлери. |
| 2. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жазаны аткаруу органдарына жана мекемелерине барып, жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу органдардын жана мекемелердин администрацияларынын же болбосо алардын жогору турган органдарынын жетекчилеринин жазуу жүзүндөгү уруксаты боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (мындан ары - Өкмөт) тарабынан белгиленген тартипте кино-, фото- жана видеоаппаратураны пайдаланышы мүмкүн. Түзөтүү мекемелерине кино-, фото- жана видеоаппаратураларды алып өтүү жана аларды ушул berenenin 1-бөлүгүнүн 3, 4-пункттарында көрсөтүлгөн адамдардын колдонуусу атайын уруксатсыз жүзөгө ашырылат. | 2. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жазаны аткаруу органдарына жана мекемелерине барып, жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу органдардын жана мекемелердин администрацияларынын же болбосо алардын жогору турган органдарынын жетекчилеринин жазуу жүзүндөгү уруксаты боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (мындан ары - Өкмөт) тарабынан белгиленген тартипте кино-, фото- жана видеоаппаратураны пайдаланышы мүмкүн. Түзөтүү мекемелерине кино-, фото- жана видеоаппаратураларды алып өтүү жана аларды ушул берененин 1-бөлүгүнүн 2-1, 3, 4-пункттарында көрсөтүлгөн адамдардын колдонуусу атайын уруксатсыз жүзөгө ашырылат. |
| 3. Соттолгондорду киного-, фото- жана видеого тартууга, анын ичинде аудио-, видеотехниканы колдонуу менен алардан маек алууга администрациянын жана соттолгондордун өздөрүнүн макулдугу менен уруксат берилет. | 3. Соттолгондорду киного-, фото- жана видеого тартууга, анын ичинде аудио-, видеотехниканы колдонуу менен алардан маек алууга администрациянын жана соттолгондордун өздөрүнүн макулдугу менен уруксат берилет. |
| 4. Жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу мекемелердин коопсуздугун камсыз кылуучу объекттерди кино-, фото- жана видеого тартуу көрсөтүлгөн мекемелердин администрациясынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат. | 4. Жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу мекемелердин коопсуздугун камсыз кылуучу объекттерди кино-, фото- жана видеого тартуу көрсөтүлгөн мекемелердин администрациясынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат. |
| 5. Коомдон бөлөк кармоо менен байланышкан жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу мекемелердин администрациясы ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн адамдар ушул мекемелерге келген убакта коопсуздукту камсыз кылат. | 5. Коомдон бөлөк кармоо менен байланышкан жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу мекемелердин администрациясы ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн адамдар ушул мекемелерге келген убакта коопсуздукту камсыз кылат. |

<table>
<tr><th>Колдонуудагы редакция</th><th>Сунушталып жаткан редакция</th></tr>
<tr><th colspan="2">Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө</th></tr>
<tr><td>II Глава<br>Шектүүлөрдүн жана айыпкерлердин укуктары жана аларды камсыз кылуу<br><br>17-1-статья. Шектүүлөр жана айыпкерлер камакта кармалган жайларга кирүү<br><br>Шектүүлөр жана айыпкерлер камакта кармалган жайларга атайын уруксатсыз кирүүгө:<br><br>Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), Координациялык кеңештин мүчөлөрү, кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун кызматкерлерине алар тиешелүү мыйзамда каралган ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда укуктуу болушат.<br><br>(КР 2003-жылдын 11-июнундагы N 100, 2012-жылдын 12-июлундагы N 105 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)<br><br>«Токтом» МБ эскертүүсү: Берилген Мыйзамдын 17-1-статьясындагы абзацтарынын саны расмий тилдеги тексттин 17-1-статьясындагы абзацтарынын санына дал келбейт.</td><td>II Глава<br>Шектүүлөрдүн жана айыпкерлердин укуктары жана аларды камсыз кылуу<br><br>17-1-статья. Шектүүлөр жана айыпкерлер камакта кармалган жайларга кирүү<br><br>Шектүүлөр жана айыпкерлер камакта кармалган жайларга атайын уруксатсыз кирүүгө:<br><br>Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери же алар ыйгарым укук берген адамдар, Координациялык кеңештин мүчөлөрү, кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун кызматкерлерине алар тиешелүү мыйзамда каралган ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда укуктуу болушат.<br><br>(КР 2003-жылдын 11-июнундагы N 100, 2012-жылдын 12-июлундагы N 105 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)<br><br>«Токтом» МБ эскертүүсү: Берилген Мыйзамдын 17-1-статьясындагы абзацтарынын саны расмий тилдеги тексттин 17-1-статьясындагы абзацтарынын санына дал келбейт.</td></tr>
<tr><th colspan="2">Кыргыз Республикасынын<br>Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө</th></tr>
<tr><td>II Бөлүм<br>Жогорку соту<br><br>15-берене. Жогорку Сотунун пленуму<br><br>1. Жогорку Сотунун пленуму Жогорку Сотунун төрагасынан, Жогорку Сотунун төрагасынын орун басарларынан жана судьяларынан турат.<br><br>2. Жогорку Сотунун пленуму:<br><br>1) сот тажрыйбасын иликтөө жана жалпылоо материалдарын карайт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын колдонуу боюнча сот тажрыйбасынын маселелери боюнча жетекчиликке алуучу түшүндүрмөлөрдү берет;<br><br>2) жергиликтүү соттордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын колдонуусу боюнча материалдарды карайт;<br><br>3) адистешүүнү эске алуу менен, соттук коллегиялардын жекече курамын шайлайт;</td><td>II Бөлүм<br>Жогорку соту<br><br>15-берене. Жогорку Сотунун пленуму<br><br>1. Жогорку Сотунун пленуму Жогорку Сотунун төрагасынан, Жогорку Сотунун төрагасынын орун басарларынан жана судьяларынан турат.<br><br>2. Жогорку Сотунун пленуму:<br><br>1) сот практикасын иликтөө жана жалпылоо материалдарын карайт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын колдонуу боюнча сот тажрыйбасынын маселелери боюнча жетекчиликке алуучу түшүндүрмөлөрдү берет;<br><br>2) жергиликтүү соттордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын колдонуусу боюнча материалдарды карайт;<br><br>3) адистешүүнү эске алуу менен, соттук коллегиялардын жекече курамын шайлайт;</td></tr>
</table>

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| *Караңыз:* | *Караңыз:* |
| *Жашырын добуш берүүнү өткөрүү тартиби (Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2003-жылдын 2-августундагы N 8 токтому менен бекитилген);* | *Жашырын добуш берүүнү өткөрүү тартиби (Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2003-жылдын 2-августундагы N 8 токтому менен бекитилген);* |
| *Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегияларынын төрагаларын жана соттук коллегияларынын жеке курамын шайлоо жөнүндө КР Жогорку Сотунун пленумунун токтому* | *Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегияларынын төрагаларын жана соттук коллегияларынын жеке курамын шайлоо жөнүндө КР Жогорку Сотунун пленумунун токтому* |
| 4) Жогорку Сотунун төрагасынын сунуштамасы боюнча, ошондой эле ал жөнүндө жобону бекитет Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун алдындагы илимий-консультациялык кеңештин курамын шайлайт; | 4) Жогорку Сотунун төрагасынын сунуштамасы боюнча, ошондой эле ал жөнүндө жобону бекитет Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун алдындагы илимий-консультациялык кеңештин курамын шайлайт; |
| 5) Жогорку Сотунун судьяларынын ичинен Жогорку соттун төрагасынын сунуштамасы боюнча Жогорку Сотунун пленумунун катчысын шайлайт; | 5) Жогорку Сотунун судьяларынын ичинен Жогорку соттун төрагасынын сунуштамасы боюнча Жогорку Сотунун пленумунун катчысын шайлайт; |
| 6) (КР 2008-жылдын 23-июнундагы N 134 Мыйзамынын редакциясына ылайык алып салынды) | 6) (КР 2008-жылдын 23-июнундагы N 134 Мыйзамынын редакциясына ылайык алып салынды) |
| 7) Жогорку Сотунун ички ишинин маселелери боюнча Жогорку Сотунун Регламентин кабыл алат; | 7) Жогорку Сотунун ички ишинин маселелери боюнча Жогорку Сотунун Регламентин кабыл алат; |
| Караңыз: | Караңыз: |
| *КР Жогорку Сотунун пленумунун 2019-жылдын 11-январындагы N 1 «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентин кабыл алуу жөнүндө» токтому* | *КР Жогорку Сотунун пленумунун 2019-жылдын 11-январындагы N 1 «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентин кабыл алуу жөнүндө» токтому* |
| 8) соттук коллегиянын иши жөнүндө Жогорку Сотунун соттук коллегияларынын төрагаларын угат; | 8) соттук коллегиянын иши жөнүндө Жогорку Сотунун соттук коллегияларынын төрагаларын угат; |
| 9) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Төрагасынын билдирүүсүн угат; | 9) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Төрагасынын билдирүүсүн угат; |
| 10) сотторду уюштуруунун жана иштеринин башка маселелерин карайт; | 10) сотторду уюштуруунун жана иштеринин башка маселелерин карайт; |
| 11) судьяларга илимий негизделген жүк ченемдерин бекитет. | 11) судьяларга илимий негизделген жүк ченемдерин бекитет. |
| 3. Жогорку Сотунун пленуму Жогорку Сотунун төрагасы тарабынан зарылчылыкка жараша, бирок жылына кеминде 2 жолу чакырылат. | 3. Жогорку Сотунун пленуму Жогорку Сотунун төрагасы тарабынан зарылчылыкка жараша, бирок жылына кеминде 2 жолу чакырылат. |
| 4. Жогорку сотунун пленумунун жыйналыштары Жогорку сотунун судьяларынын курамынын кеминде үчтөн экиси бар болгон учурда укуктуу. | 4. Жогорку сотунун пленумунун жыйналыштары Жогорку сотунун судьяларынын курамынын кеминде үчтөн экиси бар болгон учурда укуктуу. |
| 5. Жогорку Сотунун пленуму өзүнүн жыйналыштарында жалпы курамдын көпчүлүк добушу менен ачык добуш берүү, ал эми ушул Мыйзамда каралган учурларда - жашыруун добуш берүү жолу менен токтом кабыл алат. | 5. Жогорку Сотунун пленуму өзүнүн жыйналыштарында жалпы курамдын көпчүлүк добушу менен ачык добуш берүү, ал эми ушул Мыйзамда каралган учурларда - жашыруун добуш берүү жолу менен токтом кабыл алат. |
| Жогорку соттун пленумунун токтому Кыргыз Республикасынын соттору үчүн милдеттүү болуп саналат. | Жогорку соттун пленумунун токтому Кыргыз Республикасынын соттору үчүн милдеттүү болуп саналат. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| Сот тажрыйбасын иликтөө жана жалпылоо материалдарын кароонун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын колдонуу боюнча сот тажрыйбасынын маселелери боюнча алуучу түшүндүрмөлөрдү берүүнүн тартиби Жогорку соттун регламентинде аныкталат | Сот тажрыйбасын иликтөө жана жалпылоо материалдарын кароонун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын колдонуу боюнча сот тажрыйбасынын маселелери боюнча алуучу түшүндүрмөлөрдү берүүнүн тартиби Жогорку соттун регламентинде аныкталат. |
| *Караңыз:* | *Караңыз:* |
| *КР Жогорку сотунун пленумунун 2016-жылдын 16-декабрындагы N 11 «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2016-жылдын 30-июлундагы N 154 Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу жөнүндө» токтому* | *КР Жогорку сотунун пленумунун 2016-жылдын 16-декабрындагы N 11 «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2016-жылдын 30-июлундагы N 154 Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу жөнүндө» токтому* |
| 6. Жогорку Сотунун пленумунун токтомдоруна Жогорку Сотунун төрагасы (же төрагалык кылуучу) жана Жогорку Сотунун пленумунун катчысы кол коет. | 6. Жогорку Сотунун пленумунун токтомдоруна Жогорку Сотунун төрагасы (же төрагалык кылуучу) жана Жогорку Сотунун пленумунун катчысы кол коет. |
| 7. Жогорку соттун пленумунун жыйналыштарына Конституциялык палатанын төрагасы, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору жана Кыргыз Республикасынын юстиция министри катышууга укуктуу. | 7. Жогорку соттун пленумунун жыйналыштарына Конституциялык палатанын төрагасы, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору, **Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жана** Кыргыз Республикасынын юстиция министри катышууга укуктуу. |
| 8. Жогорку соттун төрагасы Жогорку соттун пленумунун жыйналышына жергиликтүү соттордун судьяларын, Жогорку соттун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин мүчөлөрүн жана башка адамдарды чакыра алат. | 8. Жогорку соттун төрагасы Жогорку соттун пленумунун жыйналышына жергиликтүү соттордун судьяларын, Жогорку соттун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин мүчөлөрүн жана башка адамдарды чакыра алат. |
| *(КР 2007-жылдын 7-майындагы N 69, 2008-жылдын 23-июнундагы N 134, 2011-жылдын 13-июнундагы N 39, 2016-жылдын 30-июлундагы N 154 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)* | *(КР 2007-жылдын 7-майындагы N 69, 2008-жылдын 23-июнундагы N 134, 2011-жылдын 13-июнундагы N 39, 2016-жылдын 30-июлундагы N 154 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)* |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| "Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы | |
| **II бөлүм<br>Кыргыз Республикасынын прокуратура системасы жана уюштурулушу** | **II бөлүм<br>Кыргыз Республикасынын прокуратура системасы жана уюштурулушу** |
| *18-берене. Прокуратура органдарындагы коллегиялар* | *18-берене. Прокуратура органдарындагы коллегиялар* |
| 1. Прокуратура органдарындагы коллегия - Башкы прокурордун, Аскер прокурорунун, ошондой эле областтардын, Бишкек, Ош шаарларынын прокурорлорунун алдында түзүлүүчү кеңешүүчү орган. | 1. Прокуратура органдарындагы коллегия - Башкы прокурордун, Аскер прокурорунун, ошондой эле областтардын, Бишкек, Ош шаарларынын прокурорлорунун алдында түзүлүүчү кеңешүүчү орган. |
| 2. Коллегиянын курамына тийиштүү прокуратуранын прокурору (төрага), анын орун басарлары (кызмат орду боюнча) жана башка прокурорлор кирет. | 2. Коллегиянын курамына тийиштүү прокуратуранын прокурору (төрага), анын орун басарлары (кызмат орду боюнча) жана башка прокурорлор кирет. |
| 3. Башкы прокуратуранын коллегиясынын курамы Кыргыз Республикасынын Президенти менен макулдашуу боюнча Башкы прокурор тарабынан бекитилет. | 3. Башкы прокуратуранын коллегиясынын курамы Кыргыз Республикасынын Президенти менен макулдашуу боюнча Башкы прокурор тарабынан бекитилет. |
| 4. Баш ийген прокуратуралардын коллегияларынын курамы тийиштүү прокурорлордун сунуштары боюнча Башкы прокурор тарабынан бекитилет. | 4. Баш ийген прокуратуралардын коллегияларынын курамы тийиштүү прокурорлордун сунуштары боюнча Башкы прокурор тарабынан бекитилет. |
| 5. Коллегия мыйзамдуулуктун абалы, Башкы прокурордун буйруктары менен көрсөтмөлөрүнүн аткарылышы, кадрларды тандоо, жайгаштыруу жөнүндө маселелерди карайт, прокурорлордун, түзүмдүк бөлүктөрдүн жетекчилеринин отчетторун, прокуратура органдарынын уюштуруу жана алардын ишинин башка маселелерин угат. | 5. Коллегия мыйзамдуулуктун абалы, Башкы прокурордун буйруктары менен көрсөтмөлөрүнүн аткарылышы, кадрларды тандоо, жайгаштыруу жөнүндө маселелерди карайт, прокурорлордун, түзүмдүк бөлүктөрдүн жетекчилеринин отчетторун, прокуратура органдарынын уюштуруу жана алардын ишинин башка маселелерин угат. |
| 6. Коллегиянын чечими анын мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгү менен кабыл алынат. | 6. Коллегиянын чечими анын мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгү менен кабыл алынат. |
| 7. Коллегиялардын чечимдери тийиштүү прокурордун буйруктары жана башка укуктук актылар менен ишке ашырылат. | 7. Коллегиялардын чечимдери тийиштүү прокурордун буйруктары жана башка укуктук актылар менен ишке ашырылат. |
| 8. Коллегиялардын иш тартиби Башкы прокурор, тийиштүү прокурорлордун бекиткен иш регламенти менен аныкталат. | 8. Коллегиялардын иш тартиби Башкы прокурор, тийиштүү прокурорлордун бекиткен иш регламенти менен аныкталат. |
| | **9. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын коллегиясынын отурумдарында катышууга укуктуу.** |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын<br>Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө | |
| **7-глава<br>Кайрылууларды өндүрүшкө кабыл алуу, иштерди кароого даярдоо жана конституциялык палатада иштерди кароо** | **7-глава<br>Кайрылууларды өндүрүшкө кабыл алуу, иштерди кароого даярдоо жана конституциялык палатада иштерди кароо** |
| *38-берене. Жабык жыйналыштар*<br><br>Конституциялык палата мамлекеттик сырды сактоо, жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу, алардын жеке турмушундагы сырды жана коомдук адептүүлүктү коргоо зарыл болгон учурларда, жабык жыйналышты дайындайт.<br><br>Ишти жабык жыйналышта кароонун зарылдыгы жөнүндө жүйөөлүү аныктама чыгарылып, ал жыйналыш башталаар алдында жалпыга жарыяланат.<br><br>Жабык жыйналышка Конституциялык палатанын судьялары, тараптар жана алардын өкүлдөрү катышат. Сот өндүрүшүнө башка катышуучулардын катышуу мүмкүндүгү Конституциялык палата тарабынан аныкталат. Жыйналышты алып баруунун тиешелүү тартибин түздөн-түз камсыз кылуучу Конституциялык палатанын аппаратынын кызматкерлеринин катышуусу судьялар менен макулдашуу боюнча төрагалык кылуучу тарабынан аныкталат. | *38-берене. Жабык жыйналыштар*<br><br>Конституциялык палата мамлекеттик сырды сактоо, жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу, алардын жеке турмушундагы сырды жана коомдук адептүүлүктү коргоо зарыл болгон учурларда, жабык жыйналышты дайындайт.<br><br>Ишти жабык жыйналышта кароонун зарылдыгы жөнүндө жүйөөлүү аныктама чыгарылып, ал жыйналыш башталаар алдында жалпыга жарыяланат.<br><br>Жабык жыйналышка Конституциялык палатанын судьялары, тараптар жана алардын өкүлдөрү катышат. Сот өндүрүшүнө башка катышуучулардын катышуу мүмкүндүгү Конституциялык палата тарабынан аныкталат. Жыйналышты алып баруунун тиешелүү тартибин түздөн-түз камсыз кылуучу Конституциялык палатанын аппаратынын кызматкерлеринин катышуусу судьялар менен макулдашуу боюнча төрагалык кылуучу тарабынан аныкталат.<br><br>**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) мамлекеттик сырды сактоо, жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу, алардын жеке турмушундагы сырды жана коомдук адептүүлүктү коргоо зарыл болгон учурларда өткөрүлгөн жабык жыйналышта анын кызыкчылыгын көздөп жабык деп жарыяланган жабык жыйналышка- эгер ошол адам макул болсо катышууга укуктуу.** |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө<br>Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы | |
| **Өкмөттүн ишин уюштуруу жана анын тартиби** | **Өкмөттүн ишин уюштуруу жана анын тартиби** |
| *14-берене. Өкмөттүн жыйналыштары*<br><br>1. Өкмөттүн жыйналыштары зарылдыгына жараша, бирок айына кеминде бир жолу өткөрүлөт. Өкмөттүн жыйналышынын күн тартибин Премьер-министр аныктайт.<br><br>2. Өкмөт мүчөлөрү Өкмөттүн жыйналыштарына катышат жана өзү добуш берет. Өкмөттүн жыйналышына төрагалык кылуучунун чечими боюнча башка адамдар да чакырылышы мүмкүн. | *14-берене. Өкмөттүн жыйналыштары*<br><br>1. Өкмөттүн жыйналыштары зарылдыгына жараша, бирок айына кеминде бир жолу өткөрүлөт. Өкмөттүн жыйналышынын күн тартибин Премьер-министр аныктайт.<br><br>2. Өкмөт мүчөлөрү Өкмөттүн жыйналыштарына катышат жана өзү добуш берет. Өкмөттүн жыйналышына төрагалык кылуучунун чечими боюнча башка адамдар да чакырылышы мүмкүн. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| | **Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Өкмөттүн жыйналыштарына катышууга жана адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына контроль жүргүзүү боюнча өз ыйгарым укуктарынын алкактарында чыгып сүйлөөгө укуктуу.** |
| 3. Өкмөттүн жыйналыштарына Премьер-министр төрагалык кылат. Премьер-министр болбогондо төрагалык кылуучунун милдеттерин биринчи вице-премьер-министр же вице-премьер-министрлердин бири аткарат. | 3. Өкмөттүн жыйналыштарына Премьер-министр төрагалык кылат. Премьер-министр болбогондо төрагалык кылуучунун милдеттерин биринчи вице-премьер-министр же вице-премьер-министрлердин бири аткарат. |
| 4. Өкмөт айрым маселелерди өзүнүн жабык жыйналыштарында кароого укуктуу. | 4. Өкмөт айрым маселелерди өзүнүн жабык жыйналыштарында кароого укуктуу. |
| 5. Эгерде ага Өкмөттүн мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышса, Өкмөттүн жыйналышы ыйгарым укуктуу болот. | 5. Эгерде ага Өкмөттүн мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышса, Өкмөттүн жыйналышы ыйгарым укуктуу болот. |
| 6. Өкмөттүн жыйналышында чечимдер Өкмөттүн мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болуп калганда Премьер-министр добуш берген чечим кабыл алынды деп эсептелет. | 6. Өкмөттүн жыйналышында чечимдер Өкмөттүн мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болуп калганда Премьер-министр добуш берген чечим кабыл алынды деп эсептелет. |
| 7. Өкмөттүн жыйналыштарын даярдоонун, өткөрүүнүн жана чечимдерди кабыл алуунун тартиби Өкмөт тарабынан бекитилүүчү Өкмөттүн Регламенти менен аныкталат. | 7. Өкмөттүн жыйналыштарын даярдоонун, өткөрүүнүн жана чечимдерди кабыл алуунун тартиби Өкмөт тарабынан бекитилүүчү Өкмөттүн Регламенти менен аныкталат. |
| 8. Өкмөт өз жыйналыштарында карала турган жана алар боюнча чечим кабыл алынган маселелер жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жарандарга маалымдайт. | 8. Өкмөт өз жыйналыштарында карала турган жана алар боюнча чечим кабыл алынган маселелер жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жарандарга маалымдайт. |
| 8-1. Өкмөттүн ачык жыйналышынын видео-жана аудио жазып алуулары толук көлөмдө, кыскартылбай жыйналыш өткөрүлгөндөн кийин 2 жумушчу күндүн ичинде Өкмөттүн расмий сайтына же болбосо Өкмөттүн расмий сайтына шилтемелерди милдеттүү жайгаштыруу менен жалпыга жеткиликтүү видеопорталдарга жарыяланат. Өкмөттүн жыйналышынын видео-же аудио жазып алууларын белгиленген мөөнөттө жарыялоо мүмкүнчүлүгү болбогондо Өкмөттүн Аппараты жазып алуулар жарыялана турган мөөнөт жөнүндө маалымат жарыялайт. | 8-1. Өкмөттүн ачык жыйналышынын видео-жана аудио жазып алуулары толук көлөмдө, кыскартылбай жыйналыш өткөрүлгөндөн кийин 2 жумушчу күндүн ичинде Өкмөттүн расмий сайтына же болбосо Өкмөттүн расмий сайтына шилтемелерди милдеттүү жайгаштыруу менен жалпыга жеткиликтүү видеопорталдарга жарыяланат. Өкмөттүн жыйналышынын видео-же аудио жазып алууларын белгиленген мөөнөттө жарыялоо мүмкүнчүлүгү болбогондо Өкмөттүн Аппараты жазып алуулар жарыялана турган мөөнөт жөнүндө маалымат жарыялайт. |
| Жабык жыйналыштардын жазып алуулары Өкмөттө жашыруундуулук режимин сактоо менен сакталат. | Жабык жыйналыштардын жазып алуулары Өкмөттө жашыруундуулук режимин сактоо менен сакталат. |
| 9. Өкмөттүн Регламентинде каралган тартипте, Өкмөт мүчөлөрүнөн жазуу жүзүндө сурап-билүү жолу менен жыйналыш өткөрбөстөн Өкмөт чечимдерди кабыл алууга укуктуу. | 9. Өкмөттүн Регламентинде каралган тартипте, Өкмөт мүчөлөрүнөн жазуу жүзүндө сурап-билүү жолу менен жыйналыш өткөрбөстөн Өкмөт чечимдерди кабыл алууга укуктуу. |
| *(КР 2013-жылдын 30-декабрындагы № 228 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)* | *(КР 2013-жылдын 30-декабрындагы № 228 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)* |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| **6-глава<br>Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, Өкмөттүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрү** | **6-глава<br>Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, Өкмөттүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрү** |
| *25-берене. Министрликтер жана мамлекеттик комитеттер* | *25-берене. Министрликтер жана мамлекеттик комитеттер* |
| 1. Министрликтер жана мамлекеттик комитеттер өз ишин Өкмөттүн түзүмүндө жүзөгө ашырат. | 1. Министрликтер жана мамлекеттик комитеттер өз ишин Өкмөттүн түзүмүндө жүзөгө ашырат. |
| 2. Министрлик - иштин тиешелүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу жана башкарууну жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы. | 2. Министрлик - иштин тиешелүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу жана башкарууну жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы. |
| 3. Мамлекеттик комитет - тиешелүү иш чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу жана тармактар аралык координациялоону жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы. | 3. Мамлекеттик комитет - тиешелүү иш чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу жана тармактар аралык координациялоону жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы. |
| 4. Министрликтерге министрлер, мамлекеттик комитеттерге төрагалар башчылык кылат. | 4. Министрликтерге министрлер, мамлекеттик комитеттерге төрагалар башчылык кылат. |
| 5. Өкмөт министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге баш ийген юридикалык жактын статусу бар ведомстволук караштуулуктагы бөлүкчөлөрдү түзүшү, жоюшу жана кайра уюштурушу мүмкүн. | 5. Өкмөт министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге баш ийген юридикалык жактын статусу бар ведомстволук караштуулуктагы бөлүкчөлөрдү түзүшү, жоюшу жана кайра уюштурушу мүмкүн. |
| 6. Министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун алдында чечимдерди кабыл алуунун жана аларды ишке ашыруунун жол-жоболорунун ачык-айкындуулугун арттыруу боюнча мамлекеттик органдын жана жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсүнүн максатында коомдук кеңештер түзүлүшү мүмкүн. Коомдук кеңештин курамына коммерциялык эмес уюмдардын, илимий чөйрөлөрдүн, бизнес-ассоциациялардын, кесиптик жана тармактык бирликтердин, мамлекеттик органдын ишине аралашкан чөйрөлөрдүн эксперттик жамааттарынын өкүлдөрү кирет. | 6. Министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун алдында чечимдерди кабыл алуунун жана аларды ишке ашыруунун жол-жоболорунун ачык-айкындуулугун арттыруу боюнча мамлекеттик органдын жана жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсүнүн максатында коомдук кеңештер түзүлүшү мүмкүн. Коомдук кеңештин курамына коммерциялык эмес уюмдардын, илимий чөйрөлөрдүн, бизнес-ассоциациялардын, кесиптик жана тармактык бирликтердин, мамлекеттик органдын ишине аралашкан чөйрөлөрдүн эксперттик жамааттарынын өкүлдөрү кирет. |
| *(КР 2014-жылдын 24-майындагы № 75 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)* | *(КР 2014-жылдын 24-майындагы № 75 конституциялык Мыйзамынын редакциясына ылайык)* |
| | **7. Министрликтерде, мамлекеттик комитеттерде жана административдик ведомстволордо коллегиялар – аталган мамлекеттик органдардын ишмердигин координациялоо үчүн түзүлгөн кеңеш берүүчү органдар. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун коллегияларынын жыйналыштарына катышууга жана адам укуктарын жана эркиндиктерин контролдоо боюнча өз ыйгарым укуктарынын алкактарында чыгып сүйлөөгө укуктуу.** |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси | |
| | *93-1-берене. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын (мындан ары – Акыйкатчынын аппараты) бюджетинин долбоорунун түзүлүү тартиби*<br><br>**1. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппараты жыл сайын өз ишмердигин каржылоо үчүн бюджеттин долбоорун түзөт жана корутунду берүү үчүн Өкмөткө жиберет.**<br><br>**2. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Өкмөттүн корутундусу менен бюджеттин долбоорун республикалык бюджеттин долбоорунун курамына кошуу үчүн Жогорку Кеңештин тармактык комитетине жиберет.**<br><br>**3. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын бюджетинин долбооруна Өкмөт тарабынан каршы пикирлер болгондо Жогорку Кеңештин тармактык комитети берилген каршы пикирлерди Өкмөттүн жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын өкүлдөрү менен биргелешип карайт. Акыйкатчы аппаратынын макулдашылган бюджетинин долбоору республикалык бюджеттин долбооруна киргизүү үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жиберилет.**<br><br>**4. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппараты өз ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон кошумча каржылоо жөнүндө сунушту Жогорку Кеңештин тармактык комитетине макулдашууга киргизүүгө укуктуу.** |
| Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси | |
| *79-берене. Соттолгондорду түзөтүү мекемелеринде өзүнчө кармоо*<br><br>3. Башка соттолгондордон төмөнкүлөр бөлөк кармалат:<br><br>1) өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолгондор жана аларга өмүр бою эркиндигинен ажыратуу ырайым кылуу тартибинде эркиндигинен ажыратууга алмаштырылган адамдар;<br><br>2) соттолгондор - соттордун жана укук коргоо органдарынын мурдагы кызматкерлери;<br><br>3) соттолгондор - социалдык реабилитациялоо, көнүктүрүү программаларынын катышуучулары;<br><br>4) террорчулук мүнөздөгү жана экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн соттолгондор; | *79-берене. Соттолгондорду түзөтүү мекемелеринде өзүнчө кармоо*<br><br>3. Башка соттолгондордон төмөнкүлөр бөлөк кармалат:<br><br>1) өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолгондор жана аларга өмүр бою эркиндигинен ажыратуу ырайым кылуу тартибинде эркиндигинен ажыратууга алмаштырылган адамдар;<br><br>2) соттолгондор - соттордун жана укук коргоо органдарынын мурдагы кызматкерлери;<br><br>3) соттолгондор - социалдык реабилитациялоо, көнүктүрүү программаларынын катышуучулары;<br><br>**4) террорчулук мүнөздөгү жана экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн соттолгондор ушул кодекстин 124-беренесинин 7 жана 71 жана 126-беренесинин 5 жана 51 бөлүгүнө ылайык жаза мөөнөтүн өтөйт;** |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| 5) уюшулган топтун же кылмыштуу уюмдун курамында кылмыштарды жасаганы үчүн соттолгондор.<br><br>4. Ушул беренеде белгиленген соттолгондорду өзүнчө кармоонун талаптары ушул berененин 3-бөлүгүнүн 1 жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн адамдарды кошпогондо, дарылоо түзөтүү мекемелерине, ошондой эле алдында балдар үйү бар түзөтүү абактарына жайылтылбайт. Көрсөтүлгөн мекемелерге жиберилген адамдар жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын атайын комиссиясы тарабынан аныкталган түрдөгү түзөтүү мекемеси үчүн ушул Кодексте белгиленген шарттарда кармалат. | 5) уюшулган топтун же кылмыштуу уюмдун курамында кылмыштарды жасаганы үчүн соттолгондор.<br><br>4. Ушул беренеде белгиленген соттолгондорду өзүнчө кармоонун талаптары ушул берененин 3-бөлүгүнүн 1 жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн адамдарды кошпогондо, дарылоо түзөтүү мекемелерине, ошондой эле алдында балдар үйү бар түзөтүү абактарына жайылтылбайт. Көрсөтүлгөн мекемелерге жиберилген адамдар жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын атайын комиссиясы тарабынан аныкталган түрдөгү түзөтүү мекемеси үчүн ушул Кодексте белгиленген шарттарда кармалат. |
| *124-берене. Жалпы режимдеги түзөтүү абактары*<br><br>1. Ушул берененин 7-бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн адамдарды кошпогондо, жалпы режимдеги түзөтүү абактарында ушул түзөтүү мекемесине келип түшкөн соттолгондор, ошондой эле жаза өтөөнүн катуу жана жеңилдетилген шарттарынан которулуп келген соттолгондор адаттагы шарттарда жазасын өтөйт.<br><br>2. Жаза өтөөнүн белгиленген тартибин бузганы үчүн жаза-чаралары болбогондо, жазасынын алты айлык мөөнөтүн адаттагы шарттарда өтөгөндөн кийин соттолгондор жеңилдетилген шарттарга которулат.<br><br>3. Жазасын адаттагы шарттарда өтөп жаткан, жаза өтөөнүн белгиленген тартибин кыянаттык менен бузуучулар катары таанылган соттолгондор катуу шарттарга которулат.<br><br>4. Жазасын жеңилдетилген шарттарда өтөп жаткан, жаза өтөөнүн белгиленген тартибин кыянаттык менен бузуучулар катары таанылган соттолгондор адаттагы же катуу шарттарга которулат.<br><br>5. Жаза өтөөнүн белгиленген тартибин бузганы үчүн жаза-чаралары болбогондо, алты айдан кийин жаза өтөөнүн катуу шарттарынан адаттагы шарттарга которуу жүргүзүлөт.<br><br>6. Катуу шарттардан адаттагы же адаттагы шарттардан жеңилдетилген шарттарга кайталап которуу ушул берененин 2 жана 5-бөлүктөрүндө аныкталган тартипте жүргүзүлөт. | *124-берене. Жалпы режимдеги түзөтүү абактары*<br><br>1. Ушул берененин 7-бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн адамдарды кошпогондо, жалпы режимдеги түзөтүү абактарында ушул түзөтүү мекемесине келип түшкөн соттолгондор, ошондой эле жаза өтөөнүн катуу жана жеңилдетилген шарттарынан которулуп келген соттолгондор адаттагы шарттарда жазасын өтөйт.<br><br>2. Жаза өтөөнүн белгиленген тартибин бузганы үчүн жаза-чаралары болбогондо, жазасынын алты айлык мөөнөтүн адаттагы шарттарда өтөгөндөн кийин соттолгондор жеңилдетилген шарттарга которулат.<br><br>3. Жазасын адаттагы шарттарда өтөп жаткан, жаза өтөөнүн белгиленген тартибин кыянаттык менен бузуучулар катары таанылган соттолгондор катуу шарттарга которулат.<br><br>4. Жазасын жеңилдетилген шарттарда өтөп жаткан, жаза өтөөнүн белгиленген тартибин кыянаттык менен бузуучулар катары таанылган соттолгондор адаттагы же катуу шарттарга которулат.<br><br>5. Жаза өтөөнүн белгиленген тартибин бузганы үчүн жаза-чаралары болбогондо, алты айдан кийин жаза өтөөнүн катуу шарттарынан адаттагы шарттарга которуу жүргүзүлөт.<br><br>6. Катуу шарттардан адаттагы же адаттагы шарттардан жеңилдетилген шарттарга кайталап которуу ушул берененин 2 жана 5-бөлүктөрүндө аныкталган тартипте жүргүзүлөт. |

| Колдонуудагы редакция | Сунушталып жаткан редакция |
|---|---|
| **7. Жалпы режимдеги түзөтүү мекемелеринде катуу шарттарда кармоонун демейдеги жана жеңилдетилген шарттарына которуусуз төмөнкүлөр жаза өтөйт:**<br><br>**1) эркиндигинен ажыратуу жайларындагы соттолгондордун уюшулган криминалдык топторунун активдүү мүчөлөрү;**<br><br>**2) террорчулук мүнөздөгү, экстремисттик багыттагы, уюшулган топтун же кылмыштуу уюмдун курамында кылмыштар үчүн соттолгондор.**<br><br>8. Жалпы режимдеги башка түзөтүү абагынан которулган соттолгондор жазасын которулганга чейин эле аныкталган шарттарда өтөшөт. | **7. Жалпы режимдеги түзөтүү мекемелеринде катуу шарттарда кармоонун демейдеги жана жеңилдетилген шарттарына которуусуз эркиндигинен ажыратуу жайларындагы соттолгондордун уюшулган криминалдык топторунун активдүү мүчөлөрү өтөйт.**<br><br>**7[1]. Катуу шарттарда террорчулук мүнөздөгү, экстремисттик багыттагы, уюшулган топтун же кылмыштуу уюмдун курамында кылмыштар үчүн соттолгондор кармалышат.**<br><br>**Террорчулук мүнөздөгү, экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн соттолуп, катуу шарттарда кармалгандар жана өз идеологиясынан расмий түрдө баш тарткандар жана тартиптик чарасы жоктор демейдеги шартка түзөтүү мекемесинин комиссиясынын чечими боюнча мамлекеттик жазык-аткаруу тутумунун чечими менен аныкталган тартипте которулушат.**<br><br>8. Жалпы режимдеги башка түзөтүү абагынан которулган соттолгондор жазасын которулганга чейин эле аныкталган шарттарда өтөшөт. |
| *126-берене. Катуу режимдеги түзөтүү абактары*<br><br>1) эркиндигинен ажыратуу жайларында жасалган атайын кылмыштар үчүн соттолгондор;<br><br>2) эркиндигинен ажыратуу жайларындагы соттолгондордун уюшкан криминалдык топторунун активдүү мүчөлөрү;<br><br>3) уюшулган топтун же кылмыштуу уюмдун курамындагы террорчулук мүнөздөгү, экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн соттолгондор. | *126-берене. Катуу режимдеги түзөтүү абактары*<br><br>1) эркиндигинен ажыратуу жайларында жасалган атайын кылмыштар үчүн соттолгондор;<br><br>2) эркиндигинен ажыратуу жайларындагы соттолгондордун уюшкан криминалдык топторунун активдүү мүчөлөрү;<br><br>**5[1]. Террорчулук мүнөздөгү, экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн соттолуп, катуу шарттарда кармалгандар жана өз идеологиясынан расмий түрдө баш тарткандар жана тартиптик чарасы жоктор демейдеги шартка түзөтүү мекемесинин комиссиясынын чечими боюнча мамлекеттик жазык-аткаруу тутумунун чечими менен аныкталган тартипте которулушат.** |

**Акыйкатчынын борбордук аппараты**

Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү 120 (Чүй проспекти менен кесилишкен жерде) дарегине,

www.ombudsman.kg сайты аркылуу,

ombudsman@inbox.ru электрондук дареги,

тел. +996 (312) 663280 (канцелярия),

факс +996 (312) 663332; 663147,

663273 (басма-сөз кызматы) аркылуу ар бир адам кайрыла алаарын эске салабыз.

**Акыйкатчынын аймактык өкүлчүлүктөрү төмөнкү даректер боюнча жайгашкан:**

**Баткен обл.:** Баткен ш., Садыков көч. 20,

тел. 0-(3622) 50602, 290135;

**Жалал-Абад обл.:** Жалал-Абад ш., Эркиндик көч. 11,

тел. 0-(3722) 24025, 23894, 50825;

**Ысык-Көл обл.:** Каракол ш.: Абдрахманов көч. 105/4,

тел. 0-(3922) 50810, 50564;

**Нарын обл.:** Нарын ш.: Ленин көч. 78,

тел. 0-(3522)50994;

**Ош ш. жана Ош обл.:** Ош: Курманжан Датка 126,

тел. 0-(3222) 48254, 48255, 48256, 48001;

**Талас обл.:** Талас ш., Бердике баатыр көч. 257,

тел. 0-(3422) 54270;

**Чүй обл.:** Бишкек ш., Москва көч. 172, 22-бөлмө,

тел. 0-(312) 663146, 456687.

КР Акыйкатчысынын (УКЖ, ТИЗО, балдар үйлөрү, психиатриялык мекемелер жана тарбиялоо колониялары, карылар үйү, балдар үчүн атайын мектептер үчүн) **«Шыр байланыш» кызматы -115**

# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ

# ЦЕЛИ В ОБЛАСТИ УСТОЙЧИВОГО РАЗВИТИЯ

# SUSTAINABLE DEVELOPMENT GOALS

**1**
ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫ ЖОЮУ
ЛИКВИДАЦИЯ НИЩЕТЫ
NO POVERTY

**2**
АЧКАЧЫЛЫКТЫ ЖЕҢҮҮ
ЛИКВИДАЦИЯ ГОЛОДА
ZERO HUNGER

**3**
ЧЫЙ ДЕН-СООЛУК
ХОРОШЕЕ ЗДОРОВЬЕ И БЛАГОПОЛУЧИЕ
GOOD HEALTH AND WELL-BEING

**4**
САПАТТУУ БИЛИМ
КАЧЕСТВЕННОЕ ОБРАЗОВАНИЕ
QUALITY EDUCATION

**5**
ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК
ГЕНДЕРНОЕ РАВЕНСТВО
GENDER EQUALITY

**6**
ТАЗА СУУ ЖАНА САНИТАРИЯ
ЧИСТАЯ ВОДА И САНИТАРИЯ
CLEAN WATER AND SANITATION

**7**
АРЗАН ЖАНА ТАЗА ЭНЕРГИЯ
НЕДОРОГОСТОЯЩАЯ И ЧИСТАЯ ЭНЕРГИЯ
AFFORDABLE AND CLEAN ENERGY

**8**
ЖАКШЫ ЖУМУШ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮҮ
ДОСТОЙНАЯ РАБОТА И ЭКОНОМИЧЕСКИЙ РОСТ
DECENT WORK AND ECONOMIC GROWTH

**7**
ИНДУСТРИЯ, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ИНФРАСТРУКТУРА
ИНДУСТРИАЛИЗАЦИЯ, ИННОВАЦИИ И ИНФРАСТРУКТУРА
INDUSTRY, INNOVATION AND INFRASTRUCTURE

**10**
ТЕҢСИЗДИКТИ АЗАЙТУУ
УМЕНЬШЕНИЕ НЕРАВЕНСТВА
REDUCED INEQUALITIES

**11**
ТУРУКТУУ ШААРЛАР ЖАНА ЖАМААТТАР
УСТОЙЧИВЫЕ ГОРОДА И НАСЕЛЕННЫЕ ПУНКТЫ
SUSTAINABLE CITIES AND COMMUNITIES

**12**
ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ КЕРЕКТӨӨ ЖАНА ӨНДҮРҮҮ
ОТВЕТСТВЕННОЕ ПОТРЕБЛЕНИЕ И ПРОИЗВОДСТВО
RESPONSIBLE CONSUMPTION AND PRODUCTION

**13**
КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮ МЕНЕН КҮРӨШ
БОРЬБА С ИЗМЕНЕНИЕМ КЛИМАТА
CLIMATE ACTION

**14**
СУУНУН АСТЫНДАГЫ ЖАШОО
СОХРАНЕНИЕ МОРСКИХ ЭКОСИСТЕМ
LIFE BELOW WATER

**15**
ЖЕРДИН ҮСТҮНДӨГҮ ЖАШОО
СОХРАНЕНИЕ ЭКОСИСТЕМ СУШИ
LIFE ON LAND

**16**
ТЫНЧТЫК ЖАНА АКЫЙКАТТЫК
МИР, ПРАВОСУДИЕ И ЭФФЕКТИВНЫЕ ИНСТИТУТЫ
PEACE, JUSTICE AND STRONG INSTITUTIONS

**17**
ЖАЛПЫ МАКСАТТАР ҮЧҮН ӨНӨКТӨШТҮК
ПАРТНЕРСТВО В ИНТЕРЕСАХ УСТОЙЧИВОГО РАЗВИТИЯ
PARTNERSHIPS FOR THE GOALS